Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК Ошского государственного университета

№4 – 2015

3-чыгарылыш

ISSN 1694-7452

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

Журнал жылына 4 жолу чыгарылат

Илимий журнал
Кыргыз мамлекеттик китеп палатасынан
2000-жылдын 28-декабрынан каттоодон өткөн

2015-жыл, №4

3-чыгарылыш

Ош-2015

Башкы редактор

филол.и.д., профессор *Исаков К.А.*

Башкы редактордун орун басары

б.и.д., профессор *Жумабаева Т.*

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

ФИЛОЛОГИЯЛЫК ИЛИМДЕР:

1. *Телекманова А. – Ош облустук мам. тилди өнүктүрүү фондунун директору*
2. *Элчиев Ж. – филол.и.д., доцент*
3. *Жусупакматов Л. – филол.и.д., профессор*
4. *Зулпукаров К. - филол.и.д., профессор*
5. *Алиева Ф. – филол. и.к. доцент*
6. *Давлатова С. - филол. и.к. доцент*
7. *Жамгырчиева Г. - филол. и.к. доцент*

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР:

1. *Момуналиев С. – пед. и.д., профессор*
2. *Үкүева Б. - пед. и.д., профессор*
3. *Шаимкулов О. - пед. и.к., доцент*
4. *Жороев Т. - пед. и.к., доцент*

ОшМУнун редакциялык-басма кеңешинин чечими менен басууга сунушталды

Берилген материалдардын сапаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, жаңылыгына, автор, сунуштаган кафедра жана рецензиялаган окумуштуу жооптуу

МАЗМУНУ

№	Аты-жөнү	Макаланын темасы	Бети
1.	***Шаимкулов Ш.О.***	Мамлекеттик тилге маанилүү мамиле.....	7
2.	***Телекманова А.Ө.***	Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө К.К.Юдахин эбегейсиз салым кошту.....	8
3.	***Юдахин К.К.***	Тил илими океан.....	9
4.	***Мусаев С.***	Тагдырымды аныктаган К.К. Юдахин жана анын батасы..	10
5.	***Какеев А.***	К.К. Юдахин – биздин сыймыгыбыз, анын сөздүктөрү – биздин байлыгыбыз	11
6.	***Асанбекова Н.***	Аалымдын экинчи өмүрү.....	13
7.	***Көккөзова Т.***	Илим-билим – уясы.....	14
8.	***Мамыров М.***	Сөз кенин казган өмүр.....	15
9.	***Мапаева Н.***	XX кылымдагы ири түрколог-сөздүкчү.....	16
10.	***Үкүева Б.К.***	Устаздын көөнөрбөс мурасы жана анын түбөлүктүүлүгү...	18
11.	***Молдоканов А. М.***	Сахна-сабак *(К.Юдахиндин 125, “Кыргызча-Орусча сөздүктүн” 50 жылдыгына карата)*.....	21
12.	***Абдубалиева Э.***	К.К.Юдахин жана кыргыз лексикографиясы.....	25
13.	***Ишеналиева А.***	Ааламдашуу алкагындагы кыргыз тилинде алакалашуу маселелери.....	28
14.	***Абдраева Н.Э.***	Ааламдашуу доору жана кыргыз балдар адабияты.....	32
15.	***Абдыраева Н.Э.***	Элдик жомоктор – баланын калыптануусунун башкы караж	35
16.	***Абдразакова Г.Ш.***	Концепт жана концептуалдык дүйнө сүрөтү.....	39
17.	***Абдувалиева Б., Кадырова А.***	Өзбек мектептеринин 6- классында текст менен иштөөнүн жолдору.....	42
18.	***Абдуллаев М.***	Дене маданияты адистерин даярдоодо ордо оюнунун аталыштарын окутуу көйгөйлөрү.....	46
19.	***Абдыбекова Н.***	Көп тилдүү билим берүүнү өнүктүрүү сүйлөө кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери.....	52
20.	***Абдыбекова Н.***	Студенттердин кеп ишмердүүлүгүн жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн көнүгүүлөр системасы аркылуу калыптандыруу.....	56
21.	***Абдыжапар уулу Мундузбек***	Адабий тилдин калыптанышында терминдердин орду.....	62
22.	***Алиева Ф.Э.***	Акындын көркөм дүйнөсү.....	66
23.	***Алишерова Э.***	“Кыргыз” концептинин этимологиясынын изилдениши....	70
24.	***Апышева Б.Т.***	Саясий терминдердин синтаксистик калька аркылуу которулушу.....	72
25.	***Асанбекова Н.***	Кыргыз макалы – кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун каражаты.....	75
26.	***Аскарова Г.М.***	Кыргызстандын келечеги-мамлекеттик тилинде.....	79
27.	***Байтикова Б., Байтиков Б.***	Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы.....	82
28.	***Бекмуратова Р.***	“Ч.Айтматовдун “Жетинин бири” аңгемесин” окутуу.....	86
29.	***Давлатова С.***	М.Кашкаринин сөздүгүндөгү этишти жасоочу *–sa, -la, -ra* курандылары.....	92
30.	***Давлатова С., Тахирова Н.***	Кыргыз тили сабагында грамматикалык тема менен лексикалык теманы байланыштырып окутуу.....	96
31.	***Дунканаев А.Т.***	Макалдын текстик бүтүндүгү.....	100
32.	***Дыйканбаева Т. Т., Сейитбекова С. С.***	Англис тилин башталгыч класстарда окутуунун ролу.....	105
33.	***Жаманкулова К.Т.***	Пиктографиялык жазуу Кыргызстандын түштүгүндө.....	108

34. ***Жамгырчиева Г.*** Мифтик жана жомоктук сюжеттердин кыргыз эпосторунда берилиши..... 111

35. ***Жолчубай к.Элвира*** Сөз – кубаттуу курал 115

36. ***Жумабаева Д.*** Махмуд Кашгаринин сөздүгүндөгү санаттарды окутуу 118

37. ***Жусуева С.К.*** Качкынбай Артыкбаевдин көркөм очерктери..... 123

38. ***Ибрагимова Т.Г.*** Жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык схемасы жана анын лексикалык толтурулушу..... 126

39. ***Ибрагимова Т.Г.*** Сүйлөмдүн формалдык, семантикалык структуралары жана алардын карым-катышы..... 130

40. ***Исаева М.А.*** Көркөм тексттеги вербалдык эмес тилдик каражаттарды өлкө таануу өңүтүндө талдоо..... 135

41. ***Исакова Т., Жолдошова А.*** Улуттук мектептерде оозеки кепти өстүрүүдө Ч.Айтматовдун чыгармаларын колдонуу ыкмалары..... 138

42. ***Искакова Э.С.*** «Кыямат» романындагы көркөм образдарды интерактивдүү талдап окутуу..... 141

43. ***Искакова Э.С.*** Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы жан-жаныбарлар дүйнөсүн окутуу..... 145

44. ***Калматова В.*** С.Тургунбаевдин “Бала жөнүндөгү ыр” поэмасы..... 147

45. ***Камардинова У.*** “Аккан суу” концептиндеги фрейм жана сценарий..... 152

46. ***Каразакова З. Ж.*** Мекеме-ишканаларда кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин окутуунун айрым маселелери..... 155

47. ***Кожоева Г.*** Кайталоолордун “кочуштоосу” жана кайырмаланышы..... 159

48. ***Колдошев М.*** Манас Дүбүрө кандын ордосун өзүнө каратуу маалында кездешкен тарбиялык таасирлер..... 162

49. ***Кошуева М.*** Көркөм стилди 10-класста окутуу..... 167

50. ***Кошуева М.*** Арыз иш кагазын жазууда кетирилген мүчүлүштүктөр..... 171

51. ***Көчөрова Г.*** Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы аралык, орунду билдирген фразеологизмдердин стилистикалык маанилери..... 176

52. ***Маданова К.Ж.*** «Манас» эпосундагы көөнөргөн диний лексика..... 181

53. ***Мамашова А.*** “Ай”концепти кыргыз эл табышмактарында 183

54. ***Маткасымова В.К. Маликова А.*** Педагогикалык устат түшүнүгүнүн концептуализациялоо маселеси..... 188

55. ***Мусаева В.*** Орто мектепте кыргыз тилин окуучуга (инсанга) багыттап окутуп-үйрөтүүдөгү дидактикалык принциптер..... 192

56. ***Муратов Абдыкерим*** «Манас» эпосундагы элдик тарбиялык салттар..... 197

57. ***Мурзаев Н.*** Дил баян деген эмне?..... 203

58. ***Нармырзаева К.Ж.*** Мекеме- ишканалардын баштоочу тайпаларында мамлекеттик тилдин окутулушу..... 210

59. ***Нармырзаева К.Ж. Мамазаитова Б.*** ЖОЖдордо, мекеме-ишканаларда мамлекеттик тилди окутуунун айрым бир маселелери..... 214

60. ***Нурмаматова М.*** Кеңешбек Асаналиев - көрүнүктүү адабий сынчы..... 217

61. ***Оморкулов Б.К.*** Некоторые нравственные проблемы в творчестве Ч.Айтматова..... 220

62. ***Оморкулов Б.К.*** Кыргыз жана орус прозасындагы экологиялык маселелер.. 223

63. ***Раимбердиева З.*** Өзбек мектептерде тилдик маданият таануу- кыргыз тили сабагындагы байланыш кесипкөйлүктү калыптандыруунун бирден бир багыты катарында..... 228

64. ***Раимбердиева З.*** Өзбек мектептеринде кыргыз тили сабактарында көркөм текстти этномаданият таануу багытында окутуунун

	айрым ыкмалары.....	231
65. ***Рысбаев С.***	Мамлекеттик тилди үйрөтүүнүн заманбап стратегиялары жана технологиялары.....	236
66. ***Сагынбаева Б.***	Лингвистикалык терминдердин салыштырма анализи.....	241
67. ***Суйуналы кызы Н.***	Башталгыч мектепте окуучуларды англис тилине окутууда оюн технологиясын колдонуу.....	247
68. ***Супатаева Э.А.***	О реализации многоязычного образования в Кыргызстане.	250
69. ***Тагаева З.Б.***	Окуучулардын өз алдынчалыгын активдештирүү маселелери.....	254
70. ***Тажибаева Ж.***	Ат атоочтордун кепте колдонулуу бөтөнчөлүктөрүнүн айрым учурлары.....	256
71. ***Темирова Б.***	Т.Сыдыкбековдун «Манас» эпосу жөнүндө адабий-эстетикалык көз карашы.....	259
72. ***Тилекова Н.Д.***	Муса Жалилдин чыгармаларын талдоо жана аларды окутуу ишмердүүлүгү.....	262
73. ***Төлөнова Г.Б.***	Куратордук саатта «Эне тил болбой, эл болбойт» темасын өтүүдө интерактивдүү усулдарды пайдалануу.....	267
74. ***Турганбаев Н.О.***	Лексикалык редупликация.....	271
75. ***Турганбаева Н. С., Коргонбекова Н. Т.***	Элдик оозеки чыгармаларда достук идеянын берилиши.....	274
76. ***Тургунбаева С.Ж.***	Тексттеги антонимдик параллелдер.....	277
77. ***Тургунбаева С.Ж.***	Кыргыз адабиятындагы А. Осмоновду окутууда инновациянын негиздери.....	280
78. ***Турдугулов А.Т., Алиева С.***	Түрк тилдеринин таркалышына көркөм котормонун зарылдыгы.....	287
79. ***Усарова Г.О.***	ЖОЖдордо кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мааниси, максаты, милдети жана методологиялык маселелери (70-жылдардагы повесттер).....	291
80. ***Усарова Г.О.***	Азыркы мезгилдеги кыргыз педагогика илиминин калыптанышы.....	294
81. ***Чыманов Ж.А.***	Орто мектепте кыргыз тилин окутуу процессинде түйүндүү жана предметтик билгиликтерди эриш-аркак өнүктүрүүгө карата кеңештер.....	296
82. ***Шакирова М.***	Колдонулушу чектелген лексиканын жалпы тил илиминде изилдениши.....	300
83. ***Элчиев Ж.Э.***	Маалымдоо мааниси.....	303

УДК:398:22

Н.Э.Абдраева
И.Арабаев атындагы КМУ

Ааламдашуу доору жана кыргыз балдар адабияты

Аннотация: *Бул макалада азыркы учурдагы балдар адабиятынын зарылдыгы тууралуу сөз болот. Автор жалпы дүйнөлүк кыймылды жана анын Ала-Тоо аймагына тийгизген таасири тууралуу сөз кылат. Балдар адабиятынын спецификасы жана анын изилдениши каралат.*

Түйүндүү сөздөр*: балдар адабияты, элдик тарбия, баланын курак өзгөчөлүгү, мамлекеттик стандарт, окуу программасы, руханий маданият, окуу ишмердүүлүгү, тематика, поэтика, окутуунун максаты, окутуунун милдеттери.*

Аннотация: *В настоящей статье рассмотрены необходимость воспитательного воздействия детской литературы, её специфика и отдельные проблемы её исследования*

Ключевые слова: *детская литература, народное воспитание, государственный стандарт, учебная программа, тематика, поэтика, цель обучения*

Адамзаттын тарыхы – келечек муундарына жеткиликтүү билим жана жетиштүү тарбия берүүнүн тарыхы. Кайсыл эл өзүнүн балдарын адептүү, илим-билимдүү, дени сак, акыл-эстүү кылып тарбияласа, ошол элдин эртеңки күнү жарык, келечеги кең болгон, тескерисинче, кайсыл элдин балдары адепсиз, түркөй болсо, ошол эл жашоосун токтотуп, тарых бетинен түбөлүк жоголгон. Балдар үчүн кам көрүүнүн башкы жолу – аларды өз элинин руханий маданияты менен тааныштыруу. Эл балдарды тарбиялоодо ар бир курактын өзүнө жараша өзгөчөлүгү бар экендигин, ар бир жаш бөбөктү, өспүрүмдү тарбиялоодо анын мүнөзүнө карап мамиле кылууну эске алып, алардын ошол өзгөчөлүктөрүнө ылайык көркөм чыгармалар менен камсыз кылган. Алардын бири болгон кыргыз адабияты чалкыган зор мухиттей кенен, тематикасы, поэтикасы өтө бай, балдардын рухий дүйнөсүнө байытууда жана тарбиялык таасирин көрсөтүүдө ченемсиз касиеттүү казына катары эл турмушунда өзгөчө орду болгон.

Бүгүнкү күндө биздин коомдо ар кандай зордук-зомбулук, баңгилик, ичкиликке берилүү, адамдарды кордоо, ыймансыздык, диний агымдарды ээрчип кетүү ж.б. терс сапаттар күчөп жатат. Кыргыз коому руханий-ыймандык деградацияга туш келди. Мына ушундай шартта балдарды адабияттын дүйнөсүнө алып кирүү, өрнөктүү каармандардын үлгүсүндө тарбиялоо өзгөчө мааниге ээ. Адабиятты окутуунун маани-маңызы тууралуу «Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандартында» мындай айтылат: «Адабий билим берүүнүн жалпы максаты – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө. Мындай максат-милдеттерди аткаруу үчүн: өз улутунун жана дүйнө адабиятынын мыкты үлгүлөрүн окуучуларга окутуп-үйрөтүү керек; окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылган билимин жана билгичтигин, көндүмдөрүн калыптандырып, адабиятты улуттук жана бүткүл адамзаттык негизде кабыл алуусун иштеп чыгуу; инсандын личность катары эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу; адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезимдерин жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү; окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу; окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу» [1, 206-207]. Демек, педагогикалык жогорку окуу жайларында окуп жаткан болочок мугалимдерге балдар адабиятын окутуунун максаты – алардын кыргыз балдар адабияты тууралуу түшүнүгүн калыптандыруу, ал адабияттагы эстетикалык көрөңгөнү, идеялык-тематикалык маани-мазмунду келечектеги окуучуларына ачып бере алуу компетенттүүлүгүнө жетишүү.

«Кыргыз балдар адабияты» дисциплинасы педагогикалык билим берүүчү жогорку окуу жайларынын «Мектепке чейинки билим берүү», «Башталгыч билим берүү», «Кыргыз тили жана адабияты» адистиктеринде жана педагогикалык орто окуу жайларында окутулат.

Азыркы ааламдашуу доорунда электрондук массалык-маалымдоо каражаттарынын, биринчи кезекте интернеттин, дагы башка маалыматтык технологиялардын балага таасир этүүсү активдешип, алардын көркөм адабиятка болгон кызыгуусу басаңдаган шартта билим берүү процессин жаңылоо, кыргыз элинин кылымдар бою колдонуп келген улуттук көрөңгөлөрүн, рухий-адептик баалуулуктарын азыркы студенттерге, алар аркылуу мектеп окуучуларында жеткирүү улуттук интеллигенциянын алдына коюлган зор милдеттердин бири. Кыргыз балдар адабияты – элибиздин фольклордук мурастарында сакталып келген, андан кийин профессионалдык акын-жазуучулардын чыгармаларында улантылган жалпы адамзаттык маниге ээ руханий-адептик дөөлөттөр. Мына ошол дөөлөттөр педагогикалык адистик берүүчү жогорку окуу жайларында билим алып жаткан студенттерге «Балдар адабияты» дисциплинасы аркылуу өтөт, ошол дисциплинаны үйрөнүү аркылуу болочок мугалимдердин тилдик-коммуникативдик, этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрү калыптанат. ЖОЖдордо болочок мугалимдерди кыргыз маданиятынын жана адабиятынын материалдарын колдонуп даярдоо проблемалары айрым адистердин (А.Алимбеков, А.Аттокуров, Н.Дюшеева, Б.Муратбаев, Ж.Сулайманкулова, Н.Шадиев, Т.Каранова ж.б.) кандидаттык диссертацияларында каралган. Булардын ичинен ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүү жолдору боюнча Т.Каранованын диссертациясы биздин изилдөөгө бир топ жакын, бирок ал бир дисциплинаны окутуунун жалпы маселелерин караган эмес.

ЖОЖдордо кыргыз адабиятын окутуу боюнча Б.Үкүева «ЖОЖдордо студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери» деген докторлук диссертациясын коргогон, анда «Балдар адабияты» дисциплинасы обьект болгон эмес. Ал эми көптөгөн диссертациялар жана эмгектер (Алымов Б., Абдыкадырова М., Байгазиев С., Батаканова С., Исамидинов И., Иманалиев К., Ишекеев Н., Кангельдиев Н., Мамбеталиев К., Молдогазиев Т., Момуналиев С., Муратов А., Оторбаев Б., Рысбаев С., Саалиева Д., Тешебаев М., Турдугулов А., Уразова Ж., Шаимкулов О. ж.б.) негизинен кыргыз адабиятын мектепте окутуу проблемасын изилдешкен.

Теориялык жана практикалык жактан педагогикалык адистик берүүчү ЖОЖдордо кыргыз маданиятынын жана адабиятынын материалдарын колдонуп студенттерди даярдоо проблемалары бир топ окумуштуулар тарабынан ар түрдүү аспектиден каралганы менен, тилекке каршы, аталган проблема ушул күнгө чейин «Балдар адабияты» дисциплинасынын мисалында ырааттуу изилдөөгө алынган эмес. Анын *башкы себептери* жана *карама-каршылыктары* төмөнкүлөр: аталган дисциплина көп жылдардан бери окутулуп келе жатса да, туруктуу жана сапаттуу окуу программасынын, окуу китептеринин иштелип чыкпагандыгы, окутуучулардын иш тажрыйбалары, окутуу методикасы жыйынтыкталбагандыгы; кыргыз балдар адабиятынын теориясы, тарыхы жана акын-жазуучулардын адабий портреттери ушул күнгө чейин жеткиликтүү изилденбегендиги; учурда жаш муундарды жетилген инсан катары калыптандырууда тарбиялоого болгон талаптын өсүшү менен аны ишке ашыруунун илимий-методикалык өбөлгөлөрүнүн ар тараптуу ачылып берилбегендиги; улуттук балдар адабиятынын бай казынасы болсо да, алардын үзүрүн азыркы жаштардын билимин, тарбиясын жогорулатуу процессинде натыйжалуу колдоно албай жаткандыгыбыз; болочок мугалимдерди балдар адабияты аркылуу жогорку окуу жайында этномаданий, тилдик-коммуникативдик, этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптоо боюнча даярдоо проблемасынын теориялык жактан изилдөөгө алынбагандагы жана бул дисциплинаны окутуу багытында мамлекеттик стандартка ылайык келүүчү методикалык сунуштардын иштелип чыкпагандыгы ж.б.

Балдар адабияты – жалпы адабияттын бир бөлүгү, анын ажырагыс тутуму. Бардык эле оозеки айтылган, жазылган чыгармалар кандай гана курактагы, кандай гана көз караштагы, кандай гана психологиядагы адам болбосун уга берүүгө, окуй берүүгө ылайыкталат. Мисалы, манасчы эпостун үзүндүсүн айтып жатып, бул жери балдарга, бул жери чоңдорго деп отурбайт, өзү даяр сюжет менен айта берет, бирок ошол айтылып жаткан нерсени ар ким өз түшүнүгүнө ылайык кабыл алат. Балдар адабиятынын спецификасын ушунда – балдардын курак өзгөчөлүгүнө ылайыктуулугунда. «Балдар адабияты» деген термин-түшүнүк совет учурунда пайда болуп, колдонула баштаганы

менен кыргыз эли байыртадан эле балдар үчүн чыгармаларды айтып, таалим-тарбия ишине таасирин тийгизип келген.

Балдар адабияты дегенде биз анын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө маани берүүгө тийишпиз. Ал адабияттын өзгөчөлүгү тууралуу мындай пикир айтылат:

«А) Көркөм образдын конкреттүүлүгү, көзгө көрүнөрлүк деңгээлде анык, так болушу. Бул нерсе балдардын кабылдоосунун предметтүүлүгүнүн, аныктыгынын жана көрсөтмөлүүлүгүнүн натыйжасы...

Б) Баяндоодо (аңгемелөөдө) лирикалык маанайдын күчтүүлүгү. В.Г.Белинский балдар адабиятынын негизги касиети – анын эмоционалдуулугу деп көрсөтүп, балдар китептери «ички сезимдерге толуп-ташышы» зарылдыгын, балага «образдар, боёктор жана үндөр керектигин», балдар үчүн жазгандар «бардык дүйнөгө жана бүт жаратылышка жан берип жибериши» керектигин кайра-кайра белгилеп кеткен. Н.Г.Чернышевский көркөм чыгарма «Оо, кандай азап!» же «Ээ, мынча күлкүлүү», болбосо «Эй, эй, кандай сонун!» дегендей сезимдерди козгоочулук касиеттери болбосо, жаш окурмандарды толкундата албайт деп эсептеген эле. Психологиялык эксперименттер да балдардын акыл-туюмунда лирикалык көтөрүңкүлүк менен баян кылып берилген окуялар көпкө эсте болуп, узак убакыт сакталат деп тастыктаган. Баяндоодо лиризм канчалык терең жана олуттуу болсо, чыгарманын эстетикалык таасири да ошончолук терең жана олуттуу болот. Н.А.Некрасовдун «Мазай баба жана коёндор», А.П.Чеховдун «Каштанка», И.С.Тургеновдун «Муму» сыяктуу чыгармалары ушундай өзгөчөлүктөргө ээ...

В) Мүнөздөр жана көрүнүштөрдүн динамикалуулугу. Психологдор балдар буюмдардын жана көрүнүштөрдүн кыймыл-аракети же эмнеге багытталгандыгы, кийинчерээк алардын пайда болуу себептерине кызыгышарын узак эксперименттердин негизинде далилдешти. Бул нерсе болсо баяндоодо кызыгууну жаратат. Неге дегенде кызыктуулук – аракеттенүүнүн негизинен келип чыгат. Мындай кыймыл-аракеттүүлүк баяндалып жаткан окуя үчүн тандалган конфликттин курч болушун, сюжетинин тез уюштурулушун, мүнөздөрдүн эркиндигин ж.б. ушундай усулдарды шарттайт, ушуларда жаралат. Мындай кызыктуулук балдар адабиятынын бардык классикалык чыгармаларына мүнөздүү көрүнүштөрдөн.

Г) Тилдин тактыгы, дааналыгы жана эмоционалдуулугу. Балдар китебинин тили жалпысынан адабий тилдин нормаларына жана грамматикалык түзүлүшүнө ылайык келмеги жана ушу менен бирге балдардын кеп корун байытышы, өстүрүшү керек. Балдар китептеринин тили канча даана, кыска жана образдуу болсо, ошончо таасирдүү болот, анда алга коюлган идея ошончо тез жаш окурмандардын интеллектуал дүйнөсүнүн кенчине айланат.

Бул белгилер балдар адабияты үчүн жетектөөчү жана мүнөздүү белгилер болуп саналат» [2, 14-15].

Тоголок Молдонун «Кемчонтой», «Телибай тентек», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Күн жана анын балдары» деген чыгармалары бар, алар чоңдорду да, балдарды да өзүнө тартат. Дал ошол өзүнө тарткан нерсе – алардын каармандарынын кызыктуу жүрүш-турушу, бири-бири менен мамилелеринин динамикалуулугу, ал эми «Торпогум» деген ыры болсо балдардын турмушун, алардын кызыгууларын чагылдыргандыгы менен кичинекейлерди өзүнө багындырат.

«Манас» эпосун кара сөзгө айландырып Ашым Жакыпбеков «Теңири Манас» деген роман жазды, анын сюжеттик-композициялык түзүлүшү бири-бири менен чырмалышкан окуялардан куралган, тили оор, поэтикалык каражаттары татаал, демек, балдар кабыл алууга кыйыныраак, ал эми ушул эле эпостун негизинде Кеңеш Жусупов жазган чыгарма атайын балдарга ылайыкталгандыктан окуяларды кыска-кыска, түшүнүктүү кылып айтып, тил байлыктарын азыркы балдар окуп-үйрөнүүгө ыңгайлаштырат.

Кыргыз адабиятчылары А.Муратов жана К.Исаков балдар адабиятынын мүнөздүү белгилери катары төмөнкүлөрдү көрсөтөт [3, 18]:

- чыгармаларда балдарга негизги ролду берүү, көбүрөөк учурда башкы каармандар катары балдарды катыштыруу;
- тематикасы боюнча балдардын курагына ылайык келиши;
- башка чыгармаларга салыштырмалуу алганда көлөмүнүн кыскалыгы;
- китептердин сүрөттөр, ар кандай иллюстрациялар менен коштолушу, кооздолушу, тамгаларынын (шрифт) чоңураактыгы;
- тилинин жөнөкөйлүгү, түшүнүктүүлүгү;
- диалогдорду көбүрөөк коюу;
- сүрөттөөлөрдү чексиз созо бербөө;

- кызыктуу окуялардын (приключение) арбындыгы;
- сюжетинде кескин бурулуштардын, чексиз ретроспекциялардын кездешпеши, сюжетинин чыңалууда, жыйнактуу алып барылышы;
- окуялардын тезирээк алмашып, биринин ордуна улам экинчисинин келип турушу;
- каармандардын мүнөзүнүн предметтүү жана көз алдына алардын иши жана жүрүш-турушу менен ачылышы;
- бактылуу бүтүмү (кара ниеттиктин үстүнөн ак ниеттиктин салтанат курушу);
- тарбиялоо максатынын түздөн түз көрүнүшү.

Жогорудагыдай балдар адабиятынын спецификасы аны өзүнчө чоңдор адабиятынан бөлүп кароого негиз берет.

Адабияттар:

1. Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты [Текст] // Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. – Б.: 2006. – 206-207-бб.
2. Муратов А. Кыргыз балдар адабияты: окуу китебине кошумча колдонмо [Текст] / А.Муратов, К.Исаков. – Б.: Айат, 2012. – 264 б.
3. Шермухамедов П. Узбек болалар адабиёти: дарслик-хрестоматия [Текст] / П.Шермухамедов, Ж.Турсунов, О.Сафаров, Х.Эгамов. – Ташкент, 1976. – 240 б.

N.E Abdraeva
N. Arabev Kyrgyz National University
nurzada 671@ mail.com

The Era of globalization and children's literature

Annotation*: This article addresses the need for current children's literature. The author presents the general global movement and the affected Ala-Too region. It looks at research and the specificications of children's literature.*

Key words*: children's literature, folk education, uniqueness of childhood,national standard, reading program, spiritual culture,reading work, thematic, poetry, goals of teaching, duties of teaching*

УДК: 398:22.371

Н.Э.Абдраева
И.Арабаев атындагы КМУ

Элдик жомоктор – баланын калыптануусунун башкы каражаты

Аннотация: *Макалада кыргыз элинин бай фольклорунда жомоктордун орду зор экендиги жана алар балдарды тарбиялоого салым кошо тургандыгы тууралуу айтылат. Автор көптөгөн улуу адамдардын турмушунда жомоктордун кандай рол ойногондугун көрсөтүп берет.*

Макаланын негизги пафосу – азыркы студенттерди болочок окуучуларына жомоктор менен тааныштырууга даярдоо проблемасы.

Түйүндүү сөздөр*: улуттук сөз өнөрү, жомок, сюжеттик линия, таалим-тарбия программасы, элдик педагогика, психологиялык-педагогикалык туюм, педагогикалык финал, элдик идеал, фантастикалуулук, абстрактуу идеялар, конкреттүү образдар*

Кыргыз балдарынын турмушунда жомоктор өзгөчө орунда болгон. Бул жөнүндө А.Алимбеков мындай жазат: «Ч.Айтматов «Ак кеме» повестинин сюжеттик линиясы Момундун жомоктон бүткөн таалим-тарбия программасы, анын таасиринде оожалган баланын аруу дүйнөсү, баланын кара өзгөйлүктөргө каршы жомоктон куралган кыял күрөшү сыяктуу идеяларга түйүндөлөт. Асыресе жомоктор улуу педагогдор тарабынан ар дайым жогору баага татып келген. Алсак К.Д.Ушинский: «Жомоктор элдик педагогиканын эң алгачкы саамалыктары. Мындай алганда элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким теңдеше албайт», – деп жазган. Ал эми XX кылымдын улуу педагогу В.А.Сухомлинский да жомокторду «эл маданиятынын рухий байлыгы», «бала жомокту аңдап түшүнүп жатып элдин турмушун жүрөгү менен туюп билет», «Жомоктордогу сөздөр баланын аң сезиминде дайыма жашайт. Фантастикалык көрүнүштөгү жомокту укканда бала өзүн унутуп коёт, мен окутууну жомок угуусуз, жомок жаратуусуз элестете

албайм», – деп жазган. Чыгармада дал ушул илимий акыйкаттардын баары жазуучунун кыргыз турмушунун мисалында ченде жок чебер психологиялык-педагогикалык туюму аркылуу чындыкка чыккан. Баланын жан дүйнөсүндө азыркы бала бакчалар эчен дарстар аркылуу да жарата алгыс зиректик менен аруулуктун асыл дандарын Момун жомоктордун касиети аркылуу гана сээп өндүрө алды. Мүлдө дүйнөсү ата-бабалардан мурасталган аруу жомоктордон куралгандыктан бала «арамдык менен кыянатчылыкты кабыл кылбады», тескерисинче, ошолордун таасири менен өзүнүн кыялы күрөш программасын кураштырып, аны ишке ашырып, тирүүлөргө адилеттиктин сабагын калтырып кетти. «Ак кеме» повестинин педагогикалык финалы дал мына ушунда» [1].

Г.Н.Волковдун ою боюнча элдик жомоктор – адабий чыгарма, фольклор, ошол эле кезде алар элдик педагогиканын мурастары, дээрлик алардын баарында таалим-тарбиялык ойлор камтылган.

Орус сынчысы В.Г.Белинский орус эл жомокторунун элдүүлүгүн, аларда элдик мүнөздүн берилишин жогору баалаган, кыялдагы нерселер менен ойдон чыгарылган окуялардын ары жагында реалдуу турмуш, социалдык мамилелер турат деп эсептешкен. Ал балдар табиятынан фантастикалуулукка умтулат, аларга абстрактуу идеялар эмес, конкреттүү образдар, боёктор, үндөр керек деп эсептеп, мына ошол бөксөлүктү элдик жомоктор толтурарына ишенген.

Н.А.Добролюбов болсо эл тарабынан чыгарылган жомоктордо ошол элдин турмушка жана учурга мамилеси, психологиясы чагылдырылат деп, жомокторду элдин тирүү физиономиясы деп эсептеген.

К.Д.Ушинский өзүнүн педагогикалык эмгектерине, окуу китептерине элдик жомокторду кеңири киргизген, алардын стилине салып, өзү да эне тилинин эң сонун байлыктарын колдонуп жомокторду токуп чыккан. Педагогдун ою боюнча тарбиятынын орус педагогдору орус мешинин үстүндө отуруп алып, балдарды тарбиялап жаткан чоң эне, чоң аталар деген. Албетте, алардын тарбиялоо каражаттарынын башында элдик жомоктор турганы айтпаса да түшүнүктүү. К.Д.Ушинскийдин педагогикалык идеалы – балдарды акыл-эс жана адептик-эстетикалык жактан гармониялык тарбиялоо болгон, ал эми мындай ишти аткаруунун эң чоң мүмкүнчүлүктөрү жомоктордо экендиги белгиленген. Ал балдардын психологиясына жомоктордун таасири катуу тийерин айтуу менен элдик жомоктор педагогикалык басылмаларда чыгып жаткан азыркы аңгемелерден алда канча бийик турат деп белгилеген, жомок аркылуу баланын логикалык ой жүгүртүүсү анын көркөм табити менен айкалышып, кыялы жана сезимдери өсөт деп белгилеген. Балдар жана жомоктор – ажырагыс, алар бири-бири үчүн жаралган, андыктан аларды кеңири колдонуу керек деген ойго келген [2, 109].

Элдик жомоктордо адеп-ахлак, акыл-эс, эмгек, эстетикалык, дене-бойду өстүрүү, атуулдук, мекенчилдик ж.б. тарбиянын бардык түрү ишке ашырылат, баланы ар тараптуу жетилген инсан даражасына жеткирүүдө жомоктордун мааниси чоң болгон. Ал эми ошол жомоктор жалпы эле дүйнөлүк балдар адабиятынын баа жеткис казынасы.

Орус элинин классик акыны А.С.Пушкиндин (1799-1837) нянясы Арина Радионовна жомокчу болгон жана ал жомокторду кемелине келтирип айтып берген. Мына ошонун таасиринен орус сөзүн ааламга тараткан улуу акын жана таланттуу жомокчу жаралган. Ал: «Кечинде жомок угам жана ошону менен каргыш тийген тарбиямдын кемчиликтерин толуктайм. Эмне деген укмуш, бул жомоктордун ар бири өзүнчө жаткан поэма», - деген. А.С.Пушкин жөнөкөй орус аялы айтып берген элдик жомокторду чеберчилик менен иштеп чыгып, «Балык жана балыкчы тууралуу жомок», «Поп жана анын кызматкери балда жөнүндө жомок», «Алтын короз тууралуу жомок», «Хандын өлгөн кызы жана жети баатыр жөнүндө жомок», «Падыша Салтан, анын даңктуу жана кайраттуу баатыр уулу князь Гвидон Салтанович жана сонун Каныша Ак куу тууралуу жомок» ж.б. дүйнө элдеринин балдарын оң сапаттарга үгүттөгөн жаш окурмандарга ылайыкталган жомокторун жазган.

Ошондой эле, эл ичинде айтылып келген жомокторду Шарль Перро (1628-1703) балдар үчүн адаптациялап жазып чыккан, анын «Кызыл шапкечен», «Өтүкчөн мышык» деген жомоктору азырга чейин балдар талашып окуган китептерге айланды. Германияда ага-ини (бир туугандар) Якоб (1785-1863) жана Вильгельм (1786-1895) Гримм иштеп чыккан «Түлкү менен каздары» жана даниялык улуу жомокчу Ганс Христиан Андерсен (1805-1875) тарабынан жазылган «Кар ханышасы», «Дюймовочкасы» деген жомоктор балдар адабиятынын классикалык чыгармаларына айланды. Анын себеби – бул чыгармаларда биринчиден, элдин идеалы, үмүт-тилеги, жамандык-жакшылык, актык-кара ниеттик тууралуу түшүнүктөрү берилген; экинчиден, кызыктуу сюжеттер

чыгармага жан берип турат; үчүнчүдөн, финалында балдар сүйгөн каармандар жеңишке жетет; төртүнчүдөн, баяндоосу, тили жөнөкөй, балдар үчүн түшүнүктүү.

Элдик жомокторду балдар үчүн иштеп чыгууда кыргыз акын-жазуучулары да эбегейсиз эмгек кылышты. Кыргыз балдар адабияты – кыргыз балдар фольклорунун туундусу, уланышы. XX кылымдын 20-жылдарынын аягынан тартып кыргыз элинин эң бай фольклордук мурастары «аңтарылып» андагы жомоктук каармандар адабий китептердин каармандарына айланды. Ага чейин эле Тоголок Молдо балдар үчүн «Каак-каак, каргалар», «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Жүгүрүп, жүгүрүп мен таптым», «Турумтай» «Чынчыл бала», «Торпогум» ж.б. ырларды жазган, элдик сюжетти пайдаланып «Жер жана анын балдары», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы», «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу», «Абышка-кемпирдин көмөчү» ж.б. чыгармаларды иштеп чыккан, айбанаттар тууралуу жомоктордун негизинде «Каркыра менен Түлкү», «Бөрү менен Түлкү», «Бөдөнөнүн Түлкүнү алдаганы», «Эшек менен Булбул», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Уй менен Музоосу», «Кожонун аңгемеси», «Төөнүн арызы» дегендей тамсилдерди жазган, «Телибай тентек», «Кемчонтой», «Жанбакты», «Куштардын аңгемеси», «Ала-Тоо», «Куба Кой менен ээсинин айтышканы» ж.б. чыгармаларын балдар окуп жана угуп түшүнүүгө ылайыктаган. Молдо Кылыч «Буудайык», «Канаттуу» деген поэмаларында элдик чыгармалардын сюжеттерин жана образдарын өз заманына ылайыктап иштеп чыккан. Элдик ырчылардан К.Акиев «Ач карышкыр», «Акылман ата», А.Үсөнбаев «Жолборс минген киши» деген поэмаларында калк арасында айтылып келген окуялар ырга салынды. Советтик учурда бул салт активдүү улантылып, профессионал жазуучулардан К.Баялинов «Чабалекей менен жылан», «Түлкү менен суур», Т.Үмөталиев «Күч бирдикте», «Алп кара куш», А.Токомбаев «Жетим менен сыйкырчы», Ж.Бөкөнбаев «Торгой менен жагалмай», «Чептен эрдик күчү бек», К.Маликов «Сан-Таш», А.Осмонов «Толубай сынчы», Р.Шүкүрбеков «Эки бөжөк» ж.б. фольклордук чыгармаларды иштеп чыкты. Кыргыз эл жомокторун, уламыштарын К.Эшмамбетов, Д.Брудный, А.Осмонов, Ж.Мукамбаев чыгармачылык менен байытып жазып, калкка тартуу кылды. Ошондой эле, жаңы замандын жомокторун Д.Сулайманов, Ж.Таштемиров, С.Рысбаев, Ж.Абдылдаев, А.Муратов, Б.Абдулхамитова, А.Мисиров, Ж.Осмонкулов, И.Токтогулов, А.Карымшаков ж.б. жазуучулар балдарга ылайыктап жазышты. Мына ушул жомоктордун таалим-тарбиялык, таанытуучулук функциясына өзгөчө көңүл бурулду, «...кыргыз жомоктору салттуулук-улуттук сезимдерди тарбиялоого жана өстүрүүгө багытталган. Жомоктордо кыргыздардын көчмөндүк турмушу (боз үйдө жашоо, анын жасалгалары ж.б.), негизги жасаган иштери (мергенчилик, малчылык ж.б.), улуттук тамактары жана суусундуктары (нарын, айран, кымыз ж.б.) чагылдырылган [3, 42].

Мындай элдик чыгармалар ар бир адамдын дил туюмунда жашап, андан алган идеялар өмүр бою ал адам менен кошо жашайт. Жазуучуларды алып көрсөк, Аалы Токомбаевдин акындык шыгы Урак аттуу думана-манасчы менен жолуккандан кийин ачылган, Түгөлбай Сыдыкбеков Айымкан аттуу кошокчу, жамакчы аялдан катуу таасир алган.

Чыңгыз Айтматовдун жазуучу болуп калышында чоң энеси Айымкандын орду болгон. Ал мындай деп жазат: «Балалыгымдын башталыш курагын чоң энем Айымкандын жаркын элеси менен энчилеш эстейм. Ал киши башкача бир инсандык касиеттерге ээ болуу менен айылдагы зоболосу зор, акыл-парасаты тунук, кудай өзү ыроологон тубаса билимдүү адам эле. Атам да андан көп нерсени үйрөнүптүр жана дайыма ошондой энеси бар үчүн сыймыктанып турчу. Чоң энемдин башынан ак элечеги түшчү эмес. Биздин калк каадасына караганда мындай элечекти бир үйдүн нарктуу-салттуу байбичеси гана кие алат эмеспи. Элечек аны кийген чоң энеме ушундай сонун отуруп, чырай-турпатына жагымдуу жарашып калчу да, ал кишини андан бетер сүйкүмдүү, андан бетер сүрдүү көрсөтүп турар эле.

Чоң энем өз өмүрүндө үч кыз, эки уул көрүп, беш балага эне болуптур. Ошол кыздардын бири Каракыз апамдын менин балалыгымдагы орду да өлчөөсүз зор...

Айымкан чоң энемдин эң улуу кызынын ысмы болсо Айымкүл эле. Ал кишини да көрүү насиби мага буйруган экен. Турмуштун каар-азабын ушунчалык көп таткан адам болчу.

Курагына караганда андан кийин менин атам – Төрөкул, кийин – Гүлайым эжем, анан эң кенжеси – Рыскулбек акем. Рыскулбек акем абдан зээндүү жана билимдүү болгон. Айтуудан мага «Чыңгыз» деген ысымды ыйгарууну да ошол акем таклиб кылыптыр. Өтмүш-тарыхты мыкты билгенин ушундан эле баамдасак болот – балдарына тарыхый улуу адамдардын ысмын ыроолоону салт кармачу» [4, 6-7]. Дал ошол Шекер айылындагы эски салттар, элдик маданият, калктын педагогикасы жаш бала Чыңгыздан жазуучу Чыңгыз Айтматовду жаратты. Ал эл арасынан улуттук тилдин бай казынасын үйрөндү, элдик этикетти үйрөндү, оозеки чыгармачылыктын баа

жеткис мурастарына сүңгүп кирди. Мына ошол бала анан жүрөгүн, дилин тазалады, ал башкача мээримдүү, боорукер болуп өстү. Бул тууралуу дагы өзүнүн айткандарын окуп көрөлү: «Менин балалык дүйнөмдөгү эң орчундуу окуялардын бири – атам менен Кино Үйүнө барып, ошол мезгилдин сенсациялуу фильмдеринин бири «Соловей Соловушка» деген фильмди тамаша калганыбыз. Бул фильмде бир сулуу кыз менен жигиттин ортосундагы махабат баяны бар. Кыз-жигит бир байдын кулу болушат. Бай бойго жетип турган кызды жашыруун башкага сатат. Кыздын сулуулугун айтпа, анан да кемелине келтирип, укмуш сонун ырдачу. Ошондуктан кино «Соловей Соловушка» деп аталса керек. Кинодогу кыз-жигиттин трагедиясы, кыздын ыйлаганы, кыймылы, башка бирөөгө сатылуусу менин балалык дүйнөмө чоң таасир берген эле. Ал учурдун фильмдери спектаклге окшош боло турган. А чыныгы кино өнөрү искусство катары кийин өнүктү.

Фильмден катуу таасир алган жаным, бир убак кинотеатрдын ичинде эле буркурап боздоп ыйлай баштадым. Атам мени карап, айласы түгөндү, ордунан туруп, мени алып тышка чыгып кетейин дейт, өзү да эмне болор экен деп андан ары жагын көргүсү келет. Чыкпайын дейт, мен ботодой боздойм. Анан мага:

- Уулум, буерде ыйлаган болбойт! Кой, ыйлаба! - деп сооротот.

Ошентип ата-бала кинону акыр-аягына чейин көрдүк. Ыйлаган көздөрүм шишип, үйгө келдик. Атам аябай кейиген тейде апама:

- Бул бала неге мынча сезимтал? Баарыбызга тең эле кино таасир этти, бирок мынчалык эчкимибиз буркурап боздоп ыйлабыдык, - деп арызданган.

Атамдын бул сөздөрүнө бир аз таарына түшкөнүм менен баары бир сүйүнгөм...» [4, 20-21].

Мындан көрүнүп тургандай, кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн бешигинде чоңойгон бала орус фильмин көргөндө да гуманист, жашык, адамды сүйгөн жана баалай билген бойдон калды. Анын «Бетме-бет», «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», «Эрте келген турналар», «Кыямат», «Кылым карытар бир күн», «Тоолор кулаганда» ж.б. чыгармаларындагы гуманисттик идея, адамды сүйүү анын балалык учурунда кыргыз оозеки адабиятынын көрөңгөсүн өзүнө сиңдиргендиги менен түшүндүрүлөт.

Дүйнөлүк прозанын бийик чокусу Л.Н.Толстойго да ошондой эле таасирди дагы бир жөнөкөй элдик педагог Татьяна Филипповна тийгизген. Татьяна Филипповна карапайым орус аялы болсо да орустун оозеки чыгармаларын абдан жакшы билген жана аларын чеберчилик менен айта алган, ошол баяндарды угуп чоңойгон Ясная Поляна кыштагынын бир баласы кийин Л.Н.Толстой деген ат менен орус маданиятын дүйнөлүк деңгээлге алып чыкты.

Лев Николаевич Толстой (1828-1910) туулган жери Ясная Поляна айлында мектеп ачып, ал мектебинин окуучуларына элдик мазмундагы жомокторду, аңгемелерди окуп берген, балдар үчүн өзү да чыгармаларды жазып, аларын «Азбука» (1872), «Новая азбука», төрт китептен турган «Книги для чтения» (1875), «О народном образовании» (1874) аттуу эмгектерине [5] киргизет. Ал орус балдар адабиятын, анын элдик педагогикага негизделген багытын тереңдеткен.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Балалыгым [Текст] / Ч.Айтматов. – Стамбул: Хызыр Рекламджылык ЛТД Шти, 2002. – 138 б.
2. Алимбеков А. Чыңгыз Айтматовдун педагогикалык ааламы [Текст]/ А.Алимбеков // Кутбилим, 2009, 13-март
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н.Волков. – М.: AKADEMA, 2000. – 109 с.
4. Рахимова, М.Р. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы [Текст] // М.Р.Рахимова, Т.В.Панкова, А.Т.Калдыбаева. – Б.: КМПУ, 2002. –269 б.
5. Толстой Л.Н. Педагогические сочинения [Текст] /Л.Н.Толстой; АПН СССР. – М.: Педагогика, 1989. – 542с.

N.E. Abdraeva
N.Arabaeva Kyrgyz National University
nurzada 671@ mail.com

Folk fairy tales- the primary resource of fairy tales in child- rearing

Annotation: *This article is given to show the great place of the rich Kyrgyz folklore and to contribute to the instruction of the children through these stories. The author will show examples of many*

great people and what kind of role these folk stories played in their lives. The aricles' main thesis is the problem of preparing current student to introduce folk stories to future pupils.

Key words: *ethnic language skills, fairy tale, instructional program, people's pedogagy, pedagogic psychology, popular ideals, fantasy, abstract ideal, concrete works*

УДК: 809.434.1(575.2) (04)

Г.Ш.Абдразакова,
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Кыргыз филологиясы факультети,
кыргыз тил илими кафедрасы,
ф.и.к. доц.м.а.,

Концепт жана концептуалдык дүйнө сүрөтү

Аннотация*: Макалада концепттин жана концептуалдык дүйнө сүрөтүнүн илимий мааниси каралат.*

Ачкыч сөздөр: *концептуалдык система, концепт, дүйнө, тил, адам, ойлом, аң-сезим, сүрөт.*

Аннотация*: В статье рассматривается научное значение концепта и концептуальной картины мира.*

Ключевые слова: *концептуальная система, концепт, мир, язык, человек, мышление, сознание, картина.*

Дүйнөнүн сүрөтү адам менен курчап турган дүйнөнүн ортосундагы карым-катнаштын натыйжасында анын аң-сезиминде топтолот. Ал, бир жагынан, тилдик эмес (элестер, образдар, сөлөкөттөр ж.б.) формада болот да, экинчи жагынан, ой жүгүртүүдө тилдик каражаттардын катышында жыйналат. Ал эми тил адамдын дүйнө жөнүндөгү билимдеринин жана алардын калыптанышынын эң универсалдуу каражаты болуп эсептелет. Натыйжада, адамдын дүйнө жөнүндөгү, кандайдыр бир обьект жөнүндөгү билимдеринин, түшүнүктөрүнүн, ой-пикирлеринин жыйындысы концептуалдык системаны түзөт. Концептуалдык система логикалык жактан бир концепттен экинчи бир концептке өтүү мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Концепттин мазмуну обьектилер жана алардын касиет-белгилери (т.а. адамдын дүйнөдөгү обьект же обьектилер жөнүндө билгендери, ойлогондору, болжолдоолору) жөнүндө маалыматтарды өз кучагына алат [8, 101-102]. Адамдын аң-сезиминдеги обьектилер жөнүндөгү концептуалдык системаны концептуалдык дүйнө сүрөтү деп да атоого болот. Концептуалдык дүйнө сүрөтүнүн өзгөчөлүгү кандай сөздөр менен байланыштырылган, ойлонуштурулган образдар концепттер түрүндө берилери менен аныкталат. Концептуалдык дүйнө сүрөтүндөгү концепттердин катарына ар кандай түшүнүктөр жана элестөөлөр туш келиши мүмкүн. Ар бир эл дүйнөнү өз алдынча кабыл алышат. «Ар бир цивилизация, социалдык система өзүнүн дүйнө кабылдоосунун өзгөчө ыкмасы менен мүнөздөлөт» [1, 17]. Ошентип ар бир тилдик-маданий коомчулуктун менталитети белгилүү деңгээлде анын мүчөлөрүнүн дүйнө көрүүлөрү, дүйнө түшүнүүлөрү аркылуу түшүндүрүлгөн дүйнө сүрөтү менен шартташат.

Концептуалдык дүйнө сүрөтү тилдик дүйнө сүрөтүнө караганда бай. Е.С.Кубрякованын сөзү боюнча «дүйнө сүрөтү - бул тилдик дүйнө сүрөтүнө караганда адам өзүнүн элестөөсү менен дүйнөнү кантип сүрөттөйт дегенди билдирген татаал кубулуш, башкача айтканда, адамдын концептуалдык сүрөтүнүн бир бөлүгү тил менен «байланыш» түзөт жана тилдик формалар аркылуу түшүндүрүлөт» [4, 94].

Ар бир элдин, ар бир доордун, ар бир социалдык катмардын, ар бир жаш өзгөчөлүктүк топтордун концептуалдык дүйнө сүрөтү ар башка. Бир тилде сүйлөгөн адамдардын концептуалдык дүйнө сүрөтү ар түрдүү болушат. Ошол эле учурда ар башка тилде сүйлөгөн адамдардын концептуалдык дүйнө сүрөтү окшош болушу мүмкүн. Ар түрдүү тилдердеги бир эле, ошол эле түшүнүктөрдү концептуалдаштыруу үчүн колдонулган белгилердин ар түрдүүлүгү дүйнөнү өзгөчөлөнтүп көрүүдө эмес, көбүрөөк деңгээлде ассоциативдик ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрү менен шартташкан [9, 1988). Концептуалдык дүйнө сүрөтү өзүнө улуттук, жеке

жана жалпы адамзаттыкты камтыйт. Демек, коомдук аң-сезимдин негизинде дүйнөнүн сүрөтү жатат.

Ошентип концептуалдык дүйнө сүрөтүнүн бирдиги концепт алгач адамдын элестөөлөрү, көрүүлөрү менен байланышкан кубулуш болсо, экинчиден, тилдик каражаттар аркылуу түшүндүрүлгөн дүйнө таанымдык бирдик. Концепттин мазмунун тилдик каражаттар менен маанилештирүүнү эң алгач сөздөр жана сөз айкаштары түзөт. Биздин пикирибиз боюнча, сөздүн лексикалык маанисине таянып туруп, концепт деп атоого болбойт. Орустун тилчи-окумуштуусу Д.С.Лихачёвдун пикирине таянсак, «ал концепт сөздүн өзүндө болбойт, ар бир сөздүн сөздүктөгү маанисинен улам келип чыгат»,- деп билдирет. Окумуштуу концепт өзүнүн келип чыгышында тикеден тике сөздүн маанисинен гана эмес, ал сөздүн сөздүктөгү мааниси менен элдин же жеке адамдын тажрыйбалары менен кагылышууларынан улам келип чыккан «маанинин алгебралык туюнтмасы» катары эсептөөнү сунуш кылган. Д.С.Лихачёвдун ою боюнча, концепттер өзүндө сөздөрдүн маанилерин алмаштырат да, эң негизгиси, маанилерди түшүнүүдө сөздүн эмоционалдык аурасын, аны ойлонуштуруу, иштеп чыгуу үчүн мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен, сөздүн маанисиндеги айырмачылыктарды, ар кандай карама-каршы келүүчүлүктөрдү жокко чыгарат [6, 282]. Окумуштуунун пикиринен улам, демек, көп маанилүү сөздөр бир же бир нече концептти түшүндүрүүдө кызмат аткарышы мүмкүн экендигин түшүнүүгө болот. Мисалы, кыргыз тилдик дүйнө сүрөтүндөгү «көз» лексемасынын маанилерин карап көрөлү: *ботo көз, көк көз, карагат көз, мөлтүр көз, өткүр көз, тик көз, жайдары көз, ийненин көзү, булактын көзү, көзү начар, көзгө атар, байлыктын көзү, көз болуу, көзү ачык, көз албоо, көзү байланган, көзүн жаап алган, көз майы түгөнүү, көз жеткис, көзү тирүү, көзү өтүү, жаман көз, эски көз, суук көз, жаңы көз, көз караш, көзү менен атуу, көзү менен ичип-жеөө, көзүнө чөп салуу, көз акы, көз коркок, көз алдыда, көз айнек, көз боңо, көз жумулуу, көз ачып-жумгуча, көз жашы, көз караюу, көзгө тийсе көрүнгүс, көзү умачтай ачылуу, көзгө илинер, көзүнүн кыйыгы менен, көзү тирүүсүндө, көзү тойбоо, ач көз* ж.б. Кыргыз тилинде «көз» сөзүнүн жүзгө жакын ар түрдүү контекстуалдык маанилерин кезиктирүүгө болот. «Көз» көп маанилүү сөзүнүн катары компоненттеринин семантикалык маанилеринен улам, лексика-семантикалык вариантта берилген алгачкы атоо мааниси менен дал келе бербегендигин билдирет да, ар түрдүү семантикалык маанилер контекстуалдык жактан ар башка концепттердин маанилерин чечмелөөдө кызмат аткарат. Мисалы, «көз жумду», «көзү өттү» фразеологизмдери «көз» сөзүнүн алгачкы атоо маанисине эч кандай байланышы жок экендигин көрсөтүп турат да, «өлдү» деген маанини билдирип «өлүм» концептине ылайык колдонулса, «тик көз» фразеологизми же сөз айкашы контекстуалдык маанисине ылайык, «баатыр» концептинде оң,, же болбосо «келин» концептинде терс маанини туюндурган стилдик боёкчо катары колдонулушу мүмкүн [3, 166].

Биздин көз карашыбызда, белгилүү бир концепт өзүнө кандайдыр бир обьектиге тиешелүү нерселик жана символикалык образдуулукту айкалыштырышы, нарктап-баалоочулук мазмунун билдириши керек. Ал өзгөчө маалыматтуу мазмун менен толукталышы шарт. Анткени концепт белгилүү бир адамдын дүйнө менен болгон карым-катыш тажрыйбаларынан топтолгон жалпы билимдерин жана алардын психологиялык, коммуникативдик жана маданий факторлорго көз карандылыгын түшүндүрүүдө кызмат аткарат. Натыйжада концепт сөз же сөз айкашы менен гана түшүндүрүлбөстөн, сүйлөмдөр, ар кандай фразалар, паремия түрүндөгү, ж.б. көркөм тексттер, ошондой эле, функционалдык стилдин бардык түрүнө кирген тексттер менен да түшүндүрүлүшү абзел. Ошентип ой жүгүртүүдө белгилүү бир концепттин, бир концепттен экинчи бир концептке өтүүнүн, аларга концептуалдык талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында концептуалдык система келип чыгат. Бир концептке же бир нече концептке концептуалдык талдоо жүргүзүүгө болот. Жеке адамдын дүйнө таанымына же белгилүү бир элдин дүйнө таанымына ылайык концепттердин жыйындысын концептосфера деп атайбыз.

«Концептосфера» терминин тил илимине алгач Д.С.Лихачёв киргизет да, аны экиге бөлүп карайт: жеке адамдын концептосферасы жана улуттук тилдин концептосферасы. Белгилүү бир адамдын жеке тажрыйбасынан улам жаралган жана жеке адамдын сөздүк запасын ачып көрсөткөн концепттердин жыйындысы ошол белгилүү бир адамдын концептосферасын түзөт. Маселен, Ч.Айтматовдун жалпы чыгармалары же белгилүү бир чыгармасы аркылуу же Т.Касымбековдун белгилүү бир чыгармасы аркылуу ар бир автордун жеке концептосферасын көрүүгө болот. Ал эми бүтүндөй бир тилдин сөздүк составынан уюушулган туруктуу концепттердин жыйындысы улуттук тилдин концептосферасын, тактап айтканда, кыргыз улуттук тилинин концептосферасын түзөт. Жеке адамдын концептосферасынын байлыгы, ошол адамдын маданий тажрыйбасына көз

каранды болот. Ошондой эле, улуттук тилдин концептосферасы түздөн түз ошол улуттун маданиятына: адабиятына, элдик оозеки чыгармаларына, илимине, сүрөт искусствосуна ж.б. байланыштуу.

Окумуштуунун байкоосу боюнча концепттердин катмары белгилүү бир тилди алып жүрүүчүлөргө ылайык, белгилүү деңгээлде өзгөрүлмөлүү касиетке ээ. Маданий тажрыйбалардын өнүгүүсү менен жана бай адабияттардын катарында концептосфера да тынымсыз баюунун үстүндө болот [7, 286]. Муну менен эмнени түшүнүүгө болот? Концептосфераны так эсеп менен өлчөп, ченеп, баш аягын конкреттештирип чек коюуга болбойт. Анткени жеке жана жалпы (улуттук) дүйнө таанымдын улам өзгөрүп, өнүгүп турушуна жараша, концептосфера да (концепттер) ошондой өзгөрүүгө, өнүгүүгө дуушар болуп турат.

Каралып жаткан терминди (концептти) ушундайча түшүнүүнү Н.Тихоновадан да көрүүгө болот. Ал концептти көп баскычтуу уюшулган структура катары тилдин жана ойломдун бирдиги деп аныктайт. Анын элементтери бири-бири менен байланышкан жана бирине-бири таасир этет. Концепт кепте жана ойдо түшүнүктүн ордун алмаштыруу кызматын аткарат» [10, 68].

Концепт – тилдик дүйнө таанымдык кубулуш катары биздин аң сезимибиздеги менталдык жана психикалык каражат болуп эсептелет. Кубрякованын редакторлугу менен даярдалган “Краткий словарь когнитивных терминов деген эмгекте концепттин дүйнөнүн сүрөтү менен жана адамдын рухий активдүүлүгү менен байланышы өзгөчө белгиленет: “Концепт – биздин аң-сезимибиздеги жана маалыматтык структурадагы менталдык жана психикалык каражаттарды түшүндүрүүдө кызмат аткарган термин. Ал адамдын билимин жана тажрыйбасын чагылдырат. Мээнин тилинин жана концептуалдык системанын, менталдык лексикондун, эс тутумдун, адамдын психикасына чагылдырылган бардык дүйнө сүрөтүнүн мазмундук бирдиги [5, 90-93]. Берилген аныктама концепттин ар түрдүү: жалпы, логикалык, философиялык, маданий жана дүйнө таанымдык мүнөзүн ачып көрсөтөт. Булардын алдында концепт белгилүү бир нерсе же реалдуу, реалдуу эмес чындык жөнүндө элестөөлөрдү, алардын жалпы ойдогу, акылдагы образ катары жашаган, өнүгүүгө жөндөмдүү бардык маалыматтарын бириктирип бөлүп чыгуу жолу менен кандайдыр бир билимдердин системасы катары көрүнөт. Тилдик дүйнө таанымдык кубулуш катары концепт ойлонуштурулган, ой бүтүмгө ээ комплекстүү бирдик болуп эсептелет. Ой жүгүртүү процессинде концепт жалпы билимдерге ээ болушу үчүн ар түрдүү жактарга бурулат, ар түрдүү белгилерди жана катмарларды актуалдаштырат, ачыкка чыгарат. Концептке ылайык келген, дал келген белгилер жана катмарлар, мүнөздөмөлөр белгилүү бир адамдын эне тилинде жана маданиятында ишке ашат. Айрым учурда концепт жөнүндөгү ойдогу образ тилдик түшүндүрүүлөргө ээ боло албай калышы мүмкүн. Мындай учурда ойдогу таанымдык билимдер менен тилдик билимдердин ортосунда так дал келбөөчүлүктөр келип чыгат [2, 404]. Маселен, *жакын адамың машина сатып алды дейли. Кыргыз элинин дүйнө таанымында инсандын аң-сезимине сиңип калган ырымды жасап, машинанын дөңгөлөгүнө сары май сыйпап, ак жоолукту рулуна байлап киришет. Мындай процесс алгач тилдик эмес билимдер, когнитивдик процесстер аркылуу, тактап айтканда, ойлонуштурулган менталдык маалыматтар аркылуу ишке ашат. Бул процесстин подтекстиндеги маанини чечмелөөнүн алдында, башкача айтканда, тилдик каражаттар менен маанилештирип берүүнүн алдында бул ырымды кыска, так эмне деп атоого болот?* Мына ушул сыяктуу ойлонуштурулган нерсени тилдик билимдер менен берүүдө кыргыз тилин алып жүрүүчүлөргө же андан сырткары башка тилди алып жүрүүчүлөргө түшүндүрүүдө кыйынчылыктарды жараткан же так, кыска түшүндүрүп берүүгө мүмкүн болбогон учурлар да кездешет.

Белгилүү болгондой, дүйнө сүрөтүнүн жаралышы тил менен тикеден тике байланыштуу жана тил аркылуу аныкталат. Тил бул маданияттын – негиздөөчүсү. Тил тилдик коомчулуктун тажрыйбасын, белгилүү бир улуттун дүйнө таанымын чагылдырып берет.

Адабияттар:

1. Гуревич, А.Я. Категория средневековой культуры / А.Я.Гуревич. – М.: Искусство, 1984. – 350.
2. Дербишева, З.К.Кыргызский этнос в зеркале языка/ /З.К. Дербишева–Бишкек: Б.и., 2011. – 404 с.
3. Көчөрова Г.О. «Сынган кылыч» романындагы фразеологизмдердин стилистикалык коннотациясы: филол.илим.канд. ...дисс. / Г.О. Көчөрова. Бишкек, 2015. – 166 б.
4. Кубрякова, Е.С. Концепт / Е.С.Кубрякова, В.З.Демьянков, Ю.Г.Панкрац и др. // Краткий словарь когнитивных терминов. – М.: Изд-во МГУ, 1996. С. 90-93.

5. Кубрякова, Е.С. Об одном фрагменте концептуального анализа слова память / Е.С.Кубрякова // Логический анализ языка: Культурные концепты. – М.: Наука, 1991.
6. Лихачёв, Д.С. Русская словестность / Д.С.Лихачёв // От теории словестности к структуре текста: Антология / Под.ред. проф. В.П.Нерознака. – М.: Academia, 1997. – С. 282.
7. Лихачёв, Д.С. Концептосфера русского языка / Д.С.Лихачёв // Русская словестность. От теории словестности к структуре текста: Антология. – М.: Academia, 1997. – С. 280-287.
8. Павилёнис, С.И. Проблема смысла. Современный логико-философский анализ / Р.И.Павилёнис. – М.: Мысль, 1983. – 286 с.
9. Серебренников, Б.А. Язык отражает действительность или выражает ең знаковым способом? / Б.А.Серебренников // Роль человеческого фактора в языке: Язык и картина мира. – М: Наука, 1988. – С. 70-86.
10. Тихонова Н.В. Концепт в системе современных лингвистических представлений / Н.В.Тихонова // Семантика языковых единиц: Доклады IV междун. конф. МГОПУ. – Т.1. – М.: 1988. – С.68.

G.Sh. Abdrazakova
N.Arabaeva Kyrgyz National University
abdrazakova_gul@mail.ru

Concept and conceptual world picture

Annotation*: The given article considers the scientific meaning of concept and conceptual world picture.*

Key words: *conceptual system, concept, world, language, human, intellect, meaning, picture.*

УДК: 378.147 (575.2)

Абдувалиева Б., Ош МУ
Кадырова А., ЖАМУ

Өзбек мектептеринин 6-классында текст менен иштөөнүн жолдору

Аннотация: *Макалада текстте берилген ойду аныктоо, абзацтарга ажыратуу, ага микротема коюу жана жөнөкөй план түздүрүүнүн ыкмасы берилди.*

Ачкыч сөздөр: *Текст, микротема, макротема, абзац, план, композиция, контекст*

Аннотация: *В статье дается метод определения данной мысли, разделения по абзацам наименования микротем и составление простого плана*

Ключевые слова: *Текст, микротема, макротема, абзац, план, композиция, контекст.*

Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуп-үйрөтүүдө тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн, тыбыштык мыйзам ченемдерди курулай жаттаттыруу максатка ылайыксыз. Тилди үйрөтүү үчүн пикир алышуу, диалог куруу, суроо-жооп, кептик үлгүлөрдү өздөштүрүү, ойду улантуу, сүйлөмдөрдү толуктоо сыяктуу иш-аракеттерге басым жасоо зарыл. Бул багытта, айрыкча, тексттин үстүндө иштөөнүн мааниси чоң. 6-11-класстарда тексттин мүнөздүү белгилерин, маанилик бүтүндүгүн үйрөтүү үчүн тилдик бирдиктерди (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык ж.б.) кептик стилдерде кантип иштетилиш ыкмаларын, манераларын үйрөтүү маанилүү. Эгерде байланыштуу кеп өз деңгээлинде үйрөтүлбөсө, окуучулар тил бирдиктерин мыкты өздөштүргөнү менен кеби супсак, жугумсуз болуп калат.

Бөтөн тилди үйрөтүүдө окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү жумушу өтө олуттуу маселелерден. Окуучулардын кеби мазмундуу, логикалык жактан байланыштуу болуп, өздөрүнүн ойлорун иреттүү, далилдүү сүйлөп бере алышына жетишүү - биздин максат.

Бул үчүн тексттин үстүндө иштөөнүн түрдүү ыкмаларын пайдалануу маанилүү. “Текст” - грек тилинен алынган, аны сөзмө-сөз которгондо “ткань”, “бирикме” деген түшүнүктү билдирет, т.а. “төрт чарчы болгон кездемеге жазылган жазуу” дегенди туюндурган [2]. Илим өнүккөн сайын “текст” деген терминдин мааниси кеңейип, учурда тилдик термин катары колдонулуп келе жатат. Усулдук жагдайдан алганда, текстке төмөнкүдөй аныктамаларды берүүгө болот:

1.Текст - тил жатыктыруунун каражаты;

2.Текст – окуп-үйрөнүүнүн обөектиси;
3.Текст – кеп ишмердүүлүгүнүн продуктысы;
4.Текст менен иштөө-машыгуунун бир түрү;
5.Тематикалуулугу ж.б. [2].

Мындай өңүттөн алганда 6-класстын окуу китебинде орун алган тексттер окуучулардын тил жатыктыруусуна, лексикалык-грамматикалык машыгууларын жана оозеки, жазуу кебин өстүрүүгө, тез, так, туура интонация менен окуганга жакындан жардам берет. Себеби бул тексттер окуучулардын жаш курагына жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык түрдүү тематикалардагы тексттер болуп саналат. Турмушта кайсы бир кырдаалга жараша кыска жана узак мөөнөттө болуп өткөн окуялар көп кездешет. Ал окуялардын башталышы, өнүгүшү жана аякталышы болот. Алардын жүрүшү тууралуу кимдир бирөөлөр (“мен” же “ал”) маанилик жана грамматикалык жактан тыгыз байланышкан сүйлөмдөр аркылуу ырааттуу, бир бүтүндүктө жазып же оозеки баяндап берет. Натыйжада, ар түрдүү мазмунга, стилге жана ар түрдүү көлөмгө ээ болгон кептик чыгарма жаралат. Бул кептик чыгарма те***кст*** деп аталат [2]. Текст тууралуу өтүлүүчү сабак көлөмү кыска, окуучуларга кызыктуу, алар түшүнө ала турган текстти окуп берүүдөн башталат.

“Багдадда Интисар аттуу бир кыз жашайт, Ал жети жашында көз ооруга чалдыгат. Оорудан айыккандан кийин, көрүүсү таптакыр өзгөрөт. Күндүзү таптакыр көрбөйт, а түндөсү кадимкидей көрөт.

Кыз мектепте көздөрүн колу менен басып туруп, анан окуйт. Кичинекей Интисардын мындай абалы ирактык врачтарга да маалым, бирок алар ушул күнгө чейин анын оорусунун сырын ача алышпай жүрөт.

(Дүйнөдөгү кызыктар”,-Ф.:, “Мектеп”: 1979, 42-бет).

Тексттин мазмуну кызыктуу болгондуктан, аны окуучулар дароо эле өздөштүрүп айтып берет. Мындан кийинки максат текстке ат койдуруу. Окуучуларга тапшырма берердин алдында “Эмнелердин көзү күндүзү көрбөйт?” - деген суроо коюлат, ага дароо эле жарганаттын, үкүнүн, сүтактын ж.б. деп, ар түрдүү жоромолдорду айтышат. Баяндамага *“Жарганат кыз”, “Үкү кыз”* деген аттарды коюшат.

Тексттеги сүйлөмдөрдү маанилик жактан байланыштырган сөздөрдү же алардын синонимдерин табуу керек. Тексттин биринчи сүйлөмүндөгү ***кыз*** деген сөз менен экинчи сүйлөмдөгү ***ал*** деген сөздөр өз ара контексттик синоним болуу менен бирге сүйлөмдү өз ара *маанилик жактан* байланыштырат. Талдоону ушул өңүттөн андан ары уланта берсе болот.

Грамматикалык байланышта болсо, сүйлөмдүн баяндоочу ээни кандай жолдор *(сан, жак, түр, чак, мамиле, ыңгай ж.б.)* менен ээрчип турганын, окуянын канчанчы жак менен *(биринчи, же экинчи)* баяндалганын, сүйлөмдөрдү байланыштырган *мүчөлөргө* талдоо берилет. Андан кийин окуяны *үчүнчү жак менен баяндатып*, контексттик синоним болгон сөздөрдү башка сөздөр менен *алмаштыруу,* мүчөлөрдү *алып таштоо* сыяктуу ыкмалар менен тексттин тексттик касиеттен ажыратылышы үйрөтүлөт. Текст болуш үчүн сүйлөмдөр маанилик жана грамматикалык байланыш-катышта болушу керек.

Тексттеги сүйлөмдөрдүн ичиндеги кайсы бир сөздү же кайсы бир сүйлөмдү алып таштаса, *тексттин бүтүндүгү бузулат,* текст болуш үчүн ал бүткөн бир композицияга ээ болушу шарт. Муну каалаган бир сүйлөмдү алып коюу менен текшерсе болот. Тексттин башталышы, өнүгүшү, аякташы болуп, *дайыма үч бөлүктөн (киришүү, негизги, корутунду) турат*. Мисалы, таратылган текстин башталышы - кыздын көзүнүн ооруп, көрбөй калышы; өнүгүшү-мектептеги абалы; аякташы - дарыгерлердин оорунун себебин таба албай, дарылоону жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

Тексттин *ар бир бөлүгүндө өзүнчө ой бар,* бирок алардын баары бири-бири менен тыгыз байланышта. Ар бир бөлүктөгү ойлорду табуу үчүн *абзацтарды* билүү маанилүү.Тексттеги абзацтарга ат койдурганга чейин тексттин темасы менен тексттеги негизги ой тууралуу маалыматты окуучуларга берүү ылайыктуу. “Тема”- грек сөзү, аны кыргызчага которгондо “негизги ой” деген түшүнүктү билдирет. Биринчи мааниси - тексттин ички маани-маңызынын өзөгү, мазмуну; экинчи мааниси - жеке адамдын иш-аракетинин багыты. Мисалы: Менин илимий темам - тынчтыкты сактоо проблемалары, М.Алыбаевдин чыгармалары Ата Мекен темасын даңазалоо ж.б.

Көпчүлүк учурда текстин аталышын тема менен адаштырып алышат. Мисалы: “Ак кеме” повести десек чыгарманын аталышы (темасы) болот. Ал эми чыгармадагы автордун берейин деген негизги ою акыйкаттыктын таш-талкан болушунан улам, аруулуктун символу- Баланын жашоодон кечип, тазалыкты издеп, Ак кемеге балык болуп сүзүп кетиши.

Текстте негизги ойду ачып берүү үчүн бир нече майда темачалар (же микротемалар) болот. Майда темачалар чоң теманын (макротеманын) өзүнчө бир бөлүкчөлөрү, мисалы, чоң теманы дарыяга салыштырсак, майда темалар-ага күйган булактары. Булактар бир дарыяга кошулуп, чоң дарыяны түзгөн сыяктуу, майда темалар да негизги чоң темага биригип, бир бүтүндүктөгү байланыштуу текстти түзөт.

Теманы түшүнүүгө үйрөтүү үчүн көлөмү бир аз чоң, бир топ абзацтардан турган тексттерди окутуп, аларга ат койдуруу; теманын аталышы менен тексттеги негизги жана жардамчы ойлорду таптырып, аларды тизмелетип жаздыруу, абзацтары жок тексттерди окутуп, аларды абзацтарга бөлдүрүү ж.б.

“Абзац” деген сөз немец тилинен алынган, кыргызчага которгондо чегинүү дегенди билдирет, аны **z** (зет) белгиси менен белгилейбиз. Ал оозеки кепте да (абзац сүйлөп жатканда билинбейт), жазуу кебинде да колдонулат. Анткени сүйлөп жаткан адам өзүнүн оюн башкаларга толук жеткирүүдө бир ойдон экинчи жаңы ойго өтүп турат.

Ар бир ой бир нече сүйлөмдөрдөн турат, ошол сүйлөмдөрдү бириктирген бөлүк микротема деп аталат, т.а. тема бир нече микротемадан турса, текст эреже катарында бир нече абзацтан турат. Текст сыяктуу абзацтын да башталышы, өнүгүшү жана бүтүшү болот. Абзац бир сүйлөмдөн, же экиден ашык сүйлөмдөрдөн да турат.

6-класстын окуу китебиндеги аталышы жок төмөнкү текстти абзацтарга бөлүп, макро жана микротемаларга ажыратуунун болжолдуу үлгүсүн сунуштайлы: [3]

Ташрабат тарыхый комплекси - эң уникалдуу эстелик. Ташрабатка окшош архитектуралык курулуш ыкмасы татаал эстелик бүтүндөй Азия аймагында жок. Жалаң жалпак таштардан салынгандыктан, Ташрабат аталып, бүгүн дүйнөлүк туристтердин кызыгуусун арттырган жайга айланган. Анын архитектуралык ыкмасы өтө чеберчилик менен курулган. Ичи кандайдыр бир жол менен желденип, аба кирип турат, ным болуп кетпейт. 21 бөлмөсүнүн төбөсү жарым шарга окшоп ийилип жасалган. Ташрабаттын бөлмөлөрү мурун аябай бийик болуп, каалгасынан атчан киши өтө тургандай болгон. Азыр алардын көбү чөгүп кеткен. Ташрабаттын бөлмөлөрүн санасаң, кээде 30, кээде 31 болуп, эч качан саны бирдей чыкпайт. Учурда Ташрабаттын айланасынан рабатты курууда пайдаланылган таштарга окшош таштарды гана эмес, бир кумалак таш да табууга болбойт. Ал жалпак таштарды ким, кайдан алып келгендиги табышмак бойдон калууда. («АК»)

Окуучуларга төмөнкү суроолорду берип, мээ чабуулун өткөрөбүз:

1.Темасы (аталышы) жок тексттер да кездешеби?

2.Темасы (аталышы) бар тексттерден билесиңерби?

3.Эгерде экөөнү тең кездештирсеңер, анын окшоштугун жана айырмасын айтып бергиле.

Окуучулар микротема, макротема, абзац, бөлүм деген аталыштарда 4 топко бөлүнүшөт. Текст топтун мүчөлөрүнө таратылат. Нускама берилет:

1.Текстти өз алдыңарча купуя окуп чыккыла;

2.Текстин мазмунун жупта талкуулагыла;

3. Топтун аталышы боюнча текстин өзгөчөлүгүн таап, жообуңарды флипчартка жазып, презентациялагыла (15 мүнөт)

Окуучулардын презентацияларынын болжолдуу жооптору:

1-топ-“Макротема коюучулар”- Аталышы жок текстке мындай үч аталышты ыйгарышкан:

1.Ташрабат тарыхый комплекси-эң уникалдуу эстелик;

2.Ташрабат- табышмактуу тарыхый эстелик;

3.Ташрабат

2-топ-“Микротемаларга бөлүүчүлөр” – Текстин мазмунун төрт кичине темаларга бөлүшкөн:

1. Даңазалуу Ташрабаттын таржымалы;

2.Ташрабаттын архитектурасы, курулуш материалдары;

3.Ташрабаттын бөлмөлөрүнүн баш катырмалары;

4.Ташрабаттын туристтерге калтырган таасирлери.

3-топ-“Бөлүмдөрдү табуучулар”- 1.Киришүү бөлүмү- “Ташрабат тарыхый комплекси-эң уникалдуу эстелик. Ташрабатка окшош архитектуралык курулуш ыкмасы ....кызыгуусун арттырган жайга айланган” деген сөзгө чейин; негизги бөлүгү - “...Анын архитектуралык ыкмасы ...эч качан саны бирдей чыкпайт” деген сөзгө чейин; корутунду бөлүгү - “...Учурда бул... ...табышмак бойдон калууда” деген сөзгө чейин ажыратышат.

4-топ- “Абзацка ажыратуучулар”. Алар төмөнкүдөй абзацтарга ажыратышкан:

1) Ташрабат...деген сөздөн башталат; 2) Анын архитектуралык ...; 3) Учурда ....

Демек, Ташрабаттын тарыхын, сырын, мурунку жана учурдагы абалын, саякатчыларга калтырган таасирлерин окурмандарга толук жеткирүү үчүн сүйлөмдөрдө берилген ойлорду төрт топко бөлүштүрдүк, аларга аталыштарды ыйгардык. Натыйжада, микротема коюучулар менен биз ажыраткан абзацтар да, атаган темаларыбыз да бири-бирине дал келди.

Төмөнкү суроолорду окуучуларга беребиз:

1. Текстке аталыш (жалпы жана майда) берүүнүн, абзацтарга ажыратуунун, бөлүктөргө бөлүүнүн максатын байкай алдыңарбы?
2. Текстке жогоркудай талдоону өз алдыңарча жүргүзө аласыңарбы? Эгерде *ооба* десеңер кантип?, *жок* десеңер эмне үчүн?

Окуучулардын жоопторун аргументтер менен айтуусу талап кылынат.

Текстке жогоркудай талдоо жүргүзүлгөндөн кийин бир топ жолу машыгуу көнүгүүлөрү жүргүзүлөт. Үйгө тапшырмалар берилет. Ал үчүн 6-класстын окуу китебиндеги (“Арстанбап жаңгак токою”, “Сулайман тоо” ж.б.) маанилик жана грамматикалык жактан байланыштуу тексттердин кайсынысы болбосун тандап алынып, эгер жалпы темасы бар, абзацтарга бөлүнгөн болсо, алардын жалпы аталышы эмне үчүн дал ушинтип аталганын, абзацтарга микротемаларды койдурууну, бөлүктөргө ажыратууну табыштап, аткартуу жакшы натыйжа берет.

Окуучулардын чыгарманын мазмунун түздөн-түз, логикалык жана баалап түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүдө текстке *план түздүрүү* жумуштарынын да өзгөчө орду бар. Байыркы гректер курулуш үчүн тегиз жерди тандап, тандалган жерди план дешчү экен. Бүгүнкү күндө биз алдыга коюлган максатты ишке ашыруунун багыттарын, жолдорун алдын ала көңүлбүздө, оюбузда, же кагаз бетине жазып, даярдап, анан максатты турмушка ашырууда жетекчиликке алынуучу текстти план деп атайбыз.

Текстке план тексттин мазмунун, түзүлүшүн, андагы негизги жана жардамчы темаларды, айтылуучу ойлорду терең өздөштүргөндөн кийин гана түзүлөт. Пландын жөнөкөй, татаал, цитаталуу жана аралаш деген түрлөрү бар. 6-класста адегенде жөнөкөй, анан татаал план түздүрүлөт. План кыска, так сүйлөмдөрдөн түзүлөт, пландын пункттары суроолуу, жайылма, кээде тексттин өзүндөгү сүйлөмдөрдөн болот. [4]

Текстке план түзүүдө мугалим окуучуга ар дайым жетекчилик кылып, кемчиликтерин оңдоого багыттама берип турат, аны түзүү үчүн алынган тексттердин стили ар түрдүү болушу зарыл. План түздүрүлгөндөн кийин пландын негизинде тексттин мазмунун оозеки жана жазуу формасында айтып, же жазып беришет.

Адабияттар:

1. Култаева Ү.Б., Адамалиева Ч.К. Если хотите говорит по киргизски. –Б., 1997.
2. Култаева Ү.Б. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы. –Б.: 2003
3. Кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча сабактардын фрагментинин модели (5-6-кл). – Бишкек, 2007
4. Рысбаев С.К. Орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуу маселелери. - Бишкек, 2007

Abduvalieva B. Osh SU
Kadirova A. – Jalal Abad SU

Өзбек мектептеринин 6-классында текст менен иштөөнүн жолдору

Annotation: *In this article the method is allowed to get to definitions of this thought and division according to paragraphs and name of micro subjects and drawing up the simple plan.*

Key words*: Text, microtheme, macrotheme, paragraph, plan, composition, context.*

УДК:612 766

М.Абдуллаев, Кыргыз мамлекеттик дене маданияты жана спорт академиясы, улуттук спорттун түрлөрү кафедрасынын доценти

Дене маданияты адистерин даярдоодо ордо оюнунун аталыштарын окутуу көйгөйлөрү

Аннотация: *Макалада ордо оюнунун аталыштарынын которулушу тууралуу сөз болот.*
Ачкыч сөздөр*: жогорку окуу жай, ордо, аталыш, окутуу, улуттук оюн, окуу материалы*
Аннотация: *В статье говорится о переводах терминов игры ордо*
Ключевые слова*: высшее учебное заведение, ордо, термины, обучение, нацинальные игры, учебные материалы*

Көтөрүлгөн көйгөй маселе: Республикабыздагы жогорку окуу жайларда дене маданияты адистерин даярдоодо, ордону окутуудагы ордо оюнунун аталыштары.

Маселенин актуалдуулугу: 2005-жылдан бери Кыргыз Республикасында кыргыздын улуттук оюндарын окутуу колго алынып, Кыргыз мамлекеттик дене маданияты жана спорт академиясында дене маданияты адистерин даярдоодо ордо оюну эки багытта окутулуп келет. Биринчи багытта жалпы курстарга бир модулдук көлөмдө, экинчи багытта ордо оюну боюнча адистештирилген студенттерге жылына 100-110 сааттык же 3 модулдук көлөмдө окутулат. Окуунун жүрүшүндө окуу материалдарын өздөштүрүүдө ордо оюнунун аталыштарын (терминдерин) билүү актуалдуу болуп эсептелет.

Көйгөйдүн максаты: Дене маданияты жана спорт адистерин даярдоодо улуттук ордо оюнун окутуу.

Каралган маселелер: Кыргыздын байыртан бери түптөлүп, Кыргыз мамлекетинин моделин түзгөн, саясий аскерий ордо оюнун окутууда ордо оюнунун аталыштарын окутуу.

Колдонулган илимий усулдар: Кыргыз малекетик дене маданияты жана спорт академиясынын үлгүсүндөгү ордону окутуудагы илимий усулду пайдалануу. Авторлор М.Абдуллаев жана Т. Иманалиевдердин «Ордо оюнунун теориясы жана усулу» аттуу окуу куралы.

Көйгөй маселени чечүүдө, ордо оюнун аталыштарын окутууда мамлекеттик жана расмий тилдерде окутуу жакшы натыйжа берери аныкталган. Бул маселени чечүүдө ордо оюнунун аталыштарын, дене маданияты жана спорт адистерин даярдоодо жана ордону окутууда төмөнкү ордо оюнунун аталыштарын тамгалык тартипте пайдалануу сунуштаар элем.

Ордо оюнунун аталыштары
Термины игры ордо
- А -

Адигине-Тагай «Хан ордосу»- Адигине –Тагай Кокондо хан болуп турганда «хан ордо» оюнун курушкан	«Хан ордо»- один из вариантов игры «Ордо» во времена правления Адигине-Тагай в Коканде организовали игры «хан ордо».
Абал	Положение. (1.Положение альчиков. 2. Положение игрока, выполняющего упражнение. 3.Состояние игрока (ов).
«Абалак»	«Абалак» (Бита для альчиков, толщиной 2-3 см, длиной 6х9 см, сделанного из рога горного архара).
Абалак Ордо	Игра в ордо, с использованием Абалака (бита).
«Айкүр» (алчы)	«Айкур». (Правостороннее положение альчика, стояшего гладкой стороной вниз).
Айла-амал	Тактика.
Айла-амалды окутуу	Обучение тактике-в игре ордо.
«Алп ордо»	«Алп ордо». (Ордо великанов. Игра проходит между двумя командами до полной победы. Легендарные площадки в Алайской и Кочкорской долине по преданию там играли великаны (алпы).
Алымбек датканын томпою	Томпой Алимбек датка. Он сохранен до наших дней. Он последний правитель Кокандского государства.

Аянт	Площадка.
Аңдуу	Наблюдение. Выискивание удобного альчика для битья.
Аракет	Активное действие.
«Арабөк»	«Арабөк». Растояние между томпоем и альчиком, ханом, центром, равное 40 см.и менее.
«Алтын томпой»	«Золотой томпой». Название турнира.
«Ат калчоо»	«Ат калчоо». (1.Жеребьевка. 2. До начала игры капитаны команд берут левосторонний альчик, которой судья подбрасывает вверх, чей альчик встанет «алчы» или «таа» та команда начинает игру первой).
Атайын	1.Специально. 2.Специальное передвижение альчика лежащего на линии. Для тактического соображения.
Атуу	Бить по альчикам.

- Б –

«Бай чертмек»	«Бай чертмек». Бить по альчику, который находится на растоянии более 2 х м.
Байге	Ценные призы или подарки.
«Байлоо»	«Байлоо». (Привязка. В ходе игры, после того как выбит альчик, томпой должен находиться на расстоянии 40 см и ближе к альчику, хану или центру.
«Барымта»	«Барымта». Заложник. Если томпой лежит на одном или двух альчиках, то томпой берется вместе с альчиком и выполняется чертмек. При этом альчик остается в руке.
«Басуу» (чийимди)	«Басуу». Наступать на линию.
Бата	Благословение. Игроки перед началом состязаний просят бата у аксакалов. Бата аксакалов.
Бетме-бет туруп атуу	Лицом к лицу. Стоя на черте круга ордо игроки должны наносить удар по альчику, через центр круга.
Бетме-бет туруп атуу усулу	Метод битьпо альчикам стоя лицом к лицу. Стоя на черте круга ордо, игроки должны наносить удар по альчику, через центр круга.
«Беш чүкө»	«Беш чүкө». Пять альчиков на каждого игрока.
Беттешүү протоколу	Протокол встречи.
«Быдымык»	«Быдымык». Центр ордо-абсолютный центр, куда забивается гвоздь.
«Бөк»	«Бөк». Горизонтальное положение альчика, ямочкой вниз.
«Бөөдөй»	«Бөөдөй». Амплуа игрока, мастера высокого класса. Он всегда играет самым последним и выбивает все оставшиеся альчики.
«Бута»	«Бута». Мишень для правильного выбивания альчиков методом щелчка и дальнего удара. Мишень используется для отработки меткости игроков.
Буттун уч жагында басу	Наступление на линию передней части стопы.
Борбордон бир жакка сүрө атуу айла-амалы	Тактика бить в одну сторону, от центра.

- Д –

Даярдоо	Подготовка.
Дой (таза жеңиш)	Чистая победа.
Дой берүү упайы	Очки, присуждаемые на чистую победу.

- Ж –

«Жандырмак»	«Жандырмак». (Отыгрывание. Команда, выбившая все альчики и хана, обратно расовляет их в центре ордо и дает возможность второй команде отыграться. Если команда в этой

	серии выбьет все альчики с ханом, то она считается отыгравщейся.
Жасалма томпой	Искусственный томпой, которой изготавливается из свинца, используется только для тренировки.
«Жатты»	«Жатты». Игроки, закончившие свои попытки.
Жаат	Команда.
Жааттын курамы	Состав команды.
Жайып атуу айла-амалы	Тактика бить по альчикам в разброс.
Жеңь (салмактуу)	Рукав. (Он состоит из двух слоев, между которыми ставятся утяжелители из свинца. Специальное приспособление для отработки техники удара).
Жип	Шпагат.
«Жүргүзүп чертүү»	«Жүргүзүп чертүү». Выбивание альчиков шелчком, выпустив томпой скольжением в перед.
«Жыды»	«Жыды». Потеря удара.
«Жыдымык»	«Жыдымык». Место ордо, где часто нарушается правила.

-К-

«Кадоо»	«Кадоо». Выбивание альчика, находящегося на линии или возле линии.
«Какмай»	«Какмай». Если при делении выигранных альчиков на каждого игрока у двух игроков оказывается по 2 или по 4 альчика,то дается одна попытка противнику.
«Казык бут»	«Казык бут». Передняя нога выполняюшего прием чертүү.
«Калыс»	Судья.
Катчы	Секретарь судьи.
«Кан таламай»	«Кан таламай». Если во время игры один из игроков, не говоря «хан паны», бьет и случайно выбивает хана, тогда игроки обеих команд расхватывают и разбирают все альчики. (старинныые правила).
«Кичи ордо»	Мини ордо.
Кармоо (томпойду)	Держание томпоя.
«Кармап чертүү»	Техника Т.Кудайбердиева. После третьего щелчка томпой привязывают к альчику, хану или центру. Для соблюдения правила.
«Колдон чыгарып чертүү»	«Колдон чыгарып чертүү». Выбивание альчика шелчком, выпуская томпой из рук.
«Колду боорго алып атуу, тооруу»	«Колду боорго алып атуу, тооруу». Выбивание альчиков, положа свободную руку на уровне печени.
Кыңкай (чүкөнүн абалы)	Положение альчика стоящего наискосок.
«Кыңкай атуу»	«Кыңкай атуу». Бить в альчика по кривой к ближней стороне.
Кырк чоро ордосу	Игра сорока воинами Манаса.

- М –

Мээлөө	Прицеливание.
Манас Ордо	Манас ордо.
Машыгуу	Тренировка
Машыгуу түзүмү	Система тренировки
Мыкчыгер	Мастер высокого класса.
Мелдеш	Соревнование.
Мелдешти өтүү түзүмү	Система проведения соревнований.

- О –

«Оңко»	«Оңко». Вертикальное положение альчика рожками вверх.
«Ордо»	«Ордо». Название игры. Национальная игра Кыргызов.

Ордонун илимий негиздери	Научные основы ордо.
Окутуу	Обучение.
Окутуу түзүмү	Система обучения.
Ордо аянты	Площадка для игры ордо. Круг диаметром 12 м и радиусом 6 м.
«Ордо кулак»	«Ордо кулак». На площадке по правилам находятся три или пять алчиков.
Ордо казык	Забитые колышки в центр круга. (Абсолютный центр).
Ордо менен машыгуу	Тренироваться в «Ордо».
Ордону окутуу усулдары	Методы обучения «Ордо».
Ордону машыктыруу усулдары	Методы тренировки «Ордо».
Ордо федерациясы	Федерация «Ордо»
Ордонун философиясы.	Философия «ордо»
«Ордуна басып чертүү»	«Ордуна басып чертүү». Выбивание альчика шелчком, оставив томпой на месте.
Ортого түшүп отуруп чертүү	Выбивание альчиков, сидя в центре.
Ортого түшүү	Попасть в центр,
Оюн	Игра.
Оюн түзүмү	Система игр.
Оң чүкө	Правосторонние альчики с гладкой стороной к большому пальцу.
Ордо оюнунун ыкмалары	Техники игры «Ордо».
Ордонун ыкмалык түрмөктөрү	Технические классификации игры «Ордо»

-Ү-

«Үзөңгүлөй басуу»	«Үзөңгүлөй басуу». Наступление на линии средней части ступня.
Үйрөтүү	Разучивание.

-Ө-

Өркүндөтүү	Совершенствование.
Өркүндөтүлгөн ыкма	Совершенная техника.
Өркүндөтүлгөн айла-амал	Совершенная тактика.
Өркүндөтүлгөн ык	Совершенный прием.

- С –

«Салып берүү»	«Салып берүү». Команда, выбившая все альчики, вместе с ханом, обратно кладет все альчики и хана в центр ордо и дает возможность второй команде отыграться.
«Сака»	Название альчика горного козла.
Сол чүкө	Левосторонний альчик с гладкой стороной к указательному пальцу.
«Сыңар тизелөө»	«Сыңар тизелөө». Сесть на колени задней ноги.
«Сыйра»	«Сыйра». Выполнен удар с одной попытки.

- Т –

«Таа»	«Таа». Положение альчика, стояшего гладкой стороной вверх.
«Такымдап кадоо»	«Такымдап кадоо». Выбивание альчика, лежашего на линии, из-под ноги.
«Тапан»	Ступня. Измерение ступнями площадки ордо.
«Такалай басуу»	Наступление на линии пяткой.
Тажрыйба сабагы	Практическое занятие.
Теория	Назарият.
Теориялык сабак	Теоретическое занятие.

Тизе каптагыч	Наколенник.
Тең чыгуу упайы	Равные очки.
Түзүм	Система.
«Томпой» (доолай)-ири мүйздүү малдын бутунан чыккан ашык-машык сөөгү.	«Томпой». Кость из сустава крупного рогатого скота.
«Тоңко»	«Тоңко». Вертикальное положение альчика, рожками вниз.
«Тооруу»	«Тооруу». Вид техники ордо. Выбивание альчика, лежашеге близко к черте.
«Топ бузуу»	Удар по куче альчиков.
Томпойду тик кармоо	Держание томпоя вертикально.
Томпойду жалпак кармоо	Держание томпоя горизантально.
Томпойду тик, баш бармак, сөөмөй менен манжаларды ачып кармоо	Держание томпоя болшоим и указательным пальцами вертикально, открыв все пальцы.
Томпойду баш бармак, сөөмөй менен жалпак, манжаларды жабып кармоо.	Держание томпоя болшим и указательным пальцами горизантально, закрыв всеми пальцами.
Томпойду тик, манжаларды ачып кармоо.	Держание томпоя вертикально открыв все пальцы.
Томпойду жалпак, манжаларды ачып кармоо.	Держание томпоя горизонтально открыв все пальцы.
Томпойдун учуу жолу (троекториясы)	Траектория полёт томпоя (полета).
Түрмөктүк	Классификация

- У –

Утту	Выиграл. Победил
Упай	Очки
Утулуу упайы	Проигрышные очки.
Утуп алды	Выиграл.
«Ура атуу»	«Ура атуу». 1.Дальний удар томпоем.2. Вид техники удара.
Удаа-удаа атуу	Бить подряд все попытки.
Усулдук сабак	Методическое занятие.

- Х –

«Хан»- ордонун жетекчиси.	«Хан» - Руководитель ордо. Условный предмет, который находится в центре. Это главная фигура в игре ордо. Без «хана» в ордо не играют. Его изготавливают из кости или однокопеечной монеты.
«Хан чертүү»	«Хан чертүү». Выбивание «хана» щелчком.
«Хан ордо»	«Хан ордо».

- Ч –

«Чалбай тооруу»	«Чалбай тооруу». Выбивание альчика, находяшего близко к линии круга, без подсечки ног.
«Чалып тооруу»	Выбивание альчика, находяшихся близко к линии круга с подсечкой ног.
Чамалоо (божомолдоо)	Ориентирование.
Чачуу (ура атып)	Разбрасывание альчиков, находящихся в центре ударом.
Чен (Калыс чен)	Измеритель, используемый судьей на площадке. Длина 40 см. толщина 10 мм. полоски красный и желтый света по 20 см..
Чендин сарысын өйдө жактан тике көрсөтүү – эскертүү;	Показать чен желтой стороной вверх – предупреждение.
Чендин кызылын өйдө жактан көрсөтүү – үч атуудан	Показать чен красной стороной вверх – игрок лишается трех попыток.

ажырайт;	
Чендин кызылын капталдан түз көрсөтүү – ордо бир оодарганга чейин ойноодон ажыроо.	Показать чен красной стороной горизонтально в сторону – удаление на один круг.
Чендин эки түсүн бирдей көрсөтүү-беттешүүдөн ажыроо.	Показать чен, красной и желтой стороной одновременно и горизонтально удаление от встреч или исключение из игры.
«Чертүү»	«Чертүү». Выбивание альчиков щелчком.
«Чик»	«Чик». Горизонтальное положение альчиков с ямочкой вверх.
«Чокон»	«Чокон». Постороннему уважаемому человеку предоставляется права выполнить один удар. (по древним правилам).
Чоң ордо	Большой ордо.
«Чокондошту»	«Чокондошту». Игроки выполнившие по две попытки.
«Чокончу»	«Чокончу». Игрок, не входящий в состав команды.
Чүкө (ашык)	Альчик. Косточки из сустава барана.
Чүкөнүн чийимдеги абалы	Положение альчика на линии.
Чыгаруу	Выбивание альчиков из круга.
Чыйбыл	Название маленького альчика.
Чүкөлөрдү чыңдоо (аныктоо)	Деление альчиков, при котором должно быть 3-5 альчиков на одного игрока.
Чыр	Спор.
«Чурмуй ордо»	«Чурмуй ордо». Играет каждый сам за себя.

-Ы-

Ыкма	Техника

-Э-

Эңке	Название альчика горного архара

Жыйынтыктап айтканда, муундарга көп тилдүү билим берүү учурдун талабы болуп саналат. Ошондой эле, ааламдашуу алкагында билим берүүдө өзүбүздүн нукура сөздөрдү башка тилде түшүнүктүү түшүндүрө алсак, анда биз элибиздин маданиятын ар тараптуу жайылтууга көмөк көрсөткөн болобуз.

Колдонулган адабияттар:

1. Абдуллаев М. Т., Иманалиев Т.Т. Ордо оюну. Теориясы жана усулу. Бишкек. КББнын “Билим” басма борбору, 2014 -ж. 144 -б.
2. Абдуллаев М. Т., Кийизбаев М.С., Акматов.Ч. “Улуттук оюндар”:окуу куралы-Бишкек:.”Махсприм” 2012. 361- б.
3. Абдуллаев М.Т. Ордо: методикалык колдонмо.- Ош: МП “Шамдагай”, 1992. 102-б.
4. Анаркулов Х.Ф. Кыргыз эл оюндары: методикалык китеп. Бишкек:. 1992.190-б.
5. Ким В.Л., Мамбеталиев К.У. Учебник. Национальная физическая культура и спорта теоретические методические аспекти: Бишкек.: 2008.

Кошумча адабияттар

1. Арстанбек Касен. Кыргызские игры и развлечение: Бишкек: 2008.250 с.
2. Абдуллаев, М. Т., Саралаев. М. К. Улуттук дене тарбия:Ърнөктүү мерчемдер (программалар), методикалык китеп. Бишкек.: 2007. 59-б.

Kyrgyz National Physical
Culture and Sport Department
Docent M. Abdullaiev

The place of preparing physical education experts in Kyrgyz national game “Ordo”

***Annotation**: This article Kyrgyz national games.*

***Key words**: higher education, ordo, called, teaching, national game, learning materials*

УДК: 372. 3

Абдыбекова Н. А., Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасынын англис тили боюнча окутуучу, магистратура жана аспирантура бөлүмүнүн башчысы

The formation speech activity and teaching students to communicative competence through system of exercises

Аннотация: *Бул макалада англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттерди кеп ишмердүүлүгүн көнүгүүлөр системасын аркылуу калыптандыруу жана коммуникативдик компетенттүүлүккө үйрөтүү баяндалат. Көнүгүүлөр системасы сүйлөө, угуу, жазуу жана окууга негизделген. Көнүгүүлөр коммуникативдүү методологиянын негизинде иштелип чыккан. Спорттук адистиктеги студенттердин сүйлөө кебин калыптандыруу максатында текст менен иштөө, портфолио, оозеки жана жазуу тапшырмалары берилген. Макалада кеп ишмердүүлүгү, кептик компетенттүүлүк, кеп маданияты каралган*

Түйүндүү сөздөр: *кеп ишмердүүлүк, кептик компетенттүүлүк, кеп маданияты, кептин коммуникативдик касиеттери, тапшырма*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются вопросы формирования навыков речевой деятельности студентов по направлению "Физическая культура» и обучение коммуникативным компетенциям через систему упражнений на занятиях английского языка. Система упражнения основано на говорение, аудирования, письмо и чтение. Система упражнений разработана на основе коммуникативной методологии. Работа с текстом, портфолио, устные и письменные задания даны для формирования навыков речевой деятельности студентов. В статье рассматриваются речевая деятельность, речевая компетентность и культура речи.*

Ключевые слова: *речевая деятельность, речевая компетентность, культура речи, коммуникативные свойства речи: точность, задания.*

Communication is a cybernetic process. Communicative competence is complex individuals with personal, social, psychological and cultural characteristics. Communicative Competence refers to the speaker-hearer's implicit knowledge of the subject matter.

In the classroom situation CC works as a doubled-pronged arrow



Communicative competence influence some factors, there are: Interpersonal factors, including social roles and social distance; task-related factors, including interactivity and interpersonally; processes, including types of behavior, communication patterns; procedural and content topics and situations.

We must organized necessary conditions for students' communication:

1. The creative beginning.
2. A friendly atmosphere at the English lesson;
3. A correct choice of exercises and tasks;
4. A teacherYpartner as an interlocutor;

Theory and methods of foreign language teaching is a pedagogical science which studies the regularities of teaching students and peculiarities of aims and conditions of teaching. There are four skills in Lingo didactic teaching and method communicative language teaching: speaking, listening, writing, and reading.

Speaking is an expression of one's thoughts aimed at solving communication tasks.

Listening is a type of speech activity plays the main role in achievement of the practical, developing, educational purposes and serves as an effective remedy of training in a foreign language. Recently, many students practice sport, and also they are engaged in learning of foreign languages. Our

students participate in the Asian and Europian sports competitions, the Olympic Games and different International events.

Writing is a communicative writing practice deals with conveying of information content.

Reading is an activity involving constant guesses that are later rejected or confirmed. This means that one does not read all the sentences in the same way, but one relies on a number of words (e.g. an example, an explanation) is likely to follow. The aim of this exercise is to help the students acquire this crucial ability. [2, p. 56].

The functions of reading:

- To obtain factual information;
- Intellectual function – to read so as more effectively manipulate ideas, with the aim of influencing the behavior of others, making proposals;
- Emotional gratification or spiritual enlightenment for pleasure and self-improvement.

Communication in general is aimed at solving tasks connected with human relations, at changing them: speaking, gestures, movements, social contacts, expression

- Motivation which is based on a speaker's need of communication; it is always motivated;
- Active character, i.e. Sp. reveals the speaker's attitude to reality;
- Purposefulness, i.e. each utterance has its own communicative task (to persuade, to convince, to talk to, to ask…);
- Connection with a man's activity, i.e. upon the situation;
- Connection with the communicative function of thinking;
- Connection with the speaker's personality (each of us is an individual, characterized by a unique combination of abilities, peculiarities, character, and it can't but reveal itself in speech);
- Situational character, i.e. coordination of speech units with the basic components of the process of communication (time, place, interlocutor, relationships);

Any activity, has three-part structure. listening too consists of three-parts:

1. Motivation
2. The analysis – synthesis
3. Executive part

Motivation – motivation often is defined by requirement listening, but is mediated by activity of the speaking other participant of oral communication. The analitiko-synthetic part is fuller. At audition. All three parts are interconnected. There must be variety in the range of exercises. This is an important factor in motivation and it is necessary if difference skills are to be covered. [2,10].

ENGLISH	COMMUNICATIVE METHODOLOGY STUDENTS TRAINING COURSE PORTFOLIO		
NAME:			
INSTITUTION:			
CONTACT TELEPHONE NUMBER(S):			
It's responsibility of the course participant to ensure that this is complete and up-to-date. examination cannot be graded to a student who does not submit all elements of the portfolio for assesment by the end of the semester.			
THE COMPLETED PORTFOLIO SHOULD INCLUDE: ✓ JOURNALISM COPY BOOK ✓ INDIVIDUALS WORKS OF STUDENTS ✓ MODULE #1,2,3,4 ✓ PRESENTATION ✓ SYSTEM OF EXERCISES ✓ TASKS: LISTENING, READING, SPEAKING AND WRITING			
To be signed at the end of the semester: I have included all of the items as required above. i confim that all submitted work is my Own original materialunless clearly attributed. Date: Signature:			
Speaking	listening	Writing	Reading

1. ***Tell friends about the beauty of the Issyk –Kul***
2. Pay attention to the Cluster. Which words are connected with education?



3. ***Rewrite the story about 4 friends: 4 different stories.***
4. Find the verbs at the sentence and underline them.
Her name is Diana. He is a boy of 18. He is a student and does not live with his parents. Sam is going to be an engineer. Her hobbies are dancing and reading adventure stories. She is a school girl. His name is Adilet. He likes boxing and computer games. His favourite subjects at university are English and literature. Nariman speaks French. He is from France. Nariman speaks French very well as his mother is French. He is the best student in his group. Nariman is going a doctor like his grandmother. Diana likes to go to swimming pool. His hobby is wrestling. She is kind and clever girl. Diana lives in Washington, DC, USA. Adilet lives with his parents in London, the UK but he is from Kyrgyzstan. He is tall and strong sportsman. Sam always helps his friends.
5. Write the negative form of simple past tense.
6. Write the sentence in present simple.
1. She played football yesterday. She **didn't** play football yesterday. 2. Alina worked in the office yesterday morning. 3. In the afternoon children stayed at the kinder garden. 4. It rained last Sunday. 5. I asked him to ring me up. 6. He stopped his BMW and shocked. 7. He wanted to take his umbrella. 8. The students at the blackboard pointed to New York on the map. 9. Students prepared for credit tests. 10. We trained 3 times a week.11. They finished their English lesson at 2 o'clock.
7. Write the letter to your friend and retell about Issyk-Kul, using the following phrases:
- With best regards …
- Dear …
- Pearl of Central Asia …
- Never freezes …

8. ***Write the lines of sport journalism*** *(Bio poem journal assignment)*
Line 1 First name only
Line 2 Four adjectives that describe yourself
Line 3 Brother and sister or son and daughter
Line 4 Lover of … (3 people, places, and things)
Line 5 Who feels … (3 things)
Line 6 Who needs … (3 things)
Line 7 Who gives … (3 things)
Line 8 I'm afraid of … (3 things)
Line 9 Who would like to … (3 things)
Line 10 I'm from …
Example of a Bio poem using the above instruction
Nazima
Kind, funny, hard-working, loving
Sister of Nariman
Lover of computers, friends, the Ch. Aitmatov's book
I feel love, happy
Who needs people, books, computers
Who gives help to students, letter to friend and smiles to her husband
I'm afraid of dogs, cats and wild animals
I'd like to visit the pyramids in Egypt…
I'm from Bishkek
9. ***Continue the sentence, using the text***
1. Kyrgyzstan is …

2. The largest rivers are …
3. Other ethnic groups include …
4. There are about 5 million people …
5. This text is about …

10. ***Open the brackets, using*** *did, do, does*

1. (did, do, does) … John stay at home yesterday?
2. (were, was) ... Y theyY hungry?
3. (does, did, do) … Y we come to the Academy?
4. (were, was) … Y you at the bus station at 2 a.m. yesterday? .
5. (was, were) … Y HeY late?
6. (did, does, do)Y Sportsmen take part in competitions? … .

It is important to remember that many texts are meant to be read and enjoyed? That too many exercises might spoil the pleasure of reading. A balance should be struck between leaving the students without any help on the one hand and on other hand "squeezing the text dry". [2, p.56].

TOURISM IN KYRGYZSTAN

11. Retell the text.

The Kyrgyz sportsmen have won quite a number of gold medals at Olympic Games and international contests. Champions have set records in modern pentathlon, shooting and free style wrestling. Modern sport facilities are available in the country for people who want to train to set world records or just be in good physical shape.

There is an excellent sport palace with a complex of different facilities. It offers courses in bodybuilding and it is equipped with tennis courts, open and indoor swimming pools, gymnasiums and halls for boxing.

Mountaineering is very popular in Kyrgyzstan. People from different parts of the world come here to climb our gorgeous mountain peaks. Pobeda and Khan-Tengry peaks are very popular among climbers. There are a lot of skiing camps in the mountains and on week-ends a lot of people go there to ski, simply play snowballs.

Issyk-Kul Lake can offer such kinds of sport as swimming, rowing, fishing, windsurfing and diving. Hunting is also popular in Kyrgyzstan. There are about 80 species of mammals in Kyrgyzstan. [1, p. 39].

12. Answer the questions

1. What kind of national sports is popular in Kyrgyzstan?
2. Why are these sports popular in Kyrgyzstan?
3. Do Kyrgyz people take part in the Olympic?
4. Are there many sport fans in Kyrgyzstan?
5. Who are champion sportsmen and women in Kyrgyzstan?

13. Fill the table

I know	I don't know	I want to know

14. ***Writing a short message.*** *1. Have students tell a partner about a place they have visited or a place they dream of visiting. 2. Tell students to answer guided questions about their trips. The trip can be real or imaginary. Here are simple guided questions:*

- Where did you go?
- What did you visit?
- What did you do?
- What did you like best?

Note that these questions are in the past tense because in this activity, students are going to write about a trip that has already taken place. [3, p.10].

The results of the formation speech activity and teaching students a communicative competence through system of exercises

№	*competence*	*Module*			
		1	*2*	*3*	*4*
1.	Speaking	+	+	+	+
2.	listening	+	+	+	+
3.	Writing	+	+	+	+
4.	Reading	+	+	+	+

These systems of exercises I have described reflect my own teaching style. Perhaps some teachers won't want to change some tasks. Teachers have to adapt. But the point is that there are exercises to make our jobs and our classes more efficient. Our students in the field of physical culture and sport will be grateful for that, and at the same time, we will make our teaching lives a little more fun, a little easier.

Адабияттар (References)

1. Абдыбекова Н.А. Учебное пособие по развитию английской речи студентов обучающихся по направлению «Физическая культура», ISBN978-9967-31-296-8.152 paperback. Б.- 2015.
2. Frangoise Grellet. Developing reading skills. A practical guide to reading comprehension exercises. Cambridge University press.p252.
3. Max Kollet., Tom Glass. FORUM English teaching. Volume 48? Number 4 2010. P43.
4. Михайличенко О.В. Методика преподавания общественных дисциплин в высшей школе: учебное пособие. – Сумы: СумДПУ, 2009. – 122 с.
5. Педагогика: Учеб. пособие для студентов пед. ин-тов. Под ред. Ю.К.Бабанского. — 2-е изд., доп. и перераб. — М.: Просвещение, 1988. — С.385-409.

Abdikebekova N. A., Kyrgyz National Physical Culture and Sport Academy's Language Department, English language teacher Head of Masters and Aspirant sections

The formation speech activity and teaching students to communicative competence through system of exercises

Annotation: *This article discusses the formation speech activity students in the field of physical culture at the English lesson and teaching a communicative competence through system of exercises. System of exercises was based on speaking, listening, writing, and reading. Systems of exercises were done by using communicative methodology. Working with the text, portfolio, oral and written exercises are forming the speech activity. The article explains about the speech activity, speech competence and speech culture.*

Key words: *speech activity, speech competence, speech culture, speech communicative facilities, tasks.*

УДК: 41.373.83

Абдыбекова Н. А., Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын магистратура жана аспирантура бөлүмүнүн башчысы

Көп тилдүү билим берүүнү өнүктүрүү сүйлөө кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери

Аннотация: *Бул макалада лингводидактиканын негиздери каралган. Автор англис тили сабагында "дене тарбия" багытындагы студенттерди фонетика, лексика, грамматиканы окутууну жана кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун айрым маселелерин баяндайт.*

Ачкыч сөздөр: *кептик компетенттүүлүк, тил, кеп, кеп ишмердүүлүгү, эксперимент.*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются основы лингводидактики. А также автор всесторонне рассматривает некоторые вопросы формирования навыков речевой деятельности и обучения грамматике, фонетике, лексике студентов по направлению "Физическая культура» на занятиях английского языка.*

Ключевые слова: *речевая компетентность, язык и речь, речевая деятельность, эксперимент.*

Көп тилдүү билим берүүдө студенттердин кептик ой жүгүртүүчүлүк- коммуникативдик ишмердүүлүгүн өркүндөтүү, алардын кеп маданиятын жана сөз байлыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү орчундуу маселелердин бири.

Акыркы жылдары **лингводидактика** багытында илимий-изилдөө иштери жүргүзүлүп, сүйлөө кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздеринин табиятын аныктоого, иликтөөгө карата монографиялык эмгектер жазылып, диссертациялык иштер корголуп жатат. Англис тилин окутуунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгууда чет тилдерди окутуунун методдорун илимий жактан ар тараптуу изилдешкен жана чет тилдерин экинчи тил катары окутуунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыккан окумуштуу-методисттер: А.С. Выготский,
Е.И. Пассов, В.Гумбольдт., Г.В. Рогова, Г.В. Костомаров, И.В. Рахманов жана ошондой эле тилдерди окутуунун педагогикалык-психологиялык негиздерин изилдешкен психолог-окумуштуулар: Л.Н. Леонтьев, В.А. Артемов, Б.В. Беляев, И.А. Зимняя, В.А.Немов, кыргыз мектептеринде эне тилин окутууда окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу иштерин жүргүзүү боюнча Б.Р.Рысбекова, К.Сартбаев, Ж.А.Чыманов, В.И. Мусаевалардын эмгектери илимий чөйрөдө белгилүү. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун илимий-методикалык проблемалары боюнча изилдеген К.А.Биялиевдин, К.Дербишеванын, К.Д.Добаевдин, С.К.Рыспаевдин эмгектери изилдөөбүзгө таяныч болду. Ошондой эле окутуунун кырдаалдуулугуна өзгөчө басым коюу менен гана анын практикалык баалуулугун, анын ичинде маек кебин (диалогдук кепти) өстүрүүнү натыйжалуу арттырууга болоорун аты аталган окумуштуулар баса белгилешкен. Окумуштуу К.А.Биялиев «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары коммуникативдик багытта окутуу методикасынын негиздери» аттуу 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациясын 2010-жылы коргогон. Бул диссертациясын кеп жана тилдин байланышы кенен берилген. К.А.Биялиевдин доктордук диссертациясында табигый тил эки түрдө берилет: 1) виртуалдуу белгилер жана алардын айкалышуу моделдери системасы катары; 2) актуалдуу кеп, аталган системанын реализациясы, турмушка ашырылышы катары берилет [1,б.34].

2006-жылы педагогика илимдеринин кандидаты Масалкова Эльвира Владимировна «Лингводидактические особенности обучения иностранному языку студентов факультетов физического воспитания» 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (англис тили) адистиги боюнча диссертациялык ишин коргогон. Лингводидактика жана чет тилин окутуунун методикасына чоң салым кошкон окумуштуулардын эмгектерине токтолгон, алар: Б.Г.Ананьев, Н.И.Жинкин, И.А.Зимняя, А.Н.Леонтьев, А.А.Леонтьев, С.Л.Рубинштейн, Ю.А.Самарин, Л.В.Щерба, Т.Н.Астафурова, Н.В.Барышников, И.Л.Бим, Н.Д.Гальскова, Н.И.Гез, П.Б.Гурвич, Н.В.Кузьмина, В.П.Кузовлев, А.А.Миролюбов, Е.И.Пассов, В.Л.Скалкин, С.Ф.Шатилов, Hymes, Norris, Schiffrin, Parret. Эльвира Владимировна ролеванттык илимий методго таянып, спортсмен-студенттердин башка профилдеги студенттерден эмоциялык күтүлгүс кырдаалдык сүйлөшүү менен айырмаланарын айткан. Англис тилине окутуунун мазмуну спорттук багыттагы тематикада болгон. Эксперименттик текшерүүдөн өткөн «Английский для спортсменов» аттуу окуу куралы студенттердин сүйлөө кебин өстүрүүдө эффективдүү болгонун билдирет.

Лингводидактикада тил жана кеп - бир обьектинин эки абалы катары да каралат: тил-статика, кеп-динамика. «...Окуя, кыймыл-аракет болуп, кеп убакыт менен мейкиндикке жайылат, таралат, демек, ал динамикалуу; тил статистикалык кубулуш катары аталган параметрлерден сырткары берилет»**.**

Кеп экстралингивистикалык чындык менен түздөн-түз байланышып, дүйнөнү толук, адекваттуу, оперативдүү, бардык байланыштарында деталдаштырып көрсөтөт, тил болсо мындай касиетке ээ эмес.

Тил – бул коммуникация, пикир алышуу максатында кызмат өтөгөн, адамдын дүйнө тууралуу бардык билимдери менен элестерин камтыган, стихиялык түрдө адам коомунда пайда болгон жана өнүгүп жаткан дискреттүү тыбыш белгилер системасы болсо, кеп – тыбыш жана жазуу формасындагы конкреттүү сүйлөө. Кеп деп сүйлөө процессин гана эмес, ошол процесстин натыйжасын да б.а., **кеп ишмердиги** да, эс жана кат аркылуу фиксацияланган, катталган кеп чыгырмаларын да түшүнөбүз**.**

Ишмердиктин өзүнүн максаты, бирдиктүү мотивациясы болот… Ал субьект тарабынан бирдиктүү акт катары аңдалат. Ишмердик бири-биринен ажырап турган кыймылдардан түзүлөт. Алардын ар биринин жалпы ишмердиктин максаты ылайыкталган, аткарыла турган иретине карата аныкталган максаттары болот» [4, с.59]. Жогоруда белгилүү окумуштуу Леонтьев А.А. айткадай **кеп ишмердиги** ойлонууну талап кылган психологиялык татаал процесс жана аткарыла турган иретине карата аныкталган максаттары болот. Кеп куруунун түрткүсү, себеби болгон мотивация чоң ролду ойнойт.

Кеп ишмердиги теориясында айтымдын жаралышы төрт тепкичке бөлүнөт:

1. Мотивация
2. Кеп интонациясынын (кеп оюнунун) калыптанышы,
3. Ички программалоо (ички кеп же ичинен айтылган кеп),
4. Программанын реализациясы же турмушка ашырылышы (тышкы кеп же сүйлөп айтылган кеп) [13, с. 192].

«Биз бир нерсени жөн эле айтыш үчүн сүйлөйбүз. Биз бир нерсе жөнүндө кабарлоо же кимдир бирөөгө таасир берүү үчүн, кимдир бирөөнүн көңүлүн бир нерсеге бурдуруш үчүн жана башка себептер менен сүйлөйбүз. Башкача айтканда, кептин мотиви накта кеп ишмердиги чөйрөсүндө эмес, андан жогору турган-коммуникативдик чөйрөдө жатат» [7, с.59].

«Индивиддин мээсиндеги тил белгиси - бул анын реалдуу угулушунун чагылдырылышы (нерв коду) жана эсте бек сакталып калышы ... Тил белгисинин белгилегени-бул нерв коду түрүндө реалдуу дүйнөнүнүн түрдүү нерселеринин, буюмдарынын обьективдүү касиеттериннин чагылдырылышы», деп белгилеген [9, с.58-59].

«Тилди колдоно билбей, кеп түзүү мүмкүн эмес. Анткени кеп - бул тилдин колдонулушу, т.а., кыймылдагы тил. Тил колдонулбаган учурда (убактылуу) учурда деле жашай берет. Тилди колдоно билүү ошол тилде сүйлөгөн бардык адамдарга таандык, бирок тил жөнүндөгү билимге ээ болуу лингвист-тилчилерге гана таандык» [1, б.36].

«Тил кандайча бар болуп, жашап, кызмат өтөйт?», « Ал кайда орун алган?», «Анын материалдык базасын, субстратын эмне түзөт?» деген суроолорго төмөнкүдөй эки түрдүү жоопту учуратабыз: 1) Тил кепте жашап, андан орун алган.

2) Тил мээде орун алган. «Кепте орун алган» деп эсептелсе, анда ал өзүндө орун алып өзүндө сакталат дегенге барабар болот.

Тил жогоруда белгиленгендей, кайсы бир тилде сүйлөгөн индивиддеринин мээсинде сакталат. Тил ойлонгон гана индивидге таандык жана ансыз жашай албайт. Тил – бул уникалдуу кубулуш экендигин жана ал аны адамдар билгендиги үчүн жашап, кызмат өтөрүн А.И. Смирницкий белгилеп көрсөткөн**.** [12, с.260].

Атактуу лингвист Ф. Де Соссюр тил аны сүйлөй билгендердин мээсинде орун алган деген тыянакка келген жана мындай көз карашты изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү колдошот.

Жалпылап айтканда, тил, биринчиден, белги системаларынын классы; экинчиден, конкреттүү этностук тил – белгилүү бир социумда, коомдо, белгилүү бир убакта, белгилүү бир мейкиндикте колдонулган реалдуу белгилер системасы. Кеп – убакыттын агымы менен өткөн оозеки жана жазуу түрүндөгү конкреттүү сүйлөө. **Кеп – бул сүйлөө процесси (кеп ишмердиги)** менен бирге бул процесстин натыйжасы: эсте жана жазуу түрүндө кагаз бетинде сакталган кептик чыгармалар [6 с.414, 604].

Демек, тил жөнүндө мыкты билим алуу эркин, жогорку деңгээлде сүйлөөгө алып келбейт. Чет тилинде анын ичинен англис тилинде сүйлөй билүү ал тилдин бирдиктерин жакшы өздөштүрүү менен бирге кепти жатыктыруу керек экенин окумуштуулардын көбү сунушташат. Ар бир сабак учурунда көнүгүүлөр системасы менен бирдикте автоматташтырылган көнүмдөрдүн болушу зарыл.

Тил жана кеп толугу менен бири-бирине окшобогон кубулуштар катары экөө тең адам ишинин бир тармагына, кеп ишмердигине катышып, коомдо бир нече функция аткарат.

Тил жана кеп маселеси тил илиминдеги эң эле маанилүү маселелердин катарына кирери анык. М. Н. Кожинанын айтымына караганда, тил жана кеп маселеси – бул тилди чындыктын кубулушу да, лингвистикалык илимдин предмети катары да түшүнүү жана түшүндүрүп берүү маселеси болуп эсептелет [8, с.23].

Л. В. Щерба тилде тилдик кубулуштардын үч аспектисин болуп көрсөтөт: кеп ишмердигин (« кеп – процесс » катары), тил системасын («жалпы тил» катары) жана тил материалын («кеп – процесстин натыйжасы» катары). А.А. Леонтьев Щербанын триадасы

маселенин азыркы аңдалышын түзө алат деп эсептейт [3, с. 214]. Методикалык адабияттын дээрлик баарында тил менен кептин эң негизги функциялары катары төмөнкүлөр каралат: тил – бул пикирлешүү, маектешүүнүн өтө маанилүү каражаты, кеп – бул пикир алышуу, маектешүүнүн жүзөгө ашырылышы [1,б. 44].

Кептин дагы бир маанилүү кызматы – анын ой куруу, жаратуу куралы экендиги. Тил менен ой жаратуунун, куруунун ортосундагы байланыш, чындыгында, кеп менен ойдун ортосунда болуп өтөт жана бул маселе алиге чейин терең изилдене элек. Албетте, сөздөрдү катыштырбай, ой жүгүртүү мүмкүн эмес. Бирок ошол эле учурда адамдын аң сезиминде чагылгандай тез жаралып, өтүп кетүүчү ой дайыма эле толугуу менен сүйлөм же фраза кылыбында боло бербейт. Буга байланыштуу ички кептеги сөздөрдүн мааниси эбегейсиз кеңейип, маалымдоо функциясы өсүп, көпчүлүк учурда бүтүндөй тексттин маанисин камтыган бирдик катары кабыл алынарын айрым окумуштуулар адилеттүү белгилеп жүрүшөт [10, с.100].

Ал эми сүйлөө кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздерин окутуунун методикалык жактан иштелиш деңгээли бүгүнкү күндүн суроо талаптарын толук канааттандыра албай келе жатат. Методика илиминдеги мындай абалга карабастан, англис тили сабактарында окутуунун маанисин, барк-баасын, тилди окутуудагы ордун жана ролун жогору койгон сунуш-пикирлер методисттер тарабынан көп айтыла баштады. Республикабызда англис тилин талаптагыдай деңгээлде үйрөтүү, анын практикалык баалуулугун көтөрүү жана окутууну коммуникативдик багытта уюштуруу үчүн бул тажрыйбаларды кеңири үйрөнүүбүз зарыл. Мындан сырткары, учурда жогорку окуу жайларындагы спорттук адистиктеги студенттердин сүйлөө кебин өстүрүү жана окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу иштерин жүргүзөбүз.

Тил жана кеп жөнүндө илимий түшүнүк алмайынча, ал экөөнүн табият-маңызын терең өздөштүрүп, өз ара айырмачылыгын так ажыратмайынча тил үйрөтүү методикасын алдыга жылдыруу эч бир мүмкүн эмес экендигин методисттер белгилеп келе жатышат.

Гениалдуу немис окумуштуусу Вильгельм Гумбольдт (1767-1835) алгачкылардан болуп тил жана кеп маселесин атайын илимий изилдөөгө алып, «… биз «тил» деп адат боюнча атаган сөздөрдүн жана эрежелердин иретсиз хаосунда кеп ишмердиги аркылуу анын айрым гана элементтери белгиленээрин, жандуу кептин маңызын туюп, жандуу тилдин так сүрөтүн жаратуу үчүн ар дайым кайталанып турган кеп ишмердиги зарыл экендигин» баса белгилеген [2, с.68-86].

Тил жана кеп маселесине өз учурунда улуу орус окумуштуулары А.А. Потебня (1835-1891), Ф.Ф. Фортунатов (1848-1914). И.А. Бодуэн де Куртенэ (1945-1929) да кайрылышкан. Бирок бул маселени бирдиктүү окуу теориясы катары иштеп чыгуу азыркы структурализмдин негиздөөчүсү Ф. Де Соссюрга (1857-1913) таандык. Аталган окумуштуунун тил менен кептин маңыз-табиятын терең ачып берген жана аталган маселе боюнча бир кыйла оригиналдуу ойлорду камтыган «Жалпы лингвистика курсу» аттуу эмгеги 1916-жылы жарык көргөн. Бул эмгек Ф. Де Соссюрдун шакирттери тарабынан окумуштуунун лекцияларынын негизинде түзүлгөн [Соссюр, 1977].

Ф. Де Соссюр бири-бирине каршы турган «тил» жана «кеп» түшүнүктөрүн булардан жалпы жана кең келип, аларды өз ичине камтыган **«кеп ишмердиги»** түшүнүгү аркылуу берген. Аталган окумуштуу үчүн «тил» - бул белгилер жана аларды комбинациялоо эрежелеринин системасы; «кеп» - бул маектешүү максатында белги системасын колдонуу. Тил жана кеп бири менен тыгыз байланышта болуу менен бири экинчисин талап кылып туруучу кубулуштар: кеп түшүнүктүү жана ошону менен эффективдүү болуш үчүн тил керек, бирок ошол эле учурда тил калыптаныш үчүн кеп керек.

Тил жана кеп бири-бири менен ажырагыс байланышта, тил – сөз өнөрү, баарлашуу каражаты, дүйнө жүзүн таанып-билүүгө көмөктөшкөн, адамзатынын дидарлашуу куралы. Кеп менен тилди бири-биринен бөлүп кароого болбойт, себеби адамдын кеп ишмердүүлүгү жазуу, окуу, угуу, сүйлөө менен байланышта. Адам баласы жөрмөлөп, буту басканга чейин эле сөздүк запасы күндөн-күнгө көбөйүп, дүйнө таануусу кеңейип, сүйлөөгө болгон жөндөмдүүлүгү артат. Ушундай маселелерден улам биздин изилдөөбүз спорттук адистиктеги студенттердин сүйлөө кебин калыптандырууга арналды. Орто мектептерди бүтүп, айыл жергесинен келген биздин студенттердин айрымдары үчүн чет тили жаңы өтүлүп жаткан мисалдар бар.

Ал эми тил менен кептин жалпылыгы жана өзгөчүлүктөрү кайсылар экендиги Ж.Чымановдун эмгегинде төмөнкүчө белгиленген:

Тил - пикир алышуунун негизги куралы.

Кеп - ал куралдын колдонулушу, пикир алышуу процессинин жыйынтыгы.

Тил - пикир алышуу каражаттарынын системасы, кеп-ошол системанын реализацияланышы (сүйлөшүүнүн өзү).

Кеп-ал системанын ыраттуу иш-аракети.

Тил - тилдик бирдиктердин системасы, кеп-тилдик бирдиктердин тилдик эреже, закондордун негизинде пикир алышуудагы ырааттуулугу.

Тил - статикалык кубулуш, кеп-динамикалык кубулуш.

Тил - жалпылык, кеп-жекелик кубулуш.

Тил - абстракттуу, кеп-конкреттүү.

Тил - инвариант (туруктуу), кеп-вариант (өзгөрмөлүү).

Тил - социалдык, кеп-индивидуалдык [12, 136-бет].

Жогорудагы Ж.А.Чымановдун ойлоруна таянсак, кептин материалдык жагы - тилдик система экен, тилсиз кептин болушу мүмкүн эмес. Тилдик система кептин болушу үчүн жападан-жалгыз каражат болсо, кептин өзү - тил системасынын жашоосунун бирден-бир формасы. Башкача айтканда, тил менен кеп бирин экинчиси шарттап турган, биринин жаралышы үчүн экинчиси негиз болгон бир бүтүндүктүн негизги бөлүктөрү.

Советтик психологиялык мектептегилер психологиялык процесстерди материалисттик негиздерге таянып чечмелеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келишкен: адам баласынын аң-сезими практиканын жа

Жогорудагы Ж.А.Чымановдун ойлоруна таянсак, кептин материалдык жагы - тилдик система экен, тилсиз кептин болушу мүмкүн эмес. Тилдик система кептин болушу үчүн жападан-жалгыз каражат болсо, кептин өзү - тил системасынын жашоосунун бирден-бир формасы. Башкача айтканда, тил менен кеп бирин экинчиси шарттап турган, биринин жаралышы үчүн экинчиси негиз болгон бир бүтүндүктүн негизги бөлүктөрү.

Советтик психологиялык мектептегилер психологиялык процесстерди материалисттик негиздерге таянып чечмелеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келишкен: адам баласынын аң-сезими практиканын жана адамдын иш аракетинин негизинде ишке ашырылат. Сабак учурунда Н.И. Жинкиндин ою боюнча студенттердин сөз байлыгын өстүрүү, коммуникацияга болгон муктаждыгын жаратуу керек. Ошондо гана зарылдык жана муктаждык келип чыгат. Сабак учурунда кырдаалды ойлоп табуу менен, студенттерди сүйлөөгө аргасыз кылабыз. Кептин функциялары – сүйлөшүү, маалымдоо, көмөктөшүү (общение, сообщение, воздействие). Жогорудагы айтылгандардын бардыгы бирдиктүү, стилистикалык-кептик кырдаалды түзөт. Стилистика студенттерге жана окуучуларга кептик ситуацияны элестетүүгө, ойлоп табууга, суроолорго жооп берүүгө үйрөтөт, Н.А. Жинкин айткандай коммуникацияга болгон зарылдык келип чыгат [7, с.11]

Чет тилин окутуу процессинде студенттерге англис тилинде сүйлөөгө үйрөтүү эң татаал маселелердин бири. Себеби, чет тили студенттерге, окуучуларга жаңы аспект катары кирип, бири-бири менен сүйлөшүүдө кыйынчылыкты туудурат. Мисалы, текстти окууда жана угууда адам бир гана жолу эмес, түшүнбөгөн сүйлөмдөрдү бир канча жолу окуп, которууга мүмкүнчүлүк болот. Ал эми өз алдынча оюн билдирүү, сүйлөп берүү, түшүнгөнүн айтып берүүдө кыйынчылык туудурат. [3, с.193].

Биздин изилдөөдө окумуштуу, педагогдордун иштерин карап, алардын арасында З.М. Цветкова, А.А. Леонтьевдин иштери айкын ачык жазылып, жалпы окутуунун усулдарын иштеп чыгышкан. Кээ бир окумуштуулар грамматиканы жакшы өздөштүрүп, грамматикалык конструкцияларды билиш керек дейт. Ал эми башка изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча адам интуициясы менен сезип, сүйлөгөнгө үйрөнүшү керек дешет. Эң негизи практика жүзүндө көбүрөөк көнүгүүлөрдү аткарып, диалог, аудио текст окутуп, айттыруу, жаңы технологияларды сабак учурунда окутуучулар пайдалануусу зарыл. Англис тилин окутууда, студенттердин оозеки, жазуу, угуу жана сүйлөө кебин өстүрүүдө адистер чоң көңүл бөлүп, изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Эксперименттин жыйынтыгында, студенттер чет өлкөлөргө чыгып, практика жүзүндө сүйлөөгө мүмкүнчүлүк болгон.
[3, с.194].

Советтик психологиялык мектептин окумуштууларын ою боюнча баланын аң сезими, ой жүгүртүүсү жана сүйлөө кеби практика жүзүндө жасаган иш аракеттеринин жыйынтыгында келип чыгат. Мындай психологиялык түшүнүктөрдү советтик жана дүйнөлүк психологиялык илимдин негиздөөчүлөрү Л.С. Выготский жана анын мектебин улантуучулар А.А. Леонтьев, А.Р.Лурия, Л.И. Божович, П.Я.Гальперин ж.б. уланткан.

[7, с.6]. А.А. Леьонтьевдин изилдөөсү «Понятие деятельности необходимо связано с понятием мотива. Деятельности без мотива не бывает» [5, с.12].

Ал эми англис тили сабагында жөнөкөйдөн татаалга деген принципти колдонобуз. Студенттердин сүйлөө кебин өстүрүү иштери жардамы менен өзгөрүлөт. Салттуу түз имитациялык метод менен бирге жат жазуу, диктант жазуу иштери колдонулат. Моделдештирүү методу, кырдаалдык ыкмалардын жардамы менен уюшулган көнүгүүлөр сүйлөө кебин өстүрүүгө жардам берет. Ушундан улам кеп – бул ишмердүүлүк экени айкын болот. Жогоруда айтылган трактовка белгилүү советтик психологиялык мектепте мыкты иштелип чыгып, азыркы күндө методикалык ойдун негизин жана илимий негизин түзөт. [7, с.12].

Тил жана коом бири-бири менен ажырагыс. Себеби адам баласы пайда болуп, жашап келген учурдан баштап, адамдын аң-сезими өсүп, тил пайда болгон. Адамдар биргелешип карым-катнаш түзүп, жашап келген. Ошондон улам тил өнүгүп, өсүп келген. Тил коомсуз жашай албайт. Тил - баарлашуунун каражаты катары коммуникативдүү функция аткарат жана интеллектуалдык сүйлөө кебинин түрү.

2005-жылы окумуштуу Ж.А.Чыманов «Тил жана кеп жөнүндө сөз» аттуу кыргыз тили жана адабияты мугалимдери, жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн жыйнак түзүп чыккан. Тил жана кептин орду жана мааниси төмөнкүдөй аныкталат: «Кепти тил катары аркылуу эмес, тилди кеп аркылуу жана кеп аркылуу кепти окууга багыт алууга убакыт жетти. Анткени, «кеп» - адамдын психикалык өнүгүшүндөгү анын инсан катары калыптанышындагы күчтүү фактор. Ал тил жана кеп жөнүндө бир нече окумуштуулардын ойлорун так, даана берген. Мисалы, тил – элдин тирлиги, бирлиги. Элдин элдигин сактаган, башка элден айырмаланган да тил. Кыргызды кыргыз кылган – кыргыз тили [12, 6-бет].

Сөз – механикалык түрдө берүүчү эмес, ал окшош ой жана эмоцияларды козгогуч. Сөз – табияты боюнча социалдык жана ал тилде сүйлөгөн.

Эң негизги башкы маселелердин бири – бул окутуучунун ошол предметке болгон мамилеси, инновациялык методдорду жана технологияларды колдонуусу. Бул көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн бир канча түрдүү жолдору бар. Алар төмөндөгүлөр:

- аудиторияда англис тили сабагында психологиялык жагымдуу жагдай түзүү;
- студенттердин жеке муктаждыктарына көңүл буруу;
- өтүлгөн теманы ролдук оюндар аркылуу ишке ашыруу;
- англис тилинде өтүлгөн сабактын мазмунун суроо–жооп ирээтинде кайталоо;
- англис жазуучуларынын чыгармаларынан үзүндү көрсөтүү;
- өтүлгөн тема боюнча студенттердин чыгармачыл ишмердүүлүгүн текшерүү;
- теманы бышыктоо менен үйрөнгөндөрүн сурамжылоо, аңгемелешүү менен колдоно билүүсүн текшерүү;
- өтүлгөн тема менен жаңы теманы байланыштыруу;
- аудио текст угузуу жана укканын жаздыруу;
- видео көрсөтүү менен сөздүк иш жүргүзүү;
- англис тилинде ыр угузуу, бош чекиттердин ордуларын уккан ырындагы сөздөр менен толтуруу;

Билим берүү жана тарбиялоо процессинде жаңы технологияларды жаңыртуу, модернизациялоого кылган аракеттер студенттерди тарбиялоо үчүн болгон кадам. Улуттун рухий күч кубатынын таянычы болгон жаш муунду окутуу-тарбиялоо билим берүү тармагы аркылуу өтүп келген.

Коммуникативдүү иш аракетти эффективдүү уюштуруу үчүн маселени көрө билүү, пландоо, максат жана каалаган жыйынтыкка жетүү керек. Жалпы социалдык компетенцияларды калыптандыруу үчүн, студенттердин мамиле түзө билиши, өздүк потенциалынын өсүшү үчүн аракет жасашы шарт. Ал эми өнүктүрүүчү компетенция болсо, студенттердин жашоосундагы өзүнүн башка адамдар менен болгон ички, сырткы байланыштарын кеңейтип, коом алдында эркин, тартынбай *сүйлөөгө үйрөнөт.*

Англис тили сабагында сүйлөө кебине үйрөтүүдө эң актуалдуу милдеттердин бири группада студенттердин лидерлик сапаттарын ойготуу, коомдо башка адамдар менен кыймыл-аракети, үнү, жүзү, манералары, жести, темпи, жаңдоолору, шилтөөлөрү, колунун кыймылдары, маданиятуу жүрүм-туруму аркылуу башкалардан өзүн айырмалоо, сүйлөө маданиятынын сакталышы, толкундоолорду жоюу, алдын ала даярдануу, группа же топ алдында чыгып сүйлөп машыгуу, башкалардын сөздөрүндөгү кемчиликтерден сабак алып, аларды кайталабоо, дебат же

дискуссия учурунда сүйлөй турган сөздү даярдоо сыяктуу сүйлөшүүнүн мазмундуулугуна жетишүү.

Колдонулган адабияттар:

1. Биялиев К.А.«Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары коммуникативдик багытта окутуу методикасынын негиздери» аттуу доктордук диссертация. Б.: 2010. 44-б.
2. Гумбольдт В. О различии строения человеческих языков и его влиянии на духовное развитие человеческого рода Звегинцев В.А. Хрестоматия по истории языкознания XIX-XX веков. М.: 1956. с.68-86.
3. Леонтьев А.А. Общая методика обучения иностранным языкам: Хрестоматия – М.:1991.- с.194.
4. Леонтьев А.А. Испльзование текстов для обучения русскому языку иностранцев // Психолингивистика и обучение русскому языку нерусских. - М., 1977. с.59.
5. Леонтьев А.А. Язык, речь, речевая деятельность. – М., 1976. с.12.
6. Лингвистический энциклопедический словарь/Гл.ред. В.Н. Ярцева, -М.: Сов. энциклопедия, 1990: с.414, 604.
7. Капинос В.И. работа по развитию речи учащихся в сфере теории речевой деятельности. – Русский язык в национальной в школе,1978, №4 с. 59.
8. Кожина М. Н. К основам функциональной стилистики. – Пермь: Кн. изд-во, 1968. – с.23.
9. Павлов В.М., Языковая способность человека как обьект лингивистической науки үү Теория речевой деятельности: проблемы психолингивистики. - М 1968. с.58-59.
10. Соколов А. Н.. Внутренняя речь и мышление. – М.: Просвещение 1967. С. 94 – 100].
11. Смирницкий А.И. Лексикология английского языка. – М.,1956. с.260].
12. Чыманов Ж.А. Тил жана кеп жөнүндө сөз. б.136.
13. Шанский Н.М., Резниченко И.Л., Кудряцева Т.С. и др. Что значит знать язык и владеть им. - Л.: Просвещение. 1989. С. 192.

Abdikebekova N.A., Kyrgyz National Physical Culture and Sport Academy's Language Department, Head of Masters and Aspirant sections

Linguodidactic basics and cultivating multiple language skills

Annotation: *This article discusses the basis of linguodidactic. And also the author thoroughly examines some questions of the formation speech activities and teaching grammar, phonetic, lexica to students in the field of physical culture at the English lesson.*

Key words: *speech competence, language, speech activity, experiment.*

УДК: 8.81

Мундузбек Абдыжапар уулу,
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын башкы адиси

Адабий тилдин калыптанышында терминдердин орду

Аннотация: *Макалада адабий тилдин калыптанышындагы терминдердин орду жөнүндө сөз болот.*

Ачкыч сөздөр*: термин, чет тили, лексика,терминология, адабий тил, тил,илим, техника*

Ключевые слова*: термин, иностранный язык, лексика, терминология, литературный язык, язык, наука, техника*

Кыргыз тили кошуна жана алыскы элдердин тилинен өзүнө көптөгөн ар түрдүү термин-сөздөрдү сиңирген, кабыл алган. Ошондуктан, кыргыздын адабий тилинин курамында тектеш жана башка системадагы тилдерди алып жүргөндөр менен ар кандай мүнөздөгү тилдик өз ара

таасирдин негизинде кыргыз тилинин өнүгүшүнүн бүтүндөй узак жолунда ага чет тилден кирген сөздөр аз эмес. Мына ушундай процесстин негизинде жалпы элдик кыргыз тилинде монгол, иран, араб жана башка тилдерден кабыл алынган сөздөр өзүнчө бир орунду ээлеп турат. Алардын көпчүлүгү бүгүн да кыргыз адабий тилинин лексикасында жашап жатат. Буга ачык мисал катары улуу «Манас» эпосунун текстиндеги терминологиялык катмарларды көрсөтсөк болот. Ушул терминдер бүгүнкү кыргыз тилинде колдонулбаса да, салыштырып изилдеген учурда биз алардын издерин таба алабыз. Алардын айрымдары кийин жүрүп отуруп, башка мааниге өтүп кеткен. Мисалы, улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча «Манастын» текстинен ошондой ондогон терминдерди окуй алабыз: *аалым* – окумуштуу, окумал (негизинен диний багыттагы илим боюнча); *абайы* – кымбат баалуу кездеменин түрү; башка бир учурда 1) жүндөн токулган таар кездеме; 2) ат жапкыч; *абуз* – жасалма көлмө (бассейн); *абыгый* – калмакча ага, аба, байке; *азар* (*азар*-түмөн) иранча *он миң*; *түмөн* – түрк-монгол тилинде *кол, он миң*; эпос боюнча – *сансыз, абдан көп* деген мааниде; *абсун* – сыйкыр, дуба, кубулта турган дуба; *айры* – төө деген мааниде, бир өркөчтүү нарды эки өркөчтүү (айры – экиге бөлүнгөн) төөдөн айырмалоо үчүн; *азел* – бал; *ак жөкөр мылтык* – эски мылтыктын аты; *акси* – күнөө, касиет; *ак кадек* – жука ак жибек; *баар* – эрте жаз; *бакар* – уй; *балкы* – кымбат баалуу материал; *баранда* – майда канаттуу жандык; *бедөө* – күлүк аттардын бир түрү; *бараң* – стволунан октолчу мылтыктын жалпы аталышы; *бөкө* – балбан; *бурак ат* – 1) канаттуу ат; 2) күлүк; *бут* – сыйынуу үчүн кол менен жасалган кудайдын келбети; дабан – бийик ашуу бел; *жоро* – жолдош, теңтуш; *жудурук* – муштум; *жайсаң* – калмак башчы, начальник; мындай мисалдар өтө көп.

Адабий тилдин калыптанышынын алгачкы мезгилинде терминдерди түзүү ишинде айрым пуристтик тенденциялар пайда болуп, айрым түшүнүктөрдү берүү үчүн эзелки бир кыргыз сөздөрүнүн базасында айрым жаңы сөздөр колдонулуп кеткен. Алар дайым эле ошол түшүнүктүн адекваттуу маанисин бере алган эмес: *шайтан араба* – велосипед (огненная телега); *кара бука* – паровоз (чёрный бык); *жикчил* – оппозиционер; *төр ага* – председатель; *дагды* – практика; *көрктүү өнөр* – искусство; *окумал* – интеллигент; *катын табып* – акушерка; *маскарапоз* – клоун д.у.с. Албетте, терминдерди иретке салуу, аларды тандоо, аныктоо жана түзүү принциптерин иштеп чыгуу ишинде турмуш жаңы мамилелерди талап кылды. Ошолор тууралуу азыноолак кеп кылууну туура көрдүк.

Ар кандай илимдин үзүрлүү өсүп-өнүгүш ийгиликтеринин түшүнүктүү баяндалып башкаларга жеткиликтүү болушун ошол илимдин иштелип чыккан терминологиясысыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Илимий жетишкендиктер, ойлоп табылгандар, илимий ачылыштар, илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында жаралгандар, жаңылангандар, бардыгы сөзсүз түрдө жазылып калтырылыш керек. Ал үчүн ошол илимдин тили калыптанып, ийкемдүү терминдер системасынын иштелип чыгышы шарт.

Атактуу окумуштуу Антуан Лавуазьенин «***ар бир илим сөзсүз түрдө ошол илимди түзүп турган фактылардан, алардын элесин берген туюмдардан жана аларды туюндурган сөздөрдөн турат***» деп айткан жайы бар. Демек илимди өркүндөтпөй туруп тилди өркүндөтүүгө жана тилди өркүндөтпөй туруп илимди өркүндөтүүгө мүмкүн эмес. Анткени илимдеги фактылар канчалык ишенимдүү болсо да, алар туура жана так баяндалбаса, өздөштүргөндөр тарабынан жаңылыш кабыл алынып калышы толук ыктымал. Ошентип, илимдин жана техниканын тигил же бул тармактарынын терминологиясын туура иштеп чыгып калыптандыруу аракеттери илгертен бери жүрүп келет. Илимдин тилинин, илимий терминологиянын ийкемдүү жана туура иштелип чыгып калыптанышынын мааниси абдан чоң. Анткени ар бир илимдин тили, терминологиясы ошол илимдин ийгиликтери, ошол илимдин жетишкендиктери, ачылыштары, жараткандары менен тыгыз байланышта болот, ошол илимди калайык-калкка жайылтат. Ошентип терминдердин, терминологиянын ийкемдүү иштелип чыгышы, тилдин ички мыйзамдарына жараша тартипке келтирилиши билимдердин тиешелүү тармагынын негизин түзгөн түшүнүктөрдүн системага салынышы менен байланышат.

Терминология тилдин өзгөчө бир бөлүмү, ал эми терминдер тилдин лексикалык корунун тутумдук бир катмары болуп саналат. Тилдин лексикалык кору дайыма өзгөрүүлөргө учурап, үзгүлтүксүз толукталып турат. Ошону менен бирге терминдер да тынымсыз жаңылануу, толукталуу процессинде болот. Кандай гана илим болбосун анын терминологиясында жетишпегендиктер болбой койбойт. Алсак табият илимдеринде жаралган жаңылыктарга, ачылыштарга, жаратылган ийгиликтерге жараша дайыма эл аралык атайын комиссия тиешелүү түшүнүктөрдүн, кабыл алынган бирдиктердин аталыштарын тартипке келтирүү максатында

жыйындарды өткөрүп талкуулап келатканы белгилүү. Демек мезгил-мезгили менен илим менен техниканын өнүгүп-өскөнүнө байланыштуу илимий терминология өз мезгилин канааттандыра албай калат. Ошентип терминдердин, терминологиянын мезгил-мезгили менен жаңыланып турушу шарт. Анын калыптаныш жана жаңыланыш маселеси дайыма максаттуу жүрүшү керек. Ар бир илим тармагы өзүнүн терминологиясынын башаламан калыптанып өнүгүшүнө жол бербеши керек. Терминологиянын калыптаныш жана өнүгүш принциптери болот.

Лексикалык бирдиктердин термин катары тандалып алынышы, биринчи кезекте лингвистикалык мыйзамдардын негизинде ишке ашат. Демек, терминологиянын калыптанышында лингвистикалык принциптер иштеши керек. Алардын төмөндөгүлөр:

1. ***Терминдин калыптанышы термин болуп тандалган, термин тартибине келтирилген сөздөр кайсы сөз түркүмүнөн болуш керек деген маселеден чыгат.*** Термин бул кайсы бир түшүнүктү атоо болгондуктан, атооч сөздөргө басым жасоо зарыл. Ошондуктан терминдердин басымдуу көпчүлүгү зат атооч сөздөрдөн жана сөз айкаштарынан турат. Айрым учурда гана башка сөз түркүмдөрүнөн болушу мүмкүн. Мисалы, кээ бир аскердик терминдер (*оңго, солго, кадамда* ж.б.) буйрук маанисиндеги этиштерден жасалган.

Сөз айкаштарынан турган терминдерге өзгөчө талап болуш керек. Кыргыз тилинде, деги эле түрк тилдеринде, татаал айтылыштар изафеттик конструкциялар деп аталып, изафеттик конструкциянын үч түрү бар. Ошолордун биринчиси термин болууга жөндөмдүү. Мындай жол менен *аш казан, өнөр жай, алтын саат, козу карын, туш кийиз, темир жол* сыяктуу сөздөр жана терминдер жасалган. Булардын компоненттеринин экөө тең уңгу түрүндө келип бириккен. Мына ушундай татаал айтылыштар термин болууга ылайык. Изафеттик конструкциянын экинчи (компоненттердин бири уңгу түрүндө ал эми экинчиси грамматикалык каражат менен өзгөргөн түрдөгү татаал айтылыштар), үчүнчү (компоненттердин экөө тең грамматикалык каражат менен өзгөргөн түрдөгү татаал айтылыштар) түрлөрү термин болуп калыптанууга жөндөмсүз. Бирок, мындай жол менен калыптанган терминдер да жок эмес (*сүт эмүүчүлөр, сойлоп жүрүүчүлөр, оордук борбору, эркин түшүү, сөз айкашы* ж.б.).

2. ***Термин милдетиндеги сөздөрдүн башка тилдерден өздөштүрүлүшү менен, диалектилик жана эл оозунда айтылып жүргөн кадыресе сөздөрдөн термин болуп калыптаныш маселеси да бар.*** Бул да өзүнчө өнүмдүү критерий болуп саналат. Тил деген башка тилдер менен дайыма карым-катышта болот. Айрыкча, башка элдердин ойлоп тапкандары, жаңыдан жараткандары, иштеп чыккандары ошол элдин тили менен аталып дүйнөгө тарайт. Башка элдер ошол ойлоп табылгандарды, жаңыдан жаратылгандарды ошол элдин тили менен кабыл алып өздөштүрөт. Демек, терминдердин бир тобу сөзсүз түрдө башка тилдерден өздөштүрүлүп калыптанат.

Мына ушул жерде термин сөздөрдүн өз ара эки топтон тура тургандыгын эске алышыбыз шарт.

а) Конкреттүү заттын аталышы болгон терминдер.

б) Кандайдыр аракеттин же касиеттин айтылышы менен аталган терминдер.

Булардын биринчиси бир тилден экинчи тилге өздөштүрүлгөндө салыштырмалуу туруктуулукту сактайт. Башкача айтканда, мындай терминдер жаратылган тилдеги аталышы менен кабыл алынып өздөштүрүлөт. Көбүнчө мындай көрүнүш кабыл алынган тилде андай заттын же предметтин бар же жок болушу менен шартталат. Тилде ошондой заттын же предметтин жок болушу башка тилдеги реалийлери менен айтылган терминдин өзүн кабыл алуу аркылуу ишке ашат (*машина, автомат, парта, доска* ж.б., азыркы *компьютер, принтер, файл, ксерекс* ж.б.). Эгерде ошондой зат же ага окшош зат болсо, ошого окшоштуруп тилдин өзүнүн ички каражаттары менен да терминдер жасалышы мүмкүн (*кармооч, тутка, жарым арал, дене тарбия, бала бакча, акимчилик* ж.б.).

Экинчисинде болсо, аракеттин же касиеттин айтылышы менен аталган терминдер башка тилдерге даяр термин болуп кабыл алынышына караганда көбүнчө ошол тилдин өзүнүн каражаттары менен айтылып же сөзмө-сөз которулуп калыптанат. Анткени терминдердин мындай болуп калыптанышы көбүнчө аракеттин натыйжасы катары айтылган сөздөр болот. Мисалы, кыргыз тилинде физика, математика, химия илимдеринин *алым, бөлүм, туунду, кемитүү, көбөйтүндү, теңдеме, бөлчөк, айлана, бурч, шоола, аралашма, өткөргүч, өткөрбөгүч, күч, каршылык, оордук борбору, эркин түшүү, ылдамдык, сүт эмүүчүлөр, сойлоп жүрүүчүлөр, кемирүүчүлөр* жана башка толуп жаткан терминдер эне тилдин ички ресурстарынан алынып калыптанган. Бул терминдердин реалдуу маанисинде нерсенин предметтик көрүнүшү эмес,

кандайдыр аракеттин натыйжасы катары алынган түшүнүктүн көрүнүшү жатат. Илимдин башка тилден өздөштүрүлүшүндө нерсе же буюм катары түшүнүк эмес, кыймыл-аракеттин натыйжасы катарында түшүнүк кабыл алынган. Ошол себептүү тилдин өз мүмкүнчүлүгү менен ийкемдүү аталышка ээ болуп термин жаралган.

Лингвистикалык принциптин бул критерийинин дагы бир тарабы, тигил же бул түшүнүктүн диалектилик сөздөр же кадыресе оозеки тилде гана колдонулуп жүргөн сөздөр менен айтылып калыптанышы да бар. Мисалы, *алкак* деген географиялык терминдин тегин Ысык-Көл, Нарын говорлорунда айтылган *алкак* (элек, калбырдын жыгачтан жасалган жээги – Ж. Мукамбаев, 73-б.) деген сөздөн, *буюртма* деген иш кагаздар терминининин тегин Өзгөн, Лейлек тараптарда айтылган *буйуртма* (атайын заказ менен жасалган буюм – Ж. Мукамбаев, 388-б.) деген сөздөн көрүүгө болот. Ошондой эле *сылан короз* (куу чирен, көйрөң) оозеки тилдеги сөздөн; *бөкөөл* түштүк диалектилердеги бул сөз *той-аштарда эт бөлүштүргүч* маанисинде жалпы элдик тилден орун алып баратат. Айрымдары терминдердин да катарына өтүп бараткан мындай сөздөр кыргыз тилинде, азырынча салыштырмалуу аз.

3. ***Терминдердин катары колдонулуп бараткан сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү да эске алыныш керек.*** Терминологиянын калыптанышында тилдеги көп манилүүлүк менен сыңар манилүүлүк, омонимия жана синонимия көрүнүштөрү өз салымдарын кошпой койбойт. Изилдөөлөрдө жана терминдерди тартипке келтирүү жумуштарында терминдердин бир манилүүлүгү, алардын синонимдеринин болбостугу тууралуу көп айтылат. Бирок кээде синоним маанисиндеги сөздөрдүн да термин болуп калыптангандыгы жок эмес. Мисалы, *басым – атмосфералык басым; басым* лингвистикада – *сөздүн бир муунуна түшкөн басым*; *согуу толкуну* – өзөктүк куралдын бир аракети; радио *толкуну*.

Бул жерде термин болуп жасалган сөздүн адабий тилдин жана сөз жасоо ыкмаларынын нормаларына ылайык аткарылышы, сөз жасоочу каражаттардын милдет маанилерине жараша туура пайдаланылышы негизги болот. Лингвистикада сөздөрдүн жасалышы, негизинен, үч ыкма менен ишке ашат: ***морфологиялык ыкма***, ***синтаксистик ыкма*** жана ***лексика-семантикалык ыкма***. Терминдер да мына ушул үч ыкма менен жасалып калыптанат. Бирок, сөздөрдү жасоочу жогорудагы ар бир ыкманын кайсы каражаты термин жасоого ыңгайлуу экени атайын тандоону талап кылат. Мисалы, кыргыз тилинде сөз жасоонун ***морфологиялык ыкмасынын*** грамматикалык каражаттары абдан көп. Зат атооч жасоочу *-оо, -уу, -чылык* сыяктуу мүчөлөрү, сын атооч жасоочу мүчөлөр жана этишти уюштуруучу мүчөлөрдүн бир тобу термин жасоого ыңгайлуу боло бербейт.

Терминдердин орфографиялык талаптарга жооп бериши да негизги принциптердин бири болуп эсептелет. Ар кандай сөздөрдүн тилдеги кабыл алынган орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазылышына талап болгондой эле терминдердин да орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазылышына талап зор болот. Башка тилдерден өздөштүрүлгөн терминдердеги тыбыштык өзгөрүүлөр, термин катары тандалган сөздүн сөз жасоочу мүчөлөр менен уюшулушу жана терминдин кош сөз же кошмок сөз түрүндө жазылышы, мына ушулардын бардыгы тилдеги орфографиялык жана пунктуациялык талаптарга жооп берип турушу шарт.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдулдаев Э. Благотворное влияние русского языка на становление и развитие кыргызского языка. В кн. Могучий фактор национально-языкового развития. Фрунзе, 1981.
2. Батманов И. А. Принципы орфографии киргизского языка. Труды ИЯЛИ киргизского филиала АН СССР, вып. 2., 1948.
3. Бернштам А. Н. Сложение тюркоязычного населения Средней Азии и происхождение киргизского народа. – ТКАЭ, том III. Ф., 1959.
4. Валиханов Ч. Ч. Избранные произведения. – Алма-Ата, 1958.
5. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан. – Фрунзе, «Мектеп», 1980.
6. Кононов А. Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников VII–IX вв. – Ленинград, 1980.
7. Лихачев Д. Записки и наблюдения: Из записных книжек разных лет. – Л.: Советский писатель. 1989.
8. Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. Тексты и переводы. – Москва, Ленинград, 1952.
9. Орузбаева Б. Кыргыз терминологиясы. Фрунзе, 1983.
10. Орузбаева Б. Кыргыз тил илими. Макалалар жыйнагы. II том. Бишкек, 2004.

11. Орузбаева Б.,Осмонова Ж. Взаимодействие с русским языком – основной фактор становления и развития терминологической системы современного киргизского языка. В кн. Могучий фактор национально-языкового развтия. Фрунзе, 1981.
12. Сыдыков С. Монгольско-тюркские языковые паралелли. Фрунзе, 1983.
13. Юнусалиев Б. М. Киргизская лексикология. Вып. I. – Фрунзе, 1959.

Munduzbek Abdijapar's son, Kyrgyz Rebulic's Presidential National Language Committee Head

Literary language development of terminology

УДК: 894. 341. (0433)

Алиева Ф.Э., ф.и.к., доцент
ОшМУнун мамлекеттик тил кафедрасы

Акындын көркөм дүйнөсү

Аннотация: *Макалада акын Ж. Умарованын чыгармачылык мурасы изилдөөгө алынды.*
Ачкыч сөздөр: *поэзия, лирика, элегия, лирикалык каарман, көркөм деталь, подтекст*
Аннотация: *В статье исследуется творческое наследие поэтессы Ж.Умаровой*
Ключевые слова: *поэзия, лирика, элегия, лирический герой, художественный деталь, подтекст.*

Чыгармачылыкта өзүн толук көрсөтүүгө үлгүрбөй кеткен таланттуу акын Жыпар Умарованын «Сырдашуу» (Ош, 2011.) жыйнагы тууралуу тар чөйрөдө-көзү тирүүсүндөгү жолугушууларда, кийин эскерүү кечелеринде айтылган пикирлерди эске албаганда дээрлик сөз болбой келет. Жыйнактын баш сөзүндө: «Жыпар башка адамдын сезимин, арманын тилегин, кыялын, эңсөөсүн ырга салбайт. Жашоодо тагдыры кандай болсо, так ошондой ырга салат. …Жыпар жүрөгүнө илхам келип, дилине сөздөр шурудай тизилип калганда гана калем кармайт. Жараткан ага табигый талант берген. Акын жашоодо кандай болсо, ырлары да ошондой назик, сезимтал баёо,» – деп белгилейт окумуштуу К.Исаков. [3:4]

Акын адегенде адамдык, анан акындык тагдыр күтөт. Акын катардагы эле адамдарга аралашып, ошолордой эле жашоо кечирет. Экинчиси деле ошол адам, бирок ал – азыр акын катары чыгармачылык эргүү учурундагы адам. Ушуга чейин анын жандүйнө, акыл-сезиминде жашап, айта албай жүргөн ойлору кыймылга келип, ыр болуп бөлүнүп чыга турган мезгилде ал "өзүнүн демейки пенделик абалынан чыгып", эргүү абалына келет. Мына ушундай талант менен сезим ширелишкен кезде гана мыкты чыгарма жаралат экен. "...Акыл менен сезимдин жуурулушунан бүтүп, көкүрөктү жарып чыккан ырлар гана окурманда дал ошол акын жашаган абалга келтирип, акын көргөн лаззат менен, көңүл азаптарына дуушарланта алат" [2:252] .

Жыйнак жалаң эле мыкты ырлардан түзүлгөн деп айта албайбыз, бирок жогоруда кыргыз адабий сынынын көрүнүктүү өкүлү К.Даутов белгилеп кеткендей, акындык эргүү менен жазылган ырлардын катарына Жыпардын "Өкүнүч", "Жалгыздыктын ыры", "Тагдырдын талдоосу", "Алыс жак", "Элегия", "Балдарыма", "Арман" сыяктуу чыгармаларын киргизсек болот. Аталган ырларда жасалмалуулук, ашкере кооздоо, абстрактуулук жок. Лирикалык каарман өз башынан кечирген, өзүн азапка салган сезимдерди окурман да "кошо сезе алат", кыйналат, кайгырат.

Жыпар пенделик жашоодо катаал турмуштук сыноолорго туш болду. Көп жыл оор дарт менен күрөштү. Балдарга ата ордуна ата, эне ордуна эне болду. Бирок даттанып, тагдырына наалат айтып, кыйынчылыкка кайышканын билдирбеди. Мунун баары ырларында айтылды. Лирикалык жанрдын табияты да ушуну талап кылат эмеспи: «Лирика – адамдын жан дүйнөсүндөгү не бир купуя сезимдерди, эч кимге түшүндүрүп, айта албаган ички сезимди, ичтеги буркан-шаркан түшүп, ээ бербей жаткан уйгу-туйгуларды, көңүлдү жаркыткан кубанычты, түнөрткөн кайгы-муңду, жарыкка чыгарат» [1:47]. Жеке тагдырдын тарыхы сыяктуу бул жыйнактан автордун өмүр таржымалы жалаң факты катары берилбестен, көркөм жалпылоого көтөрүлө алган. Акындын лирикалык «мени» аялзатка гана мүнөздүү манера менен окурманга «сырын айтат», ой бөлүшөт.

Башка акындар сыяктуу эле Ж.Умарованын чыгармаларынын тематикасы ар түрдүү: мекен, эне, балалык, табигат, сүйүү ж.б. Алардын көбүндө элегия, өкүнүч, арман мотивдери басымдуу:

«Чарчап бүттүм мен азыркы бактымдан,
Ошол күнгө кетеличи, апаке!» («Апама» 8-б.)

«Ак сүтүңдү актаган бир иш кылбай,
Эсен эле жүрөмүн азыр деле». («Апама» 9-б.)

«Оюнкараак балалыктын күлкүсү,
Биз ойногон жашыл бактан угулар». («Балалыкты эскерүү»12-б.)

«Жыгылып, томолонуп, канча ыйлап,
Зорго чыктым кырк деген ушул кырга» («Кырк жаштын белеги» 19-б.)

«Жалгыздыктын ырын ырдап турушкансыйт,
Түгөйлөрүн издешип оң, сол чүкө» («Жалгыздыктын ыры» 20-б.)

«Не деген күндөрдү кечирдим,
Сүйрөлүп арганды кетирдим.
Бакыттан, байлыктан жолу жок,
Карыздар сиңдиңди кечиргин!» («Эжем» 21-б.)

«Тизилишкен күндөр көп тамгалардай,
Кууш жолдо барасың жол таба албай.
Дирилдейсиң, шуулдап, түгөйсүзсүң,
Жүрөгүнө бирөөнүн от жага албай». («Тагдырдын талдоосу» 22-б.)

«Тагдыр татаал, жанаштырбайт, таябыз,
Жеңилгим жок, кээде күйүп-жанабыз.
Бул оюндан калгым келди жеңилдип,
Сизди аядым, сиз да мени аяңыз». («Кош данек», 23-б.)

«От жага албай кайнилерге жалынып,
Өтөт күнүм: баарын эстейм сагынып.
Жаштыгым да, бакытым да билинбей,
Кеткен экен отун менен жагылып». («Алыс жак» 24-б.)

«Мен азыр келинимин башка жайдын,
Токтолдум, күлкүчү кыз болбой калдым.
Айылды, балалыкты эстеп алып,
Ыр жаздым, өзүмчө бир ыйлап алдым…». («Айыл жана балалык» 25-б.)

«Сагындыңбы? Мен да сагындым.
Кусалуу бир күнгө кабылдым.
Наалат айтып ушул тагдырга,
Таарындыңбы..? Мен да таарындым». («Элегия», 27-б.)

«Калтырбай күндөрүмдү көп кейиткен,
Бактымды гүлзарларга мен бекиткем». («Балдарыма» 28-б.)

«Турмуштун жүгүн түртүп,
Келемин жалгыз үшүп.
Тагдырдын буйругубу,
Ак жоолук баштан түшүп». («Мезгил жана тагдыр» 29-б.)

Жогорудагы мисалдардан көрүнгөндөй жыйнакка кирген 44 ырдын (арноолордон тышкары) он үчүнөн гана цитаталар берилди. Жыпар абстракттуу ойлоп, жазуудан алыс, ырларында өзүнүн жеке пенделик жашоосундагы тагдыры – негизги предмет.

Акындын турмушту көркөм интерпретациялоо, ассоциативдүү кабылдоо, жыйынтыкты активдүү окурманга калтыруу аракети өзгөчөлөнтүп турат.

«Кыялданам, арт жагыма кайрылам,
Көп күлүүдөн, күп сүйлөөдөн айбыгам.
Көпөлөктөй бантигимдин ордуна,
Жакында мен ак жоолукту салынам». («Балалыкты эскерүү» 12-б.)

«Жашыл жоолук салынган жаз айында,
Өзүмдү окшотомун ак кайыңга.
Кайың сымал жүгүнүп өткөн жайда ,
Келин болуп келгенмин бул айылга». («Жай айы бизге бакыт алып келдиби?» 16-б.)
«Дилиңде бир да кир жок,
Күткөн бар, ойлон бирок.
Үмүтсүз шайтанга окшоп,
Калгандан жүрөк коркот». («Үмүт» 30-б.)

«Жашынмак ойногонсуп көрүнбөдүң,
Жамгыр болсом кошулуп төгүлбөдүң.
Сапарга кеттиң эле келемин деп,
Сагындым жада калса сөгүнгөнүң». («Сүрөтүңө» 35-б.)

«Өмүр улап, жашоо оту жанган жер,
Балалыктын тентек жашы тамган жер.
Атам, апам топурагың жазданып,
«Куш уйкусун түбөлүккө салган жер». («Туулган жер» 37-б.)

«Классташтарга» деген ырында жаштыктын романтикалуу дүйнөсүн, ошол курактын өзгөчөлүгүн төмөнкү эки сап аркылуу эле таамай ача алган.

«Ал күндөрдүн баркын билбей ошондо,
Күйүп-жанып, «Балалыкты» ырдадык». («Классташтарга» 31-б.) Чынында эле «Балалыкты» «күйүп-жанып» ырдагандар (ошондогу окуучулар) анын баркын кийин гана билер. «Күйүп-жанып» деген сөздүн ыктуу колдонулушу автордун оюнун жеткиликтүү болушун камсыздаган жана подтексттик маанини күчөткөн.

Акындын чыгармаларында «ак жоолук», “ак бантик” көркөм деталь катары колдонулуп, анын турмушундагы урунттуу учурларды эске салат: «ак бантигин тагынган балалык», «ак бантикти ак жоолукка алмаштыруу алдында турган селки», «ак жоолукту кыйгач байланган» наздуу жаш келин же «ак жоолугу баштан түшүп, үшүгөн» азаптуу жан…

Акындын «үч саптары» лирикалык каармандын жан дүйнөсүн көп кырынан ачкан бирдиктүү композицияга ээ десек болот. Автор ырдын атын башкача койсо да болмок. Ыр чындап сүйүүгө кабылган жан тарабынан «жаңы ырга себеп болгон, унутулуп калчу жан эмес, өткүр мүнөз Мырзага» арналганы көрүнүп турат. Чыгармада Жыпардын көркөм ой жүгүртүү манерасын өзгөчөлүгүнө мисал болорлук саптар арбын:

Эске салып, өткөн жаштык жылдарын,
Ыр багымдан өзүңдү изде, табасың.

Саат карап күткөн учурлар,
Кыйнаса да жаным таарынбайм,
Сен бар үчүн менде күтүү бар.

Кадырыңды таразага саласың,
Убакыттын көзүн карайм деп жүрүп,
Бир күн мени сен жоготуп аласың.

Күндөр күлүп, сүйүү толкуп, ченемсиз,
Турган кезде: «Сен үчүн мен тозокко
түшсөм дагы мейли, жаным, - дегенсиз.

Өткөндү эстеп терезеде турам суз,
Сөздөн туруп, сөздөн кыйрайт тагдырлар
Сөздү баалап кадырлаган Адамсыз».

Текстте толук берилбей ойду подтекст аркылуу жеткирсе болот. Көркөм чыгарманы жаратуудагы бул ыкманы Жыпар натыйжалуу колдонгон. Жогоруда келтирилген саптарга катылган «окурман өзү тапчу» лирикалык каармандын жана анын кыялындагы мырзанын ортосундагы сезим, мамиле, мезгил жөнүндө ойлор бар. Мындай табылгалар жыйнакта көп кездешет:

Тагдырымды өзүм каалап багыштап,
Жакын көрүп каттап жүргөн алыс жак.
Быйыл менден эч ким кабар албады,
Узун жолдор баратабы алыстап.(«Алыс жак, 24-б.)

Бирөөлөргө күйүтү аз көрүнүп,
Дагы канча күн кечирем корунуп.
Арманымды мен айта албай, сен укпай,
Биз жүрөбүз түштө гана жолугуп.

Кете бердиң түйшүгү жок жай тандап,
Кала бердим өксүү менен ый жандап.
Мен да өтөм бул жалган дүйнөдөн,
Же алданып, же бирөөнү мен алдап».(«Арман» 39-б.)

«Уйкумду уурдап алган түндөн корком». («Жалгыз саптар» 49-б.)

«Мага жагат сени келет деп,
Кыялымдын мени алдашы. («Төрт саптар», 57-б.)

Акын подтекст аркылуу өзү башынан кечиргендерин окурмандын сезимине жеткирүүнү көздөйт да, өзү жыйынтыктаса деген тилекте бүтүрөт.

Жыпар ыр куруу техникасын эле өздөштүрүп алган жазмакер эмес. Аны акындык талант менен татаал тагдыры мыкты ырларды “жаздырган”. Мындай чыгармалары жогоруда аталды, талдоого да алынды. Белгилей кетчү нерсе, акындын ырлары да өзүндөй жөнөкөй, табигый, ошол эле учурда таасирдүү. Күтүүсүз, сезимди селт эттирип өтчү саптар – акынча ойлонуп, аны сөз аркылуу бере билүү дарамети – талантка гана тиешелүү касиет.

Албетте, жыйнакта чыныгы көркөм чыгарманын талаптарына толук жооп бере албаган ырлар да бар. Стеориптүү ой жүгүртүү, техницизм сыяктуу кемчиликтерден Ж.Умарова да куру эмес. “Сырдашуу” алгачкы жыйнак экенин эске алсак, мындай кемчиликтер жалпы чыгармачыл адамдарга мүнөздүү көрүнүш катары каралат.

Жыпар Умарованын “Сырдашуу” жыйнагы – “ичи таза, көңүлүндө кири жок” окурманына арнаган ырлары, өзү айткандай “сырлары” – таланттуу акын жөнүндө, андан да маанилүүсү адам руху, өмүрү жашоо күрөшү менен өткөн адам, жароокер, баёо, ыйманы аруу аял-эне жөнүндө эстелик-баян.

Адабияттар:

1. Асакеева Д. Адабият теориясы. – Бишкек, 2013.
2. Даутов К. Издегеним тубаса акын, тунук поэзия. – Бишкек, 2008.
3. Умарова Ж. Сырдашуу. – Ош, 2011.

Alieva F. E., Candidate of philology, associate profess
Osh state university, department of the

state language
email: falieva@mail.ru

The Poet's artistic world

Annotation: *The article investigates the creative heritage of the poet Zh.Umarovoy.*
Keywords: *poetry, poetry, elegy, lyrical hero, artistic detail,subtext.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Алишерова Э.О.,
ОшМУ, окутуучу

"Кыргыз" концептинин этимологиясынын изилдениши

Аннотация: *Макалада "концепт" түшүнүгү жана "кыргыз" концептинин этимологиясы жөнүндө сөз болот.*
Ачкыч сөздөр: *концепт, кыргыз, термин, илимпоз, ыкма, изденүүчү*
Аннотация: *В этой статье будут обсуждаться понятия "концепта" и этимология "кыргыз" концепта.*
Ключевые слова: *концепт, кыргыз, термин, учёный, метод, соискатель*

Учурдагы тил илиминде "концепт" түшүнүгү өтө кеңири, "модалдуу" терминге айланып кетти. Анын колдонулушу эле изилдөөнүн жаңылыгынан, зарылдыгынан кабар бергенсип көрүнөт. Бирок, бул терминдин маани-маңызын илимпоздор тарабынан түрдүүчө аныкталууда.

Концепт - ой жүгүртүүчү, байкоо жүргүзүүчү мүнөзгө ээ болгон категория жана анын бул өзгөчөлүгү изилдөө ишинде кеңири мейкиндикти жаратты. Концепт категориясы бүгүнкү күндө философторду, психологдорду, маданият таануучуларды өзүнө тартып жана ал илимдерге мүнөздүү изилдөө ыкмаларын өзүнө сиңирип алды.

Орус тил илиминде концепт терминин 1928-жылы биринчи болуп С.А.Аскольдов (Алексеев) колдонгон. Окумуштуу концептти көптөгөн жандуу жана жансыз нерсенин, кыймыл-аракеттин ойго таандык функциясынын ой жүгүртүүгө болгон катышынан пайда болгон ой түзүлүшү катары аныктаган [1: 260].

Тил илиминде "концепт" термини бүгүнкү күнгө чейин так аныктамага ээ боло элек. Окумуштуу В.И. Карасик концептке "Дүйнө канчалык көп кырдуу болсо, концепт да ошончолук көп кырдуу"[6: 39] деген аныктама берген.

Тил-адамдын аң-сезимине, концептосферасына, концепттерине жеткирүүчү каражаттардын бири. Тил аркылуу ойду түзгөн менталдык бирдиктерди оңдоого, өздөштүрүүгө болот. Аң-сезимдин концептуалдык мазмунун тилдик каражаттар аркылуу билүүгө мүмкүн. Тилдик бирдиктердин лексикалык жана грамматикалык семантикасын изилдөөнү камсыздаган методдор лингвокогнитивдик изилдөөлөрдө колдонулат. Тилдик бирдиктердин маанилеринин жыйындысы семантикалык алкакты жаратат, ал эми концептердин жыйындысы концептосфераны пайда кылат.

Концепт - концептосферанын бирдиги, маани - тилдеги семантикалык талаанын бирдиги. Концепт - когнитивдик элемент, билип таануунун элементи, ал эми маани - тилдик аң-сезимдин элементи. Аларсыз ойду уюштурууга болбойт.

Концепт - мааниден кенен, көлөмдүү. Маани – пикир билгизүү жана түшүнүү үчүн тилдик белгиге катылган (бекитилген) ойдун бирдиги болгон концепттин бир бөлүгү.

Д. С. Лихачев "Орус тилинин концептосферасы" деген макаласында концепт түшүнүгүн тилди алып жүрүүчүнүн билимине, жекече тажырыйбасына, адистигине, социалдык абалына жараша дүйнө кубулуштарын чагылдырган жана интерпретациялаган жалпылоочу ой бирдиги катары аныктайт. Сөздүн түркүн маанилери тилди жекече пайдалануучулардын оюнда жалпылангандыктан, концепт алардын айырма -бөтөнчөлүктөрүнө карабай, сөз маанисин өз ара түшүнүүнү камсыз кылат. Концепт сүйлөөчүнүн жеке тажрыйбасы менен таанымынын кошулуусунун, биригүүсүнүн натыйжасында пайда болот [3: 3-4]. Д.С. Лихачевдин оюнча, концепт пикир алмашууда орунпайлык кызмат аткарат.

Айрым лингвисттер "концепт" жана "түшүнүк" (понятие) терминдерин мазмундук жактан барабарлаштырып, синоним катары аныкташат [4: 384].

Окумуштуу А. А. Залевская концептке “Адам акылындагы кадимки түшүнүктөн, мааниден айырмаланып, илимий сыпаттоонун азыгы катары аң- сезимде обьективдүү түрдө жашоочу, динамикалык мүнөздө сезилип-туюлуучу когнитивдик түзүлүш”, [2: 178] - деген туура аныктамасын берген

Биздин оюбузча, концепт, биринчиден, мазмунуна бизди курчап турган дүйнөгө байланыштуу жалпы маалыматты камтыган бирдик болсо, экинчиден, улуттук маданиятта сакталуучу, топтолуучу, муундан-муунга өтүүчү, өздөштүрүүчү касиетке ээ болгон менталдык бирдик. Бул бирдиктер татаал түзүлүшкө ээ болуп, биздин аң-сезимибизде сакталат. Ал түзүлүштөр ар кандай элес түрүндө уюшулат. Элестер адамдын аң-сезиминде кээ бир учурда жөнөкөй элес, сүрөт түрүндө болсо, башка учурда сүрөт менен чагылдырылышы мүмкүн болбогон, кыймыл-аракеттүү, окуялуу, татаал түшүнүк түрдө уюшулат.

Биз изилдөөгө алган “кыргыз” концептинин этимологиясы боюнча көптөгөн маалыматтар бар. Бул маселеге тарыхчылар, тилчилер, санжырачылар кайрылышкан. Тарых илиминде да “кыргыз” концептинин этимологиясы мамлекеттүүлүктү изилдөөдө бирге каралып, илимий көз караштар айтылып келет. Ошондой эле, “кыргыз” этноними боюнча көптөгөн уламыш, икаялар жана божомолдоолорго таянган илимий тыянактар бар. Биз алардын айрымдарын берүүгө аракет кылдык.

Кыргыз эли байыртан жашап келген түрк элдеринин бири экендиги белгилүү. Айрым окумуштуулар “кыргыз” сөзү “кырк кыз” деген сөз айкашынын биригүүсүнөн келип чыккандыгын айтышат.

Илгери бир падыша болгон экен. Ал жалгыз кызына ээн сарай, чарбак салдырып, кашына кырк кыз коюп, эркек кишиге көргөзбөй багат. Күндөрдүн биринде кыздар сейил куруп, сарайдын ортосунда агып жаткан сууга барышат. Суунун үстүндө турган көбүктү көрүшөт да, ага суктанышып жуунушат. Кийин көбүк менен жуунган кыздардын баарынын боюна бүтүп калат. Бул окуяны падыша угуп каарданат. Кызды кырк кызы менен ээн тоого жеткирип ташташат. Ошол кырк кыздан туулган балдардын тукуму кыргыз болот деп айтышкан. Ушул уламыштан улам кырк кыздан таралган экенбиз дешип ишенип калышат [8: 89].

Ошентип, бул сыяктуу уламыш-айтылыштар кыргыз сөзүнүн “кыр” деген, же болбосо “кырк” деген сөздөрдүн уңгуларынан тыбыштык окшоштуктарына карап айтылып калгандыгын аңдоого болот.

Кыргызстанда кыргыздар тээ байыртадан бери эле жашагандыгы жөнүндөгү көз карашты жактоо менен А. Н. Бернштам мындай деп жазган “Кыязы, азыркы кыргыздардын түпкү ата-бабалары болгон кыргыз элинин негизги массасы эзелтеден бери эле Теңир-Тоодо жашап, өсүп-өнүгүп келсе керек, анда алар эки миң жыл ичинде акырындап топтолуп, Теңир-Тоо этектериндеги жогорку цивилизациялык өнүгүүлөрүн кабыл алып өздөштүргөн” [5: 122].

“Кыргыз” этниминин чечмелениши жана анын баштапкы мааниси боюнча чет өлкөлүк, советтик жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн бир катар көз караштары, тыянактары белгилүү. Мындан сырткары, аталган этнонимдин чечмелениши боюнча элдик этимология, тагыраак айтканда, санжыралык ж.б. фольклордук маалыматтарда да бар.

Орус окумуштуусу В.В. Радлов “Кыргыз этноними сандык маанини туюнтат” деген пикирин айткан. Анын айтымында, “кыргыз” – “кырк”+”жүз” дегенди түшүндүрөт. Изилдөөчү этностук аталыштын чечмеленишин кыпчак тилдүү элдерге кенен тараган “жүз”, “миң” деген этностук компоненттер менен жакын караган. Ал эми Шлегель “кыргыз” этниминин “кыргу” - кызыл түс, “жүз” – кишинин өңү-түсү дегенди туюнткан деген эки сөздүн биригүүсүнөн келип чыккандыгын жазат [8: 95].

Руникалык жазуу эстеликтеринде бул этноним “кыргыз” формасында берилет. Кул Тегиндин эстелигинде (711-ж): ... Тибет, табгач, апар, курум, кыркыз, үч курыкан, отуз татар, кытай, татабы – мынча журт келишти, ыйлашты, сыкташты..., Кул Тегин жыйырма алты жашында кыргызга карай жортуулдады...- деп жазылган. Могилян – каганга арналып тургузулган эстеликте: “... мен жыйырма алтыга толгонумда чик журту кыргыздар менен биргеликте жоо болушту...” – деген маалыматтар бар [6: 11].

Кыргыз улутунун түпкү негизи бар, бул түпкү негиз жөнүндө бири бирине окшобогон санжыралык көз караштар төмөнкүлөр:

“Кыргыз улутунун түпкү дүмүрү түрк” деген көз караш. Башка элдердин алдыңкы өкүлдөрүнүн, биздин санжырачылардын айтымында жана тарыхый материалдарга негизделгенде, түрк кыргыз улутунун түпкү дүмүрү экендиги анык. “Түрк” деген аталыштын

кайдан келип чыккандыгы жөнүндө азырга чейин бирдикке келген көз караш жок. Диний-тарыхый көз карашта Нух пайгамбар доорунда бүтүн жер бетин топон суу басып кетип, Нух пайгамбардын Хам, Сам, Яфас деген үч уулу, үч келини тирүү калып, башка адамдар бүтүндөй өлгөн экен. Яфастан 8 бала төрөлүп, улуусу Түрк болгон дешет. Бул аңыздан башка түрктүн дүмүрү жөнүндө илимий негиз жок [8:73].

Кыргыздардын орчундуу көпчүлүгү Энесайды мекендеп жашагандыгы, мамлекет куруп, айыл чарба, кол өнөрчүлүк, өнөр-жай маданиятын өркүндөтүү негизинде жазуу колдонгондугу тарыхий маалыматтардан белгилүү. Ал эми кыргыз элинин бул жазууну колдонгондугун (6-кылымдан бери) таш эстеликтери далилдеп турат.

Бүгүнкү күндө элибиздин этникалык тарыхын, этнографиясын, этномаданий байланыштарын изилдеп үйрөнүү кыргыз таануудагы орчундуу, ары келечектүү маселелерден болуп калды. Бул олуттуу маселе адис-окумуштуулардын, археологдордун, тилчилердин, фольклорчулардын, санжырачылардын, Ата Журттун тарыхын аздектеп окугандардын бир канчалаган муундарын түйшөлтүп келери илим чөйрөсүндө маалым. Кыргыздар жөнүндө маалыматтардын хронологиялык алкагы, катмары, географиясы бир кылка эмес. Ошондуктан, илимге белгилүү болгон маалыматтарды, тарыхый булактарды, ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн эмгектерин, элдик фольклордун, санжыра-дастандардын үлгүлөрүн комплекстүү нуктагы иликтөөлөр гана негиздүү тыянактарды жарата алары шексиз.

Адабияттар

1. Аскольдов. С. А. Концепт и слова. М.: Академия,1997.
2. Залевская А. А. Текст и его понимание: Монография. – Тверь: Твер. гос. Ун-т, 2001.
3. Карасик В.И. Языковой круг: личность, концепты, дискурс. Волгоград: Перемена, 2002.
4. Кеңеш Жусупов. Кыргыздар, Бишкек: “Кыргызстан” басмасы, 1993.
5. Лихачев С. Д. Концептосфера русского языка. Москва, 1993.
6. Лингв. энц. словарь. М.: Советская энциклопедия, 1990.
7. Момбекова. Ж.К Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы. Бишкек, 1998.
8. Маанайев Э.Ж, Каратаев О.К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. Бишкек, 2002.

Alisherova E.O., OshSU, teacher

The etymological study of the concept of “Kyrgyz”

Annotation: *This article will discuss the concept of "concept" and the etymology of "Kyrgyz" concept.*

УДК: 8.81

Апышова Б.Т., ОшМУ

Саясий терминдердин синтаксистик калька аркылуу которулушу

Аннотация: *Макалада терминдерди которуу боюнча окумуштуулардын илимий изилдөөлөрү жана саясий терминдердин синтаксистик калька аркылуу которулушу жөнүндө сөз болот.*

Ачкыч сөздөр: *термин, синтаксистик калька, саясий термин, терминология,сөз айкашы, компонент*

Аннотация: *В данной статье освещены вопросы переводов политических терминов посредством синтаксисечкий кальки и взгляд ученых на данный вопрос*

Ключевые слова: *термин, синтаксическая калька, политический термин, терминология, словосочетание, компонент.*

Термин – тилдин лексикалык катмарларынын кеңири тараган түрү. Ал өзүнчө спецификалык бөтөнчөлүккө ээ. Алар коомдук турмуштагы илим менен техника, маданият, өнөр жай ж. б. тармактарындагы аталыштарды, түшүнүктөрдү атоо үчүн колдонулган термин сөздөрдүн жыйындысы катары тилдин лексикалык сөз катмарларынын негизги тобун түзөт.

Термин латын тилинин «terminus» - «чек» деген сөзүнөн алынган, демек, ал жогоруда айтылгандай илимде, техникада, саясатта, искусствода болобу белгилүү бир түшүнүктүн атоосун билдирүүчү сөз же сөз айкашын билдирет.

Илимдин ар бир тармагына тиешелүү терминдери бар. Мына ошол терминдер аркылуу гана илимдин түрлөрү бири экинчисинен айырмаланат жана тигил же бул илимдин тармактары жөнүндө кеңири маалымат алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ал эми терминология – тилдин сөз байлыгын түзүүгө активдүү катышкан, анын сөздүк курамында белгилүү бир роль ойногон терминдердин жалпы жыйындысы. Кеёири алганда өз кучагына терминдердин маанисин, ага коюлуучу чектер, анын өзгөчөлүктөрү, сөздөрдөгү көп маанилүүлүк ж.б.у.с. маселелерди изилдейт.

Кандай гана илимдин, техниканын тармагына тиешелүү термин болбосун, аны билдирүүчү сөздүн же сөз айкашынын мааниси белгилүү түшүнүктү ача албаса, анын семантикасында ал мазмун толук болбосо, же анын элементи жок болсо, логикалык жактан терминдик талапка жооп бере албайт.

Тилибиздеги көптөгөн саясий терминдер орус тилинен түздөн түз которуу жолу менен гана эмес ал сөздөрдү тилибиздеги эквиваленттери менен алмаштыруу, сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган. Мындай көрүнүш «калька» деген термин менен аталат. Окумуштуу Б. Орузбаева бул терминге: «Бир тилдеги сөздү жана сөз тизмегин ошол тилдин үлгүсүндөй кылып экинчи тилге төл сөздөрдүн жана сөз тизмектеринин жардамы менен которуу – калькалоо» - деп аныктама берсе [5:24], илимпоз М. М. Маковский «калька» деп башка тилдеги сөздүн жана туруктуу сөз айкашынын структуралык же семантикалык үлгүсү боюнча экинчи бир тилде да өзүнүн ички каражаттарын пайдаланып, жаңы сөз, жаңы туруктуу сөз айкашынын жасалышы жана жаңы маанинин пайда болушу»-деген пикирин айткан[4:44]. Демек, калька – бир тилден экинчи тилге сөзмө сөз которуу, же улуттук тилдик бирдиктерди колдонуу менен жаңы маанини пайда кылуу.

Калькалоо жолу менен калыптанган саясий терминдер улуттук тилге орус тилинен жана орус тили аркылуу англис, француз, немец ж.б. тилдерден кабыл алынган.

Терминдерди которуу жана алардын эквиваленттүүлүгү боюнча көптөгөн окумуштуулар илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Алардын катарына С.Мамбаева, Т.Аймагамбетова, А. Смагулованын эмгектерин киргизсек болот.

Алсак, С.Мамбаеванын «Котормодо искусство терминдеринин синтаксистик жактан номинацияланышынын адекваттулуугу» деген эмгегинде автор терминдерди салыштыруу аркылуу котормодогу мыйзамдуу шайкеш келүүчүлүк маселелерин аныктаган [3:31]. Ал эми А.Смагулова нефть-газ тармагына тиешелүү терминдерди адистешүү жана номенклатурага так бөлүп караган болсо, С.Мамбаева искусство тармагындагы терминдер мындай бөлүштүрүүгө баш ийбегендигин тастыктайт.

Чет өлкөлүк окумуштуулардын ичинен саясий лексиканы салыштырма планда изилдеген Абдул-Хамид Муджахид Ахмаддын «Политическая лексика в современном русском языке и иврите» деген эмгегин белгилей кетүүгө болот. Автор өзүнүн эмгегинде тектеш эмес тилдердеги саясий лексиканы салыштырууга аракет кылган. Тактап айтканда, орус жана иврит тилдериндеги саясий терминдердин пайда болуу жолдорун жана алардын өзгөчөлүктөрүн талдоого алдып, эки тилдин сөз жасоо жолдорун салыштырган.

Кыргыз Республикасында эгемендүүлүккө жетишкенден бери саясий терминдер изилденген эмес. Д. Дүйшөналиеванын «60-жылдардагы саясий терминдер» деген диссертациялык иши корголгон.

Биз бул макалада, терминдерди изилдеген жогорудагы окумуштуулардан айырмаланып, синтаксистик калька аркылуу жасалган саясий терминдерди карап көрөлү. Мындай терминдерди орус тилиндеги моделине карай жалпысынан төмөндөгүдөй топторго бөлүп, алардын ар бирине өзүнчө токтолобуз:

Орус тилиндеги татаал сөздөрдүн модели боюнча жасалган саясий терминдер орус тилиндеги татаал сөздөр түзүүчү негиздердин мүнөздөрү жана алардын синтаксистик мамилелери жактан бир тектүү эмес. Мына ушуга карай татаал сөздөрдүн модели боюнча жасалган саясий терминди өз ара бир нече типтерге бөлүүгө болот.

1-типке ат атооч менен кыймыл атоочту бириктирүүчү «о» тыбышынын жардамы менен бириккен татаал сөздөрдөн калькаланган терминдер кирет. Мисалы:

самоуправления - өз алдынча башкаруу;

самообслуживания - өзүн-өзү тейлөө;
самокритика - өзүн-өзү сыноо;
самозанятность-өзүн - өзү жумуштандыруу;
самообеспечение – өзүн-өзү камсыздоо;
самофинансирование – өзүн-өзү каржылоо ж.б.

2-типке биринчи компоненти сан атоочтон, экинчи компоненти зат атоочтон (татаал сөздөр) калькаланган сөздөрдүн тобу кирет. Мисалы: *пятилетка* (депутаттардын, президенттин кызмат мөөнөтү) деген татаал сөз *беш жылдык, пятиминутка – пикирлешме (*тез жыйын*), третьи лица - үчүнчү жактар, третьи государства - үчүнчү мамлекеттер, третьи силы – күчтөр, двойное гражданство – кош жарандуулук, первичная цепь – биринчилик тизмек* болуп которулат.

3-типке бир бөлүгү интернационалдык морфемалардан, экинчи бөлүгү атоочтордон куралган татаал сөздөрдүн моделинде жасалган терминдер кирет. Бул типтеги саясий терминдер эреже катары жарым калька болушат. Сөз түркүмү боюнча алар зат атооч же сын атооч болушу мүмкүн:
свободная экономика – эркин экономика;
политический маркетинг – саясий маркетинг;
политическая психология – саясий психология;
социальная политика – социальдык саясат;
государственный аппарат - мамлекеттик аппарат;
политическая партия - саясий партия;
политическая элита - саясий элита;
социальная напряженность – социалдык чыңалуу;
таможенный тариф – бажы тарифи;
социальный конфликт - социалдык тирешүү;
национальная идеология - улуттук идеология;
система выбора - шайлоо системасы ж. б.

4-типке синтаксистик жактан тең укуктуу эки зат атоочтун тизмегинен бириктирүүчү үндүүсүз куралган татаал сөздүн үлгүсүндө жасалган терминдерди киргизебиз. Бул типтеги саясий терминдер да кыргыз тилине жарым-жартылай гана калькаланып алынат. Мисалы: *пресс служба - пресс-кызмат, пресс центр – пресс борбор* деген сөздөр жасалды. Мисалы: Алар атайын *пресс борбор* уюштурган.

5-типке сын атооч менен зат атоочтун туруктуу сөз тизмегинен жасалган татаал зат атоочтон калькаланган терминдер кирет. Мисалы: *дыйкан чарба - крестьянское хозяйство, айыл өкмөт – сельское управления, айыл чарба - сельское хозяйство, анология закона – мыйзам закону, блоготворительная организация – кайрымдуулук уюму, политическая жизнь – саясий турмуш, политическая манипуляция – саясий амал, политические интересы – саясий таламдар* ж.б.

Орус жана кыргыз тилдеринин ортосундагы мындай толук дал келбөөнүн болушу калька үчүн мыйзамдуу көрүнүш. Эгер бул сыяктуу дал келбөөчүлүктөрдү калька катары эсептебей турган болсок, анда жалпы эле типологиялык жактан ар түрдүү тилдердин ортосунда структуралык кальканын болушу жокко чыккан болор эле.

Ошентип, биз синтаксистик калька аркылуу жасалган саясий терминдерди карап чыктык. Мындай терминдерди орус тилиндеги моделинин негизинде топторго бөлүп, алардын ар бирине өзүнчө токтолдук.

Адабияттар:

1. Атоолордун (терминдердин), сөз айкаштарынын орусча-кыргызча сөздүгү, Б.: 2006
2. Акунов А. А., Мамбеткулова Г. С. Саясат таануу,- Б.: 2014
3. Мамбаева С. К. Проблема адекватности синтаксической номинации терминов по искусству в переводе (на материале английского и кыргызского языков). Автореф. дис. ... канд. филол. наук: 10.02.20 С.К. Мамбаева
- Бишкек, 2002 31-б.
4. Маковский М.М. К проблеме так называемой «интернациональной лексики» Вопросы языкознания, 1960 №1, 44- б.
5. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз терминологиясы, - Ф.: Мектеп, 1983
6. Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгү, Б.:2014

Apishova B.T., Osh SU

Translation of political terms through syntactic calka

Annotation*: This article touches upon the questions of translating political terms throuqh synthetic words and scientists' ideas on this question.*

Key words: *term, syntax calka, direct translation, political term, terminoloqy, union words, component.*

УДК:371.42

Асанбекова Н. А.,
Ж.Баласагын атындагы
КУУнун изденүүчүсү

Кыргыз макалы – кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун каражаты

Аннотация: *Макалада макалдарды окутуу-тарбиялоо жаатында жана кыргыз тилинин каражаты катары колдонуунун мааниси, ошондой эле, макалдарга синтаксистик талдоо жүргүзүүнүн айрым ык-жолдору жөнүндө айтылды.*

Ачкыч сөздөр: *макал-лакап, таалим-тарбия, эне тил, элдик педагогика, синтаксис, каражат, китеп.*

Ключевые слова*: пословицы, воспитание, родной язык, народная педагогика, синтаксис, средства, книга*

Макал тилдик, кептик бирдик катары кыргыз тил илиминде, дидактикалык чыгарма катары кыргыз адабият таануу илиминде жана элдик педагогиканын классикалык үлгүсү катары педагогика илиминде кыйла изилденген. Гуманитардык илимдер, анын тармактары макалдарды өз изилдөөлөрүнүн максат-милдеттерине жараша анын табиятын жетишээрлик деңгээлде ачып берүүгө жетишкен. Эмки максат кыргыз тилин эне тил катары окутууда кыргыз макалдарын орундуу жана натыйжалуу колдонууда турат.

Макалдар эң байыркы замандан тартып эле жаш муунду тарбиялап өстүрүүнүн, чоң турмушка даярдоонун, эң негизгиси, ар бир баланын өз элине, өз улутуна тиешелүү экендигин таанытып-билдирүүгө карата өзгөчө кызмат өтөгөн кубаттуу каражат катары колдонулуп келгендиги белгилүү. Айрыкча, түрк тилдүү улуттардын эң байыркыларынын бири болгон кыргыз элинде макалга, жалпы эле элдик оозеки чыгармаларга болгон мамиле-түшүнүк өзгөчө орунда болуп, элдин элдигин, улуттун улуттугун сактап, барктап муундан муунга берүүдө улуттун рухий казына, баалуулугу катары кастарланып келгенин да сыймыктануу менен белгилөөгө болот.

Элдик педагогикада макалдарга айрыкча маани берилип, аларды тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн күчтүү куралы катары жүздөгөн жылдар бою колдонуп келген салттуу тажрыйбалары өткөн кылымдын баш жагында сабатсыздыкты жоюуда, билим берүүдө кеңири колдонулуп келгендигине тарыхыбыз күбө. Бул тажрыйба кыргыз тилиндеги алгачкы «Алиппе» окуу китебинен башталып, улуу агартуучу И.Арабаевдин андан кийинки окуу китептеринде кеңири колдонулган. Мындай ары алгылыктуу, ары кыргыз элдик педагогикасынын талаптарына жооп берген окутууда макалдарды колдонуу салты кызыл профессор К.Тыныстановдун кыргыз тили окуу китептеринде улантылып, макалдарды сабакта колдонуунун максаты, милдети жана ык-жолдору жогорку деңгээлде иштелип чыккан. Алгылыктуу жана келечектүү мындай тажрыйба өткөн кылымдын 30-жылдарынан тартып, улутчулдуктун көрүнүшү катары катуу сынга алынып, макалдарды, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн кыргыз тили сабагында колдонууга тыюу салынган. Натыйжада, эне тилин үйрөтүүдө кыргыз эли кылымдар бою колдонуп келген «оозеки формадагы окуу китебинен» ажырап, кыргыз тилин окутуу реалдуу турмуштан алыстап, абстракциялана баштаган. Анын кесепетинен кыргыз тили орто мектептеги эң кызыксыз, тажатма сабактардын катарына кирген. Азыркы максат – кыргыз тилин кыргыз жаштарына окутуп-үйрөтүүдө кыргыз элдик педагогикасы топтогон эбегейсиз зор байлык болгон макалдарды, окуу процессине киргизип, пайдалануда турат.

Кыргыз тили мугалимдери кыргыз макалдарын сабактын максатына жана темасына шайкеш жана натыйжалуу колдонуу үчүн бул багытта жазылган лингвистикалык эмгектерди терең

талдап, өздөштүрүү талабы коюлат. Ал үчүн И.Арабаев менен К.Тыныстановдун окуу китептерин кайрадан карап чыгуу зарыл. Анткени ал китептерде кыргыз тилин окутуунун турмуштук жандуу жана табигый принциптери катуу сакталып, эне тилди окуп-үйрөнүүнү жашоо-турмуш жана келечек менен байланышта кароого чоң маани берилген. Ал эми макалдардын семантикалык табиятын толук аңдап билүү үчүн кыргыз элинин белгилүү тилчилери Ы.Жакыповдун, А.Турсуновдун, А.Жапаровдун, А.Имановдун ж.б. эмгектерин кеңири пайдалануунга болот. Макалдын синтаксистик түзүлүшүн изилдөөгө арналган эмгектердин ичинен С.Гапаровдун 1979-жылы чыккан «Кыргыз макал, лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү» аттуу эмгеги өзгөчө орунда турат. Аталган, жана башка эмгектерге таянуу менен макалдарды синтаксисти окутууда колдонуунун жалпы маселелерине токтолобуз.

Кыргыз тилинин синтаксиси боюнча белгилүү адис профессор Абдыгул Жапаров өзүнүн эмгектеринде синтаксистик талдоо жүргүзүү үчүн макалдарды эң көп колдонгон окумуштуу катары белгилүү. Анын талдоого алган макалдарын өзүнчө көчүрүп, талдоонун мыкты үлгүлөрү катары сунуштоого болот. Макалдарды өз изилдөөлөрүнүн предмети катары бөлүп алып, С.Гапаров аларга төмөнкүдөй синтаксистик мүнөздөмөлөрдү берген:

«Макал бүткөн айрым ойду билдирет да сүйлөмдүк түзүлүштө болот. Тыянактуу интонацияда айтылат. Составы боюнча жөнөкөй жана татаал сүйлөмдүк түзүлүштө келе берет». [1.4]

«Макал сүйлөмдүн түзүлүшүндө келгендиктен, сүйлөм мүчөлөлөрүнө ажырайт». [1.4]

«Макал-лакаптарда дидактикалык маани болот, таалим-тарбия берүү максатында айтылат». [1.5]

Бул маалыматтар кыргыз тили мугалиминин эсинде дайыма болушу жана окутуу-үйрөтүү ишинде колдонулушу зарыл деп эсептейбиз. Жогоруда белгиленгендей, макалдарды синтаксисти окутуунун бардык учурларында, тагыраак айтканда, сөз айкашын окутуудан тартып, татаал сүйлөмдүн синтаксисин үйрөтүүгө чейин пайдалануну сунуш кылабыз. Төмөндө синтаксистик маселелер боюнча макалдардан мисал келтиребиз.

Сүйлөмдөрдүн маанилик типтери боюнча:

Жай сүйлөмдөргө: адамдын көркү –адеп; баш мээси менен, мал ээси менен; ок жарасынан сөз жарасы жаман; уят өлүмдөн катуу; эр намысы – эл намысы ж.б.

Суроолуу сүйлөмдөргө: бешиктеги баланын бек болорун ким билет? Жакшынын иши да сөзү да элге пайда, жаманда андай сапат кайда? Уйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы? Өз элиңди жаман деп, жакшы элди кайдан табасың? Өз өнөрүң болбосо, алам десең ким берет? ж.б.

Илептүү сүйлөмдөргө: байдын үйүнүн тардыгы ай, кара алачыктын кеңдиги ай! Агайынды жаман деп тууганды кайдан табасың! Ай, ай, сени, арыкты семиз кылган май сени!

Буйрук сүйлөмдөргө: мал сактаба, ар сакта; ачканы аш менен коркутпа; бирөөгө күлөм деп, өзүң күлкүгө калба; досуңдун сүйгөн буюмун сураба; досуңдан сырыңды жашырба; ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө; уялбагандан өзүң уял; үзүлгөндү улай бил, чачылганды жыйнай бил; шамал менен жарышпа; канаттуунун уясын бузба; өзүң билбесең билгенден ук; жалгыз даракты кыйба; ооз кесер сүйлөбө ж.б.

Жалаң сүйлөмдөргө: өнөр алды - кызыл тил; ырыс алды – ынтымак; үмүтсүз – шайтан; жаштык-мастык; эр жолдошу – тобокел; жамандын жыргалы – уйку; кыял алтын, ой күлүк; ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы; окуу, өнөр – тамырлаш; сөз атасы –кулак, суу атасы булак; казына казына эмес, эл –казына ж.б.

Жайылма сүйлөмдөргө: сактыкта кордук жок; жылуу сөздү жылан да билет; көп жойлогон түлкү капканга түшөт, аргымакка жал бүтөр, азаматка мал бүтөр; суу чайкалып төгүлөт, эл чайкалып түгөнөт; ынтымагы жок үйдө ырыс жок; бирөө ичерге суу таппаса, бирөө кечерге кечүү таппайт ж.б.

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөргө: жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт; көп жашаган не билет, көптү көргөн шо билет; соолбос өмүр, сынбас темир болбойт; ый менен күлкү аякташ; көп ичкендин көөнү билет, аз ичкендин пейли билет; кедей байга жетем дейт, бай кудайга жетем дейт; уйку менен күлкүдө ар жок ж.б.

Кептик сүйлөмдөргө: кайгы- пайдасыз, ый-жардамсыз; жакшынын-шарапаты, жамандын-кесепети; кайгынын түбү – кара суу; жамандык бир күндө, жакшылык миң күндө; жакшы китеп жанга дос; береке-байлык – эмгекте; коюндан төгүлсө – кончко ж.б.

Туюк жактуу сүйлөмдөргө: тандаган тазга жолугуптур; ала карганы атынан чакырат; чырайды чылап ичпейт; тааныбасты сыйлабас; алдыраар күнү жаздыраар; күлүккө күч салгыча, байталга бак берсин; бери карап күлүп, ары карап ыйлаган жаман ж.б.

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө: акыл-баштан, асыл-ташатан; оор иштен коркпо, оор сөздөн корк; жакшы атка-бир камчы, жаман атка-миң камчы; бербегенди берип уялт, келбегенди барып уялт; көйнөктүн кири жууса кетет, көңүлдүн кири айтса кетет; жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт; жакшыга жанаш, жамандан адаш; билген суу ичет, билбеген уу ичет; адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт; дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат ж.б.

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөргө: өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло; ойноп сүйлөсөн да ойлоп сүйлө; эр алса да эл албайт; миң кишинин атын билгиче, бир кишинин сырын бил; жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт; алты күн ачка калсаң да, агаңды сыйла; жел болбосо, чөптүн башы кыймылдабайт; көп ооз сүйлөсө, бир ооз тек турат; жарды болсоң, ардуу бол; саргара күйсөң, кызара бөртөсүң; оорууну жашырсаң өлүм ашкере кылат, жаманга башчы болгуча, жакшыга кошчу бол ж.б.

Макалдарды сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып талдоо

Макалдарда сүйлөмдүн ээлик милдетин төмөнкү сөз түркүмдөрү аткара алат:

Зат атоочтор: сынбасты **уста** жасабайт; жан бар жерде **каза** бар; **тил** кылычтан өткүр; керектүү таштын **оордугу** жок; **ишиң** калганча, **ашың** калсын; **Элебай** элге теңелет ж.б.

Сын атоочтор: **баатыр** жараксыз болбос; ач кадырын **ток** билбес; куда-сөөктүн **кызыгы** – барыш-келиш; **арык** семирер, **ач** тоюнар; **өнөрлүү** өргө чабат; **эстүү** көпчүл, **эселек** тууганчыл ж.б.

Ат атоочтор: **сен** кудайга жеткиче, **мен** үйгө жетем; коногум **сен** «эт» дебе, **мен** «кет» дебейин; **мен** «кой» дебейм го, балам, «кой» дээриң кой дээр; **ар ким** өзүнө жакканын кылат; көзү жоктун **өзү** жок; ар кимде бар бир кыял, ал кыялды **ким** тыяр?; кызы бардын назы бар, кызы жоктун **неси** бар? ж.б.

Сан атоочтор: айдын **он беши** жарык жарык, **он беши** караңгы; берерге **беш** да көп, алганга **алтымыш** да аз; жакшысы өлсө, **баары** өлөт, жаманы өлсө **бирөө** өлөт; **бирөө** жете албай жүрсө, **бирөө** кете албай жүрөт ж.б.

Атоочтуктар: **жыгылган** ооганга күлөт; куштун алганынан **салганы** кызык; **көрбөс** төөнү да көрбөйт; жеп берчүгө **ченеп берчү** бар ж.б.

Тактоочтор: **көп** көлдөтөт, **аз** чөлдөтөт; оюндун **азы** жакшы, ойнорго дагы жакшы; ооздо **өйдө-ылдый** жок; ийгиликтин **эрте-кечи** жок; эрингендин **эртеңи** түгөнбөйт ж.б.

Ал эми сүйлөмдүн баяндоочтук кызматын төмөнкү сөз түркүмдөрү аткарат:

Этиш: төрт аяктуу мал да **мүдүрүлөт;** колу кыймылдагандын оозу **кыймылдайт**; алыс жол атты **сынайт**, оор жол эрди **сынайт**; кеңештүү эл **азбас**; өнөрлүү өргө **сүзөр**; жакшынын жакшылыгы **тиер** ар жерде, жамандын жамандыгы **тиер** тар жерде; көп биригип ажааны **кармаптыр**; кыш тоютун жаз **камда**; ашы бар аяктан **аттаба**; эрдин сөзү элде **калсын**; душмандын сөзү жерде **калсын**; **жата берсе** ат арыйт, **жүрө берсе** жол арбыйт; уста **кандай болсо**, устаттык ошондой; жамандын жанын **сактаганча**, жакшынын кадырын **сакта** ж.б.

Атоочтуктар: элиң **жарды болгон соң**, жалгыз байлык курусун; жоо **кеткенден кийин** кылычыңды ташка чап; өлгөндүн жазасы – **көмгөн**; жаш чыбыктын ийилгени – **сынганы**, жаш жигиттин уялганы – **өлгөнү**; бербестин ашы **бышпас** ж.б.

Кыймыл атоочтор: куда-сөөктүн кызыгы – **барыш-келиш**; кетмен чапмак – **алмак-салмак**, кош айдамак – **бармак-келмек** ж.б.

Зат атоочтор: биринчи байлык – **ден-соолук**; тамакты таттуу кылган – **туз**, алысты жакын кылган – **кыз**; ат мыктысы **кермеде** ж.б.

Сын атоочтор: уят өлүмдөн **катуу**; ок жарасынан сөз жарасы **жаман**; жамандын жаны **таттуу**, жакшынын ары таттуу ж.б.

Сан атоочтор: арамдын тамыры – **бир**, адалдын тамыры – **миң**; эр ортону – **элүү** ж.б.

Макал-лакаптардагы аныктоочтордун кызматын төмөнкү сөз түркүмдөрү аткарат:

Зат атооч: **ыйдын** да өз күлкүсү бар; **аттын** баары тулпар болбойт, **куштун** баары шумкар болбойт.

Сын атоочтор: **жакшы** сөз жан сергитет, **жаман** сөз жан кейитет; **жүйөөлүү** сөз жүлүнгө тиет; **ынтымаксыз** үйдөн ырыскы качат; **жазгы** суук жандан өтөт; **айдай** чырайыңды **иттей**

кыялың бузат; **абийирдүү** жигитке **ажалдуу** кийик жолугат; **эртеңки** куйрукта **бүгүнкү** өпкө артык.

Сан атоочтор: уурунун **бир** бети кара, айгактын **эки** бети кара; **миң** кишинин атын билгенче, **бир** кишинин сырын бил; **бир** бармагымды тиштесем, **бир** бармагым ооруйт ж.б.

Ат атоочтор: **ар кимдин өз** жүгү өзүнө чак; **менин** акылым сенде эмес, **сенин** акылың менде эмес

Атоочтуктар: **өлбөгөн** адам алтын аяктан суу ичет; **өтпөс** өмүр, **сынбас** темир болбойт ж.б.

Толуктоочтун милдетин төмөнкү сөз түркүмдөрү аткарат:

Зат атоочтор: **айылды** алалык бузат, **араны** каралык бузат; кара жемсөө **адамда** калыстык жок; уят **өлүмдөн** катуу.

Сын атоочтор: **жакшыга** айтсаң – билет; **жаманга** айтсаң күлөт; жүктүн **оорун** нар көтөрөт; кеп **чынынан** бузулбайт; **жаманда** тек жок; **жакшыда** кек жок; **жакшы менен** жүрсөң жарыйсың, **жаман менен** жүрсөң **убайым менен** карыйсың.

Сан атоочтор: **бирге** тааныш болгончо, **миңге** билиш бол; **алтоону** ала бөлсөң астыңдагыны алдырарсың; **төртөөң** төп болсоң, төбөдөгүнү аларсың ж.б.

Ат атоочтор: **керегем,** сага айтам, келиним, сен ук; **ар кимде** бар бир кыял ал кыялды ким тыяр?; агаң кимди **алса**, жеңең ошол.

Атоочтуктар: **бөлүнгөндү** бөрү жейт; оюндун азы жакшы, **ойнорго** дагы жакшы; **сүйүнгөндөн** маңдай айрылбайт, **корккондон** жүрөк жарылбайт.

Макал-лакаптар бышыктоочтун бардык түрлөрүн өз ичине камтый албайт: себеп, максат бышыктоочтордо дээрлик кездешпейт. Сан-өлчөм бышыктоочтор да аз колдонулат.

Сын-сыпат бышыктоочтор: жакшы **таап** сүйлөйт, жаман **каап** сүйлөйт; дос **күйдүрүп** айтат, душман **сүйдүрүп** айтат; бекерчиден **безе** кач, ушакчыдан **көчө** кач; **саргара** жортсоң, **кызара** бөртөсүң

Чакчыл этиштер аркылуу: конок **айтып** келбейт, өлүм **сурап** келбейт; көч **жүрө-жүрө** түзөлөт; жамандык **издетпей** табылат

Тактоочтор аркылуу: **катуу** басса, таскак дейт, **акырын** басса аксак дейт; сагызган **билгенинче** уя салат.

Сын атоочтор аркылуу: арстан **катуу** качырат, **жумшак** алат; атты **достой** сүйсөң, **душмандай** минесиң; жип кессең **узун** кес, кеп салсаң **кыска** сал.

Мезгил бышыктоочтор

Мезгил тактоочтор макал лакаптарды бышыктоочтун милдетин аткарышат: чабал өрдөк **мурда** учат; кыштын камын **жазда** ойло.

Атоочтуктар: атты **арыганда** көр, эрди **карыганда** көр; жаа **сыңарында** катуу, суук **чыгарында** катуу.

Зат атоочтор: карынын сөзүн **капка** сакта, өлүмүн **апта** сакта; **жаз** жайга конбо, **кыш** кырга конбо.

Чакчыл этиштер: өз кемчилиги **өлгөнчө** билинбет, киши кемчилиги кирип **чыкканча** билинет. Жамандын жаштыгы **өлгөнчө** калбай.

Орун бышыктоочтун милдетин зат атоочтор, кээде орун тактооч, сурама ат атоочтор аткарат: жигит **үйдө** туулат, **жоодо** өлөт; жортуулчунун башы **жолдо** калат; суу **башынан** тунат; **өйдө** тартса өгүз өлөт, **ылдый** тартса араба сынат; **кайда** барсаң дагы казандын кулагы төртөө

Сан өлчөм бышыктоочтун кызматын сан атооч, тактооч жана чакчыл этиштер аткарат: **отуз** өлчөп **бир** кес; ат баспайм деген жерин **үч** басат; аргымактын жакшысы **азыраак** оттоп, **көп** жуушайт, азаматтын жакшысы **азыраак** сүйлөп, **көп** тыңшайт; ууру **тойгончо** жеп **өлгөнчө** карганат.

Жогоруда синтаксисти окутууда макалдарды колдонуунун грамматикалык мааниси тууралуу сөз болду. Макалдарга синтаксистик талдоо жүргүзүүнү окуучуларга үйрөтүү үчүн биринчиден, аларды макалдарды таап айттырып тапкычтыгын, сүйлөө кебин өстүрөбүз. Ошондой эле, макалдарды жөн гана айттырбастан, тарбиялык маанисин чечмелетебиз, муну менен окуучулардын ойлоосун, чыгармачылыгын өнүктүрүп, ошол эле мезгилде тарбиялануусуна көңүл бурабыз. Ар бир айтылган макалдын тарбиялык маанисин айтып отуруп окуучуларды кыргыз элинин рухий мурастарын, кыргыздарга тиешелүү улуттук баалуктарды билүүгө жана аны колдоно алууга үйрөтө алабыз. Үчүнчүдөн, грамматиканы окутуу менен макалдарга синтаксистик талдоо жүргүзүүгө көнүктүрөбүз. Окуучу материалды кургак гана талдабастан, макалды өзү табат, анын маанисин чечмелейт, мугалимдин жардамы менен макалдын тарбиялык маанисин ар

тараптуу кеңири талдоого алып, жыйынтык чыгарышат. Бул маалыматтарды окутуу-тарбиялоо иштеринде орундуу пайдалануу алгылыктуу деп эсептейбиз.

Адабияттар:

1. Гапаров С. Кыргыз макал-лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү. Ф.: Мектеп, 1979. 139б.
2. Койчуманов Ж. Кыргыз макал-лакаптары жана идиома сөздөрү. Б.: Бийиктик, 2011. – 580 б.
3. Макал-лакаптар: «Эл адабияты» сериясынын 10-тому. Б.: Шам, 2001. – 208б.

Asanbekova N.A.
J. Balasagyn Kyrgyz
national University Researcher

Kyrgyz Proverbs- Means of teaching Kyrgyz language syntax

Annotation: *In this article aspects of teaching and instructing and Kyrgyz language resource usage and understanding through proverbs and some methods of anylizing syntax of proverbs is presented.*

Key words*: proverbs, education, mother language, folk education, syntax, resources, book*

УДК: 81. 244 (575.2)

Аскарова Г.М., ОГПИ, колледж
Мамлекеттик тил
кафедрасы, окутуучу

Кыргызстандын келечеги-мамлекеттик тилинде

Аннотация: *Бул макалада кыргыз тили, анын коомдогу орду, учурдагы көйгөйлүү жактары жана өнүгүшүнө карата айрым ойлор айтылат.*

Ачкыч сөздөр*: улуттук тил, маданият, мыйзам, эл аралык, өсүп-өнүгүү*

Аннотация: *В этой статье говорится о месте и проблемах кыргызского языка в современном обществе, а также приводятся некоторые мысли по его развитию.*

Ключевые слова: *государственный язык, культура, закон, международный, равитие (расцвет).*

Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө, анын ичинде Кыргызстанда, жашоо, баалуулуктар жана маалыматтар тез өзгөрүлүп жатат. Бул коомдук кубулуштар окутуу жана тарбиялоодо жаңы көйгөйлөрдү жаратууда. Өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшүндө мамлекеттик тилибиздин орду өзгөчө, анткени тилибиздин маданияты өсүп-өнүгүшүнө жараша коомдун, мамлекеттин келечеги аныкталат. Мамлекет болгон соң, анын мыйзам түрүндө кабыл алган тили болот эмеспи. Биздин мамлекетибиз- Кыргызстан, улутубуз-кыргыз, тилибиз-кыргыз тили. Кыргыз тили - Кыргыз Республикасынын улуттук тили.

1989- жылы 23-сентябрда Кыргыз тили « Мамлекеттик тил» статусуна ээ болгон. Кыргыз тилине мамлекеттик статусунун берилиши-адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө болгон зор кадам, ошону менен бирге коомдун руханий жаңылануунга, жаңыча ой жүгүртүүгө багыт алуусу.

Тилибиздин тагдыры элибиздин тагдыры менен байланыштуу. Кыргыз тилинин тарыхына кайрылсак, анын өнүгүшүнүн тагдыры бир мезгилде тарых тамырын зыркырата сыздаткан учур болду. Эне сүтүнөн жаралган эне тилин коргоп, анын талаптагыдай өсүп-өнүгүшүнө билимин , бардык күч-кубатын арнагандардын өмүрү кыл учунда, бычак мизинде болгондугун эч ким тана албай тургандыгын тарых чындыгы, мезгил таразасы тактап, улуу сөзүн айта алат. Элдин тарыхы, үрп-адаты, салт- санаасы, ал тургай, улуттук кулк-мүнөзү эне тили менен калыптана тургандыгы белгилүү. Элдик оозеки адабияты буга ачык мисал боло алат, тилсиз өсүп – өнүгүү болбойт. Анткени, эне тил адамзаттын, улуттун пикир алышуудагы, байланыш жасоодогу орчундуу зарыл куралы экендигин баса белгилеп кетишибиз керек. Бирок, коомдо кайсы бир мезгилде айрым элдин эне тилдери уламдан- улам акырындап өздөрүнүн табигый милдеттерин өтөөдөн ажырай баштайт. Анткени тил коомду алдыга жылдыруучу курал катары ошол улутта толук кандуу, турмуш- тиричилик, илимий чөйрөлөрүнүн бардык жактарында кеңири колдонулганда гана анын

жашоосу, өмүрү уланат. Албетте, адамзат коому бир калыпта туруп алган жок. Кыргыз тилин бөлүп- жарып, кемсинтип, башка майда улуттардын тилдери сыяктуу жоготууга багытталган орусташтыруу саясатынын саркындыларынан арылып, эне тилибиздин келечеги жаңы өңүттө, жаңы көз караш менен өнүгүүсүнө кам көрүлө турган мезгил да келди. Кыргыз элинин саясий-коомдук, экономикалык,маданий турмушу өзгөрдү. Сабаттуулугу артып, адабияты, маданияты өнүктү. Кыргыз тилинин малекеттик тилдин статусуна ээ болушу анын коомдук кызматын жаңы баскычка көтөрдү. Ал мындай укукка буга чейин эле ээ болууга тийиш болсо да, мурдагы Союздук мамлекеттин тутумунун жылдарында улуттардын жана улуттук тилдердин тең укуктуулугу бузулуп, бир катар жылдар бою кыргыз тилинин коомдук функциясы чектелүүгө учурап келген.Ага келечеги жок тил катары мамиле кылынып, окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде милдеттүү окуп- үйрөнүүдөн алынып ташталган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-статьясында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили катары кыргыз тили мыйзамдык жактан бекемделген. Мунун өзү кыргыз тилин мамлекетибизде жашаган бардык улуттун өкүлдөрүнүн окуп- үйрөнүүсүнүн укуктук-мыйзамдык негизи болуп саналат. [5,4] Мезгил, убакыт өтүп, кыргыз тили мурдагыдан байыды,өстү, көркөмдүгү артты. Кыргыз тилин өнүктүрүү үчүн камкордуктар көрүлдү. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу атайын мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия уюштурулду.Комиссия кыргыз тилин өнуктүрүүгө, жакшыртууга карата көп иш-чараларын программаларын түзүп, алардын аткарылышы боюнча аракеттерди жасады. 80 миң сөздү ичине камтыган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн», эл чарбасынын тармактар боюнча сөздүктөрүн, көрсөтмө куралдарды, жолдомолорду, соңку редакцияланган «Кыргыз тилинин жазуу эрежелери» сыяктуу көп китеп, китепчелерди чыгарып, калктын калың катмарына жеткирди.[3,2] Бирок, булар басма сөз, теле-радио берүүлөрүндө толук пайдаланып жатабы деген суроо туулат. Албетте, канаттандыраарлык эмес. Бул жерде айта кетишибиз керек, албетте, кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин турмушка ашыруудагы кетирилип жана байкалып жаткан кемчиликтерине, ал мыйзамдардын милдеттүү түрдө аткарылуусуна баа берилбегендиги тынчсыздандырат. Эне тилибиздин бүгүнкү абалы-биздин көйгөйлүү жагыбыз, ал эми анын өнүгүшүнө жасап жаткан аракетибиз-анын келечегинен үмүтүбүз, кубанычыбыз.[3,4] Адамзат маданият дүйнөсүндө жашайт жана эмгектенет.Ал эми маданияттын туу чокусу-тил маданияты болуп келген. Ар бир кыргыз жана ар бир кыргызстандык кыргыз тилин адабий тилдин талабына сүйлөөгө жана жаза билүүгө жетишүү доордун талабы.

Тил- улуттун баа жеткис зор байлыгы, улуттук белгиси. Тил- улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт.Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили-кыргыз тили. Ал бардык мекеме-ишканаларында, уюмдарда, билим берүүдө, маданият, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекеттик, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик тармактарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат. Ар адамдын энеси бирөө гана. Ошол сыяктуу элдин тили да бирөө.[3,11] Бизди эл жана мамлекет кылган бир нерсе- бул малекеттик тил. Кыргыз тили кыргыз улутунун гана эмес, Кыргыз мамлекетинин эне тили. Эне тили болгон сон, ал мектепке чейинки таалим- тарбия ишине милдеттүү түрдө киргизилиши керек. Мамлекеттик тилге мамлекеттик деңгээлдеги мамиле, жоопкерчилик болушу кажет. Ал тил мамлекеттин турмуш- тиричилик тили катары жашашы, мамлекетте жашаган ар бир адам өзүнүн жашоо муктаждыгын ошо тил аркылуу канааттандыра ала тургандай шарт түзүлүшү зарыл. Анткени , тил тагдыры- улут тагдыры, кыргыз улутунун улуттук аң-сезиминин тагдыры.

Кыргыз эли байыркы эл, узак тарыхы бар элибиз муундан-муунга эне тилибизди аздектеп келип, бүгүнкү күндө аны мамлекеттик тил даражасына жеткирди. Мындан ары дагы дүйнө жүзүндөгү өлкөлөр арасында мамлекеттик тилибиздин маанисин, коом турмушундагы бийик ордун, эл аралык алакалардагы кадыр-баркын жогору көтөрүү- жалпы улуттук мүдөө деп түшүнөбүз.Улутубуздун улуу касиети, байыркы тарыхы, кайталангыс наркы, салты, сан жеткис санжырасы, керемет руханий дүйнөсү, өнөрү- табылгыс байлык, түбөлүктүү билим биздин эне тилибизде сакталып жатат.

Кыргыз Республикасынын ар бир жараны үчүн эне тили, анын тагдыры, улуттук аң- сезими, көз карандысыздыгынын, улуттугунун белгиси. Мамлекеттик тил качан гана коомдук турмушубуздун саясий- экономикалык, социалдык-маданий тармагында өзүнүн татыктуу ордун ээлеп, бала-бакчадан тартып орто, жогорку окуу жайлардагы окутуу, билим берүү чөйрөсүндө колго алынып, мекеме-ишканаларда иш кагаздары эне тилинде жүргүзүлгөндө, элибиз кыргыз тилинде туура, так сүйлөгөндө гана өнүгө алат. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мамлекеттик

деңгээлде колдонуу- Мекенибиздин улуу урааны. Ата-Журтубузду, элибизди өссүн, өркүндөсүн десек, мамлекеттик тилге өзгөчө көңүл бөлүшүбүз керек. Кыргыз тили жоголсо, кумга сиңген суудай болуп, бөтөн калктын калың катмарына сиңип кетип, бүгүнкү Кыргыз мамлекети эмес, «кыргыз» деген ат угулбай калат. Ошондуктан, ата-бабаларыбыз ыйык туткан улутубузду,тилибизди, мамлекеттүүлүгүбүздү көздүн карегиндей сактоо-кыргыз мамлекетинде жашаган улутуна, тилине, динине карабастан ар бир жаран үчүн милдет. «Улуттун келечеги - тилинде» демекчи, эртеңки келечек үчүн Кыргызстандын ар бир жараны мамлекетти сыйлап, анын тилин, маданиятын, тарыхын сактоого, мекенчил болууга аракет кылып, кийинки муунга үлгү болушубуз абзел.

Элибиздин эл болуп сакталышына,калыптанышына мамлекет катары өсүшүнө өз салымын кошкон баатырларын бүгүнкү күндө айтпай кетүүгө болбойт. Эзелки кыргыз- дүйнөнү дүңгүрөткөн улуу мамлекет, улуу журт болгон. Ошол учурга байланыштуу көп тарыхый маалыматтар заман түпкүрүнөн суурулуп чыгып келүүдө.

Достуктун чыныгы үлгүсү катары кыргыз эли үчүн жан үрөп, элдик оозеки чыгармачылыкты, жазма эстеликтерибизди изилдеген башка улуттардын өкүлдөрү В.Радлов, В.Бартольд, И.Батманов, Ч. Валиханов, М.Ауэзов өңдүү бир топ филолог, тарыхчы, окумуштуулардын, ошондой эле эбегейсиз баалуу эмгекти- «Кыргызча- орусча сөздүктү» түзгөн К. Юдахиндин ысымдарын атап кетүүгө милдеттүүбүз.[1,6]

Албетте, эне тилибиздин мамлекеттик статусун бекемдеген мыйзам саясий маанилүү, кыргыз элинин беделин көтөргөн, түпкүлүктүү, тарыхта байыртан чыйыр калтырган эл экендигин дагы бир жолу көрсөткөн тарыхый документ болду.Анын ар бир статьясы эң алды менен «мен кыргызмын» деген атуулдардын атуулдук парыздарынын бийиктиги. Буга байланыштуу айкын милдеттер:

1. Эне тилди үйрөтүү боюнча ийрим, мектеп,орто жана жогорку окуу жайлары үчүн окуу программалары , окуу китептерин,колдонмо сөздүктөрдү түзүүгө илимий коомчулуктун активдүү катышуусу;
2. Басма, радио, теле көрсөтүү аркылуу уюштурулуучу берүүлөргө катышып,аны жогорку деңгээлде, түшүнүктүү болушуна салым кошуу, мамлекеттик тилдин орундуу, таза колдонулушун, кадыр-баркын көтөрүү;
3. Басма сөз бетинде тил маданиятынын сакталышына сабаттуулугуна жасаган грамматикалык эрежелердин сакталышы;
4. Жогорку жана орто окуу жайларында, мектептерде кыргыз тилин мазмундуу, терең илимий деңгээлде окутууга жетишүү;
5. Оозеки кепте эне тилдин тазалыгына жетишүүгө кам көрүү;
6. Башка улуттардын өкүлдөрү менен оозеки пикир алышууда кыргыз тилин аларга таңуулоо же « менин тилимдин мамлекеттик статусу сени ал тилде сүйлөөгө милдеттендирет» дегенден оолак болуп, чыныгы маданияттуулукту, достук жылуу мамилелерди эл аралык катнашта да баса көрсөтө алуу жөндөмдүүлүгүнө жетишүүнү көрсөтө алуусу, ага үлгү болуусу;
7. Мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында сааттарды көбөйтүп, сынак жүргүзүүнү, ишке кирүүдө мамлекеттик тилди билүү зарылдыгын түзүү;

Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын ар бир жараны тилибиздин эртеңки келечегин ойлоо, тил боюнча чыгарылган мыйзамдарды ишке ашыруу, ага кайдыгерлик менен мамиле жасабастан, сыйлап,барктап, кадырына жеткенде гана кыргыз тили өнүгө алат, күч-кубатка толот.

Колдонулган адабияттар:

1. Журнал «Кыргыз тили жана адабияты», №1, 2010
2. Сартбаев К.К. «Кыргыз тилин окутуунун методикасы» Ф. Мектеп- 1978
3. «Кыргыз тили» гезити, 2011-жыл, 25- октябрь
4. Мусаев С. «Кыргыз тилинин жазуу эрежелери», Бишкек- 2004
5. Рысбаев С. «Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери», Бишкек-2011
6. Рысбаев С. «Орто мектепте кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун технологиялары» , Бишкек- 2008
7. Аширбаев Т. «Орфографиялык эрежелер», Ош- 2015
8. « Эл агартуу», 2010

Askarova G.M.

The Future of Kyrgyzstan is in the National Language

Annotation*: This article is about place and problems of Kyrgyz language in society and also to suggest some ideas of their development.*

Keywords: *State language, culture, law, international, development (blossoming).*

УДК: 494.3::894.341:371.302

Б. Байтикова, ОшМУ, улук окутуучу
Б. Байтиков, ОшМСУ, улук окутуучу

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы

Аннотация: *Макалада өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы тууралуу сөз болот.*

Ачкыч сөздөр*: мамлекеттик тил, улуттук мектептер, адис, окуу программасы, окуу китептери, өзбек-тажик мектептери, мыйзам, кыргыз тили.*

Аннотация: *В данной статье говорится история обучения кыргызской литературы в узбекскоязычных школах.*

Ключевые слова*: государственный язык, национальные школы, специалист, учебная программа, учебники, узбекско-таджикские школы, закон, кыргызский язык.*

Мезгил өтүп, коом өзгөргөн сайын мамлекеттик тилге өзгөчө көңүл бөлүнүп, бөтөн тилдүү аудиторияга мамлекеттик тилди окутуу маселеси курч коюлуп жатат. Учурунда мамлекеттик тилди улуттук мектептерде окутуу маселеси оор маселе болсо, бүгүнкү күндө бул маселе оң жагына чечилип, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө ар тараптуу камкордуктар көрүлүүдө.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамы[10], Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча Жарлыгы [11], Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы [5] мугалимдердин, окумуштуулардын алдына көптөгөн милдеттерди койду.

Улуттук мектептерде (өзбек, тажик, орус) кыргыз тилин жана адабиятын окутуу кыргыз эли эгемендүүлүк алган жылдардан бери киргизилип, алгач окутуу маселесинде бир топ кыйынчылыктардын болгону баарыбызга белгилүү. Анткени өз учурунда адистердин жетишпестиги, атайын окуу китептеринин, окуу куралдарынын, окуу программаларынын жоктугу же шашылыш иштелип чыгылган бул предметтерди окутууда чоң көйгөйлөрдү жаратты. Ошентсе да, окумуштуулар да, улуттук мектептерде кыргыз тилин, кыргыз адабиятын окуткан мугалимдер да бар мүмкүнчүлүктөрүн аябай, улуттун өзгөчөлүктөрүнө карай окуу программаларын, окуу китептерин этап менен түзүп чыгышты.

Окумуштуу Т. Үсөналиев бул мезгил тууралуу мындай деп жазат: “Орус тилинде окутуу жүргүзүлгөн мектептерде 1989-жылдардан баштап кыргыз тилин алгач жылаңач, жайдак баштап, канаты сынган өрдөктөй өзүн жалгыз окуттук. Ошол эле кезде орус адабияты, орус тили кош бирдикте кыргыз мектептеринде окутулуп келди. Кечинен болсо да, араң он чакты жылдардан кийин кыргыз адабияты окутууга киргизилди. Ага атайын саат бөлүнүп, жогорку жактан көрсөтмө берилген соң, кубануу менен кабыл алынып, мектепте жайдак жерден окутула баштады. Алгач мугалимдер табылган эле ар кайсы көркөм чыгарманы окутуп келишкен. Предмет катары минтип окутууга жарабайт эле”[16]. Орус класстарындагы кыргыз адабиятын окутуу боюнча көрүнүш өзбек, тажик мектептеринде да кайталанып, мугалимдер кыргыз адабиятын окутууда көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушту.

“Окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун концепциясында” [15] мындай айтылат: “1988-жылдан баштап, орус, өзбек жана тажик мектебинде кыргыз тилин окутуу, адегенде, кош тилдүүлүктү калыптандыруу ишинен баштап, атайын программа жазылып, окуу китебин даярдоого киришилген. 1989-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндөгү Мыйзамы бул ишти андан ары улантууга

шарт түзгөн. Ошону менен бирге, бул тараптан тажрыйбасы жок кыргыз педагогикалык коомчулугу орус, өзбек, тажик мектептеринде кыргыз тили сабагын окутууга кандай мамиле кылынууга тийиш?-деген суроону алдыга койгон.

Биринчиден, мыйзамдык негизде, бул сабак мектепте милдеттүү түрдө өздөштүрүлүүчү окуу предметинин бири катары эсептелүүгө тийиш. Ал бара-бара республикабыздагы түрдүү элдердин өз ара байланышын, пикир алышуусун жүзөгө ашыруучу, алардын рухааний дүйнөсүн жакындаштыруучу негизги каражат, тактап айтканда, улуттардын өз ара макулдашуусунун данакери, интернационалдык сезим-туюмдардын алиппеси болор өзгөчө сабак катары каралуусу керек".

Чын эле, 1989-жылы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзам жарыяланып, аны ишке ашыруу боюнча мамлекеттик иш-чаралар иштелип чыккан. Аталган мыйзамдын аткарылышына байланыштуу мамлекеттик деңгээлдеги документтер: "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин андан ары өркүндөтүү жөнүндөгү" Президенттин Указы (1999. 20.01.), Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин андан ары өркүндөтүү маселелери жөнүндөгү Токтому (1999. 07.04.), 2000-2010-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин андан ары өркүндөтүү программасы жөнүндөгү Указ (2000.20.09.) жана бул иш-чаралардын аткарылышы тууралуу документтер кыргыз тилинин кадыр-баркын көтөрүп, аны окуп үйрөнүү зарыл экендигин айгинелеп турат.

Ошентип, кыргыз тили окуу предмети катары орус мектептеринде эле эмес, Кыргызстанда жашаган улуттардынн өкүлдөрү өзбек, тажик, дунган тилдүү мектептерге киргизилди.

Республиканын аймагында иштеп жаткан 2016 мектептин 224 өзбек мектеби, анын ичинде нукура өзбек жана аралаш (кыргыз, орус, өзбек) мектептер да бар. Алардын баарында өтүлгөн окуу сабактарынын катарында кыргыз тили 1990-жылдан тартып окутулуп келе жатат. Бул жөнүндө окумуштуу А. Акматова мындай деп жазат: "... 1993-жылы II-III класстар, 1997-жылы IV-IX класстар үчүн "Кыргыз тилинин программасы", анын негизинде II класс үчүн, А. Назаров жана Т. Аширбаевдер 1999-жылы III класс үчүн (2001) "Кыргыз тили", Т. Аширбаев, А. Кадырова, Г. Ашимбаеванын "Кыргыз тили" VII класс үчүн окуу китептери жарык көргөн [2].

Өзбек мектептеринде кыргыз адабияты окулганга чейин бул предметтин милдеттерин кыргыз тили предмети аткарып келди. Кыргыз тили окуу китептеринде грамматикалык темаларга байланышкан көнүгүүлөрдөн башка кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, каада-салтын, ошондой эле акын-жазуучулардын кыскача өмүр-баяндарын, чыгармаларын камтыган маалыматтар киргизилип, негизинен өлкө таанытуучулук принцибине таянды. Мисалы, Т. Аширбаев, А. Кадырова, Г. Ашимбаевалардын авторлугундагы "Кыргыз тили" (VII класс үчүн) окуу китебинде [3]: "Ак калпактын касиети", "Ала - Too", "Түшүм майрамы", "Күлазык", "Устукан тартуу", "Көөкөр" сыяктуу тексттер жана А. Жакыпбековдун "Теңири Манас" романынан, Ч. Айтматовдун жана башка акын-жазуучулардын чыгармаларынан у.с. үзүндүлөр камтылган.

Өзбек тили кыргыз тилине тектеш жана жакын болгону менен фонетикалык жана артикуляциялык жактан айырмаланат. Ошондуктан өзбек мектептери үчүн түзүлгөн "Кыргыз тили" окуу китептеринде кеп өстүрүү маселесине басым жасалган.

1993-жылы эң алгачкы нормативдик документ "Кыргыз тилинин программасы" түзүлүп, өзбек мектептеринде кыргыз тилин I баскычта окутууга II-III класстарга үчүн арналган, андан кийин 1997-жылы II баскычта кайра эле жогорудагы окумуштуу-авторлор тарабынан IV-IX класстар үчүн "Кыргыз тилинин программасы" [7] иштелген.

Кийинчерээк, (2007-жылы) окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин I-XI класстары үчүн окумуштуулар Т. Аширбаев, С. Рысбаев, З. Тагаева, А. Акматова, Б. Абдухамидова тарабынан "Кыргыз тилинин программасы" кайрадан оңдолуп, толукталып иштелип чыкты. Бул программада окутуу үч баскычка ажыратылып, ар бир баскычтын өзүнө тиешелүү болгон бөтөнчөлүктөрү, милдеттери аныкталды.

Жогоруда белгилегендей, адабият сабагы кыргыз тилинин ичинде окутулуп, адабиятты окуткан сааттын эсеби кыргыз тилине берилди.

1999-жылы өзбек мектептеринин V-IX класстары үчүн окумуштуулар Ж.Шериев, С. Момуналиевдер тарабынан "Кыргыз адабиятынын программасы" [4] түзүлдү. Бул программаны түзүүдө кыргыз мектептеринин адабиятты окутуу программасы негиз кылып алынды жана өзбек мектептеринин программалары менен салыштырылып иштелди. Окуу программасы түзүлгөнү менен, окуу китептеринин жоктугу ошол учурдагы мугалимдерге көптөгөн түйшүктөрдү туудурду. Айрым чыгармалар дээрлик өтүлбөй калды. Китеп маселеси, окуу-усулдук

колдонмолордун жоктугу өзүнчө маселе болсо, бөтөн тилдүү аудиторияда кыргыз тилин, адабиятын окутуучу адистердин жетишпестиги да көйгөйлүү маселелердин бири болду.

2004-жылы окумуштуу С. Момуналиевдин авторлугунда окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн "Кыргыз адабияты" (хрестоматия)[12] түзүлүп, мектептерге таркатылды. 2008-жылы жогорудагы автор тарабынан өзбек мектептеринин 6-классы үчүн жазылган "Кыргыз адабияты" (хрестоматия) [13] окуу китеби жарык көрдү.

2008-жылы окумуштуу А. Муратов жана ОшМУнун алдындагы Ош шаардык №18 А Навои атындагы гимназия мектебинин мугалими К. Акматов тарабынан окутуу өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн "Кыргыз адабиятынын программасы" [8] иштелип чыгылды. Түзүүчүлөр бул программаны түзүү зарылдыгын төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт: "...1999-жылы Ж. Шериев жана С. Момуналиев тарабынан түзүлгөн 5-9-класстар үчүн кыргыз адабиятынын программасы колдонулуп келген. Ал эми 10-11-класстар үчүн кыргыз адабиятынын программасы алиге чейин түзүлгөн эмес эле.

...Программа, биринчиден, дүйнөлүк билим берүү жана окутуу тармагындагы соңку жетишкендиктерди эске алып, азыркы талаптарга ылайыкталды. Экинчиден, бул нормативдик документ өзбек, тажик мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу багытындагы алгачкы топтолгон тажрыйбалар, мугалим-практиктердин пикир-сунуштары эске алынуу менен бир кыйла жөнөкөйлөштүрүлүп иштелди.

Үчүнчүдөн, 2007-2008-окуу жылына сунуш этилген жаңы окуу планына ылайык сааттардын бөлүштүрүлүшүнө карап материалдар бир кыйла конкреттештирилип берилди. Кыргыз адабияты предмети 5-9-класстарда жумасына эки, 10-11-класстарда жумасына бир сааттан окутуулууга негизделгендиктен, материалдар ошого карап жайгаштырылды" [8:3]

Бул программа альтернативалуу программа катары кабыл алынып, өзбек мектептеринин мугалимдерине таркатылып, айрым мугалимдер С. Момуналиевдин программасы менен, айрымдары А. Муратов, К. Акматов түзгөн программалар менен иштей баштады. Ошондой эле, кээ бир мугалимдер А. Муратовдун, Б. Кыдырбаеванын [6] авторлугундагы орус, өзбек, тажик мектептери үчүн түзүлгөн хрестоматия-окуулуктары менен окута башташты. Натыйжада, мектептерде эки программаны тең колдонуучулар болду.

2011-жылы окумуштуу С. Момуналиев тарабынан өзбек мектептеринин V-XI класстары үчүн "Кыргыз адабиятынын программасы" толуктоолор менен пайдаланууга сунушталды [9].

2012-жылы ушул эле автордун өзбек мектептеринин 7-8-9-класстары үчүн кыргыз адабияты хрестоматия-окуулугу сунушталып, пайдалануу берилди.

Өзбек мектептеринде адабиятты окутуу маселеси бүгүнкү күнгө чейин курч маселе боюнча калууда, анткени биринчиден, мамлекеттеги экономикалык кырдаал оор болуп, акыркы он жыл аралыгындагы кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин башка мамлекеттерге чыгып кетишти. Экинчиден, эки элдин этникалык араздашуусунан улам көптөгөн кыргыз тилчи мугалимдер өзбек тилдүү мектептердеги ишин таштап, башка мектептерге которулушту же таптакыр эле кызматынан бошошту. Үчүнчүдөн, адис мугалимдердин катарын ЖОЖдордун сырттан окуу бөлүмүн аяктаган өзбек улутундагы мугалимдер толукташты. Муну менен кыргыз тилин жана адабиятын окутуу жагы бир кыйла аксады десек жаңылышпайбыз. Жогоруда белгилегенибиздей, адабиятты окутууда окуу-усулдук колдонмолордун жоктугу же тажрыйбалуу мугалимдердин иш-тажрыйбасынын жайылтылбашы бөтөн тилдүү аудиториялардагы адабиятчы мугалимдерге кыйынчылыктарды туудурат.

2009-жылы өзбек мектептеринде адабиятты окутуу боюнча бирин-серин айрым бир макалаларды албаганда К. Акматов жана Т. Колдошов тарабынан "Элдик оозеки чыгармаларды өзбек мектептерде окутуу" [1] аттуу усулдук колдонмо жарык көргөн. Колдонмо 2008-жылы окумуштуу А. Муратов жана ОшМУнун алдындагы Ош шаардык №18 А Навои атындагы гимназия мектебинин мугалими К. Акматов тарабынан окутуу өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн түзүлгөн "Кыргыз адабиятынын программасынын" негизинде түзүлүп, окуу программасындагы элдик оозеки чыгармалар "Акыл Карачач" жомогу, дидактикалык чыгармалар, "Манастын төрөлүшү", "Кожожаш" эпосу, лирикалык ырларды окутуунун ыкмалары, жол-жобосу жана айрым сабактардын иштелмелери берилген.

Бүгүнкү күнү адабиятты окутуу багытынын алдында да бир топ олуттуу проблемалар бар. Окумуштуулардын иликтөөлөрү боюнча да жана биздин баамыбызда да буларга төмөнкүлөр: көркөм чыгармаларды окууга болгон окуучулардын кызыгуусун жаратуу; окурмандык таасирге таянуу аркылуу окуучулардын окурмандык активдүүлүгүн ойготуу, окурмандык маданиятын жана

көркөм табиттери менен эстетикалык табиттерин өркүндөтүү; кандай гана заман, коомдук түзүлүштөрдө болбосун чыгарманын эч качан жоготпоочу улуттук жалпы адамзаттык көркөм баалуулугунун маанисин сездирүү; сабактын түрдүү формаларын уюштуруу жана окутуу методдорун замандын талабына ылайык иргөө, тандоо, колдонуу; эң башкысы адамды-ар тараптуу жана гармониялуу өнүккөн адамды калыптандыруу кирет [14:12,13]

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуу маселесинин тарыхы көп кырдуу болбосо да, өзүнүн предметине, изилдөө ыктарына, принциптерине ээ жаш илимдердин катарында. Анткени көп улуттуу эгемендүү Кыргызстандагы ар бир атуул өз мекенинин артыкчылыктарын, тарыхын, маданиятын адабияттардын диалогунун негизинде түшүнүп, өз Мекенине болгон патриоттук сезими ойгоноруна шек жок.

Маалымат булактары:

1. Акматов К. Колдошов Т. Элдик оозеки чыгармачылыкты өзбек мектептерде окутуу. Усулдук колдонмо. - Ош: 2009
2. Акматова А. Кыргыз тилин өзбек мектептеринде окутуунун учурдагы абалы. “Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы” илимий журналы. №3, 2004
3. Аширбаев Т., Кадырова А., Ашимбаева Г. Кыргыз тили.7-класс. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китеби.-Б.: 2002
4. Кыргыз адабиятынын программасы. Өзбек мектептеринин 5-9-класстары үчүн. Түзүүчү: Ж.Шериев, С. Момуналиев. Ош: ОшКУУ, 2009
5. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы: Б.: 2014
6. Кыргыз адабияты: 10-кл. үчүн кыргыз адабиятынын сынакка коюлган хрестоматиялык окуу китеби. Окутуу мамлекеттик тилде жүргүзүлбөгөн (орус, өзбек, тажик ж.б.) мектептерге арналат./Авт.-түз.: А.Ж.Муратов, Б.А.Кыдырбаева. - Б.: 2009
7. Кыргыз тилинин программасы. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 4-9-класстары үчүн.Б.:1997
8. Кыргыз адабиятынын программасы: окутуу өзбек тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептердин V-XY класстары үчүн/Түз: Муратов А., Акматов К. - Б.: 2008
9. Кыргыз адабиятынын программасы. Өзбек мектептеринин 5-11- класстары үчүн. Түзүүчү: Момуналиев С. Ош: ОшКУУ, 2011
10. Мамлекеттик тил боюнча расмий материалдардын жыйнагы. Кыргыз жана орус тилдеринде/-Б.: Бийиктик, 2006
11.Мамлекеттик тил-менин сыймыгым (1989-2014). / Түз. А.Телекманова, Б. Байтикова, Н. Балтабаева. – Ош: 2014
12.Момуналиев С. Кыргыз адабияты: Хрестоматия: Окутуу өзбек тилде жүргүзүлүүчү мектептердин 5 – кл. үчүн окуу китеби – Уш – Б.: 2004
13.Момуналиев С. Кыргыз адабияты. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-класстары үчүн окуу китеби. – Учкун, 2008
14.Момуналиев С. Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык-методикалык негиздери. Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. - Б.: 2011
15.Рысбаев.С., Добаев К., Абдухамидова Б. Окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун концепциясы. “Мугалимдер дүйнөсү” гезити, №7-8, 2011
16. Үсөналиев, Т. Кыргыз тилин канткенде жакшы окутабыз. / Кутбилим, 2009, 20-март. -7-б.

B. Baitikova, Osh SU, head teacher
B. Baitikov, Osh NSU, head teacher

The history of teaching Kyrgyz literature in Uzbek Language Schools

***Annotation**: In this article refers the history of education of Kyrgyz literature in Uzbek language schools.*

***Keywords:** national language, national schools, specialist, curriculum, textbooks, Uzbek-Tajik schools, the law, the Kyrgyz language*

УДК: 82.282.378.147

Бекмуратова Р., ОшМУ
финансы-юридикалык колледж

“Ч.Айтматовдун “Жетинин бири” аңгемесин” окутуу

***Аннотация**: Макалада Ч.Айтматовдун “Жетинин бири” аңгемесин башкарып окутуу ыкмасы менен окутуунун айрым усулдары берилди.*

***Ачкыч сөздөр:** жазуучу, Мекен, жетинчи адам, революция, ыр, тап күрөшү, туулган жер.*

***Аннотация:** В статье даны некоторые методы обучения рассказа Ч.Айтматова “Шестеро из седьмой”.*

***Ключевые слова:** писатель, Родина, седьмой человек, революция, песня, классовая борьба, земля предков.*

XXI кылымдын кадрларына азыркы демократиялык коомдо татыктуу билим берүү замандын оош-кыйыш шарттарына туруштук бере алган инсандарды даярдоо бүгүнкү окутуунун негизги милдети болуп саналат. Ушул максатта билим берүүдө окутуунун жаңы технологияларын колдонуу аркылуу студенттер менен заманбап ыкма, инновациялык усулдарды пайдалануу окутуу процессинде сапаттуу натыйжа алууга өбөлгө десек болот. Айрыкча билим берүүнү жаңы мазмун, жаңы формага салуу маселеси өзгөчө орто окуу жайларынын окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн тайпалары үчүн актуалдуу. Анткени билим берүү системасында адабият сабагынын мааниси өтө зор, ал адамзаттын дүйнөгө болгон көз карашын, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө чеберчилигин калыптандырып, адамдын акыл сезимин, дүйнө таанымын, логикалык ой жүгүртүүсүн, сүйлөө кебин өстүрөт.

Орус элинин белгилүү адабий сынчысы В.Г.Белинский: “Адабият деген – жазуучунун шаңдуу фантазиясы эмес, турмуш талабы, эркин көңүл эргүүнүн жемиши жана элдин күч-аракети, көркөм адабиятта улуттук дух, элдин ички дүйнөсүнүн символу, байлыгы сөзсүз чагылдырылышы керек. Адабият прогрессивдүү өнүгүү жолу менен адам жашоосун бийик, асыл, сонун, укмуш мазмун менен толукташ үчүн кызмат кылат ” [2; 15] – деп “Адабий арзуулар. Прозадагы элегия” чыгармасында айткандай адабияттын мааниси терең жана мазмундуу.

Адабиятты окутуп үйрөнүү менен бирге студенттерди адамдардын жеке кызыкчылыгын гана ойлогон жаман ойлордон, терс сапаттардан арылтууга, эстетикалык табитин жогорулатууга көңүл бурулат. Билим берүү системасында адабият сабагынын мааниси өтө чон, себеби ал адам баласынын дүйнөлүк таанымы, ой жүгүртүүсү, сүйлөө ишмердүүлүгү аркылуу жаралып, адамдын акыл-эсин, логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрөт. [5; 77]

Студент адабият сабагын жакшы өздөштүрбөй туруп өз көз карашын, толук кандуу пикирин элге жеткирүүдъ да кыйынчылыкка тушугушу ыктымал жана башка предметтерди өздөштүүдө да тоскоолдукка учурашы мүмкүн. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн тайпаларда студенттердин кыргыз адабияты сабагына болгон кызыгуусун арттыруу максатында инновациялык усулдарды пайдалануу - учурдун талабы.

Окутуунун инновациялык усулдары окутуучунун ар бир студент менен иштөөсүнө, баарлашуусуна мүмкүнчүлүк жаратып, өтүлгөн теманы терең өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

“Ч.Айтматовдун “Жетинин бири” аңгемесин” өтүүдө алгач окутуучу студенттерди эки топко бөлүп, андан соң студенттердин көңүлүн бир жерге топтоо, ой жүгүртүүлүрүн өстүрүү максатында муз жаргычты колдонот. Кыргыз элинин дөөлөттөрү болгон Мекен темасындагы макал-лакаптар ватманга жарым-жартылай жазылып, доскага илинет. Студенттер берилген макал-лакаптарды толуктап жазышат жана анын маанисин чечмелешет. Көп макалды толуктаган студент окутуучу тарабынан бааланып турат.

Муз жаргычтын максаты: Мекен темасындагы макал-лакаптардын тарбиялык маанисин чечмелөө, студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тапкычтыкка үйрөтүү болуп эсептелет.

Мисалы:

1. Жаман жигит жин сактайт, _____ _____ ___ _____
2. Журт мазар, _____ _____ ___ 2. Эл четине жоо келсе, ____ ____ _____
3. Үйүрүн сагынбас ат ат болбойт, _____ _____ ___ ____ _____.
4. Бетеге кетет, бел калат, _____ _____, ____ _____.

5. Бастырганды билбеген жолду бузат,_____ _____ _____ _____ .
6. Туулган жердин _____ _____. [3;46-47-48]

Үй тапшырмага “Ак кеме” повестиндеги баланын образы боюнча эссе жазып келишет. Эссеге студенттер өздөрү каалагандай тема коюп окуп беришет. Тайпанын тандоосу боюнча айрым студенттердин эсселери окулат. Калган студенттердин эсселери бош жерге илинет, аны бош убактыларында окушат, эссеге карата ой пикирлерин кийинки сабакта эске салышат, пикирлерин айтышат. Слайд аркылуу Ч.Айтматов, анын “Кыямат” романы жана андагы каармандар жөнүндө жазылган материал көрсөтүлөт. Роман жөнүндө керектүү маалыматтарды алышат.

Жаңы темага чакыруу максатында кыргыз тилинде, орус тилинде жана башка тилде билген жети санына байланыштуу ишенимдер, макал-лакаптар, учкул сөздөрд\ айтуу суралат.

Мисалга алсак:

“Жети өлчөп, бир кес” – “Семь раз отмерь, один раз отрежь”.

“Жетинин бири Кызыр”, “Жети атасын билбеген кул”,

“Семеро одного не ждут”, “Один с сошкой, семеро с ложкой”,

“Бала жетиге чыкканча жерден жети жолу таяк жейт”

жетилигин өткөрүү, жети токоч баабедин ж.б.у.с.

Максаты: Кыргыз элинин, башка элдердин улуттук каада-салттарын, элдик ишенимдерди билүү, алардын тарбиялык маанисин чечмелөө.

Текстке чакыруу этабы. Мында тексттин ичинен тандалып алынган ачкыч сөздөр берилет. Студенттер ачкыч сөздөрдү пайдаланып, 5 мүнөт убакытта байланыштуу текст түзүшөт. Түзгөн тексттерин жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден текст окулат.

Ачкыч сөздөр: туулган жер, революция, дарыядагы кыргын, жетинчи адам, оор маузер, коштошуу ыры, алты адам.

Текст башкарып окутуу ыкмасы менен окутулат.

Башкарып окутуу – тексттин мазмунуна жана идеясына жараша алдын ала божомолдоого жана суроолор түзүлүшүнө негизделген текст менен иштөө ыкмасы. [4; 102] Тексттин алгачкы бөлүгү окулат. Тексттеги түшүнүксүз сөздөрдүн түшүндүрмөсү, котормосу ар бир тексттин аягында берилген.

Революциянын жалындап турган учуру, кан төгүлүп, атуул согушу жүрүп жаткан чак. Революция акыркы айыгышкан кармаштарда өзүнүн эртеңки өмүрүн, басчу жолун айкындап, бекемдөөдө; Грузияга да арийне, тарыхтын бул тилкесине мүнөздүү тагдыр туш келген – Совет бийлиги жеңип, революцияга каршы колуна курал алып чыккан душмандардын калган-каткандарын бардык жерден, атүгүл алыскы тоо арасындагы айыл-кыштактардан да кубалап, сүрүп бараткан кез. Мындай тапта негизги мыйзам ушу – эгер душман багынбаса ал жок кылынат, ага ырайым болбойт. Айрыкча Гурам Джохадзе деген өткүр жигит топ курап, жаңы бийликке жан талаша каршы чыгат. Өзү мурдагы жылкычы, бул чөлкөмдөгү тоо арасын , жер танабын беш колундай билген неме, эми минтип жигит топтоп, тап күрөшүнүн татаал жолуна туш келип куюндап чабуул коюп, кайра кайыптай жок болуп, өжөрлөнүп колго түшпөй жүрөт. Бирок канткен менен анын да күнү бүтүп барат. Гурамдын отрядына чекист жиберилет, кокус билинип калса эмне болору белгилүү иш, ошого карабай ал тобокелге салып, эптеп Гурам Джохадзенин ишенимине кирип, анын жан жигиттеринин бири болуп калат. Чексттин аракети аркасында мындай бир кырдаал түзүлөт: катуу салгылаштан кийин жигиттеринин бир тобунан айрылган Гурам Джохадзе дарыядан кечип өтө берер жерден мурдатан өңүп отурган буктурмага кептелет. Тоо арасындагы жайык өзөн, Джохадзе жоон топ жигиттери менен ат үстүндө суу жиреп кетип баратат. Суунун дал ортосуна жетип, өйүз-бүйүз эки жээктин көмүскө жерине мурдатан орнотулуп коюлган эки пулеметтон каршы-терши ок мөндүрдөй төгүп кирет. Адамдар ат үстүнөн топтой учуп, сууга кулап, октон өлбөгөнү суу ичинде тумчугуп, андан өлүп, өзөн үстү ат менен адамдын өлүгүнө толуп чыгат. Бирок Гурам Джохадзе – тагдыр колдогон кишиге айла жок! - шарт артка бурулуп, аргымагынын күчүнө салып жээкке жетип, жээкти бойлой бадалды аралай чаап, октон башын ала качып чыгат.

Дарыянын үстүндөгү катуу кыргындан кийин кокту-колот, капчыгай-өрөөндөрдүн коен жатагына чейин жакшы билген Гурам Джохадзе ошо күнү кеч күүгүмдө Түркиянын чек арасына жакын, тоо арасындагы киши жетпес бир токойлуу жерге өргүү кылды. Аттардын ээрин алып-албай баары тең, алты адам менен жетинчи киши, ырп этээрге алдары жок чарчаган немелер, ар кими ар жерге тоголонуп жатып алышты. Бешөө ошо замат эле жыга чапкандай уйкуга кирди, экөө гана уктабай жатты. Бири – чекист Сандро, көңүлү тынчыбай, эми кандай кылмакчымын,

буйрукту кантип аткарам, канткенде мунун жазасын колуна берем деп санаасы – санга бөлүнүп, ал жатты. Бүгүнкү катуу талкаланыштан кийин жигиттеринен айрылганына жүрөгү канап, эртеңки тагдырын ойлоп, көөдөнүн от каптап, өрттөй өктөм Гурам Джохадзе, бул жатты. Революциянын мыйзамына ылайык эки тарапка бөлүнгөн, кайнаса каны кошулбаган, бири-бирине кас бул эки адам дагы эмнелерде ойлоп жатканын билсе бир Кудай билер. [1;61-90]

Котормо сөздүк:

Атуул согушу- гражданская война ***Буктурма***-засада

өргүү кылды–остановились на привал ***өзөн***–речка, небольшая река

Түшүндүрмө сөздүк:

Жер танабын беш колундай билген неме – коен жатагына чейин Жакшы билген – бүт бардыгын, ой-чуңкурунан бери, эч нерсесин калтырбай билүү

Кайыптай жок болуп–көзгө көрүнбөй жок болуп кетүү

Ырп (тырп) этээрге алдары жок– кыймылдоого алы жок

Кайнаса каны кошулбаган–бири-бирине жакындыгы, тууганчылыгы жок

Чекист – мамлекетке жашыруун кызмат кылган аскер адамы

Өңүп олтурган – жашынып отурган

Текстке талдоо. - Кимдин айткан ою же түзгөн тексти жакындашты?

- Окуя эмне жөнүндө болду, кайсы революция жөнүндө сөз болуп жатат?

- Ал качан болгон? 1917-жылы.

- Текстте кимдер жөнүндө сөз болуп жатат?

- Гурам Джохадзе жана жигиттери, чекист Сандро жөнүндө сөз болуп жатат.

- Алар кимдер?

- Гурам Джохадзе жана жигиттери –Совет бийлигинин душмандары, чекист Сандро – Совет бийлиги үчүн күрөшкөн адам.

- Алардын абалы кандай эле? Текстен таап окугула.

- Алардын ырп этээрге алдары жок чарчаган немелер, ар кими ар жерге тоголонуп жатып калышкан эле.

- Текстин алгачкы бөлүгүндөгү акыркы сүйлөмдү окугула.

Революциянын мыйзамына ылайык эки тарапка бөлүнгөн, кайнаса каны кошулбаган, бири-бирине кас бул эки адам дагы эмнелерди ойлоп жатканын билсе бир Кудай билер.

- Силердин оюңарча, бул эки адам эмнени ойлоп турат, эмне үчүн Гурам жана Сандро уктай алышпай жатат?

Талкуу жүргүзүлөт. Ар бир студент өз оюн дептерге жазат, жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден ой айтылат.

II..Текстин 1-тынымы окулат. **I тыным**

Айдын толуп турган кези, оң тараптан жаркырап тийип турат, түнкү токой өзүнчө бир оор күңгүрөнүп, төмөндөп таштан ташка урунуп, шаркырап аккан дарыянын дабышы келет, аска таштар арсайып, мисирейип, айланадагы тоолор тымтырс. Аңгыча жүрөгү бир нерсени сезгендей Гурам Джохадзе капысынан ыргып турду.

- Сен ойгоо жатасыңбы, Сандро?-деп таң кала сурады ал жетинчи кишиден.
- Ойгоо жатам, сен эмне тура калдың?-деп кайра өзүнө суроо салды Сандро.
- А мен жөн эле. Уйкум келбейт, мына бу жерге жата алчудай эмесмин, ай өтө эле жаркырап туруп алды. Үңкүргө барып жатам.
- Джохадзе кементайын, курал-жарагын, башына жазданаарга ээрин алып, ары баса берерде мындай деди: - Калган сөздү эртең сүйлөшөбүз. Эми биздин кеп-сөзүбүздүн бүтөрүнө да аз калды.

Ал түн ошо менен өттү, эртең менен Гурам Джохадзе аттарды токугула деп буйруду. Анын оюнда эмне турганын, эмне ниети бар экенин эч ким билген жок. Токулган аттарды суулуктан кармай, баары анын алдына келип, унчукпай туруп калышты. Ошондо ал бир үшкүрүнүп алды да:

- Жок, - деди, -туулган жерден минтип жөнөп кеткенибиз болбойт. Бүгүн мына бу киндик каныбыз тамып, боорубузду көтөрүп өсүп чыккан жерибиз менен коштошобуз, анан ар кимибиз каалаган жолубузга түшөбүз. Азырынча өз жерибизде турабыз, демек, өз үйүбүздө тургандай иш жасайлык.

Кечинде баары – алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту.

- Аттар токулуубу, шарт минип, жөнөп берүүгө даярсыңарбы? – деп сурады Гурам Джохадзе. Бардыгы унчукпай баштарын ийкешти.

- Бу сен, Сандро, - деди капыстан Гурам Джохадзе,- отундун кургагынан жакшы жыйнапсың, дуулдап күйүбатат, бирок очоктон оолак жыйып салганың кандай?
- Ага кабатыр болбо, Гурам, оттун милдети менде, өзүм жайгарам. А сен айтчу сөзүңдү айта бер. [1;61-90]

Котормо сөздүк:

Үңкүргө– в пещеру ***Кабатыр болбо***– не беспокойся ***Суулук***-уздечко

Түшүндүрмө сөздүк:

Кементайын – кийизден жасалган сырткы кийим

Боорубузду көтөрүп– чоңоюу, өсүп-жетилүү

Токой оор күңгүрөнүп–токойдон муңдуу, бүдөмүк добуш чыгаруу

Мисирейип–үн чыгарбай катыгансып карап туруу

1. Текстин 1-тынымына талдоо

- Ачкыч сөздөрдү пайдаланып түзгөн текстке кимдин айткан ою дал келди?
- Кимдин божомолу дал келди? - Чындыгында эмне болду?
- Ушул сүрөттөөдө жаратылыштын сүрөттөлүшү кандай? Ким көркөм окуп берет?
- Айдын толуп турган кези, оң тараптан жаркырап тийип турат, түнкү токой өзүнчө бир оор күңгүрөнүп, төмөндөп таштан ташка урунуп, шаркырап аккан дарыянын дабышы келет, аска таштар арсайып, мисирейип, айланадагы тоолор тымтырс.
- Силердин оюңарча Гурам Джохадзе жана Сандрого кандай мүнөздөмө бересиңер?
- Булар эмне кылганы турушат? - Эмне үчүн чогулушту?
- Эмне үчүн Сандро отунду алыска жыйды? Ал эмнени ойлоп турат?

Кечинде баары – алты адам жана жетинчи киши кайрадан чогулушту.

- ***Аттар токулуубу, шарт минип, жөнөп берүүгө даярсыңарбы? – деп сурады Гурам Джохадзе. Бардыгы унчукпай баштарын ийкешти.***

Бу сен, Сандро, - деди капыстан Гурам Джохадзе,- отундун кургагынан жаки

- ***Ага кабатыр болбо, Гурам, оттун милдети менде, өзүм жайгарам. А сен айтчу сөзүңдү айта бер.***

Гурам Джохадзе бир нерсе айтмакчы болуп турат, эмне айтмакчы?

Талкуу жүргүзүлөт. Ар бир студент өз оюн дептерге жазат, жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден ой айтылат. Текстин 2-тынымы окутулат.

Мына ошондо Гурам Джохадзе мындай деди:

- Досторум, биз жеңилдик, биз утулуп калдык. Эки тарап согушса, бири жеңет, бири жеңилет. Ошон үчүн согушат. Биз нечендин канын төктүк, биздин кан да кем төгүлгөн жок. Бул тараптан да, тиги тараптан да не деген кайран жигиттердин башы кетти. Өткөн өттү, болору болду. Набыт болгон досторумдан да, набыт болгон душмандарымдан да кечирим сурайм. Урушта өлгөн душман - сага душман болуудан калат.Мен күнү кечегидей кан кечип кармашып жүрсөм да, баары бир набыт болгондордон кечирим сурамакчымын. Бирок тагдыр бизден жүз үйрүп кетти, ошон үчүн элдин көпчүлүгү да бизден жүз үйрүдү. А түгүл мына туулуп-өскөн жер да бизди жерип турат, биздин биерде калышыбызды каалабай турат. Бизге эч ким кечирим да бербейт. Эгер мен жеңип чыкканда жеңиш мен тарапта болгондо, мен душмандарымды аямак эмесмин, бу менин Кудай алдында айткан ак сөзүм.Эми биздин алдыбызда бир гана жол бар - биерден оолактап кетишибиз кетип, башыбызды бөтөн эл, бөтөн жерге калкалашыбыз керек. Мына бу көрүнүп турган чоң тоонун ары жагы-Түркия, сунсаң колуң жеткидей, а мындайрааста, алдагы ай көтөрүлүп келе жаткан тоонун артында – Иран. Кимиңер кайда барасыңар - өзүңөр чечкиле. Мен болсом Түркияга, Стамбулга бет алам, барып, кемелерге жүк ташыгыч болом. Бир аздан кийин жетөөбүз жети тарапка, бөтөн эл, бөтөн жерди көздөп, бирибизден соң бирибиз жөнөп беребиз. Ар кимибиз ар жерде темселеп, тагдырдын башка салганын көрөбүз. Мындан ары биз эч качан жолукпайбыз. Мына бу күн-тирүү калган жетөөбүз чогуу болуп, бүтүп бири-бирибизден көзүбүздү көрүп, сөзүбүздү угуп олтурган акыркы күн. Кана, досторум, бири-бирибиз менен коштошолу , жерибиз менен коштошолу, грузиндин наны, тузу менен коштошолу, биздин мына бу шарабыбыз менен коштошолу. Мындай шарапка эми оозубуз эч жетпейт. Коштошуп, ар кимибиз өз жолубузга түшөбүз. Биз биерден эч нерсе албайбыз, а түгүл грузин жеринин бир бүдүр кумун да албайбыз. Ата Мекенди алып кетүү мүмкүн эмес, алып кетсе сар-санаа, кусалыкты гана алып кетүүгөболор, эгер Ата Журт деген баштыктай сүйрөп, өзүң менен алып жүрө турган нерсе болсо анда анын баасы сокур тыйынга турбас эле. Кана эми, коштошор алдында шараптан алалы да, биздин ырлардан үн созуп ырдайлы, анан коштошолу.

Жети адамдын, тагыраак айтканда, алты адам менен жетинчи кишинин коштошуу ыры мына ушинтип башталды. Жетинчи киши болсо өзүнүн мойнунда кандай милдет турганын бир саамга да унуткан жок. Бул алтоонун бири да, айрыкча Гурам Джохадзе тийиштүү жазасын албай чет өлкөгө чыгып кетүүгө тийиш эмес. Буга чекист жол бере албайт – ага тагылган буйрук ошондой. Ал буйрукту аткарыш керек.

Ушул түнү, коштошуп, айрылышар алдында кайгылуу көөдөндөн эргип-эргип үн созуп ушу жети грузиндей бири-бирине жакын, бири-бирине туугандай жуурулушкан бирине-бири көлкүлдөп ээрип турган эч ким жок эле. Ырдын сыйкырдуу касиети жетөөн ого бетер ширелештирип турду. [1;61-90]

Котормо сөздүк:

Жүк ташыгыч – грузчик ***Набыт болгон*** – погибшим

Буйрук – приказ ***Шарап***– вино ***Сар-санаа***–печаль

Түшүндүрмө сөздүк:

Жерип турат – көргүсү келбөө, көргүсү келбей турушу

Сокур тыйынга турбас –эч нерсеге арзыбаган, бааланбаган

Айрылышар алдында– коштошоор алдында ***Темселеп*** – тентип кетүү

Жүз үйрүп– тескери карап кетүү ***Оолактап кетүү***–алыстап кетүү ***Жуурулушкан*** – абдан таттуу мамиледе болгон

Текст окулуп бүткөндөн кийин талкуу жүргүзүлөт:

- Ачкыч сөздөрдү пайдаланып түзүлгөн текстке кимдин айткан ою дал келди же жакындашты?
- Гурам Джохадзе боюнча кимдин божомолу дал келди?
- Силер кандай ойлойсуңар, Гурам Джохадзе эмне үчүн досторунан да, душмандарынан да кечирим сурап жатат?
- Гурам жана анын досторунан эмнеге тагдыр жүз үйрүп кетти?
- “А түгүл мына туулуп-өскөн жер да бизди жерип турат”,-дейт Гурам, силер кандай ойлойсуңар эмнеликтен киндик каны тамган жери өз кулундарын жерип турат?
- “Ата Журт деген баштыктай сүйрөп, өзүң менен алып жүрө турган нерсе болсо анда анын баасы сокур тыйынга турбас эле”, - дегенди кандай түшүнөсүңөр?
- Гурам үчүн эле Мекен ыйыкпы? Силер, биз үчүнчү?
- Кудай сактасын, силердин башыңарга Гурамдай иш түшсө, б.а. Мекениңерди таштап кетүүгө туура келсе кантесиңер?

Текстин акыркы сүйлөмү окулат*:* *Жети грузин, бирөө бир милдет менен, алтоо өзүнчө тарап болуп турушат, бирок аларды ырдын сыйкырдуу касиети бириктирип салды. Эми эмне болот?*

Талкуу жүргүзүлөт. Ар бир студент өз оюн дептерге жазат, жупта талкуулашат. Ар бир жуптан бирден ой айтылат. Текстин 2-тынымы окутулат. Текстин 3-тынымы окутулат.

Кана ушу акыркы ырыбыз болсун дешти, жок, ал ыр менен бүтпөдү, алдын артынан дагы ыр созулду, биринин ийнине бири колдорун артып, баштарын ылдый салып, бир саамга тунжурай калышканда көөдөндөн дагы бир ыр, жер алдынан өйдө тээп келаткан жапан күчүктөй өзүнөн-өзү оболоп чыга келип жатты. От алоолоп күйүп турганынан карабай Сандро дагы отунду көздөй жөнөдү. Бул кынтыксыз так ойлонулган иш эле – мындайраактан ага алтоонун ар бири дапдаана көрүнүп турат, ал эми жаркырап күйгөн оттун жанында ырдап жаткандардын көзүнө ал жакшы байкалбасы бышык...

Оор маузер октолуу, баса берүүгө даяр. Алтоо жазадан буйтап кетпеш керек эле, мына эми жазаны тартар кез келди, ичинде жетиштүү огу бар, бат атар маузерди Сандро кезей кармап, сол колун оң колуна жөлөк кылып, тоо арасын күн күркүрөгөндөй жаңырыктаткан биринчи ок менен корбашы Гурам Джохадзени сулата атты, ошол замат ооздон чыккан ырдын азабы өчө электе калганы биринен сала бири жалп-жалп дей түштү; эмне болуп кеткенин билүүгө алардын чамалары келген жок. Ушинтип кишини киши өлтүрүү деген балээлүү айлампанын бир бурчамында, төгүлгөн кан үчүн дагы бир жолу кан төгүлдү.

От күйүбатат, шаулдап дабыш берип дарыя агып атат, тоо, токой – баары ордунда турат, өзүнүн алыскы кемибес-кебелбес бийиктигинде, өз ордунда ай да турат, бир гана ыр үзүлдү, ушу кечте тоо арасында эркин жаңырыктап, обого оттой жалбырттап жаткан ыр үзүлдү, ушу кечте тоо арасында эркин жаңырыктап, обого оттой жалбырттап жаткан ыр үзүлдү.

Ирени күлдөй өчүп купкуу болгон Сандронун ичи өрттөнүп, тили оозуна батпай, көмөкөйү кургап чыкты: ичиндеги өрттү басыш үчүн чаначтын түбүндө калган шараптан аптыгып төшүнө

төгүп чачып ичип жиберди... анан барып биртке акыл-эси ордуна келип, оттун тегерегинде кимиси октон кандай куласа ошо боюнча сулап жаткан алтоон кыдырата карап чыкты. Баарынын куралын жыйнап алды да, аттардын үстүндөгү ээр каштарына илди, андан кийин башынан жүгөн-ноктолорунун баарын шыпырып алып, аттарды бош кое берди... Бошогонуна көзү жеткенден кийин аттар бири-бирин ээрчип, тоо түбүндөгү айылдарды көздөй жөнөп бергенин карап турду... Аттар дайыма адам жашаган, адам турактаган жерди көздөй бурулат эмеспи... Бир аздан кийин аттардын туяктарынын үнү алыстап өчүп, өздөрүнүн ай мунарыгында ээрчишип кетип бараткан карааны да көрүнбөй калды...

Жасалчу иш жасалды. Сандро дагы бир мерте ажалы октон жеткен алтоону бир сыйра унчукпай карап чыкты да, мындайраак басып барып, маузердин оозун чыкыйына такады. Октун үнү дагы бир жолу тоо арасын саамга жаңырыктатып жок болду. Сулап түшкөн бул адам – өз ырын ырдап бүткөндөрдүн жетинчиси эле... [1;61-90]

Котормо сөздүк:

Көмөкөй **–** гортан ***Чыкыйына***– висок ***Жүгөн-ноктолорунун*** – уздцы

Түшүндүрмө сөздүк:

Бир саамга тунжурай калышканда– бир азга тынч, сөз сүйлөбөй отуруу

Кынтыксыз так ойлонулган иш– кемчиликсиз, катасыз ойлонулган иш

Бурчамында– бурчунда ***Ирени күлдөй өчүп***– өңү-түсү бузулуп кетүү

Ай мунарыгында– айдын күңүрт жарыгында ***Жөлөк*** – таяныч

Жапан– ээн жүргөн, колдо багылбаган ***Корбашы***– топтун жетекчиси

Жазадан буйтап кетпеш керек – жазадан качып кетпеш керек эле

Оболоп– бийиктеп, көкөлөп ***Чанач*** – териден жасалган идиш

Текст окулуп бүткөндөн кийин талкуу жүргүзүлөт:

- Текстке карата айтылган кимдин ою жакындашты?
- Сандро бардыгын маузер менен атты, маузер канча турат? Базарда эркин сатылабы?
- Эмне үчүн ыр үзүлдү?
- Сандро өз милдетин аткарды, эмне үчүн Сандро өзүн-өзү атып алды деп ойлойсуңар?

Мугалимдин жыйынтык сөзү: Демек, Сандро Мекен тарабынан тагылган милдетин да, досторунун (мурда алар дос эмес душман болчу) алдындагы милдетин да аткарды. Мекен бардык адам үчүн кымбат.

- Ата журт жөнүндө макал-лакаптар, ырлар суралат.
- Мекен жөнүндө макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү айтылат.

Мисалы: “Ар адамдын туулган жери – Мисир”, “Элин сагынбас эр болбойт”, “Мекенин сүйүү ыймандан” (хадис), “Адамды сүйө албаган адам Ата Мекенин да урматтай албайт”(А.Франс), “Мекенимдин быкшып чыккан түтүнү бал жыттанат” (А.Грибоедов)

Үйгө тапшырма: Ата Журт жөнүндө эссе жазып келүү

Студенттердин билимин баалоо. Студенттердин жоопторуна ылайык беш бурчтуу, төрт бурчтуу, үч бурчтуу окутуучу тарабынан берилет. Алардын суммасы эсептелет, жыйынтыгында тиешелүү баасы коюлат.

Колдонулган адабияттар:

1.Айтматов Ч.Т. 8томдук чыгармалар 5-том. 61-90-беттер.Б: 2009.
2. Асакеева Д.Ж. Адабият теориясы. Бишкек -2003.
3. Исаков Б. Санат сөз. 1-бөлүк. – Б.: Учкун, 2005
4. Низовская И.А. «Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын сөздүгү. – Б.; 2003.
5. Үкүева Б.К. “Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий педагогикалык негиздери”. Ош -2010.

Bekmuratova R. Osh SU
Finance- Juridical College

Teaching Chingiz Aitmatov’s story “The Seventh Man”

Annotation: *In this article are given methods of teaching stories by Aitmatov Ch.*
Key words: *writer, fatherland, the seventh man, revolution, song, fight, motherland.*

УДК: 371.3 (575.2).

Давлатова С., Тахирова Н.,
Ош МУнун медициналык колледжи

Кыргыз тили сабагында грамматикалык тема менен лексикалык теманы байланыштырып окутуу

Аннотация: *Макалада кыргыз тили сабагында грамматикалык тема менен лексикалык теманы байланыштырып окутууда интерактивдүү усулдарды чыгармачылык менен пайдалануу студенттердин өз алдынча иштөөсүн, активдүүлүгүн жогорулатып, оозеки жана жазма кептерин өстүрүп, билимдин бекем болушун шарттагандыгы көрсөтүлөт.*

Ачкыч сөздөр*: кыргыз тили, грамматикалык тема, окутуу, ой жүгүртүү, текст, оозеки кеп.*

Аннотация: *В статье рассматривается как творческое использование интерактивных методов, которые помогают связать грамматическую и лексическую тему на занятии кыргызского языка, повышают самостоятельность,активность, а также развивают устную и писменную речь студентов.*

Ключевые слова*: кыргызский язык, грамматическая тема, обучение, мышление, текст, устная речь*

Медициналык колледждин кыргыз тили боюнча типтүү программасында «Кыргыз лексикасынын баюу булактары» аттуу грамматикалык тема менен «Жусуп Баласагын» деген лексикалык теманы окутуу үчүн эки саат берилген. Грамматикалык теманы өтүү студенттердин лексикалык корун байытуу, оозеки жана жазма кептерин, ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү үчүн болгон иш-аракеттер тарбия берүүчүлүк максаты менен шайкеш алып барылууга тийиш. Бул максатты турмушка ашырууда окутуучудан сабакты чыгармачылык менен уюштуруу талап кылынат. Аны үчүн учурдун талабы болгон заманбап усулдардын колдонулушу шарт. Мындай талаптарды чечүүгө багыт бере турган усулдардын бири - «Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ойломду өстүрүү» проектисиндеги ар түрдүү стратегиялар. “Биз бөлөк бирөөнүн идеяларын түшүнүүгө аракеттенгенде, биздин өзүбүздүн ой жүгүртүүбүз адегенде пассивдүү бойдон калат: кимдир бирөө даярдап койгон маалыматты кабылдайбыз. Ал эми фактыларды эстеп калуу жана идеяларды түшүнүү сынчыл ойлом үчүн баштапкы зарыл шарт болуп саналат. Бирок булар өздөрүнчө турганда, сынчыл ойломдун өзөгүн түзө албайт,” – деп туура белгилеген Дэвид Клустер [5, 125-бет].

Окутууда сынчыл ойломдун стратегияларын пайдалануу аркылуу студенттердин өз алдынча иштөөсүн активдештирүүгө, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатууга, байланыштуу кептери өстүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө жетишүүгө болот.Алгач грамматикалык тема түшүндүрүлөт да, ал лексикалык теманы өтүүдө бышыкталат. Бөтөн улуттун өкүлдөрүнө тил үйрөтүүдө лексикалык теманы максатка ылайыктуу уюштуруп өтүүнүн мааниси зор. Грамматикалык темада студенттер сабаттуу жазууга үйрөнүшсө, лексикалык теманы өтүүдө сөз байлыктары артып, оозеки речтери өсүп, ой жүгүртүүлөрү калыптанып, активдүүлүктөрү жогорулайт. Текст менен иштөөдө сынчыл ойломду өстүрүүчү стратегияларды ар бир тема үчүн чыгармачылык менен максаттуу пайдалануу окутуучудан изденүүнү талап кылат. Практикада белгилүү болгондой, «Жусуп Баласагын» деген теманы өтүүдө Инсерт же ББКБ стратегияларын пайдалануу алгылыктуу натыйжага жеткирет. Ал үчүн сабакта төмөнкүдөй иш-аракеттер уюштурулат.

“Инсерт (аныктама) – эффективдүү окууга жана ойлонууга жардам берген маалымат менен белгилеп иштөө ыкмасы. Текст менен диалог түзүү жана маалыматты көзөмөлдөө, түшүнүү ыкмасы. Стратегияны ишке ашыруу кадамдары: 1. Чакыруу стадиясы – тема боюнча мээ чабуул жасоо. 2. Түшүнүү стадиясы – барактын четине белгилеп жазуу менен бирге текстти окуу. Төмөнкү белгилер колдонулат: «» - тааныш маалымат; «+» - жаңы маалымат; (-) – сиздин буга чейинки ойлогонуңуз менен туура келишпейт (карама-карша ой); (?) – сизге түшүнүксүз же бул суроо боюнча кененирээк маалымат алайын дегенсиз. 3. Ойлонуу стадиясында (рефлекция) – белгилеп иштөөгө таянып окуганды түгөй менен, андан кийин топто талкуулоо. Топтогу талкуу “белгиден белгиге чейин жүргүзүлөт; алар билгенден билбеген суроолорго чейин болот. 4.

Аягында текст боюнча таблица түзүлөт же бөлөк резюме жасалат, ” – деп И.А. Низовская белгилеп айткан [5, 88-89].

Темага чакыруу максатында студенттерге Жусуп Баласагын тууралуу билген маалыматтарын дептерлерине жазуу тапшырмасы берилет. Билгендери жупта талкууланат. Бул студенттердин өз алдынча иштөөсүнө жана өз оюн тартынбай айтуусуна багыт берет. Ал эми тайпада талкуулануу менен доскада жалпы тизменин түзүлүшү активдүүлүктү андан ары жогорулатуунун шартын жаратат. Студенттер угуу жана жазуу аркылуу маалыматтарды эстеринде сактап калууга мүмкүнчүлүк алышат, көңүл буруусу бүтүндөй өтүлө турган темага карай багытталат.

Студенттер тарабынан төмөнкүдөй маалыматтар камтылган тизме түзүлгөндүгү белгилүү:

1. Жусуп Баласагын философ болгон.
2. Ал Баласагын шаарында туулган.
3. «Кут алчу билим», ж.б. чыгармаларды жазган.
4. Жусуп Баласагын орто кылымдарда жашаган.
5. Ал тарыхчы да болгон.
6. «Кут алчу билим» чыгармасы тарбиялык маанаге ээ.
7. Азыркы Кыргыз улуттук университети Жусуп Баласагындын ысмы менен аталат.
8. Анын сүрөтү 1000 сомдукта бар.

Андан соң Жусуп Баласагын жөнүндө маалыматтарды камтыган текст таратылып, Инсерт стратегиясы негизинде иштөө тапшырмасы берилет.

Мында студенттер жаңы түзүлгөн тизмедеги маалыматтарды тексттеги маалыматтарга салыштыруу менен таблицаны толтурушат. Бул аракет студенттердин ой жүгүртүүлөрүн өстүрүүдө манилүү иш-араеттерден болуп саналат.

Жусуп Баласагын

Орто кылымдарда жашаган белгилүү акын, илимпоз, ойчул баласагындык Жусуп коомдук жана табият таануу илимдеринен маалыматы бар, өз учурунда билимдүү адамдардын бири болгон.

Жусуп, изилдөөчүлөрдүн болжолуна караганда 1018-жылы азыркы Кыргызстандын Чүй өрөөнүнөн орун алган орто кылымга таандык шаар Баласагында (азыркы Токмок шаарынын түштүк тарабындагы Бурана мунарасынын аймагында жайгашкан) музыканттын үй-бүлөсүндө туулган. Анын “Кут алчу билим” поэмасы 1069-жылы жазылган, көлөмү - 13290 сап ыр. Мындан сырткары китептин кириш сөзүнүн ыр түрүндөгү үлгүсү 77 кош сап ыр. Ал бул чыгармасын 18 айдын ичинде жазып бүтүп, Кашкардын ханы Али-Хасандын уулу табгач Кара каганга тартуу кылат. Анын белегине ыраазы болгон хан акынга ордо кызматкерлеринин өзгөчө сыйлуу - Хас-Хажиб наамын берет. Ошондон кийин анын Хас-Хажиб Жусуп наамы ооздон түшпөй даңкталып келет.

Чыгарма бизге үч кол жазма түрүндө жетти. Биринчиси Вена шаарында, экинчиси Каирде, үчүнчүсү 1914-жылы Намангандан табылып, Ташкентте сакталууда. Кийинки эки кол жазма арап тамгасы менен жазылган.

Бул дастанды изилдөөдө академик түрколог В.В.Радлов Орхон-Енисей жазмаларын изилдегенден кийин “Куттуу билим” уйгур тилинде жазылган деген өзүнүн алгачкы аныктамасынан баш тартып, мындай дейт: “1891-жылы мен Бамбердин көз карашы менен толук макул болуп, “Куттуу билим” байыркы уйгур тилинде жазылган деген пикирде элем. “Кут алчу билимде” уйгур деген сөз бир дагы жолу кездешпейт. Чыгарма уйгур тилинде эмес деген пикирге келишиме дагы бир нерсе - өз эне тилинде биринчи китеп экендигин көрсөткөн автордун сөзү негиз болуп олтурат”.

Орус тилине которгон акын Наум Гребнев Т.Сыдыкбеков менен болгон маегинде: “Кут алчу билим” силерге көбүрөөк тийиштүү, жеке эле анын Мекени силердин жер болгондон эмес, анын мүнөзү да, дүйнөсү да силерге жакын,” - деп айткан.

Бул поэмада баяндалган турмуш тажрыйбасынын корутундуларын чагылдырган ой-пикирлер прогрессивдүү багыты, эл түшүнүгүнө жакын тургандыгы менен баалуу. Чыгармада адам мүнөзүндөгү, жүрүм-турумундагы оң-терс, жакшы-жаман сапаттар жөнүндөгү ой, түшүнүктөр баяндалат. Анда күн-түн, жыл мезгилдери, планеталар, жылдыздардан тартып, тил, акыл-ой, илим-билимге чейин, адилеттик, калыстыктан тартып, аскер башчысына, илмипозго, дыйкандан тартып, ордо кызматкерине чейин, аял тандоодон тартып, балдарына тарбия берүүгө чейин ж.б. көптөгөн маселелер боюнча ойлор айтылат, баа берилет. Мисалы, акыл жөнүндө:

“Акыл – чырак, күүгүмдө сокурга – көз.

Денеге – жан, үндөбөс дудукка - сөз”, - делет.
Тил жөнүндө:
Тил – арстандай босогоңдо комдонгон,
Байкабасаң өзүңдү да жеп койгон.
Көп сүйлөсөң ойлонбой кырсык келет …”, - дейт да, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат:
“Туура сөздү сүйлөй билгин тартынбай,
кыйшык, калптан өчүк касыңдай!”
Тарбия жөнүндө:
“Уул кыздуу болсоң,
Билим берип, адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда.
Кыз чыгарып, келин ал, куда күтүп,
Кайгы-капа билбеген байлык бүтүп”, - деп баяндап, тарбия максатын таасын көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, улуу акын Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” поэмасы – жалпы адам баласына таандык маданияттын алтын казынасынан орун алган баалуу чыгармалардын бири.

Сөздүк

Ойчул – мыслитель, үлгү - образец, даңкталып – прославляться, алгачкы аныктама – начальное, первое определение, негиз – основа, корутунду – вывод, багыт – направление, тарбия – воспитание, казына – сокровищница, дастан – героическое сказание, эпопея.

«»- дал келет (тааныш маал.)	+ жаңы маалымат	- карама-каршы ой	? сурагым келет
-Жусуп Баласагын философ болгон. -Ал орто кылымдарда жашаган. - «Кут алчу билим» эмгегин жазган. - Баласагын шаарында туулган. - «Кут алчу билим» поэмасы тарбиялык мааниге ээ.	Жусуп Баласагын акын, илимпоз, коомдук жана табият таануу илимдеринен маалыматы бар билимдүү адам болгон. 1018-жылы музыканттын үй-бүлөсүндө туулган. «Кут алчу билим» поэмасын 1069-жылы жазылып, Кара каганга тартуу кылынган. Хан ага ыраазы болуп, Хас-Хажиб наамын берген. Азыр «Кут алчу билим» поэмасынын үч кол жазмасы сакталат: Вена шаарында, Каирде, Ташкентте. Кийинки эки кол жазмасы арап тамгасы менен жазылган. Түрколог В.В.Радлов китеп уйгур тилинде эмес, өз эне тилинде жазылган эмгек экендигин айткан. Орус тилине которгон акын Н.Гребнев Т.Сыдыкбеков менен болгон маегинде : ««Кут алчу билим» поэмасы көбүрөөк силерге тийиштүү»,- деген. Поэмада турмуш тажрыйбасынын корутундулары чагылдырылат, адам жүрүм-турумундагы оң-терс сапаттар, ой, түшүнүктөр, күн-түн, жыл мезгили, планеталар, жылдыздар, илим-билим, ар түрдүү кесип ээлери, ар түрдүү катмардагы адамдар, тарбия маселелери ж.б. тууралуу айтылат.	Жусуп Баласагынды н «Кут алчу билим» поэмасынан башка эмгеги жок жана ал тарыхчы болгон эмес.	1. Жусуп Баласагындын үй-бүлөсү болгонбу? 2. Өмүрүнүн акыркы күндөрү кайсы жерде жашаган? 3. Дарыгер тууралуу эмне деп жазган?

Студенттер өз алдыларынча таблицаны толтуруп бүтүшкөн соң, алардын айткандары доскадагы таблицага жазылат. Мындай жумуштардын уюштурулушу студенттердин байланыштуу кебин өстүрүүгө, активдүүлүктүн жогорулоосуна мүмкүндүк берип, тема боюнча алган билимдин бекем болуусун шарттайт. Доскага жазууда окутуучудан өтө сезимталдык талап кылынат. Себеби студенттер сүйлөм курулуштарын туура эмес айтып коюусу мүмкүн. Мындай мүчүлүштүктөр студенттер менен бирдикте оңдолуп, анан доскада жазылууга тийиш. Бул алардын

оюн системалаштыруу менен, сүйлөм курулуштарын туура түзүүсүнө, анын негизинде сабаттуу сүйлөө жана жаза билүүсү үчүн шарт болот. Бир жолу туура эмес сүйлөм курулушун түзгөн студент экинчи жолу кайталабоого аракет жасайт. Тескерисинче, туура эмес айтып коем деп, сүйлөбөй коюусу да мүмкүн. Мындай учурда окутуучу ошол студенттин жазганын окутуп, алга сүрөй турган мактоолорду айтууга тийиш (мурдагыга караганда азыр туура сүйлөп жатасың, мына бул жерин гана минтип айтсаң болмок ж.б.Аракет кылсаң, ийгилигиң жакшы болот, тартынуунун кереги жок.)

«Сурагым келет?» деген бөлүктөгү суроолорго студенттер менен бирдикте жооп изделет. Эгер сабак учурунда жооп табылбай калса, үй тапшырмасы катары берилет. Бул да студенттердин өз алдынча иштей билүүсүн уюштурат.

Кандайдыр бир убакыт таап, окутуучунун студенттердин дептерлерин текшерүүсү да сабаттуу жазуунун өбөлгөсү болот. Ошондой эле текстти грамматикалык тема менен байланыштырып иш уюштурулууга тийиш. Анткени грамматкалык тема, б.а., кыргыз лексикасынын баюусунун жолдорун аныктоо, далилдөө иштери текст менен иштөөдө практикаланат. Студенттер тексттен лексикабыздын ички булактын жана сырткы булактын эсебинен баюу жолдоруна мисалдарды таап жазышат. Натыйжада, лесикалык теманы өтүүдө грамматикалык тема боюнча алган билимдери бекемделет.

Ошондой эле текст аркылуу Жусуп Баласагын жөнүндө маалыматтарга ээ болгондон кийин, студенттерге акындын аталган эмгегинен үзүндүлөрдүн окутулушу жана талкууланышы андан ары да кызыгууну арттырып, бул чыгарма тууралуу көбүрөөк маалымат алууга болгон аракетти калыптандырат. М: «Сурагым келет?» бөлүмүндө белгиленген дарыгерлер тууралуу жазылгандар чыгармадан окулат да, чогуу бирдикте талкууланат.

Акырында Жусуп Баласагын тууралуу Синквэйн жазуу же темага карата Кластер түзүү менен сабакты жыйынтыктоого болот. Муну менен студенттер
ээ болгон билимдерине карата оюн топтоп, жыйынтык чыгара билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырышат.

Жусуп Баласагын
Белгилүү, адилеттүү
Жазган, тартуу кылган, камтылган
Чыгармасы дүйнөлүк мааниге ээ
Ойчул



Жыйынтыктап айтканда, жогорудагыдай жумуштардын уюштурулушунун натыйжасында студенттердин сөз байлыгы толукталып, оозеки жана жазма кептери өсөт, активдүүлүгү

жогорулайт, өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү калыптанат да, билимдин бекем жана жугумдуу болушунун шарты жаралат.

Пайдаланылган адабияттар

1. Давлатова С. Кыргыз тили. -Ош, 2007
2. Валькова И.П., Низовская И.А. Как развивать критическое мышление. -Б.; 2003 3. Женни Стил, Керт Мередит, Чарльс Темпл. Сынчыл ойломду өстүрө турган андан аркы стратегиялар. 3-4-5-колдонмолор.
4. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим. –М.; 1993
5. “Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу” программасынын хрестоматиясы. - Бишкек, 2004

Davlatova S., Taxirova N.,
Osh SU , Medical College

Teaching Kyrgyz language grammatical and lexical themes

Annotation: *This article addresses issues of teaching grammatical and lexical themes in Kyrgyz language class.*

Key words*: Kyrgyz language, grammatical themes, teaching, reasoning, text, publication, conversational language*

УДК: 8.81

Давлатова С.Ж.,
ОшМУнун, медициналык колледжи

М.Кашкаринин сөздүгүндөгү этишти жасоочу –*sa, -la, -ra* курандылары

Аннотация*: Макалада М.Кашкаринин сөздүгүндөгү этиштерди жасоочу –**sa, -la, -ra** курандылары азыркы кыргыз тилинин фактылары менен салыштырылып, мурдагы жана азыркы учурдагы сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрү, мүчөлөрдөгү өзгөрүүлөр иликтенет.*

Ачкыч сөздөр: *М.Кашкари, сөздүк, этиш,китеп, түрк элдери, азыркы кыргыз тил*

Аннотация*: В данной статье рассматриваются сопоставления суффиксов в словаре М.Кашкарского –**sa, -la, -ra,** образующие глаголы с фактами современного кыргызского языка, и их изменения.*

Ключевые слова: *М. Кашкари, словарь, глагол, книга, турки, современный кыргызский язык*

Махмуд Кашкари өзүнүн китебинин башталыш бөлүмүндө китепти кантип жараткандыгы жана ошол кездеги түрк элдери (уруулары), алардын жашаган жерлери, тилдери тууралуу айтып келип, сөз жасоочу курандыларга мүнөздөмө берип кеткен. Макалада автор тарабынан белгиленген –***sa, –la,*** автор тарабынан катталбаган ***-ra*** курандыларынын азыркы кыргыз тили менен катышы иликтөөгө алынды.

-s (-c) ариби (куранды мүчөсү). «Бул арип (куранды мүчө) этиштерге жалганып, каалоо-тилек маанилерин билдирет. Мисалы: *suv içsädi* – суу ичкиси келди, суусады, *aş jäjsädi* – аш жегиси келди» деп М.Кашкари тарабынан мүнөздөлөт [5, 58].

Азыр сөз жасоочулугу жоголуп калган бул мүчө тууралуу автордун дагы минтип айткан жери бар: “Муну билип коюңуз. *-sa ~ -sä* мүчөсү эки же үч ариптүү атоочтор менен этиштерге жалганып, иштөөчүнүн бир ишти аткара турган ниетте экендигин, бирок иштин али аткарыла электигин билдирет. Бул мүчө эки жана үч ариптүү атооч, этиштерге гана эмес, төрт, беш ариптүү атооч, этиштерге да жалганып келе берет”. Мындай көрүнүш сейрек учурайт.

-sa ~ -sä мүчөсүнүн эки ариптүү ысымдарга жалганып, этишти уюштурушуна мисалдар: … *är ätsädi* – эр этсиреди; эт жегиси келди. Мында … *-sä* мүчөсү кошулуп, эңсөө мааниси жаралды. … *är ävsädi* – эр үйлүү болгусу келди; үйүн көргүсү келди. Мында … *äv - өй* деген ысым эки ариптүү. Буга …*-sä* мүчөсү кошулуп, эңсөө мааниси пайда болду.

Үч ариптүү ысымдарга *-sa ~ -sä* мүчөсүнүн жалганышына мисалдар: …*açığ* – ачуу. … *är açığsädi* – эр ачуу жегиси келди; ачууну каалады. … *tatığ:... är tatığsädi* – эр таттуу жегиси келди; таттууну каалады.

Үчтөн көп ариптүү атоочторго *-sa ~ -sä* жалганышына мисалдар: … *är qağunsadı* – эр коон жегиси келди (коонсурады). … *är çinüştürüksädi* – эр чинесте жегиси келди.

Бул эреже бардык сөздөргө туура келе берет. Биз бир нече мисалдарды келтирдик, башкаларын ушуларга окшотуп түшүнүп алууга болот. Эки ариптүү этиштерге *-sa ~ -sä* мүчөсү жалганып, эңсөө маанисиндеги этиштердин жасалышына мисалдар: *är qızın öpsädi* – эр кызын өпкүсү келди**;** эр кызын өптү. …*ol ja atsadı* **–** ал жаа аткысы келди. Негизи … *öpsädi ... öpdi, atsadı* … *attı* деген этиштерден.

Үч ариптүү этиштерге *-sa ~ -sä* мүчөсү жалганып, эңсөө маанисиндеги этиштердин жасалышына мисалдар: … *är jük kötürsädi* – эр жүк көтөргүсү келди. … *ol quş uçursadi* – ал куш учургусу келди.

Байыркы жазма эстеликтеги бул ариптин (бул мүчөнүн) азыркы кыргыз тилиндеги көрүнүшүнө байкоо салып көрөлү. Академик Б.Орузбаева «*-ca* (< *-cap*). Полисемасиологический глагольный аффикс. Как формообразовательный является показателем желательно-сослагательного наклонения. Как словообразовательный редко встречается в составе отдельных лексикализованных, порою неразложимых глагольных основ: *сууса* - жаждать, *эёсе* - сильно желать, *жаёса* – махнуть рукой, *мойсо, кайса* – уничтожать и др.» [6:295] деп жазып, мүчөнүн куранды мүчөлүк да, уланды мүчөлүк да касиеттери бар экендигин белгилеген. Куранды мүчөлүк мааниде болушун тилдик өнүгүүдөн улам келип чыккан көрүнүш катары караган. Белгилүү окумуштуу, тилчи С.Кудайбергенов: «Кыргыз тилинде *-ca* менен аяктаган этиштер сан жагынан анча көп эмес (ондон ашуун). Ошондуктан, ал өнүмсүз мүчөлөрдүн составына кирет. *-ca, -ce* мүчөсү менен жасалган этиштердин бир-экөөнөн башкасы азыркы мезгилде морфологиялык элементтерге бөлүнбөйт, мүчө уңгу сөздүн составдык бөлүгүнө айланып кеткен. Бул фактылар кыргыз тилинде *-ca* мүчөсү сөз жасоо жөндөмдүүлүгүнөн эрте ажырагандыгын көрсөтөт» [2:137],- деп жазган.

Кыргыз тилинин грамматикаларында *-ca* мүчөсү этиштин шарттуу ыңгайынын грамматикалык көрсөткүчү катары каралып келет. Ошону менен бирге, Б.Ө.Орузбаева белгилегендей, сөз жасоочу да мүчө болуп, өнүмсүз курандылардын катарында көрсөтүлүп жүрөт, алар омоним мүчөлөр. Махмут Кашкаринин «Дивану лугат ит-түрк» сөздүгүндө бул мүчө составында жолуккан сөздөр арбын. Мисалдарды келтирели:

män anı öpsädim - мен аны өпмөк болдум;
är ätsädi - эр эт жегиси келди (этсиреди);
ol oq atsadı – ал ок атты (аткысы келди);
ol taşığ itsädi – ал ташты итерди (итергиси келди);
ol qapuğ açsadı – ал эшик ачты (ача турган болду);
ol suv içsädi – ал суу ичти (иче турган болду);
ol qulın maŋa ižsadi – ал кулун мага жөнөттү (жөнөтө турган болду);
ol anı ursadı –ал аны урду (ура турган болду);
är ävsädi – эр өйгө баргысы келди;
är sözüg uqsadı – эр сөздү укту (уккусу келди);
män putaq äksädim – мен бутак (дарак) эктим (экким келди);
ol mäni öksädi – ал мени мактады (мактай баштады);
äksüdi näŋ – нерсе кемиди (өксүк болду);
ol topraq ügsädi – ал топурак үйдү;
ol at alsadı – ал ат алды (алгысы келди);
är ölsädi – эр өлдү (өлө турган болду);
är tağdın ılsadı – эр тоодон түштү (түшө баштады);
känç anasın ämsädi – бөбөк (кенже) энесин эмди (эмгиси келди) [1:275-278].

Байыркы түрк тилинде (диалектилеринде) *-ca* мүчөсү этиштик негиздерге да, атооч сөздөрдөн болгон негиздерге да жалгана бере турган куранды мүчө болуп кызмат кылган (автор белгилегендей). Келтирилген мисалдардын экөөндө (är ätsädi, är ävsädi) атооч уңгуларга, башкаларында этиштик уңгуларга уланып жатат.

Автор эмгегинде *-sa* мүчөсү этиштерге да, атооч сөздөргө да жалганып, каалоо, эңсөө маанисин жасай тургандыгын белгилеген. М.Кашкари эмгегин араб грамматикасынын үлгүсүнө

таянып жазгандыктан, араб грамматикасында этиштин ыңгай, мамиле категориялары жок болгондугу үчүн, -*sa* мүчөсүнүн ыңгай жана куранды мүчөлүк касиетин так ажыратып көрсөткөн эмес деген ой туулат. Андыктан, М.Кашкаринин доорунда -*sa* мүчөсү каалоо-тилек ыңгайды уюштуруучу мүчө да болгон десек деле болчудай, б.а. этиштерге жалганган учурда. Ал эми атоочторго жалганганда, куранды мүчөлүк милдетти аткарат деп тыянак чыгарууга болот.

Азыркы кыргыз тилинде *акса, жаңса, тепсе, көксө, кайса, мойсо, өксү, сууса, эңсе* деген сөздөрдөгү -*са (-се, -со, -сө)* компоненттер - куранды мөчөлөр, мына ошол байыркы сөз жасоочу куранды мүчөсүнүн сакталгандыгы болуп эсептелет. Этишти жасоочу бул куранды мүчө хакас тилинде да бар. *«-са у -се*. С этим аффиксом образуются глаголы от существительных, глаголов и образоподражательных слов: **парса** - *нежить* (**паар** *печень*), **сухса**- *хотеть пить, жаждать* (**суғ** *вода*), **кӧксе** - *ручать, бранить* (**кӧгіс** *грудь)*, **типсе** - *топтать* (**тип-** у **теп** - *пинать, лягать*)» [1: 169-170] , бирок мүчөнүн сөз жасоодогу өнүмдүүлүгү байкалбайт. Ошентип, -*са* мүчөсү байыркы замандарда этишти жасоочу өнүмдүү куранды мүчө болуп, түрк тилдеринин азыркы көрүнүшүндө өнүмдүүлүгүнөн ажыраган.

Лам-алиф (-ла, -ле) ариби[1] (куранды мүчөсү). «Ариптердин бул кошундусу атоочторго уланып, этиш сөздү жасайт. Мисалы: *bäk quşladı* - бек куш салды. Бул айтылыштагы *quş* деген сөз атооч болуп, этиш сыяктуу түрлөнбөйт, ал эми -*ла (-ле)* курандыларынын уланышы менен, этишке өтүп кетип, башка этиштердей болуп өзгөрө берет. Бул өзүнчө бир мыйзам, эске туткула. *Bäk känddä qışladı – бек шаарда кыштады* деген сүйлөмдөгү *qışladı* деген сөздүн *qış + la* болуп, атоочтон этиштин жасалгандыгынын мисалы болуп эсептелет» деп мүнөздөлгөн [5:59].

Мына ушул мүчөнүн мындан мурдагылардан өзгөчө болуп, этиш сөздөрдү жасай турган мүмкүнчүлүгүнөн улам, Махмут Кашкари алдагыдай терең түшүндүрүп, «өзүнчө бир мыйзам» деп көрсөтүп жазган. Ал эми ***-ла*** бардык түрк тилдеринде этиш сөздөрдү жасай турган өтө өнүмдүү куранды мүчө болуп саналат. Кыргыз тилинде бул мүчө менен абдан көп сөздөр жасалат. Азыркы кыргыз тилинен: *дарыла, майла, чылпакта, балтала, тилде, мушта, сүрдө, ыйла, түктө, майдала, аруула, жатта, эртеле, кыяла, кадамада, сыйла, нөшөрлө, ырылда* деген сыяктуу өтө көп мисалдарды келтирүүгө болот. Ал эми *тоннала, метрле, майонезде, долларла, тормоздо, буксирле, асфальтта* өңдүү неологизм сөздөрдүн жасалышында да -*ла* мүчөсү активдүү болуп, өнүмдүүлүгүнүн артып баратканын да көрөбүз.

Б.Ө.Орузбаева *«-ла:* образует от имен глаголы повелительного значения*: ойло* – думай, *иште* – работай, *сагаала* – заглядывай, подсматривай, *ойно* – играй и др» деп жазып [6:156], анын маанилерине тактык киргизип мүнөздөгөн. Бирок этиш сөздөрдө -*ла* курандысы менен уюшулгандарында гана эмес, бардыгында буюруу, талап кылуу (повелительное) маанилери болот. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жазылган окуу китепте болсо «-*ла* мүчөсү этишти жасоочу негизги жана өнүмдүү мүчөлөрдүн бири» деп мүнөздөлүп, -*чылап*, -*чилеп*: *сенчилеп, аларчылап; -гыла: чапкыла* деген өңдүү татаал мүчөлөрдүн да составында бар экени баяндалып, анын бир канча тыбыштык варианттарда айтылып, түрдүү грамматикалык маанилерди билдирери баяндалган [2:133-134]. Профессор Ташполот Садыков азыркы кыргыз тилинде -*ла* куранды мүчөсү менен жасалган сөздөрдүн он төрт маанисин каттап, тиешелүү мисалдарды келтирген [4:217-218]. Сөздүктө келтирилген мисал ошол турушу (*quşladı)* боюнча азыр колдонулбайт, бирок кыргыз тилинде уңгу (quş – куш) жана куранды мүчөсү (-*la*, -*ла*) ошол түрүндө активдүү лексика-грамматикалык бирдиктер катары колдонулат. Кыргыз тилинде -*ла* куранды мүчөсү Махмут Кашкаринин «Дивану лугат т-түрк» сөздүгүндөгүдөй сөз жасоочулук касиетке ээ. Тыбыштык жагынан гана айырмачылыктар бар. Кыргыз тилинде -*ла* куранды мүчөсү тыбыштык жактан бир канча варианттарда колдонулат: *байла, сүйлө, ойло, ээле, жеңилде, сүрдө, тузда, кордо, жээкте, отто, катта, үтүктө* ж.б. «Түркий тилдер сөз жыйнагында» ар кандай тыбыштар менен айкашканына карабай, бир гана -*ла* түрүндө жолугат. Өзбекче котормосунан мисалдарды келтиребиз: *sachlanli* (чачтуу болду) [5: 286,II т.], *sırlandı* (сырдалды)[5:287, II т.] , *sözlandi* (сүйлөндү), *küchlandi* (күчтүү болду) [5:293, II т.], *qızlandı* (кыздуу болду, кыз кылып алды), *bulutlandı* (булуттанды, көктү булут басты)[5:306, II т.], *bıchaqlandı* (бычактуу болду)[5:311, II т.], *qamıshlandı* (камыш басып кетти) [5:311, II т.], ж. б. Кыргызча котормосунан да төмөнкүдөй мисалдарды келтирсек болот: *başlandı* - таштанды, жол тартты: är ışga başlandı - эр ишке жол

[1] Араб алфавитинде -*ла*- деген муунга лам-алиф тамгаларынын бири-бирине кошулуп жазылган көрүнүшү колдонулат.

тартты; *bağlandı* - байланды, бооланды: otuŋ bağlandı - отун бооланды, байланды; *bäkländi* – күйөөгө чыкты, эрге тийди: urağut bäkländi - аял күйөөгө чыкты [3:192]; *monçaqlandı* - мончоктуу болду: qız monçaqlandı - кыз мончоктуу болду; *kirpùkländi* – кирпиктенди, кирпик чыкты: anıŋ közi kirpùkländi - анын көзү кирпиктенди; *burçaqlandı* - бурчак-бурчак болуп акты: tär burçaqlandı - тер бурчак-бурчак болуп акты [3: 226-28]. Көрүнүп тургандай, сөздүктө келтирилген мисалдарда *-ла* куранды мүчөсү мамиле жана чак мүчөлөрү менен айкалышта. Бардык учурда: уяң үнсүздөр менен да, каткалаң үнсүздөр менен да айкалышканда, мүчөнүн баштапкы тыбышы (***л***) өзгөргөн эмес. Демек, *-ла* куранды мүчөсүнүн ар кандай сөздөргө тыбыштык жактан өзгөрбөй жалганышынын тарыхы «Дивану лугат т-түрк» жазылгандан мурдагы мезгилдерде болсо керек деген ой туулат.

-ra (-pa) мүчөсү. Мисалдар: ***ügrildi*** – тербетилди: beshik ügrildi – тербетилди (ыргалды) [5:250, I т.]. Бул сөздүн уңгусу сакталган эмес. *amruldi: qajnar ashich amruldi* – кайнаган казан басылды [5:250, I т.]. Бул сөздүн уңгусу да кыргыз тилинде колдонулбайт. Алтай тилинде *амыраш – отдых* болуп сакталган. *ashruldi: jük arttin ashruldi* - жөк арттан (ашуудан) ашырылды [5:249, I т]. Аны *ash-ru-l-di* деген составдык бөлүктөргө ажыратсак болот, бирок азыркы кыргыз тилиндеги айтылышы *ашырылды* болуп, *аш-ыр-ыл-ды* деген составдык бөлүктөргө ажырайт. Куранды мүчөнүн тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураганы көрүнүп турат. *ögründi: ol bilik ögründi* – ал билим үйрөндү [5:253, I т.]. Мында сөздүн уңгусу өзгөрүп, мүчөсү өзгөрбөй сакталган (*ög-rä-n-di - үй-рө-н-дү*).

М.Кашкаринин сөздүгүнөн *-pa* курандысы менен жасалган төмөнкүдөй мисалдарды келтирүүгө болот:

екринди - ийриди: *урагут йип екринди* – аял жип ийриди [3:453, I т.].

өгрөнды - өйрөндө: *ер өзлөқ өгрөнды* – эр кесип үйрөндү [3:453, I т.].

узратты – көбөйттө (өндөрдө): *ол таварын узратты* – ал товарын көбөйттү, өндүрдү (уз ||үс) [3:467, I т.].

ävrädi – тилдеди, жамандады: *ol sözni aŋar ävrädi* – ал жаман сөзүн ага багыштады [5:283, I т.].

tikräşdi – өстү, жетилди: *oğlan tikräşdi* – улан өстү (жигит болду), улан өсүп жетилди [5:167, II т.]. Бул мисалда сөздүн уңгусу *тик* деген этиш сөз.

toğruştı - тоорушту (алдыга койгон бир максатта): *ol mäniŋ bilä jilqa toğruştı* - ал мени менен бир максат үчүн тоорушту [5:169, II т.].

ağrındı - ооруду, азаптанды: *balığ ağrındı* - жарадар ооруду [5:262,I т.].

-pa курандысы азыркы кыргыз тилинде К.Сейдакматов тарабынан тууранды сөздөн, сын атоочтон жана этиштен этиш жасоочу мүчө катары катталган: *маара, мөөрө, куура, кыйра, жайра, чачыра* [7:322]. Кыргыз адабий тилинин грамматикасында да «*-pa* түрк тилдери үчүн сөз жасоочу жалпы мүчө экендиги» белгиленип, төмөнкүдөй мисалдар келтирилген: кырг. *туура*, к.кал. *туура*, өзб. *тўграмак*, хак. *тогыра*, түрк. *дограмак,* б.түрк. *тогра*. Бул этиштерге тува тилинде *тогла* туура келет. Келтирилген фактыларга караганда, бул сөздүн фонетикалык өсүшү төмөнкүчө: туура<tywpa<тугра|| тогра<тог [2: 319].

Бул байыркы куранды мүчө азыркы кыргыз тилиндеги *сүйрө, жире, тире, чачыра, кыйра, сайра, туура, жайра, асыра, окура-н, үйрө-н* деген сыяктуу бир канча сөздөрдүн составында жолугат жана анча-мынчасынын гана уңгусун ажырата алабыз (*чачыра, кыйра*). Калгандарында уңгуга куранды мүчө биротоло ажырагыс болуп биригип калган.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Грамматика хакасского языка [Текст] /под ред. Н.А.Баскаков. – М.: Наука, 1975. – 418 с.
2. Кудайбергенов, С. -са мүчөсү [Текст] / С.Кудайбергенов // Тюркологические исслед.: сб. ст. посвящ. 80-летию акад. К.К. Юдахина. – Фрунзе, 1980. – С. 163-173.
3. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү [Текст] / Махмуд Кашгари; котор. Т. Токоев, К. Кошмоков. – Бишкек: AVRASYA PRESS, 2011. – 1-т. – 906 б.; 2-т. – 2012. – 692 б.; 3-т. – 2013. – 680 б.
4. Махмут Кашкари. Дивану лугатит турк [Текст]: түркий тилдер сөз жыйнагы үү Махмут Кашкари; котор. И.Авдувалиев, Т.Ахматов, А.Оморов ж.б. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – 511 б.
5. Махмуд Кошгорий. «Девону лугат ит-турк» [Текст] / Махмуд Кошгорий; котор. С.Муталлибов. – Тошкент: УзССР фанлар академияси нашриети, 1960. – 1-т. – 500 б.; 2-т. – 1961. – 428 б.; 3-т. – 1963. – 468 б.

6. Орузбаева, Б. О. Словообразование в киргизском языке [Текст] / Б.О.Орузбаева. – Фрунзе: Илим, 1964. – 312 б.
7. Сейдакматов, К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү [Текст] / К.Сейдакматов. – Фрунзе: Илим, 1988. – 334 б.
8. Atalay, B. Divanü lugat-it-Türk terçümesi. Çeviren Besim Atalay [Text] / B.Atalay. – Ankara, 1939. – Cilt 1; Cilt 2. – 1940; Cilt 3. – 1941.

Davlatova S.J.
OshSU Medical College
davlatova@mail.ru

The Construction of Verbs Using the Endings –sa, -la, -ra in M. Kaskari's Dictionary

Annotation*: This article deals with the comparison of -sa, -la, -ra, as verb forming suffixes in the dictionary by M.Kashkari, with mordern Kyrgyz factors and their differences. Article declares use of interactive methods which help to join grammar and lexical themes in Kyrgyz classes, develops independence, activity, as well as students' spoken and written skills.*

УДК: 341-8

Дунканаев А.Т., ф.и.д., проф.м.а.
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

Макалдын тексттик бүтүндүгү

Аннотация: *Макалдын грамматикалык грамматикалык түзүлүшү сүйлөмдүк көлөмдө берилгени менен, анын мазмундук табияты тексттик мүнөзгө ээ. Кандай гана макал болбосун, алардагы ар кыл багыттагы түшүнүктөр да, тике жана кыйыр түрүндө берилген катмарланган маанилер да бириктирилип бир бүтүндүктө берилет жана белгилүү бир ойду билдирет. Бул макал текстинин бүтүндүгүн клөрслөтлөт.*

Ачкыч сөздөр: *текст, грамматикалык тема, бүтүндүк, макал, тике жана кыйыр маани*

Аннотация*: Грамматическое строение пословиц оформляется как предложение, но по содержанию имеют все характерные черты текста. Во всякой пословице наслоены несколько значений различных понятий в одно единство и обозначают конкретную мысль. В данной статье автор рассматривает пословицу как единый текст.*

Ключевые слова: *текст, грамматическая тема, пословицы, прямое и переносное значение*

Кыргыз текст таануучуларынын: «Текст – баарыдан мурда кептик бирдик. Ал семантикалык критерий аркылуу аныктала турган структура» (С.Ж.Мусаев. Филол. ил. докт. дисс. автореф. 2000: 20). «Текст-кандай гана болбосун, белгилүү бир кабар берүүчү логикалык, психологиялык таасирлердин негизинде жаралган грамматикалык каражаттардын жардамы менен ишке ашуучу бүтүндүк» (С. Өмүралиева. филол. ил. докт. дисс.автореф. Б.; 1999: 16). «Текст–информация алмашуу кызматын аткаруу үчүн түзүлгөн өзүнчө темасы, максаты, семантика-структуралык бүтүндүгү бар сүйлөшүүнүн бирдиги» (Т.С.Маразыков. Филол. ил. докт. дисс. Б.; 2005: 75) – сыяктуу жана башка ар кыл багыттагы текстке берген аныктамалары макал мазмунуна дал келгендиктен, аны текст катары таанып, ушул өңүттөн туруп иликтөөгө багыт алдырды. Негизинен макалдын текст катары каралышына, тексттик статусуна жогоруда токтолгонбуз. Ошондой болсо да, макалдын өз алдынча калыптанышы, кепте даяр материал болуп колдонулушу, структуралык семантикасы, логикалык сыйымдуулугу аны тексттик бир бүтүндүктө кароого жана ал бүтүндүктү шарттап турган өзгөчөлүктөрдү аныктоого негиз берет. Ушундан улам, иликтөөнүн жүрүшү макалдын тексттик бүтүндүгүн шарттаган белгилерге ээ экендигин көрсөттү. Макалдын тексттик бүтүндүгү төмөндөгүдөй факторлор менен аныкталууга тийиш.

Макалдын грамматикалык түзүлүшү сүйлөмдүк көлөмдө берилгени менен, анын мазмундук табияты тексттик мүнөзгө ээ. Структуралык-семантикалык бүтүндүгү бар, чулу ойду камтыган сүйлөмдүк текст, кепте мурдатан калыпташып калган даяр материал. Анын ички маңызы, т.а., андагы терең мазмундун камтылышы, логикалык туюндурулушу, кепте даяр материал катары колдонулушу жана аткарган кызматы, көтөргөн жүгү жагынан кадыресе

сүйлөмдөрдөн абдан айырмаланып турат. Кадыресе сүйлөм менен макал статусун шарттаган сүйлөмдөрдү бир ченемде, бир сызыкта карап талдоого алуу алардын табиятына чак келбейт. Макал ойду, болгондо да, маңыздуу чулу ойду туюндурса, кадыресе сүйлөм мындай функцияны аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ боло албайт. Арийне, өткөн жакынкы мезгил аралыгында эле кыргыз тили илиминде сүйлөм бүткөн бир ойду билдирет деген көз караштагы пикирлердин өкүм сүрүп келгендиги жана эреже катары кабыл алынгандыгы анык: «Тыянактуу бүткөн бир ойду билгизүүчү сөз, же өз ара грамматикалык байланыштагы сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат» (Ы.Жакыпов. 1975: 6), «Сөз тизмегинде болсо, айкалышта турган толук маанилүү сөздөр номинативдик касиетте болот. Сүйлөм сыяктуу айрым бир бүткөн ойду билдирүү касиетине ээ боло албайт» (А.Жапаров. 1979: 6), - жалпыга белгилүү мындай аныктамалардын калпыс экендигин бул багыттагы илимий изилдөө иштери ачыкка чыгарып койду. Сүйлөм тууралуу айтылган теориялык ойлордун бардыгына токтолуп, аларга анализ жүргүзүп, илимий талдоого алуу жана жеке пикирлерди билдирүү биздин иликтөөбүздүн максатына кирбегендиктен, ага атайын токтолууну ылайык көрбөдүк. Проф. С.Мусаевдин: «Көпчүлүк учурда сүйлөмдөр синтаксистик структурасы боюнча толук аяктап, бүтүп жатканы менен, семантика-информативдик мазмуну боюнча андай боло алышпай, бүткөн, аяктаган ойду билдире алышпай, синсемантикалык мүнөздө болушат» (С.Ж.Мусаев. 2000: 10),- деген илимий көз карашын келтире кетсек жетиштүү болор.

Тилде колдонулган сүйлөмдөр синтаксистик ар түрдүү конструкцияда жаралат. Ойдун туюндурулуш максатына ылайык алар сөздөрдүн, сөз айкаштарынын маанилик катыштары аркылуу түзүлүп, сүйлөм мүчөлөрүнүн катыш өзгөчөлүктөрүнө, сүйлөм түзүлүштөрүнө байланыштуу ар кыл интонациялык жана грамматикалык каражаттар менен жабдылып турат. Кыргыз тилиндеги бир составдуу, эки составдуу жөнөкөй сүйлөмдөр; кемтик, толук сүйлөмдөр; жалаң, жайылма сүйлөмдөр; жай, илептүү, суроолуу, буйрук сүйлөмдөр; тең байланыштагы, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр өндүү аталыштардын келип чыгышы да түздөн-түз ушуга байланыштуу.

Кыргыз эл макалдары да дал ушундай синтаксистик мыйзамдын негизинде, т.а., сырткы формасы боюнча кадыресе сүйлөмдөрдөн эч айырмасыз, жөнөкөй жана татаал сүйлөм түзүлүштөрүндө уюшулат. Эң башкысы, анын мазмуну тике, кыйыр туюнтмалар аркылуу бир эле учурда маалымат, билдирүү, жаңылык, эскертүү ж.б. формаларда туюндурулган бир канча түшүнүктөрдү өз ичине камтып турат. Ал түшүнүктөр ажырагыс бир бүтүндүккө биригип, акыл, насаат мүнөзүндө чагылдырылат. Муну шарттуу түрдө, төмөндөгүдөй схема менен берсек болот:



Мындай шартта, өзүнөн-өзү текстти түшүнүк пайда болот. Анткени, биринчиден, макалдагы кабар, маалымат, жаңылык, билдирүү, эскертүүнү кадыресе бир сүйлөм менен түшүндүрүү эч мүмкүн эмес, экинчиден, макал мазмунунда бир бүтүндүктө берилген кабар, маалымат, билдирүү, эскертүү, жаөылык тике жана кыйытма маанилеринде жүзөгө ашырылат да, бир катар катмарланган туюнтмаларды камтып турат. Аларды өз түшүнүгүбүзгө, ой калчообузга жараша туюнсак болот. Маселен, татаал сүйлөм көлөмүндөгү **Жоо кеткен соң, кылычыңды ташка чап макалында:**

Жоо кеткен соң,
кылычыңды ташка чап.

түз маанисинде:	кыйыр маанисинде:
-жоого колдонулбаган кылычтын кереги жок;	- ар бир ишти өз убагында жаса;
-кылычтын пайдасы-салгылашта;	- убагы өтүп кеткен ишти жасабоо;
-кылыч душманга колдонулат.	- убагы өтүп кеткен иш пайдасыз;
	- жасалбай калган ишке өкүнөсүң.

Демек, кандай гана макал болбосун, алардагы ар кыл багыттагы түшүнүктөр да, тике жана кыйыр түрүндө берилген катмарланган маанилер да бириктирилип бир бүтүндүктө берилет жана белгилүү бир ойду билдирет. Бул макал текстинин бүтүндүгүн көрсөтөт.

Макал тике жана кыйыр маанилердин ширелишкен айкашынын негизинде жекелик менен жалпылыкты, конкреттүүлүк менен абстрактуулукту өз ичине камтып турат. Ал категориялардын т.а., жекелик менен жалпылыктын, конкреттүүлүк менен абстрактуулуктун бир бутага байланып бириктирилиши, белгилүү бир максат-мүдөөгө багытталышы, эң кыска көлөмдө берилиши макал текстинин бүтүндүгүн шарттайт. Андагы омоктуу ойдун оймоктой кепке батырылышы дал ушул категориялардын бир бүтүндүктө бириктирилип туюндурулушуна байланыштуу болгондуктан, макал текстинин мисалында алардын ар бирине өз-өзүнчө кыскача токтолууга туура келет.

Диалектиканын мыйзамы боюнча жекелик философиялык түшүнүк катары жалпылыктын карама-каршылыгын түзүп турат. Ушул эле учурда аны жалпылыктан таптакыр бөлүп, ажыратып кароого да болбойт, мындай шартта, ал курулай абстракцияга айланат. Тескерисинче, жалпылыкты да жекеликтен бөлүүгө болбойт. Анткени жалпылыкка тиешелүү белгилер жекеликке да таандык болот. Кантсе да, алардын органикалык байланыштуулугу бирисиз биринин жок экендигин көрсөтүп турат.

Жекелик – кайсы бир нерсенин, түшүнүктүн, көрүнүштүн өзүнө таандык болгон ички аныктыгы жана сапат жагынан башка нерселерге окшоштугу. Обьективдүү чындыктагы нерселердин, көрүнүштөрдүн, түшүнүктөрдүн окшоштуктарга ээ болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Окшоштуктар негизинен бир түрдүүлүктү шарттап турат. Макалдын жекелик мүнөзү бир жагынан окшоштукка негизделген. Анткени окшоштуктардын жыйынтыгы жалпылыкты билдирүү менен, айырмачылыкты да ачыкка чыгарат. Макалдын дидактикалык жанрдагы чыгармалардын башка түрлөрү менен окшоштукка ээ болушу анын жекелик мүнөзүн көрсөтпөй койбойт:

1. Буту-колу жок, терезеге сайма саят.
2. Үч күчүк үшүп, үч күчүк үшүп, үнү бүтүп.
3. Эми бирди атсам, он тогузу калат.
4. Көптү көргөндөн сөз оку, көөнөрбөс кылып бөз току.

1-мисал–табышмак, 2-мисал–жаңылмач, 3-мисал–ылакап, 4-мисал–макал. Дидактикалык жанрдагы ар түрдүү чыгармалардан алынган бул мисалдарда окшоштуктардын бар экендиги баамга урунбай койбойт.

1) Мисалдардын түзүлүш көлөмү бирдей, бардыгы тең татаал сүйлөм түзүлүшүндө уюшулду. Теги боюнча дидактикалык чыгармалардын катарына кирет.

2) Буларда аң-сезимди өстүрүүгө, өз алдынча ой жүгүртө билүүгө карата тарбиялоо мүнөзү бир. Ал тарбиялоо ар кыл багытта, ар түрдүү формада жүзөгө ашырылат. Маселен, табышмакта аң-сезимди өстүрүүгө, өз алдынча ой жүгүртө билүүгө карата сыноо максатында конкреттүү суроо коюлуп, аны чече билүү, таба билүү үчүн ой жүгүртүүгө мажбурлоо болот, сыноодон өтүү үчүн аң -сезимде аргасыздан ой жүгүртүү эмгеги жүргүзүлөт. Суроо коюлган соң, каалайсыңбы, каалабайсыңбы ойлонууга мажбур болосуң. Жаңылмачта сөздөрдү тез темпте айтуу менен, ушунун негизинде сөздөрдү так айтууга жана эстеп калуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө тарбиялоо мүнөзү орун алган. Ылакапта кайсы бир турмуштук көрүнүштү мисалга алуу менен, ошол аркылуу, б.а., анын таасири астында андай болбоого жана аны турмушуң да эске ала жүрүүгө тарбиялоо күч. Макалда турмуштук тажрыйбалардан иргелген акыл, насаат мүнөзүндөгү тарбиялоо бар. Тарбиялоо багыты бири-биринен окчун айырмаланып турушса да, аларды бириктирип турган окшоштук – баары бир тарбиялоо. Натыйжада булардын түбү – бирге.

3) Турмуштук зарылчылыктан пайда болуп, адамдын рухий дүйнөсүн байытууда, коомго карата көз карашты чагылдырууда өз ордулары бар бул чыгармалардын бардыгы тең кепте даяр материал болуп колдонулат.

Дал ушундай окшоштуктардын, жалпылыктардын өзү ошол эле учурда айырмачылыктарды ачыкка чыгарат. Алардын негизги айырмачылыктары катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот:

1) **Айтылышы боюнча** – табышмакта суроо коюлган айтым; жаңылмачта тез темптик айтым; ылакапта юмордук айтым; макалда насаат, осуят, акыл мүнөзүндөгү айтым камтылган.

2) **Мазмуну боюнча** – табышмакта бир нерсени билүүгө кызыктар болгон мазмун; жаңылмачта тилди жатыктыруу, сыноо камтылган мазмун; ылакапта салыштыруу, мисалга тартуу камтылган мазмун; макалдарда жыйынтык, корутунду мүнөзүндөгү мазмун бар.
3) **Колдонулушу боюнча** – табышмактар менен жаңылмачтардын аудиториясы чектелүү, адамдардын бетме-бет катышуусунда атайын колдонулат, ал эми макал менен ылакаптардын колдонулуш аудиториясы кенен, ылайыгына, зарылдыгына жараша пайдаланыла берет.

Мындай окшоштуктарга жана айырмачылыктарга такоо менен, макалдагы жекеликке чек коюуга болбойт. Жекелик өзүнчө айрым тургандык, жалгыздык түшүнүгүн билдиргендигине байланыштуу макалдын жекелик табияты өз алдынча калыпташкандыгы, көз карандысыздыгы, сөзсүз түрдөгү кандайдыр бир кошумчалоону талап кылбагандыгы менен да аныкталат. Буга макалдар топтолгон жыйнактар мисал боло алат. Андагы ар бир макал өз алдынча ой билдирүү бүтүндүгүнө, жекеликке ээ болгондуктан улам, алардын санын санап чыгууга болот. Мындан макал өз алдынча бүткөн бир ойду билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болорун, жеке туруп, т.а., контексттен сырткары туруп деле бир бүтүндүктү түзө аларын, кайсы бир түшүнүккө, көрүнүшкө, көрсөткүчкө, жыйынтыкка негизделип, айрым бир бүткөн ой катары кепте даяр материал болуп колдонуларын көрүүгө болот.

Жалпылык жекелик менен эриш-аркакта каралуучу категория экендиги жогортодо эскертилди. Макалдагы жекеликти шарттап туруучу: ой мазмунунун тереңдиги, кыска формада калыптангандыгы, даяр материал катары колдонулушу, осуят түрүндө туюндурулган тарбиялык мүнөзү сыяктуу жана башка белгилерди жалпылык бир түрдүүлүккө салып, жыйынтыктап, бүтүндүккө келтирет, б.а., жекелик белгилердин биримдигинен келип чыккан түшүнүк жалпылыкты жаратат. Макал деген аталыш – дал ушул жалпылыктын жыйынтыгы.

1. Жашоо ырахаты – ден соолук.
2. Конок бир күн консо – кут,
   эки күн консо – жут.
3. Кесирдүү ооздон кесепеттүү сөз чыгат.
4. Айыбын жашырган алыс узабайт ж.б.

Көрүнүп тургандай, келтирилген мисалдардын жалпы мазмуну, ички маңызы, структуралык семантикасы, логикалык туюндурулушу алардын макалдык табиятын тастыктап турат. Макалдарды кабыл алганыбызда эле, алардын жалпылык жана жекелик касиеттеринен улам, макал экендиги тууралуу түшүнүк дароо аң-сезимибизде чагылат. Макалдын жалпылыкка ээ болуусу түздөн-түз бүтүм кылуу, тыянак чыгаруу, корутундулоо мүнөзү менен шартталган. Ушундан улам, акыл-эсти өстүрүүгө байланыштуу ой жүгүртө билүүгө, бере турган ойду терең жана таасирдүү жеткирүүгө, макал мазмунунан өз алдынча жыйынтык чыгарууга түрткү берет. Натыйжада адамзатты туура жашоого, мазмундуу өмүр сүрүүгө, адилет-калыс болууга үндөө, тарбиялоо макалдын жалпылыгын билдирип турат.

Макалдын тексттик бүтүндүгүн шарттап турган факторлордун бири - конкреттүүлүк. «Конкреттүүлүк көп түрдүүлүктөгү бирдейлик, жекеликтеги жалпылык ж.б. жактардын чыныгы байланышы, обьектинин чектери, алардын катнаштарынын өз ара аракеттеринин, карама-каршылыктарынын көп кырдуулугун билүү. Конкреттүүлүк түшүнүгү туюм аркылуу кабыл алынуучу бир бүтүн нерсе катары колдонулат. Бул мааниде конкреттүүлүк – таанымдын башаты. Теориялык ойлоодо конкреттүүлүк кубулуштардын закон ченемин, өсүү тенденциясын, нерселердин жана окуялардын олуттуу байланыш-тарын жана катнаштарын ачуучу илимий аныктамалардын системасы катары көрүнөт. Конкреттүүлүк абстрактуулукка карама-каршы түшүнүк жана аны менен салыштырылып каралат. Тааным процессинде ой абстрактуулуктан конкреттүүлүккө карай жылат. «К» категориясы материалисттик диалектиканын системасында чоң методологиялык маниге ээ» (КСЭ., III т., 1978: 350). Бул түшүнүк макал текстинен мазмундук бүтүндүгүндө конкреттүүлүктүн өз функциясы бар экендигин көрсөтөт. Коюлган маселенин максаты, тактыгы, ачык-айкындуулугу макалдагы конкреттүүлүктүн негизин түзүп турат. Биринчиден, ар бир макал кайсы бир турмуштук түшүнүккө, көрүнүшкө, нерсеге багытталып айтылат да, алардан тажрыйбаланып чыккан көрсөткүчтү тартуулайт, т.а., конкреттүү бүтүм чыгарылат. Мисалы, **Каткырып күлгөн карыбайт** жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндөгү макал текстинин бүтүндүгүндөгү конкреттүү маани **Күлкү жаштыкты сактайт, жаштыктын негизи күлкүдө** деген ойду туюндурууну максат кылат. Мындагы **каткырып күлгөн** субьектилик милдеттеги ажырагыс сөз тизмеги менен синсемантикалык катышта турган карыбайт предикаты кыймыл-аракеттин ал-абалдык мааниси менен гана чектелбей, так бүтүм чыгаруу функциясын да

аткарып турат. Кыргыздар күлкүнүн пайдалуулугун турмуштук тажрыйбаларынан улам, тээ илгертеден эле байкап билишкен. **Күлкү – ден соолуктун мүлкү; Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт, ичи ооруган күлкү сүйбөйт**; **Кайгыдан адам картаят, күлкүдөн адам жашарат; Кары уйкуну сүйөт, жаш күлкүнү сүйөт** макалдары бекеринен жаралбаса керек. Экинчиден, ар бир макал мазмуну катмарланган түшүнүктөрдү жаратып турат. Муну Каткырып күлгөн карыбайт макалындагы: **күлкүнүн пайдалуулугу бар; күлкү ыракат алуунун гана булагы, белгиси эмес, ден соолукта баркы чоң ; күлүп жүргөн адам жаш көрүнөт; күлкү – жаштыктын белгиси; Суз жүрбөө керек; күлкүсүз өмүр бат карыйт** өңдүү конкреттүү туюнтмаларынан байкасак болот. Бул конкреттүүлүктөн келип чыккан конкреттүүлүк.

Макалдагы абстрактуулук конкреттүү түшүнүктөрдү тегеректеп көрсөтүүдөн келип чыгат. Эскерте кетүүчү нерсе, абстрактуулукту жалпылык менен чаташтырбообуз керек. Макалдагы жалпылык жекелик белгилерди, окшоштуктарды бириктирип, андан сапаттык өзгөчөлүктөрдү, туюнтмаларды (белгилерди эмес) үстүртөн жалпы атайт. Демек, макалдагы жалпылыкка тыянак чыгаруу, корутундулоо мүнөздүү болсо, абстрактуулукка жалпы атоо мүнөздүү.

«Абстракция - нерселердин, же кубулуштардын конкреттүү касиеттеринен жана байланыштарынан ой аркылуу алыстап, алардын негизги жалпы жактарын көрсөтүүчү таанып-билүүнүн илимий формасынын бири» (КСЭ., I том. 1976: 25). Абстрактуулук жана конкреттүүлүк бири-бири менен тыгыз, ажырагыс байланышта карала турган категориялардан. Марксистик философиянын негиз салуучулары абстрактуулукту материалисттик диалектиканын негизинде конкреттүүлүктөн абстрактуулукка, абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү деген көз карашта илимий талдоого алып, таанып-билүүнүн жолдорун негиздеп беришкен.

Макалдагы абстрактуулук ошол макалдын мазмунунан келип чыгуучу жалпы түшүнүктү билдирет. Адатта, адам аң-сезиминде адегенде абстрактуу түшүнүк чагылдырылат. **Каткырып күлгөн карыбайт** макалында оболу **күлкү, күлкүнүн мааниси** жөнүндө жалпы кабар туюндурулду. Бул баштапкы маани катары аң-сезимде биринчи кабыл алынат да, абстрактуулукка ээ болот. Ошон үчүн, эгерде макалда эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгы тууралуу суроо коюлса, **күлкү мааниси** деп адегенде жалпысынан жооп берилери толук мүмкүн. Андан соң**, ден соолукка, жаштыкка байланыштуу күлкүнүн пайдасы бар экендиги, күлкүнүн өмүр сүрүүдө ролу чоң экендиги; күлкү жаштыктын белгиси** экендиги сыяктуу ж.б. туюнтмалар «күлкүнүн мааниси» деген абстрактуу түшүнүктү конкреттештирет. Же болбосо, тескерисинче, **«күлкүнүн мааниси»** абстрактуулугунан аталган маанилердеги конкреттүү түшүнүктөр келип чыгат.

Негизинен, макал текстинин бүтүндүгүн көрсөтүүчү жалпылык менен жекеликти, абстрактуулук менен конкреттүүлүктү төмөндөгүдөй схема менен берсек болот:

Пайдаланылган адабияттар:

1. Өмүралиева С. Тексттин семантикасы жана структурасы. Докт. дисс.автореф. – Бишкек: 1999. -46 б.
2. Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси. –Фрунзе: Мектеп, 1975. –79 б.
3. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: 1979. –323 б.
4. КСЭ 1 том – Фрунзе: Кырг. сов. энц. баш. ред. 1976. – 607 с.

5. КСЭ 3 том – Фрунзе: Кырг. сов. энц. баш. ред. 1978. – 640 с.
6. Кыргыз макал-лакаптары (Түзгөн – Ж.Усупбеков) – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. 123-б.
7. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери. I китеп. – Бишкек: Бийиктик, 2005. –143 б.
8. Маразыков Т.С. Текстгеги интеграция. Докт.дисс. – Бишкек: 2005. -378-б.
9. Мусаев С.Ж. Текстгин коммуникативдик структурасы: Докт. дисс.автореф. – Бишкек: 2000. – 40 б.

Dunkanaev A.T - Ph.D Professor
K. Tinistanov Issyk Kol SU
nurzada 671@ mail.com

The wholeness of Proverbs as Text

Annotation*: The grammatical structure of the proverbs organized as a sentence, but the content has all the characteristics of the text. In every proverb, several meanings of different conceptions are connected in one unity and mean a particular idea. In this article, the author considers the proverb as a text.*

Key words: *text, grammar, proverb, direct meaning, indirect meaning, wholeness*

УДК: 372.3-371

Дыйканбаева Т. Т., Сейитбекова С. С.,
кафедра иностранных языков и
межкультурных коммуникации

О роли преподавания английского языка на раннем этапе в общеобразовательных школах

Аннотация*: Макалада жалпы билим берүүчү мектептин башталгыч класстарында англис тилин окутуунун усулдары жонундо ойлор ортого салынат.*

Ачкыч сөздөр*: англис тили, башталгыч класстарда окутуу, тилдик чөйрө, кайталоо, окуучу*

Аннотация: В статье говорится о методах преподавания английского языка в начальных классах общеобразовательной школы

Ключевые слова*: английский язык, обучение в начальных классах, языковая среда, повторение, ученик, обучение*

Актуальность данной статьи в том, что она подготовлена с учётом потребностей сегодняшнего дня, в сфере образования: введение инновационных методов обучения и развития творческих способностей школьников младших классов, а также реализовать познания, учащихся в области культуры, истории других народов, так как иностранный язык- это ворота в мир. Знание английского языка- это своеобразный мост через границы.

Цель данной работы включает в себя научить учащихся правильно читать, говорить и писать на английском языке на базовом уровне;
-формирование навыков понимания элементарных языковых явлений и умений.

21век-время науки, образования и развитой технологии. Во многих странах мира образование осуществляется в многоязычный среде. Многоязычие-это скорее образ жизни, чем проблема, требующая решения. Перед системой образования стоит задача адаптирования к этим сложным реальным условиям, и обеспечения качественного образования, учитывающего потребности обучающихся.

Языковое многообразие и многоязычие

Языковое многообразие отражает наличие в мире многочисленных языков, являющихся средством общения. Сохранить это разнообразие – такова безотлагательная задача, стоящая сегодня перед мировым сообществом. Двуязычие и многоязычие, являются скорее нормой, чем исключением. Применение нескольких языков в повседневной жизни, станут нормальным явлением в этих условиях.

Язык- это не только средство общения и получение знаний, но также и неотөемлемая часть культурной самобытности, и расширение прав и возможностей, как личности, так и группы.

Преподавание языка

Язык, на котором ведётся обучение в школе, является средством общения для передачи знаний. Он отличается от преподаваемого языка, поскольку изучение грамматики, словарного запаса, письменных и устных форм язык, представляет собой специальную учебную программу, для изучения второго языка, не являющегося родным. Изучение другого языка открывает доступ к другим системам, ценностям, способствуя межкультурному взаимопониманию.

Методика преподавания языка постоянно меняется и может быть весьма различной. Многое зависит от методики преподавания языка.

Изучение иностранного языка в последние десятилетия входит в жизнь школьников не толика как учебный предмет, обязательный для усваивания, но и как одна из составных частей его жизни: ребңнок слышит иностранную речь в СМИ, путешествуя заграницей, пользуясь интернетом и компьютером.

Ориентируясь найти реалии и потребности ребңнка, родители и образовательные учреждения озабочены введением методик более раннего освоения иностранного языка. При этом многие осознают, что методика, изучения в раннем возрасте должна принципиально отличаться от методик изучения в среднем и старшему возрасте.

Опыт работы показывает, что использование иностранного языка вне ситуации межкультурного общения является достаточно искусственным. Это означает, что для изучения иностранного языка нужна ситуация, в которой без него нельзя обойтись.

Для младшего школьного возраста это в первую очередь игра, общение с иноязычными сверстниками и взрослыми, визуальные и аудио средства информации, доступные ребңнку.

Известно, что дети- дошкольники и дети младших классов во многом познают мир через движение, тактальное взаимодействие с вещами и предметами, поэтому важно организовывать такие формы работы на занятиях, чтобы дети пережили через различные формы чувствительности (визуальные, тактальные, двигательные) то, что они говорят или поют.

Языковая среда- это типы занятий и материальная база помогающая в изучении языка. Ситуация, когда в процессе обучения используются носители языка, видео, компьютерные программы, стихи и создают языковую среду. При определенном соединении этих параметров и возникают условия для формирования языковой способности. А языковая способность, с этой точки зрения мира, обобщенности, усвоения языкового материала.

В младшем возрасте формирование способности общаться на чужом языке связано не столько с освоением грамматики, лексических и фонетических структур, сколько с совершением практических, предметных действий и выражением эмоций, которые сопровождаются адекватным высказываниями на английском языке.

Методические рекомендации.

Работа с детьми-дошкольниками и с детьми младших классов предполагает, что педагог главной своей задачей считает обучение устной речи. Это, в свою очередь, предусматривает наполнение лексического материала, умение им пользоваться в определңнных ситуациях, (составлять собственные фразы, отвечать на вопросы), и понимать обращенную к ребңнку речь педагога или другого взрослого.

Такое развитие устной речи возможно только в ситуации, когда ребңнку есть, что сказать и есть необходимость высказаться.

Создание таких ситуаций- огромная педагогическая проблема, требующая не просто педагогического мастерства, но и в известной степени, искусства.

В данной статье мы предлагаем примеры составления тематического планирования в младших классах общеобразовательных школ.

Основной лексических материал по темам.

Знакомство, семья, г. Ош, Бишкек, Москва, Великобритания, Америка.	Глаголы to be, to have, личные и притяжательные местоимения. Множественное число имен существительных и т.д.	Hello. Good morning (afternoon, evening). How are you? –Fine (ok, not so good). Thank you. And you?
Домашние животные.	Множественное число	Cat, dog, goose, duck, cow,

	Имен Существительных	horse, pig, sheep, lamb, etc.
Цифры, счет до 10. Времена года.	Прилагательные	Autumn, winter, spring, summer, cold, warm, snow, to ski, to skate, to make snowman
Жилище человека, устройство дома	Предлог места: there is, there are.	House, room, door, window, wall, roof, chimney, bedroom, kitchen, bathroom.
Одежда, обувь. Цвета	Прилагательные. To be.	Dress, shirt, t-shirt, shorts, skirt, jeans, socks, hat, shoes, sleeps, sandals, scarf.

Ожидаемые результаты:

-владеть навыками разговорной-бытовой речи (нормативным произношение и ритмом речи) и применять их для повседневного общения;
- понимать устную (монологовую и диалоговую) речь на бытовые темы;
- знать базовую лексику языка;
- читать и понимать (со словарңм) детские рассказы;
- задавать вопросы и отвечать на вопросы;
- владеть основными навыками письма.
- уметь представляться и представлять друга и т.д
- умение правильно произносить слова;
- умение составлять предложения с использованием глагола «to be»;
- уметь рассказать о себе;
- умение работать по картинке и фотографиям;
- умение работать в группе, с наглядными пособиями;
-культура речи и общения.

Использование стратегий программы «Развитие критического мышления через чтение и письмо» побуждает учащихся к активной мыслительной и практической деятельности, направляет на самостоятельное овладение знаниями и умениями, на активизацию познавательной деятельности.

Использование дидактических игр позволяет реализовать следующие особенности, в игре решаются реальные задачи и ең условности позволяет преодолеть пассивность инициативы и самостоятельности учащихся, присущие к реальным ситуациям.

Что же нужно делать?

- Нужно поддержка учителей;
-выпускать учебные пособия и материалы учитывающие коммуникативную
Направленность в обучении английскому языку;
- новые учебники для младших школьников должны иметь практически-прикладную направленность которые знакомят учащихся с особенностями живой речи;
-разрабатывать методические рекомендации по улучшению работы в классах;
- организовывать книжные ярмарки;
-увеличить разнообразных дополнительных книг по чтению и письмо учитывающие возрастные и национальные особенности обучаемых.

Литература

1.Черепова Н.Ю. Английский язык для дошкольников. Методическое пособие по созданию языковой среды в детском саду. «Аквариум». ГИППВ.»2002.
2. А.Жумаева. СИМЕРА.Проблемы Ближнего Востока и Центральной Азии. Зарубежный опыт. Тил-Дил.Наши Новости.
3. Положение и Практическое руководство по оценке содержания и структуры учебной книги нового поколения. МОН КР. При поддержке USAID.

T.T Diykanbaeva, S.S. Seyitbekova
Department of Foreign language
and International Communication
zhypar@inbox.ru

The role of teaching English in an elementary schools

Annotation: *The article touches upon the problems of teaching English in early grades of secondary schools.*

Key words: *English language, elementary education, language group, school, speaking, telling, repeating*

УДК:91.551.4

Жаманкулова К.Т. , КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кыргыз тил илими бөлүмүнүн жетектөөчү кызматкери, ф.и.к.

Пиктографиялык жазуу Кыргызстандын түштүгүндө

Аннотация. *Бул макалада Кыргызстандын түштүгүндөгү пиктографиялык жазуулар, т.а. Чоң-Бүлөлүдөгү, Терген-Таштагы аска бетине чегилген сүрөттөр, Саймалы-Таш пиктографиялык текстер тууралуу сөз болот.*

Ачкыч сөздөр. *Пиктографиялык сөздөр, петроглифтер, Чоң-Бүлөлү, Сүрөтү петроглифтери, Саймалы-Таш пиктографиялык текстери, Сулайман тоосундагы лабиринт.*

Аннотация. *В данной статье речь идет о пиктографической письменности на скалах Чоң-Бүлөлү, Терген-Таш и пиктографических текстах Саймалы-Таш.*

Ключевые слова. *Пиктографические слова, петроглифы, петроглифы Чоң-Бүлөлү, Сүрөтү, Пиктографичсекие тексты Саймалы-Таш, Лабиринт гор Сулайман.*

Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтердеги сүрөттөр байыркы түрк элдеринин тарыхый издерин чагылдырып турат. Ю.С. Худяков Кыргызстандын территориясы 3 миң жыл бою Борбордук Азиянын көчмөн жашоосуна күбө болуп келгендигин белгилеген (1). Муну Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтер далилдеп турат.

Байыркы аска бетине чегилген сүрөттөр. Петроглифтер. Байыркы көчмөндөр жана жарым көчмөндөр тууралуу маалыматтарды Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтер, андагы жазуулар толуктап келүүдө. Буга Кыргызстандын түштүгүнөн табылган байыркы аска бетине чегилген сүрөттөр да кирет. Кыргызстанда байыркы тарыхый эстеликтердин ичинен аска бетине чегилген сүрөттөр өзгөчө бөлүнүп турат.

Л. Жусупакматовдун «Древние картосхемы Земли в пиктографии петроглифов юга Кыргызстана” (2) аттуу эмгеги Орто жана Борбордук Азияда жашаган байыркы элдердин пиктографияларында чагылдырылган Жердин жана анын региондорунун картосхемасына арналган. Бул эмгек эң байыркы элдердин жаратылыш жөнүндөгү көз караштарын билдирет. Пиктографиялык тексттин обьектиси катары мындай петроглифтер мурун изилдене элек болучу.

Байыркы элдер тээ илгертен эле пиктографиялык жазуудай эле петроглифтерди пайдаланышкан. Л.Жусупакматов Кыргызстандын түштүгүндөгү, Орто жана Борбордук Азиядагы петроглифтерде байыркы андроновдуктар, сактар, скифтер, гунндар, усундар жана түрктөр өздөрүнүн дүйнө таанымын чагылдырышкандыгын маалымдайт (2: 13). Окумуштуу Кыргызстандын түштүгүндөгү петроглифтер “тесно связаны с петроглифами Средней, Центральной Азии, Восточной, Юго-Восточной, Юго-Западной частями, Южной Сибири... (2: 14)” – дейт.

А.Д.Столяр петроглифтердин тилдин байыркы катмары менен байланышы тууралуу мындай дейт: “Они (петроглифы) содержат намек на некоторые речевые эквиваленты архаических пластов языка”(1972: 60). Бул учурдагы негизги нерсе – тексттин маанисин түшүнүү, тилдин ээсин, анын психологиялык, этностук жана маданий өзгөчөлүгүн билүү болуп саналат (2: 15).

Л.Жусупакматов пиктографиялык жазуу менен катар эле петроглифтер система катары жогорку палеолитте эле пайда болгондугун, сүрөт жазуусу катары неолит доорунда биротоло калыптангандыгын жана фонетикалык жазуудан мурунку жазуу экендигин, ал Американын индеецтеринде, тропикалык Африканын жашоочуларында, Австралиянын аборигендеринде, Сибирдин кичи элдеринде дээрлик XX кылымдарга чейин таралгандыгын белгилейт (2: 15).

Я.Шердин пикири боюнча пиктографиялык жазуунун обөектиси катары петроглифтерди изилдөө - илимдеги жаңы багыт болуп саналат.

Бул пиктографиялык текстти грамматикалык жактан эмес логикалык жактан дешифровкалоо керек экендигин тилчи-түрколог А.М.Щербак, этнограф В.М.Кляшторный, алтайлык тилчи-илимпоз В.И.Цинциус сунушташкан. Байыркы элдердин бардык иштери грамматикалык жактан эмес, логикалык жактан айкын көрсөтүлгөн. Муну алардын прагматикалуулугу, семиотикалуулугу жана семантикалуулугу далилдеп турат (2: 29).

Петроглифтер, Л. Жусупакматовдун маалыматы боюнча, Борбордук Тянь-Шань, Памир, Алай, Фергана тоо кыркаларында да кездешет. Кыргызстандагы аска бетине чегилген сүрөттөр байыркы көчмөндөрдүн жана жарым көчмөндөрдүн рухий дүйнөсүн, ошондой эле конкреттүү, абстракттуу анимистикалык жана тотемдик көз караштарын ачып берет. Ушул пландан алганда Чоң-Бүлөлүдөгү (Алай району), Жаңы Ноокат капчыгайындагы (Ноокат району), Сүрөтүдөгү (Баткен областы) петроглифтер өтө уникалдуу.

Байыркы кыргыз пиктографиялык жазуусу - Чоң-Бүлөлүдөгү аска бетине чегилген сүрөттөрдө. Чоң-Бүлөлүдөгү аскага чегилген сүрөттөр б.з ч. I миң жылдыктын аягына жана б. з. I миң жылдыгынын биринчи жарымына тиешелүү деп эсептелет. Байыркы тарыхый-археологиялык эстеликтер тянь-шандык кыргыздардын эзелтеден бери эле ушул территорияда жашап жана чарбасын жүргүзүп келишкендигин далилдейт дейт Л.Жусупакматов. Мында табылган эстеликтер енисейлик жана тянь-шандык кыргыздар бири-бири менен тыгыз карым-катышта болуп келген деген кыргыз изилдөөчүлөрүнүн концепциясын да ырастайт (2: 54).

Чоң-Бүлөлүдөгү кызыл кумдуу аскага чегилген петроглифтер (Жердин картосхемасы), Л.Жусупакматовдун пикири боюнча, байыркы түрктүк, ошону менен бирге эле байыркы кыргыз пиктографиялык жазуусун билдирет. Чоң-Бүлөлүдөгү петроглифтер теги боюнча байыркы-түрктүк деп эсептелет. Алар 1984-жылы табылган. Бул петроглифтер Жоош айылынын түндүк-батышында жайгашкан кызыл кумдуу зоокага чегилип жазылган. Асканын астында 150-200 метр аралыкта жол өтөт. Мурун айтылгандай, зооканын чегилген, ал эми түштүк-батыш жагын тамга жана геометриялык схемалар ээлейт, буларды Л. Жусупакматов картосхема деп атайт. Ошондой эле зоока астында жаткан (балким, аскадан жарылып түшкөн) чоң ташта тамга түрүндөгү сүрөт (башкача айтканда – фонограмма – Л. Ж.) кездешет (2: 50).

Л. Жусупакматовдун маалыматы боюнча бул картосхеманын негизин ушул жердин орографиясы[63] түзөт. Жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгы боюнча анда негизинен Орто жана Борбордук Азиянын тоолору сүрөттөлгөн. Бул картосхемалар системалуу түзүлгөн, орографиядагы белгилүү бир жыштык сакталган, ошондой эле анда масштабдуулук элементтери байкалат, 59,2%и жогоруда аталган территориянын орографиялык масштабына туура келет (2: 50).

Ал эми чоң ташка чегилген сүрөттөрдү расшифрофкалоо - анын авторунун отко сыйынган адам экендигинен кабар берет. Анткени андагы белги ... пиктографиялык жактан Күндү, ал эми калган белгилер адамдардын фигураларын билдирет. Кол кармашкан адамдардын сүрөттөрү алардын Күнгө сыйынгандыгынан кабар берет жана алтай бүлөсүндөгү элдерде кеңири таралган, кыргыздарда да кездешкен от бийин эске салат (2: 53).

Кыргызстандын территориясында жашаган байыркы кыргыздар да күндү ыйык деп, ага сыйынышары аталган чекме сүрөттөн көрүнүп турат.

Кыргыздар тарабынан өздөрү жашаган жерлердин картосхемасы түзүлгөн. Ал эми байыркы кыргыздардын негизги кесиби аңчылык болгондугун уруу белгилери ырастап турат (2: 53).

Чоң-Бүлөлүдөгү аска бетине чегилген сүрөттөрдүн кайсы доорго тиешелүү экендиги тууралуу Л. Жусупакматов мындай дейт: “Наличие на них глубокого загара, а также отсутствие огнестрельного оружия..., говорит о том, что данные наскальные изображение относятся к концу 1 тыс. до н. э. и к первой половине 1 тыс. н.э.” (2: 54).

Кыргызстандын территориясы аска бетине чегилип тартылган сүрөттөргө, б.а., петроглифтерге бай жана алар окумуштуулар тарабынан жазуу катары таанылган дейт Л. Жусупакматов. Мындай петроглифтерге 1983-жылы табылган Кичи-Каракол ашуусундагы (Алай району) жолдун жээгинде жайгашкан абдан зор жалпак таштарга чегилген Жердин картосхемасы (анын айрым бөлүктөрү), Терген-Таштагы чекме сүрөттөр кирет. Бул эстеликтерди Л. Жусупакматов “ачык асман астындагы музей” деп атайт.

Терген-Таштагы аска бетине чегилген сүрөттөр – дүйнөнүн, т.а. анын бир топ бөлүктөрүнүн картосхемасы. Терген-Таштагы аска бетине чегилген сүрөттөр – Ош облусунун

Алай районунда жайгашкан. Л.Жусупакматов мындагы сүрөттөр - дүйнөнүн, т.а., анын бир топ бөлүктөрүнүн картосхемасы дейт. Бул жерде ар бир таш – адамзаттын тарыхын камтыйт.

Терген-Таштагы сүрөттөр 500дөй. Картосхемалар түшүрүлгөн бир нече таштар жолдун боюнда жайгашкан. Алар пландуу, масштабдуу жайгаштырылган жана азыркы картанын 83–84%не туура келет. Сүрөттөрдүн гранометриясы боюнча алар орографиялык, полеографиялык жана өлкө таануучу (этнографиялык) системаны, ошондой эле городографияны, шаарларды жана жолдорду көрсөтөт. Көңүл коюп карап көргөндө, андан Орто, Борбордук, Кичи Азиянын жана Индиянын, ошондой эле Европанын бир бөлүгүнүн сүрөттөрүн көрүүгө болот. Бардык схемалардын түшүрүлгөн сүрөттөрү жалпак ташта бири-биринин уландысы катары жайгашкан. Бул картография – ошондой эле тоолордун, ушул жерлердин аттарынын, Алайдын да байыркы тарыхы (2: 47).

Бугу эне – Эне-кудайды билдирүүчү семиотикалык белги. Бугу эненин силуэти - балдардын коргоочусу. Л. Жусупакматов бугу - бул жерде балдарды каардуу жин, шайтандардан жана оорулардан коргоочу Эне-кудайды билдирүүчү семиотикалык белги дейт. Бугу-Эне – тирүү жандарды азыктандыруучу Жер-Эне (Мать-Земля), акырында ал аңчылыктын да обөектиси (2: 172). Кыргыздын улуу жазуучусу Ч. Айтматов бекеринен өз чыгармаларында семиотикалык белги катары Бугу-эненин образын албаган экен.

Саймалы-Таш пиктографиялык тексттери. Саймалы-Таштагы аска бетине чегилген миңдеген сүрөттөрдү "Уникальными образцами "предсакского и сако-усуньского искусства являются наскальные изображения Саймалы-Таш на перевале Ферганского хребта" (2: 549), - дейт Л. Жусупакматов.

Түштүк Казахстандагы Койбагар жана Фергана тоо кыркасындагы Саймалы-Таш өзгөчө кызыгууну жаратат. Дүйнө жүзүндөгү башка эч бир жерде ушунчалык көп петроглиф комплексинин тобу кездешпейт. Я. Шер жана Ю.Голендухин: "Ухтусар в Армении, Богуслен в Швеции, Валь Камоника в Италии уступают Саймалы-Ташу по количеству названных рисунков (3: 27)", - дешет.

Саймалы-Таш – сүрөттөрдүн саны жана алардын хронологиялык жайылышы боюнча (коло доорунан орто кылымдарга чейин) ушундай типтеги сүрөттөрдүн эң ири топтолгон жери болуп саналат. Саймалы-Таштагы аска бетине чегилген сүрөттөр төрт катмарга бөлүнөт:

"1. предсакский, II-I тысячелетия до н. э.
2. сакский, VIII-III вв. до н.э.
3. гунно-усуньский, III в.до н.э. – II в. н. э.
4. гунно-тюркский, III-VIII вв. н. э.

Саймалы-Таштагы сүрөттөрдүн сериялары айрым жаныбарлардын жана бүтүндөй композициялардын динамикалык сүрөттөрүнүн үлгүлөрүн берет.

Л. Жусупакматовдун эмгегинде байыркы адамдардын жер жөнүндөгү жана анын регионду жөнүндөгү элестери Саймалы-Таштын петроглифтериндеги пиктографиялык тексттерде кеңири сүрөттөлгөн (2: 196). Ал эми Сулайман тоосундагы лабиринт - бул байыркы бабалар тарабынан чегилген астроглобус. Анда алардын Жер жөнүндөгү, Жердин картосхемасы жөнүндөгү түшүнүктөрү чагылдырылган жана байыркы оштуктардын Борбордук, Түштүк-Чыгыш жана Алдыңкы Азия, ошону менен бирге эле бүткүл дүйнө жүзүнүн элдери менен байланышын көрсөтүп турат (2: 66).

Л.Жусупакматовдун пикири боюнча мейкиндик түшүнүгүн билдирүүчү пиктограммалар карта же картосхеманы түшүндүрөт. Алар петроглифтердин ар түрдүү формалары аркылуу туюндурулат жана картографиядагы пиктографиялык текст катары өзүнчө бир системаны көз алдыга келтирет. Алар - пиктограмма-зооморфтор (эчки, багыш, бугу, ат, маймыл, жылан.) Ар түрдүү жырткычтар, төөлөр, канаттуулар ж.б. пиктограмма-антропоморфтор, пиктограмма-метаморфозалар ж.б.

Окумуштуунун ийгилиги - ошол таштардагы сүрөттөрдү окугандыгы, сүрөттөрдү дешифровкалагандыгы болуп эсептелет.

Түштүктөн табылган Жердин картосхемасы анын Орто Азия жана Борбордук Азия аркылуу Кытай, андан – Индияга, кайрадан Рим, Вавилон, Египетке кеткен Улуу Жибек жолу менен байланышы бар деген ойго түртөт дейт Л. Жусупакматов (2: 275).

Ошентип, Кыргызстандын территориясы - кыргыздардын пиктографиялык жазууларына бай байыркы тарыхый эстеликтердин очогу, Улуу Жибек жолунун Кытайга кеткен түйүндүү точкасы болуп эсептелет.

Адабияттар

1. Джусупакматов Л. Дж. Древние картосхемы замли в пиктографии петроглифов юга Кыргызстана. – Ош: 2006, 586 б.
2. Худяков Ю. С. Сабля багыраүүВоенное искусство средневековых кыргызов. - М., Изд-во “Филоматис”, 2003, 183 б.
3. Шер Я., Голендухин Ю. Колесницы Саймалы-Таша. Китепте: По следам памятников истории и культуры Киргизстана. –Ф., 1982, Изд-во “Илим”, 18-25-бб.

Jamankulova K.T.- Kyrgyz Republic
National Scientific Academy C.Aitmatov’s Language and Literature Institute
Kyrgyz Language Sciences department leader PhD

Pictographic Writings in the South of Kyrgyzstan

Annotation. *This article is about pictographical writings on the rocks of Chon-Bulolu, Tergen-Tash and the pictographical texts of Saymaly-Tash.*

Key words*: Pictographical words, Petroglyphs, Petroglyphs of Chon-Bulolu, Pictoral petroglyphs, Pictographical texts of Saymaly-Tash, labyrinth of Sulaiman mountain.*

УДК 398.22

Жамгырчиева Г.Т., ОшМУ

Мифтик жана жомоктук сюжеттердин кыргыз эпосторунда берилиши

Аннотация*: Макалада кыргыз эпосторундагы мифтик жана жомоктук сюжеттер тууралуу сөз болот.*

Өзөктүү сөздөр*: архаика, фольклор, эпос, мифтик , жөө жомоктук сюжет.*

Аннотация: *В статье рассматриваются сказочно-мифологические сюжетные мотивы в кыргызском эпосе.*

Ключевые слова: *архаика, фольклор, мифические и сказочные сюжеты, эпос.*

Архаикалык фольклордо миф менен жөө жомоктун чегин ажыратуу демейде кыйын. Жомоктун жаралуу башатында миф жаткандыгын көпчүлүк илимпоздор танышпайт. Архаикалуу жомоктук сюжеттерде мифтердин, ритуалдардын, уруулук үрп-адаттардын, жөрөлгөлөрдүн мотивдерине байланыштуу окшоштуктар арбын болуп, мифтен жомокко өтүүдө мифтин ыйык, жашырын сакралдуу тарабы бөлүнүп калып, жомоктук кейипкерлердин коомдук-социалдык абалына байланыштуу жөнөкөй пенделик сапаттары тууралуу кеңейтилип баяндалат. Белгилей кетчү нерсе, жөө жомоктун генезисинде окуянын мезгил жана мейкиндиктен чыгуусунун негизинде мифке мүнөздүү болгон этиологизмдин жоюлушу дагы жатат. Мифтеги кейипкерлер маданий каармандар, демиургдар болуп, алардын “ааламдык” масштабдагы аракеттери, жасаган иштери, маселен, жылдыздардын, оттун, жер кургактыгынын пайда болушу баяндалса, жөө жомокто каармандын жеке жөндөмүнө ылайык уруулук, үй-бүлөлүк денгээлдеги аракеттери баяндалат. Ал эми архаикалык жомоктордогу каармандар өз максаттарына шамандык өнөрдүн, рухтардын колдоосу менен жетишкендиги айтылат. Элдик эпосто мифтик башаттарды сактаган байыркы жөө жомоктук сюжеттер анын көп катмарлуу тулкусунда айкалышта кездешкен учурлары бар.

Эпостун жаралып, өнүгүү жана калыптануусунун башкы булагы болгон миф көөнө кыргыз эпостору “Манас”, “Эр Төштүк”, “Кожожашта” архаикалык формасында, баштапкы калыбында сакталып калгандыгы алардын сюжеттик негизинде архетип, баштапкы образ катары эсептелген каармандардын эрдиктери жаткандыгынан көрүнөт. Мындагы негизги окуяда адамзаттын түпкү теги делген, культтук каармандардын, баатырлардын эрдиктери жатат. Буга ылайык архаикалык эпосто эпикалык доор ааламдын алгачкы жаралышын баяндаган мифтик доор чагылдырылат.

“Манас” эпосу мифтен башат алган элдик көркөм туунду болуп, алгачкы уңгусунда башкы каарманы Манас баатыр жердеги алгачкы адам, уруунун башчысы, архетип катары келгенин

андагы көөнө катмарларда сакталып калган мифологиялык элементтерден туюнууга болот. Эпосту Көкө Теңирден дааруу менен айтылуу феномени анын синкреттүү табиятынан кабар берип турат. Доорлор өтүп миф улам кийинки окуялар менен толукталып, алгачкы жамааттык коомдун адамынын акыл-эси татаалданган сайын мурда аң-сезимдик деңгээлде жашаган мифтер бөлүнүп, өөрчүп, көркөм туундуга, маданий көрүнүшкө айлана баштаган жана башка уруулар менен алака түзүүдө өз ара таасирленүү жүргөн: “Очень возможно, что эпос о Манасе испытал влияние не только легенд об Огуз-кагане и других тюркских генеалогических преданий, но что одним из важнейших источников эпопеи о Манасе в целом были сказания о киргизском первопредке – первом правителе” [1. 374].

«Манас» эпосундагы Кошойдун окуялары көрүнүктүү архаикалык мотивдерди камтыган сюжети менен өзгөчөлөнөт. Бул окуя айрыкча С.Орозбаковдун вариантында кеңири берилген. Кошойдун эрдиктери баяндалган эпизоддордо жомоктук мифологиялык маалыматтар арбын. Алар Манас баатырдын он бир дуу-дууга каршы күрөшү жана Кошой баатырдын Жаангер кожонун уулу Билерикти туткундан бошотуусу тууралуу окуялардын ичинде келет. Окуяга токтолсок, Манас жоокерлерине Кырмусшаага аттанууга даярдангыла деп тапшырма берет. Нескара Жаангер кожону Кырмусшаага туткундап алып келет, Кырмусшаа Жаангердин баласы Билерикти барымтага алып калып, өзүн бошотуп жиберет, баласын таштап кете албай Жаангер ара жолдо конуп олтуруп кудайга дат айтат, жардам берүүсүн өтүнүп кайрылат. Кошой Кырмусшааны беттеп аттанат. Жолго чыгар алдында Кошойдун аялы Арууке аны алдыдагы кармашка алдын-ала даярдайт, кеп-кеңешин айтат, жолдо жолукчу жылаңач бала болуп алган аярды алаксытуу үчүн чүкө алып ал дейт, дагы жолукчу тарамыш сураган аял аярга дагы кийик атып, тарамыш даярдап алуусун эскертет. Аларды алып, Кошой жолго түшөт. Дагаркыз аярды жеңип аялдыкка алат, анын кеңеши боюнча сыйкырчы чалды өлтүрүп, мойнундагы жетимиш баштуу бутун алат, аны мойнуна илип курсак буроосун бураган киши жетимиш түрдүү тилди билет экен. Аны менен Кырмусшаанын калаасына кирип, аны өлтүрүп, кейпин кийип такка олтурат да калган жоону жеңип, Билерикти зындандан бошотот, Дагалак шаарынын эли эркиндикке жетет, урушка жаны кара чымчыкта болгон дөөлөр ж.б. мифтик кейипкер, сыйкырчылар катышат.

С.М. Абрамзон белгилегендей: “В одном из эпизодов “Манаса” фигурирует хан, владетель одного из 11 городов Восточного Туркстана – Дигалака, по имени Кырмуста. Это имя является, по нашему мнению, не чем иным, как именем тэнгрия Хормуста (индры) из буддийско-шаманской мифологии. Если сюда прибавить имя сподвижнина Манаса хана Кокетея, тождественное имени Когутэй (божества из шаманского пантеона) в монгольском фольклоре, то станет очевидным, что мы имеем дело с определенным слоем в “Манасе”, появление которого стало возможным на почве наличия среди киргизов в прошлом представлений, связанных с буддизмом в его монгольской разновидности [2, 380.], – деген пикир эпостун тексти менен тастыкталат:

“Манас” эпосундагы Кошойдун окуялары, андагы мифологиялык сюжет жана мифтин персонаждар эпостун жаралыш, түптөлүш тарыхынын байыркылыгын, архаикалуулугун далилдеп, анын пайда болушундагы мифологиялык башаттарды көрсөтүп турат. Мындан көрүнүп тургандай, Кошой катышкан жомоктук–фантастикалык сюжет эпостун калыптанышынын алгачкы этаптарына дал келүү менен мифологиялык жана жомоктук элементтер айкалышта кездешет. Бул, албетте, жогоруда белгилегендей архаикалык фольклорго мүнөздүү белги болуп саналат. Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча жөө жомоктор мифтен келип чыгат, архаикалык фольклордогу жомоктук фантастика мифтегидей эле салттуу конкреттүүлүккө ээ болуп, байыркы уруулук ишенимдерге негизделген. Биздин пикирибиз боюнча, эпос жөө жомоктор менен параллель калыптанып, андагы жөө жомоктук мотивдер болсо ошол эпостун алгачкы өзөгү түзүлгөндөн соң келип кирген, негизинен эпос мифтик жана сыйкырдуу-кереметтүү, жаныбарлар тууралуу жөө жомоктук жалпы архетипке ээ.

Каралып жаткан сюжеттик мотивдеги Кошой баатыр каарман катары казак элдик оозеки чыгармаларында да белгилүү, ал “Эр Косайдын” В.В. Радлов жазып алган версиясында кездешет. “Эр Көкше” баатырдык эпосунда да Эр Косай аттуу каарман тууралуу маалымат бар. Кайсы версияны карабайлы “Манас” эпосунда деле, казак дастандарында деле Кошойдун образы улам реалдуу образга трансформациялангандыгы ачык байкалат. Бул “Манастан”, “Көкөтөйдын ашы” окуясындагы Кошой менен Жолойдун күрөшү тууралуу окуядан көрүнөт. Анда жомоктук-мифтик мааниде эмес, кадимки реалдуу турмуштук кырдаалдагы күрөш берилген. Өтө кеңири убакыт аралыгын камтыган “Манас” эпосу мифологиялык сюжет жана чындыкта болуп өткөн кыргыз эли

башынан кечирген окуяларды аралаш баяндайт. Эпостогу Кошойдун окуялары да ошондой окуяларга кирет. Мында Кошойдун образы мифологиялык мотивдер менен “шөкөттөлгөн” реалдуу адамдык салттарга ээ болгон образ. Бул байыркы эпостун спецификалуу өзгөчөлүгү болуп, мифтик белгилер менен чындыкта болгон нерселер бирдей сакталган.

“Семетей” бөлүмүндө кайыптар дүйнөсү тууралуу элдин мифтик түшүнүгү камтылып, башкы каарман Семетей баатыр кайып болуп кетип, жан күйгөн жакындарынын жардамы менен кайрадан элине кошулат. Ал эми эпостун үчүнчү бөлүмүндө болсо анын дээрлик үч бөлүмүндө тең катышкан өлбөс беш каарман (Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро) дүйнө кыдырып кайып болуп кетишет, алар жакшы адамдарга жолугуп, колдойт деген ишеним эл арасында сакталып калган. Мындан эпостогу каармандар өтө кыйын кырдаалга туш болгондо, өмүрүнө коркунуч келгенде перилер, башкача айтканда, колдоочулар дүйнөсүнүн өкүлдөрү тарабынан кайып дүйнөгө алып кетилип кайра кайтып келиши, же өлбөстүккө жеткенден соң өз эрки менен кайып болуп кетүүсү берилип жатат.

Перилер эпосто мифтик кейипкерлер болуп эпосто аял келбетинде сүрөттөлөт, Семетейдин жубайы Айчүрөк перинин кызы болуп аны атасы Акункан бөбөктүгүндө талаадан таап асырап алат. Айчүрөк ошондуктан адамдан артык касиеттерге ээ, керек учурда ак куу болуп кубулуп учуп, койгон максатын ишке ашырууга жөндөмдүү. Анын сиңдиси Көкмончок жогоруда белгиленгендей, перилер дүйнөсүнүн өкүлү, жездеси Семетейди душмандан жарадар болуп кыйын абалда калган кезинде арыптап булут түшүрүп, Кайыпчынын кара үңкүрүнө алып кетет. Ал жерден издеп жүргөн Күлчоро байкап калып элге алып келет. Эстутуму, угуу, көрүү сезимдери калыбында болбой калган Семетей энеси Каныкейдин ак сүтүнүн жардамы менен өзүнө келет. Ал эми кайып болгон беш берендин өлбөстүгү эпосту жараткан эл тарабынан алардын Коңурбайдан атасынын өчүн алууга барган Семетей атып алган Коңурбайдын сыйкырдуу кароолчуларынын бири куу өрдөктүн этин жегендиги менен түшүндүрүлөт. Айчүрөк “Семетей” эпосундагы борбордук каармандардын бири болуп, “Манас” эпосунун “Сейтек” бөлүмүндө да катышып, акырында беш берендин бири катарында кайып болот, анын мифтик аң-сезимдин алгачкы башатынан бара-бара алыстап, эпостук жанрдын улам өрүш алып өнүгүшүндө эпикалык каарманга айлангандыгы байкалат. М. Борбугуловдун эмгегинин (“Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы, 2004) “Ак куунун учушу” деп аталган бөлүмүндө “Манас” эпосундагы мифтик образдардын бири – Айчүрөктүн образынын өзгөчөлүгү тууралуу сөз болот. Окумуштуу мында Айчүрөктүн кош генеологияга ээ чыгыш тегин, андагы тотем жаныбар менен адамдын ортосундагы окшоштуктун бар экендигин байыркы адамдын туюсу камтылгандыгын баяндап келип, аталган каармандын жомоктук образын ачып берет: “Айчүрөктүн образы ак куу катарында кадимки реалдуу канаттуудан алыстатылып сүрөттөлсө, адам катарында, тескерисинче, реалдуу адамдын образына ошончолук жакындатылып сүрөттөлөт” [3.105]. Мындан байкалгандай, канаттуулардын арасындагы сулуу куш ак куу болсо, адамдын арасындагы сулуу аял Айчүрөк жомоктук-мифологиялык каарман катары кубулуу жөндөмүнө ээ болуп, эпостун калыптануусунун алгачкы стадияларында эле катышкан каарман экени билинип турат. Тышкы келбет менен бир катарда эле Айчүрөктүн ички дүйнөсү да аруу, сулуу, ал керек учурда эрдик көрсөтүүгө жөндөмдүү. Анын бул сапаттары атасы Акун кандын шаарын коргоого, кийинчерээк уулу Сейтекти коргоого жасаган аракеттеринен көрүнөт. Сулуулук тууралуу элдик идеал эпосто Айчүрөк, Арууке сыяктуу ары сулуу, ары таза аялзатынын бейнесинде ишке ашырылгандыгы таамай сезилет.

Эпостун “Сейтек” бөлүмүндөгү “Сейтектин Желмогуз уулу Сарыбай менен согушу” окуясы мифтик кейипкердин катышуусу менен өтөт. Сарыбай элге көп кордук көрсөткөн терс каарман. Андан кутулуу бир топ кыйынчылыктарды туудурат. Алп уйкуда жаткан Сарыбай дөөгө Карадөө жетип найза саят, Сарыбайдын денесине найза өтпөгөн укмуштуулугу анын мифтик-жомоктук каарман экендигин айгинелейт, бирок анын образынын кара күчүнө гана таянган мифтик кейипкер түрүнөн эпостун кийинки эволюциясында айлакер, акыл-эстүү адам түрүнө өткөндүгү байкалат. Аны жеңүү Айчүрөктүн кайрадан ак куу кебин кийип учуп барып чакыруусу менен келген баатыр кыз Куялынын жардамы менен ишке ашат.

Куялы - эпосто алп, каруу күчтөн тышкары керемет күчтөргө да ээ кыз, перинин кыздары сейилдеп, оюн куруп чыкканда талаадан кайыбынан табылып, атасы Кайып чал тарбиялап өстүрөт. Жогоруда Сайкалдын образында белгиленгендей, Куялынын образында да байыркы энелик доордун белгилери сакталган. Германдыктардын “Нибелунгдар жөнүндө ырында” баяндалгандай, Куялы да Брюнхильда сыяктуу баатыр, ашкан кайраттуу, оор курал-жарактарды

алып жүргөн, аларды мыкты пайдаланган жоокер. Убагында Семетейге күйөөгө чыга албай калган Куялы Сарыбайдын окуясына байланыштуу ыңгайлуу учурду пайдаланып өзүнүн жашынын улуулугуна карабастан анын баласы Сейтекке турмушка чыгуу шартын коёт, акылман Айчүрөк журттун тынччылыгы үчүн бул шартты кабыл алат, эки баатырдан тукум калса жакшы болбойбу деп кырдаалдын оң жагын ойлонот. Куялынын образы эпостун калыптанышындагы узак процесстерде манасчылардын муундары тарыбынан иштелип чыккан адилеттүү баатырдын көөнө образы десек болот. Оозеки чыгармачылыктын табиятына байланыштуу Куялы эпосто бирде ургаачы, бирде эркек катары сүрөттөлө берет. Тактап айтканда, С.Каралаевде, кытайлык манасчыларда ал кыз бала катары берилсе, Б.Сазанов, Ш.Рысмендеевдин айтуусунда ал башкы эпикалык жоо Коңурбайдын уулу катары берилет.

Ал эми “Эр Төштүк” эпосунун мифологиялык сюжеттерин негизинен дүйнөнүн түзүлүшүнө байланыштуу байыркы адамдардын ой жүгүртүүсүнүн көркөм чагылышы катары кароого болот. Мында үч кабат дүйнө, биринчи кабат – Көк Теңир дүйнөсү, экинчи кабат – кадимки убактылуу өмүр сүрүп өтүүчү адамдар жашаган дүйнө, үчүнчү кабат – жер алдындагы дүйнө түшүнүгү берилип, жаны өгөөдө болгон Төштүк аны алып качам деп желмогуз кемпирдин куугунунда калат. Учуучу, сүйлөөчү ат Чалкуйрук аны өзү айткандай: “Булуттуу көктүн астынан, буралган шибер үстүнөн бурулбай алып учат”. Төштүккө жетпей каларын сезген желмогуз кемпир колундагы сыйкырдуу буюм ийректи алып: “Ор, ийрегим, оргун”, – деп атып уруп жерди жарып жиберет. Ошондо жарылган жерден үчүнчү дүйнөгө, жер түбүндөгү дүйнөгө эшик ачылып Төштүк Чалкуйрукту минген бойдон түшүп кетет. Андан аркы сюжетте Төштүктүн жер астындагы дүйнөдөгү өткөргөн жылдары баяндалат, төрт Маамыт, жолборс, аюу, кумурскага жолугуп аларды ар кандай кыйын кырдаалдардан куткарып дос болгону баяндалат. Бирок негизги сюжеттик өзөк архаикалык эпостордогу баатырдык үйлөнүүгө байланышкан, фольклорист Е.М. Мелетинскийдин сөзү менен айтканда: “Дело в том, что богатырь должен привезти невесту не только из чужого рода, но и определенную девушку, “суженую”. Добывение этой суженой, женитьба на ней и составляет главный пафос героического сватовства, этого идеального подвига богатыря ” [4. 260].

Жыйынтыктап айтканда, макалада каралган мотив эпостун варианттарын түрк тилдүү элдердин - алтай, якут, хакас, өзбек, азербайжан элдеринин эпостору менен салыштыруу планында берилди. Бул биринчиден, жалпы түрктилдүү элдердин эпосторундагы архаикалык эпикалык мотивдерди, экинчиден манасчылар үчүн жалпы болгон салттуу туруктуу эпикалык мотивдерди тактоого мүмкүндүк берет. “Манас” эпосу мифологиялык сюжеттик мотивдерге өтө бай. Алар манасчылардын айтуучулук өнөрүндө зор роль ойнойт жана алардын эпостун байыркы сюжетин сактоодо эң зарыл компоненттерден болуп саналат, жалпы эле эпикалык ойлоодогу сөзсүз кездешүүчү мыйзам ченемдүүлүк болуп саналат. Эпосто баатырдык-архаикалык эпосторго мүнөздүү болгон баатырдын ата-энесинин узак убакка балалуу болбой жүрүшү, баланын укмуштуу болуп төрөлүшү, тез чоңоюусу, анын жоого минүүчү атынын бир мезгилде туулушу, анын колукту издеп үйлөнүүсү, душмандар, желмогуз дөөлөр (мифтик персонаждар) менен күрөшүп жеңишке жетүүсү, баатырдын өлүп кайра тирилиши сыяктуу архаикалык сюжеттик мотивдердин кездешүүсү, кийин өнүгүп, тарыхый-баатырдык эпостук деңгээлге жетип өркүндөгөн монументалдуу эпостун жаралыш доорунун байыркылыгын, анын башка түрк элдеринин эпостору менен тагдырлаш экендигин көрсөтүп турат. “Манас”, “Эр Төштүк” сыяктуу көөнө кыргыз эпосторундагы жана башка түрк элдеринин эпосторундагы архаикалык сюжеттик мотивдерди салыштырып кароо эпостун кайсы катмарлары өтө байыркы, кайсылары кийинчерээк пайда болгондугун аныктоого, алардын кандайча эл эсинде сакталып, биздин доорго жеткиргендигин байкоого дагы бир жолду ачмакчы. Эпостордун өнүгүшүндө аларды айтуучулар, архаикалык сюжеттик мотивдерди ар бири өз жөндөмүнө жараша чыгармачылык менен пайдаланышкан, ошол эле мезгилде салттуулуктун чегинде вариациялай да билишкен. Ар бир вариант өз алдынча айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен анын мазмунунун өзөгү салттуу сюжеттик байыркы мотивдерден куралат. Келтирилген мисалдардан, салыштыруулардан байкалып тургандай, эпостордогу салттуулук маселеси, алардагы типологиялык окшоштуктар жеке эле “Манас” эпосунун варианттарында гана эмес, иликтөөдө каралып жаткан “Эр Төштүк”, “Кожожаш” эпосторунда, жалпы түрктилдүү элдердин, ошондой эле дүйнөлүк эпостордо да кездешүүчү фольклордук мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Адабияттар:

1. Мифология древнего мира. – М.: Наука,1977. - 455 с.
2. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Ф.: Кыргызстан, 1990.- 480 б.
3. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы. – Б., 2004. – 162 б.
4. Мелетинский Е.М. Происхождение героического эпоса. – М., 1963. – 462 с.

Shamgyrchieva G., OshSU
gulina65@inbox.ru

The myth and fairy tale motives in the Kyrgyz epos

Annotation: *This article considers the fairy tale motives in the Kyrgyz epos.*

Key words*: archaic, folklore, fairy tale motives, epos.*

УДК: 81.344

Жолчубай к. Элвира
ОГПИнин студенти,
Илимий жет: Танаева Нүргүл

Сөз – кубаттуу курал

Аннотация: *Бул макалада сөз кубаттуу курал, андан акыл эстүүлүк менен кантип пайдалануу керек. Чечендик менен кантип жогорку мартабага жетүүгө болот деген маселелер каралат.*

Ачкыч сөздөр:сөз, чечендик өнөр, Аристотель, накыл сөз, эмоция, эл алдында сүйлөө

Адамзат бул жарык жашоосунда төрөлүп, эр жетип, өмүрүнүн соңуна чейинки тирүүлүк адам баласында сөз менен коштолгондуктан сөздүн мааниси терең, кулачы кенен десем жаңылышпайм. Улуу сөз, улама сөз, учкул сөз, накыл сөз, макал-лакап сөз, кеп-кеңеш сөз, жыйындагы сөз атай берсек дагы далайга чейин уланат. Жакшы сөз-жанга кубат. Орду менен орундуу айтылган сөз - жаназык. Көңүлүңдү көтөрүп, жан сергиткен , жарык жашооңо дагы да нур тартуулаган, ар бир айтылып жаткан сөздөр ал адамга бакыт тартуулагандай сезилген сөздөр да адам зат аркылуу коштолот. Сөз кадырына жете билүү, кулак төшөө менен уга билүү, ал адамдан укканыңды башка адамга түшүнүктүү айтып жеткирүү адамдын инсан болуп жетилүүсүнө өбөлгө түзүү менен ага чечен болуусуна пайдубал болот.

Көл элинде атагы алыска, даңкы далайга чыккан, арадан канчалаган жылдар өтсө да элдин аң-сезиминде жашаган, кадыр-барктуу Тилекмат аке тамашалап: «Усталардан дат калса, молдолордон кат калса, силер эмне өлүп эле тим болосуңарбы»-десе сөзүнө таамай жооп айткан Сарт аке «Усталардан дат калса, молдолордон кат калса, бизден, кийинки муундагыларга айтылып калчу сөз калат»-деп кайтарган жообун да чындыгында сөздүн күчү ороктой курч экендигине ынанбай баарыбыздын аргабыз жок. («Кыргыз гезиттер айылы», «Обон» 4) Жашооңдо кандай гана бурулуш, кандай гана опол тоодой тоскоолдуктар болбосун сөз аркылуу ишке ашат, сөз аркылуу чечилет эмеспи. Сөз-улук. Улуу, курч, мааниси терең, чөлкөмү кенен, ай балтадан айбаттуу сөз эч качан өлбөйт. Таамай сөз тарыхтан тарыхка, муундан муунга уланып айтылып аны биз күндөлүк муктаждыктарыбызда пайдалануудабыз. Мисалга алсак, өзүнүн ондогон жылдыр бою окутуучусу болуп, агартып көгөрткөн, билим тарбия берген, адам болсо экен деп өзүндөгү жакшы оң сапааттарды үйрөткөн, жан дили жүрөгү менен жакшы көргөн окуучусуна берген. Күндөрдүн биринде Платон окуучусу Аристотель менен чырдашып кетет ошондо Аристотель «Платонду өз жанымдай көрөм, бирок чындык андан да артык»-дегени биздин заманга чейин айтылып жүрөт. Бул сөздүн түпкү тарбиялык мааниси албетте принциптүүлүк, эч убакта чындыктан тайбагандык болуп эсептелет. «Өзүң кандай ойдо болсоң ошондой айт. Бирөөлөрдүн оюндагысын көздөөгө көнүп калсаң, анда сен акыры барып эки жөздүү кошоматчы болуп тынасың»,-деген сөзү бар аалымдардын. Негизинен сөздү сөзгө кынай билген, сөздүн маанисин баамдап түшүнө билген адам гана сөздүн күчүн, таасын таамайдыгын айкын билип түшүнө алат.

Он экинчи кылымдын экинчи жарымында, он үчүнчү кылымдын баш жагында жашап өткөн ойчул, акын Ахмед Йугнекенин үч нускадагы Стамбул жергесинде сакталып турган «Чындыктар

белеги» деген («Хибат алхакайык») эмгегинин кол жазмасында: «Өзүңдүн кеп сөзүңдү сактай алсаң, өзүң сакталасың, эне тилиңерге этият болгула» деп жазылган тарбияга үндөгөн курч сөзү бар. Бул сөзү менен акын «Айтыла элек сөз сенин кулуң, айтылгандан соң сен анын кулусуң» деген таасирдүү, философиялык улуу ойду берген. Туруктуу ойго чөмүлүп, туруктуу ойду баксаң, туура, так уккулуктуу сөз сүйлөсөң, чындыктан тайбасаң туруктуу жашоонун нугун кармайсың, өз жашооңдун сырын чече аласың, жашооңдо ырдап, аттиңсиз азапсыз жыргап өтөсүң. Акыйкат сөздү баалап, акыйкат сөздү ар дайым жашырбасаң, акыйкат нуру конуп, эл алдын да мартабаң жогорулайт. Сөздүн берметтерин терип ички дүйнөңө сала билсең, байкабай күндөр келип асыл адам болуп чыгасың. Акылдуу, орду бар сөздү көп сүйлөсөң, акылга толо бересиң эл алдында оозунан бал тамат деген кишиге айланасың. Сөздүн маанисин билип, эл жүрөгүнө жеткиликтүү сөз сүйлөсөң, эл башкара аласың. Акылмандар айткан сөздөрдү терип, акылдуу сөздөрдү өзүңдүн аң сезимиңе сиңдире алсаң, акылың айга жеткирет. Кыргыз элинин акылы анын башында эмес кыргыздын акылы анын көкүрөгүндө, сүйлөгөн сөзүндө. Акылдуу адам гана орду менен сүйлөйт.

Ар дайым ак сөздү элге айта алсаң, элиң агарат, элиң агарса жериң агарат, тооң, табиятың, андагы жашоочулар акактай агарат. Албетте, кыргыз эли байыртан «Өнөрдүн алды кызыл тил» деп сөзгө өтө маани берүү менен кылдаттык менен сүйлөгөн. Башкача айтканда, сөздү баккан, кепти болсо жеген. Улуу муун болобу, кичүү болобу, аял затыбы, эр кишисиби сөзгө өтө маани бергендиги биздин байыркы ата-бабаларыбыздан калган макал-лакаптардан, акыл-насаатардан даана байкалып турат. Ал эми бүгүнкү күндө сөз жебей, кеп бакпай калгандарыбыз арабызда кездешет. Ошондон улам сөздүн кунары, сөздүн баркы кетип жаткандай. Сөздү сөз деп эле сүйлөп коюу керек эмес, анын маанисин терең талдап, кайсыл убакта айтылаарын билип, ошол учурда ушул сөзөмдү айтсам туура келеби ал адамдын көңүлү иренжибей кайрадан мага ыраазы болгондой жооп айтабы деп өзүбүзгө өзүбүз суроо иретинде кайрылуубуз керек. Сөздү кыштай кынаган инсанды адатта чечен деп атап коебуз.

Кыргыз элинин канында жаралган бул чечендик өнөргө улуу инсандарыбыздын бири Көл жергесинен чыккан жети акелерибиздин көч башында турган Сарт аке аныктама берип өткөн. Чечендик өнөр - Алла Таала тарабынан берилген чоң өнөр, касиет деп айтылган. Бул бардык эле адамдарда боло бере турган нерсе эмес. Себеп дегенде, чечендик өнөр кыргыз элинин бүт өнөр таанымын, акыл-насаатын, санат-насыйкаттарын бардыгын бир муштумдай жүрөгүнө, кичинекей болгон башына батырып, ошол сөздөрдү улуу муундагы аталардан угуп кайрадан элге таасын кылып берип турган.

Сарт аке өзү акыл чеченге кирген. Акыл чечен деп жөнөкөй адамдын ойуна келбеген, көп адамдар ойлоно билбеген, көп адамдар чече албаган көйгөй, маселелерди чечкен. Алардын айткан бир акыл кеби, кылымдарга кала турган ой болгон. Ал эми көрөгөч чечендер-олуялыгы, келечекти көрө билгендиги, эр кишинин, аял кишинин, жаман-жакшынын айырмасын айтып, келечекти алдын ала көрө билгендер, олуялыгы менен айырмалангандар болгон. Андан кийин тил чечен. Ал кыргыз элинин башынан өткөргөн окуяларын, баяндарын, уламыш, санжыраларынын бардыгын кичинекей тилинин арты менен уккан адамдын кулагынын кунарын кандырып, эч бир адамды тажатпай, чарчатпай күндөп-түндөп айтса дагы чарчабаган адамды айтат. Тил чечендин айырмасы санжыра болобу, санжыралуу сөз болобу, уламышпы ошол нерселердин бардыгын тең уккулуктуу жана жеткиликтүү айтканын да болгон. Ал эми төртүнчүсү бул камгак, кургак чечен. Сүйлөп жаткан сөзү маанисиз, уккулуксуз, тажатма эч бир илип, акылга сыйдыргыдай нерсеси жок, нукура тилинде көркөмдүк жок чечендерди сөзү кургак чечендер деп атап коюшат. Бүгүнкү күндө эгер илимий тил менен айта турган болсок, чечен болуп жалпы адам калыптанышы үчүн этос жана пафос өтө маанилүү. Этос деген адам баласынын адеп-ахлагы. Мисалга алсак кээ бир адамдардын тоодой кылган иши да адамга жугумдуу эмес, адам уяла турган нерсе. Бирок сүйлөгөн сөзү улуу, жан эргиткен, акыл айланткан сөз болсо,эки касиет бири бирине айкалышпай калат. Ошондуктан чечендикте кыраакылыктан, сөз кынагандыктан сырткары адеп-ахлагы да орундуу болуусу керек. Ал эми пафос адамдын сүйлөп жаткандагы эмоциясы, адамга жеткиликтүү даражада сүйлөп бере алышы. Мисалы жазуучуларды ала турган болсок, жакшы, кылычтын мизиндей курч жазат. Тескерисинче мыкты сүйлөгөндөр жазганга келгенде эки сөздү бири бирине кынап жаза албай кыйналышат. Мындайча айтканда бардык эле адам сөзмөр чечен атала бербейт. Эгерде тарыхты кайрыла карасак бир эле сот проссесине чечен адамдар катышып, тилдин, сөздүн күчү менен күнөөсү жок аппак кардай адамды да, көмүрдөй кара кылып күнөлүү деп табышкан. Бул сөздү таасирленте сүйлөгөн адамдарга тиешелүү сапаат болгон. Он тогузунчу кылымдын аягында жыйырманчы кылымдын башында октябрь революциясы жеңгенге чейин орустар дагы

ушунчалык өнүгүп кеткен. Кийинчерээк арадан бир аз убакыт өткөндөн соң академиялык чечендик деген өнөр чыккан. Совет мезгилинде Ленин баштаган революционерлердин бардыгы тең чечен болгон. Кандай гана жан болбосун баарынын көңүл чордонун өзүнө каратып, жүрөгүнө орноп алган адамдар болгон. Академиялык чечендик Сталинден башталган. Ал өзү болсо башкаруучулугуна карабай сөзгө чоркок, бирок акыл чечен болгон. А бүгүнкү күндөгү кандай мандатты алып жүргөн инсандар болбосун тилчилер кагаз бетине чиймелеген жазууларды карап окуп коюшат. Ошол жазылган сөз таасирдүү болот тура, бирок ошону да жеткиликтүү айтып окуп бере алышпайт.

Көгүш тоону кыян жууп,
Көрк бузулат сак болгун.
Көсөмдөрүң элди алдап,
Көч бузулат сак болгун.
Өзөгүңө өрт таштап,
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат сак болгун.

Илгери чечендердин коомдогу орду, ролу, аткарган функциясы аябай чоң жоопкерчиликте болгон. Эл башкарып турган каганбы, ханбы, ажобу чечендин даанышмандын акылын укпай, кеп кеңеш сурабай эч бир ишти жасаган эмес. Керек болсо учуру келгенде чечен олтургандан кийин такка хан олтурган. Эл башындагы адамдын бир кичинекей эле маселени туура эмес чечип койгондугу жети атага, 21 муунга чейин кете берген. Ошондуктан “Ойлонбой сүйлөгөн, онтобой ооруга жолугат ” болбосун деп кеменгерлер менен кеңешип, ойлорун ортого салып иштин башын кесишкен. Бүгүнкү күндө деле эл башчынын жанында акыл чечен, сөзмөр чечендер бар. Ал башкаруучулардын оң жана сол кол башчысы. Колдоруна кандай муктаж болсо ал адамдарга да ошондой муктаж. Учурда чечендик өнөрдүн, акыл даанышмандык институтун кайрадан жандандырып, пайдубалын бекем, темирдей катыруубуз абзел.

Б\гүнкү күндө жаш өспүрүмдөргө жок дегенде кыргыздын нукура таза аруу тилинде эки сөздүн башын бириктирип сүйлөөгө, жана да мектеп окуучуларына студент досторго макалаларды туура колдоно билүүгө үйрөтүү акыл чечендердин, жана окумуштуу тилчилердин желкесиндеги оор болгон бирден бир жүгү. Бирок азыркы учурдагы жаштарды бул нерсеге кызыктыруунун өзү өтө кыйын. Сөзгө көңүл бөлө турган заман эмес деген ойлор жаралууда. Биз азыр жаштык кылып көп нерсеге маани бербей жатабыз. Бир кезде балаңа, жаштарга кичүү муунга айта турган учуру келгенде өкүнүп, бармагыбызды тиштеп калабыз. Анда кеч болуп, окуган нерсең жадымыңда калып, жүрөгүңдө орноп калат. Азыр болсо биз жаштарга айткандан жадабашыбыз керек. Кайсыл жерде болбосун үнүң жеткен жерде сөздүн баркын айта беришибиз зарыл. Учурдан пайдаланып эң негизгиси баланы сөзгө эне үйрөтүүсү керек деп айтат элем. Себеп дегенде тарбиянын башаты эненин сүтү аркылуу түзүлөт.

Адамга сөз баштаардан мурун, анын эмнеге суусап турганын бил.

Адамдын көңүлү эмнени эңсеп турганын билип, мына ошол нерсеге жараша анын суусундугун бер. Ошондо сүйлөгөн сөз өз максатынын туу чокусуна чейин жетет.Уккан адамдын жан дүйнөсү жыргап жылуу сөздөн ырахат алат. Сөздү бааласаң,барктасаң, кыштай кынасаң, сөз ар дайым сага өзү келип турат, сөздү кордосоң акыры барып өзүң да кор болосуң. Кыргыз болом десең кыргыздын ким экенин бил, кыргыздын маданиятын бүт өздөштүр, кыргызды тааныбай туруп кыргызды чанба деген ураан менен жашап өт.

Адабияттар:

1. Вахаб-Бостон Умаров “Теңир сөз-көчмөндөр акылы” .2010-жыл.
2. Ой гүлдөрү. 2013-жыл.
3. Интернет булактары.

OHPI student
Advisor: Tanaeva Nurgul
эл. байланыш: elvipa@mail.ru

Words – Strengthening Resources

Annotation: *This article considers the strengthening of vocabulary, and how to memorize and use new words. It considers issues of how to improve oration and authority.*

УДК: 371.3.82

Жумабаева Д.С.
ОГПИнин окутуучусу

Махмуд Кашгаринин сөздүгүндөгү санаттарды окутуу

Аннотация: *Макалада орто кылымдардагы улуу түрк окумуштуусу Махмуд Кашгаринин сөздүгүндөгү санат ырларын окутуу жөнүндө айтылат.*

Ачкыч сөздөр: *тил, сөздүк, санат ырлары, окутуу, эл, билим, акылмандык.*

Аннотация: *В статье излагаются мысли о том, как обучить мудрых изречений в словаре великого тюркского ученого средневековья Махмуда Кашгари.*

Ключевые слова: *язык, словарь, мудрые изречения, учить, народ, образование, мудрость.*

Эне тилибиздин тазалыгы, нукуралыгы, бай фольклору, керемет эпосторунун болушу менен эч кайсы тилди алдына салбайт. Ушул күндө да унутулбай ырдалып келе жаткан феноменалдуу "Манас" эпосун жана айтыш өнөрүн эске алганда, тилибиздин канчалык кудуреттүү экенин айтсак сөз жетпес. Ушундан улам бүтүндөй түрк тилинин башаты кыргыз тили болсо керек деген ойду жүрөгүбүздө багып келебиз. Дүйнөлүк тил илимине орчундуу салым кошкон эки окмуштуунун ой толгоолору буга күбө.

Белгилүү түрколог, улуту немец болсо да, түрк тилдеринин илимий изилденүү бактысын ачкан окумуштуу В.В. Радлов кыргыздар жана кыргыз тили жөнүндө минтип айткан: " Кыргыздардын сүйлөгөнү ыргактуу. Алар сөзгө чечен, чукугандай сөз тапкыч жана ар бири, ал турмак эң эле билимсизи да өз тилин ушунчалык жакшы билет дейсиң, мындайды Европадан, орустар менен французздардан гана көрүү мүмкүн. Бир нерсени баяндап, аңгеме дүкөн куруп жаткан кыргыздарга жайдары көңүл, ачык маанай мүнөздүү. Кыргыз жомокторду, болумуштарды , дастан жана ырларды өз эне тилинде угат. Ушундан улам ал далай сонун сөздөрдү үйрөнөт, эсине сактайт жана пайдаланат.(В.Радлов. 326-бет)

Акыл эмгеги (изилдөө жана окуу) рухту чыңдап, акылга акыл кошорун эч ким талаша албас. Бирок, бул жерден биз, тилекке каршы, таптакыр башка нерсени көрүп отурабыз. Таптакыр сабатсыз адамдардан гана толук кандуу ой жүгүртүүнү, баамдап талдоону жана эзелтен белгилүү көрөгөчтүктү туюуга болот." [7,326].

Көрүнүктүү окумуштуу В.В. Радловдун жазгандарынан кыргыздарды сабатсыз деп ойлогон менен алардын ой чабыты бийик, бардык нерсени баамдап талдай алган (анализдеген), жана тубаса көрөгөчтүккө ээ болгон эл катары сүрөттөп жазганын түшүнөбүз. Кыргыздардын изилдөөсүз жана окуусуз эле акылдуу, ошону менен бирге руху чыңалган эл экендигине окмуштуу таң калып, баа бергени көрүнүп турат. Илимпоз эне тилинде укмуштуудай чечен сүйлөгөн кыргыз элин Европанын ошол кезде тилдери өнүккөн улуу элдерине бекеринен салыштырган эмес. Жомокторду, дастандарды жана ырларды кыргыздар өз эне тилинде угуу менен бирге сонун болумуштарды, сөздөрдү үйрөнгөндүгүн, эсине сактап, турмушунда пайдалангандыгын айтып (а булар болсо, акыл-эс ишмердүүлүгүнүн эң негизги процесстери экендигин эске алганда өтө маанилүү) , кыргыздар менен жанаша жашаган элдердин тилге болгон жөндөмдүүлүгүн салыштыра кеткен. "Өзбек болсо эң жөнөкөй аңгемени да өзүнө анча түшүнүксүз тилде угат жана ал илимге канчалык тереңдеп кирген сайын илимдин тили ага ошончолук түшүнүксүз боло берет. Окуган (уккан) нерсесинин төркүнүн, маңызын табуу адаты пайда болот да, түшүнүксүз сөздөрдү жөн эле кайталап, жаттоого көнүгөт." [7,326]. В.В. Радловдун жогоруда жазгандарынан улам бул эки элдин ошол кездеги тилдик жетишкендиктеринин карама- каршы экендигин байкоого болот.

Орто кылымдардагы дагы бир тилчи окмуштуунун кыргыз тили жөнүндө айткан сөзүн карап көрөлү. 11- кылымда жашаган Махмуд Кашкари: "Мен алардын (түрктөрдүн) шаарларын, чөлдөрүн, жайлоолорун бүт кыдырып, түрк, түркмөн, өгүз, чыгыл, ягма жана кыргыздардын тилдеринин сөздөрүндөгү уйкаштуулуктарын аныктап, изилдеп чыктым, себеби мен алардын сөзмөр чечендеринин, ойду даана айткан, жеткизе баяндоочуларынын, эр жүрөк азаматтарынын бири катары белгилүү болгондугуман. ...Ошентип бул китепке

атактуу тилдердин көп колдонулган белгилүү кендерин жыйнадым” , деп жазат. [3,35]. Бул жерден белгилүү окумуштуу кыргыз тилин атактуу тилдердин катарына кошуп жатканын көрөбүз.

Азыркы учурда В.В .Радловду “ он тогузунчу кылымдын Кашгариси” деп атагандар бар. Тескерисинче , Махмуд Кашгарини “ он биринчи кылымдын Радлову” деп айтып жүрүшөт. Кандай болсо да эки илимпозду окшоштурган нерсе экөө тең жер кезип, Борбордук Азияны байырлаган түрк калктарынын чоң улуттарынан тартып, майда урууларына чейин кыдырып, алардын диалектилик өзгөчөлүктөрүн, этнографиялык мурасын, санжырасын, макал лакаптарын, дастандарын терең иликтешкен.

Махмуд Кашгари - орто кылымдардагы түрк адабиятында каухар сымал жанып турган баалуу эстеликтердин бири “Түрк тилдеринин сөздүгүнүн” (“Дивану лугати ат-түрк “) автору. Ал 1029 -1038 – жылдары Ысык – Көлдүн Барскан шаарында туулуп, атасы дубанды башкарып турган бек болгон деген маалыматтар бар. Айрым америкалык жана орусиялык окумуштуулар Махмуддун аты “ал Кашгари “ болуп чектелбестен, “ ал Барскани “ деп да толукталышы керектигин эскеришүүдө. Махмуд ошол кездеги илим-билимдин уясы болуп турган Бухара, Багдад, Кашкар шаарларынан билим алат. Өз заманынын өтө билимдүү окмуштуусу бул атактуу эмгегин 1072 – 1077- жылдары жазган.

“Түрк тилдеринин жыйнагы” 8 баптан туруп, анда 7500 дөй түрк сөзү берилип, кээ бир сөздөрдүн маанисине байланыштуу макал- ылакаптар, ырлар да берилген. Жыйнак сөздүк түрүндө түзүлгөн. Сөздүктүн түп нускасы табылган эмес, биздин күндөргө 1266- жылы Абу Бекер ас-сави ад-Дамашки нускасы гана жетти. Бул нуска азыр Стамбулда улуттук китепканада сакталып турат. Баа жеткис лингвистикалык жана адабий көркөм мурастын кыргыз тилине которулуу бактысы туш келип, 2011- жылы Кубатбек Кошмоков менен Таалайбек Токоев сөздүктү кыргыз тилинде сүйлөтүштү.

Сөздүктү бир гана түшүндүрмө сөздүк катары кароого жана болбойт, анда ырлар, макал- лакаптар да көп. Сөздүктөгү ырлардын тематикасы ар түрдүү. Табиятты сүрөттөөдөн тартып, сүйүү ырлары, жоктоо ырлары жана акыл-насаат айтуу маанисиндеги ырлар “Түрк тилдеринин сөздүгүн” маанилик , көркөмдүк жагынан толуктап турат . Адамзат тарыхындагы адамдардын жашоодон, турмуштан алган сабактарын уулдарына, кийинки муундарга сабак болчу акылын, тажрыйбасын бөлүшүп насаатын айтуу чыгыш адабиятынын маанилүү өзгөчөлүгү десек жаңылышпайбыз.

Ааламдашуунун бүгүнкү татаал кырдаалында азыркы мектептерде окуучуларды окутуу бара- бара кыйындап баратканын көрүп жатабыз. Ааламда азыр руханий күрөш жүрүп жатат десек жаңылышпайбыз, бул баалуулуктардын күрөшү. Тилдик баалуулук, диний баалуулук, маданий баалуулуктардын күрөшү биздин элди да четте калтырган жок. Ушундай кырдаалда кыргыз эли өзүнүн тилдик жана маданий баалуулуктарына ээ чыгып, өз энчисин талашып, жаш муундарга таберик кылуусу учурдун маанилүү маселелеринен деп ойлойбуз. Мектеп программасында Махмуд Кашгаринин “Түрк тилдеринин сөздүгүн” окутуу 8 - класста берилет. 2007 - жылы чыккан Б.С.Исаков менен Ч.Б.Исакованын “Кыргыз адабияты” окуу китебинде сөздүк тууралуу кеңири маалымат берилет. Мында сөздүктү изилдеген Ж.Шериев, Т.Чоротегин, К.Артыкбаев сыяктуу окумуштуулардын ар тараптуу изилдөөлөрү жазылган. Орто кылымдардагы баалуу эстелик мурасты азыркы күндө окуучуларга дагы жеткиликтүү, кызыктуу кылып окутуунун жолдорун карап көрөлү.

8- класста М.Кашгаринин сөздүгүн окутууда эл акындарынын ырлары менен салыштырып окутсак, алда канча элестүү, түшүнүктүү жана жеткиликтүү болот деп ойлойбуз. “Түрк тилдеринин сөздүгүнө” жакшылап баам салсак, элдин акылман сөздөрү , жаштарга таалим бере турган сабактары насыят түрүндө берилгенин байкайбыз. Мындай санат - насыят ырлары кыргыз фольклорунда, ошондой эле эл акындарынын чыгармаларында арбын кездешет. Махмуд Кашгаринин санат- насаат ырларында элди коргоо, акылмандык жана адептүүлүк, жолдошторго мамиле, илимдин пайдасы, адамдын жакшы жаман сапаттары ж.б. ар түрдүү маселелер козголот. Сөздүктө эл жерди коргоо жөнүндөгү санаттар көп. Алардын бирин карап көрөлү:

Жоо тарабыңды жакшы карап,
Кылычыңды курчут,
Кол салып, качан келсе сага,
Ага каршы чабуул жаса. [5,409].

Махмуд Кашгаринин бул саптарындагы камтылган элди, жерди, Мекенди коргоо идеясы кыргыз элинин демократ акын Т.Сатылгановдун "Үлгү ырларында" да берилгендигин байкайбыз:

Ынтымак болсо калкында,
Душманыңдан тартынба.
Айбаты бар жигиттин
Атагы калат артында. [2, 380].

Жеңилбеген Жеңижок акындын "Термесинде" да ушундай эл насаат кездешет: Түртүшө келген душманды,
Түрүлтүп алыс айдагын! [6, 256]. Тээ илгертен эле элин коргогон эр жигит, намыска туулган баатыр калк ичинде сөз болуп, андай жигиттер кылыч мизине кетсе же окко учса да, эл анын атын өчүрбөй, ырга салып, жомоктун баш каарманы кылып, түбөлүккө сактап калгысы келген. Өсүп келе жаткан жаштарды ошол үлгүгө, калыпка салып тарбиялоодо эл акындарынын ролу чоң болгон.

Атадан же устаттан таалим тарбия алуунун, адептүү болуп, билимдин нурун таратуу канчалык маанилүү экендигин Махмуд Кашгари өз эмгегинде баса белгилейт:

Алгын үгүт менден уул (ум) ар-намыс (адеп-ахлак) тиле,
Элде улук билге (билерман) болуп билиминди ула.
Эй уулум! Менден үгүт- насаат ал,адептүүлүктү тиле,
Эл арасында улуу аалым болуп, билиминди улантып, тарат. [3,131].

Ушундай эле насаат ак таңдай акын Жеңижоктун "Насыят" ырында ырдалып, анда акын жаштарды өзүнөн улуу адамдардын кеп-кеңешин угуп, акылы менен жашоого чакырат:

Ойлобой кылсаң тартасың,
Туура эмес иштин азабын.
Карынын угуп кеңешин
Акылың менен жашагын. [6, 252].

Орто кылымдардагы түрк поэзиясын көркөм мурас катары бизге жеткирген окумуштуу билгичтиктин, билимдин маанисин кайра- кайра далилдеп кетет:

Билге эрен сөздөрүн,
Үгүт, насаат катары кабыл кыл,
Өзгөчө сөздөрдү кабыл алса,
Өзүнө (жүрөгүнө) акылмандык сиңер.[5,233].

Белгилүү аалым Махмуд Кашгари илим- билимдүү адамдын сөздөрүн , акыл-насааттарын насаат катары кабыл алсаң, өз жүрөгүнө акылмандык сиңет деген ойлорун айтса, акындар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрү Тоголок Молдо менен Жеңижоктун ырларында сөз кадырына жетип, билимге жана акылмандуулукка толуунун маанисин насыяттап ырдап кетишкен:

"Билбес жаман туугандан,
Билеселүү жат жакшы.
Үйүндө бекер жатканча,
Үйрөнсөң илим кат жакшы." [2,427].

Жогорудагы санатта Токтогул акын илимдин маанисин дагы баса көрсөтсө, Жеңижоктун "Санат" ырында жаштарды сөздүн кадыр- баркына жетүүгө чакырык таштайт:

Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт,
Башынан акыл жукпаган. [6, 243].

Санат- насаат ырларынын табиятын карап көрсөк, " Санат- насаат ырлары - кыргыз элинин оозеки адабиятында кеңири тараган лирикалык жанр. Мындай ырларда белгилүү бир каармандар, сюжет, окуялар жок, жөн гана элдин турмуш- тажрыйбаларынын жыйынтыгы берилет, бул же тигил жаман- жакшы сапаттар саналып өтүлөт жана ошонун өзүнөн адамдарды оң сапаттарга үгүттөө идеясы көрүнөт". [8 , 82]. Профессор Ж.Шериевдин түшүндүрмөсүндө берилгендей, санат- насаат ырларында сюжет же окуя жок, жаман- жакшы сапаттар саналат жана адамдарды оң сапаттарга үндөйт. Биздин оюбузча, санаттарды бардык эле адамдар айта алган эмес. Кылымдар бою муундардын ой

элегинен өтүп келген насааттарды жаштарга акыл айтууга турмуштук тажрыйбасы мол, ырчылар же чечен, сөзмөр кишилер айтып келишкен. Мындай ырларда бир эле оң сапаттарга үндөө эмес, адамдардагы терс, жетишпеген сапаттарды кошо айтуу менен да таалим- тарбия *бергенин* унутпасак.

Сөздүктүн автору адамдарга колуңдан келишинче жакшылык кыла билгин деп, кекчилдиктин, өчөшүүнүн пайдасы тийбей турганын айтып, мындайча насыяттайт:

Өч кек бардык кишинин башкалар(дан)
Өзү(нүн) (ала турган) алымы, бил.
Өзгөлөргө жакшылыкты оганча
(келишинче) колуң менен көп кыл. [3, 119].

Кыргыздын чыгаан акыны Токтогул Сатылгановдун “Насыят” ырында М.Кашкаринин сөздүгүндөгү насыятка үндөш саптар кезигет :

...Ырыс алды – ынтымак,
Өлмөйүнчө кол кармаш.
Билими бар азамат,
Бири- бириңе жардамдаш.
Билинбей жүрүп бир күнү,
Мүдүрүлөт алтын баш... [2,373]…

Сөздүктө меймандостук сапаттардын маанилүүлүгү белгиленет: Көрктүү тонуң өзүңө,
Таттуу ашың өзгөгө,
Туткан конокту сыйлагын,
Жайсын атыңды элиң.
Мааниси: Көркөм, кооз тонуңду өзүң кийип,
Таттуу тамак жасап бирөөлөргө бер,
Келген коногуңду сый көрсөтүп урматта,
Атак-даңкың элге жайылсын. [3,121].

Махмуд Кашгаринин сөздүгүндөгү бул ыр саптары кыргыз элинин улуу демократ акыны Т.Сатылгановдун жаштарга айткан насаат ырынын маанисине дал келет :

Жакшы кийсең жаш балдар,
Көйрөңдөнүп элирбе.
Жаш кезиңден кызмат кыл,
Баркыңды билген элиңе...
... Кез-кез келчү меймандан,
Тамагыңды катпагын.
Душманыңа алданып,
Элиңдин сырын сатпагын.
Жаш кезиңде жаркылдап,
Эмгегиңден талбагын. [6, 319].

Көркөм адабиятта Мекенди коргоо, сүйүү темалары менен бирге эле достук темасы да актуалдуу темалардан болуп келген. “Түрк сөздөрүнүн жыйнагында” автор жолдошторго кандай мамиле кылуу керектигине токтолуп, досуңдан өйдө башка бирөөнү койбо деген баалуу кеңешин кеп кылат:

Осуят айтат: Курдаш менен жумшак (бол),
Каршы (чыкпа) өйдө (андан өзгөнү) койбо... [5,19]…

Жогорудагы санаттарга маанилеш ыр Жеңижоктун “Насыятында” кезигет:

Жоргонун белин жоорутпа,
Жамандык иште колдогон
Жолдоштун көөнүн оорутпа! [6,250]!

Ушул эле акындын “Үлгү ырларында” да дос, курбу- курдаш жөнүндө дагы айтылганын байкайбыз:

Жолдошко жаман кеп урба,
Жигиттер, жаның аманат. [6,252].

Жогорудагы эки ырда тең ак таңдай акын Жеңижок жолдошко жаман кеп уруп, көңүлүн калтырба , өмүр кыска, ошону баалай билгиле деген кепти насыяттайт.

Кыргыз элинде калп сүйлөгөн адам коом, эл тарабынан ашкереленип, “Калптын казаны кайнабайт”, Жалган сүйлөсөң, ырыскың кесилет” деп, жаш муундарды калп сүйлөбөй, чынчыл болууга тарбиялоону максат кылышкан. Мына ушул элдик акылмандуулук эл акындарынын ырларында да көп кездешет. Б.Алыкуловдун “ Жалганчы” ыры менен М.Кашгаринин “Түрк тилдеринин сөздүгүндөгү” жалган сүйлөгөн адам жөнүндө жазылган ырдын маанилеринин дал келгени кызыктуу. Ак таңдай акын Барпынын “Жалганчы” деген ырында мындай айтылат:

Жалган сөздү чын кылып,
Жарым сабак ыр кылып,
Эптеп айтат жалганчы.
Каяша айткан момунду
Жектеп айтат жалганчы.
Жалганчы жандын душманы,
Жалынган менен ишенбе” [6,387] ,- деп берилсе, Жеңижоктун “Үлгү ырларында” калп сүйлөө эр жигит үчүн ар- намысын жоготууга барабар экендиги белгиленет:

Алтын жаак жез таңдай,
Акындар сөзгө бай болот.
Эки сөздү калп айтыш,
Эр жигитке ар болот. [6, 253].

Эми улуу бабабыз М.Кашгаринин сөздүгүн карап көрөлү. Сөздүктө **жалган айткан киши тууралуу бирөө айтат** деп берилген:

Келсе сага жолуга (кезиккен киши),
Ойгот аны уйкудан.
Кетсин оолак кайгыра,
Сатты менин айымды (күңүмдү). [4, 305]. Бул саптардан акын жалган айткан кишини жолуктурсаң, аны насаат айтып ойгот, ал менин күңүмдү сатты, ал алысыраак кетсин деген ойду билдирип жатканын түшүнөбүз.

Адабиятчы К.Артыкбаев: ”М.Кашгардын “Түрк сөздөрүнүн жыйнагында” элдик поэзияда кеңири өнүккөн дидактикалык чыгармалардан да үзүндүлөр көп келтирилген. Өз замандаштарына жана кийинки муундарга нуска болуп калуучу акыл-насаат айтып, өрнөк калтыруу аракетинин орто кылымда эле элдик поэзиябызда өтө күчтүү өнүккөнүнө күбө болобуз.” [1, 48] , - деп белгилейт. Чынында эле, элдик оозеки чыгармачылыгыбыздагы санат- насыят ырларынын, үлгү ырларынын көптүгү, бул ырлардын маани- маңызынын тереңдиги, философиялык ой чабытынын кенендиги бизди таң калтырбай койбойт.

Адам баласынын жашоосу үчүн эң керек, зарыл болгон философиялык, нравалык, этикалык ой жүгүртүүлөр орто кылымдардагы адабиятыбызда Махмуд Кашгаринин эмгегинде жазылып кетсе, андан сегиз - тогуз кылымдар кийин эл акындарынын ырларында кездешкени эл ичинде мындай санат- насаат ырлары ырдалып, жаштарга тарбия берүү касиетин андан да күчөткөндүгүн, чыгармачылыктын бийик деңгээлине чыкканынан кабар берет. Барскоондук Махмуддун “Сөздүгүн” тоо булбулу Токтогулдун, акылман Барпы акындын, жеңилбеген Жеңижоктун, жазгыч акын Тоголок Молдонун санат - насаат ырларына белгилүү бир таалим тарбия берүүчү көркөм ориентир катары бааласак жаңылбайбыз. Жаш муундарды окутууда орто кылымдардын чыгаан тилчи окумуштуусу, этимологу, адабиятчысы Махмуд Кашгаринин “Түрк тилдеринин сөздүгүн” окутууда кыргыз эл акындарынын чыгармалары менен салыштырып, окшоштуктарын белгилей кетсек, окуучулардын эсинде калуу менен тилдик адабий мурастын баалуулугуна дагы бир ырастоо болмок.

Адабияттар:

1. Артыкбаев К. “Акыйкат сабагы” Бишкек .,”Адабият” 1991., 284 беттен турат. 48-бет
2. Кыргыз поэзиясынын антологиясы 1 том, Фрунзе, “Кыргызстан” 1980.,761 , 373,380,427-беттер.
3. Махмуд Кашгари “ Түрк тилдеринин сөздүгү” 1 том., Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков., Бишкек 2011., 906- бет. 35, 121, 119 , 131- беттер.

4. Махмуд Кашгари “Түрк тилдеринин сөздүгү” 2 том., Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков., Бишкек 2011., 590 бет, 305- беттер.
5. Махмуд Кашгари “ Түрк тилдеринин сөздүгү” 3 том., Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков., Бишкек 2011., 675 бет. 19 ,233 ,409- бет.
6. ”Мурас” Түзгөн: Мелис Курманалы уулу Абдылдаев ., Фрунзе “Кыргызстан” 1990., 444 беттен турат. 243, 250, 252, 319, 387-беттер.
7. Радлов.В.В. “Сибирден. 1862 жылдагы саякаттын күндөлүгүнөн” ., ”Кыргыздар” Түзгөн: К.Жусупов., Бишкек “Кыргызстан”.1991. 574 беттен турат. 326 - бет
8. Шериев.Ж.Ш., Муратов А “Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү” Бишкек., 1994., 157 беттен турат. 82- бет.

Jumabaeva D.S.
lecturer of the Osh
Humanitarian Pedagogical Institute

Teach the wise utterances in dictionary Mahmud Kashgari

Annotation: *The article tells about the idea what teach of good poems in a dictionary of famous Turkish mediaeval scientist Mahmud Kashgari.*

Keywords: *language, dictionary, utterances, teach, people, education, wisdom.*

УДК: 894.2.341:82-3Y-9(575.2)(04)

Жусуева С.К., Кыргыз-Өзбек
университетинин улук окутуучусу

Качкынбай Артыкбаевдин көркөм очерктери

Аннотация: *Макалада илимпоз адабиятчы, сынчы, публицист жана коомдук ишмер К.Артыкбаевдин Ч.Түлөбердиев, А.Баатырбеков, И. Панфилов, Г.Пантелеев ж.б. сыяктуу элдик баатырлардын эрдигин, сымбатын баяндаган көркөм очерктеринин көркөмдүк-идеялык, мазмундук, тематикалык өзгөчөлүктөрү талдоого алынды.*

Түйүндүү сөздөр*: спецификалык өзгөчөлүк, көркөм очерк, документалдуу очерк, портреттик очерк, идеялык-тематикалык, көркөмдүк-эстетикалык, пафос.*

Аннотация: *В статье анализируетса художествен-идеологические, содержательные, тематические особенности художественых очерков ученого-литератора, критика и публициста К.Артыкбаева, а также изложены мужество народных богатырей Ч. Тулебердиева, А. Баатырбекова, И.Панфилова, Г. Пантелеева и других в его очерках.*

Ключевые слова*: специфические особенности, художественный очерк, документальный очерк, портретный очерк, идейно-тематический, художественно-эстетический, пафос*

Адабият айдыңында өзүнүн көп кырдуу өзгөчөлүгү менен из калтырган профессор Качкынбай Артыкбаев - илимпоз адабиятчы, сынчы, публицист жана коомдук ишмер катары орду чоң инсан, устат-педагог экендиги таасын белгилүү. К.Артыкбаев адабият таануунун актуалдуу маселелеринен тарта кыргыз совет адабиятынын тарыхы, байыркы орто кылымдагы Орхон таш жазма эстеликтери, орто кылымдагы улуу ойчулдар Ж.Баласагын, М.Кашгарилердин чыгармалары орток адабий мурас катары кыргыз адабиятындагы орду, кыргыз фольклорунан бүгүнкү адабият жана жазгыч, төкмө акындардын өмүрү-чыгармачылыгына карата илимий тактоолору[5], адабий сын, адабий изилдөөдөгү орчундуу иликтөөлөрү, талдоолору, котормолору, ырлары жана очерктери менен опол тоодой эмгек жасады.

Публицист катары К. Артыкбаев Асанбек Табалдиев менен бирдикте Кыргызстандын жалтанбас уулдары, Советтер Союзунун Баатырлары тууралуу «Баатырлар сымбаты», «Даңктуу Панфиловчулар» (Ала-Too” 1959, № 2), «Баатыр үй-бүлө» (“Ленинчи жаш”, 1958, 19-октябрь), «Элге арналган өмүр. Гаврил Пантелеевдин эрдиги» (кийин «Жүрөгүндө кара жок азамат» деп өзгөртүлгөн), «Эл атагын эр сактайт», «Тоолук шумкар», «Өлчөөсүз эрдик» [1], «Ак алтындын устаты» (“Ленинчи жаш”, 1958, 25-октябрь) ж.б. очерктерди жазган.

Очерк белгилүү деңгээлде коомдук жүктү көтөрүп турган, турмуштук кырдаал күн тартибинде чагылдырылган, т.а. аңгеме, романдарга салыштырмалуу адамдын тагдыры гана эмес, күн, убакыт-сааттын турмуштун алкагында уланышы, андагы коомдук нравалуулук, экономика, саясатты өз мерчеминде колдонуучу спецификалык өзгөчөлүккө [2] ээ чыгарма. Ар бир доор адабиятчы же жазуучу үчүн өз талабын коюп келгендиги шексиз көрүнүш. К.Артыкбаевдин очерктерине саресеп салсак идеялык-тематикалык, көркөмдүк-эстетикалык жактан үндөшүп, бирин-бири мазмундук жактан толуктап, б.а. Советтер Союзунун Баатырлары И.В.Панфилов жана анын күжүрмөн дивизиясы, Д.Шопоков жана К.Шопокова, Ч.Түлөбердиев, Г. Пантелеев, Николай Рудь жана башка эр жүрөк каармандардын Ата-Мекенин коргоодогу эрдиктери, мындан сырткары карапайым калк арасынан чыккан, жалаң мээнеттен баар тапкан эмгек баатырларына арналып, бул өз мезгилине үндөшүп, эл баатырларын элге даңазалаган очерктер катары саналат.

А.Табалдиевдин «Октябрга эстелик» аттуу адабий сын макалалар, публицистикалар жана очерктер жыйнагын Качкынбай Артыкбаев баш сөз жазуу менен түзүп чыгып, бул жыйнакка аталган адабиятчы менен бирдикте жазылган очерктерин белгилүү тартипке жана иретке келтирүү менен окурмандарга сунуштаган. Мында «Баатырлар сымбаты» өзүнчө бир бөлүм катары каралып, ал өзүнчө темачаларга бөлүнгөн. «Өткөндү эстеткен жол» очеркинде бүгүнкү күндөгү зыпылдаган Бишкек-Ош жол каттамынын алгачкы абалы жөнүндө баяндалат. Улуу Октябрь революциясы орноп, Кызыл Туу желбиреп, бардык жерде «КПССке даңк!» деген ураан менен жашаган кыйла жылдар жүз берип, жолдор салынып, анын арасында ушул Төө-Ашууну тешип жол салынат деген имиштер айтылып, бирок кыргыз аксакалдары Төө-Ашууну «ээр белдей белес эмес, мунун калыңдыгын өлчөп болбойт, аны тешмек кайда» деген күмөнсүрөөлөр да болуп, натыйжада «калыңдыгы өлчөнбөс» алп аталган Төө-Ашуу да эмгектин зор кубатына баш ийип, мезгилдерден-мезгилди арытып, нече сан-миң муундарды карытып, күбө тартып, канча тагдырларды түндүктөн-түштүккө, түштүктөн-түндүккө узатып, XX кылымдын калтырган белеги бойдон тура бере турган улуу тасма жолдун курулушу, автордун бала кезиндеги Төө-Ашууну ашуудагы аз жерден кырсыктан аман калгандыгы, башкача айтканда, жүргүнчүлөр секирип кетип, машина өзү ашуудан калдалаңдап ылдый кулагандыгы, ал мезгилде андай кырсыктар тез-тез болуп, ашуунун башты айландырган бийиктиги жана учкай кыя жолду даңгыраган бүгүнкү жол менен салыштырылып[1], Советтер Союзунун эмгекчилеринин бул эрдиги баатырдык катары саналып, баатырлар баянынын сап башында көрсөтүлөт. Көркөм очерк андан ары И.В.Панфилов дивизиясынын каармандыктары менен улантылат. Очерк жазуучудан турмушту терең билүү гана эмес, актуалдуу коомдук маселелерге карата оригиналдуу ойлорду айтуу менен аларды пропагандалоону талап кылат. Генерал И.В.Панфилов биринчи дүйнөлүк согушта унтер-офицер катары пехоталык полкто кызмат өтөйт, андан Улуу Октябрь революциясынын орношу менен Кызыл Армиянын катарына өз ыктыяры менен өтүп, Совет өкмөтүнө кызмат кылат, бирок Панфилов 72 жашка чыкканда экинчи дүйнөлүк согуш чыгып, тарыхый 316-дивизияны Кыргызстан менен Казакстандын эң мыкты коммунисттери жана комсомолецтеринен тандап айтылуу «28 панфиловчулар» дивизиясын түзүп, 1941-жылдын күз айларынан баштап германдарга чоң сокку урган, согуштук тактикасы жагынан да, тандалган аскерлери жагынан да алдыңкы дивизия аталып, бирок улуу согушта көп эрдик көрсөтсө, көп кыргынга да учураган баатырлары менен тарыхта калган дивизия болду. Алардын согуш учурундагы айткан анттары менен тарткан азаптары жана көрсөткөн эрдиктери өнүгүү тартибинде баяндалып, арасында Гитлер менен Напалеон салыштырылып, алардын кетирген кемчиликтери, Москваны «аз убакытта багындырып алабыз» деген жаңылыш ойлорунун натуралыгын далилдеген баатырдык соккулар, жан аябай, өмүрдү кыл учуна байлаган каармандыктар, тылдагы кыргыз элинин азык-оокат жана башка белектер менен аскерлерге дем берген иш-аракеттери, согуш талаасы, андагы ак жүрөк пенделер, аскерлер, баарынын башын бир максатка бириктирген улуу идея - жаркын келечекке деген ишеним экендигин көз алдыга тарткан картина келип чыгат. Ошондой эле согуштагы калчанган өмүр түркүн күндү өзүнө сиңирип, же биротоло кыйылган, же өлүп кайра тирилген жандар, азап менен жыргал, кубаныч менен кайгы, бар же жок, жөнөкөй же атактуу, т.а. согушта өлдү деп кара кагаз алып, кан жутуп сыздап, бирок келечек үчүн жанын үрөгөндөрдүн бактысына төрт үй-бүлөнүн эр азаматы тирүү чыккандыгы, алар Иван Шадрин, Григорий Шемякин (Кыргызстандык), Ларион Васильев жана Дмитрий Тимофеевдер батыр 28 панфиловчулардын катарында согушуп, өз катарларын ар кандай согуштук талааларда жоготуп, Шадрин туткунга түшүп, Шемякин узак убакыт госпиталда жатып калгандыгы (эс-учун билбей), мындан сырткары Кыргызстандык комсомолдор: «Абдрашит фашисттерди окутуп жатат» деген ат алган

«Минометчик комсомолец Баатырбеков Абдрашиттин 350 фашистти кырып, 10 авто машина, 19 пулемотту жок кылгандыгы», көзгө атар мерген жана чалгынчы Ашырбай Коёнкөзовдун чалгындары, өзгөчө эрдик көрсөткөн Таластык бригадир Тарада, снайпердик искусствонун чыныгы ээлери болушкан Токтосун Абдылдаев, Алымкул Абдылдаевдер ж.б. көп кыргыз жоокерлеринин [1] өрнөктүү иштери ошол мезгилде жана бүгүнкү күндө келечек муунду, жаштарды мекенди коргоого чакырык салып, Улуу Ата Мекендик согушта кыргыз жоокерлеринин көрсөткөн эрдиктери сыймыктануу жана даңазалануу менен баяндалып өтөт. К.Артыкбаев баатырлардын сымбатын башынан өткөргөн согуштук күндөрүн баяндоо менен көркүнө чыгарып, ошол эле учурда Совет өкмөтүнүн баатырларга жасаган ардактуу мамилеси, көргөзгөн сый-урматы, алардын атын адамзат тарыхына жазып, очерктерде, көркөм прозаларда, ырларда сактаарын, аздектээрин далилдегендей, кан күйгөн согуш, улуу жеңиш, тууган жер, жарыкчылык дүйнө, анан жай турмуштан, ак эмгектен ыракат алуу экендиги менен очеркти аяктаган.

«Илимдин, адабият менен искусствонун ири өкүлдөрүнүн журт алдында өтөгөн ак кызматы сезондуулуктан оолак келип, өзүнүн узак өмүрлүү болорлугу менен өзгөчөлөнөрү эчактан белгилүү» деп жазат К.Артыкбаев жазуучу Ш.Садыбакасов жөнүндө [3], таасын айтылган ой. “Анткени, таланттын, өнөрпоздуктун, ашкере жөндөмдүүлүктүн жана изденгич эмгекчилдиктин өрнөгү адам баласы үчүн өзүнүн таасирдүүлүгүн узак убакыттар бою сактаары”[3, 151] К.Артыкбаевдин көркөм очерктериндеги каармандарынан көрүүгө болот. Мезгилинде Дүйшөнкул Шопоковдун ысымы менен ант берип, “баатырдыкка”, “эрдикке” аттанып, анын үзүрү көрүнүп, натыйжада Социалисттик Эмгектин баатыры З.Кайназарова баш болгон эл баатырлары чыккан. Б.а., Москваны коргоодо жан аябай салгылашып, кыргыздын сепилдей уулу Д.Шопоков “Москваны фашисттердин бутун бастырбайбыз!” деген ураан менен акыркы дем тартканына чейин азыктанып, баатырларча курман болуп, аз өмүрү менен көпкө өрнөк калтырып, Улуу Ата Мекендик согушта кыргыз элинин баатырларынын даңктуу тизмесине биринчи жазылгандыгы жөнүндө жана жубайы Керимбүбү Шопокова да баатырдын баатыр жубайы катары ак эмгегин көрсөткөн үй-бүлө тууралуу “Баатыр үй-бүлө” аттуу документалдуу очеркинде көркөм баяндайт. Очерктеги үй-бүлө каармандары аркылуу келечек муунду эмгекке шыктандырып, тайманбастыкка, Мекенге кызмат кылууга үндөө бул баатыр инсандардын, коомдун алдындагы негизги парз экендигинен милдеттендирет.

Улуу Ата Мекендик согуштун эр жүрөк баатыры Чолпонбай Түлөбердиев жөнүндө “Өлчөөсүз эрдик” аттуу очеркин жазып, окуяны иретин бузбай башынан баяндап, Чолпонбай суранып жүрүп согушка аттанып, бир канча убакыт кылдат согуштук даярдыктан өтүп, согуштун сырларын түшүнүп, ошол учурларда жүрөгү өрөпкүп, алдыда болчу “эрдиги” сүрөп, тынч жаткырбай шаштырып, акыры согуштук чабуулга да катышып, али комсомолдук ант бере элек, бирок жүрөгүндө жалындуу комсомол болуу тилеги биротоло уялап, “Эл үчүн, Мекен үчүн!”деген гана ойду ойлогон Чолпонбайдын ротасына шашылыш буйрук келип, анда Дон суусунун батыш өйүзүндөгү тынымсыз аткылап жаткан душмандар ДЗОТуна ондой жоокер өз ыктыяры менен барып, советтик аскерлердин тигил өйүзгө өтүүсүнө жол ачуу милдети жүктөлгөндүгү, дал мына ушул тапшырманы Чолпонбай өз мойнуна алып, шамдагайлык менен тигил өйүзгө сүзүп өтүп, белиндеги гранаталарды биринин артынан экинчисин душмандардын ДЗОТуна карай ыргытып, эң акырында “арыстандай атырылып, ордунан ыргып туруп, душмандын амбразурасына өзүнүн алп денесин тосуп, оо укмуш! Мындай эрдикти ким көрүптүр! Анын жүрөгүн миңдеген ок аралабадыбы. Мүмкүн андан кийин бир да ок сыртка чыккан эместир” деп жазып келип толкунданууга, буулугууга жана ызалануу менен шыктанууга жетелейт, очерктин пафосу да дал мына ушул жер, Чолпонбайдын бул эрдигинен кийин душмандын бир да огу сыртка чыккан эмес, согуштун жеңиш менен аякташына дал келген фраза. Ошентип Чолпонбай аркылуу жеңишке жеткен Совет аскерлери, ок тамтыгын калтырбай тешип өткөн Чолпонбайдын денеси Дон суусун боюндагы Селявное кыштагына коюлгандыгы баяндалат. Очерктин акырында анын чөнтөгүндө сүйгөнүнө арналып, бирок бүтпөй калган кат табылгандыгы да айтылып өтөт, балким Чолпонбайдын айылда калган сүйгөн кызы бардыр, же автор тарабынан көркөм баяндоонун бир ыкмасы, мындай божомолдоонун негизи согуш темасындагы бардык чыгармаларда окурманды шыктандыруу иретиндеги каармандардын жазылып бүтпөй калган, же адресине жиберилбей калган каттары сыяктуу жыйынтыктоолордун бар экендиги. Ошентсе да К.Артыкбаевдин көркөм сөздүн күч кубатын очерктин аталышында эле далилдеп, өлчөөсү жок эрдиктин ээси Ч.Түлөбердиевдин баатырдык портрети менен Ата Мекендин тарыхый уулунун образын жаратат.

“Тоолук шумкар” аталган Николай Рудь жана “Жүрөгүндө карасы жок азамат” аталган Гавриил Пантелеевдер да экинчи дүйнөлүк согушта эрдик көрсөткөн эл баатырлары жөнүндө, алардын баатырдыктын символун алып жүргөн жаркын элестери образдуу чагылдырылган портреттик очерктер. К.Артыкбаев адабияттын күңгөй-тескейин изилдеп жатып, кыргыз адабиятын башка элдердин адабиятына тең ата салыштыра талдап, “адабият илиминин” жаратманы катары, акындык жүрөгүнөн аталган баатырлардын өтөлгөлүү өмүрлөрүн “электен элегендей” өткөрүп, окурман журтуна тартуулоо милдетин алгансыйт.

К.Артыкбаевдин көркөм очерктеринде тилдик каражаттар өз ыгы менен пайдаланылып, окуялар жайынча баяндалып, чечүүнү талап кылган конфликтсиз, бирок фактылардын айкындуулугу, документалдуулугу жана каармандардын тарыхыйлуулугу, тематикалык үндөштүгү жана ага дал келген терең идеялуулугу очерктин негизги талабын аткарып турат. “Но человек в его творчестве (очеркист) опять-таки частица саморазвивающегося общественного, исторического процесса. Герой очерка интересен прежде всего тем, что он представляет какие-то стороны общественного сознание, позволяет понять какие-то тенденции исторического развития” [2, 140]. Демек, адабий чыгармалардын сырын кылдат талдаган К.Артыкбаев өз очерктеринде бул мүчүлүштүккө жол бермек эмес, тескерисинче, эл баатырларынын портрети аркылуу Совет Өкмөтүнүн идеологиясын тамырлантып, коомдун алдыга койгон максатын дааналатып, ачык эле милдеттендирип, адабияттын бул жанрында өзгөчө чебер экендигин тастыктады. Б.а. коммунизмди куруу үчүн келечекке карай жапа тырмак күрөшүү зарылдыгы сиңирилген советтик очерктерге М.Горькийдин “По Союзу Советов”, В.Овечкиндин “Районные будни” ж.б. А.Токомбаевдин «Тянь-Шандык чалгынчы», К.Маликовдун «Ленинград согуш күндөрүндө», «Алгыр», К.Жантөшевдин «Чолпонбай», Ж.Бөкөнбаевдин «Украина мейкиндигинде, С.Жусуевдин «Жеңишке жеткен жол», «Кан аккан катал майданда», «Каардуу кармашта», «Мекендин жоокери», И.Исаковдун «Эрдикке чакырган майдан» очерктерин мисал келтирүүгө болот.

Колдонулган адабияттар:

1. Табалдиев А. Октябрга эстелик. Фрунзе «Кыргызстан» 1985. 221-289-беттер.
2. Гуляев Н.А. Теория литературы. Москва «Высшая школа» 1985. 139-б.
3. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. Бишкек «Адабият» 1991. 151-б.
4. Литература. Справочные материалы. (С.В.Тураевдин ред. астында) Москва «Просвещение» 1988. 117-б.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 9-том. (ф.и.д., профессор А.Акматалиевдин ред.астында) «Полиграфбум ресурсы» Бишкек 2012 446-б.

Jusueva S.K. Kyrgyz- Uzbekk University
Head teacher

Kachkinbai Artikbaev’s artistic essay

Annotation: *The article touches upon the analysis of the artistic, ideological, meaningful, thematic peculiarities of the artistic essays of the scholar, writer, literary critic and analyst K.Artykbaev, it was stated the fortitude of folk heroes Ch. Tuleberdiev, A. Baatyrbekov, I.V. Panfilov and G. Panteleev and others in his essays*

Key words*: specific peculiarities, artistic essay, documentary essay, portrait essay, ideological and thematic, artistic and aesthetic, pathos.*

УДК: 80/81

Ибрагимова Т.Г., И. Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик университети

Жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык схемасы жана анын лексикалык толтурулушу

Аннотация. *Бул макала жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык схемасына жана аны лексикалык материал менен толтурууга багытталып, компоненттердин ордуна тиешелүү лексемаларды коюуда, ошол структуралык схеманы реализациялоо менен түздөн-түз байланыша ала турган лексика-семантикалык классын аныктоого аракет жасалды.Жөнөкөй сүйлөмдүн абсолюттук структуралык схемасы- сүйлөмдүн структурасынын туруктуу элементи, ал эми*

анын лексикалык бирдиктер менен толтурулушу- лексемалар өзгөрүлмөлүү элементи катары каралды.

Чечүүчү сөздөр: *синтаксистик бирдик, предикативдик негиз, структуралык схема, лексикалык толтуруу, схемалык типтер, лексикалык бирдик, кептик структура, кептик бирдик, семантикалык структура, семантикалык компонент.*

Жалпы изилдөөчүлөргө белгилүү, адамдардын өз ара тилдик баарлашуусу, мейли ал оозеки, мейли жазуу түрүндө болсун, кеп агымы, кеп формасы аркылуу ишке ашат. Ушул кеп агымынан бөлүнүп алынган маалымат берүүчү коммуникативдик эң кичине бирдик синтаксистик бирдик катары таанылат да, бейтерминдик мааниде сүйлөм деп аталат. Классикалык, традициялык тил илими өзүнүн өнүгүш эволюциясында кеп агымынан бөлүнүп алынган ушул синтаксистик эң кичине коммуникативдик бирдиктердин формалдык-грамматикалык түзүлүшүн аныктап, сыпаттап тактоо боюнча көп иштерди жасады, алардын жөнөкөй сүйлөмдүк статусун белгилеп, предикативдик негизин көрсөтүштү, морфологиялык табиятын ачышты, сүйлөм түзүүдө сүйлөм ээсинин, баяндоочунун функционалдык ролун, структуралык зарылдыгын, коммуникативдик маанисин аныктады. Бирок ошондой болсо да, бүгүнкү күнгө чейин, тилекке каршы, жөнөкөй жалаң сүйлөм, жөнөкөй жайылма сүйлөм деген эмне, алардын структурасы кандай, толук жана кемтик проблемасы менен карым-катышы кандай, жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык схемасы, схемалык типтери, ядролук модели кандай жана канча компоненттүү деген суроолорго так жооп алына элек. Ошону менен эле бирге жөнөкөй сүйлөмдөрдүн семантикалык структурасы боюнча да изилдөөлөр өтө аз жана анын көптөгөн маселелери изилдөөчүлөрдүн көңүлүнөн сыртта калууда, сүйлөм мүчөлөрүнүн сүйлөм тутумундагы даражалары- биринчи, экинчи, үчүнчү даражадагы сүйлөм мүчөлөрү, булардан сүйлөмдүн формалдык, семантикалык структурасындагы ролу, мааниси жөнүндөгү маселелер да толук аныктала экендиги белгилүү. Албетте, биз белгилеген маселелер- жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык схемасына гана түз же кыйыр түрдө байланышта карала турган маселелерден экендигин баса белгилеп кетмекчибиз.

Тил илиминин, өзгөчө синтаксис илиминин бүгүнкү өнүгүш этабында жөнөкөй сүйлөмгө, өзгөчө анын эки тутумдуу жалаң сүйлөм тибине, жалаң сүйлөм менен жайылма сүйлөмдөргө, булардын карым-катышына башкача мамиле, башкача көз караш талап кылынууда. Башкача мамиле (подход), башкача көз караш дегенде биз мурдакыларды тануу, аларды четке кагуу, таптакыр жаңы нерсеге табуу деп эсептейбиз. Башкача мамиле, башкача көз караш- бул, баарыдан мурда жөнөкөй сүйлөмдөгү “жалаңдык” жана “жайылмалык” кубулушуна карата жаңыча ой-жүгүртүү, бул маселелерге карата семантикалык аспектиден мамиле кылуу, синтаксис илиминин, өзгөчө анын семантикалык багытынын негизинде териштирип көрүү дегенди гана билдирет. Ошону менен эле катар Ал келип кетти, Асан мүдүрүлүп жыгыла жаздады, жаап жатат, карлады, жердеди, Мага отурууга туура келди. Ырчы келип ыпдап берип кетти, Мен окумуштуумун, Бала иштеп жатты эле, Окуучу окуп отурат жана башка ушул сыяктуу сүйлөмдөр чындыгында эле структуралык жактан жөнөкөй сүйлөмдөрдөнбү, экинчи, үчүнчү даражадагы сүйлөм мүчөлөрү боюнча жалаңбы же жайылмабы, баш мүчөлөрү боюнча эки тутумдуубу же бир тутумдуубу деген өңдүү маселелердин да башын ачууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Арийне, бүгүнкү күнгө карата синтаксис илиминде жөнөкөй сүйлөмдү изилдөөгө карата эки мамиле (подход) калыптанып калды. Бири «классикалык» тил илиминен бери келаткан көз караш, сүйлөм таза синтаксистик бирдик катары каралат да, тигил же бул тилдик синтаксистик системасы кенири талдоого алынат. Ушул көз карашты В.В. Виноградов[1] андан ары өнүктүрүү менен, сүйлөм деген синтаксистик бирдикке төмөнкүдөй аныктама берет жана ал “советтик” деген тил илиминдеги негизги аныктама катары бүгүнкү күнгө чейин толук кабылданып жүрөт.

Жөнөкөй сүйлөмгө карата болгон экинчи мамиледе анын уюшулуш, түзүлүш өзгөчөлүгүнө көңүл бурулат да, сүйлөмдө анын грамматикалык- формалдык структурасы менен семантикалык структурасын бири-биринен ажыратып чектеп кароо маселесинин зарылдыгы белгиленет. Ошол эле учурда сүйлөмдүн грамматикалык- формалдык уюшулушунун, түзүлүшүнүн өзүндө да изилдөөнүн эки өңүтү же эки жагы бири-биринен айырмаланып көрсөтүлүш зарылчылыгы айтылат: биринчиси, жөнөкөй сүйлөмдүн абстрактуу грамматикалык үлгүсү же структуралык схемасы, экинчиси, кептеги конкреттүү сүйлөм жана анын лексика-морфологиялык жактан

[1] В.В.Виноградов. Некоторые задачи изучения синтаксиса прост. предл.- Вопросы языкознания.1954.

уюшулушу, берилиши. Жөнөкөй сүйлөмдү ушундайча жиктеп талдоо традициялык эле изилдөөнүн законченемдүү уландысы, бирок анын башкача, жаңыча, жаны өңүтүн, жаңы аспектисин изилдөө катары билгилениши зарыл.

«Классикалык» тил илиминен бери келе жаткан мамиле боюнча жөнөкөй сүйлөм бир нече түздөн-түз түзүүчү компоненттердин өз ара карым-катышынын негизинде пайда болгон даяр структура, даяр бирдик, форма менен мазмундун даяр комплекси, биримдиги катары белгиленсе, өткөн кылымдын 70-жылдары Н.Ю.Шведованын жалпы жетекчилиги менен жазылган «Грамматика современного русского литературного языка» (Наука, 1970) деген эмгекте жаралган. Экинчи мамиле боюнча сүйлөмдүн өзүнө эмес сүйлөмдү уюштуруучу, түзүүчү компоненттердин табиятына басым коюлат, ошол компоненттердин өзүнө, грамматикалык структурасына жана семантикалык структурасына көңүл бурулат.

Сүйлөм даяр структура катары эмес, сүйлөмдүн абстрактуу структуралык схемасынын негизинде жаралган конкреттүү кептик бирдик, кептик структура катары каралат жана мамиле кылышат. Ошондуктан аталган грамматиканын жарык көрүшү «.....важное событие в развитии теории и практики описательных грамматик » деген баага арзыган (А.В.Бондарко, В.И. Кодухов. О новой модели описания грамматического строя русского языка.- Вопросы языкознания. 1971, №6).

Ушул аталган грамматикада советтик тил илиминде биринчи жолу сүйлөмдүн синтаксистик системасы жаңыча көз карашта формалдык жактан сыпатталган. Жөнөкөй сүйлөмдүн грамматикалык жана семантикалык структурасын сыпаттоонун негизи катары структуралык схема түшүнүгү киргизилген. «Структурная схема- это тот, принадлежащий языковой системе отвлеченный образец, который предназначен для того, чтобы, будучи наполнен конкретным лексическим материалом, функционировать в качестве минимальной самостоятельной единицы сообщения» (Н.Ю. Шведова. О понятии «регулярная реализация структурной схемы простого предложения»- Мысли о современном русском языке. М. 1969,с.67-68).

Ачык белгилеш керек, жөнөкөй сүйлөмдү, жогоруда белгиленген мамилелер боюнча абстрактуу структуралык схема жана кептик конкреттүү сүйлөм деп жиктеп кароо, синтаксис илиминин жаңы багытта өнүгүшүнө өбөлгө болот. Биринчиден, сүйлөмдүн предикативдик негизинде же ядросун абстрактуу структуралык схема түрүндө формалдаштырып берүү, анын структуралык жайылыш, кеңейиш ыкмаларын так белгилөөгө, «ички» жана «сырткы» жайылтуучу каражаттарды аныктоого мүмкүнчүлүк түзсө, экинчиден, структуралык схема аркылуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ядролук жана деривациялык же парадигматикалык моделдеринин тизмесин түзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Үчүнчүдөн, жөнөкөй сүйлөмдүн формалдык жана мазмундук карым-катышын так аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлсө, төртүнчүдөн, лексика менен грамматиканын өз ара карым-катышын, өзгөчө абстрактуу структуралык схеманы кептик конкреттүү сүйлөмгө айландырууда колдонулуучу лексикалык материалдын схемасын толтуруш жана аны кенейтиш, жайылтыш мүмкүнчүлүгүн изилдөөгө, сүйлөмдүн семантикалык структурасын уюштурууда жана түзүүдө лексикалык материалдын ролун аныктоого өбөлгө болот. Бул структуралык схеманын регулярдуу реализацияланыш маселеси менен да байланышкан.

Анткени, каалайбызбы же каалабайбызбы лексика грамматиканын бардык бөлүмдөрүнө, проблемаларына түздөн- түз тиешелүү материал. Тилдин бир дагы деңгээли лексикалык материалды колдонбой, ага кайрылбай өз бирдиктерин түзө, уюштура албайт, ал фонетикалык жактан да, лексикологиялык жактан да, морфологиялык, синтаксистик жактан да, семантикалык жактан да иликтөөгө, классификациялануга мүмкүн. Ошондуктан окумуштуу В.Н.Ярцева лексикалык материалга карата өз оюн төмөндөгүчө билдирип жатпайбы: “Лингвистическая практика убеждает нас в том, что если на одних участках строя языка лексическое и грамматическое можно расчленить более или менее успешно, существуют области, где такого рода расчленение мешает плодотворности самого грамматического анализа. Учет лексических значений необходим для некоторых грамматических структур, так как в противном случае однозначное и детализованное грамматическое определение этих структур не бывает достигнуто” (В.Н. Ярцева. Взаимодействие грамматики и лексики в системе языка. – Исследования по общей теории грамматики. М.1968.с.9-10).

Демек, лексикалык материалдын синтаксистик изилдөө тармагына айланышы, бир жагынан, тилдин синтаксистик системасын изилдөөнүн жогоруда белгиленген жаңы мамилесинин жаралышы, экинчи жагынан, абстрактуу структуралык схема менен конкреттүү

кептик сүйлөмдү өз-өзүнчө изилдөө объектиси катары кароо, үчүнчү жагынан, обстрактуу структуралык схеманы лексикалык материал менен толтуруу (лексическое наполнение структурных схем) жөнүндөгү маселенин жаралышынан шартталды. А бул болсо сүйлөмдү синтаксистик жактан иликтөөдө лексикага кайрылуунун зарылдыгын дагы бир ирет көрсөтүп турат. Анткени абстрактуу структуралык схеманы андагы орундарды конкреттүү лексикалык материал- лексема менен толтуруу абстрактуу структуралык схеманы реализациялоо, конкреттүү кептик сүйлөмдү түзүү жана сүйлөмдүн семантикалык структурасын изилдөө менен түздөн-түз байланышат. Лексикалык материал абстрактуу структуралык схеманы конкреттүү семантикага ээ кылат. Мындай реализация конкреттүү сүйлөмдү, анын конкреттүү типтерин, семантикалык структурасын түзөт. Абстрактуу структуралык схемадагы орунду толтурган лексикалык материалдын негизги функциясы- сүйлөмдүн семантикалык структурасын, коммуникативдик смыслын түзүү.

Арийне, абстрактуу структуралык схемадагы орунду лексикалык материал менен толтуруу, биринчиден, сүйлөмдүн семантикалык структурасы кантип түзүлөт, кантип калыптанат, экинчиден, башка семантикалык структурага салыштырмалуу так ушул семантикалык структуранын спецификалык өзгөчөлүгүн эмне, кандай компонент түзөт, үчүнчүдөн, сүйлөмдө грамматикалык жана семантикалык структуранын карым-катышы кандай деген маселелерди аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Ушул үчүнчү жагдайды изилдөө сүйлөмдүн тилдик белги катары табияты менен байланышта аныкталышы шарт, анткени, жалпыга белгилүү, тилдик белги дайыма эки жактуу жана ошол эле учурда асимметриялуу. Себеби, сүйлөмдүн грамматикалык жана семантикалык структурасы адатта кеңири мааниде форма менен мазмундун карым-катышы катары каралат. Жандуу кептик материалдарда сүйлөмдү уюштуруп турган компоненттердин ортосундагы семантикалык жана синтаксистик карым-катыштардын өтө ар кыл экендигин, андагы ассимметрияны көп эле байкоого болот. Маселен, мисал катары семантикалык субъектинин грамматикалык жактан берилиш, туюндурулуш ыкмаларын эле карап көрөлүчү. Субъект семантикалык компонент, категория катары кыймыл-аракеттин же ал-абалдын аткаруучусу, жаратуучусу катары синтаксистик жактан төмөнкүдөй грамматикалык формаларда берилиши мүмкүн:

1. этиштин жактуу формаларынын бири аркылуу (иштеп жатабыз, окудум, келип кетесиң);
2. сүйлөмдүн грамматикалык ээси аркылуу (Балдар ойноп жатышат, Окуучулар сабакта, Биз келдик);
3. Илик жөндөмөсү аркылуу (Менин көргүм келди, Анын баргысы жок, Окуучунун айткысы келип турат);
4. Барыш жөндөмөсү аркылуу (Мага отурууга туура келди, Аны айтуу ага кыйын эмес, Малчыга мал бактырдык, Өтүкчүгө өтүк тиктирдик);
5. Жатыш жөндөмөсү аркылуу (Менде бүгүн чоң кубаныч, Аларда оор жоготуу);
6. Чыгыш жөндөмөсү аркылуу (Кыздан жазылган катты алды, Чабармандан айттырып жибердик эле сага);
7. Тарабынан, аркылуу сөздөрүнүн атооч жөндөмөсүндөгү сөз менен айкалышы аркылуу (Маалымат биз аркылуу жетти, Жумуш окуучулар тарабынан бүткөрүлдү, Чогулгандар тарабынан бүтүм чыгарылган);
8. кириндi тизмектердин тутумдук бөлүктөрү аркылуу (Көргөндөрдүн сөзү боюнча иш андай эмес экен, Асандын айтканына караганда окуя мындай болуптур) жана башка ушул сыяктуу.

Ушундай грамматикалык формалар аркылуу туюнтулган субъектилик маани жогорку мисалдарды өзгөртүп түзгөндө да толугу менен сакталат. Мисалы: Биз иштеп жатабыз, Мен көргүм келди, Мен отурайын, Мен бүгүн кубандым, Алар оор жоготууга учурады, Алар жоготту, Кыз жазган кат, Чабарман айтты, Маалыматты биз жеткиздик, Чогулгандар бүтүм чыгарды, Көргөндөр айтты, Асан айтты жана башка.

Арийне, жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык схемасын лексикалык материал менен толтуруу, компоненттердин ордуна тиешелүү лексемаларды коюу ошол структуралык схеманы реализациялоо менен түздөн-түз байланыша ала турган лексикалык бирдиктердин классын, башкача айтканда, лексика-семантикалык классын аныктоо зарылчылыгы келип чыгат. Себеби, ар бир лексикалык бирдик- лексема синтаксистик моделде тиешелүү гана семантикалык өз ара карым-катыштагы лексема менен тизмектеше алуу мүмкүнчүлүгүндө болот да, белгилүү типтеги гана семантикалык структура түзөт. Бул лексикадагы системалуулукту көрсөтөт. Структуралык

схеманын компоненттеринин лексикалык туюнтулушунда системасыздык болбойт, так жана ырааттуу уюшулгандык гана болот. Абстрактуу структуралык схеманын лексема менен толтурулушу, ошол лексикалык материалдардын өз ара бири-бирине семантикалык ыңгайлашуулары, семантикалык жактан таңдап колдонулушу аркылуу тескелет. “Заполнение компонентных мест структурной схемы регулируется семантическим согласованием слов и семантической избирательностью, что исключает нелепости типа “Громоздкий воз чепухи вьехал во французскую литературу” (М.Булгаков. Жизнь Молвера.13)” (Б.А.Абрамов. О понятии семантической избирательности слова- Инвариантные синтаксические значения и структура предложения. М.1969).

Жөнөкөй сүйлөмдүн абсолюттук структуралык схемасы сүйлөмдүн структурасынын туруктуу элементи, ал эми анын лексикалык бирдиктер менен толтурулушу- лексемалар өзгөрүлмөлүү элементи катары каралат.

Адабияттар:

1. Адмони В.Г. Аспекты предложения и система типов предложения.- Теоретические проблемы синтаксиса современных индоевропейских языков.- Л.,1971.
2. Адмони В.Г. Типология предложения.- Исследования по общей теории грамматики.- М.,1968.
3. Арутюнова Н.Д. О взаммодействии номинативного и коммуникативного аспектов предложения.- Теоретические проблемы синтаксиса современных индоевропейских языков.- Л.,1971.
4. Арутюнова Н.Д. О номинативном аспекте предложения.- Вопросы языкования.-М.,1971, №6
5. Арутюнова Н.Д. О номинативной и коммуникативной моделях предложения.- Известия АН СССР, Серия: Литература и языка. М.,1972, вып 1. Том XXXI.
6. Алисова Т.Б. Структура простого предложения в современном итальянском языке.- М.,1971.
7. Гак В.Г. Проблема лексико-грамматической организации предложения.- М.,1967.
8. Золотова Г.А. Очерк функционального синтаксиса современного русского языка.- М.,1971.
9. Мельничук А.С. Аспекты общей теории предложения как единицы речи- Проблемы языкознания.- М.,1967.
10. Москальская О.И. Грамматика текста.- М.,1981.
11. Солганик Г.Я. Синтаксическая стилистика.-М.,2006.
12. Шведова Н.Ю. О синтаксических потенциях формы слова- Вопросы языкознания, 1971, №4
13. Русская грамматика.- М.,1980.
14. Хомский Н. Аспекты теории синтаксиса.- М.,1962.
15. Золотова Г.А. О синтактических формах слов- Мысли о современном русском языке. М.,1969.

Ibragimova T.G., KMU I.Arabaev

The structural scheme of the simple sentences and their lexical content

Annotation. *The article examines the question of the lexical content of the structural scheme of the simple sentence and also using the lexeme in the realization of the structural scheme, and determining the lexico-semantical classes.*

Key words: *syntactical unity, the base of predicative, structural scheme, lexical content, the types of schemes, lexical unity, structure of the speech, unity of speech, semantical structure, semantical component.*

УДК: 80/81

Ибрагимова Т.Г., И. Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик университети

Сүйлөмдүн формалдык, семантикалык структуралары жана алардын карым-катышы

Аннотация. *Бул макалада сүйлөмдүн формалдык, семантикалык структуралары жана алардын карым-катышына көңүл бурулду, сүйлөмдүн маңызын чагылдыруучу, коммуникативдик маанисин аныктоочу, негизги белгиси катары предикативдүүлүк категориясы- бир эле мезгилде*

сүйлөмдүн абстрактуу структуралык схемасынын жалпы семантикасы да, конкреттүү сүйлөмдүн жеке семантикасы да боло ала тургандыгы каралды жана сүйлөмдүн структурасы менен семантикасынын ортосундагы карым-катыштын эки тиби аныкталды: биринчиден, сүйлөмдүн семантикасы толугу менен анын структурасы аркылуу аныкталат, экинчиден, сүйлөмдүн семантикасынын калыптанышына анын структурасы (предикативдик негизи) эле эмес, башка компоненттер да катышат. Сүйлөмдүн формалдык жана семантикалык структураларынын карым-катышы өтө татаал жана алар ар кыл жагдайлар аркылуу шартталат.

Негизги сөздөр: *структуралык бирдик, коммуникативдик бирдик, виртуалдык жана актуалдык аспект, семантикалык структура, семантикалык аспект, денотат, лексикалык бирдик, кырдаал, окуя, сигникативдик, предикативдик негиз, номинативдик.*

Сүйлөм өзүнүн функционалдык табиятында тилдин негизги структуралык бирдиги катары коммуникативдүүлүккө ээ, ал эми коммуникативдүүлүк – анын жалпы белгиси катары пикирлешүүнү, өз ара карым-катышты ишке ашырат. Бирок ушул жалпы белги бир катар башка белгилер менен түздөн-түз карым-катышта болот да, сүйлөмдү ар кыл аспектиден талдоого, изилдеп-иликтөөгө мүмкүнчүлүк ачат. Сүйлөмгө карата мындайча ар түрдүү мамиле (подход) изилдөөчүнүн жеке позициясы, жеке түшүнүк-туюму, максаты аркылуу гана аныкталбастан, изилдеп- иликтөөнүн объектиси катары, сүйлөм категориясынын өзүнүн өтө көп кырдуулугу, купуялуулугу, татаалдыгы, көп аспектилүүлүгү менен да түздөн-түз байланышат.

Сүйлөм биздин түшүнүгүбүздө коммуникативдик бирдик катары бир эле мезгилде тилдин да, кептин да бирдиги болуп саналат. Буга байланыштуу сүйлөмдү изилдеп- иликтөөнүн көп аспектилеринин бири катары анын виртуалдык жана актуалдык аспектиси өзүнчө бөлүнүп каралып жүрөт. Маселен окумуштуу А.А.Уфимцева минтип айтат: «… язык сушествует в двух ипостасях: язык как система виртуальных знаков и моделей их сочетаемости и язык как актуальная речь, конкретная реализация этой системы» (А.А.Уфимцева. Семантика слова: Аспекты семантических исследований.-М.1980.с.57).

Сүйлөмдүн тилге тиешелүүлүгү жөнүндө кеп кылганда анын виртуалдык жагы, ал эми кепке тиешелүүлүгү жөнүндө кеп кылганда актуалдык жагы эске алынат да, виртуалдык жагы грамматикалык структурасы, синтаксистик сруктурасы, структуралык схемасы, модели сыяктуу терминдин атоолор менен, ал эми актуалдык жагы булардын конкреттүү реализацияланышы, лексикалык толтурулушу (лексическое наполнение структурной схемы) катары каралат.

Бул багытта сүйлөмгө анализ кылуу советтик тили илиминде өткөн кылымдын 80-жылдарында гана колго алына баштады да, алгач В.А.Звегинцевдин, О.И.Москальскаянын эмгектеринде көтөрүлдү (В.А.Звегинцев. Предложение и его отношение к языку и речи.- М.,1976.; О.И.Москальская. Грамматика текста.- М.,1981).

Сүйлөмдү тилдик бирдик жана кептик бирдик катары сыпаттоодо анын семантикалык аспектисине өзгөчө көңүл бурулат. Сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын семантикасы дегенде, биз анын лексикалык толтуруу менен байланышсыз гана структуралык схемасынын, абстрактуу моделдин семантикасын түшүнүшүбүз зарыл. Анткени ал сүйлөмдүн коммуникативдик бирдиги катары анын составдык бөлүгүн түзгөнү менен, абстрактуу моделин көрсөткөнү менен, лексикалык толтуруусуз, лексикалык каражаттарысыз жана конкреттүү колдонулуу чөйрөсү, шарты, кырдаалысыз өзүнүн функциясын толук аткара албайт, «Глокая куздра штено будланула бокро, кудрячит бокронёк» деген өңдүү формалдык грамматикалык структурага, структуралык схемага ээ болгону менен, сүйлөмдүк семантикага ээ эмес.

Ушул өңүттөн караганда тилдин бирдик катары грамматикалык структуранын семантикасы менен кептик бирдик катары, конкреттүү сүйлөмдүн семантикасы (башкача айтканда, лексикалык толтурулган структура)- экөө эки башка аспектинин, эки башка деңгээлдин, бир эле көрүнүш, кубулушту, бир эле маанини чагылдыруунун, туюнтуунун эки башка деңгээлдеги абстракциясы. Ошондуктан сүйлөмдүн маңызын чагылдыруучу, коммуникативдик маанисин аныктоочу негизги белгиси катары предикативдүүлүк категориясы бир эле мезгилде сүйлөмдүн абстрактуу структуралык схемасынын жалпы семантикасы да, конкреттүү сүйлөмдүн жеке семантикасы да боло алат.

Жалпыга белгилүү, семантикадагы негизги түшүнүктөрдүн бири денотат. Бул түшүнүк адегенде лексикалык семантикалары жаралып, объективдүү дүйнөдөгү нерсе, түшүнүктү лексикалык бирдик аркылуу атоодогу дал келүүчүлүк, же жөнөкөйлөтө айтканда лексикалык

бирдик, атаган нерсе, түшүнүк, кубулуш. Мында сөз менен ошол сөз атаган нерсе, түшүнүктүн бааланышы көрсөтүлөт, башкача айтканда, объективдүү дүйнөдөгү нерсе, зат, кубулуш, аны атаган сөздүн денотаты болот.

Лексикалык семантикада денотат эмне экендигине кыскача болсо да түшүнүк. Ал эми синтаксистик семантикада, б. а. сүйлөмдө денотаттын ролун эмне аткарат, эмнени сүйлөмдүн семантикасынын денотаты дейбиз?

Сүйлөмдүн өзүнүн негизги мүнөзүн эске алуу менен, анын семантикалык денотаты катары кырдаалды (ситуация), окуяны (события) эсептешибиз керек (Г.В.Колшанский. Некоторые вопросы семантики языка в гносеологическом аспекте. -Принципы и методы семантических исследований, М.1976; В.Г.Гак. Высказывание и ситуация. –Проблемы структурной лингвистики, М.,1973; А.А.Уфимцева. Семантический аспект языковых знаков.- Принципы и методы семантических исследований.-М.,1976. ж.б.). Так ушул кырдаал, окуя сүйлөмдүн предикативдик маанисине дал келет. Кырдаал, окуя тилден сырткары объективдүү реалдуулук катары атоо, белгилөө предмети (белгиленүүчү) катары смыслдын элементтерин тандоону жана алардын ортосундагы карым-катышты тактоону аныктайт, башкача айтканда семантикалык жана формалдык элементтерди, алардын карым-катышын көрсөтөт. Демек, ситуация (кырдаал) – тилдик бирдиктер аркылуу белгиленүүчү (означаемое) катары өтө татаал көрүнүш жана ал конкреттүү номинативдик бирдиктер (означающие) аркылуу белгиленет. Коммуникативдик тилде аткаруу мүмкүнчүлүгүн аркалоо максаты алардын предикативдик карым-катышта болуусун шарттайт.

Ушул номинативдик ар бир бирдик реалдуу ситуацияга дал келген татаал семантикалык предикативдик бирдик түзүү функциясына ээ болот. Ошондуктан сүйлөмдүн семантикасы белгилүү бир компоненттерден- смысл элементтеринен, алардын өз ара белгилүү бир карым-катышынан, маанилик биримдиктен турган структура, түзүлүшү катары аныкталышы шарт.

Сүйлөм коммуникативдик семантикалык бирдик катары объективдүү реалдуулукка, ойлонуу (мышление) категорияларына жана тилдик системага шайкеш, дал келиши керек. Объективдүү реалдуулукка, предметке дал келиши сүйлөмдү белгилүү бир ситуация менен байланыштырса, ойлонуу менен шайкештиги аны ой жүгүртүү (суждение) менен байланыштырат. Ал эми тилдик системага шайкеш келиши предикативдүүлүк- анын спецификалык өзгөчөлөгү, негизги белгиси экендигин көрсөтөт. Демек, ушул үч аспект сүйлөм семантикасынын ар түрдүү өңүтүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет да, сүйлөм денотативдик, сигнификативдик жана граммтаикалык маниге ээ экендигин көрсөтөт. Денотативдик мани- сүйлөмдү объективдүү реалдуулук, предмет менен, сигнификативдик мани- сүйлөмдү ойлонуу категориялары менен, ал эми грамматикалык мани- сүйлөмдү тилдик система менен байланыштырат да, предикативдик бирдик катары предикативдик эмес бирдиктерге карама-каршы коёт. Ушул үч жагдайдан диалектилик биримдиги семантикалык структурасын түзөт. Муну төмөнкү графикалык схема аркылуу чагылдырса болот:



Сүйлөмдүн семантикасын же семантикалык структурасын аныктоонун, изилдеп иликтөөнүн өтө татаалдыгы, ага карата ар түрдүү мамиленин, ар кыл аныктоолорунун, ар түрдүү чечилиштердин жаралышын шарттады. Биздин түшүнүгүбүздө сүйлөмдүн семантикасы жөнүндөгү проблема анын коммуникативдик функциясы менен тыгыз карым-катышта жана андан бөлүнбөй гана аныкталышы мүмкүн, башка айтканда сүйлөмдүн грамматикалык структурасы аркылуу гана чечмеленет. Бирок бир жагдайды эске ала кетүү зарыл. Сүйлөмдүн структурасы менен сүйлөмдүн составы деген түшүнүктөрдү айра тааныш зарыл. Сүйлөм составы дегенде, биз сүйлөмдүн компоненттеринин толук тизмеси жөнүндөгү ойго келебиз. Маселен, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү, айкындооч мүчөлөрү, үчүнчү даражадагы сүйлөм мүчөлөрү же грамматика-формалдык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган бирдиктер. Бирок булардын баардыгы тең эле сүйлөм структурасы үчүн релеванттуу эмес, зарыл эмес, маанилүү эмес. Сүйлөм структурасы дегенде биз сүйлөм типтерин мүнөздөй турган компоненттерди, алардын тизмектешүүлөрүн гана түшүнүшүбүз керек, башкача айтканда, сүйлөмдүн структуралык схемасы, структуралык схема, сүйлөм типтери дегенди түшүнүшүбүз керек. Анткени, акыркы мезгилдерде синтаксис илиминин жетишкендиктеринин бири дал ушул сүйлөм составы, сүйлөм структурасы, сүйлөмдүн семантикалык структуралык схемасы, сүйлөмдүн тиби, структуралык модель, сүйлөмдүн предикативдик негизи деген сымал терминологиялык атоолорду бири-биринен жиктеп, ар биринин предметин аныктоо, чектөө жана ошого жараша мамиле кылуу менен түздөн-түз байланышта каралуу мүмкүнчүлүгү аркылуу шартталып жүрөт. Алсак, орус тил илиминин материалдарынын негизинде Н.Ю.Шведованын жетекчилиги менен жазылып, 1970-жылы жарыкка чыккан грамматикада биринчи жолу жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык схемасынын толук тизмесин аныктоого аракеттер жасалып, анда структура деген түшүнүк сүйлөмдүн предикативдик негизи менен гана чектелген (Грамматика современного русского литературного языка.-М.,1970; Н.Ю.Шведова. О соотношении грамматической и семантической структуры предложения.- Славянское языкознание.-М.,1973).

Бирок, баса белгилөө зарыл, предикативдик негиз сүйлөмдүн минималдык составына шайкеш, дал келиши да мүмкүн, келбеши да мүмкүн. Эгерде сүйлөмдүн баяндоочу көп валенттүү этиштерден болсо жана ал өзүнүн грамматикалык табиятына ылайык жайылтуучу мүчөнү талап кылса, предикативдик негиз сүйлөмдүн минималдык составына дал келбейт. Бул учурда сүйлөмдүн структурасы, структуралык схема же предикативдик негиз баш мүчөлөрдөн эле түзүлбөстөн, облигатордук жайылтуучу мүчөлөрдөн да катышып калат. Бул көбүнчө толуктооч болушу мүмкүн.

Ошентип, эгерде сүйлөмдүн структуралык схемасын формалдык жана мазмундук жактан толук коммуникативдүүлүк талабына ылайык түзө турган болсок, сүйлөмдүн структуралык схемасы структура-семантикалык минимумда түзүлүшү керек, б.а. грамматикалык жактан да, информативдик жактан да жеткиликтүү болушу зарыл. Мында бир жагдай эске алынышы талап кылынат, башкача айтканда, сүйлөм семантикасы ар дайым структура (предикативдик негиз) менен байланышта болот, бирок такай эле ал аркылуу аныктала бербейт. Ошондуктан ушул жагдайга ылайык сүйлөмдүн структурасы менен семантикасынын ортосундагы карым-катыштын эки тибин аныктоого болот: биринчиден, сүйлөмдүн семантикасы толугу менен анын структурасы аркылуу аныкталат, экинчиден, сүйлөмдүн семантикасынын калыптанышына анын структурасы (предикативдик негизи) эле эмес, башка компоненттер да катышат.

А. Сүйлөмдүн семантикасы толугу менен структура (предикативдик негиз) аркылуу аныкталат. Маселен,

1. *Асан китеп окуду, Инженер компьютер оңдоду, Студенттер бак тигишти, Илим экономиканы аныктайт* ж.б.у.с. Бул сүйлөмдөрдүн структуралык схемасын төмөнкүдөй символдор аркылуу жазсак, алардын бирдей эле схемада экендиги ачык көрүнөт: $З_1$+З4+Э, башкача айтканда, ушул төрт сүйлөм бир гана структуралык схема аркылуу туюнтулат да, белгилүү бир семантикага ээ, тактап айтканда субъект объектиге өтө турган кыймыл-аракетти жасады.

Мында З- зат атооч, Э- этиш, З1- Зат атооч Атооч жөндөмө формасында, З4-Зат атооч табыш жөндөмө формасында. Мындай структуралык схема аркылуу жогоруда берилген эле төрт сүйлөм жасалбайт, бул структуралык схема аркылуу миңдеген, жүз миңдеген, миллиондогон сүйлөмдөр кеп агымында жасала берет… Алардын баарынын семантикасы толугу менен анын структурасы аркылуу аныкталат.

2. Кийинки жөнөкөй сүйлөмдөрдө да алардын семантикасы менен структурасы шайкеш келет, б.а. семантикасы толугу менен структура аркылуу аныкталат. Маселен, *Чүй Таластан кенен, Карышкыр иттен чоң, Студент окуучудан билимдүү, Талас Чүйдөн кичине, Агасы инисинен жакшы*. Бул сүйлөмдөрдүн структуралык схемасын төмөнкүдөй символдор менен жазсак, алардын бирдей схемада экендиги ачык көрүнөт: 31 + 36 + С, б.а. ушул сүйлөмдөр да бир эле структуралык схема аркылуу туюнтулат да, белгилүү бир семантикага ээ, тактап айтканда субъект объектиге караганда ошол белгинин көбүнө же азына ээ. Мында 36- зат атооч чыгыш жөндөмүндө, С- сын атооч.

3. Кийинки сүйлөмдөрдө да семантика менен структура бири-бирине шайкеш келет. Маселен, *Теректер шуулдашат, балдар ойноп жүрүшөт, карыялар сүйлөшүп отурушат, күн көтөрүлдү*. Бул сүйлөмдөрдүн структуралык схемасын символдор аркылуу жазсак, алардын бирдей схемада экендигин көрөбүз: 31+(2)+Э. Бул сүйлөмдөр да бир гана структуралык схема аркылуу туюнтулат да, субъектинин кыймыл аракетин көрсөтөт. Мында 2-чакчыл этиш.

4. Кийинки сүйлөмдөрдө да семантика менен структура бири-бирине шайкеш келет. Маселен, Асан- инженер, Акмат- окутуучу, Бишкек- борбор, Милдетим- окуу. Бул сүйлөмдөр төмөнкүдөй схемада турат: 31+31(Ка). Мында Ка- кыймыл атооч.

5. Төмөнкү сүйлөмдөрдө да семантика менен структура бири-бирине шайкеш келет да, семантика структура аркылуу гана аныкталат. Маселен, бала акылдуу, жаштар билимдүү, жол кенен. Бул сүйлөмдөр төмөнкүдөй символдор аркылуу жазылат: 31+С.

Б. Сүйлөмдүн семантикасы структура (предикативдик негиз) аркылуу гана эмес, башка компоненттердин катышуусу аркылуу аныкталат, б.а. сүйлөм семантикасынын калыптанышына сүйлөм структурасы (предикативдик негиз) гана таасир этпестен, башка жагдайлар да таасир этет.

а) сүйлөм составынын компоненттеринин таасири

Жалпыга белгилүү предикативдик негиздин факультативдик жайылтуучулары (распространители) сүйлөм структурасынын табиятын аныктай албайт, анткени алар сүйлөмдүн сапаттык статусу, предикативдик негизин аныктай алышпайт. Бирок, белгилей кетишибиз зарыл, семантикалык структура үчүн сүйлөмдүн грамматикалык структурасын аныктай албаган компоненттер да маанилүү болот. Алсак, сүйлөмдүн предикативдик негизи үчүн айкындооч сөздүн зарылчылыгы анча деле чоң эмес, бирок сүйлөм семантикасы үчүн алардын катышып турушу маанилүү экендигинде шек жок.

М: Ааламдагы караңгылыкты тептегерек тартып, кызарып толгон, алтын табактай нурлуу ай жарып чыкты. Ал алдында чөк түшүп турган адамды бир чети жини келип, бир чети бору ооруп аяп, бирок өтө жек көрүү, кыжырлануу сезими менен карап турду.

Айкындоочтук позицияда турган компоненттердин ролу, мааниси берилген сүйлөмдөрдүн семантикасы үчүн маалыматтык мааниге ээ. Ушул маалыматтык маанилүүлүк сүйлөмдүн семантикалык структурасын аныктайт: 1.Караңгылыкты ай жарып чыкты; 2. Ай тептегерек тартып, кызарып толгон, алтын табактай нурлуу эле.

1.Ал адамды карап турду; 2. Ага бир чети жини келип, бир чети боору ооруп аяп, бирок өтө жек көрүү, кыжырлануу сезимине ээ эле...

Ушул эле маалыматтык маанилүүлүк айкындоочтук позицияда турган компоненттердин да, предикативдик касиетке ээ болушуна мүмкүнчүлүк түзүү менен (2-пункттагы сүйлөмдөр) формалдык өзгөргөн конструкциялардын жаралышын, анын алгачкы конструкцияга карата синонимдештигин жана контаминация процессин көрсөтөт.

б) актуалдуу жиктөөнүн таасири

Жалпыга белгилүү, ситуацияга, айтылуучу ойдун мазмунуна, эмнеге өзгөчө басым жасалаарына жараша сүйлөмдүн структуралык компоненттеринин мазмуну бир аз өзгөртүлүп айтылат. Маселен,

1. Алыска чабылган атар| марага жай келишти
2. Марага| алыска чабылган, марага жай келишти
3. Аттар| алыска чабылган, марага жай келишти
4. Жай келишти марага| алыска чабылган аттар
5. Жай келишти алыска чабылган аттар| марага

Берилген беш сүйлөмдө беш түрдүү интонация жана ага жараша семантикалык мазмун берилген.

Демек, сүйлөмдүн формалдык жана семантикалык структураларынын карым-катышы өтө татаал жана ала ар кыл жагдайлар аркылуу шартталган.

Адабияттар:

1. Адмони В.Г. Аспекты предложения и система типов предложения.- Теоретические проблемы синтаксиса современных индоевропейских языков.- Л.,1971.
2. Адмони В.Г. Типология предложения.- Исследования по общей теории грамматики.- М.,1968.
3. Арутюнова Н.Д. О взаммодействии номинативного и коммуникативного аспектов предложения.- Теоретические проблемы синтаксиса современных индоевропейских языков.- Л.,1971.
4. Арутюнова Н.Д. О номинативном аспекте предложения.- Вопросы языкования.-М.,1971, №6
5. Арутюнова Н.Д. О номинативной и коммуникативной моделях предложения.- Известия АН СССР, Серия: Литература и языка. М.,1972, вып 1. Том XXXI.
6. Алисова Т.Б. Структура простого предложения в современном итальянском языке.- М.,1971.
7. Гак В.Г. Проблема лексико-грамматической организации предложения.- М.,1967.
8. Золотова Г.А. Очерк функционального синтаксиса современного русского языка.- М.,1971.
9. Мельничук А.С. Аспекты общей теории предложения как единицы речи- Проблемы языкознания.- М.,1967.
10. Москальская О.И. Грамматика текста.- М.,1981.
11. Солганик Г.Я. Синтаксическая стилистика.-М.,2006.
12. Шведова Н.Ю. О синтаксических потенциях формы слова- Вопросы языкознания, 1971, №4
13. Русская грамматика.- М.,1980.
14. Хомский Н. Аспекты теории синтаксиса.- М.,1962.
15. Золотова Г.А. О синтактических формах слов- Мысли о современном русском языке. М.,1969.

Ibragimova T.G., KMU I.Arabaev

Formal, semantic structures of sentence and their relations

Annotation. This article shows formalism, semantic structures and their relations. This article also embraced the meaning of the sentence, communicative meaning, the main sign of predicative category and the same time determined 2 variants of relations between abstract structural scheme of sentence and the sementic of concrete sentences. In conclusion it's difficult the relations of the formal and the sementic structures of sentence.

Key words: *The structural unity, communicative unity, virtual and actual aspect, semantic, structure, semantic aspect, denotation, vocabulary unity.*

УДК 81.81-13

Исаева М.А, ОшМУ

Көркөм тексттеги вербалдык эмес тилдик каражаттарды өлкө таануу өңүтүндө талдоо

Аннотация: *Макалада көркөм тексттеги вербалдык эмес тилдик каражаттарды өлкө таануу өңүтүндө талдоо маселеси каралды.*

Ачкыч сөздөр*: ой жүгүртүү, маданият, тилдик каражат, окутуу, маселе, чет тили*

Аннотация*: В данной статье была рассмотрена проблема лингвострановедческого анализа невербальных языковых средств.*

Ключевые слова: *мышление, культура, языковые средства, обучение, проблема,иностранный язык*

Тил тигил же бул маалыматты берүү, билдирүү менен гана чектелбестен, улуттун дүйнө таануу өзгөчөлүгүн, психологиялык табиятын, кулк-мүнөзүн, философиялык ой жүгүртүүсүн, табитин, тарыхын толук жана ар тараптан даана чагылдырат. Тил, ушул аспектиден алып караганда, өзүнүн бирдиктеринде көптөгөн улуттук белгилерди, этностук маалыматтарды алып жүрөт. Ушуга байланыштуу тилди маданияттын феномени катары изилдөө - мыйзам ченемдүү

көрүнүш, анткени улуттун маданиятын, менталитетин, жашоосун билүү, түшүнүү тилден башталат. Тилди билбей туруп маданиятты, маданиятты билбей туруп тилди үйрөтүүгө жана үйрөнүүгө мүмкүн эмес.

Азыркы учурда дүйнөлүк өнүгүүдө, ааламдашуу процессинде чет тилди үйрөнүү жана окутуу жаңы ыкмаларды талап кылып, бул багыттагы максаттарды жана маанилүү маселелерди кайра карап чыгууга мажбур кылып жатат. Аталган маселенин чечилиши окуу процессинде элдин маданий баалуулуктарына кайрылуу, искусство жана адабий чыгармаларды тартуу сыяктуу иш аракеттерсиз жүзөгө ашпайт. Андыктан чет тилди окутууда ошол үйрөнүп жаткан тилде жазылган көркөм тексттерге кайрылуу өзгөчө маниге ээ.

Дүйнөлүк лингвометодикада тилди бөтөн тил катары окутууда көркөм адабий чыгармаларга кайрылуу азыркы учурда мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп эсептелет. Адабий чыгарма турмушту көркөм сүрөттөө менен бирге, маанилүү таанып-билүүчүлүк, анын ичинен, өлкө таанытуучу мүмкүнчүлүккө да ээ. Тилди бөтөн тил катары изилдөөнүн өлкө таанытуучу максатына ылайык чындыкты өздөштүрүүнүн каражаты катары көркөм чыгармаларга ар дайым кайрылып туруу керек.

Чет өлкөлүк аудиторияда көркөм текстти адекваттуу түшүнүүнүн жана кабыл алуунун өзүнө тиешелүү айырмачылыктары бар. Эрежеге ылайык бөтөн улуттун өкүлү чыгарманын негизин түзгөн тарыхый-коомдук, улуттук-маданий мүнөздөгү маалыматтарга ээ эмес. Көркөм чыгарманын мазмунундагы дал ушул улуттук спецификасы менен өзгөчөлөнгөн элементтер бөтөн тилдүү окурманга кабыл алууда кыйынчылыктарды туудурат. Көркөм текстти тилдик өлкө таанытуу өңүтүндө талдоонун милдети – чет өлкөлүк окурманга мына ушул маалыматты түшүнүүгө үйрөтүү болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, тилдик өлкө таанытуучу талдоо (анализ), бул - тилдик бирдиктердин маанисиндеги жана функциясындагы улуттук-маданий өзгөчөлүгүн түшүндүрүү болуп саналат. Көркөм чыгармага жүргүзүлгөн башка тилдик талдоолордон айырмаланып, тилдик өлкө таанытуучу анализ чыгармадагы социалдык-фондук маалыматтарды ачууга жана түшүндүрүүгө багытталган, ал эми бул жумуш өз кезегинде тилдик өлкө таанытуучу обьектилерге таянуу менен ишке ашат. Мындай тилдик өлкө таанытуучу бирдиктерди табуу жана анализге алуу зарылдыгы көркөм текстти чет өлкөлүк аудиторияда окутууда коюлган көркөм адабиятты түшүнүп жана адекваттуу кабыл алууга үйрөтүү талаптарынын негизинде келип чыгат.

Тилибиздеги вербалдык эмес тилдик каражаттар да тилдик өлкө таанытуучу обьектилер болуп саналат. Анткени Е.М.Верещагин менен В.Г.Костомаровдор: «Соматические речения и жесты, стоящие за ними, обладают социальной, национально-культурной мотивацией, могут быть хранителями информации о нравах и обычаях определенного народа» - деп белгилесе [Е.М.Верещагин, В.Г.Костомаров. 1983., 198-б.], ал эми изилдөөчү А.Ботобекова аталган тилдик каражаттардын улуттук өзгөчөлүгүнө төмөнкүдөй аныктама берет: «Кыргыз элинин оозеки сүйлөшүүсүндөгү ымдоо-жаңсоо белгилеринин системасын, этикет эрежелерин, жүрүм-турум чен-өлчөмүн жана алардын улуттук өзгөчөлүгүн тактоо – кыргыз таануунун башкы максаттарынан болууга тийиш. Тилибиздеги айрым көрүнүштөрдү ушул өңүттө талдоо кыргыз элинин улуттук аң-сезимин, дүйнө тааным бөтөнчөлүгүн тереңирээк аңдап-түшүнүүгө жардам берет» [А.Ботобекова.2007., 103-б.].

Ал эми көркөм чыгармаларда каармандардын ички абалын, эмоциясын туюндурган вербалдык эмес тилдик каражаттар, эреже катары, кыйыр проективдик ыкма менен башкача айтканда, соматизмдер, соматикалык тил менен берилет. «Соматизмом (от греч. SOMA «тело, корпус») называется любой значащий признак, положение или ждижение лица и всего тела человека. Под соматическим языком соответственно подразумевается совокупность, во-первых, соматизмов (т.е. их инвентарь, аналог словарного состава в вербальном языке) и, во-вторых, правил их исполнения, сочетания друг сдругом, редукции, усиления, включения в речевую ситуацию, а также восприятия адресатом (т.е. аналог грамматики)» [Е.М.Верещагин, В.Г.Костомаров.1983.,199-б.]. Демек, соматикалык сөздөрдүн тутумдуу айкалышы башка анализдеп жаткан бирдиктердей эле тилдик өлкө таанытуучу анализдин предметтеринин бири болуп эсептелиши керек. Анткени соматикалык сөздөрдүн маанисин ачуу менен, биринчиден, вербалдык тилдеги сөздүк составдын аналогу жөнүндө түшүнүк берүү, экинчиден, аткаруу эрежелери, сөздөрдүн бири-бири менен айкалышы, кептик абалга киргизүү жана адресаттын кабыл алуусу, башкача айтканда, грамматиканын аналогу жөнүндө түшүнүк берүү жумуштары

аткарылуусу керек. Ошондо гана бөтөн улуттун өкүлү көркөм чыгарманы окууда соматикалык сөздөрдүн тутумдуу айкалышын кабыл алуу кыйынчылыгын жеңилдетет.

Соматикалык тилде адамдын ички абалы беш көрүнүш менен туюндурулат:

1) жаңсоо, жаңдоо – байкоочуну эске алуу менен, аң-сезимдүү аткарылган дене мүчөлөрүнүн, көбүнчө кол кыймылынын мааниси.

Мисалы, Таежем күүлөнүп, алаканын улам шак эткирет да, жаңы кубат менен жаны ачышканын, күйгөнүн билдирип, кебин улантат (К.Бобулов). Бул соматикалык кеп аркылуу каармандын ачууланган, нааразы болгон абалын түшүнөбүз. Бул жаңсоо бир гана аялдарга мүнөздүү. Ал эми чет тилдүү окурман аталган соматизмдин маанисин түшүнбөй калышы ыктымал.

- Оминь!.. – деп алакан жайды Исхак (Т.Касымбеков). Бул кыймыл бата кылуу үчүн жасалып жатат. Бата кылуу белгиси улуттук мүнөздөгү ритуал, адат-салт кыймыл-жаңсоолордун катарына кирет. Азыркы учурда таза диний мааниде гана эмес, кандайдыр бир тилек тиленгенде да колдонулат. Анткени бата кылуу кыймыл-жаңсоосу мезгилдин өтүшү менен колдонуу чөйрөсү кеңейип, куран окулгандан сырткары сапарга чыгарда, үйгө конок келгенде, дасторкон жайылганда же кимдир-бирөөгө жамандык каалаган мезгилде колдонулуп келет [Караңыз: А.Ботобекова.2007., 79-б.]. Келтирилген мисалда сапарга чыгаарда тилек тилөө максатында бата кылуу үчүн жогорудагы кыймыл-жаңсоо аткарылып жатат.

2) ымдоо – бет, көз кыймылдарынын мааниси. Ымдоо менен жаңсоо бардык мүнөздөмөлөрү боюнча жакын, бирок колдонуусу, пайдалануусу ар түрдүү: мисалы ымдоо деп бет булчуңдарынын кыймылдарын гана түшүнөбүз (жада калса баш ийкөө да жаңсоо болуп саналат).

Мисалы: Кана, кел урчу! – деп оозун бүйрүп, мурчуюп (М.Элебаев). Мында каармандын таарынычы, эркелөөсү туюндурулуп жатат.

Кокуй, Асел! – деп балбалактады апасы кабагын түйүп, бол кийин куда-кудагыйлар келип олтурат (Ч.Айтматов). Кабагын түйүү - жактырбоо, кайгыруу, көңүлү чөгүү маанилерин билдирет.

Ымдоонун түрлөрүн өздөштүрүү менен башка тилдин өкүлү кыргызча дене бөлүктөрүнүн, алардын кыймылдоо түрлөрүнүн аталыштарын билип алышат да, өз кебинде колдоно башташат. Жаңсоо, жаңдоо жана ымдоо динамикалуу, алар кыймыл деген сөз аркылуу аныкталат. Соматикалык тилдерге тынч абалдагы көрүнүштөр да кирет. Мисалы позалар. Алар белгилүү бир мезгилге чейин сакталган адамдын келбетинин абалынын мааниси. Булар дагы соматикалык тилдин составдык бөлүгү болуп саналат.

Мисалы: Алымкул эки жантактын ортосунда жүзтөмөн түшкөн бойдон жаткан эле (Т.Касымбеков). Жүзтөмөн түшүү - бети ылдый карап, көмкөрөсүнөн түшкөн кыймылсыз абал.

Соматикалык тилдин төртүнчү көрүнүшү беттин түрү. Башкача айтканда бет булчуңдарынын кыймылсыз, катып калгандагы абалынын мааниси. Эгерде поза – жаңсоонун тынч, кыймылсыз абалдагы көрүнүшүнүн аналогу болсо, беттин түрү ымдоонун тынч, кыймылсыз абалдагы көрүнүшүнүн аналогу болуп саналат.

Мисалы, Мусулманкул эрдин бек кымтып унчукпай калды (Т.Касымбеков). Эрдин кымтуу – ачууланууу, кыжырлануу, ички сезимдерин кимдир-бирөөдөн жашыруу сезимдерин туюнткан кыймыл.

Анын тегерек, кичинекей көздөрү жер менен арбашып жаткандай мелтиреди (А.Токомбаев). Мында көзүн ирмебей, же көз айырбай, ойго түшүп, унчукпаган, сөз катпаган абалда болгон маанини берип жатат.

Аталган бул төрт көрүнүш – жаңсоо, ымдоо, поза, беттин түрү адамдын эрки менен жүргүзүлгөн кыймылдардын катарына кирет. Бирок кээде адамдын бети жана дене мүчөлөрү адамдын эмоциясын жана сезимдерин эрксиз билдирип калган учурлар кездешет. Эгерде жаңсоолор, эреже боюнча, байкоочу жак үчүн аткарылса, ал эми эрксиз кыймылдар ал жак жок болсо деле билинет: алар адамдын ички, байкалбаган физиологиялык абалын сыртка белги берип түшүндүрөт. Ошондуктан буларды симптомдор деп атасак болот [Караңыз: Е.М.Верещагин, В.Г.Костомаров.1983.,203-б.]. Демек адамдын ички аракеттерин жана абалдарын түшүндүргөн ар түрдүү симптомдор да соматикалык тилге кирет.

Мисалы: Өңү жууган чүпүрөктөй бопбоз, эриндери мурдагы күлкүнүн элесин сактаган бойдон чала ачыла берип, көзүн Даниярдан албай, телмирип калыптыр (Ч.Айтматов). Мында адамдын корккон, чочуган сыяктуу физиологиялык абалын түшүндүргөн симптом.

Мени көргөндө, Алиман ылдый карап, кызара түштү (Ч.Айтматов). Уялуу, сүрдөө абалын туюнткан белги.

Жыйынтыктап айтканда, соматизмдер тигил же бул эмоцияны, абалды сүрөттөөдө бекем орнолгон, көбүнчө туруктуу сөз айкаштары аркылуу түшүндүрүлөт. Мындай сөз айкаштар соматикалык кеп деп аталып, көркөм чыгармада тилдик өлкө таанытуучу обьект болуп саналат, анткени аларды адекваттуу кабыл алууда, кыргыз тилиндеги соматикалык тилдин улуттук-маданий семантикасы менен тааныш болуу зарыл. Ошондуктан соматикалык кеп теоретиялык жана лексикографиялык планда тилдик өлкө таанытуучу аспектиде каралуу керек.

Колдонулган адабияттар:

1. Ботобекова А. Кыргыз ымдоо-жаңсоолору. Жооптуу ред. К.Конкобаев. – Б.: Bilge, 2007. – 189 б.
2. Верещагин Е.М., Костомаров В. Г. Язык и культура. Лингвострановедение в преподавании русского языка как иностранного. Мет. руководство. 3-е изд. - М.: Русс. яз., 1983. – 269 с.
3. Зулпукаров К.З. Этнокультурные аспекты лингвострановедения и лингвочеловековедения // Лингвострановедение: проблемы языка и литературы (К 70-летию Ч.Т. Айтматова). Сб. науч. тр. филол. ф-та Ошск. гос. ун-та. Вып. 7. – Ош, 1999. –С. 75-79.
4. Маразыков Т.С. Экстралингвистикалык факторлордун текстттеги интеграциясы: Ж.Баласагын атынд. КУУ. –Б.: Бийиктик, 2005. –167 б.

Isaeva M.A. Osh SU
zhypar@inbox.ru

Non-Verbal Artistic Texts and Language Resources Recongnition

***Annotation**: In this article was reviewed the problem of the linguistic and area studies analysis of non-verbal language resources.*

***Key words**: language, national peculiarities, culture, artistic publications, conversation, mimic and gestures*

УДК: 82.371.3

Исакова Т.Ж., ОшМУ
Жолдошева А.К., ОшМУ

Улуттук мектептерде оозеки кепти өстүрүүдө Ч. Айтматовдун чыгармаларын колдонуу ыкмалары

***Аннотация:** Макалада дүйнөгө белгилүү болгон, өзгөчө балдар дүйнөсүнө жакын, анын чыгармалары ар бир жанды түйшөлткөн жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармаларын колдонуу менен сабак өтүүдө ар түрдүү усулдардын негизинде текстттер менен иштөөнүн жолдору берилет.*

***Ачкыч сөздөр:** иллюстрация, цитата алып сүйлөө, жаттоо, көркөм окуу, инсценировка, логикалык ойлоо ж.б.*

***Аннотация:** В статье даны пути применения и использования работ с текстами на основе различных методов произведений Ч. Айтматов, который известен на весь мир как знаток детской души, его произведения волнуют внутренний мир каждого читателя.*

***Ключевые слова:** иллюстрация, цитата, выборочное чтение, заучивание, выразительние чтение, инсценировка.*

Жыйырманчы кылымдын улуу сүрөткери Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы түрдүү илимий аспектилерден каралып келе жатышы кубандыраарлык да, колдоого ылайык да көрүнүш. Жазуучунун кеңири масштабдуу, көп пландуу керемет чыгармаларынын ичинен өзгөчөлөнүп турган нерсе – бул балдар темасына арналган өзгөчөлүк деп айтууга болот.

Ч.Айтматовдун чыгармаларын кыргыз, улуттук орто мектептерде кеңири окутууга болот. Анткени жазуучунун чыгармалары түшүнүктүү, турмуш чындыгын реалдуу чагылдырган, тилинин жатыктыгы менен өзгөчөлөнөт. Ошондуктан жазуучунун чыгармалары чоңдор арасында да, балдар арасында да, чоң урмат менен тажабастан сүйүп окулуп келе жатат.

Мектеп окуучулары үчүн жазуучунун чыгармалары окуу программасынын талабына ылайык тандалып окутулат. Ал эми кыргыз тилин бөтөн тил катары окуган улуттук мектептерде

ал чыгармалар талапка ылайык кыскартылып, үзүндүлөр түрүндө окутулат. Алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша айрым сүйлөмдөрүн өзгөртүп берүүгө да болот.

Жазуучунун чыгармалары ар тараптуу: кызыктуу, кайгылуу, проблемалуу болгондуктан окурмандарын сөзсүз түрдө ойлонтпой койбойт. Дегеле жазуучунун өмүр жолуна жана чыгармачылыгына терең маани берилип келүүдө [1, 356]. Деги эле жалпы жолунан алып караганда адабияттык окуунун негизги милдети – окуучулардын оозеки жана жазма кебин өстүрүү. Бул окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүп, эмоциялык сезимин ойготуп, терең билим алууга көмөктөшөт. Оболу тексттер менен иштөөнүн кандай жолдору бар, канткенде башка улуттун өкүлү үчүн бөтөн тилди үйрөнүүдө тексттер менен иштөөнүн мааниси кандай, анын натыйжалуулугу жөнүндө сөз козгосок.

Кийинки өнүгүп жаткан методикалык багыт бөтөн тилди үйрөтүүдө текст менен иштөөнүн дидиактикалык сырларын ичине камтыйт. Текст менен иштөөнүн ийгилиги анын методикалык жактан туура тандалышы менен шарталган.

Тексттер окуучулардын жаш жана класс өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, аларга таалим-тарбия, илим-билим, ата мурас салтыбызды, үрп-адатыбызды, маданиятыбызды үйрөнүү жана сыйлоо, сактоо, адабий ой-өрүштөрүнүн өсүп –өнүгүшүнө көмөк берүү максатын көздөйт. Мына ушул өңүттөн алып караганда окуучу тексттин маани-маңызын терең түшүнүүсү- эң биринчи шарт.

Окуучулар чыгармалардагы окуялардын өнүгүшүнүн, көз карштарды, жүрүш-туруштарды билүү менен андагы тил бөтөнчөлүгүн да сезишет. Эгерде бул кандайдыр бир деңгээлде окуучуларга кыйынчылык келтирсе, иллюстрациялык материалдарга кайрылуу өзгөчө маниге ээ. Мисалы, “Бек-бекей” ырындагы камчы, укурук, долоно жана башка сөздөрдү окуучу көргөзмөсүз элестетип, көңүлүнө бек сактап, оозеки, жазуу кебинде колдонуп, сүйлөп же жазып берүүдө кыйналышы мүмкүн .Ошондо сүрөт жана иллюстрация менен иштеп, мугалимдин жардамы менен окуучулар элдик оозеки чыгармалардагы лексиканын мазмунун өздөштүрөт [2, 239].

Иллюстрация менен иштөө оозеки кепти өстүрүүдөгү жумуштардын негизги түрлөрүнөн. Сүрөттү карап, анын мазмунун сүйлөп берүү, же айрым бир бөлүгүн сүйлөө, аны көркөм чыгармадагы текст менен байланыштырып, тексттке жакын сүйлөп берүү жумуштары аткарылат. Ошондой эле окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө көмөкчү болгон суроолордун коюлушу максатка ылайыктуу. Мисалы, чыгарманын каарыманы жөнүндө, чыгармадагы негизги окуялар, эпизоддор боюнча сүйлөп берүүгө көнүктөрүү көп натыйжаларды берет.

Окуучулардын оозеки кебинин өсүшү менен логикалык ойлоо, ой жүгүртүүсү бирдей параллелдүү түрдө өнүүгө тийиш. Бул үчүн класста оозеки кепти өстүрүүнүн көп түрлөрү иштелет. Мисалы, окуучулар оозеки сүрөттөп сүйлөгөн учурда анча терең ойлонбой эле сүйлөшөт, бирок, жазганда ойлонушат, сөз тандашат, сүйлөм тизмектерин орду-орду менен коюуга аракеттенишет. Оозеки 2-3 мүнөттө сүйлөп бергендерин 15 мүнөттө жазышы мүмкүн. Ошентип, окуучулардын оозеки кеби менен кошо жазма кеби да өсүп олтурат.

Окуучулардын оозеки кебин өстүрүүдө текст менен иштөө учурунда төмөндөгү негизги жумуштарга көңүл буруу зарыл:

1-кайта айтып берүү;
а) кайталап айтып берүү;
б) текстке жакындатып айтуу;
в) текстти кыскартып айтып берүү;
г) текстти толук айтып берүү;
д) текстти өзгөртүп, өз сөзү менен айтып берүү;
е) инсценировка(сахналаштыруу) жолу менен айтып берүү;

Бул ыкмаларды окуучуларга түшүндүрүү зарыл. Бир сабакта текстке карата айтып берүүнүн башка түрү колдонула тургандыгын мугалим окуучуларга эскертип, аларды ошого көндүрөт. 2-көркөм тексттин үзүндүсү боюнча сүйлөп берүү:

а) суроолорго жооп берүү;
б) текстке карата жөнөкөй жана татаал план түзүү;
в) көркөм текст же картина боюнча сочинение жазып келүү;
г) көргөндөрү же байкагандары боюнча сочиненине жазуу

Аталган жумуштар бири менен бири байланышып, кээде бир сабакта бир нече түрү колдонулат. Текст менен иштөөдө эске алынуучу жагдайлар катары цитата алып сүйлөө, жаттоо, көркөм окуу, үзүндүлөрдүн маанисин ачып айтып берүү дагы ушул сыяктууларды атоого болот.

Сөздүк менен иштөө дагы оозеки кебин өстүрүүдө чоң роль ойнойт. Окуучулар жаңы сөздөрдүн кеңири жана так мааниси менен келип чыгышы, омонимдик, синонимдик маанилери менен таанышышат. Мугалим кайсы гана класста болбосун текстти бир, же экинчи сыйра окуп берип, окуучулардын тексттинин мазмунун түшүнүүсүн уюштура билүүсү зарыл. Текстти эки жолудан ашык окуп берүү окуучулардын сөзмө-сөз жазууга умтулуусун пайда кылат.

Адабияттык окууда көбүнчө текст менен иш жүргүзүлөт. Көркөм чыгармалардагы сөздөрдүн мааниси, чыгарманын мазмунун ача турган каражат катарында зор роль ойнойт. Ошондуктан сөздүк жумуштар биринчиден, чыгарманын идеялык көркөмдүк маанисин ачуу, экинчиден түшүнүксүз сөздөрдү чечмелөө менен окуучунун сөз байлыгын өстүрүп, оозеки кебин өнүктүрүп, сөз маданиятын калыптандырат.[3,3]

Биз жазуучунун чыгармаларын адабият сабагында гана окутпастан кыргыз тили сабагынын да негизи кылып көрсөтүүгө болот деген ойду берүү менен оозеки кепти өстүрүүдө Ч. Айтматовдун чыгармаларын колдонуу үчүн ылайыкташкан тексттердин топтомун түзүп, практика жүзүндө колдонуп,балдар менен иштөөгө аракет жасадык. Бул тексттер менен иштөө менен биз бир гана окуучулардын кеп байлыгын гана өстүрбөстөн, алардын маданиятын, рухий дүйнөсүн, психологиясын ар тараптан тарбиялай алабыз деген ишенимдебиз.

Мына ошондуктан окуучуларды кайдыгер калтырбаган, балдарга тиешелүү болгон “ Ак кеме”, “ Эрте келген турналар”, “Биринчи мугалим” чыгармаларын жаздырып, эксперимент жүргүзүп көрдүк.Ч.Айтматов жана анын жогоруда аталган чыгармаларына байланышкан сүрөттөрдү, тексттерди пайдаланып көрдүк. Андан кийин окуучуларга кыскача ошол чыгармалардан түшүнүк берип, экспериментти улантабыз.

Мисалы, төмөндөгү тексттер иштелип чыгап, практикада колдонулду. Сабакта оң натыйжаларды берди. Тексттер тиркеме болуп берилет.

Ак кеме

Кечке ойноор теңтушу жок болгон соң, бала жалгыз ойноп жүрүп, өзүнчө сүйлөй бергенге көнүп алган. Азыр болсо өзүнчө эмес китеп кабына айтып келеатты: “ Сен ага ишенбе, менин таятам андай эмес” Таятам булардай куу эмес, ошон үчүн баары күлө берет. Ал экөөбүздү мектепке жеткирип турат. Мектеп каерде экенин сен али билбейсин ээ? Алыс эмес, бир күнү көрсөтөм. Экөөбүз Кароол дөбөгө чыгып алып, мектепке дүрбү салып көрөбүз. Анан дагы дүрбү салып, мен сага Ак кемени көрсөтөм. Ага чейин бастырмага жүгүрүп кирип чыгалы, дүрбү ошерде катылуу. Торпокту откозуш мойнумда, бирок, мен болбой эле Ак кемени көргөнү кетип калам. Чоң торпогубуз бар, алым жетпейт, сүйрөп кетет, анан барып күндө эле энесин ээмп коет. Энеси торпогунан сүт аямак беле, ийип берет. Эне деген баласына дайыма ийип турат окшобойбу. Гулжамал ушинтип айтат, кызымы тим эле жакшы көрөм, эзилип турам дейт. Азыр ийду саап алсын, анан экөөбүз торпокту откозгону кубалап кетебиз. Сен аны билбейсиң го, дүрбү үчөөбүз болобуз”. Бала ошентип өзүнчө кожурап, үйгө жортуп келатты. Китепкабы менен сүйлөшкөнгө көңүлү кеңирсип калды.

Иңкамал апай

Иңкамал апай – турмушта болгон, азыр да жашап жаткан мугалим. Ал 1930-жылдардан бери мугалимдик кесипте иштейт. Турмуштун ачуу- таттуусун башынан өткөргөн, күйөөсүнөн 1930-жылдын аяк ченинде эрте эле ажыраган. Ыйлап-сыктай балдарын тарбиялап өстүрүп, согуш башталаарда ушул Талас жакка мугалим болуп келген.[4, 510 б] Согуштун кыйын кезинде балдарды окутуп тарбиялаган. Согуштун кычап турган убагында отун жетишпей, класстар жылыбай, балдар көк муштум болуп үшүп, Иңкамал апайдын не бир таасирлүү сабагын угуп отурган жеринен повесттин окуясы башталганын билесиңер.

Согуштун мындай катаал күндөрүндө Иңкамал апай балдардын демин түшүрбөй , аларды ичинен аяп, сыртынан оор тарта сабагын өтүп жүрдү.

Дүйшөндүн мектеби

Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар “Дүйшөндүн мектеби”-деп койчу. Бир кездерде ошол дөбөнүнү үстүндө мектеп болгон имиш. Ошол мектептин ордун издеп да көрдүм, кийинчерээк: “Эмне үчүн Дүйшөндүн мектеби?” Ал кайсы Дүйшөн?” – деп карыялардан сураштырсам, алар эч бир кызыгышпайт, кайдыгер гана жеңшилтеп коюшту:

“Э, ушул эле жүргөн аксак кой Дүйшөн. Кечээ тиги дөбөдө бир жаман там болоор эле, Дүйшөн ошого мектеп ачып, бала окуткан. Мектеп дегендей да эмес болчу, тимеле бир кеп. Дүйшөн да ошондо оюна келгенин бир иштеп койду да. Андан бери ал жаман тамдын топурагы да калган жок, бир пайдасы – аты жок дөбө эле, “Дүйшөндүн мектеби” - болуп калды.....” [4,510б].

Жыйынтыктап айтканда башка улуттун өкүлдөрү үчүн дагы Айтматовдун чыгармалары ары түшүнүктүү, ары кызыктуу. Ушул чыгармалардан тексттерди тандап алып, окуучулардын оозеки жана жазма кебин өстүрүүдө кандай натыйжаларды берери жөнүндө байкап көрдүк. Окуучу жөн гана окуп, таанышып гана тим болбостон, өзүнчө түйшөлүп, чыгарма жаратып, дегеле кайдыгер карабагандыгына ынандык. Ооба, оозеки жана жазма кеп эң негизги экинчи тилди үйрөнүү үчүн биринчи этабындагы ачкычы. Ошондуктан бөтөн тилдеги кептик ишмердүүлүктү калыптандыруунун жагдайында кылдат мамиле жасоо керектиги шарт.

Колдонулган адабияттар:

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 3-том. Роман, аңгеме/ Түз. А. Акматалиев. Б.: Бийиктик, 2008
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 4-том. Роман, аңгеме/ Түз. А. Акматалиев. Б.: Бийиктик, 2008
3. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 6-том. Роман, аңгеме/ Түз. А. Акматалиев. Б.: Бийиктик, 2008
4. Тихонов Н. Адабият жана искусство жагынан көрүнүктүү жетишкендик. Советтик Кыргызстан” 1963
6. Түлөгабылов. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы.Б., “Мектеп” 1991
7. ШериевЖ.З. Планова Көркөм текстти тереңдетип окуп үйрөнүү. -Фрунзе,1989.

Isakova T. J . OshS
Joldoshova A.K.
e.mail:Jumabaeva. taalaykan83@bk.ru

Methods of Using Chingiz Aitmatov’s works in national schools to improve oration

Annotation: *This article deals with the ways of adaptation and using of works with the texts in basing of different statues of popular writer Ch. Aitmatov, his stories troubles inner world of every reader.*

Key words: illustration, quotation, reading. Leaning by heart, scene, oration

УДК: 82.371.3

Искакова Э.С., Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу

«Кыямат» романындагы көркөм образдарды интерактивдүү талдап окутуу

Аннотация: *Бул макалада «Кыямат» романындагы көркөм образдарды интерактивдүү талдап окутуу жөнүндө сөз болот*

Ачкыч сөздөр: *чыгарма, окуучу, мугалим, адабият, көркөм окуу, образ, интерактивдүү ыкма*

Ключевые слова: *произведение, ученик, учитель, литература, художественное чтение, образ, интерактивные методы*

Кандай гана чыгарманы, анын ичинде бизди кызыктырган «Кыямат» романын талдоо болбосун, эң башкы маселелердин бири андагы образ системасы жана катышуучу каармандын мүнөзүн ачуу болуп саналат. Анткени, катышуучу каармандан жана анын мүнөзүнөн чыгарманын формасы менен мазмунунун бирдиктүүлүгү ачык көрүнөт. Каармандын образын жана мүнөзүн талдоо аркылуу биз жазуучунун ошол чыгармасын түзүш үчүн кандай каражаттарды, ыкмаларды колдонгондугун, башкача айтканда, ал чыгарманын тил каражаттарын, композициясын, дагы башка компоненттерин үйрөнө алабыз. Бул жөнүндө профессор Н.О. Корст: «Баарына белгилүү, кандай гана адабий чыгарманы талдоо болбосун, образдар системасын жана каармандардын мүнөзүн текшерүү негизги орунда турат. Бул образ-мүнөздө форма менен мазмундун бирдиги баарыдан ачык көрүнө тургандыгы менен түшүндүрүлөт. Образ-мүнөздү талдоо аркылуу биз жазуучунун ошол образды түзүү үчүн колдонгон каражаттарын, башкача айтканда, тилин,

композициясын, акырында чыгарманын көркөмдүк стилинин бөтөнчөлүгүн ачууга мүмкүнчүлүк алабыз»[1].

Чыгармада катышуучу каармандарды, алардын иштеген иштерин, мүнөздөрүн сүрөттөө ар бир жазуучунун чеберчилигине, көз карашына, стилине байланыштуу жана ошол чыгарманын жанрына ылайык ар кандай жолдор менен белгиленет. Маселен, эпикалык жанрларда адам мүнөздөрү, башкача айтканда, чыгармада каармандардын жүрүм-туруму, башкаларга болгон мамилеси, сүйлөөшүүлөрү аркылуу, же ошол адам жөнүндө автордун, же экинчи бир каармандын айтып берүүсү аркылуу ачылат.

Каармандардын образдары жана мүнөздөрү көркөм чыгармада жогорудагыдай ар кандай жолдор менен ачылса да, кандай гана чыгарма болбосун, анын негизги борборунда каарман жана анын иштеген иштери турат. Ошондуктан көркөм адабияттын негизги мазмуну каармандар жана аларды курчап турган чөйрө жана коом менен болгон байланышын ачып сүрөттөө болуп саналат.

Педагогикалык жана методикалык адабияттарда мүнөз адамдардын психологиялык касиеттеринин жыйындысы, адамдын өзгөчөлүгү катарында аныкталып келе жатат. Адамдардын ички дүйнөсү толуп жаткан «бөлүкчөлөрдөн» турат. Анын ою, сезими, адаты, кызыгуусу, жөндөмдүүлүгү, идеалы, умтулуусу – мына ушулардын баардыгы биригип келип адамдын бир бүтүн, ошол эле мезгилде жекече психологиялык системасын түзөт. Мына ошол бүтүндүк адамдын мүнөзү болуп саналат. Бүтүндүктүн ар кандай даражада болушу адам баласынын мүнөзүнүн ар башкалыгын түзөт. Дегеле адам баласынын ички дүйнөсү өтө татаал көрүнүш. Анын диалектикасы жазуучунун чыгармасында каармандардын образдарында гана ачылат. «Биздин чыгармачылык дүйнөбүздөгү бардык улуу жана сулуу нерселер, - дейт М. Горький, - эң майда байкоолордон жаралган жана жаралат». Адамдардын образы да мына ушул эң майда нерселерден куралып отуруп, бир бүтүндүктү түзөт. Ал бүтүндүк карама-каршылыктан, жакшы-жамандан жана адам мүнөзүндөгү оң жана терс көрүнүштөрдөн турат. Ал эми мугалимдин негизги милдети окуучуларга туура багыт берип, каармандардын мүнөзүн даана ачып берүүдө жатат. Бул үчүн баарынан мурда каармандардын образдарындагы татаал нерселерди жана жазуучунун ал каармандарды сүрөттөп берүү ыгын мугалим жакшы түшүнүшү керек. Бул жагдайда проф. К. Иманалиев белгилеп кеткендей: «Каармандардын мүнөзүн жана анын жекече сапатын ачуунун бир канча негизги учурлары бар. Алар төмөнкүлөр:

- Каармандын өзүн курчап турган адамдарга, табияттын көрүнүшүнө, предметтерге жасаган мамилеси.
- Каармандын коомго карата болгон жана өзүнүн жеке керт башына жасаган мамилеси.
- Каармандын үй-бүлөсүнө болгон катнашы.
- Каармандын алдына койгон максаты. Ошол максат менен ал эмнеге жеткиси келет жана умтулат? Анын алдына койгон максаты канчалык даражада маанилүү.
- Карман эмнелерди иштөөгө жөндөмдүү? Ага күчтүү эрктүүлүк мүнөздүүбү?
- Каармандын иштеген иши, аткарган кызматы. Ал турмуштагы кандай окуяларга катышат? Анын иштеген иштери умтулууларына жооп бере алабы? Эмне үчүн ал ошондой иштерди иштейт? Анын конкреттүү көрүнүштөргө карата жасаган мамилелери жана жүрүм-турумдары кандай?
- Анын сөзү менен ишинин ортосунда кандай байланыш бар?
- Каарман өзүн-өзү баалай алабы? Өзүнө-өзү айрым кырдаалда күрөш ача алабы?
- Акырында ошол карман окуучуга кандай таасир калтырат? Ошол карман өзүнүн мезгили үчүн типтүүбү?

Мына ушул жогорудагы суроолордун бардыгы окуучулар тарабынан конкреттүү тексттен алынган фактылар менен аныкталганда гана ошол каармандын образы толук бойдон көз алдыга келип, талдоого алынган болот»[2].

Каармандардын жогорку сапаттарын талдоо менен бирге мугалим окуучулдарга автор аларды кандайча сүрөттөгөндүгүн, каармандардын ошол иштеген иштерин кандайча баалагандыгын жана окуучуда кандай сезим калтырып жана кандай сезимге чакыргандыгын түшүндүрүү керек.

---

[1] Корст Н.О. Восприятия литературного произведения и его анализ в школе. Сб.:Вопросы анализа художественных произведений. – М., 1969. Стр. 19.

[2] Иманалиев К. кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. –Ф.: Мектеп, 1976. – 77-б.

Жогорудагы адабият сабагында көркөм образдарды талдоонун жалпы методикалык маселелерине атайылап эле кеңири токтолдук. Себеби, мунун баары бизге керек. Ч. Айтматовдун «Кыямат» романындагы көркөм образдарды талдоодо биз негизинен жогорудагы көрсөтмөлөргө таянмакчыбыз. Ал эми сабак учурунда иштин ийгилиги мугалимдин изденүүсүнө көз каранды жана жеке аракетине байланыштуу болот.

Романда негизинен каармандар көп. Чыгарма жаратылыш койнунда, Узун-Чатта бейпил күн өткөрүп жаткан карышкырлар тууралуу башталып, акыр аягында окурман ойлобогон, күтпөгөн жыйынтык менен аяктайт. Бирок, басым жасалып, окурманга дароо байкалган Бостондун, Базарбайдын буларга катарлаш Акбара жана Ташчайнардын образдары. Дегеле, Ч. Айтматовдун кандай гана чыгармасы болбосун, аларда адам баласынын турмушу менен бирдикте жаныбарлар сүрөттөлөт да, кадимкидей жуурулушуп бир бүтүндүктү түзүп турат.

«Кыямат» романы мектепте 11-класста окутулгандыктан, бул романды окутаардан мурда мугалим окуучулардын чыгармага болгон кызыгуусун ойготушу керек. Окуучулар романды толугу менен окуп чыгуусу үчүн ар кандай суроолордун же чыгарманын кызыктуу жерлеринен кыскача үзүндү берилиши шартка ылайык. Мисалы:

1. «Бостон атты жетелеп, карды жирей басып алдыда бараткан, аңгыча эле бут алдынан бирдеме титирей түшкөндөй болду. Арт жактан Эрназардын кыйкырып жибергенин укту. Бостон шарт бурулуп карап, денеси дүркүрөй түштү…»[1]- окуя мындан ары кандай өнүгөт?
2. «Кыйкырык, куугун Акбаранын кан жанын козутуп, анын жырткычтык сезим-туйгусунун баарын дүркүрөтүп ойготуп жиберди – ал олжоону колдон чыгарбоону чечти. Баланы жакасынан бекем тиштеген боюнча арышты кенен таштап, тоо арасын беттеп, улам алыстап, уруп баратты…»[2] - окуя кандай аяктайт жана куугунчулар баланы сактап кала алабы?

Жогорку суроолорго жооп табуу үчүн чыгарманы окуучулар окуп чыгышары анык. Сабак башталганда мугалим окуучуларга «Кыямат деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?» бардык пикирлерди угуп, мугалим «Кыямат» деген сөзгө түшүнүк берет. «Кыямат – диний түшүнүк менен алып караганда «Акыр замандын» башталышы. «Кыямат кайың» деп аталып жүрөт. Адамдардан кайыр-садагы, ыйман кеткенде, пейли бузулганда кыямат кайың башталат деген түшүнүк бар»[3] . Сабак учурунда мугалим окуучуларды топторго бөлүп, чыгармадагы каармандарды талдоо иретинде аларга карточкаларды (атайы мурдатан даярдалган чыгармадагы негизги каармандардын сүрөттөлүшү жазылган) таратып берет. Образдар табышмак иретинде берилип, каармандардын аттары аталбайт, мында негизги өзгөчөлүктөрү гана кыскача жазылгандыктан топтордогу окуучулар өздөрү толукташы керек болот. Болжолдуу түрдө карточкалар төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

№1
«… – эпкиндүү чабан. Бою узун, күнгө күйүп, шамалга тотуккан жүзү карайган жез ирендеп кызыл-күрөң тартып, жүлжүйө тиктеген көк-жашыл көздөрүндө бир нерсеге нааразылык бар»[4].

№2
«… – кара мүртөз, арамза, көрө албас[5], арсаландап калп күлүп, ичкиликти жакшы көргөн жан. Элдин ийгилиги өзүнөн-өзү келип калгансып, өз кемчилигин түшүнбөй жашоосуна нааразы »

№3
«Биз ал карышкырларды билебиз. Биердеги карышкырларга окшошпойт. Жаалына эч ким бет келе алгыс, күчтүү жуп! Капканга түшпөйт аңдып жүрүп ата албайсың. Дөбөтү – Ташчайнар, айгырды көтөрүп урган күчтүү карышкыр. Канчыгы – Акбара, анабашы, өтө акылдуу, амал-айлалуу жаныбар! Акыл менен күч бириксе кандай – булардын өзгөчө коркунучтуулугу ушунда»[6]

[1] Ч. Айтматов Кыямат. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 6-том. Б.: 2014-ж., 420-б.
[2] Ч. Айтматов Кыямат. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 6-том. Б.: 2014-ж., 483-б.
[3] А. Муратов, Б. Байсабаев Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер. Б.:2010-ж. 40-б.
[4] Жогорудагы китеп, 365-бет.
[5] Ошол эле китеп, 366-бет.
[6] Ошол эле китепте, 367-бет.

№4
«Авдий тооратан (диний китептен) алынган аты бар (жөөттөрдүн ушундай бир пайгамбары болгон имиш) жаш жигит. Диникайыр, бузук ойлуу делинип, диний окуудан куулуп чыккан. Узун бойлуу, ак куба жигит. Бир катар курбулары өңдөнүп, ал да чачын ийнине түшүрүп, коңур куйкул сакалын да коң берген. Бу кейпи жаштыгына анча көрк кошо албаса да, кудайы момун кылып көрсөтчү. Ою-дили уйгу-туйгу экенин билдирип, тостойгон көк көздөрү жылтылдап турат»[1]

Жогорудагы карточкаларды окуучулар толуктап, ар бир топ өз ара жыйынтыктагандан кийин класста бардык окуучуларга жеткиликтүү кылып окуйт, ал эми атаандаштары суроо берип, кемчиликтерин толуктап отурушат. Мугалим бул учурда кайсы топ мыкты даярданып, чыгарма тууралуу көбүрөөк билерин аныктоо менен бирге окуучулар билбеген жерлерине толуктоолорду киргизет. Жыйынтыгында ар бир каармандын өзгөчөлүгүн билүү максатында «Венндин диаграммасын» пайдаланса болот. Диаграмманы окуучулар бирдикте доскага иштешсе да, ар ким өз алдынча дептерлерине иштесе да болот. Мында окуучулардын романдагы көркөм образдарга байланыштуу бул сабакта өздөштүргөн, талдаган материалдары тууралуу түшүнүктөрү – алган билими бекемделип, коюлган көйгөйдүн үстүндө ой жүгүртө, корутунду чыгара билүү көндүмдөрүнүн өнүктүрүлүшүнө жетишилет.

Акыр аягында чыгармадагы каармандардын образдары толук талданып бүтөт. Классты топторго бөлүштүрүүнүн артыкчылыктары көп. Бул тууралуу белгилүү педагог С. Рысбаев: «Топ менен иштөөдө окуучулар төмөнкү ийгиликтерге жетише алат:

- берилген тапшырмаларды аткарууда буга чейин топтолгон өзүнүн жана бири-биринин чыгармачыл тажрыйбаларын пайдаланууга, ошондон улам жаңы идеяларды жаратууга багыт алышат;
- балдардын коллективде бирге иштеп, бири-биринин оюн түшүнүүгө, бири-биринин пикирин колдоо аркылуу өз ара ынтымактуу мамиле жасоого жатыгышат;
- көркөм образдарды талкуулоодо, чыгарманын идеясын түшүнүүгө карата окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзүлөт»[2]

«Кыямат» романында философиялык бийиктик, адамдын адамдыгы жөнүндөгү гуманисттик ойдун чечмелениши, турмуш, туяк калтыруу (тукум улоо), махабат, жаратылыш жана адам, жаныбарлар жана адамзат дүйнөсү жөнүндөгү ойлорду ачык көрүүгө болот. Бул чыгарманы окутууда мына ушул терең философиялуулукка, турмуш чындыгына басым жасоо жалпы эле сабакка эң жогорку тарбиялык маңыз берилишине көмөкчү болоору шексиз.

Сабактын аягында атайын түзүлгөн суроо-тапшырмалардын негизинде роман боюнча өтүлгөн материалдар жалпы кайталанып бышыкталат. Үйгө окуучулардын чыгарма боюнча алган түшүнүк, билимдерин текшерүү максатында дил баян жазып келүү үчүн бир нече темалар сунуш кылынат. Дил баяндардын темасы төмөндөгүдөй болушу ыктымал:

1. «Кыямат» романында адамзаттын психологиясынын чагылдырылышы.
2. Ч. Айтматовдун «Кыямат» романында жаныбарлар дүйнөсүнүн ачылып берилиши.
3. Бостон жөө жолун улантты… (чыгарманын аягын улайлы)

Окуучу бул үч теманын ичинен каалаганын жазат. Мунун негизинде мугалим окуучу теманы канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн биле алат.

Сабактын жыйынтыгында жана үйгө берилген тапшырманын натыйжасында жаратылышты сүйүүгө, Базарбайдын мүнөзүндөгү терс сапаттарды терең түшүнүп, андай сапаттардан алыс болууга, кандай гана болбосу адамдык жакшы мамилени биринчи орунга коюга, ак ниеттен эмгектенүүгө үйрөнүшөт.

Колдонулган адабияттар:

1. Ч. Айтматов. Кыямат. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 6-том. Б.: 2014-ж.
2. Иманалиев К. кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. –Ф.: Мектеп, 1976.
3. Корст Н.О. Восприятия литературного произведения и его анализ в школе. Сб.:Вопросы анализа художественных произведений. – М., 1969.

[1] Жогорудагы китепте, 55-б.
[2] С. Рысбаев Кыргыз адабияты мугалимине жүз кеңеш. Б.: 2014-ж. 108-б.

4. А. Муратов, Б. Байсабаев Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер. Б.:2010-ж. 40-б.
5. С. Рысбаев Кыргыз адабияты мугалимине жүз кеңеш. Б.: 2014-ж.

Iskakova E.S
J. Balasagyn's Kyrgyz National University teacher

Annotation*: This article addresses issues of teaching the novel "End of the World" with interactive methods.*

Key words*: pupil, word, publication, teacher, literature, artistic work, protaganist*

УДК: 82.371.3

Искакова Э.С., Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу

Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы жан-жаныбарлар дүйнөсүн окутуу

Аннотация: *Макалада Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы жан-жаныбарлар дүйнөсүн окутуу тууралуу съз болот.*

Ачкыч сөздөр: *көркөм адабият, окутуу, Ч. Айтматов, повесть, драма, жаныбарлар, оозеки чыгармачылык*
Ключевые слова: *художественная литература, обучение, Ч. Айтматов, повесть, драма, животные, устное творчество*

Таалим-тарбия берүүдө көркөм адабияттын мааниси чоң. Анткени, кичинекей наристе кезден тарта ар кандай жомокторду, кыскача аңгемелерди угуп, андагы болуп жаткан окуяларга кадимкидей ой токтотуп, жыйынтык чыгаруу менен каармандардын жакшы, жаман сапаттарын талдап келебиз. Жомокто же аңгемеде каармандар жөнөкөй, ак пейил, башкалардан жардамын аябаган, боорукер, эр жүрөк ж.б. адамзаттагы жакшы сапаттарды алып жүрсө, ал каарманга суктанып, ичибизден ошо жакшы сапаттарды кармап калууга умтулабыз. Ал эми каарман жаман жолдо жүргөн, ач көз, башкалардан жардамын аяган, зулум жана акылсыз болсо, мындай учурда жек көрүү пайда болот да, жаш жеткинчек эч качан мен ушундай болбойм деп өзүнө-өзү убада берет. Айтайын дегенибиз, бардык нерсе адам баласына таасир этип, ошондон улам адамзаттын айлана-чөйрөгө мамилеси калыптанат.

Ал эми көркөм чыгарма жан дүйнөнүн бирден-бир азыгы, байлыгы. Элибизде байыркы замандан бери оозеки чыгармачылыкка көңүл буруп, аны өркүндөтүп, муундан-муунга мурас катары өткөрүп келишкен. Азыркы учурда илим-билим өнүгүп мурдагыдай ооздон-оозго, муундан-муунга өткөрүп берүү салты кагазга түшүрүлгөн өлбөс-өчпөс чыгармалар болуп эсептелет. Мына ошол өлбөс-өчпөс чыгармалардын катарын залкар жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун аңгемелери, повесттери, романдары, драмасы, публистикалары көркүнө чыгара толуктап турары шексиз. Биздин сыймыгыбыз болгон, кыргызды дүйнө элине таныткан улуу жазуучунун чыгармалары кайнап жаткан элдин турмушун чагылдырып бергендиги үчүн баалуу. Ошондой эле адамзат менен катарлаш жаныбарлардын ажырагыс биримдикте сүрөттөлүшү автордун жаратылышка болгон мамилесин билдирип, чыгармаларынын мазмунун, көтөрүп турган идеясын башкалардан өзгөчөлөнтүп турат.

Чынгыз Айтматовдун ар бир чыгармаларында жандуу жаратылыш менен тыгыз байланышкан каармандар, алардын жашоосу катарлаш (параллель) сүрөттөлүп, бирин-бири толуктап турат. Маселен, «Ак кемеде» Бугу Эне, «Кыямат» романында Акбара менен Ташчайнар, «Гүлсаратта» Гүлсараттын образы, «Тоолор кулаганда» романында Жаабарстын образдары кадимки адам баласы сындуу сүрөттөлүп чыгармадагы каармандардын образдарын бир жагынан толуктап турса, экинчи жагынан салыштырылып бир бүтүндүктү түзүп турат. Ошондой эле, булар ажырагыс биримдикте сүрөттөлөт. Бул туурасында профессор А. Садыков: «Көркөм адабияттын негизги предмети адам, ал ошону ар тараптан кенен-кесир изилдейт. Айбанаттар болсо өтө татаал өз дүйнөсү менен жашайт, бирок алар адам менен ар дайым түрдүү-түркүн карым-катнашта турат

да, чыгармаларда белгилүү образдык-символдук кызмат аткарып, көркөм мүнөздү толуктайт, ажарын ачат, идеялык жүк көтөрөт.

Мына ушундай жалпы жобого таянуу менен Айтматовдун айбанаттар дүнөсүнө көз жибере турган болсок, анда укмуштуудай бир кооз жана көркөм сүрөт галереясына кирген сымалдуу таасирде калабыз. Анын ар бир эле чыгармасына айбанаттар катышат, анткени турмуштун өзү ошондой болуп жатпайбы. Адам айбанаттардан бөлүнүп, обочолонуп жашай албайт. Булар ар тараптан тутумдаш, киндиктеш»[1]. Чындыгында, адамзаттын жашоосунда жаныбарлардын ролу чоң. Ушул жагынан алып караганда Ч. Айтматовдун жаратылышка, жаныбарларга болгон мамилеси, аларды жакындан билип, түшүнүүсү бекеринен эместиги даана көрүнүп турат. Мындай көрүнүштү автор өзүнүн Досалы жездесинин салымы чоң экендигин жашырбай өз эскерүүлөрүндө айтып, баса белгилейт. Автордун түшүнүгүндө табият өз мыйзамы менен жашайт. Мында ар бир тирүү жандыктын өзүнчө жашоо образы жана кызыкчылыгы бар дегендей алар да жашоо үчүн күрөшүп, адам баласындай жашоосун улантып, кандай гана кыйынчылыктар болбосун аны жеңүүгө жол издешет. Мисалга «Тоолор кулаганда» романындагы Жаабарсты алсак, анын сүрөттөлүшүнөн - ой жүгүртүүсү, жашоого болгон көз карашы, турмуштук сыноолорго туруштук берип, адам сыяктуу келечектен үмүт үзбөй, алдыга максат коюп жашап, акырында тоо барстарын сактап калу үчүн өз өмүрүнөн айрылды. Ушул учурда Арсен Саманчин элдин бейпил жашоосу үчүн, эл аралык чыр-чатактардан коргоп, бүтүндөй коомчулукту, анын ичинде өз айылдаштарын, өз мекенин жаман атты сөздөн сактап өз өмүрүн курман кылды. бул эки образ бири-бирин кеңири толуктап, жашоодо катарлаш ийгиликтерге жетишип, акыры өздөрү каалага жашоонун бир заматта жокко айланып, туу туткан махабаттарынан айрылышып эс эңгиреп бир гана өч алуу максатын көздөп калышкан. Жаабарс жаш барс менен кармашып, жеңилип калгандан кийин башкаларга тоскоолдук болбос үчүн өзүнчө азап чегип, өзөгү өрттөнүп, кылаарга айласы жок «каңырыгы түтөп – аскар тоолордун кезмети бүткөн падышасы кайда бараарын билбей каңгып барат. Жанга баткан жалгыздык акыры бир өмүрдүн соңуна чыгарарын сезип, күнү бүтүп, түнү түшкөн бир кезди күтүп, асканын коңулунан өзүнө жатар жай издеп барат»[2]. Чыгармада автордун Арсен Саманчиндин да сүйгөнүнөн ажырап жалгыз калганын, эмне кылаарын билбей турган учурларын сүрөттөгөнү кудум Жаабарстын тагдыры менен үндөшүп турат. Романдагы, дегеле чыгармалардагы мындай параллель сүрөттөөлөр ошол чыгарманы окутуп жатканда сөзсүз эске алынып, ушул сыяктуу окшош мисалдардын бир канчасын окуучуларга тааныштыруу көптүк кылбайт. Окуучулардын элестетүүлөрү, салыштыруулары мындай учурда жанданып, көз алдыларына болуп жаткан жан дүйнө азап чегүүлөрү тартылат жана эстеринде сакталып калат.

Ал эми жогорудагыдай көрүнүштөрдөн, катарлаш сүрөттөөлөрдөн соң окуучулардын билимдерин бышыктап, текшерүү иретинде сабактын аягын ар кандай методдорду колдонуу менен жыйынтыктасак болот. Маселен, ар бир окуучунун оюн билүү үчүн атайы даярдалган карточкаларды таратуу, кластер, мээ чабуулу, тыным менен окутуу, чаташкан логикалык чынжырлар, он мүнөттүк эссе, дебаттар сыяктуу ыкмаларды аз, ченелүү убакыттын ичинде колдонуу менен сабагыбызды бир өзгөчөлөнтсөк болот. Мындай учурда окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу артат, өздөштүргөн тема өмүр бою эстеринде сакталуу менен бирге чыгармачылыктары өркүндөйт. Өтүлгөн теманы бышыктоо иретинде талкуулоо үчүн суроолорду да колдонуу да натыйжалуу жыйынтык берет. Карасак:

1. Мергенчилик жана «Мерген» фирмасы элдин жашоосунун жакшырышына алып келеби?
2. Арсен Саманчиндин кадамын туура деп ойлойсуңарбы?
3. Жашоодо биринчи орунда акчабы турабы? Же…

Мугалим ар бир окуучунун бул суроолорго айткан жекече оюн талдоосу зарыл жана туура багыт берүүсү керек. Дискуссия ошондо өз максатына жетет. Ал эми «дискуссия (талкуу) чындыкка жетүүгө багытталган талаш-тартыштар. Бул – катал формадагы тематикалуу полемика. Дискуссия (латынчадан бизче – изилдөө, карап чыгуу, талаш) – бул чындыкты ар түрдүү көз караштар, иликтөөлөр аркылуу аныктоо максатындагы ушундай бир ачык талаштар. Бул, көбүнчө, акыр аягында катышуучулар өздөрү ал же бул пикирге келүүлөрүнө түрткү берүүчү ынанымдарды жаратуунун ыңгайлуу жолу»[3]. Мындай талаш-тартыш, талкуулоо сабагы окуучуларды ойлонууга

[1] А. Садыков, Н. Тыныстанова Н. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы символдор. Б.: 2002-ж. 50-ж.
[2] Ч. Айтматов Тоолор кулаганда. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 8-том. Б.: 2014-ж., 20-б.
[3] С. Рысбаев Кыргыз адабияты мугалимине жүз кеңеш. Б.: 2014-ж. 111-б.

аргасыз кылат «ой жүгүртүү активдүүлүгүнүн, субьективдүүлүгүнүн өсүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзөт, ойлоодогу өз алдынчалуулугун арттырат»[1] .

Жогорудагы сабактан алынган бир үзүндүнүн урунттуу учурлары булар:

1. Адабият аркылуу жаратылыш, башкача айтканда экологиялык тарбиялоо ишке ашырылгандыгында.
2. Экология, жаратылыш – бул эң биринчи кезекте адамдын ыймаңы менен байланышарын, жаныбарларды коргоо, жок болуп кетишине түрткү болбоону бирге талдагандыгында.
3. Жаабарстын ички дүйнөсүн терең билгендигинде.
4. Адам баласы жаратылышты жана анда жашап жаткан айбанаттарга кам көрүшү керек экендигин.

Албетте, бул урунттуу учурлар адабият сабагын окутууда проблемалык жагдайларды түзүүдөн келип чыкты. Окуучунун сабакты жакшы, жеткиликтүү түшүнүшүнө шарт түзөт. Проблемалык жагдай, шарттарды камтыган сабактарды өтүү менен мугалим эң мыкты ийгиликтерге жете алат.

Адабияттар:

1. Ч. Айтматов. Тоолор кулаганда. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 8-том. Б.: 2014-ж.
2. С. Байгазиев. Гумандуу педагогикалык технология же окутуунун интерактивдүү усулуу китепте Гумандуу педагогика. –Б., 2006-ж.
3. С. Рысбаев. Кыргыз адабияты мугалимине жүз кеңеш. Б.: 2014-ж.
4. А.Садыков, Н. Тыныстанова Н. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы символдор. Б.: 2002-ж. 50-ж.

Isakova T. J . OshS
Joldoshova A.K.
e.mail:Jumabaeva. taalaykan83@bk.ru

Methods of Using Chingiz Aitmatov's works in national schools to improve oration

Annotation: *This article deals with the ways of adaptation and using of works with the texts in basing of different statues of popular writer Ch. Aitmatov, his stories troubles inner world of every reader.*

Key words: illustration, quotation, reading. Leaning by heart, scene, oration

УДК: 82:894.341

Калматова В.,
ОшМУнун окутуучусу

С.Тургунбаевдин "Бала жөнүндөгү ыр" поэмасы

Аннотация: *Бул макалада кыргыз адабиятынын материалдарынын негизинде бала, баланы сүйүү, гуманизм проблемалары изилденет. Өзгөчө мисал катары С.Тургунбаевдин «Бала жөнүндө ыр» поэмасы талдоого алынат.*

Түйүндүү сөздөр*: поэма, гуманизм, баланы сүйүү, элегия, эволюция, граждандык лирика, баласыздык темасы, элдик педагогика, пессимисттик маанай*

Аннотация: *В данной статье исследуются проблемы детей гуманного отношения и любви к детям на материале кыргызской литературы, в качестве примера рассматривается поэма С.Тургунбаева "Песнь о ребёнке".*

Ключевые слова*: поэма, гуманизм, любовь к детям элегия, эволюция, гражданская лирика, тема бездетности, народная педагогика, пессимистическое настроение.*

[1] С. Байгазиев Гумандуу педагогикалык технология же окутуунун интерактивдүү усулу// китепте Гумандуу педагогика. –Б., 2006-ж. 392-б.

С.Тургунбаевдин «Бала жөнүндө ыр» поэмасы акындын жеке тагдыры, анын керт башы менен байланыштуу жазылгандыгын окурман дароо эле туят. Автор өзү да чыгарманын башталышында жетиге чыкканда сууга чөгүп каза болгон уулу Жангарачтын эстелигине арнаганын билдирет. Поэма акындын жеке тагдырына байланыштуу болгондуктан накта көз жаштан, күйүттөн жаралган, анда акындын ички сезими поэзиянын элегия жанрында өтө терең чагылдырылат. С.Тургунбаев бул чыгарманы бирөөнүн тагдырын ойлоп отуруп, же бирөөдөн уккан окуянын негизинде эмес, өз башына түшкөн мүшкүлдү кан какшап отуруп жазган.

Элегия табиятынан дүйнөлүк адабиятта ар кандай эволюциялык өзгөрүүлөрдү башынан өткөргөн жанр. Элегия байыркы гректердин сөзүнөн алынган, кыргызчасы «арыз кылуу». Рим акындары адамдарды, жерди сүйүү, граждандык, баатырдык сезимдерди бүт эле элегия катары берген. Кийин элегияларда жалаң гана жеке адамдын жеке кайгысы бериле баштады. Негизги учуру өлгөн адамга карата аны жоктоо маанисинде чыгарылган лирикалык ыр. Биздин фольклордогу кошок сыяктуу, Орхон-Эне-Сай, Талас таш жазууларындагы тексттерде (эпитафияларда) да ошол багыт-идеялар сакталат.

Советтик учурда советтик идеология адамдын жеке кайгысын жазууну колдогон эмес, андыктан дээрлик көп жылдар бою элегия жазылган. К.Тыныстанов, А.Осмонов, А.Токомбаев, С.Эралиев, Э.Турсунов, С.Тургунбаев, Т.Муканов, А.Узакова ж.б. авторлор элегияларды жазганы менен буларда оптимисттик дух басымдуулук кылган.

Кыргыз элегиясы боюнча изилдөөчү Т.Колдошев акын С.Тургунбаевдин «Бала жөнүндө ыр» поэма-элегиясы тууралуу пикирин мындайча билдирет: «Жаңычыл, интеллектуал поэзиянын ээси Сүйөркул Тургунбаевдин «Касиет» (1985) аттуу ырлар жыйнагына кирген «Бала жөнүндө ыр» аттуу поэмасы элегия жанрынын мыкты үлгүсү катары бааланып келет. Бул поэма-элегия акындын «Жетиге чыгып жерге кеткен уулум Жангарачтын эстелигине» деген сөзү менен башталып, эпиграф катары акын С.Эралиевдин «Жаңы чыгып, жаңы баткан бир күндөй, Бу дүйнөнү билишке да үлгүрбөй...» деген саптарын пайдаланган. Акындын турмушундагы орду толгус жоготууну эмоционалдуу сүрөттөгөн ыр саптардан күйүттүү жандүйнөнүн илептүү табы сезилет.

Бала жоктуктун арманы же баласыздык темасы буга чейин Жеңижоктун, С.Абдыкадырованын поэзияларында орун алса, баласынын чарчап калганы тууралуу А.Осмоновдун «Бөбөккөсүнөн» кийинки чыгарма ушул «Бала жөнүндө ыр» болуп эсептелет. Аталган ырларда лирикалык каармандардын (ата, эне катары) психологиялык чыңалуулары бирдей болушу мүмкүн, бирок керт башынын трагедиясын ырдоо техникасы ар түрдүү. С.Тургунбаевдин поэма-элегиясы да башка чыгармалар сыяктуу бир топ ийгиликтүү жаралып, окурманды таасирлентип ыйлата турган кудуретке ээ.

Анда алгачкы саптарына назар салып көрөлү:

Тагдыр жанга не кырсыгын узатты? -
Селт дей түшүп, ок жулгандай кулакты
жүгүрдүм тыз... жылаан басып алгандай -
суук кабар... бүткөн бойду муздатты! [1, 112].

Аруу үмүт менен өстүрүп жаткан баласынан айрылган акын, жүрөк зардеби менен какшап, көзүнө эмне көрүнсө бүт баарынан акыйкаттыкты сурайт. Карегинен жаш, көөдөнүнөн кан сызылып, өзүнө өзү суроо берет:

Жер аны кайда катат?
Таң эми не деп атат?
Күн эми не деп чыгат?
Жан эми не деп жашайт?

С.Тургунбаев өз башынан өткөн трагедияны ырдоого аргасыз болду, анткени тагдыр андан ушуну талап кылды. Поэма-элегияда баласына болгон аталык мээрими, кусалыгы, өксүгү, бир сөз менен айтканда, акындын тагдыры жатат. Элегиянын аягында дүйнөгө болгон нааразылыгын билдирип, бардык азапты мага бер, калган аталарды бала деп сыздатпа, чатагы бүтпөс турмушсуң, ич тардыгыңды койгун дейт.

Акындын «Бала жөнүндө ыр» аттуу поэма-элегиясында ый, кыйраган үмүт, өксүгөн көңүл башкы планга чыгат, өз тагдырына көңүлүндөгү сөзүн айтат» [2, 16].

Дал ошол трагедияны, ички күйүттү жеткиликтүү берүү үчүн автор элдик поэзиядагы арман ырларын мотивин («Карагул ботом», кошоктор, армандар), элдик төкмөлөр чыгармачылыгын (Токтогулдун баласынын өлгөнүн Корголдун угузуусу, Жеңижоктун «Балам жок» ыры ж.б.) пайдалангандыгын көрөбүз.

Кыргыз поэзиясында бала темасы өзгөчө орунда турат. «Манас» эпосунда Жакыптын баласыз жүргөн абалы мындай берилет:

Зарлап жүрүп бала үчүн,
Зар болдум жакшы күлүүгө.
Оболоп учкан ак шумкар,
Таптап салар кишим жок.
Жаш күнүмдөн мал жыйдым,
Бала менен ишим жок.
Жүргөнүм менин чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен.
Артыңда бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен [3, 18].

Алтайдын ханы Жакыптын көзүнө сан жетпеген малы көрүнбөй, эсепсиз дүйнө-мүлкү көрүнбөй, чеңгелдеп турган бийлиги көрүнбөй, анын баары «бузулуп калган дүйнө» болуп, баланын үнүн гана эңсейт. Андыктан сүйүнчүлөп келген Акбалтага сүйүнчүсүн аябайт:

«Андай болсо, Акбалтам,
Мына бул алтынды алчы бир калта.
Камбарбоздун үйрүнөн
Каалап туруп тогузду ал.
Төөдөн алгын төртөөнү.
Төрт уруу малдан төрт тогуз,
Калганы болсо, Акбалтам,
Катындардан калпып ал,
Кыз балдардан кымтып ал,
Келиндерден кетип ал,
Сүйгөнүңдү сүйрөп ал,
Каалаганың кармап ал,
Жээк, жергемен жетип ал.
Сүйүнчүлөп келгениң
Болду бекен, Балта чал?! [3, 69-70].

«Эр Төштүк» эпосунда Элемандын тогуз уулу болсо да, алар жөнсүз чыгып, ишин улар, тукумун узартар эркек баланын жоктугунан жолго чыгат, жолдо ага Кызыр жолугуп мындай дейт:

Малыңды таштап бала издеп,
Карып болгон экенсиң,
Бала сурап кудайдан,
Арык болгон экенсиң.
Ай, Элеман байкушум,
Тогуз уулуң бар эле,
Тогуз уулдан түңүлүп,
Издегениң бала эле [4, 34].

Жеңижок болсо баласыз тагдырын «Балам жок» деген ырында классикалык деңгээлде туюндурат.

Кыргыз поэзиясындагы мына ушул баласыз адамдын, баласынан айрылган атанын арманы С.Тургунбаевдин поэтикалык дүйнөсүндө жаңыча ракурста көрүнүп, жаңыча ой жүгүртүүнүн алкагына түшөт.

Поэмада кандайдыр бир окуя бар сыяктанат, б.а., эпикалуулуктун белгилерин байкайбыз, ал Жангарачтын балдар менен сууга барышы, анан сууга чөгүшү, анын денесин атасынын кармап турушу, көрүстөнгө алып барышы. Бирок бул окуя эпикалык поэмадагыдай жайма-жай өнүгүп, сюжеттин элементтери сакталуу менен баяндалып отурбайт, аларды лирикалык каармандын ички сезимин айтып жаткан учурларда гана туябыз.

Жетиге жаңы чыгып бул дүйнөнүн жакшы-жамандыгын биле элек наристе сууга чөгүп атканда:

Суу боюнда турат ташы, чөп-чары
суу чулдугу неге болбойт арачы?
«чыр-р» дебейби

чегиртке же чымчыгы
бала ошого алаксымак караса.

Суунун пири ажал болуп азгырса
шамал неге болбойт ага арачы?
Суу тереги жибербейби шуудурап,
же бир чырмоок чырмалбайбы бутуна? [1, 113].

Акындын ички дүйнөсүндө мына ушундай будуң-чаң түшөт: баланы өлүмдөн алаксытып кала албаган улуу тоолорго, асманга, бак-дарактарга, канаттууларга, көк теңирге акарат айтат, а түгүл «Ушунчалык кыска болсо өмүрү, неге анда жер үстүнө жаратат» деп жаратканга протесттин билдирет.

Боорума кысып өстүргөн,
боз торгойдой каралдым.
ботодой көзүң жумулуп,
боз адырдан жай алдың [1, 116], - деп, фольклордук сүрөттөөлөр менен традициялуу формада «боз тайлак», «боз адыр», «туйгунум» дегендей поэтикалык каражаттарды пайдаланат.

Поэма бирде профессионалдуу адабияттагы 11-12 муундуу ыр саптарынан куралса, бирде ал элдик оозеки чыгармачылыктагы жана төкмөлөр чыгармачылыгындагы 7-8 муундуу саптар менен орун алмашып отурат. Элдик армандардын, кошоктун мотиви сакталган учурлар да бар:

Туура чийген чийим бар
Туткалуу дүйнө сен десем,
Тууралыгың курусун –
Туурап салдың мени сен [1, 131-132].

Аркак-жибим тегинен
Алтындалып өрүлгөн
Айыпсыз өскөн жан элем –
Алгырыңа алдырып,
Ар жакка ала салдырып,
Ак каптал кылып койдуң сен [1, 132].

Акын үчүн баласын жоготуу – чоң азап, руханий кыйроо, ошол эле кезде анын себебин түшүнө албай окурманга да суроо коюу.

Бул ыр кайла жагынан – эң биринчи кезекте элегиялык мазмуну, тематикасы жактан А.Осмоновдун чыгармачылыгындагы бурулуш этап деп эсептелип жүргөн «Бөбөккө» деген ырдын салтын улантат.

А.Осмоновдун «Бөбөккө» деген ыры 1944-жылдын 30-ноябрында жазылган. «Ал – өзүнчө чек ара белгисиндей ыр. Байкаштырып көрсөк, акын ошол ыры менен чыгармачылыгынын жаңы баскычына аттап чыгыптыр; анын акындык кудуреттүү үнү менен сүйлөп кетиши да, укмуштай чыгармачылык эргүү мезгилине такай кириши да ошол ырдан башталыптыр» (С.Жигитов) [5, 90-92]. Бул ырга Алыкулдун тагдыры терең сиңдирилген, акын аны жазбай коюуга мүмкүн болбой калгандыктан жазган, ал кезде ал саясатты да ойлогон эмес. Баласынын чарчап калышы тууралуу ошол кездеги жары Талипова Зейнеп кийин мындай деп айтат: «...кызыбыз төрөлгөндөн кийин үй-бүлөбүзгө кандайдыр жылуулук кирди. Алыкул кубанганынан уктабай чыгат. Абалымды, кызымдын абалын сурамжылап, төрөт үйүнө нечен келип, нечен кетет.

Адегенде кызыбызга ысым таппай кыйналдык. Алыкул кызына угумдуу, кооз, ошону менен бирге мааниси жетимдүү кыргыз ысмын койгусу келди. Акыры эң сонун ат тапты – Жыпар! Ооба, чынында Жыпар угумдуу ысым эле». «Төрөт үйүнөн суукка урунган байкуш чүрпөбүз бар болгону 15 күн жашады...» «...Кызын колуна көтөрүп чыгып, көрүстөнгө жашырып келген соң, Алыкул өзүн жоготуп буркурап ыйлады. Төрөт үйүн, өз ишине ат үстүнөн караган врачтарды урушуп, сотко берем деп оолукту. Эптеп жатып тынчыттым. Алыкул ошондон кийин узак убакыт иштей албай койду» [6].

Эң жаш калып, эсте калбай ата-эне,
Кайнап бышып, далай кыйын кездерге.
Балбан турмуш түбү калың болсо да,
Керек жерин жара тээп кирерде.
Тооруй басып тосуп чыгып жолумдан,

Бурай кармап, майыштырып оңумдан.
Жаш өмүрдө жаңы бөбөк көрөрдө,
Таш боор өлүм тартып кетти колумдан [7, 94-95].

Мында акын эмнени айтат? «...тун баласынан айрылган акындын жасалмасыз кайгыга батканы, бара-бара каңырыгы чын эле түтөй баштаганы айкын сезилип, жалындын илеби бар ысык буу сыңары окугандын ой-сезимин тызылдата бүркүлтөт» (С.Жигитов [5, 90-92]).

«Бирок чиркин бөбөк деми күч экен,
Эч мынчалык ууланбаган жүрөгүм».
«Эң таза эле сүт үстүндө каймактай,
Сайрайт эле булбул-кушту сайратпай».
«Бирок тагдыр жеткирген жок ал күнгө,
-Ай, чиркин ай, өмүрүнүн кыскасы ай».

Алыкулдун чүрпөсү бар болгону он беш күн гана жашап, бул дүйнөдөн кете берсе, Сүйөркул Тургунбаевдин Жангарачы жетиге чыгып, атасына эргенчи болуп калганда сууга чөгүп кетип каза болот. Эки окуяда тең акын-аталар күйүтүнөн эмне кылышын билбей кайгыдан ыр жаратышат:

Өлдү бөбөк, жүргөн каны токтогон,
Бир жылт этип өчкөн чырак окшогон.
Учсуз жердин бир ууч куну кеткен жок,
Бети жок ай, жер уялбайт ошондон.

Кетти бөбөк, жана гана бар болгон,
Жарык таанып, жаңы гана ойгонгон.
Түпсүз көрдүн карыш бурчу кеткен жок,
Ары жок ай, көр уялбайт ошондон (А.Осмонов) [7, 94-95].

Күн каякты,
асман нени карады?
Улуу тоолор
кайда карап турушту?
Табияттын
чүрпөсүнө бейкүнөө
неге мындай
мерес өкүм кыйышты?..

Неге аралжы болбодуң
айтчы асман?
Касиеттүү,
калыс көз сенде бар деп
жүрөр элем
сактайт деп бар кырсыктан –
кашайдыбы,
өчтүбү ал касиет? (С.Тургунбаев) [1, 114].

Өлүм кайгысынан улам А.Осмоновдун жерди көрдү, С.Тургунбаевдин асманды, улуу тоолорду, табиятты каргышы – элегиянын кредосу, бул алардын жаратканга акаарат айтышы. Албетте, бул күйүт үчүн айтылган сөз. Бара-бара «бир жылт этип өчкөн чырак окшогон», «жарык таанып, жаңы гана ойгонгон» бөбөктүн (А.Осмонов), «жанып туруп жалп өчкөн», «жабагы кезде жайраган» Жангарачтын (С.Тургунбаев) өлүмүнө пенделик протесттин ыр саптарына айлантышат.

Ошол эле кезде эки акын тең мүңкүрөөдөн, каргоодон бошонуп жазмышка айла жоктугун билдирет. А.Осмоновдо:

Бар болсо экен картайганда көргөнү,
Соо болсо экен жаштын жаңы жөлөгү.
Өмүр алда, эртеңкиге тобокел,
Өлбөсө экен башкалардын бөбөгү.

С.Тургунбаевде:

Мүшкүлгө шундай мерес
туш болгон жалгыз менби?
Каргадай карылдынан

кагылган жалгыз менби?
Сыздаган мына ушул ый,
ыйыбы бир эненин?
Муңканган армандуу үн,
үнүмбү жалгыз менин?

Эки акын тең пессимисттик маанайын, элегиялуу ноталарын азайтат, оптимисттик дух берет. Бул жашоонун мыйзамы, турмуштун философиясы жана педагогикасы.Башка салган кайгыны сөздүн кудурети менен ыр аркылуу адамдардын жүрөгүнө жеткирип, кыргыз адабиятындагы балага арналган ырлардын катарын толуктай алган.

Адабияттар:

1. Тургунбаев, С. Касиет: Ырлар жана поэма [Текст] / С.Тургунбаев. – Ф.: Кыргызстан, 1985. – 135 б.
2. Колдошев Т.Р. Кыргыз поэзиясындагы элегия жанрынын калыптанышы жана өнүгүшү: автореф. канд. дисс. [Текст] / Т.Р.Колдошев. 10.01.01. – 2014. – 20 б.
3. Манас. 1-китеп [Текст] / Сагымбай Орозбаковдун варианты.. – Ф.: Кыргызстан. – 1978. – 296 б.
4. Эр Төштүк: «Эл адабияты» сериясы: 2-том [Текст] Y/С.Каралаевдин айтуусу боюнча. – Б.: Шам, 1996. – 448 б.
5. Жигитов С. Көркөм сөз маселелери [Текст] / С.Жигитов. – Ф.: 1982, 90 – 92-б.
6. Талипова З. Элеси турат эсимде [Текст] / З.Талипова //Ленинчил жаш. – 1989. № 11.
7. Осмонов А. Тандалган чыгармалар. 2 томдук [Текст] / Түз.: М.Тентимишов. 1-т. – Б.: Салам, 2014. – 596 б.

Kalmatova V.
Osh SU teacher
zhypar@inbox.ru

S. Turgunbaev's poem, " A Song about a child"

Annotation: *This article discusses the problem of children and love to a child on the basis of. Kyrgyz literature materials specifically analyzed in S. Tyrgynbaev's poem «The poem about child».*

Key words: *poem, humanism, love the of child, song, evolution, civil lyrics, childlessness theme, folk pedagogy, pessimistic mood*

УДК: 81.004.823

Камардинова У.Н., ОшМУ,
Кыргыз тили илими кафедрасы

"Аккан суу" концептиндеги фрейм жана сценарий

Аннотация: *Бул макалада Токтогул Сатылганов менен Барпы Алыкуловдун "Аккан суу" ырларындагы "Аккан суу" концепти когнитивдик поэтикалык образ катары колдонулгандыгы айтылат.*

Ачкыч сөздөр: *менталитет, фрейм, сценарий, когнитивдик лингвистика, схема, концепт, ой тутум, эс тутум.*

Аннотация: *В данной статье речь идёт об использовании концепта текучей воды в качестве когнитивно поэтического образа в стихотворениях "Аккан суу" Барпы Алыкулова и Токтогула Сатылганова.*

Ключевые слова*: менталитет, фрейм, сценарий, когнитивная лингвистика, схема, концепт, помять, мышления.*

Токтогул Сатылганов жана Барпы Алыкуловдун "Аккан Суу" ырларындагы 'аккан суу' концепти когнитивдик-поэтикалык образ катары колдонулган. Бул ырларды окуп жатып жер астынан чыгып, бүткүл жаныбарларга, өсүмдүктөргө жан берип, табиятка көрк, адамзатка азык-оокат, суусундук, тазалык алып келип жаткан баалуу заттын шаркырап аккан касиеттүү элесин көз алдыдан өткөрүүгө болот. Суунун мындай образы орус, немис же араб элдеринин ой тутумунда болушу мүмкүн эмес. Суу агымы ландшафтка, жер түзүлүшүнө багынычтуу. Ошондуктан 'аккан

суу' концептинин акындар сүрөттөп берген элеси биздин улуттук менталитетибиздин «үзүндүсү» катары кызмат кылат.

'Аккан суу' концепти улуттун жана анын ар бир өкүлүнүн эс тутумунда бар. Бирок анын элестүү, көрктүү, таасирдүү, эмоциялуу-экспрессивдүү берилиши – Токтогул менен Барпыга таандык жетишкендик, алардын табылгасы. Бул концептте сууга карата улуттук көз карашыбыз, тажрыйбабыз өзгөчө дем, күч, көрк менен баяндалган. Барпы жараткан 'аккан суу' концепти окуучунун дүйнө таанымын байытып, анын сууга, суунун ыйыктыгына, баалуулугуна болгон мамилесин өзгөртөт. Мында суунун баалуулугу көркөм каражаттар аркылуу ар тараптан, ынанаарлык таризде, таалим-тарбиялык максатта ачып берилген. 'Аккан суу' ар бир кыргыздын билим-тажрыйбасындагы эң кымбат менталдык «куту» катары сүрөттөлгөн. Текст мазмундуу, ойго, образдарга бай. Мында автордук жана этностук тажрыйба ширелишип, бир бүтүндүктө берилген. Анда элге белгисиз эч нерсе жок. Бирок автордук табылга элдик билимди синтездеп, иреттеп, тизмектештирип, көркөмдөп бере алгандыгында турат. Акын бул концептке өзгөчө «чүмбөт», образ-элес, жыш мазмун бере алган. "*Аккан суу"* сөз айкашы көп жолу кайталанып, окуучунун аң-сезимине катуу орноп, 'суу' концептинин өтө баалуу кичи объектиси катары көрсөтүп турат.

'Аккан суу' – фрейм, концепттин конкреттүү түзүлүшкө ээ түрү. Фреймде эки акындын дүйнө көрүүсү чагылдырылган. Бул – билим. Барпынын аккан суу жөнүндө билими кенен, ар тараптуу, мазмундуу. Токтогулда буга тиешелүү билим салыштырмалуу жарды, бир беткей. Бул жерде акындар суу затынын касиеттерин, баалуулугун эки түрдүүчө көргөндүгү байкалат. Тоолук Токтогул, дыйканчылыкка, багбанчылыкка жакын .Барпы эки түрдүү фреймдин ээлери катары кызмат кылып берген.

Фрейм – типтүү кырдаал жөнүндөгү билимди сүрөттөп, сыпаттап берүүгө ылайыкташтырылган концептуалдык түзүм. Мында билимди түзүүчү функционалдык элементтер менен байланыштар өзүнчө «тор» түрүндө тизмектешип жайгашып берилет (8, 254– б.; 13, 54-б.).

'Суу' фрейми бириктирип турган түшүнүктөр, билим элементтери, белги-касиеттери (*аккан суу, таза суу, күрпүлдөгөн суу* ж.б.) өзүнчө системаны, схеманы жаратып олтурат.

'Аккан суу' фрейми - 'суу' фрейминин компоненти, бир бөлүгү. Экинчиси биринчиден кенен, аны өз кучагына алат. 'Аккан суу' концепти 'акпаган суу' концептинин бардыгын ырастайт (*көлчүк, кудук, деңиз* ж.б.). Бул экөө биригип гана 'суу' концептин түзөт.

'Суу' концептин фрейм жана схема же фрейм схемасы катары сыпаттоо эс тутум психологиясынын жоболорунда негизделет. Адамдын эс тутуму ой жүгүртүүгө негиз болгон таяныч пункттарына сүйөнөрү белгилүү. Бул таяныч пункттардын өз ара катышын «мейкиндик схемасы» (Н.И. Жинкин) «сырткы аракеттердин интериоризацияланган схемасы» (Ж. Пиаже), «аң-сезимдеги функционалдык байланыштардын жана аракеттенүү эрежелеринин схемасы» (Э. Холенштейн) же «аракетти багыттоо негизинин схемасы» (П.Я. Гальперин), текстти эстөөдөгү «ой таянычтарынын схемасы» (А.Н. Соколов) сыяктуу дефинициялар аркылуу туюнтушат. Демек, фрейм менен схема – жандаш, бирин-бири толуктаган категориялар.

Текстте бутакталган бөлүктөрдөн турган фрейм берилет. Убакытта булардын тизмектелип берилиши (жамгыр булакты, булактар кошулуп өзөндү, өзөндөр кошулуп дарыяны ж.б. жаратышы) схемага баш иет. Бул эки кубулуш адамдын ой-тутумунун түпкүрүнөн орун алып, пикир алмашууда, ой жүгүртүүдө актуалдашып, «чубашып» оперативдүү эс тутумга келерин илимпоздор белгилешет. Схеманын жөнөкөй «кирпичтери» катары жөнөкөй элестер, кыймыл аракеттер кызмат кылат. *Суу буруп кел* деген императив эле кичинекей операциялардан (кетменди алуу, алыштын башына баруу, короого кеткен арыкка суу жыгуу, арыкты тазалоо, сууну «жетелеп» келүү сыяктуу) турат.

Мындагы иш-аракеттер тизмектешип императивдин схема түрүндөгү мазмунун түзөт. Фреймде мындай тизмек жок. Ошол эле императивге тиешелүү фреймди, мисалы, 1) огороддогу жүгөрүнүн соолуй башташы; 2) үй-бүлөнүн колу баш өкүлүнүн тандалышы; 3) ага тапшырманын берилиши; 4) аны курал менен (күрөк, кетмен ж.б.) камсыздоо ж.б.у.с. таяныч пункттары түзө алат. Мында таяныч түйүндөрү катары элес-аракет эмес, түшүнүк, эрежелер кызмат кылат. Ч.Филлмор айткандай, фрейм тажрыйбанын жөнөкөйлөтүлгөн, оңтойлоштурулган схемалаштыруусунан пайда болот (13, 54-б.).

Фрейм – типтүү жагдай же объект тууралуу билимдерди сыпаттап, сүрөттөп берүүгө ылайыкталган концептуалдык түзүлүш. Типтүү жагдай же объект, мисалы 'суу' концепти, өзүнө тиешелүү слотторго ээ. Слоттор - концепт-фреймди түзүүчү, өз ара семантикалык катыштагы

белгилер. Слотторду аныктоо фрейм тууралуу толук маалымат алууга мүмкүндүк берет. 'Суу' фрейм-концептинин слоттору катары 1) агып-акпастыгы; 2) таза-кирлиги; 3) жеңил-оорлугу; 4) демейдеги-ыйык болушу; 5) туздуу-туссуздугу; 6) дистирленген-дистирленбегендиги; 7) ичкенге же жуунганга колдонушу; 8) жер астындагы-жер үстүндөгү болушу; 9) бети-ичи (түбү); 10) терең-терең эместиги; 11) жаңы-туруп калган; 12) хлорлонгон-хлорлонбогон ж.б. белгилери кызмат кылат. Конкреттүү жагдайда фрейм үчүн бир эле же бир нече слот жетиштүү болот. Мисалы, 'гидроэнергетика' концепти үчүн суунун ыйыктыгы, дистирленгендиги, хлорлонгондугу ж.б. слоттору зарыл эмес, бул фреймди түшүндүрүү же түшүнүү үчүн керек деле эмес.

Жогоруда фрейм эки илтик белгилер менен сыпатталды. Аны башкача мүнөздөөгө да болот. 'Суу' фреймин 1) жайгашуу ордуна карап (*тоо суусу, чөл суусу, саз суусу*…), 2) алынган убактысына карап (*жаңы суу, жыттана түшкөн суу, ириген суу*…), 3) түзүмүнө карап (*шор/шоро суу, оор суу, туздуу суу, кирдин суусу*…), 4) өзгөртүлүшүнө карап (*дистиллирленген суу, кайнак суу, иштетилген суу, хлорлонгон суу*…), 5) тегине карап (*булак суусу, кардын суусу, мөңгү суусу, жамгырдын суусу*…), 6) агымына карап (*суу, сай, өзөн, дарыя*…), 7) акпастыгына карап (*көлчүк суу, кудук суусу, көлмө суусу, деңиз суусу*…), 8) көлөмүнө, массасына карап (*терең суу, мол суу, жайык суу, тайыз суу, кирген суу*…), 9) чыгарган добушуна карап (*шылдыраган суу, күпүлдөгөн суу, тыпылдаган тамчы, шарылдаган сай, шарпылдаган көл*…), 10) окшоштугуна, элес жаратуусуна карап (*бууракандаган сай, жылтылдаган булак, мемиреп аккан суу, мелтилдеген дарыя бети*…), 11) тунуктугуна карап (*кара суу, кашка суу, ак суу, таза суу*…), 12) жасалма курулуштарга карата (*ноот суусу, арык/канал суусу, хауз суусу, суу сактагычтагы суу*…), 13) нерселерден сыгылып чыкканына карап (*мөмө суусу, сүзмө суусу, мурундун суусу, челдин суусу*…), 14) кошумча күчкө магиялык санатка ээ болушуна карап (*ыйык суу, замзам суу, мүрөктүн суусу, жандуу суу*…) ж.б.

Албетте, фреймди түзүүчү слоттор булар менен эле чектелбейт. Тизмени дагы улантууга болот. Фрейм жана анын слоттору тууралуу

А.Н. Баранов менен Д.О.Добровольский кенен ой жүгүртүшөт (1, 228-229-б.б.). Биз талдаган поэтикалык чыгармаларда булардын авторлорунун максатында, ой-тутумуна, образдуу дүйнөсүнө жараша айрым гана слоттор көркөм сыпатталып берилген.

Фреймдеги схема чыгарма ичиндеги негизги ой таканчыктарын камтыйт. 'Аккан суу' фрейм-концептинин башаты, булагы, булактардын кошулуп көбөйүүсү, арыктарга бөлүнүшү, ичүүгө, суугарууга пайдаланышы, аякталышы схеманын негизги каркасын түзөт. Ал эми **сценарий** келтирилген тексттерге карата башкача мүнөздө. Сценарийдин түзүлүшү схемадан айырмаланат. Бул – кенен түшүнүк. Сценарий текстке кирбеген да бөлүктөргө ээ. Ал чыгарманын жаралуу динамикасын чагылдырат. В.И. Герасимов менен В.В. Петровдун ою боюнча, сценарий – бул убакытта тизмектешкен стереотиптүү жагдайлардын ирети (3, 7–б.). Л.И. Дрофа: «**Сценарий** представляет собой более сложную по организации когнитивную структуру, как правило, предполагающую не статичность, а динамическое развитие ситуации, смену микроситуаций… » - дейт (5, 74 б.). Сценарий мында кырдаалдардын оошушун, биринен-бирине өтүшүн, динамикалык өнүгүшүн чагылдырган когнитивдик татаал түзүлүш катары аныкталат. Сценарий өз кучагына чыгарма жаратуунун темасын, мотивин, себебин, максатын, тексттеги ой тизмектерин бүт бойдон, чыгарманын натыйжасын, окуучу-угуучуга тийгизген таасирин бүт бойдон камтыйт. (6, 85-88 бб.). Бул көз караш менен караганда схема сценарийдин текст ичиндеги мазмунунун негизги таяныч пункттары катары гана кызмат кылып калат.

Токтогул менен Барпынын 'Аккан суу' аттуу ырлары – өзүнчө эки фрейм. Булар акындардын тиешелүү объект тууралуу билимин, көрүү деңгээлин, интерпретациялоочу күч-кудретин чагылдырат. Ар бир фреймде негизги таянычтардан турган эки схема бар. Фрейм менен схема сценарийдин динамикалык боюна кирип турат.

Колдонулган адабияттар:

1. Баранов А.Н. Аспекты теории фразеологии [Текст] / А.Н.Баранов, Д.О.Добровольский. – М., 2008. – 228-229-б.
2. Барпы. Чыгармалар [Текст] / Барпы. – Ф., 1970. – Б.60-66.
3. Герасимов, В.И. На пути к когнитивной модели языка [Текст] / В.И.Герасимов, В.В.Петров // Новое в зарубежной лингвистике. Вып. XXIII Когнитивные аспекты. – М., 1988. – С.3-19.
4. Дербишева З.К. К проблеме языковой концептуализации мира // Русский язык в сообществе народов СНГ. – Б., 2008. – С. 52-55.

5. Дрофа, Л.И. Ключевые понятия когнитивной лингвистики [Текст] / Л.И.Дрофа. – Ош, 2009. – 74 б.
6. Иванова Е.В. 2006. 85-88 бб.).
7. Кравченко А.В. Когнитивная лингвистика сегодня: интеграционные процессы и проблема метода [Текст] Вопросы когнитивной лингвистики. -2004.-№1.-18-26б.
8. Минский М. Фреймы для представления знаний. – М., 1979. 254– б.;
9. Попова З.Д. Стернин И.А. Язык и национальная картина мира. – Воронеж, 2002. – 157.
10. Сыдыкова Т.К. Барпы Алыкуловдун чыгармаларынын тили. 1-3 китептер. – Б.-Нарын. 2004-2006. – 156, 129, 101-бб.
11. Стернин И.А. Когнитивная интерпретация в лингвокогнитивных исследованиях // Вопросы когнитивной лингвистики. – 2004, №1. – С. 65-69.
12. Токтогул. Чыгармалардын эки томдук жыйнагы Токтогул. – 1. Ырлар. – Ф.: Адабият, 1989. – Б.49-50.
13. Филлмор Ч. Фреймы и семантика понимания // Новое в зарубежной лингвистике. Вып. XXIII. Когнитивные аспекты языка. – М., 1988. 54-б.

Kamardinova U.N.
zhypar@inbox.ru

Fraim and cenario in the concept of “Akkan Suu” (Running water)

Annotation: *In this article the author touches upon using the consept “Akkan Suu” (Running Water) as a cognitive poetry in Toktogul Satylganovs and Barpy Alykulovs works.*

Key words: *mentality, fraim, cenario, cognitive, sceme, consept, remembering.*

УДК: 81. 244 (575.2)

Каразакова З. Ж., Ош МУ,
мамлекеттик тил кафедрасы

Мекеме-ишканаларда кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин окутуунун айрым маселелери

Аннотация*: Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин окутуунун айрым маселелери жана азыркы талаптарга ылайык уюштуруу жолдору каралды.*

Ачкыч сөздөр*: мамлекеттик тил, кыргыз тили, орфографиялык принциптер жана эрежелер, сабаттуу жазууга үйрөтүү.*

Аннотация: *Некоторые проблемы обучения орфографическим правилам Кыргызского языка и были рассмотрены пути организационных работ в соответствии с сегодняшним требованиям*

Ключевые слова: *государственный язык, кыргызский язык, орфографические принципы и правила, обучение грамотной письме.*

Кыргыз Республикасы эгемендикти (1991) алган күндөн тарта өлкөдө коомдук-социалдык, идеологиялык, экономикалык, демократиялык ж.б. олуттуу өзгөрүүлөр болуп, анын катарында кыргыз тилинин да тагдыры оң нукка бурула баштады. Эң алгач кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусуна (1989-жылдын 23-сентябры) ээ болушу анын колдонулушун, өнүгүшүн ишке ашыруучу негизги максат-милдеттерди алдыга койду. Анын ичинде 2004-жылдын 12-февралында КРдин Жогорку Кеңеши тарабынан “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамы кабыл алынгандыгы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык (2004-жылдын 2-апрели) мамлекеттик бийлик жана өз алдынча башкаруу органдарында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнү 2015-жылдын 1-январына чейин этап боюнча өткөрүү талаптары аныкталгандыгы жалпыга маалым. Натыйжада, кыргыз тилине жана өлкөнүн ар бир жаранына олуттуу зор милдеттер жүктөлө баштады. Иш жүзүнө келгенде бул мамлекеттик талаптарды республиканын бардык ишкана-мекемелеринде толугу менен жүзөгө ашыруу бир кыйла кыйынчылыкты туудурду. Албетте, мындай мүчүлүштүктөрдүн жүйөөлүү себептери бар экендигин танууга болбойт.

Алсак, эгемендүүлүккө чейин орус тилинин коомдук кызматынын басымдуулугун, буга чейин өлкөдө кыргыз тилине өзгөчө мамиленин болбогондугун, КР Өкмөтүнүн токтому менен 1995-жылдын 7-мартында "Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин" толукталган жана такталган варианты жалпы коомчулук тарабынан толук талкууга алынбастан туруп, 2002-жылдын 28-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны аркылуу бекиттирилгендигин белгилөөгө болот.

КРдин мамлекеттик тили катары кабыл алынган кыргыз тилинин жазуу нормаларын андан ары өркүндөтүү максатында кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун төмөнкү 4-пункту элдин интеллектуалдык чөйрөсүн ызы-чууга салды. "Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун "Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелери жөнүндө" 1953-жылдын 30-майындагы Указы өзүнүн күчүн жоготкондугу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомунун долбоору жактырылсын жана ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлсүн" [10,4].

Анткени, 1953-жылдагы орфографияга киргизилген өзгөртүүлөр (1995) бир топ көйгөйлүү маселелерди жаратып, андагы эрежелер менен принциптер татаал, эки ача, түшүнүксүз берилгендигине баары күбө.

Эң орчундуусу, кошмок сөздөрдүн жазылышы бир кыйла татаалдыкты жараткан. Мисалы, "V. 42. Кошмок сөздөрдүн бирөө үндүү менен аяктап, экинчиси каткалаң үнсүз менен башталса, айтылышында ал тыбыш жумшарат жана жазууда ага жол берилет: өрө кийиз эмес өрөгийиз, каракытай эмес карагытай.

44. Лексикалашып кеткен (эки, үч сөз биригип, бир маанини туюнтуп калган) кошмок сөздөр бирге жазылат: көзайнек, алпкаракуш, ташбака ж.б." [10, 13].

"VI. 61. Географиялык татаал энчилүү аттар бириктирилип, айтылышы боюнча жазылат: Ысыгата, Көгжаңгак, Чоңсарой, Кичигумбел ж.б." [10, 18].

Белгилүү лексикограф Х. К. Карасаев бул редакция жөнүндө "Эркин Тоо" газетасына көрөгөчтүк менен нааразы боло пикирин мындайча билдирген: "Орфографиянын бир эле эрежесин же алфавиттин бир эле тамгасын өзгөртсөк, окууда да, басма ишинде да аябаган чоң бүлүк түшөт... 1940-жылдан бери колдонулуп келген орфографиянын эрежесине өзгөртүү киргизүүнүн кандай зарылчылыгы бар эле?! Мына ошол керексиз жаңы эреженин кесепетинен бүткүл орфографиялык сөздүктөрдү кайта бастырып чыгаруу керекпи? Бул сунуш – өтө эле зыяндуу сунуш" [16].

Жалпы коомчулук тарабынан 2002-жылдын 28-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны аркылуу бекиттирилген кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясын талкууга алынып, сын-пикирлер байма-бай айтылып, натыйжада, 2008-жылдын 28-июнунда КРдин Жогорку Кеңеши 1953-жылдагы эрежелердин идея-мазмуну сакталган "Кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясы жөнүндө" токтомду кабыл алат.

Кыргыз тилинин орфографиясына өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн натыйжасындасында кыргыз тилинде жазган жана билим алган ар бир жарандын сабатына доо кетти.

Бүгүнкү күндө жаңы орфографиялык эрежелерди (2008) кабыл алгандыгыбызга карабай, айрым татаал сөздөрдү орфографиялык эрежеге ылайык эмес, айтылышына карай жана географиялык аталыштарды бириктирип (1995) жазган учурлар көп кездешчү болду. Мунун кесепетинен ЖОЖдо жана мекеме-ишканаларда орфографияны окутуу бир кыйла татаалдыкты жаратып келгендигине тажрыйбада туш болуп жатабыз.

Мына ушулардын бардыгы Эгемен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин колдонулушуна, өнүгүшүнө тоскоолдуктарды пайда кылды деген жыйынтыкка келүүгө болот.

Мамлекеттик тилди билүү - Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын парзы жана милдети. Ошондуктан, мекеме-ишканаларда кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин окутуу, сабаттуу жазууга үйрөтүү - негизги маселелердин бири. Бул биринчиден, "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында так көрсөтүлгөн. 3-бапынын 10-статьясында: "Мамлекеттик кызматкерлер өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл көлөмдөгү мамлекеттик тилди билүүгө милдеттүү" деп жазылган [3, 4].

"Калктын жалпы маданиятынын өркүндөшү сөз маданиятынын жогорулашы менен тыгыз байланышта, анткени, сөз маданияты – жалпы маданияттуулуктун ажыралгыс бөлүктөрүнүн бири.

Сөз маданияты эң алды менен жазууда орфографиялык жактан сабаттуулукту талап кылат” [8, 5].

Кыргыз Өкмөтү жана КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия калктын жогорку маданияттуу, сабаттуу болуп, ар тараптан өнүгүшү үчүн ар дайым камкордук көрүп, алгылыктуу иштерди жүргүзүп келет.

Жигердүү иштердин катарында КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясы тарабынан иштелип чыккан 2014-2020-жылдарда Кыргыз Респуликасында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы ар тараптан актуалдуу экендигин ырастоого болот.

“2014-2020-жылдарда Кыргыз Респуликасында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, 2013-2017-жылдардын мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына жана Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концециясына, ошондой эле, кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү Концепциясына ылайык иштелип чыккан” [17, 1].

Мамлекеттик жана муниципиалдык кызматкерлердин, мамлекеттик жана муниципиалдык кызмат көрсөткөн бардык кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин, жазуу сабаттуулугун жогорулатуу төмөнкү маселелерди чечүү менен тыгыз байланышта кароо зарыл.

Биринчиден, сабаттуу жазуу эң алгач орфографиялык принциптерди жана эрежелерди өздөштүрүүдөн башталат. Орфографиянын маңызын түшүнбөй туруп, туура жазууну үйрөнүү, башкаларга үйрөтүү, анын тилдик системасын практикада колдонуу мүмкүн эмес.

Академик Л. В. Щерба: “Орфографиянын эң негизги максаты жана анын өзгөчө баалуу касиети – элди сабаттуулукка үйрөтүү”, - деген [8, 9].

Демек, сабаттуу жазыш үчүн мугалим да, студент да (окуучу, курстун угуучусу) орфографиялык принциптерди жана эрежелерди терең өздөштүрүүсү абзел.

Экинчиден, ар бир кесиптин адистеринин мамлекеттик тилди мыкты өздөштүрүүсүн мектептен, ООЖ жана ЖОЖдон даярдоону күчөтүү жана милдеттендирүү керек. Башкача айтканда, билим берүүнүн уланмалуулук принцибин (бала бакча-мектеп-ООЖ-ЖОЖ) сактоо жана аткаруу.

Кыргыз Эл мугалими И. Бекбоевдин билим берүүнү өркүндөтүүнүн негизги стратегиясы жана багыттары тууралуу төмөнкү аныктоолору концептуалдуу маанаге ээ.

“Окуу жайларын бүтүрүүчүлөрдү өздөрүнүн жеке жөндөмдүүлүктөрүн, мүмүкүнчүлүктөрүн жана керектөөлөрүн толук пайдаланып ишке ашырууга даярдоо; проблемаларды өз алдынча чечүүнү, билгичтикти, изденүүчүлүктү, өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасы жана анын кийинкиси үчүн жооперчиликти толук моюнга алууга даяр экендигин калыптандыруу – иштин негизги максаттарынан болмокчу” [13].

Демек, бүтүрүүчү кесип ээлерин даярдоого жаңыча мамиле жасоо, болочок адистерди мектептин, ООЖдун жана ЖОЖдун партасынан тандоо, ЖОЖдогу филолог-мугалимдерди даярдоонун мазмунун өзгөртүү зарыл.

Үчүнчүдөн, адамдын ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымынын калыптанышы тил чөйрөсүндө жүрөрү баарыбызга маалым. Ошондуктан, мамлекеттик тилди окутуунун алгылыктуу, оң натыйжа бере турган, аудиториянын билим деңгээлин эске алган жана элдин тарыхын, улуттук өзгөчөлүгүн, дүйнө таануусун, руханий баалуулуктарын чагылдырып турган типтүү программаларын иштеп, өндүрүшкө чыгаруу - билим берүүнүн негизги талаптарынын бири.

Эгемендүү мамлекеттин ыйык белгиси – мамлекеттик тил. Ар бир атуулдун негизги милдети - бул байлыкты сактоо жана андан ары өркүндөтүү.

Окумуштуу-педагог К. А. Биялиев тил үйрөтүүнүн зарылдыгына төмөнкүдөй токтолгон: “Азыркы мезгилде мамлекеттик тилди үйрөтүү методикаларын теориялык жана практикалык жактан өнүктүрүү маселеси өзгөчө маанаге ээ. Анткени, эгемендүү Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө кеңири пайдалануу жана аны башка улуттардын өкүлдөрүнө үйрөтүү эң зарыл маселелерден болуп саналат” [4, 7].

Мына ошентип, кыргыз тили боюнча адистердин алдына эң жооптуу милдеттер коюлду. Мындай милдетти жүзөгө ашыруу үчүн тилди окутуунун бир катар программалары иштелип чыкты.

Ош МУда мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана кыргыз тилин улуттук тайпаларга окутуу жүгүн мамлекеттик тил кафедрасы аркалап келет. Кафедра кыргыз тилин окутуунун негизги максаты катары төмөнкү компетенцияларды калыптандыруу зарыл деп белгилейт:

- сабаттуу жазуу компетенциясы;
- коммуникативдик компетенциясы;
- тилдик компетенциясы;
- этномаданий компетенциясы;

Бир топ программалардын ичинен доцент Ф. Алиеванын бүгүнкү билим берүүнүн талабына жооп берген, аудиториянын тилди билүү деңгээлине ылайык түзүлгөн, студенттердин жазуу-сүйлөө кебин өнүктүрүүгө багытталган, практикалык мааниге ээ "Кыргыз тилинин практикалык курсун ЖОЖдордун улуттук тайпаларында окутуунун программасын" колдонуу жемиштүү жыйынтыктарды берди [12].

Мамлекеттик тилди окутууну өнүктүрүү максатында мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучулары Каразакова З., А. Орозбаевалар тарабынан студенттердин сүйлөө, жазуу компетенциясын жогорулатууга жана практикалык максатка багытталып түзүлгөн жумушчу программа практикаланып, бүгүнкү күндө алгылыктуу натыйжасын берип жатат.

Биздин бекем ишенимибизде, кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин окутууну жакшыртуу үчүн мамлекеттик тилди окутуунун программаларынын мазмуну чоң роль ойноору тажрыйбада далилденди.

Төртүнчүдөн, сабаттуу жазууга үйрөтүүдө кыргыз тилин окутуунун мазмунун, максатын аныктап алуу зарыл. Бул көз карашты методист-окумуштуу Ж. Чымановдун пикири менен бышыктоого болот.

"Бүгүнкү кыргыз тили анын алган статусуна жараша, бардыгынан мурда, реалдуу турмушту, анын бардык чөйрөлөрүн бирдей тейлөөгө тийиш. Мектеп окуучусу реалдуу турмуш-тиричиликти те йлөөгө зарыл болгон реалдуу тилдик-кептик маалыматтарды алуусу зарыл. Ал үчүн ар бир окуучу кыргыз тили боюнча алган теориялык жана практикалык билимдерди өзүнүн жеке турмушуна зарыл, керек экендигине бекем ынанышы өзгөчө мааниге ээ болот" [15, 120].

Бешинчиден, буга чейин мамлекетик тилди окутуу анын ичинде сабаттуу жазууга багытталган окуу-методикалык эмгектер басылып чыгууда, бирок, алардын мазмуну, жалпы түзүлүшү, деңгээли бири-бирине коендой окшош экендигин байкоого болот. Орфографиянын принциптерин жана эрежелерин оңой жана бат өздөштүрүү үчүн анын илимий негиздерин ырааттуу, так, кыска, түшүнүктүү, практикалык (турмушта колдонуучулук) жагын эске алган окуу-методикалык эмгектер жазылса, мамлекеттик тилдин бүгүнкүдөй олуттуу маселелери азаймак. Ошондой эле, дүйнөлүк тилдердин тилди, орфографияны окутуу тажрыйбасы менен таанышып, аны иликтеп, алгылыктуу методикалык сунуштарды эске алуу менен окуу китептери түзүлсө, окутуу да, үйрөнүү да, өздөштүрүү да тез жолго коюлмак.

Ошондон улам бүгүнкү күндө маселени мамлекеттик тилди окутуунун технологиясына буруу зарыл.

Демек, аталган маселелерди чечүү менен мамлекеттик жана муниципиалдык кызматкерлердин, мамлекеттик жана муниципиалдык кызмат көрсөткөн бардык кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин, жазуу сабаттуулугун жогорулатуу мүмкүн экендигин байкоого болот.

Мамлекеттик тил – элдин рухий байлыгы, мамлекеттин тарыхы, бүгүнкү жашоосу, келечеги, Кыргыз Республикасынын сыймыгы. Буга мисал катары төмөнкү баянды айтууну туура көрдүк.

"Эгер падыша болсонуз, ишти эмнеден баштаар элеңиз?" – деп, кытай философу Конфуцийден сурап калышат. Ал: "Эң алгач тилди тазалоодон баштамакмын," – деп жооп берип, таң калгандарга карап туруп, мындай деген экен: "Эгер тилде ырааттуулук эмес, баш аламандык өкүм сүрсө, анда адам өз оюн толук, так, туура айта да, жаза да албайт. Эгер ал өз оюн толук түшүндүрүүгө дарамети жетпесе, анда анын кылган иши аксайт. Ал эми иш аксаган жерде тартип бузулуп, маданият жоголот. Эгер маданияттуулук болбосо, анда адилеттүүлүк да болбойт. Ал эми адилеттүүлүк болбогон жерде эл карайлап, эмне кыларын билбей калат. Ошондуктан, тилден маанилүү эч нерсе жок" [6] .

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тили мамлекеттик тил катары элдин ынтымагын бекемдеген, Кыргыз Республикасынын биримдигин түзгөн, улуттук-маданий баалуулуктарды жараткан, улут аралык катнаштын негизги куралы болуп эсептелерине ишеним чоң.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. –Б.: 1998.
2. Ахматов Т. Аширбаев Т. Иш кагаздары: Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. –Б.: 2001.
3. Бата. 2004-жыл, 30-январь.
4. Биялиев К. А. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин башка улуттарга окутуу методикасы. – Б:. 2002.
5. Ибраимов С. Иш кагаздарын жүргүзүүнүн орусча-кыргызча сөздүгү. –Бишкек, 2008.
6. Карасаев Х. К. Орфографиялык сөздүк. -Фрунзе, 1983.
7. Карасаев Х. К. Орфографиялык сөздүк. –Бишкек, 2009.
8. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамы
9. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. –Бишкек, 1995.
10. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери (соңку редакция). –Бишкек, 2011.
11. Кыргыз тилинин практикалык курсун ЖОЖдун улуттук тайпларында окутуунун программасы. Түзгөн: Алиева. –Ош, 2008.
12. Кыргыз педагогикасы. –Бишкек. 2004.
13. Сартбаев К. Үсөналиев С. Орфографиялык сөздүкчө. –Фрунзе, 1990.
14. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун жаңылоонун концепциясын иштеп чыгуунун зарылдыгы. (Кабарлар (илимий журнал) –Б.: 2009, №3)
15. Эркин Тоо. 1997-жыл, 26-март.
16. 2014-2020-жылдарда Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы.

Karazakova Z.J.

Some questions in teaching spelling rules of the Kyrgyz language in the organizations

Annotation*: This article is devoted to the problems of orthography rules of Kyrgyz language. Modern requirements of solving these problems were discussed.*

Key words: national language, Kyrgyz language, orphagraphic principles and rules, teaching spelling

УДК: 81.63.25.

Кожоева Г., ОшМУнун доценти

Кайталоолордун «кочуштоосу» жана кайырмаланышы

Аннотация: *Бул макалада кайталоолордун кочуштоосу жана кайырмаланышы изилдөөгө алынып, факты-материалдардын негизинде тастыкталды.*

Ачкыч сөздөр: *кайталоо, кочуштоо, кайырма, эпанодиплозис, киклос, рефрен*

Аннотация*: В статье автор исследует охват и припев повторов на основе факт-материалов.*

Ключевые слова: *повтор, охват, припев, эпанодиплозис, киклос, рефрен*

Кыргызча *кочуштоо* сөзү *кош+ууч+тоо* түзүмүнөн келип чыккан. Бир нерсени кочуштап, кош алаканды суюктукту сүзүп алууга ылайыктап бириктирүүнү ушинтип аташат.

Текстин строфалык, абзацтык кесиндилерин эки тарабынан бириктирип турган, кайсы бир ойго басым салып, кесиндидеги калган мазмунду эки тарабынан кучактатып берген кайталоону кочуштоо десек болот.

Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан мындай үзүндүнү карап көрөлү: ***Тагдыр ортодо. Өмүр ортодо****. Ким жыгылат? Ким жыгат? Бир канатта кызыл үстөм. Бир канатта кара үстөм. Бир жагында кайрат үстөм. Бир жагында сан үстөм.* ***Тагдыр ортодо. Өмүр ортодо****...*

Бул үзүндү кочуштоо ыкмасына негизделген. Анын башында да, аягында да эки сүйлөм кайталанып берилди. Бул кайталоо калган мазмунду өз кучагына алды. Кагылышуунун ортосундагы өлүм-житим, кыйроо-уроо, кайгы-капа өзгөчө бөлүнүп алынып, анын трагедиясы автор тарабынан басым менен белгиленип, ал трагедия эки сүйлөмдүн кайталоосу аркылуу берилген.

Мындай кочуштоону байыркы гректер эпанодиплозис деп аташкан. Бул термин грекче *epanodiplosis* «артынан кайталоо, соңунан коштоо» деген маанини туюнтчу экен. Ошондой эле грекче киклос (*Kiklos* «шакек, тегерек»), кочуштоону билгизген термин да колдонулган. Ушул эле мааниде латынча инклюзия (*inklusis* «кийирүү»), орусча кольцо, обрамление, охват, включение терминдери пайдаланылат [1, 429-431 бб.]. Демек, кыргызча деле бул фигураны тегерек, шакек, камтуу, кийирүү деп атоого болот.

Эпанодиплозис көбүрөөк поэтикалык кайталоолорго мүнөздү. Бул фигура строфалардын, ыр текстинин баш-аягында колдонулуп, калган текстти кочуштап, «шакектеп» турат.

С.Жусуевдин «Күндөр өттү, күндөр келет» аттуу убакыт, мезгил, өмүр тууралуу көркөм ой толгоолорго бай ырында мындай строфа бар:

Күндөр келет жаздагы үмүттөрдөй,
Ал дүбүрттү чыгарган күлүктөрдөй.
Күндөр келет жаздагы махабаттай,
Күндөр келет жаздагы үмүттөрдөй,

Бул кесиндиде башка да кайталоолор бар. Биздин максатка ылайыгы - биринчи жана төртүнчү саптары. Алар бипбирдей кайталанып турат, калган эки сапты өз ортосуна кийирип алган.

Кочуштоо Ж.Абдыкалыковдун төмөнкү алты сабын да көркөмдөп, эмоциялуулугун көтөрүп турат:

Чуркадыңбы өмүрүндө бир жолу,
Чок баскандай так секирип, түйүлүп,
Чоң арыштай, демиң баспай күйүнүп.
Бир нерсеге дитиң менен берилип,
Дитиң менен сүйүнүп да, күйүнүп,
Чуркадыңбы өмүрүндө бир жолу.

Бул алты саптын баш-аягын *Чуркадыңбы өмүрүндө бир жолу* деген сабы бириктирип турат. Ушул эле сап - ырдын аталышы катары кызмат кылат.

Кээде кочуштоо поэтикалык тексттин бардык строфаларын рамкага алып калган кесиндини өз кучагына алып келери маалым. Ушундай эпанодиплозис Т.Казаковдун «Элегия» аттуу ырына мүнөздүү:

Сен кайдасың бул күндө, мен кайдамын?
Боз жоргодой таң ашчу жайдакталдым.
Биз жоголдук, экинчи кайрылбайбыз,
Сен кайдасың бул күндө, мен кайдамын?.

Жакшы ыр жазып мен сага арноом керек,
Барбы алдыда көздөшүү, эч ким билбейт.
Ошол түнгө кайрадан баргым келет,
Жакшы ыр жазып мен сага арноом керек.

Өзүмдү-өзүм мен эми алдоом керек,
Качандыр бир кездерде жолугам деп.
Ушул ырды жакшы деп арноом керек,
Өзүмдү-өзүм ошентип алдоом керек.

Бул тексттин кайталанган саптары Т.Казаковдун ыргакка бай обонунда өзгөчө дем, шаң жана маани менен айтылып, анын уккулуктуулугун ого бетер арттырат.

Эпанодиплозис айрым контекстте ой-пикирди улантуу максатында да колдонулат. Мисалы:

Кара жолтой казанга
Барган бенде көп болгон.
Барган жандын баары өлүп,
Келген бенде жок болгон.

Кара жолтой казанга
Кабарлап канча кан өлгөн,
Каттаган жандын баары өлгөн («Эр Төштүк»).

Кочуштоо бул кесиндиде бошоңдоп, текстке мазмунду бириктирбестен, кириндиге жол койбостон, мазмуну окшош экиден төрт сапты өз ара кошуу максатында колдонулган.

Эпанодиплозисти сөз айкаштары, сүйлөмдөр, саптар гана түзбөстөн, куплеттер, строфалар да ушул милдетти аткарып калышы таркалган көрүнүш. Мисалы, төмөндөгү строфалар А.Осмоновдун «Отуз жаш», А.Токомбаевдин «Энеке», С.Эралиевдин «Жантайдын айтканы» деген ырларынын баш-аягын ээлеп турат.

1. *Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз ...*
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш (А.Осмонов. «Отуз жаш»).

2. *Ой энеке!*
Сенден жарык таң барбы!
Сенин шоолаң түбөлүккө бүтпөгөн
О, энеке,
Сенден күчтүү жан барбы!
Кандай күч бар сенден жардам күтпөгөн (А.Токомбаев. «Энеке»).

3. *Таластын суусу жай агат,*
Ойлонуп ойго жаткандай.
Тоолору тоого таянат,
Кеп тыңшап тым-тырс каткандай (С.Эралиев. «Жантайдын айтканы»).

Келтирилген бул кайталама куплеттер ырдын башында жана аягында толук түрүндө пайдаланылат да, көлөмдүү эпанодиплозисти түзүп калды.

Эпанодиплозиске дагы бир фигура жакындашат. Бул фигураны **рефрен** дешет. Кыргыз лингвопоэтикасында рефренди **кайырма** деп атоо кабыл алынган.

Кайырманы (рефренди) окумуштуулар ар түрдүү аныкташат. Н.Н.Романова менен А.В.Филиппов ырдагы кайталанган сапты, же куплетти рефрен дешет (2, 341 б.). Д.Н.Александров ага кененирээк чек коет: рефрен - бир нече жолу кайталанган ой, фраза, сап, бир нерсеге кайрылууга умтулуу (3, 487 б.) деп аныктайт.

Айрым адистер обондуу ырлардагы кайырманы рефрен дейт. Мисалы, «Литературный энциклопедический словарь» аттуу эмгекте припев, рефрен терминдери синоним катары белгиленет: «Припев, рефрен, повторяющаяся часть песни, запев обычно поется солистом, припев - хором. В русской терминологии повторяющаяся строфа обычно называется припевом, повторяющийся стих - рефреном» [4, 305 б.]. Мында припев көбүрөөк ырдоого, рефрен тексттеги ырга байланыштырып ажыратылган. Кыргызча экөөнү тең эле кайырма деп атоого болот. Демек, кыргызча ыр термини орусча «песня», «стих (стихотворение)» терминдерине тең келгендей эле, кыргызча кайырма сөзү орусча «припев», «рефрен» терминдеринин маанисин бере алат. Бул мисал бир тилдеги жиктелчү түшүнүктөрдү экинчи тил жалпылап атай алышын көрсөтө алат.

Рефрен франсуз тилинен алынып (*reprain*), орусча өздөштүрүлгөн. Биз орустардан кабыл алдык.

Кайырма кыргыз поэзиясында да, обондуу ырларында да кенен учурайт. «Кыргыз Республикасынын» гимни да өз курамына үч мертебе кайталанчу кайырманы киргизип турат. Кайырма композиторлордун мекен тууралуу ырларында да арбын учурайт.

Обонсуз ырларга кайрылсак, С.Жусуевдин «Жан эркем», «Кутман мекен» ж.б. чыгармаларында рефрен булардын мазмунун, таасирдүүлүгүн, экспрессивдүүлүгүн көтөрүүчү көркөм каражаттардын бирөө катары колдонулган. Караңыз:

Ак мөңгүлөр күмүштөй жаркыраган,
Ар жылгада кашка суу шаркыраган.
Карагайлар, арчалар суйкайышса,
Карап туруп суктанбас кайсы адам?-
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен,
Мезгилден дайым мөөрөй уткан менен.

Аяз келип жайлоого ак кар жапкан,
Аптап келип жапжашыл макмал жапкан.
Аркар, кулжа оттосо бийиктерде,
Ар түлүк мал чубаган каптал жактан -
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен,
Мезгилден дайым мөөрөй уткан менен.

Ак булуттар жай алган аскарынан,
Ак шумкары шаңшыган асманынан.
Аксакалдар сабырдуу, салабаттуу,
Акылдуулар көп чыккан жаштарынан.
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен,
Мезгилден дайым мөөрөй уткан менен.
Бактары көп мөмөлүү, салкын дагы,
Батман - батман табылган алтындары.
Тоосундагы алтындан баасы кымбат
Тоодой токтоо мүнөзү калкындагы -
Мээримдүү Ала-Тообуз кутман мекен,
Мезгилден дайым мөөрөй уткан менен (С.Жусуев. Миң кайрык. Ырлар жана котормолор. –Б.: Шам, 2000. 273-б.).

Мисал катары алынган ырда эки сап рефрен ар бир куплеттен кийин кайталанып, ырдын уккулуктуулугун, көркөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында колдонулган. Кутман жердин, ыйык Ала-Тоонун, мээримдүү мекендин баркы рефренде басым менен даңазаланган.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Москвин, В.П. Стилистика русского языка. Теоретический курс [Текст] / В.П.Москвин. -4-е изд., перераб. и доп. – Ростов-н/Д: Феникс, 2006.
2. Романова, Н.Н. Стилистика и стили [Текст] /Н.Н.Романова, А.В.Филиппов. – М.: Флинта: МПСИ, 2006. – 416 б. 630 б.
3. Александров, Д.Н. Риторика [Текст] / Д.Н.Александров.-М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2000. - 534 б.
4. Литературный энциклопедический словарь [Текст] /под общ. ред. В.М.
5. Кожевникова, П.А. Николаева. – М.: Сов.энцикл., 1987. – 752 б.

Kojoeva G.- OshSU
zhypar@inbox.ru

Comprise and refrain of repitition

Annotation*: In this article the author touches upon the problems of comprise and refrain of repetition on the basis of facts and examples*

Key words: *repetition, comprise, refrain, verse, Jusuev, text, artistic literature*

УДК: 39:398.21:371.036

Колдошев М., ОшМУ, пед.и. к.,
доцент, педагогика кафедрасы

Манас Дүбүрө кандын ордосун өзүнө каратуу маалында кездешкен тарбиялык таасирлер

Аннотация. *Сунушталган илимий макалада Манас баатыр Дүбүрө кандын аскерлерин кантип жеңгендиги, бул окуянын жүрүшүндө эр Бакайдын көрсөткөн чечкиндүүлүк, кайраттуулук жана акылмандык сапаттары баяндалат.*

Ачкыч сөздөр: *чечкиндүү, кайраттуу, акылман, напси, шайтан, Бакай, Дүбүрө кан.*

В предлагаемой научной статье рассказывается о победе Манаса в битве с воинами Дубуро хана, а также описываются такие личностные качества Бакая, как решительность, храбрость и прозорливость, раскрывающиеся в ходе рассматриваемого события.

Ключевые слова: *решительный, храбрый, мудрец, жадность, чёрт, Бакай, Дубуро хан.*

Дөбөт балбанды өлтүргөн Манас бир канча жол жүрүп колуна барат. Эштек уулу Жамгырчынын күн чыгыш жагын алганын билет:
Менменсиген капырдын
Беш жүзчөсүн жоготуп,
Окко учуруп ойрондоп,
Аламан жоону келтирбей,
Келемин-деп басканын
Жакең да койбойт өлтүрбөй,-деп айтылат [1:267].

Күн батыш жагынан күркүрөп келемин деген капырдын шорун Айдаркан уулу эр Көкчө катырат. Көкчө баатырдын колунан алардын төрт жүз сексен кишиси өлүм табат. Күн жүрүшүн кыраан Бакай алган болот. Ал эми жетиген тараптагы тоо башын караткан Таздын уулу эр Үрбүнүн аскерлери душмандын курчоосунда калат. Эр Үрбүнү курчаган он миң аскерге ач кыйкырык жаңыртып, ак келте үнүн чаңыртып, айгайлап төрө кирип, бир заматта алеңгир салып ийет. “**Алеңгир”** деген сөздүн түшүндүрүлүшү: 2. Кыйратуу, талкалоо, бүлүк салуу... Алеңгирди саларбыз (“Манас” С.О.) [2:82]. Дал ошол убакта бул он миңдин артынан калаа жактан кылкылдап жоонун дагы жыйырма миң колу каптап келип калат. Ошентип алты баатыр тоодо курчоодо калат. Алтоо бачым кеңешишет. Жоонун колунан өлгөнүбүз жарабас. Көпчүлүгү келгенче, куру кайрат, баш айрат кылалы; адырга жакын биздин эл. Жоонун бир тарабын бөрү тийген кой өңдүү үркүтүп, жарып чыгып, өзүбүздүн колду көздөй качып калалык. Алар артыбыздан:
Кууса капыр барар-деп,
Кууй барса бизге да
Кудай берип салар-деп,
Түмөндөп жаткан түрк уулу
Түк бирин койбой алар-деп,
Ай-талаада бийик тоо,
Айланасы калың жоо,
Бет алышты эрендер
Жетигендин тарабын.
Шымал жагын бет алып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Кыйратып кирди карагын! [1:268].

Абдан жаалданып кайраттанган алты баатыр жоонун колун жарып чыгып кетишет. Кыйкырык салып артынан кубалап жеткен кытайларды кыйык атышып, көмөлөтүп качышат. Ушул жагдайда баатырлар аскер өнөрүндөгү мыктылыгын көрсөтүшөт:
Жеткенин кыйык атышып,
Кызыкка минтип батышып.
Талаадагы урушту
Аспанда жаткан калың кол
Бул эмине жумуш?-деп,
Аңкайып карап турушту [1:268].

Аспанда турган калың кол ыраагырактан аккелтенин өзгөчө чаңырык үнүнөн, ач кыйкырык Манастыкы экенин аңдап-туюп, билип калышат да, ат-атына жабылышып:
Атка минип дүрбөшүп,
Аттана көр, жүр!-дешип,
А дегенде ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Найза, кылыч жарагын,
Арстандарды карагын,
Элүү миң аскер ат койду,-делет [1:268] жана “Күн жүрүшүн бет алып, Күлдү баатыр аттанып, калаасы жагын алыптыр”, ошо келген отуз миң аскер, Күлдү баатырдын курчоосунда калат. Буулугуп жаткан эрен түрктөр аларга кыргын салып, бир заматта бузуп-жарып талкалап ийишет.

Он беш миңи өлүм табат. Калгандары курал-жарагын таштап жүгүрүшүп, жандарынан түңүлүшүп, жаш-карысы жүгүнүшүп, чымындай жандарын аман калтырууну өтүнүшүп, жан соогат тилешип, жалынып-жалбарып ийишет. “Колго түшкөн капырды кырып ийет окшойт!”-деп, Көкчолок атын октолтуп, “Ой, баатырлар, койгун!”, жан соога тилеп келген соң өлтүрбөгүлө!-деп, абаң Бакай акырып, кыйкырык салып, кыпчактын колун токтотуп, он беш миңи аман-соо калат. Ошол күнү төрө Манастын жашы жыйырма бирде болот. Эртеси күнү дарыянын жээгинде элүү миң кол калтырышып, Дүбүрө канды алуу үчүн төрт жүз миң аскер калааны көздөй бет алат.

Мунун алдынан аяр Соно озунуп канына: -Эсеп жеткис колду баштап Манас келе жатканын, аны менен беттешкен жандын шору катканын, төрт зор балбан Манастан өлүм тапканын, кечинде уруш салган Дөбөт дөөнүн дайыны жоктугун, бирок Манастын артынан көп аскердин кууп кеткенин өз көзүм менен көрдүм, Манастын качкандыгын көрүп, элиңиз кайраттуу экен деп, сизге кулдук уруп, кабар айтканы келдим,- дейт. Анда каны: “Кууп кеткен аскерлер Манасты кармап келишээр, алар кечээ кеткен болчу, негедир бүгүнгө алардан кабар келбеди, ошо бойдон алар жок болду; сен калайыкты чапкылап, аларга кабар берип, элди ылдам жыйып кел!”-деп ага жарлыгын угузат. Каса тулпар ат минип, Соно аяр кандын жарлыгын аткаруу үчүн жолго аттанат. Дукан менен Дагалак жолунда төрт жүз миң аскердин келе жатышы төмөндөгүчө баяндалат: “Казактардын эр Көкчө, кашында бар жүз миң кол, аскерин көрсөң сандан мол; Эштектин уулу Жамгырчы, ал баштаган жүз миң кол, аскерди көрсөң кумдан мол; Кан кыпчактын Үрбүсү, ал айдаган жүз миң кол”. Ал эми көкжал Манас жүз миң колун “Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп” баштап келаткандагы ажайып көрүнүш, аларды “Көчөдөгү көргөндөр, көңүлү айнып калганы”,-деп сүрөттөлөт [1:271].

Кытай-калмак калаасына келүүчү жолдорду, б.а. Айдаркан уулу эр Көкчө баштаган кол Азарыш жолун, эр Жамгырчынын аскери Саңыроо жолун, эр Үрбү күн батыш тарабын каратып алышат. Манастан абдан калчылдап коркуп калышкан кытай-калмактар “кудайым-деп, кужулдашып”, “кудайынын” сөзүн, “буйругун” угуу үчүн кенен жана өтө бийик курулган бутканага жөнөшөт. Натыйжада, кары-жаш, аскерлери дебей ошол бутканага жык-жыйма толушат. Дүбүрө кан акылынан азып, журтуна майышып, кайгыланып, “Канды суудай агызып, калкымды кырат шекилдүү”-деп ойлоп, абдан кабатырланып, жалпы аламан үйүлүп, ыйлап буркурашып, чуркурашып, аларды каны кайраттантып, Мисбуруш бутунан жардам сурап өтүнүшөт:

Азгыруучу шайтаны
Азыр жооп айтканы:
“Айтпадым беле кечээ эле
Кылгыла-деп урушту.
Жалгызың жатып алба-деп,
Жаныңды аяп калба!-деп”.
Бу да адам уулу-деп,
Кара санап капырың,
Кырылса мейли муну-деп,
Айткан шайтан азезил,
Адам үчүн азгын-деп,
Акыл ойлоп муну бил.
Бири кыргын салсын-деп,
Бири кыйрап калсын-деп,
Душман экен азезил,
Тукуму калбай калса-деп,
Элүү миң калган аскерди
Түрккө уруш салса-деп,
Түгөнүп адам баласы
Неме калбай калса-деп,
Кайрат сүйлөп салганы,
Кармаш, уруш калкым-деп,
Жооп айтып калганы [1:273].

Алардын элүү миң аскери күн батыш тарапка эр Үрбү жакка бет алып жөнөйт. Арасында элүү-алтымыш балбаны бардыгы жана “Үркөр боо” деген замбиректи он эки пилге тарттырып алганы айтылат:

Урушка добул кактырып,
Ымалай жолун ачсак-деп,
Ырысы жок буруттун,
Канын суудай чачсак-деп,
Кесемил аттуу балбаны
Кездешип жөнөп калганы,-делет [1:273].

Ал аңгыча бул жактан Бакай, Көкчө, Эштектин уулу Жамгырчы баатырлар баштаган колдор калаага каран түшүрүшүп, көчөлөрдүн ичин коюу чаңдатышып, ачуу кыйкырык, айгай-чуулашып, уруш салышып кирип барышат. Каршылык көрсөтүп, баш көтөргөн душманды башка чаап сулатып өлтүрүп, “Бапылдатып карысын, башка чаап ыйлатып”, кулак тунган тоз-тополоң учурда, Боз жорго менен акырып, Бакай баатыр бакырып: -Катын-кызын кармап, напсиңерди бузуп, ай-талаада зордуктап, балээге калбагыла! Колуңар байланып калат; жолуңарга кесир болот! Калмак эли жалаң бул эмес, артыңардан кайнап кол келсе, катат бөөдө шоруңар!-деп пейилдерин бузбоого чакырып, чыдамдуу, сабырдуу болууга үндөйт. Ошол убакта эр Көкчө, Жамгырчы: -Неге эр Үрбүнүн колу калаага уруш салып кирип келбеди дешип, Үрбүнү эстерине алышат. Үрбү баатырга эмне болгон деп кооптонушуп, “Көчө менен ат коюп, ат койсо да бат коюп”, күн батышка бет алып, күркүрөп жолго салышат. Көкчө, Жамгырчы баатырлардын көрүнбөй калганын эр Бакай көңүлүнө алып, алардын артынан чапкылап жөнөшөт. Көрсө, кытай-калмактын Кесебил балбаны элүү миң аскери менен эр Үрбү баштаган колдун жолун тосуп чыгып, Үрбү баатырды жолотпой, киргизбей, эки баатырдын аябай катуу салгылашып турган кези экен. Жүз элүү миң кол барып душмандар курчоодо калат:

Элүү миң менен Кесебил
Не кыларга алы бар,
Эстен танып элейип,
Эрдемсиген солондор
Эси чыгып селейип,
Башчы болгон Кесебил
Бир убакта караса,
Аттан кулап, жер кучуп
Кулап жатыр серейип,-делет[1:275]. Кесебил балбан кутулбасын билип, ошол замат уу жутуп өлөт. Муну көргөн солондор, мусулмандан муңайып кордук көргөнчө, бул дүйнөдөн кеткенибиз артык деп ойлонушуп, өздөрүнө канжар салып жарылышып, отуз миңи өлөт. Ал эми калган жыйырма миңи болсо ат-тонун таштап бүгүлүп, жан соогаттап жүгүнүп, колун алып төбөгө жагалалап жүгүрүп, жаштарын төгүп буркурап ыйлашып, аскерлерди көздөй барышканда, алардын жалынып-жалбарган ыйын, өтүнүчүн туура кабылдашып:

Амандык берди аларга,
Сиз жакка келген олжо-деп,
Күтмөгүндү болжо-деп, эр Үрбүнүн колуна беришет [1:275]. Дүбүрө кандын курагы ошол учурда кырк төрттө болот. Кары-жашы баарысы “Куткара көр кудай”-дешип, бутканасына барышып, буркандын аягын кучакташып, муңканып ыйлашып: -Карып болду каныбыз, калбайт ко тирүү жаныбыз. Мындан кийин эмне болоорубузду билчү билимдүүнөр, кура таштап, пал ачаар илимдүүнөр барсыңарбы, айткылачы?-дешип ой-бой салып жалбарышат. Ошол убакта Докеш калмак журтунан жыйырма төрт жаштагы Төлөбек аттуу бала төлгө салган учурда Орто Азия көп журту жана күн чыгыш, шымал жак, күн батыш, күн жүрүш тараптардан кайсы жерлер, элдер, тоолор, талаа-түздөр, токойлор, дарыялар эр Манаска, түрк уулуна карап калгандыгы айтылат. Төлөбек аярлык менен (б.а. эч кимге байкатпай) өз журту Токонарат тарапты төлгө салып аңдаса, ал жакты эр Кошой каратканын көрөт. Аларды көрүп Төлөбек акка ыйман келтирет:

“Алдам өзүң колдо!”-деп,
Бу элге айтылуучу сөзүм-деп,
Не боломун өзүм-деп,
Тартып төлгө салыптыр.
Төлгөсүнө караса
Таажы кийип башына,
Нөкөр алып кашына,
Ойрон Манас баатырга
Оңуп увазир болуптур,

Дөөлөтү көлдөй толуптур.
Өкүмөт билген өзү бар,
Өзгө жандын баарына
Өкүм айткан сөзү бар.
Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар ак!-деп, билиптир,
Орунунан турбастан
Ислам динге кириптир [1:277]. Андан ары Төлөбек пал ачуусун улантып, аман турган үч жүз миң калкка карап мындай сөзүн айтат: -Дарбазаны ачкыла, "Бурканды кудай дегендин оозуна кара таш", сумсайган сулуу келин-кыздар, силер сумсайбагыла, кааласаңар эр деп тийесиңер, каалабасаңар силерге эч ким тийбейт, мусулман журту динин айтып, ыйманын үйрөтөт, мусулмандар шертине бекем, "Бүгүнкү күн али түн, эртең дигер болгончо", алар тийбей тим жатат; ага чейин бир чечимге келип, аларга чечимди билдирүү зарыл. Эгер бекинип унчукпасаңар, Үркөр боо замбирек алардын колунда, Дүбүрө каныбыз не болоорун билбедим, бирок бирибиз тирүү калчудай эмеспиз",-деп анык эскертет. Төлөбектин сөзүнүн маанисин даана түшүнгөн Дүбүрө кан таажысын башынан алып, айласы куруп, заманасы куурулуп, тушуккан абалына абдан жаны ачып, өз жанын өзү кыят. Каныбыздын көргөн күнү мындай болду, канчалык "кудайлап" кашайып зарласак да бутканабыз бизди колдобой койду; жалынып атып жаныбыз тойду дешип, коргондун ичиндеги жык-жыйма толгон калк "Казандай болгон чоң кулпуну" ачып ийишет. Дарбаза ачылган учурда эр Бакай баш-денеси кызылала канга боёлуп сулайып жаткан Дүбүрөгө көзүн салып, анын таштап аткан таажысын жерден Бакай алып, "Жерге кирсин, жайыл-деп, желкеге кылыч бир уруп", башын дене тулкусунан бөлүп кесе чабат да, Дүбүрө каныңар өлдү, силердин жаныңар аман дейт. Жанынын аман калганына кубанышып, жан таттуусу ушундай белем, "Адамдын баары дүүлүгүп", дарбазага бет алып, дарбазаны талашып, дүбүрөп жөнөшөт. Дүбүрө падышанын башын бир-бирин шашып түрткүлөп, жүгүргөн эл тебелешип салганын, кулаган баш дарбазага жакындап калганын Бакай көзүн салып байкап калат: "Ай-ай, калмак, токто!"-деп, Бакай баатыр кыйкырык салып, аларга ачууланып бек айтат:
"Ай, капырлар-деп, айтып,
Силерди кудай урбайбы,
Канча шашып корксоң да
Каныңдын башы турбайбы.
Аттап, басып өтпө-деп,
Адашып эстен кетпе!"-деп,
Эр Бакай башын алганы,
Денеси менен башыны,
Кайдасың?-деп, катыны.
Кабылан Бакай чакырды,
Өз заңындай кылгын-деп,
Катынга берди башыны,
Катын алып бу башты
Жамгырдай төктү жашыны,-делет [1:278].

Үч жүз миң чамалуу кытай-калмактын жаны аман калган соң, түрк уулдары өйдө-төмөн ат чапкылап, жарлык салышат, б.а. дүнүйө, казына, курал-жарактардан олжолойбуз, эгер каршылык көрсөтчү болсоңор, кыргын табасыңар деген мааниде. Ал түгүл Манастын чоролору "Албырган кызыл беттүүдөн, аселден ширин кептүүдөн, алып жатса эптүүдөн, сегиз миң кызын алыптыр,-делет [1:280].

Дүбүрө кандын айчырайлуу, "зейрек акылдуу" катынын Акша баатыр байбиче кылып алат. Ошо кезде эр Акша кырк бирде болот. Кан Дүбүрөнүн катыны өлүп, өткөн жылы кышында он алты жарым жаштагы кызды алган болчу. Ошентип "Акша баатыр алганы, алардын недир арманы"-деп айтылат.

Корутунду. -Мындан ары эмне айла кылабыз. Көргөн күнүбүз не болот дешип, бутканасына барышып, "кудайыбыз" деп сыйынышып, жалбарып сурашканда, буту (душмандарынын "молдосу"-М.К.) жандарын аябай кармашууну, урушуп кайрат айтып, тукуруп, шайтандын азгырык жолундагы сөзүн буюруп, үстүрт караганда патриот болууга чакыргандай туюлганы менен чынында, байлык, дүнүйөкордук кызыкчылыктарга үндөгөндүгү байкалат.

-Докеш калмак журтунан жыйырма төрт жаштагы Төлөбек төлгө салып, алдыда Манас баатырга карап калуучу аймактарды, чөлкөмдөрдү дааналап айткан соң, кытай-калмактар акыл-эстерине келишип, Ак ислам мусулман динин кабыл алуу чечимине келишет.

-Сулайып өлүп жаткан Дүбүрө кандын желкесине Бакай кылычын айбаттуу шилтеп, анын башын дене тулку боюнан ажыратып бөлө чабуусу, бул, бир чети, эр Бакайдын чечкиндүүлүгүнүн, кайраттуулугунун белгиси болсо, экинчи жактан, “силер да батыраак акылыңарга келгиле; болбосо баарыңарды каныңардын тагдыры күтүп турат” деген таризде сес көрсөтүп коркутуусу, эскертүүсү деп ойлойбуз.

-Үч жүз миң адам чуркурап, жаш-карысы буркурап, жан соога тилешип, бүгүлүп-жүгүнүшкөн байкуштарды көрүп, Бакай баатырдын, Акша кандын “аман, аман, аман!”-дешип, алардын чымындай чыркыраган жанын жай алдырганы, бул, Бакайдын тунук акылга, бийик адамгерчилик сапаттарга эгедерлигинин айкын далили, анткени, көпчүлүк элди айып тагып күнөөлөө туура болбойт эмеспи (б.а. элдин басымдуу бөлүгү, көбүнесе, кандайдыр патриоттук сезимдерге ойногон чагымчыл ураандарга жетеленишип кетээрин коомдогу саясий өнөктүктөрдөн көрүп-билип жүрөбүз).

-Ачылган дарбазаны көздөй дүбүрөп шашкан элдин кан Дүбүрөнүн башын тебелеп-тепсешкенин көргөн Бакайдын ачуу кыйкырыгынан эмне байкалат? Кандын башы ар качан улук, ыйык болорлугун, анын башын аттап өтүүнүн өзү чоң күнөөгө, кесирликке жатаарын, “Кайдасың?”-деп кандын катынын алдына чакырып, ага башын берип жатып өз салтыңардай акыркы сапарга узаткыла дегенинин өзү, ар бир элдин салтын урматтоо менен катар, салтына аяр мамиле жасоо зарылдыгын, ошону менен бирге кыргыз элинин көөнөрбөс баба салтын, ата наркын жогору баалап, туу тукандыгын маалымдайт.

Пайдаланылган адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С. Орозбаковдун варианты боюнча [Текст]/ КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз.: С. Мусаев. –Б.: Хан-Теңир, 2010.
2. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст].-Б., 2010. -1460 б.

Koldoshev M. - OshSU
zhypar@inbox.ru

The educational impact of the conquest of Duburo Khan’s yurt by Manas

Annotation:*The proposed research article is dealing with Manas’s victory in the battle with the soldiers of Duburo Khan, and it is describing such personal qualities of Bakai as determination, courage and vision that were revealed in the course of the event under consideration.*

Keywords: *determined, brave, a wise man, devil, greediness, Bakai, Duburo Khan.*

УДК: 378.147 (575.2)

М.Ж.Кошуева, Ош МУ

Көркөм стилди 10-класста окутуу ыкмасы

Аннотация: *Көркөм стилди жогорку класстарда окутуудагы кээ бир проблемаларга ылайык окутуунун жаңы технологиялык ыкмалары сунушталды.*

Өзөктүү сөздөр: *функционалдык стилдер, көркөм стиль, мамлекеттик тил, текст, дил баян, адабият, муз жаргыч, БББк, окутуунун жаңы технологиялык ыкмалары ж.б.*

Аннотация: *Для решения некоторых пролем в обучении художественной стили в старших классах, были предложены новые технологические способы обучения.*

Ключевые слова: *функциональный стиль, художественный стиль, государственный язык, текст, сочинение, литература, методика обучения новых технологии и.др.*

Кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдери белгилүү бир деңгээлде изилденип калгандыгына карабастан, функционалдык стилдерди мектепте окутуу маселеси жана ушул багыттагы усулдук (методикалык) эмгектердин жоктугу окутуу иштерин аксатып жатат. Ушул

көйгөйлүү маселелерге ылайык, көркөм стилди мектепте окутууга карата усулдук кеңеш берүүнү аз да болсо иштеп чыгууну колго алдык. Анткени биз козгогон маселелер мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет.

Ал эми функционалдык стилдердин ичинен көркөм стилди тандап алганыбыздын себеби, окуучу илимий стилди, публицистикалык стилди, иш кагаздар стилин көркөм стилдей жакын кабылдай албайт, ошондой эле, сүйлөшүү стилин да тилдик каражаттары боюнча көркөм стиль менен чаташтырат. Демек, окуучу көркөм стиль менен жаш чагынан баштап эле тааныш, башкача айтканда, жомок уккан, мультфильм көргөн, мектепте көркөм чыгармаларды окуган, кино көргөн, текст жана дилбаяндарды жазган ж.б. Ошондой эле, 10-класска чейин көркөм стилди теориялык жана практикалык жактан бир топ өздөштүрүп калган болот. Демек, окуучу көркөм текстти адабият сабагы менен кыргыз тил сабагында кандай окутулуп, анализге алынарын айырмалай билет.

Натыйжада, окуучунун 11-класска жеткенге чейин көркөм стилдеги жазуу маданияты калыптанып калуусу зарыл, анткени бүтүрүүчү класс катары мамлекеттик аттестацияга да дил баян жазышат, буга даяр болушу керек.

Ошондой эле, көркөм стилди окутууга кайрылуунун дагы бир зарылдыгы, көркөм чыгармада башка стилдерге мүнөздүү тексттердин баарын табууга болот.

Мектеп турмушунда көркөм чыгарма-эстетиканын белдүү тармагы. Ошол эстетикалык кооздукту окуучунун аң-сезимине улуттук тилдин бай каражаттары аркылуу жеткирүү керек. Окуучу көркөм чыгарманы түшүнгөндөн кийин, аны айтып берүүдө улуттук тилдеги көркөм каражаттарды өздүк лексикасына, кебине айландыра алуусу зарыл. Ал үйрөнүлгөн сөздөр окуучунун ой жүгүртүүсүн, психологиясын өстүрүүгө, ой-пикирин эркин айтып берүү жөндөмүн өркүндөтүүгө түрткү берет. Мындай иш жүзүнө ашырылган максат менен сапат окуучунун ой жүгүртүүсүнүн практика жүзүндөгү азыгы болуп саналат. Бирок эстетикалык табитти, көркөм дүйнөнү окуучулардын аң сезимине жеткирүү дайыма оңой эле ишке аша бербейт. Анткени “бул же тигил себептер менен окуучулардын эстетиканы кабылдоо сезими өнүкпөй калган”. [3: 69]. Муну мектеп турмушунда көркөм стилдин талаптын деңгээлинде окутулбагандыгы менен байланыштырууга болот. Себеби, мектепте билим берүү структуралык планда жүргүзүлгөндүктөн теорияга көп басым жасалып, тилдин функционалдык кызматына көңүл бурулбайт.

Мектепте 5-класстан баштап «Байланыштуу кеп» деген чоң бөлүктө кептин түрлөрү, стилдери жөнүндө сөз болот. Анда кептин түрлөрү сүрөттөө, баяндоо жана ой жүгүртүүгө көркөм тексттер алынат. Ушул маселелер жогорку класстарга өтүлгөндө көркөм текстке тилдик талдоо талаптагыдай жүргүлүүсү керек. Тактап айтканда, көркөм тексттин лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүгүнө басым жасоо зарыл. Муну айрыкча тилдин деңгээлдери боюнча теориялык материалдарды өтүп жатканда эске алуу абзел.

Эне тилди мектепте окутууда тилдин функционалдык кызматына басым жасалып, окуу программа, окуу китептеринде талаптын деңгээлин чагылдырылганы менен жогорку окуу жайынын 1-курсуна келген студенттердин билимине таянганда, натыйжа төмөнкү көрсөткүчтү берет. Ошондой эле, орус группаларына келген студенттердин билимине таянганда деле абал жогоркудай эле. Тактап айтканда, кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдери жөнүндө тааныштыгы жок. Мектепте башка стилде текст жазууга караганда, көркөм стилде текст жазууга өзгөчө көңүл бурулган жана бир нече жолу машыгуу иштери жүргүзүлгөндүгүнө карабастан, китеп стилине ыктабаган тилдик каражаттарды пайдаланышат. Бул боюнча айтылуучу жыйынтык өзүнөн-өзү белгилүү болуп турат. Муну мектеп мугалимдеринин билим берүүдөгү обьективдүү жана субьективдүү маселелери менен байланыштырууга болот. Ошондой болсо да, келечек муунду тарбиялоодо, аларга татыктуу билим берүүдө талапты күчөтүү керек.

Эгерде 10-класста көркөм стилди окутуудагы бүгүнкү күнү окутулуп жаткан кыргыз тили окуу китебинин темасына жана көнүгүүлөрүнө кайрыла турган болсок, мында “Байланыштуу кеп. 2-§. Кептин стилдери” деп 1-тема үйрөтүүгө сунушталат [3: 8]. Тажрыйбалуу мугалимдер теманы түшүндүрүүдөн мурун классты активдештирүү максатында оюн ойнотуу ж.б. ыкмалар менен баштайт. Булар азыр СОнун (сынчыл ойлом) сыяктуу окутуунун жаңы технологиялары боюнча алганда “Муз жаргыч” деп колдонулуп жүрөт. Бул оюн же муз жаргыч, албетте, өтүлүүчү сабактын мазмунуна шайкеш келүүсү зарыл. Мисалы, “Терминдер үй-бүлөсү” деген оюн ойнотууну алалы.

Оюндун шарты. Мугалим классты окуучулардын санын эске алуу менен 2 же 3 топко бөлүп алат, бул топтор сабактын акырына чейин сакталып, бири-бири менен таймашат. Оюндун

шарты түшүндүрүлөт. Мугалим өтүлүүчү темага тиешелүү бир терминди атайт (албетте, кийинки жазылуучу терминдерди өзүнүн карамагына топтогон термин алынуусу зарыл). Аны окуучулар дептерлерине жазышат. Калганын улантуу керектигин эскертет, убакыт белгиленет. Кайсы топ көп жана туура жазса, жеңүүчү болот. Мугалим көзөмөлдөйт. Убакыт бүткөндөн кийин топтор окуйт, мугалим жыйынтык чыгарат, тактоо киргизет.

Оюндун максаты: Өтүлүүчү тема боюнча окуучулардын багыт алышы, мурунку билимди бышыктоо, азыркы тема менен байланыштырат ж.б.

Оюндун тарбиялык мааниси: классты активдештирүү, окуучунун тартынчаактыгын жоюу, өз алдынчалыгын, ой жүгүртүү ж.б. калыптандыруу жана тапкычтыкка, аракетчилдикке, чыгармачылыкка, изденүүчүлүккө, бири-бирин сыйлоого ж.б. үйрөтөт.

Оюндун аткарылышын болжолдуу үлгүсү: “Кептин стилдери” же “функционалдык стилдер” ж.б. деп мугалим доскага жазат, окуучулар дептерине жазышат.

1-топ	**2-топ**	**3-топ**
Кептин стилдери	Кептин стилдери	Кептин стилдери
көркөм стиль	илимий стиль	жазма кеп
оозеки стиль	официалдуу стиль	оозеки кеп
сүйлөшүү стили	официалдуу эмес стиль	көркөм стиль
китеп стили	оозеки стиль	сүйлөшүү стили
жазма стиль	жазма стиль	функционалдык стиль
баяндоо	көркөм адабияттын стили	адабият стили
сүрөттөө	публицистикалык стиль	лексика
ой жүгүртүү		
иш кагаздар стили		
официалдуу стиль		

Мугалим ар бир топтун жазганын уккандан кийин жыйынтык чыгарат. 1-топтун мүчөлөрү көп жана туура жазгандыгын белгилейт жана бири-биринен толуктайт. Туура эмес жазгандарын сыздырып таштайт жана толуктоо киргизет. Муну менен өтүлүүчү тема дайын болот.

Мындай муз жаргычтар максаттуу пайдаланылышы зарыл, анткени сабактагы 45 минута билим берүүгө гана арналышы керек. Муз жаргычтардын кыймылдуу аткарылуучу формаларын пайдалануу эффективдүү, бирок бир эле муз жаргычты кайра-кайра пайдалана берүү, окуучунун сабакка болгон кызыгуусун жоготот. Сабакта колдонулган муз жаргычтар окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө карап тандалуусу зарыл. Муз жаргычтардын ар түрдүүсүн ойнотууда Т.Жороев, Н.Мапаева жана П.Кайымовалардын 2008-жылы жарык көргөн “Муз жаргычтар” китепчесин пайдаланууга болот. Анда кыймылдуу жана кызыктуу оюндардын 35 түрү бар. Аларды муз жаргыч катары эле эмес сабактын башка этаптарында колдонууга да болот. Ошентип, сабакта колдонулган оюндар билим берүүнүн таасирдүүлүгүн арттырат.

10-класста кептин стилдери, анын ичинде көркөм стилди окутуу боюнча мектеп мугалимдери түзгөн календарлык пландарга таянганда, 1-чейректе “Тилдин келип чыгышы жана өнүгүшү” деген темага 1 саат, “Кептин стилдери боюнча билимдерин системалаштыруу жана жалпылаштыруу” 1 саат, “Көркөм стилдин кептин түрлөрү менен карым-катышы” 1 саат; 2-чейректе “Кептин стилдери боюнча машыгуу иштери”, “Кептин ой жүгүртүү түрүндө дил баян жазууга үйрөтүү жана машыгуу” 1 саат; 3-чейректе байланышттуу кеп боюнча дил баяндар: “Маданияттуулук деген эмне?”, “Келечек жаштарга таандык” 1 саат, “Менин идеялым”, “Манасчылар-кылымдарга салынган көпүрөлөр” 1 саат, “Кылым кыйырындагы кыргыз жаштары: базар, билим жана ыйман” 1 саат, “Кайдасың, кайрымдуулук”, “Улуттук салт-эскилик жана жаңылык” 1 саат; 4-чейректе жок, ушундай темаларга бөлүнгөн. [1: 17]. Бул календарлык планда функционалдык стилди окутуу маселесинде оозеки жана жазуу иштерине дурус көңүл бөлүнгөн.

Ал эми 10-класстагы кыргыз тили окуу китебинин 8-бетинен 17-бетине чейинки материалдар кептин стилдерине арналган. Анда теориялык материал 2 параграфтан турат жана баары болуп 12 көнүгүү берилген. [5:8-17].

1-тема “Кептин стилдери” деп аталат. Бул теманы окучууларга түшүндүрүүдө да окутуунун жаңы стратегиялык ыкмаларын колдонуу эффективдүү натыйжа бере алат. Анткени кыргыз тил сабагына окуучулар көп деле кызыкпайт. Себеби, мамлекеттик тилге мамлекет тарабынан, коом тарабынан жеткиликтүү маани берилбей жатпайбы. Ошондой эле, кыргыз тилчи

мугалимдеринин статусу төмөн, колдоого алынбайт, ушуга окшогон обьективдүү жана субьективдүү көрүнүштөр билим берүү маселесине да терс таасирин тийгизүүдө.

Аталган темага карата БББк стратегиясын түздүрүү натыйжалуу. Бул стратегияны иштеп чыгууда окуучу теориялык материалды өз алдынча окуп чыгат, түшүнүүгө аракеттенет, билбегенин сурайт. Жазуу ишин аткара билүүгө үйрөнөт, өз алдынча изденүүгө мүмкүнчүлүк алат.

БББк (билем, билдим, билгим келет) стратегиясын сабактын "Түшүнүү" этабында колдонуу керек. СОнун (сынчыл ойломду өстүрүү жана жазуу жөнүндө окуу) семинарында сабактын этабы 3кө бөлүнөрү белгилүү. Алар - чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү. Батыштык билим берүүдөгү мындай ыкмалар өз натыйжасын берет. Бул артыкчылыкты сабакта колдонгон окутуучулар, мугалимдер жакшы байкашат.

БББк стратегиясы аркылуу аткарылган тапшырманын болжолдуу үлгүсүн төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот.

Билем	Билдим	Билгим келет
Стилдин 5 түрү бар: илимий стиль, иш кагаздар стили, публицистикалык стиль, көркөм стиль, сүйлөшүү стили.	Коомдо пикир алмашуу же байланыш түзүү-жазуу же оозеки формада болот.	-китеп стили же жазма стиль деген эмне. -оозеки стиль менен сүйлөшүү стили деген эмне.

Ошондой эле, БББка стратегиясы менен иштөөдө классты тиешелүү топко бөлүп, алардын биргелешип иштөө, бири-бири менен маселени талкуулоого үйрөтүү, кээ бир окуучунун билим алуудан оолак калууга жол бербөө, ынтымакташуу ж.б. сыяктуу маселелерге көңүл бурулат. Бул теманы мугалим өзү түшүндүрүп койсо да болмок, анда окуучу сабакка көңүл буруп отургандай көрүнгөнү менен ою башка жакта болушу мүмкүн. Ал эми жогоркудай ыкма менен билим берүүдө окуучу эмнени билип, эмнени билбей калгандыгы, дагы эмнени билгиси келип жаткандыгы мугалим үчүн белгилүү болуп турат. Мындан мугалимдин түйшүгү да жеңилдейт, окуучунун өздөштүргөн билими да конкреттешет.

Класста ар түрдүү психологиядагы мүнөздөгү окуучулар болору белгилүү. Кээ бир оор басырыктуу мүнөздөгү окуучулар билгенин да айтып бере албайт, тартынып отура берет да, сабакты өздөштүрбөгөн, сабакка көңүл бурбаган начар окуучулардын катарын толуктайт же кээ бир окуучулар "баары бир билбеймин, мен начар окуучумун, мага баягы эле "2" да" деген сыяктуу өзүнүн пистимисттик көз карашына жамынып алып, билим алуудан куружалак калат. Теңтуштарынын арасында басынат, бул көрүнүш окуучунун ден соолугуна, мүнөзүнө, дүйнө таанымына терс таасирин тийгизет. Мындай учурда жогоркудай топторго бөлүп, оюн сабактарды уюштуруп, жаңы стратегияларды пайдаланып топтун кызыкчылыгын коргоо маселеси мугалим тарабынан окуучуга жеткиликтүү түшүндүрүлсө, окуучуга жагымдуу мамиле жасалып, максаттуу талап коюлса, биз белгилеген кемчиликти окуучу өзү эле жоет. Бул учурда БББк стратегиясынын ролу чоң. Анткени мугалим топтун ар бир мүчөсүнүн иштөөсүнөн кабар алып, тема жөнүндө өздөрү аткарган жумуштары боюнча сүйлөп берүү талабын максаттуу кое алса, окуучу аны аткарат. Активдүү окуучулардын катарына кошулууга шарт түзүлөт, өзүн-өзү баалайт. Бул боюнча доценттер К.Миңбаев жана А.Закировдор "Психология" деген эмгегинин "Личностун өзүн-өзү таануусу жана баалоосу" аттуу темасында: "Адам коом тарабынан берилген белгилүү иш-аракетти аткаргандан кийин тийиштүү ориентирлердин негизинде өзү жасаган ишти талдайт: күткөн талап аткарылды-бы, кандай аткарды, аткарылган иш курчаган кишилердин купулуна толдубу ж.б.у.с. маселелерге жооп издейт. Бул учурда башка адамдардын сапаттарын үйрөнүп, аны өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү аркылуу салыштырып, өзүн баалоого мүмкүндүк алат. Өзү жөнүндө бир бүтүмгө келет" деп белгилейт [4:56-57]. Албетте, мугалим жогоркудай оюн сабактарды, стратегияларды максаттуу пайдаланып, тажатмалуу сабак өтүүгө жол бербесе, окуучуну жуптарда, колективдүү иштөөгө үйрөтсө, окуучунун жеке чыгармачылыгына таасир этип, сабагына кызыктыра алса, ар кандай окуучу билим алууга умтулат да, өзүн-өзү баалап, активдүү окуучунун катарына кошула баштайт.

БББк стратегиясынын "Билгим келет" деген 3-графасындагы окуучу түшүнбөгөн, үйрөнүүгө кызыкдар болгон маселени мугалим өзү түшүндүрүп берет же пайдалануучу адабияттары көрсөтүлүп, үйгө тапшырма катары берилет. Эгер адабияттар айтылбай, окуучунун өзүнүн жооп издөөсүнө жүктөп койсо, окуучу кайсы жактан издерин билбей түйшөлөт да, тапшырманы аткарбай келет. Натыйжада, дагы эле, окуучунун ортосар билим алуусуна жол коюлат.

10-класстын бул кыргыз тили китебинин биз сөз кылган маселеге байланыштуу кийинки темасы “Көркөм стиль” деп аталат. Тема аталган окуу китебинин 9-бетинде, мында көркөм стилдин башка стилдерден болгон айырмасы, анын бардык курактагы, кесиптеги адамдарга түшүнүктүүлүгү айтылган. Көркөм чыгарманын адамга эстетикалык-нравалык тарбия берүүсү, руханий дүйнөсүн, таанып билүүсүн, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу маселелери белгиленген. Бул темаларды да окутуунун жаңы технологиялык ыкмаларын пайдалануу менен өтүү эффективдүү.

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда белгиленгендей, тилди структуралык багытта эмес функционалдык багытта окутуу жемиштүү, анткени окуучу мектепти бүткөндөн кийин, түрдүү кесипти тандап кетет да, эне тилди үйрөнүүдөн четтеп калат. Эне тилди сабатсыз билгендердин армиясы түзүлүп, улуттун түбөлүктүүлүгүнүн угутун түгөтөт.

Адабияттар:

1. Акматов К. Календардык план. –Ош. 2008, 8-б.
2. Жороев Т., Мапаева Н., ж.б. Муз жаргычтар. – Ош. 2008, 17-б.
3. Исаков Б. Окутуп тарбиялоо.-Ф.1980, 69-б.
4. Миңбаев К., Закиров А. Психология. –Ош. 2006, 56-57-б.
5. Сапарбаев А., Өмүралиев С. ж.б. – Б. 2003, 8-17-б.

M.J.Koshueva, OshSU
maynisa1661@mail.ru

The methods of teaching of the artistic style in the 10 th form

Annotation*: For the dicision some problems in the teaching artistic style in elder forms were shown the hew technological methods of teaching*

Keywords:*Functional style, artistic style, state language, text, composition, literature ,the methods of teaching of the new technology*

УДК: 378.147 (575.2)

М.Ж.Кошуева, Ош МУ

Арыз иш кагазын жазууда кетирилген мүчүлүштүктөр

Аннотация: *Макалада* арыз *иш кагазы тууралуу маалымат берилет жана анын текстинде кездешкен каталарга анализ жасалат.*

Өзөктүү сөздөр: *арыз, реквизит, орфографиялык ката, текст, абзац, тиркеме, мамлекеттик тил, баш тамга, тема, мекеме ж.б.*

Аннотация: Даются сведения о заявлениях в делопроизводстве и проводится анализ допущенных ошибок в тексте.

Ключевые слова: *заявление, реквизит, орфографические ошибки, текст, абзац, приложение, государственный язык, главная буква, тема, организация ж.б.*

Арыз турмушта же иш жүргүзүүдө өтө кеңири колдонулуучу иш кагазы болуп саналат. Ал мекеме жетекчисине жарандар тарабынан сураныч, сунуш, арыз-даттануу ж.б. сыяктуу мазмунда жазылып, ошол күндөн баштап укуктук күчүнө ээ болот. Ошондуктан жетекчи арыз иш кагазына сөзсүз жооп берүүгө милдеттүү. Жумушка орношуу, которулуу, жумуштан чыгуу ж.б. сыяктуу иш-аракеттер арыз аркылуу жөнгө салынгандыктан, адам ишмердигинде арыз иш кагазынын көптөгөн түрү иштелип чыккан. Бирок арыздын кээ бир түрүн, тактап айтканда, которулуу, доо арызы, эмгек өргүүсүнөн кайтуу арызын кошпогондо, дээрлик бардыгы бирдей реквизитке ээ. Негизинен, арыз иш кагазы 11 реквизитке бөлүнөт. [2: 66-67] .

Арыз иш кагазынын реквизиттеринин схемасы жана чечмелениши:

1-таблица



1-реквизитте мекеменин аталышы, жетекчинин кызматы жана аты-жөнү жазылып, ал барыш жөндөмөгө келтирилет (С.Сүйүнов**го**).

2-реквизитте арыз жазуучу жөнүндө толук маалымат же анын кайсыл жерде иштегендиги, кызматы, жашаган жери, аты-жөнү жана ага чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланып жазылат (А.Асанов**дон**).

3-реквизитке иш кагазынын аты жазылат (**арыз** же **АРЫЗ**).

4-реквизитке текст жазылат.

5-реквизитке арызга тиркелүүчү тиркемелер берилет.

6-реквизитте датасы жазылат (**2012.28.05** же **2012-жылдын 28-майы**).

7-реквизитке арыз жазуучунун колу коюлат.

8-реквизитке арыз жазуучунун аты-жөнү көрсөтүлөт.

9-реквизитке мекеме жетекчисинин арыздын текстинин мазмунуна карата пикирлерин туюнткан визалар коюлат (*Макулмун, Макул эмесмин, Каршы эмесмин, Каршымын* ж.б.).

10-реквизитке арыз белгиленген индекс аркылуу каттоо журналына түшүрүлүп, арызда козголгон маселелердин чечилиши көзөмөлгө алынат.

11-реквизитке жогорку инстанциянын резолюциясы барактын жогорку сол жак бурчундагы бош орунга коюлат (*Кадрлар бөлүмүнө, Бухгалтерияга, Жамаатка билдирилсин* ж.б.).

Арыз иш кагазын аткарууда төмөнкүлөргө көңүл буруу зарыл:

Арыздын 1-реквизитинде жетекчинин фамилиясын жазууда барыш жөндөмөнүн (-га) мүчөсүн туура эмес пайдаланышат. Мисалы, “Асановго” дегенди “А.Асанов**ко**” деп орфографиялык катарлардын кетирилишине жол коюшат. Башкача айтканда, **в-ф** түгөйлөш тыбыштардын угулушу жана жазылышындагы колдонулушуна көңүл бурушпайт. Ошондой эле, 2-реквизитти аткарууда, аны өзүнчө жаңы саптан баштабай, 1-реквизиттин катарына кошуп жазышат. Бул туура эмес. Кээде 2-реквизитти аткарбай (жазбай) койгон учурларды да кездештирүүгө болот. Ошондуктан арыздын ар бир реквизитин өздөштүрүү зарыл.

Арыз иш кагазын жазууда, анын 3-реквизитине өзгөчө көңүл буруу керек. Анын 3-реквизитине иш кагазынын аты жазылат, ал сөзсүз түрдө кичине тамга менен (**арыз)** берилет, себеби 3-реквизит (документтин аты) 1-жана 2-реквизиттин уландысы болуп эсептелет. Эгерде арыздын үлгүсү компьютердик вариантта аткарылса, анда бардык ариби баш тамга менен “**АРЫЗ**” деп жазылат.

Арыздын 3-реквизитинен (документтин атынан) кийин эч качан чекит, кош чекит ж.б. тыныш белгилери коюлбайт.

4-реквизитте текст абзац менен башталат, бирок **«менин арыз берүүмдүн мазмуну төмөнкүчө»** жана **«арыз ээси»** деген сыяктуу сөздөрдүн пайдаланылышына жол берилбейт.

Анткени булар арыз иш кагазынын тилиндеги плеоназм (артык баш сөздөр) сөздөр болуп эсептелет. Ал эми текстин аягындагы этиш сөзү **«суранам»** эмес **«сурайм** же **сураймын»** деп аяктайт. Анткени иш кагаздарында кошумча мааниге (оттенокко) ээ болгон **«суранам», «өтүнөм»** сыяктуу сөздөр керектелбейт. Иш кагаздарынын тили (документтин тили) түз жана орток маанидеги сөздөрдүн колдонулушун талап кылат.

5-реквизитине тиркеме берилет. Эгерде тиркеме бирөө болсо, тексттен кийин эле абзац менен башталып жазылат. М: "Жогорку окуу жайды бүткөндүгүм жөнүндөгү дипломдун көчүрмөсүн тиркеймин". Ал эми 2ден ашык болсо, абзац менен "Тиркеме" деп жазылып, кош чекит коюлат жана ар бир документ араб цифрасы менен номурланат. Ал төмөнкү үлгүдө көрсөтүлдү **(1-мисал).**

6-7-реквизит бир сапка жазылат, анткени арыз жазуучунун колу менен аты-жөнү бири-бирин тастыктап турат. Ал эми 7-реквизиттин (арыз жазуучунун аты-жөнү жазылган жердин) алдына "арыз ээси" деген сөз жазылбайт, ал ашыкча сөз болуп эсептелет.

8-реквизитке арыздын датасы жазылат, дата кыргыз тилинде 1-жылы, 2-күнү, 3-айы көрсөтүлүп, жалаң цифрадан же цифра-сөз менен берилет. Мисалы: цифрадан турганда "2013.25.05" деп, ал эми цифра-сөз менен берилгенде "2013-жылдын 25-майы" деп көрсөтүлөт. Анткени бул "25-май" 2013-жылга таандык, ар бир жылдын өзүнө таандык айы жана күнү бар. Арыздын датасын берүү, иш кагазы боюнча жарык көргөн адабияттарда "датасы, колу, аты-жөнү" деп бир катарда (6-7-8-реквизиттерде) берилип жүрөт, бул туура эмес. "Дата" бул реквизит өзүнчө саптан орун алуусу керек. Себеби, арыз жазылып, арыз жазуучунун колу жана аты-жөнү коюлгандан кийин, арыз кайсы күнү жазылгандыгын көрсөтүү максатында "датасы" жаңы жолдон өзүнчө сапка берилет. Мында иш кагаздар стилинде талап кылынган тактык жана логикалуулук процесси иш жүзүнө ашат. Төмөндө талапка ылайыктуу жазылган арыздын үлгүсү сунушталат:

1-мисал

Ош шаарындагы № 38 орто мек-
тептин директору Б. Жунусовага
Ош МУнун кыргыз филологиясы
факультетинин бүтүрүүчүсү
Акматалиева Венерадан

АРЫЗ

Мени № 38 орто мектепке кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча мугалимдик кызматка кабыл алууңузду сураймын.

Тиркеме: 1. Дипломдун көчүрмөсү (натариалдык кеңсе тарабынан тастыкталган). 2 барак, 4 бет.
2. Өмүр баян. 1 барак, 1 бет.

(колу) В. Акматалиева
2008. 20. 08

Мында арыз иш кагазынын кичиподстили болгон жумушка кирүү арызынын үлгүсү берилди жана бардык реквизиттери так аткарылды. Башкача айтканда, арыз иш кагазынын 8 реквизити арыз жазуучу тарабынан талаптагыдай жазылды. Эгерде бул даяр үлгүнү реквизиттерге ажырата турган болсок, ал төмөнкүдөй болот:

2-мисал

11.

1. Ош шаарындагы № 38 орто мектептин директору Б.Жунусовага

тин директору Б.Жунусовага

2. Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинин бүтүрүүчүсү В.Акматалиевадан

3. арыз

4. Мени аталган мектепке кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча мугалимдик кызматка кабыл алууңузду сураймын.

5. Тиркеме: 1.Дипломдун көчүрмөсү (нотариалдык кеңсе тарабынан тастыкталган). 2 барак, 4 бет.

6. (колу) **7.** В.Акматалиева

8. 2008.20.08

9. **10.**

Жогоруда белгиленгендей, мындагы 9-10-11-реквизиттер арыз жазуучуга тиешелүү эмес.

Биз мамлекеттик тилдеги иш кагаздарынын сабаттуу аткарылышын байкоо максатында мекеме, ишканалардан кээ бир иш кагаздарынын үлгүлөрүн чогултканбыз. Алардын ичинен арыз иш кагазынын кээ бир түрлөрүнө токтолобуз.

3-мисал

Ош шаарындагы № 43 орто мектебинин
директору Шарапова Хадича Хамиджановага

Арыз!

Менин арыз жазуумдун себеби төмөндөгүчө менин балам Бабаев Асанды 1-класска окууга кабыл алууңузду суранам.

Арыз ээси: Бабаева Б.
(колу)
19.04.2012 жыл

Бул 3-мисалдагы үлгүнүн 1-реквизитинде жетекчинин атасынын аты “Хамиджановага” эмес, “Хамиджановнага” деп жазылыш керек эле.

Ал эми 2-реквизит толугу менен аткарылган эмес, тактап айтканда арыз жазуучунун ким экендиги (аты-жөнүнөн башкасы) белгисиз бойдон калган.

3-реквизитте иш кагазынын аталышы баш тамга менен туура эмес жазылган жана арыз жазуучу иш кагазынын аталышынан кийин эч кандай тыныш белги коюлбай тургандыгы жөнүндө маалыматка ээ эмес экендиги байкалып турат, ал илеп белгисин коюп койгон. Арыз кичине тамга менен (арыз) же ар бир ариби баш тамгалар менен (АРЫЗ) жазылат. Ар бир ариби баш тамгалар менен жазылышы көбүнчө арыздын компьютердик вариантында колдонулат.

4-реквизит да туура эмес аткарылган. Тактап айтканда, текст абзац менен башталган эмес жана “Менин арыз жазуумдун себеби төмөндөгүчө” деген плеоназм (артык баш) сөздөр пайдаланылган. Бул арыздын текстиндеги “менин”, “Арыз ээси” деген сыяктуу сөздөр да ашыкча сөздөрдүн катарына кирет. Ошондой эле, тексттин аягындагы колдонулган этиш сөзү “суранам”

сөзү менен аяктаган, ал жөн гана “сурайм же сураймын” деген кошумча оттенокко ээ болбогон сөздөр менен аякталуусу зарыл.

Арыз жазуучу 5-реквизитти (бул реквизитте тиркеме берилет) да аткарса болмок, тактап айтканда, бул реквизитке жашаган жеринен маалымкат (справка), үй-бүлө мүчөлөрүн күбөлөндүргөн маалымкат (состав семья), мектепке барган баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү, эмканадан (поликлиника) берилген № 64 форма, ал документтер канча барак жана канча беттен тургандыгын толук жазуусу керек эле.

6-реквизит (арыз жазуучунун колу) өз ордунда колдонулган эмес.

7-реквизит “Арыз ээси” деген ашыкча сөздү пайдалануу менен аткарылган.

8-реквизиттин датасы да туура эмес жазылган. Датасы да туура эмес жазылган. Жылы жазылгандан кийин сызыкча коюлган эмес, арыз жазуучу иреттик сан атоочтордун жазылышын билбейт. Негизинен, дата цифра түрүндө же цифра-сөз түрүндө берилет. Цифра түрүндө болгондо “2012.19.04” деп, ал эми цифра-сөз түрүндө болгондо “2012-жылдын 19-апрели” деп берилиш керек.

Ошентип, арыз иш кагазы 11 реквизиттен турат да, анын 8 реквизити гана арыз жазуучу тарабынан аткарылат. Төмөндө жогорудагы арыздын туура жазылган вариантын сунуштайбыз:

4-мисал

Ош шаарындагы № 43 орто мектептин директору Х.Х.Шараповага аталган шаардын Токтогул-12 көчөсүнүн тургуну Б.Бабаевадан

АРЫЗ

Уулум Бабаев Асандын мектеп жашына жеткендигине байланыштуу аталган мектептин 1-классына кабыл алууңузду сурайм.

Тиркеме: 1. Жашаган жерден берилген маалымкат. 1 барак, 1 бет.
2. Үй-бүлө мүчөлөрүн күбөлөндүргөн маалымкат. 1 барак, 1 бет.
3. Туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү. 1 барак, 1 бет.
4. Эмканадан берилген № 64 форма. 1 барак, 1 бет.

(колу) Б.Бабаева
2012.10.08

Бул 4-мисалдагы арыздын 2-реквизитинде арыз жазуучунун жашаган жери толук көрсөтүлүш керек эле. Тактап айтканда, көчөсү жана үй номери так көрсөтүлүүсү зарыл. Биз үлгүнүн түп нускасында бул маалыматтарды кездештире албагандыктан, биз да аларды көрсөтө албадык.

Биз макаланын көлөмүнө ылайык туура эмес жазылган арыздын үлгүлөрүнүн көпчүлүгүн макалага кийирүүгө мүмкүнчүлүк болбоду.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, туура эмес жазылган арыздарды жана иш кагаздарынын башка түрлөрүн да ар бир эле мекеме-уюмдардан, ишканалардан кездештирүүгө болот. Мындай көрүнүш мамлекеттик тилдин тазалыгына жана өнүгүшүнө терс таасирин тийгизери бышык. Ошондуктан ар бир кыргыз жана кыргызстандыктын мамлекеттик тилдеги иш кагаздарын сабаттуу жаза билүүсү, анын атуулдук парзы.

Мамлекеттик тилдеги иш кагаздарын сабаттуу жазууну үйрөнүүдө, иш кагаздары боюнча жарык көргөн адабияттарда да бирдиктүү пикир жок экендигин байкоого болот. Мындай так эместиктер иш кагазын үйрөнүүчүлөргө белгилүү бир деңгээлде тоскоолдуктарды жаратат. Мисалы, арыз иш кагазынын 3-реквизити жөнүндө иш кагазынын аты кичине тамга менен жазыларын кезегинде проф. Т.Аширбаев өзү белгилеген, аны 1999-жылы жарык көргөн “Иш кагазынын үлгүлөрү” деген китепчеде пайдаланган. Бирок, 2001-жылы жарык көргөн “Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. –Бишкек, 2001” эмгекте арыз иш кагазы баш тамга менен жазылгандыгын проф. Т.Аширбаев да туура эмес экендигин белгилеген жана аны келечекте кайрадан оңдой тургандыгын айткан эле, бирок автор аларды оңдоого үлгүргөн жок. [2: 66]. Биз ал маселелерди автордун керээзин аткаруучу катары келечектеги ишибиз жана парзыбыз деп эсептейбиз.

Арыз иш кагазынын “Арыз” деп баш тамга менен жазылышын “салтка айланган принцип катары” кабылдашат. Биз бул пикирди колдобойбуз. Анткени “арыз” 1-2-реквизиттин уландысы

же сүйлөм ушул сөз менен аяктап жатат, ошондуктан кичине тамга менен жазылганы туура, себеби сүйлөм эч качан баш тамга менен аяктабагандыгы белгилүү эмеспи. Иш кагазынын аталышы кичине тамга менен берилип турса эле, документтин атын билдирбей калбайт. Ошончолук эле документтин атын белгилөө зарыл болсо, анда бардык арибин "АРЫЗ" деп баш тамга менен жазууга болот. Негизинен, иш кагаздарынын аталыштары (аты) 2 түрдүү жол менен берилет.[5: 22, 27, 31].

1. Өзүнөн мурунку сөздүн уландысы катары келген иш кагаздарынын аталыштары бар. Буларга "арыз, мүнөздөмө, протокол, буйрук, түшүнүк кат, билдирүү (рапорт) "ж.б. у. сыяктуу иш кагаздары кирет.
2. Ал эми тема катары келген иш кагаздарынын аталыштары бар. Аларга "Өмүр баян, тил кат, жарыя, кулактандыруу, келишим, ишеним кат" ж.б. иш кагаздарын алууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, арыз иш кагазын жазуу жөнөкөй көрүнгөнү менен аны аткарууда көңүл бөлчү маселелер көп. Негизинен, иш кагазын жазуу жогорку деңгээлдеги сабаттуулукту жана билимди талап кылат. Ал эми мамлекеттик тилдеги иш кагаздарын сабаттуу жаза билүү, мамлекеттик тилге салым кошуу болуп эсептелет.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 4-китеп. – Бишкек, 2004.
2. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. – Бишкек, 2001.
3. Жапарова Б.Б., Калыева Ө.А. Иш кагаздарын мамлекеттик жана расмий тилде жүргүзүү. – Бишкек, 2006.
4. Ибрагимов С. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. –Бишкек, 2006.
5. Кошуева М.Ж. Мамлекеттик тилдеги иш кагаздарынын негиздери. – Бишкек, 2014.
6. Кыргыз тилиндеги иш кагаздарынын үлгүлөрү. – Ош, 1999.

УДК: 494.3:894

Көчөрова Г.О., ЖАМУнун журналистика жана мамлекеттик тил кафедрасынын доценти

Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романындагы аралык, орунду билдирген фразеологизмдердин стилистикалык маанилери

Аннотация: *Конкреттүү чыгармалардагы фразеологизмдердин стилистикасы, стилистикалык маанилери азыркы кыргыз тилинде изилдөөгө алынып жатат. Экинчиден, аралык, орунду билдирген фразеологизмдердин мааниси өтө чоң. Үчүнчүдөн, фразеологизмдерди бул багытта изилдөө кыргыз тилинин өнүгүшүнө, практикалык жагына өз таасирин тийгизет. Макала ушул маселелерди эске алуу менен жазылды.*

Ачкыч сөздөр: *фразеологизм, чыгарма, сүйлөм, маани, туруктуу айкаш, бир маанилүү, тарыхый окуя*

Аннотация: *В современном кыргызском языке исследуются стилистические значение и стилистика фразеологизмов в конкретных произведениях. Во вторых; фразеологизмы обозначающие место и расстояние имеют значимую роль. В третьих, изучение фразеологизмов в этом направлении оказывает благотворное влияние на развитие и практическое употребление кызгызского языка. Статья была написана учитывая все вышеуказанные проблемы.*

Ключевые слова: *фразеологизм, произведение, предложение, значение, однозначное слово, историческое событие*

Аралык – белгиленген эки орундун ортосундагы мейкиндик. Чексиз, өтө алыскы аралык да болушу мүмкүн. Мындай фразеологизмдерге ***узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына, ит өлгөн жер*** деген фразеологизмдер сыяктуу туруктуу айкалыштар кирет.

Орун – нерсенин жайгашкан жери. Абстрактуу да, конкреттүү да нерсенин өз орду болот. Мисалы, күндүн, айдын жалпысынан асман телолорунун орду – космостук мейкиндикте, ал эми жан-жаныбарлардын орду жерде болот. Жөнөкөйлөтүп алсак, килемдин орду дубалда, жерде, китептин орду – китеп текчеде жана башка. Абстрактуу нерсе – аба, мунун орду – мейкиндикте,

аба катмарында. Кээде конкреттүү нерсе абстрактуу орунда болуп калат. Мисалы, курман болгон адамдын кийинки өмүрү, орду – наркы дүйнө. Чыгармада орунду билдирген: ***өз үйүң, өлөң төшөгүң, канжыгадан көрүшүү, ат жалынан бүткөрүү, өз уясы, өз үйү, өлөң төшөгү*** сыяктуу фразеологизмдер кездешет. *Ана, көз ача элек кызыл эт бала… Алтын бешик… Кунда жок каухар кемер… Жөн тегин адамдын баласы эмес,* ***узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына*** *кабар кылып таанып алары чыкпаган соң миң уругунун айылынан сүтү бар зайып табышып, балага алтын бешиги менен табылган бала дешип, Алтын бешик деп ат коюшат (Т.Касымбеков "Сынган кылыч").* Баланын ээсин табуу үчүн, өтө алыс аралыкка чейин кабар кылуусун – ***узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына*** деген сыяктуу фразеологизм туюндурду. Демек бул фразеологизм билдирген маани-белгиси алыскы аралыктын чен-өлчөмү. Ал эми бул фразеологизмди архаикалык фразеологизмдердин катарына кошсок болот. Ошондой эле бул туруктуу айкаш бардык эле контекстте дайыма өзүнүн бир гана маанисин сактайт. Мисалы, *Баатырга* ***узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына*** *чейин барып кызды таап келүүгө буйрук кылынды.* Мында да алыскы аралыкты билдирди. Демек бул фразеологизм бир гана маниге ээ.

Мына ***өз өргөсү, өлөң төшөгү*** *демекчи,* ***кызыл жалыны жалмаңдап күйгөн арча оттун кызылын тиктеп өз төрүндө олтурат (Т.Касымбеков "Сынган кылыч").*** Алымбек датканын өз өргөсүндө отурганы – ***өз өргөсү (үйү), өлөң төшөгү*** фразеологизми аркылуу билдирилди. Алымбек датканын өзүнүн жашаган үйү, орду – анын өз өргөсү, өлөң төшөгү. Бул фразеологизм контекстте дайыма таандык категория аркылуу ишке ашырылат, башкача айтканда орунду кимдир бирөөгө таандык кылып көрсөтөт. Чыгармадан дагы бир мисал келтирели: *Искак кадалып тиктеп:*

- *Алейкум – ассалом, келиңиз бек - деп, Абдрахмандын колун ордунан турбай алды да бет алдында жаткан ташты көрсөтө берди.*

– Келиңиз, олтурунуз, ***өз үйүбүз, өлөн төшөгүбүз*** *эмес кечиргейсиз.* Бул жерде Искактын өз үйү эмес экендиги, анын ордуна орундук катары ташты көрсөтүп жаткандыгы далил болду, тактап айтканда, бул сүйлөмдөгү негизги айтылган орун катары үй эмес, коончунун багындагы бир кичинекей гана жер болду. Эки мисалда тең белгилүү болгондой, ***өз үйү, өлөң төшөгү*** фразеологизмдери – дайыма турак-жай, үйдүн ордун көрсөтөт. Ошентип бул туруктуу айкаш да моносемикалык фразеологизмге жатат.

Мисалы: Логлоп жетелеп келген жигиттин колунан кара аргымактын сагагын алып, колтуктан сүйөп аттандырды Бекназар.

- *Эми көрүшсөк* ***канжыгадан көрүшөт*** *окшойбуз, эмчектештерим, кайыр… - деди Мусулманкул.*

Бул мисалдагы фразеологизм – ***канжыгадан көрүшүү***. Канжыга – наркы дүйнө, наркы дүйнөнүн ордун көрсөтөт. Мусулманкул туугандары менен болгон ыйкы-тыйкыдан кийин Абил бий, Бекназар, Алманбеттер менен эми мындан ары бу жарык дүйнөдө жүз көрүшпөстүгүнө ишенип, өлөрүн билген үчүн ушинтип айтып жатат. Ушул эле фразеологизм катышкан дагы бир сүйлөмдү мисалга келтирели:

Аргасыздын иши. Насирдин хан баланын бешенесинен сылады. ***Каңырыгы түтөгөндөй*** *болду:*

- *Кайыр…****Канжыгадан көрүшөрбүз…***

Зайып ийилип таазим кылды да, Баланы бооруна кысып, акырын басып чыгып кетти (Т.Касымбеков "Сынган кылыч"). Бул мисалда да тиги дүйнөдөн көрүшөрүн Насирдин хан өз наристесине айтып жатат. Демек бул фразеологизм дайыма бир адамдын адамдар менен жарык дүйнөдө көрүшпөстүгүнө, бул дүйнөдө бар болоруна, жок болоруна ишенип айткан кебинде гана колдонулат. Ошондой эле бул фразеологизм дайыма бир гана орундун белгисин билдирет. Ошондуктан бир маанилүү фразеологизм.

Ат жалынан бүткөрүү:

Курманжан айым карача аргымактын суулугун бура тартып, кайра окчундай жетелей басты:

- *Куп жакшы! Андай болсо аттан түшпөң, ырым болсун, датка. Качуу оюңузда жок болсо, маслахат үчүн эле келген болсоңуз куп жакшы,* ***ат жалынан бүткөрөлү,*** *датка…(Т.Касымбеков"Сынган кылыч"231-бет).* Бул контексттеги ***ат жалынан бүткөрөлү*** фразеологизми – аттан түшпөй, ат үстүндө гана сөздү бүтүрүү деген **орунду** билдирген маани менен кошо, **ишти тез аранын ичинде** убакытты текке кетирбестен бүтүрүү керек деген маанини да түшүндүрүп жатат. Бул фразеологизмдин экинчи мааниси көбүнчө зарыл болгон жумушту тез аранын ичинде, зык убакытта гана бүтүрүүдө колдонулат. Мисалы: *Абалыбыз* ***кылычтын мизине келип турган учурда*** *мындай ишти* ***ат жалынан бүткөрүү*** *ылазым (Т.Касымбеков).* Ошентип

бул туруктуу айкаш эки маанини алып жүргөндүктөн, көп маанилүү (полисемикалык) фразеологизм боло алат. *Ат жалына казан ас, ат жалынан бүткөрүү, атка минер* сыяктуу фразеологизмдер кыргыз улутунун колоритин даана чагылдырган фразеологизмдер экендигин контекстте, ал турсун контексттен сыртта турганда да байкоого болот. “Сынган кылыч” романында колдонулган ушул багыттагы фразеологизмдер анын тарыхый окуя экендигин, кыргыз элинин башынан өткөн окуя экендигин далилдөөгө да өз таасирин тийгизген десек, жаңылыштык болбойт.

«Сынган кылыч» романындагы мезгил, орун, аралык, белгисин туюндурган фразеологизмдердин берген маанилерине карата топтолушу, бөлүнүшү, анын стилдик касиетинин аткарган стилистикалык функциясы, чыгарманын максатынын ийгиликтүү ишке ашышына эң негизги каражат, таяныч катары кызмат аткарып, окуяны окурмандын аң-сезимине, көз алдына элестүү кылып жеткирүүчү, жалпылап айтканда, семантика-стилистикалык функциясы болуп саналат.

Пайдаланган адабияттар:

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. - Б. : "Айбек" фирмасы 1997.
2. Сапарбаев А., Өмүралиева С., Эгембердиев Р. Кыргыз тили. –Б.: «Мектеп» 1993.
3. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразелогиясы. –Б.: «Кыргызстан-Сорос фонду», 1996. 123-б.
4. Т.Касымбеков «Сынган кылыч» -Б., 1998.

Kochorova G.O. Jalal Abad SU

The Stylistic Meanings of phraseologies indicating place and distance in T. Kasimbekov’s novel “Syngan Kylych”

Annotation: *This article deals with stylistic meanings of phraseological units expressing the distance of location in the novel “Syngan kylych” by T.Kasymbekov. Stylistics and Stylistic meanings of phraseological units in a specific context or work are studied in the modern Kyrgyz language. Secondly, phraseological units expressing distance and place have significant role. Thirdly, study of phraseological units in this field has a positive impact on development and practical use of the Kyrgyz language. The article was written taking into account the problems mentioned above.*

Key words*: phraseologism, publication, sentence, meaning, constant meaning, single meaning, historic story*

УДК: 494.3:894

Көчөрова Г.О., ЖАМУнун журналистика жана мамлекеттик тил кафедрасынын доценти

Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы адамдын оор абалын туюндурган фразеологизмдердин стилистикалык кызматы

Аннотация*: “Сынган кылыч” романында бири-бирине окшобогон тарыхый инсандардын образдары берилген. Макалада образдарды ачууда жазуучунун колдонгон фразеологизмдердин семантика-стилистикалык, функционалдык-стилистикалык жагы ңтң эле ар тщрдщщ. Макаланын мазмунун мына ушул маселелер тщзңт.*

Ачкыч сөздөр: *роман, фразеологизм, мисал, синоним, стилистика, маани, элестүүлүк*

Аннотация*: Стилистические функции фразеологизмов обозначающих тяжелое душевное состояние человека в романе Т.Касымбеков “Сынган кылыч”.*

В романе “Сынган кылыч” переданы образы исторических личностей не имеющи сходства друг с другом. В раскрытии образов писатель использовал различные семантико-стилистические и функционально-стилистические фразеологизмы. Содержание статьи.

Ключевые слова: *роман, фразеологизм, пример, синоним, стилистика, значение, образность*

Адамдын же бүтүндөй бир элдин же социалдык топтун оор абалын туюндурган фразеологизмдер негизинен алардын кайсы бир даражада жашоосунда кыйынчылыктарга дуушар болушу же жамандыкка кабылган учурун образдуу чагылдырууга ыңгайлашкан. Мындай фразеологизмдерге төмөнкүлөр кирет: *колу жер астында калуу, көзүнөн кан чыгуу, алдырар күнү жаздырар, эки аягы бир кончко тыгылуу, болор иш болду, боңгуна канды, бөйрөгү бөксөрүп калуу, боору менен сойлоп калуу, элдин жону жукаруу, жүрөгүнөн кан кетүү, өлбөгөн төрт саны калуу ж.б.*

1. «Положение» боюнча коншулаш мамлекеттер менен кандайдыр бир денгээлде алака кылыша турган зарылдык болсо андай иштер кеңешилип жургузулушу эки жакка тен эскертилген.

Абдырахман маңыроо тартып олтурат: ***«Эки аягыбыз бир кончко тыгылган экен!...»*** *Генерал – губернатор фон Кауфман ордунан тура келип, Кудаяр хандын колун кармап, анын өкүмдарлык даражасын кадырлай тургандыгын жактады. Кол койду «Положение» түбүнө.*

Контексттен көрүнүп тургандай, Кудаяр хандын эптеп тынч жол менен хандыгын сактап калууну чечип алуу үчүн Туркстан генерал – губернатору фон Кауфманга келгенде, алардын шарты боюнча бүт Кокон хандыгынын жер – сууларын, түркүн тайпа элинин Россиянын курамына өткөндүгү, орус шаар көпөстөрүнүн эркин соода жүргүзүү жана кандай гана мамлекеттик алакалар болбосун кошо чечилери жөнүндөгү «положениеге» макул болушуна абтабачы Абдрахмандын эми эки тарап болуп бийлик жүргүзүп абдан оор кырдаалга келерин, чындыгында, эки аяк бир кончко тыгылса батпай, кысылып ооруткан сынары эле эки бийлик бир элге, бир мамлекетке (Кокон хандыгына) келишинен пайда болгон оор абалды *эки аягыбыз бир кончко тыгылган* деген фразеологизми аркылуу баяндалып жатат. Бул жерде бийликтин оор абалы айтылып жатканы менен, элге ошондой бийликти алып келген, бир жагынан, хандыктын өкүлдөрү, экинчи тарабынан, Россиянын колониялык саясаты экендиги талашсыз. Демек биринчи кезекте мындай бийликтин кесепети, сөзсүз, карапайым элге тийет. Ошонун натыйжасында караламан эл оор абалда калат. Аныктап айтканда, бул фразеологизм түздөн-түз адамдын абалына карата айтылбастан, бийликтин келечекте боло турган абалына карата айтылуу менен бирге адамдардын да келечектеги оор абалынан маалымат берип жатат.

2. – Бир тууганым, - деди Сарыбай бир убакта Мадылга, туугандардын колундагы быдыры жуттан чыкпай калды, күн сайын билинип ачарчылык келатат. Бүркүттүн жеминин камын мен кылайын, сен оокаттын камын кылбасан болор эмес… - Сарыбай бүркүт кондуруп жүргөн жаргак кол капты Мадылдын алдына таштады. – Ушуну алдына таштап, Теңирберди агама менден салам айт, бир улоо дан берсин. Теңирберди ***жөн билги*** *адам. Түшүнөт жайыбызды. Ушундай деп эле ачык айт:* ***Колубуз жер алдында жатып калбас*** *ушул байдон, таба – тута кутулабыз де.*

Сарыбайдын үй-бүлөсүнүн, жалпы эле кара таман элдин ачарчылыкка туш болуп жутчулук өкүм сүрүп турган оор абалды *Колубуз жер астында калбас* деген фразеологизми аркылуу берилди. Кандай гана контекстте келбесин, бул туруктуу айкаш – жокчулук, кедейчилик маанисин түшүндүрүп, көбүнчө бирөөдөн жардам суроо, кайрылуу максатында колдонулат. Жалпысынан алганда, бул фразеологизмдин мааниси семантикасында **бул абалдан чыгабыз** деген мааниси бар.

3. *– Сарыбай дити барбай сүрдөн бир үзүп ооз тийди да, дасторконго колунун учун сүртүп алып, баштыгынан тартуусун сууруп, Карабайдын алдынан койду.*

- Бай, бергиңиз келсе, улак да болсо ыраазы болуп алып кетем, ***көзүмдөн кан чыгып турган учур****, ушул арзыбаган немеге сүйөп байым бирдеме кайрылабы деп келгеним.*

Мындан мурунку мисалда келтиргендей эле, бул мисалда да Сарыбайдын ачарчылыктан Карабайдын алдына илбирстин терисин тартуулап, эптеп жегилик бирдеме алып кетейин деп келгенин, абалынын кыйынчылыкка дуушар болуп калганын *көзүмдөн кан чыгып турган чак* фразеологизми аркылуу билдирилип жатат. Демек бул контексттеги туруктуу айкаштын мааниси – **зарыгуу, муктаж болуу.** *Көзү чачыроо, эки көзү төрт болуу* - ага синоним. Фразеологиялык сөздүктөрдөн *көзүнөн кан чыгуу* фразеологизми кездешпейт. Бул автордун өзгөртүп түзүүсү менен ушундай структурага келтирилип, берилүүчү ойду курчуткан жана элестүүлүгүн, ойдун таамай болушун камсыз кылган. Бул фразеологизм бир эле жан багууга керек болгон нерсеге зарыгууда эмес, башка бир нерсеге – буюмдарга, курал-жаракка жана башкаларга - муктаж болуп, көзү чачырап тургандагы абалды сүрөттөөдө да колдонула берет. Мисалы, *Толгонайдын азыр кара күчкө зар болуп,* ***көзү чачырап турган кези.*** Бул фразеологизмдин дагы бир синонимии – *эки көзү төрт болуу.* Мисалы: *Ошол китепти окусам дегенде* ***эки көзүм төрт болуп турат.*** Бул эки

фразеологизмдин мааниси – бир нерсеге муктаж болуу. Демек бул фразеологизмдер бири-бирине синонимдик маниге ээ болуп, адамдагы **муктаж болуу абалын** туюндурат.

- *Дутар! – деди кату Насирдин хан, эшик ача эшикке атып чыгып кеткен соң, ал ыйлагысы келгендей, буулугуп өзүн араң токтотуп: - Силер, ханзадалар, бектер, таксырлар… эмне кылып жүрөсүңөр?... Ата мурас бийлик кана?! – Эл кана?! – Мына, отурасыз мында, миң тукумунан, асылзаада аскер башы Султанмурат бек! Тексиз селсаяк Искактын атынын дүбүртү чыкса катынынызды таштап,* ***куйругунузду кыпчып*** *ордону көздөй качасыз. Султанмурат бектин* ***өлбөгөн төрт саны калды.*** Насирдин хандын жогорудагыдай айткан сөзүнөн соң Султанмурат бек жер жарылса кирип кеткидей эле абдан оор абалда калды. Чындыгында, күчтөн тайып, оор абалга калганга караганда, уят болуп оор абалда калган өтө оор болот. Анткени «сөз адамды өлтүрөт» деген элдин сөзү эзелтен жашап келет. *Өлбөгөн төрт саны (шыйрагы) калуу* фразеологизми бирөөнүн шагы сынып, уят болуп, шылдын абалда калганын айкындайт. Ал эми мындай көрүнүш, сөзсүз түрдө адамдын оор абалын туюндурат.

5. *Абил бий чын кейип:*

- *Атаны, жолдо өлгүр ай, Ким колдуу болду экен? Сарыбай өзү тигинтип жатканда… - деди да Мадылдын өзүн жемеледи. – Күлүк аттын жоосу көп болорун билесин го, а жанына жатпайсынбы, чылбырын билегине байлап жатпайсынбы?!.*

- *Жанында эле жатчу элем.* ***Алдырар күнү жаздырар болуп…*** *- деп калтырады Мадыл (Алдырар күнү жаздырар* – Мадылдын оор абалын көрсөттү).

6. *Кеткен келгенде биротоло мүнкүрөтөт белем?! Үч үйлүү тууган төмөн кең өрөөнгө Саз-Сай деген жерге көчмөй болушту. Сарыбайдын абалы болсо бул. Ал эмне демекчи?! «Болуптур, туугандарым, издеген жагыңардан бакты таап кеткиле ылайым. Курсагыңар ачпасын, ийниңер тозбосун, ажырыктай чайлап ургуңар көбөйсүн!» деп бата берип,* ***жүрөгүнөн кан кетип*** *коштошту.*

(*Жүрөгүнөн кан кетүү* – Сарыбайдын кыйын абалда калышы көрсөтүлдү).

1. *Өтө кыйын мезгилде Абдрахмандын курал таштаганы Искактын* ***бөйрөгүн бөкшөрүп кетти****. Жалгыз өзү кетсе мейли эле? Аны ээрчип жыйырма бек кетти, бектер кетсе мейли эле, бектерди ээрчип түмөн-түмөн кол кетти, тайпа-тайпа эл кетти. Көтөрүлгөн элдин өзөгү бузулду.* (*Бөйрөгү бөкшөрүп калуу* – Искактын өбөксүз, жөлөксүз абалда калышы көрсөтүлдү).
2. *Ошондо, аллаяр, азиз* ***башыңызга күн түшүп калбас*** *бекен а? 118-б.*

Мына ушундай көптөгөн мисалдарды келтирүү менен бир гана ушул чыгармада гана эмес, оозеки кепте деле адамдын оор абалын туюндурган фразеологизмдер көбүнчө карапайым, каратаман, кедей адамдарга айтылары бышык. Ал эми бул романда мындай фразеологизмдер, айрыкча Сарыбайдын үй-бүлөсүнүн, Мадылдын, Искактын, Султанмурат бектин, жалпы карапайм элдин оор абалын абдан жеткиликтүү элестүү түшүндүрүп, көбүнчө моносемикалык жана синонимиялуу мааниде келүү менен бирге стилистикалык түрдүү (оор, кыйынчылык абалда калуу кызматтарын) кызмат аткарды.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Осмонкулов А. Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы. Бишкек, 2006.
2. Сартбаев К.К. Тил илиминин маселелери. Фрунзе,“Мектеп”,1987.
3. Касымбеков Т.«Сынган кылыч» -Б., 1998.
4. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү 1-т. - Фрунзе.: Илим, 1972.- 7126.
5. Мусаев С.Ж. Жалпы тил илими. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. - Бишкек, 1998. - 211 б.

Kochorova G.O. Jalal Abad SU

The Stylistic service of Phraseologisms Used to Illustrate People’s Difficult Situation in T. Kasimbekov’s Novel “Syngan Kylych”

Annotation: *The article touchs stylistic functions of phraseological units which illustrate people’s heavy emotional condition of a novel “Syngan kylych” by T.Kasymbekov.*

This novel portrays images of historical individuals which have no likeness with othesr. In revealing images, the writer used a variety of semantic-stylistic and functional stylistic idioms.

Key words*: novel, phraseologism, example, synonym, stylistics, meaning, impression*

УДК: 392.22

Маданова К.Ж. ОшМУ, окутуучу

«Манас» эпосундагы көөнөргөн диний лексика

Аннотация: *Макалада «Манас» эпосунда кездешкен айрым эски диний түшүнүктөрдүн мааниси чечмеленип берилет.*

Ачкыч сөздөр*: «Манас» эпосу, дин, элдик оозеки чыгармачылык, анимизм, тотемизм,фетишизм, сыйкыр, диний лексика.*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются отдельные архаические религиозные понятия, которые встречаются в эпосе «Манас».*

Ключевые слова*: Эпос «Манас», религия, устное народное творчество, анимизм, тотемизм, фетишизм, магия, религиозная лексика.*

«Манас» эпосуна бүгүнкү күндө мамлекеттик деңгээлде көңүл бөлүнүп, ага ар тараптуу илимий багытта камкордук көрүлүп жатат. «Манас» үчилтиги ж.б. кенже эпостор, элдик оозеки чыгармачылыктын башка үлгүлөрү кайрадан басылып чыкты. Жогорку окуу жайлардын окуу программаларына «Манастаануу» сабагынын киргизилиши, эл аралык, республикалык денгээлдеги илимий конгресстердин, симпозиумдардын уюштурулушу эпостун кыргыз журтчулугуна гана эмес, дүйнөлүк маанидеги баалуу кенч экендигин ырастайт. 2014-жылдын 15-апрелинде ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурасты коргоо боюнча Өкмөттөр аралык комитетинин чечими менен кыргыздын «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги адамзаттын материалдык эмес маданий мурастарынын атайын тизмесине киргизилиши кыргыз элинин өзүнүн байыркы руханий байлыгы жана дүйнө маданиятына кошкон салымы бар экендигин айгинеледи. Демек, «Манас» эпикалык үчилтиги жалпы адамзаттык баалуулукка, маданий мураска айланды. Бул саамалыктар «Манас» эпосун илимий жактан ар тараптуу иликтөөгө өбөлгө түзөт.

«Манас» эпосу тарыхый-этнографиялык, философиялык, лингвистикалык, географиялык, фольклордук ж.б. маалыматтарга өтө бай, маанилүү булак катары кызмат кылары илимге белгилүү. Мындан сырткары, эпос элдик илим-билимдердин, жазылбаган салттык мыйзамдардын казынасы катары кызмат кылат. Тарыхый-этнографиялык булак катары эпос кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдери (анимизм, тотемизм, фетишизм, шаманизм), каада-салттары, коомдук абалы, коомдогу социалдык алакалары, кыргыздар жашаган коомдун (мамлекеттин) экономикалык негизи, кыргыздардын уруулук курамы жана алардын жайгашуу ареалы, кыргыздардын тектеш, кошуна жашаган элдер, уруулар менен алакаларын изилдөөдө кызмат кылат. Ошону менен бирге, кыргыздардын башка элдер менен этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын иликтөөдө, топонимдер, этнонимдер, зоонимдер, антропонимдер ж.б. боюнча маалыматтарды иргеп алууда эпостун мааниси зор экендиги илимге маалым.

Айрыкча«Манас» эпикалык чыгармасынын маалыматтары кыргыздардын диний ишенимдеринин багыттарын иликтөө боюнча түгөнгүс кенч болуп кала берет. «Манасты» изилдөөчүлөрдүн бизге белгилүүлөрүнүн бири – казак окумуштуусу Чокан Валиханов өткөн кылымдын ортосунда эпоско төмөнкүдөй баа берген: «Манас» эпосу бул бир убакытка келтирилген жана бир адамдын – Манас баатырдын тегерегине топтолгон кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламыштарынын энциклопедиялык жыйнагы. Бул – талаа «Илиадасы» сыяктуу чыгарма. Бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздардын турмушу, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү жана эл аралык мамилеси орун алган [1; 23]. Бул чындыкка ылайык берилген илимий аныктамада кыргыздардын дини жөнүндө да айтыла кеткен. Аны кыргыздардын азыркы дини ислам жөнүндө гана деп түшүнүү жаңылыштык болор эле. Эпос кыргыздардын байыркы диний ишенимдери жөнүндө да баалуу маалыматтарды өзүнө камтып турат.

Эпостун бардык варианттарында кыргыздардын байыркы доорлордон кечээ жакынкы мезгилдерге чейинки диний ишенимдери, алардын кыргыздардын күндөлүк жашоо-тиричилиги, каада-салттары, социалдык алакалары, диний ишенимдердин коомго жана адам баласынын жашоосуна тийгизген таасири чагылдырылат.Эпосто динге байланыштуу көөнөргөн сөздөр (диний лексика) арбын кезигип, өзүнчө катмарды түзүп тургандыктан, биз алардын айрым мисалдарына гана токтолмокчубуз.

Ислам динин кабыл алганга чейин кыргыздардын диний ишенимдеринин системасында табияттын культу маанилүү орунду ээлегендиги маалым. 19-кылымдын экинчи жарымында

жергебизге келген казак окумуштуусу Ч. Валиханов кыргыздардын өз сөзүндө алланын атын көп колдонорун, аны байыркы монголдор сыяктуу көктеңир (асман-кудай) деп аташарын жазып калтырган [2; 73]. Ал бул маалыматы аркылуу теңирдин алла, кудай деген сөздөрдүн синоними катары колдонулушун көрсөткөн. Ал эми белгилүү этнограф С. М. Абрамзон асман культу байыркы түрк уруулары калыптанган Борбордук жана Чыгыш Азиянын дээрлик бүт аймагында таралганын тактоо менен теңирчиликтин «Аалам» түшүнүгү менен бирдей, окшош экендигин белгилейт [3; 307-308] . Эпосто *теңир* деген сөз бир топ эле арбын жолугат. Бул Борбордук Азияда жашаган элдердин мифологиясында эң байыркы мезгилдерде эле жолуккан термин. 1) «асман», «көк» менен маанилеш. Окумуштуулар анын этимологиясын кытайдын «тянь», байыркы шумерлердин «диңгир»деген сөздөрү менен катар карашат. 2) Теңир алгач асмандын ээси, кудайы катары байыркы анимисттик ишенимдердин негизинде калыптанган. Байыркы түрктөрдүн мифологиясында адамдардын, элдердин, мамлекеттин тагдырын чечүүчү башкы кудайга айланган. Мусулмандашкан түрк элдеринде, анын ичинде кыргыздарда «Кудай», «Алда» деген терминдердин ордуна колдонулуп, политеисттик түшүнүктөн монотеисттик түшүнүккө өткөн. Эпосто терминдин бардык маанилери орун алган. Бирок, негизинен, теңир эски түшүнүк катары эсептелери басымдуулук кылат [4; 145]. Түрк тилдеринде сүйлөгөн элдерден тышкары теңирчилик дини монгол тилдүү элдерге да тиешелүү. Эпостун көпчүлүк кийинки варианттарында көкө теңир кытай-калмактардын кудайы катары берилген. Бирок теңир өзүнчө айтылганда кудай маанисинде да колдонула берет. Кыргыз тилинде туура эмес жорук кылгандарды «теңирден тескери иш кылат» деп бааласа, өтө катуу нааразы болгондо «теңир ургур» деп каргоо азыркы кезге чейин учурайт. «Тең жегенди теңирим сүйүптүр» деген макал да бар. Мунун өзү кийин кабыл алынган *кудай* жана *алла* деген түшүнүктөр теңир аттуу көөнө аталышты биротоло сүрүп чыга албагандыгын көрсөтөт. Эгемендүүлүккө жеткенден кийинки жылдарда республикабызда ислам дининин ордуна биз кайрадан өзүбүздүн ата-бабаларыбыздын түпкү динине кайрылышыбыз керек деген пикирди карманган адамдардын тобу пайда болгондугун кошумчалай кеткибиз келет.

Жогоруда айтылган, башкача айтканда, кыргыздардын теңирчиликти тутунган мезгилине таандык көөнө сөздөрдүн катарына бүгүнкү күндө тилибизде колдонулбай, унутулуп калган «жай таш» деген сөз да кирет. Радлов жазып алган Алмамбеттин окуясына байланышкан эпизоддордо эпостун байыркы катмарына жаткан шаманисттик «жай таш» деген түшүнүк бар. Жай ташын колдонуу, жай ташын пайдалана билүү үчүн анын окуусун окуу түрк элдеринин оозеки чыгармаларында көп кездешет. Жайташ моңголдордо «жада», «яда», казактарда «жайтас», якуттарда «сата» деп аталып, сыйкырдуу магиялык күчкө ээ таш катары сүрөттөлөт [5; 195]. Бирок жай ташын колдонуу «Манас» эпосунда башка элдерге караганда өтө кеңири айтылат.

Алмамбет баатыр муну айтып,
Каспанды беттеп алганы.
Камбылдын кара суусуна,
Жайташтантөртөөнсалганы.
Касыйдадан кат окуп,
Калмакча кара дуба жат окуп.
Баатыр Алмантурганы [6; 261].

Кыргыздарда жай ташы табияттын сырдуу күчтөрүнө карата айтылып, жай ташы аркылуу табияттын күчүнө бир нерселер суралып, табиятка буйрук берилген. Кыргыздар жай ташы аркылуу күндүн жаашын тилешкен. Кыргыздар составында болгон байыркы чыгыш түрктөрүнүн мамлекетинин VIII-IX кылымдагы Орхон-Енисей жазууларында жай ташы сыяктуу түшүнүктөр учурагандыктан, жай ташы Енисей боюнда жашаган кыргыздарга байыркы убакта эле белгилүү болгону байкалат. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча жай таш койдун же уйдун карынында болгон. Коомдук турмуш жана адамдардын арасындагы байланыштар өзгөргөн сайын жай таш жөнүндөгү түшүнүктөр да өзгөргөн. Ислам дини кыргыздарга тарагандан кийин кыргыздардын байыркы ырымы жай таштын дубасына араб-фарсы тилинен сөздөр киргизилип, айтуу формасы да өзгөрүлгөн. Жай ташын кыргыздар байыртадан бери кургакчылык убагында жамгыр тилөө үчүн гана эмес, жоокерчилик убакта согуш куралы катарында душмандар менен күрөшүү үчүн согуштук ык катарында колдонгондугу «Манас» эпосунда ачык көрсөтүлүп жана көп айтылганын жогоруда белгилеп кеттик. Мына ушинтип, кыргыздарда байыртадан бери келе жаткан жай түшүнүгү табияттын күчүн жеңүү үчүн болгон элдин аракетин баяндайт.

Дал жогоркудай эле унутулуп калган сөздөрдүн катарын «жоорунчу» аттуу сөз да толуктайт.«Манас» энциклопедиясына ал кырк чоронун бири катары кирип, Сагымбай

Орозбаковдун вариантына таянуу менен «казактардын Жоорунчу»делип саналып өтөт [5; 225] . Бул антропонимдин маанисин белгилүү тилчи-окумуштуу Х. Карасаев: «Жоорунчу» - казак сөзү, далы көрүүчү деген мааниде. Казак тилинде «жаурын» - далы. Аттын жооруганы да ушундан келиши этимал»[7;33] деп чечмелеген. Далы көрүүчүнү кыргыздар *далычы* деп аташкан.Далычы койдун далысынын сөөгүн отко кактап аябай ысытат да, андан кеткен жаракалардын формасы боюнча көзү ачыктык кылат. Далыны карап бал ачуу Борбордук Азияда, Сибирдеги түрк-монгол элдеринде байыркы мезгилдерден бери карай кеңири колдонулуп келген. Далы көрүүчү кыргыз тилинде жоорунчу деп да айтылат [4; 55] . Ал эми этнограф А. Мурзакметов: «Жаңы төрөлгөн бөбөктү коёндун далысы менен оозантып, тогуз жашка чыкканга чейин күн сайын көрсөтүп турса бала далычы, көзү ачык болот экен. Ал далыны карап эле ар кандай иштерди алдын ала айтуу касиетине ээ болот дейт. Бирок такай көрсөтүп жүрүп унутуп коюп, көп мезгилден кийин далыны көрсөтө койсо, баланын жүрөгү жарылып кетет деген ишеним бар» [8; 110] деп белгилейт. Эл ичинде андай баланын арам тамактан (мисалы, уурдалып келинген) ооз тийип калса алдын ала көрүүчүлүк касиети жоголуп кетет деген сөз бар.

Кыскача жыйынтыктай келсек, «Манас» эпосунда сакталып калган эскирген, көөнөргөн сөздөр, анын ичинде диний лексика кыргыздардын түрк-монгол тилдүү элдер менен болгон диний ишенимдериндеги байланыштарды, бул элдердин тарыхый, маданий жалпылыгын тастыктап турат. Байыркы башаттарга кайрылуу менен учурдагы коомдук аң-сезимди калыптандырууда, кыргыз элинин улуттук калыптануусуна көмөк көрсөтүүгө мүмкүн. Демек, аларды изилдөө иши актуалдуу маселе болуп саналат.

Адабияттар

1. Валиханов Ч. Очерки Джунгарии / Энциклопедический феномен эпоса «Манас». Сб. ст. об эпосе «Манас». – Б.: Гл. ред. КЭ, 1995.
2. Валиханов Ч. Ч. Собрание сочинений в пяти томах. – Алма-Ата: Главная редакция Казахской советской энциклопедии: Том II. 1985.
3. Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф.: Кыргызстан, 1990.
4. «Манас» эпосунун сөздүгү / Түзгөндөр: Э. Абдылдаев, А. Акматалиев, Б. Садыков, Р. Сарыпбеков. – Б.: 1995.
5. «Манас» энциклопедиясы. Т. 1. – Б.: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995.
6. Манас. 4-к. (С. Орозбаковдун вар.). – Ф.: Кыргызстан, 1982.
7. Карасаев Х. Камус наама: «Манас» сөздүгү. – Ф.: Кыргызстан, 1990.
8. Мурзакметов А. К. Кыргыз ырым-жырымдары. – Ош: 2014.

Madanova K.J. Osh SU, teacher
e-mail: missKuzya@mail.ru

Annotation:*This article discusses some archaic religious concepts that are found in the epic "Manas".*

Key words*: Epic "Manas", religion, folklore, animism, totemism, fetishism, magic, religious vocabulary*

УДК: 81'372:11. 512. 154

Мамашова А.Т., ОшМУнун аспиранты

“Ай”концепти кыргыз эл табышмактарында
Концепт “Луна” в киргизских народных загадках
The concept “The moon” in folk riddles

Аннотация: *Макалада “Ай” концептинин кыргыз эл табышмактарындагы мааниси анализге алынат.*

Ачкыч сөздөр*: концепт, Ай, Күн табышмак, кыргыз эли, менталдык дүйнө*

Аннотация**:** *В статье анализируются значение концепта “Луна”в кыргызских народных загадках.*

Ключевые слова: *концепт, Луна, Солнце, загадка, кыргызский народ, ментальный мир*

Дүйнөдөгү бардык элдер сыяктуу эле кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында табышмак жанры кеңири учурайт. Табышмак кандайдыр бир затты, көрүнүштү же башка абстрактуу түшүнүктөрдү өз аты менен атабай, алардын негизги белгилерин айтып, аталышын башка бирөөдөн талап кылган тапшырма түрүндөгү чакан чыгармалар. Кыргыз фольклорунда мазмуну, композициялык курулушу, түзүлүшү боюнча табышмактар төмөнкүдөй формаларда, көрүнүштөрдө айтылып келген: 1) ритмдүү жорго сөз түрүндөгү табышмактар; 2) ыр түрүндөгү табышмактар; 3) учкул сөздөн турган прозалык формадагы табышмактар; 4) суроолуу табышмактар; 5) айтыш табышмактары; 6) жомок түрүндөгү табышмактар 7) эсеп табышмактары. [1: 91].

Табышмак эки бөлүктөн турат. Ал табышмак (суроо) жана жандырмак (отгадка и кодирующая часть) деп аталат жана дүйнөнүн тилдик жана концептуалдык сүрөттөлүшүн чагылдырат. Кодировкаланган образдык бөлүк ааламдын сүрөтүн ишке ашырган тилдик каражат болуп эсептелет, ал үчүн: биринчиден, семантикалык образдын логика-семантикалык топторунун (парадигмалардын), экинчиден, таанымдын кошумча булагы катары эсептелген сөздүн мүнөзү боюнча ар түрдүү ассоциативдик байланыш бар экендигин көрөбүз. [5:40]. Мына ошол байланыш табышмак аркылуу ар кандай концептти чечмелөөгө болот.

Кыргыздар жаратылыш кубулуштары, табиятта болуп туруучу ар кандай өзгөрүүлөр жөнүндө ойлонуп, аларды өз көздөрү менен көрүп, байкоо жүргүзүп, анан ага карата асмандагы жылдыздар, Ай менен Күн, Жер, суу, чагылган, жыл мезгилдери жөнүндө толуп жаткан табышмактарды чыгарышкан. [4: 6].

Кыргыз элинин Ай жөнүндөгү табышмактарына көңүл бурабыз. Кыргыздар ааламдагы башка заттар сыяктуу эле Айдын да көрүнүшүнө, түрдүү өзгөрүүлөрүнө көңүл бурушуп, Ай жөнүндө көптөгөн табышмактарды жаратышкан. Мисалы: *1.Алакандай бети ааламга татыр*. Мында Ай асманда кичинекей (алакандай) болуп сезилгени менен ааламдын баарына, бүткүл жер бетине көрүнө аларын түшүнүү менен табууга тапшырма берилди. Мындан башка да ушул сыяктуу бир нече табышмактарды келтире кетсек болот.

2. Бир баатыр, ааламдын баарына татыр.

3. Кичине баатыр, ааламга татыр.

4. Жарты патир, ааламга татыр.

5. Жалгыз патир, баары жокко татыр. [4:15].

Бул варианттар негизги образы менен айырмаланбаган айрым сөздөрү менен гана айырмаланып турган табышмак катары кароого болот.

Жогоруда (1-табышмакта) Айдын көрүнүшү алаканга салыштырылса, ал эми кийинки табышмактарда (2-5 таб.) “Ай” сөзүн “баатыр”, “патир” сөзү менен алмаштырып, табууга тапшырма берилди. Патир-бул кооздолуп бышырылган, тептегерек, чоң нан. Мында “нан” сөзүн, “татыр” сөзү менен уйкаштыруу максатында “патир” сөзүн колдонгон.

Айдын фазалык өзгөрүүлөрүнө жараша кээде ичке, жарты же толук болуп көрүнгөндүктөн, анын ушул көрүнүшүн да кандайдыр бир буюмга салыштыруу менен табууга тапшырма берилет. Алсак:

6. *Кырга кылыч көмдүм,*
Кылычымды түндө көрдүм.
Өзү асманда, жарыгы жерде [4:15] - деген табышмакта Айдын жаңырган кезиндеги (эл арасында “жаңы туулган”) Айды (2-сүрөт) (молодая луна — первое появление Луны на небе после новолуния в виде узкого серпа) кылычка окшоштуруп салыштыруу менен анын тоо артынан (“кырдан”) чыгарын да айтып жатат. Бул жерде “кырга” сөзүн “тоого” деп да алмаштырса да эч кандай маани өзгөрбөйт. Бирок, “кылыч” сөзү менен тыбыштык анафора аркылуу уйкаштык түзүү максатында колдонулган. Жогорудагы (6-таб) табышмакты дагы башка 7. *Кырдан кылыч көрдүм. 8. Кырда кылыч жаркырайт* [4:15], деген варианттарында да айтылат.

Кыргыздар өздөрүнүн байкоолору, астрономиялык билимдерине таянып, айдын бир жак бети, тактап айтканда, күн тийген жагы гана бизге көрүнөрүн билишкен.

Жер-Ай-Күн системасы



(Луна по своему пути вокруг Земли освещается Солнцем, она сама не светится.
1. *новолуние, 2. молодая луна — первое появление 3. первая четверть, 5. полнолуние, 7. последняя четверть.).* [6: башкы бет].



Жогорудагы сүрөттө көрсөтүлгөн абалда болору табышмактарда төмөндөгүдөй айтылат. Мисалы, *9. Бир бети кара, бир бети ак, терең ойлоп аны тап* табышмагында Ай өзү тегерек боло тургандыгын, бир (күндүн нуру чагылышкан) бети гана жарык болуп көрүнө тургандыгын түшүнүп жандырмагын табууга тапшырма берилип жатат. Ушундай эле табышмакты негизги мазмунун өзгөртө албаган анча мынча гана айырмачылыктарга ээ болгон төмөнкүдөй варианттары да көп:

10. Дүйнөдө бар алтын терек,
Мунун жарымы алтын,
Жарымы күмүш болсо керек,
Аны тапкан адамдын акылы зерек.
11. Жабыктагы жарты нан,
Жатып жесем түгөнбөйт.
12. Көк дасторкон бетинде,
Кээде бүтүн жарты нан.
Көп көрөбүз байкасак,
Бүтүн эмес жартыдан.
13. Там үстүндө жарты нан.
14. Жапсарга жарты нан койдум. [4:15].

Жогорудагы 11-14 табышмактарда Айдын формасын “нанга”, ал эми асманды “дасторконго”, “тамга”, “жапсарга” салыштырып, ой жүгүртүүнү талап кылган тапшырма берилди. Ал эми *15. Бир калыпта жүгүрбөс шок, түндө бар да, күндүз жок* деген табышмакты карап көрө турган болсок, паремиянын биринчи бөлүгүндө “бир калыпта жүрбөс” деп Айдын фазалык өзгөрүшүнө жараша ар кандай формада көрүнүп турарын айтып жатса, экинчи бөлүгүндө түнкүсүн гана чыгарын айтуу менен табууга тапшырма берилди. Ошондой эле,

14.Тептегерек чоң айнек,
Көлгө түшүп чөкпөдү.
Аны көрүп чочулап,
Атым басып өтпөдү[4:15] - деген табышмакта Айдын көлгө чагылышып, көл ичинде көрүнгөнү айтылып жатса, “ *Аны көрүп чочулап, атым басып өтпөдү”* деген паремия аркылуу асманды көлгө салыштырып жатат. Негизинен, ат көлдөн басып өтө албайт, көлчүктү басып өтө алат. Ошондой болсо да, аталган парадигма уйкаштык түзүү максатында колдонулган.

15. Муз үстүндө жаадай сөйкө[*4:15*]. Бул табышмакта асманды көк музга, ал эми айды сөйкөгө, айдын формасын жаага салыштырып жообун табууга тапшырма берилет. Табышмак *16. Муз үстүндө булан сөйкө*, вариантында да айтылат.

17. Он беш күнү достошуп күлөт,
Он беш күнү кабагын бүркөп жүрөт, [*4:15*].

Бул табышмакта Айдын образын түзүүдө аны жандандыруу, элестетип көрсөтүү да көркөм каражат катары кызмат кылды. Башкача айтканда, адамдын образына салыштырылып, "достошуу", "кабагын бүркөп жүрүү" сыяктуу сөздөр менен өзүнчө бир образды элестетип, салыштыруу менен айтылды. Бул салыштыруу логикалык ой жүгүртүү аркылуу табышмактын жообун чечмелөөнү талап кылат. Ошондой эле, Айдын он беш күнү жарык болуп, он беш күнү карангы болорун берүү менен анын жандырмагын табууга жол көрсөтүп турат. Ушундай эле маани төмөнкү табышмактарда да орун алган. Мисалы:

17. Он беш күнү тегерек,
Он беш күнү бак.
Он беш күнү кара,
Он беш күнү ак.
18. Он беш алма он беш шак,
Он беши кара, он беши ак. [*4:15*]

М.Ауэзов жумбакты (табышмакты) сөз образынын ачкычы катары таанууга болот деген. [3:4]. Чындыгында, табышмактатылып жаткан нерсенин атын атабай туруп, анын образын түзүү табышмак жанрындагы негизги өзгөчөлүктөрдүн бири. Ал үчүн ар түрдүү ыкмалар колдонулат. Мындай ыкмалардын ичинен эң ыңгайлуусу жана кеңири колдонулганы салыштыруу.

Нерсенин образын түзүүдө жандандыруу, элестетип көрсөтүү да көркөм каражат катары кызмат кылып, жансыз нерселер кыймылда болот, сүйлөшөт, аракет жасашат, эмгектенишет. Мисалы: *19. Асманда койлору жайнайт, артынан койчусу айдайт. (жылдыздар, Ай)* [*4:16*]. Түнкүсүн асмандагы көп жылдызды койго, Айды койчуманга салыштырып табышмак жаратышкан. Ошондой эле, *20. Эки куланды бир кулан жеп келет, Аркасын аптапка салып келет(Ай, Булут, Күн)* [*4:17*] - деген табышмактын жообун (жандырмагын) табуу менен анын маанисин чечмелеп кетсек. Парадигманын биринчи бөлүгүндө эмне жөнүндө тапшырма берилип жатканын толук табуу кыйын, эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын бир аз болжолдоого болот. Тактап айтсак, бир зат аркылуу жок кылынган эки зат эмне экендигин так айта албайбыз. Парадигманын "*Аркасыны аптапка салып келет,"*деген бөлүгүндө "аптап" сөзү бүтүндөй табышмактын жообуна ачкыч сөз катары кызмат аткарып жатат. Аптаптын (ысыктын) салкын тартын калышында булуттун кызматы бар, анткени булут Күндү тосуп аптаптын табы бир аз азаят. Мында аптапка артын салган - булут. Ал эми аптапты (жылуулукту) берүүчү - жалгыз гана Күн. Демек, алдыңкы саптагы эки кулан, асмандагы заттар, Ай менен Күн. Мына ушул сыяктуу салыштыруу аркылуу Ай, Күн, Булут, жылдыздар жана башка заттар жөнүндө бир нече табышмактарды жаратып, алардын жообун табууга тапшырмалар берилген. Мисалы, төмөндөгү табышмактарды айтууга болот.

21. Күндө көрдүм дарыя чалкар көлдү,
Эки каз мекен кылып жатыр аны,
Ортосунда жети сары балапаны. (Асман, Ай, Күн, Жетиген)

22. Бир курсакта эгиз кыз,
Бир жатууга зар болот.
Бир учу көк тирейт,
Бир учу жер тирейт,
Ушуну ким билет? (Ай, Күн, Күндүн желеси). [4:17].

Төмөндө Ай менен Күндү асмандагы эки эң негизги заттар катары табууга тапшырма берген табышмактарды карап көрөлү:

23. Ак боз аттын башы,
Алтын ээрдин кашы.
Муну тапкан адамдын,
Жүзгө чыксын жашы. (Ай, Күн)

24. Байдын кызы наадан,
Нааданга битта нан,
Битта нанды бөлүп жейт,
Ар бир адам. (Ай, Күн)
25. Эзелден бери эки адам,
Бири-бирине жете албайт. (Ай, Күн)
26. Эки көзүм бар,
Дүйнөнүн баарын көрүп турам. (Ай, Күн)
27. Эки тулпар жүгүрөт чаң чыгарбай.
28. Учуптур Машырыктан эки булбул, (Ай, Күн)
Булбулду издеген бир кызыл гүл.
Булбул издеп бир кызыл гүл тапса дагы,
Конууга бакча таппай айланып жүр (Ай, Күн) [*4:17*].

Бул табышмактарда Ай менен Күндү ар башка заттарга салыштырып, табууга тапшырма берилген. Атап айтканда, Күндү байдын кызына, Айды нанга (24-таб.), Күндү ак боз аттын башына, Айды алтын ээрдин кашына (23-таб.), адамга (25-таб.), адамдын эки көзүнө (26-таб.), тулпарга (27-таб.), булбулга (28-таб) салыштыруу аркылуу жаратылган.

Асмандын түнкү көрүнүшүн карап, Ай менен жылдыздарды койчу менен койго (29-таб.), чүкө менен томпойго салыштырып да жаратылган табышмактар да көп.

ЖЫЛДЫЗ, АЙ
29. Асманда койлор жайнайт,
Артынан койчусу айдайт.
30. Миң кочкор,
Миң кочкордун ичинде
Бир алп кочкор.
31. Миң чүкөдө бир томпой.
33. Көп чүкө,
Көп чүкөнүн ичинде
Чоң чүкө.
34. Ордодогу көп чүкө,
Ортосунда бир сака.
35. Этегим толгон көп чүкө,
Ортосунда бир сака.
АЙ, КҮН, ЖЫЛДЫЗ
38. Алтын табак,
Күмүш кашык,
Алты жүз шуру таш.
Ат-Башыдан ат качырдым,
Куюнчудан кунан качырдым. [*4:17*]

"Ай" концепти табышмактын жообу катары гана эмес, табышмакты жаратууда Айды салыштыруу максатында да колдонулат. Алсак,

39. Ай-Айга багышат,
Алтын табак кагышат.
Күн-Күнгө багышат,
Күмүш табак кагышат. (Күн күркүрөө, чагылган)
40. Айдан азан чакырса ааламга угулуптур. (Күн күркүрөө, чагылган). [*4:20*].

"Ай" концептинин мааниси айтыш табышмактарында да кенен чечмеленет. Алсак, Тоголок Молдонун "Талым кыз менен Көбөктүн айтышы" аттуу чыгармасында төмөнкүчө айтылат:

-Адамзат пендеси,
Сүйгөн нуру не болот?
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру не болот?-деген Талым кыздын суроосуна, Көбөк:
-Адамзат пендеси,
Сүйгөн нуру таң болот.
Асман менен закымдап,

Жүргөн нуру Ай болот, -деп жооп берет [2: 349].
Бул табышмактуу айтышта бардык суроолор сыяктуу эле, Айдын асмандагы кыймылын сүрөттөө аркылуу табууга тапшырма берилди. Бул логикалык ой жүгүртүүнү жана зиректикти талап кылат.
Жогорудан биз табышмактар элдин жекече бөтөнчөлүктөрүн, жаратылыш, өзүн курчаган чөйрө тууралуу алгачкы түшүнүктөрүнө, жашоо өзгөчөлүктөрүнө, көз караштарына жараша жаралгандыгын биле алдык. Ошондой эле, “Ай” концептинин денотаттык маониси ар түрдүү салыштыруулар менен берилгенин билүүгө болот. Бул салыштыруулар когнитивдик пикир алмашуучулардын аң-сезиминдеги дааналык, тактык даражалары боюнча ар түрдүү колдонулган. “Ай” концепти бул табышмактарда элес, образ, символ, түшүнүк, мазмундук форма катары берилген. Алар аркылуу биз төмөндөгүчө жыйынтыкка келебиз.
“Ай” концептинин кыргыз эл табышмактарында чагылдырылышын карап чыгып:

1. Кыргыз элинин менталдык дүйнөсүндө “Ай” концепти боюнча базалык бирдиги жогору;
2. Айлана-чөйрөнү таанып-билүү аракети бар;
3. Аталган концепт жөнүндө комплекстүү маалыматты алып жүрөт;
4. Коомдук аң-сезимдин айланадагы кубулушка болгон мамилеси, логикалык ой жүгүртүүсүнүн деңгээли жогору деген жыйынтык чыгаруу туура деп ойлойбуз.

Колдонулган адабияттар:

1. Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү / Башкы ред. А. Карыпкулов; Түз.: Ж. Шериев, А. Муратов.-Б.: КЭнин Башкы ред., 1994. -160 б.
2. Мусаева В. Кыргыз адабиятынын антологиясы. Акындар поэзиясы. 3-том Б.-2012.-528
3. Казактын халык жумбактары. –Алматы. 1959.
4. Табышмактар / Ред.: А. Акматалиев. – Б.: Шам,(«Эл адабияты»). 2002.
5. Тарабукина М. В. Концепт «Человек» и способы его отражение в русских и якутских загадках. idil 2.9 (2013): 36-43.
6. Фазы Луны. (интернеттен) ru.wikipedia.org/wiki/.

Mamashova A.T., aspirant OshSU.
E-mail: aiai.84@ mail.ru

The concept “The moon” in folk riddles

Annotation:*In the article there will be analys value of concept "The moon" in folk riddles.*

Key words: *concept, The moon, The sun, riddle, Kyrgyz people, the mental word.*

УДК: 37. 048. 2

Маткасымова В.К., ОшГУ
Маликова А.З., ОшГУ

К вопросу о концептуализации понятия педагогического наставничества

Аннотация*: Макалада жаш окутуучулардын профессионалдык компететтуулугун арттырууда насаатчы же педагогикалык устат тушунугунун негизги функциялары , мумкунчулуктору, ментор жана консультант катары уюштуруу формалары кенири каралган.*

Ачкыч сөздөр*: профессионалдык компетенттуулук, устат, шакирт окутуу методу*

Аннотация*: Данная статья посвящена определению основных функций понятия “наставничество”, а также выявлению возможностей наставничества в повышении профессиональной компетентности начинающих учителей. Обсуждаются подходы к понятию “наставничество”, раскрываются типы наставничества и выявляются функции наставника как ментора и консультанта.*

Ключевые слова*: профессиональная компетентность, наставничество, менторство, подопечный, метод обучения.*

В английском языке слово «mentor» означает «наставник». Ментором звали героя древнегреческой мифологии, который был мудрым советчиком, пользовавшимся всеобщим доверием. До недавнего времени это слово сохраняло своҗ значение. Именно его часто использовали политики, спортсмены, актёры и другие люди для описания человека, которого они выбрали в качестве ролевой модели, или человека, оказавшего на них значительное влияние на разных этапах карьеры.

Как и в случае с коучингом, существует много различных определений наставничества. Следующие примеры позволяют представить широкое многообразие интерпретаций наставничества в сфере образования, бизнеса и в обществе в целом:

Одним и самых первых английских авторов, пытавшихся дать определение наставничеству, был Дэвид Меггинсон, который писал:

«Наставничество – существенная помощь персоналу…, который нуждается в перспективе, в видении будущих возможностей. Наставничество требует некоторого уровня доверия, потерянного в отношениях «судейского» линейного менеджмента, требующего поддержания дисциплины и оценки уровня мастерства и профессионализма». [12, 76]

Наставничество - это поддержка и установка молодой личности на пути развития собственного потенциала и собственных навыков, а также выбора и профессионального становления в определенной сфере. Наставник обеспечивает соответствующее сопровождение, делится опытом, знаниями и поддерживает подопечного способом, который является эффективным и результативным. Наставничество является ярким примером педагогики сотрудничества, сущность которой заключается в демократическом и гуманном отношении к подопечному, обеспечении его права на выбор, на собственное достоинство, уважение. [1].

В докладе, опубликованном в 1989 году Советом национальных академических наград и Государственной службой обучения, наставничество трактуется следующим образом: «существует множество определений и точек зрения на роль наставника, и все они содержат в себе глаголы «поддерживать», «руководить», «содействовать» и т.п. Их важнейшие аспекты связаны со слушанием, задаванием вопросов и открытием перспектив, а не с инструктажем, приказанием и ограничением.

Наставничество, это неформальный процесс обмена знаниями, социальным опытом и психологическая поддержка, получаемая обучаемым в работе, карьере и профессиональном развитии. Наставничество включает неформальные коммуникации, обычно между двумя людьми, в длительном периоде, между сотрудником, имеющим большой обьем актуальных знаний, мудрости или опыта, и сотрудником, который обладает ими в меньшей степени [6].

Личности наставника играет ключевую роль в успешном или наоборот, деструктивном эффекте данного метода развития персонала. Наставник должен не только иметь соответствующие навыки, знания или опыт, но и уметь правильно и своевременно донести их до обучаемого сотрудника [7].

Дэвид Клаттербак в 1991 году писал в своей книге «Каждый нуждается в наставнике» «Наставник – это человек, обладающий опытом, готовый делиться своими знаниями с менее опытными людьми в обстановке взаимного доверия. Первейшей характеристикой наставника должно быть совмещение в одном лице ролей родителя и сверстника, он должен быть своего рода переходной фигурой в развитии индивида.Наставничествовключает в себя коучинг, консультирование и создание сети контактов. Не нужно поражать своего протеже знаниями и опытом. Наставник просто должен поднимать дух и поощрять ученика, делясь с ним своим энтузиазмом по отношению к своей работе». В этом определении Клаттербак затронул проблему соотношения наставничества и коучинга. Действительно, наставничество может включать в себя коучинг, но не наоборот.

Кроме приведннных определений, постоянно появляются и другие:

«В условиях современного бизнеса наставничество всегда, удалено, по меньшей мере на один порядок (от ответственности непосредственного линейного руководства); оно направлено на долговременное приобретение и применение навыков в процессе развития карьеры и осуществляется в форме консультирования и предоставления совета» [8, 96]

«Наставники – это люди, которые посредством своих действий и своей работы помогают другим людям реализовывать свой потенциал» [13, 1992].

«Назовём мы это коучингом, помощью, советом, консультированием или наставничеством, если оно проводится качественно, его эффективность будет зависеть главным образом от веры осуществляющего этот процесс менеджера в человеческий потенциал» [14, 1997].

«Наставничество – это процесс, в который входит не только коучинг, но и более широкое консультирование и поддержка, например, карьерное консультирование, привилегированный доступк информации и т.д.»[11,96]

«Позади каждого добившегося успеха человека стоит она элементарная истина: кто-то, где-то, каким-то образом заботился о его росте и развитии. Этим человеком был их наставник» [10, 320].

Раскрывая сущность и функции современного менторинга, Б. Шмидт под словом «наставник» («ментор») понимает гида или консультанта, который благодаря своему опыту и знаниям способствует развитию своего подопечного [1]. В нашем исследовании мы придерживаемся определения Г. Льюиса: «Наставник - это человек, обладающий определенным опытом и знаниями, высоким уровнем коммуникации, стремящийся помочь своему подопечному приобрести опыт, необходимый и достаточный для овладения профессией» [2]. При этом наставничество в системе образования мы рассматриваем как «постоянное взаимоотношение нового учителя с представителями педагогического сообщества, которое осуществляется в первый год вхождения нового учителя в профессию. Оно направлено на долговременное приобретение и применение профессиональных навыков в процессе развития карьеры начинающего учителя и предполагает сотрудничество между новым учителем и наставником» [3]. Среди важнейших целей наставничества многие исследователи называют формирование индивидуального профессионального стиля, активности и самостоятельности.

Наставничество — не дань моде и не инновация, а достаточно традиционный метод обучения. Его еще с древних времен использовали ремесленники: молодые подмастерья, работая рядом с мастером, изучали профессию. Этот метод широко распространен и сегодня, примеров его применения особенно много на производственных предприятиях. По сути наставничество — это обучение на рабочем месте, основной целью которого является оперативное вовлечение новых сотрудников в выполнение должностных обязанностей и деятельность учреждении. Чаще всего такое обучение осуществляется в индивидуальной форме. Таким образом, наставничество отличается своей практической направленностью, непосредственной связью с производственными функциями сотрудника.

Отсюда следует, что далеко не каждый человек способен исполнить роль наставника. Помимо отличного владения профессиональными навыками наставники должны обладать целым рядом личностных качеств, из которых в первую очередь следует отметить чувство ответственности, целеустремлںнность, отзывчивость, терпение, чувство такта, владение приںмами коммуникации и высокую самоорганизацию.

Немаловажной для наставника является способность увлечь и заинтересовать своего подопечного. Это в значительной мере повышает мотивацию сотрудника и эффективность процесса обучения.[4] Даже после того, как благополучно заканчивается срок стажировки и обучаемый приступает к самостоятельной работе, наставник должен наблюдать за ним и быть готовым прийти на помощь в трудных ситуациях.

Исходя, из перечисленных задач можно сделать вывод, что любой учреждении выгодно внедрять и развивать наставничество. Эта система не является узкопрофильной, она направлена на достижение разнообразных целей организации, значимых с практической точки зрения.

Привлекательность и очевидная выгода данного метода для всех сторон участвующих в процессе обучения, является одной из причин, по которым наставничество уже долгие коды не утрачивает своей актуальности, не смотря на появление новых разработок в сфере методик обучения персонала.

Наставничество позволяет развивать сотрудника не только в профессиональном, но и в личностном плане, что, в конечном счете, также оказывает влияние на рабочие результаты. [1].

В 1995 году было проведено исследование техник наставничества, наиболее часто применяемых в западном бизнесе[13], которое позволило выделить среди них пять наиболее востребованных элементов, присущих большинству техник, среди которых:

«Сопровождение»: подразумевает взятие обязательств наставником по оказанию помощи обучаемому, которые включают в себя принятие участия в развитии и профессиональной деятельности сотрудника на протяжении всегопериода обучения.

«Посев»: подразумевает формирование у обучаемого сотрудника тех знаний или навыков, которые пока еще не актуальны, но в дальнейшем будут иметь ценность, когда до этого дойдет дело, когда ситуация этого потребует. Посев позволяет постепенно подготовить обучаемого сотрудника к предстоящим рабочим задачам, даже в тех случаях, когда сами сотрудники еще не готовы к подобным изменениям.
«Катализация»: в данном случае наставник принимает решение о погружении обучаемого в среду изменений, провоцируя расширение кругозора, изменяя восприятие и порядок ценностей обучаемого сотрудника. «Показ»: Наставник, на личном примере, демонстрирует определенные навыки, методики совершения определенных действий, способы решения поставленных задача, тем самым делая понятными конкретные рабочие ситуации.

«Сбор урожая»: Наставник концентрируется на том, что бы получить обратную связь от обучаемого сотрудника о том, что было изучено за время обучения и какие выводы из этого были сделаны. Ключевыми вопросам здесь становятся «Что изучено?» и «Насколько это полезно в работе?».

Основные признаки, присущие наставничеству:
• гибкость в организации, без прописанного набора правил или требований, оно может реализовываться в различных ситуациях разными методами; стиль обучения не регламентирован трудовыми соглашениями и деятельность наставника рассматривается как важное общественное поручение;
• его ориентированность, направленная на повышение профессионализма в период адаптации молодого специалиста, а не на изменение его личности;
• эффективность, включающая систему «обратной связи» и являющейся структурной составляющей отношений «наставник – молодой специалист», что стимулирует интерес и внимание к процессу обучения, повышает его действенность;
• универсальность, выступающая координирующим, стимулирующим и управленческим процессом, который действует параллельно или дополнительно к любому иному методу обучения.

В заключении стоит еще раз отметить то, что метод наставничества сейчас, как и уже долгие годы, является одним из наиболее востребованных методов обучения и развития персонала, как в Кыргызстане, так и за рубежом. Даже в тех случаях, когда учреждения не может позволить себе подготовку полноценной программы наставничества, потенциальные наставники могут формировать их самостоятельно, неформальным путем. При должной поддержке руководства такой тип наставничества так же может давать высокий образовательный эффект при минимальных затратах.

Список использованной литературы:

1. Антипин С.Г. Традиции наставничества в истории отечественного образования: автореф. дисс.… к.п.н. [Текст] / С.Г. Антипин. – Нижний Новгород, 2011. – 24 с.
2. Багдасарян А.А. Система развивающего взаимодействия «учитель-наставник-студент» как фактор профессионального становления будущего учителя: дис. ... к.п.н.: 13.00.08 [Текст] / А.А. Багдасарян. – Сочи, 2006. – 250 с.
3. Батышев А.С. Педагогическая система наставничества в трудовом коллективе [Текст] / А.С. Батышев. – М.: Высшая школа, 1985. – 272 с.
4. Лебедева Л.В. Наставничество как индивидуальная форма нравственного воспитания: дис… канд. филос. наук. - Тюмень, 1985.
5. Льюис Г. Менеджер-наставник. Стратегия раскрытия таланта и распространения знаний [Текст] / Г. Льюис. – М.: Амалфея, 1998.
6. Наставничество: тенденция к возрождению [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http:ууwww.sovetdirectorov.info/1275dekabr2011
7. Рогачевская Л.С. Наставничество: история и современность [Текст] / Л.С.Рогачевская. М.: Знание
8. Clutterbuck D. *Everyone Needs a Mentor* [Text] Y D. Clutterbuck, 1991. - 96 p.
9. Clutterbuck, D. (1998) *Learning Alliances,* IPD, London
10. Kaye B. Up Is Not the Only Way: A Guide to Developing Workforce Talent: Nicholas Brealey Publishing, 1997. - 320 p.
11. Landsberg Max. The Tao of Coaching, 1996.
12. Megginson, D. and Baydell, T. (1979) *A Manager's Guide to Coaching,* British Association for

Commercial and Industrial Education, London.
13. Shea, G. F. Mentoring: *A Guide to the Basics*, Kogan Page, London, 1992.
14. Whitmore J. Coaching for Performance, 1997.

Matkasimova V.K., Osh SU
Malikova A.Z., Osh SU

Conceptualisation in the meaning of a pedagogical mentoring

Annotation: *The article deals with the main functions, types, methodical approaches and meanings of mentoring in the professional competence of a beginning teacher.*

Key words*: professional competence, mentoring, mentee, methods of teaching.*

УДК:371.3

В.И. Мусаева, КББАнын Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, пед.и.д.

Орто мектепте кыргыз тилин окуучуга (инсанга) багыттап окутуп-үйрөтүүдөгү дидактикалык принциптер

Аннотация: *Макалада окуучуга кыргыз тилин багыттап окутуунун дидактикалык принциптери жөнүндө сөз болот*

Түйүндүү сөздөр: *окутуу технологиясы, окуучу, дидактикалык принциптер, талдоо, эне тили, тарбиялоо, бала бакча, мектеп*

Бүгүнкү заманбап зарылдыктарга ылайык, мектепте билим берүүнүн максат, милдеттери, мазмуну жана технологиялары убакыт өткөн сайын улуамдан улам жаңылануда. Учурда мектепте билим берүүнүн негизги максаты бул - көп тараптан өнүккөн, коммуникативдик –техникалык жактан жөндөмдүүлүктөргө ээ, терең ой жүгүрткөн акылман, билимдүү, адептүү, өз элине ак, адал кызмат кылган мекенчил инсанды калыптандыруу болуп эсептелет.

Коомдун социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүүсү менен бирге эле өз алдынча чечим кабыл ала билген, чыгармачыл, демилгечил, мээнеткеч инсандарга карата болгон талап да барган сайын күчөп жатат. Бул тууралуу Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн абройлуу нормативдик документтеринин биринде төмөнкүдөй деп айтылган: “инсанды көп түрдүү өзгөрүп жаткан дүйнөдө жекече жана коомдук жыргалчылыкты камсыз кылуучу жарандык жана кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо” зарыл. Орто мектептеби же орто жана жогорку окуу жайларында болобу кыргыз тилин окутуу да мына ушул жогорудагы белгиленген максаттарга жетишүүнү көздөшү абзел.

Мына ушундан улам, биздин көз карашыбыз боюнча, Мамлекеттик тилдин масалелерин чечүүнү кыргыз тилин бала бакчадан баштап жогорку окуу жайларына чейин ***окуучуга (инсанга) багыттап окутуп-үйрөтүү***
ишинен баштоо зарыл деп эсептейбиз. Ушундан улам, окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-11-класстарында кыргыз тили системалуу курс катары окутуп-үйрөтүүдөгү эң башкы максат бул - кыргыз тилин окуткан мугалим-педагогдордун ***окуучуга багытталган окутууну уюштура алуусу***. Ал эми биз окумуштуу-методисттер ал ишке ар тараптан көмөк көрсөтүшүбүз керек.

Кыргыз тилин окуп-үйрөнүү процессинде окуучулар жетише турган максаттар жана окуучулардын ал максаттарга жетишүү деңгээлин баалоодо, өлчөөдө жана талдоодо мугалимге көрсөткүчтөр (индикаторлор) жардам берет. Алар окутуунун жыйынтыгында окуучулардын эне тили боюнча билимин, көндүмүн, жөндөмүн, жеке сапаты менен баалуулуктарын жана жетишкендиктерин даана көрсөтө алат. Окуп – үйрөнүүнүн максаттары окуучунун көз карашынан коюлуусу шарт.

Көрсөткүчтөр окуучунун билиминин, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн жетишкендиктерин баалоодо чоң мааниге ээ. Буларга кошумча мугалим өзүнүн керектөөлөрүнө жараша окуучулардын муктаждыгын эске алуу менен башка көрсөткүчтөрдү да иштеп чыга алат. *Көрсөткүч (индикатор-указатель*) латын тилинен алынып, нерсенин сандык жана сапаттык жактан өсүү абалын мүнөздөп көрсөтүүчү чен өлчөгүч, приборду туюндурат.

Көрсөткүч бул – коюлган максатка жетишилгендиктин белгиси, далили болуп саналат. Көрсөткүчтөр окуучунун ишмердүүлүктөрү, билгичтик, ыкмалары аркылуу анын белгилүү бир натыйжага жетишкендигин көрүүгө жардам берет. Ошону менен бирге эле:

- мугалим жеке же биргелешип сабактардын пландарын же программаларды жазууга көмөк көрсөтөт;
- окуучунун жеке талабын жана мамилесин билдирет;
- окутуунун жыйынтыктарына таянуу менен окуучунун жетишкендиктерин баалоого жана отчет жазууга мугалимге жардам берет;
- окуучунун жетишкендиктерин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт;
- окуучунун окуп-үйрөнүүсүнө мониторинг жүргүзүүгө шарт түзөт;
- мугалимге окуп-үйрөнүүнүн программасын пландоого жардам берет.

Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар окуучунун эне тили боюнча билимин, билгичтигин, көндүмүн, топтогон турмуштук тажрыйбаларынын жыйынтыгы катары айлана - чөйрөдө кептик мамиле түзүүгө жетишүүсүнө же өз алдынча тилдик жана кептик жетишкендиктерин көрсөтө алуу менен аларды ар кыл турмуштук шарт-кырдаалдарга ылайык коммуникативдик-функционалдык максатта жемиштүү пайдалануусуна ийкемдүү шарттарды түзөт.

Кыргыз тилин орто мектептерде окутуунун максаты:

- окуучунун коммуникативдик ыкмаларынын өнүгүшүн жана социалдашуусун камсыз кылуу;
- тилдик, кептик жана маданий жактан калыптануусун жөнгө салуу

Кыргыз тилин орто мектептерде окутуунун милдеттери:

1.Когнитивдик - тилди таанып билүүнүн инструменти, чындыкты чагылдыруунун жана ошондой эле, башка окуу предметтери боюнча билим алуунун каражаты катары пайдаланат. Эне тилин бүтүн бир система катары кабыл алып, анын структуралык өзгөчөлүктөрүн жана тилдик бирдиктердин функцияларын түшүнөт. Тилдик көрүнүш, фактыларды талдай алат жана тилдик нормаларды оозеки жана жазуу кебинде колдонот.

2. Жүрүм-турумдук – кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө (угуу, сүйлөө окуу жана жазуу), карым-катнаштын ар кыл чөйрөсүндөгү кептик жүрүм-турум маданиятына ээ болот жана өзүнүн оозеки, жазуу кебин өркүндөтүүгө жөндөмдүү.

3. Баалуулук - тилди элдин маданиятынын бир бөлүгү катары тааныйт жана улуттар аралык маданияттын карым-катнаш формаларына ээ болот.

Кыргыз тилин орто мектептерде окуучуга (инсанга) багыттап окутуп- үйрөтүүнүн принциптери

Билим берүү процессинде жетекчиликке алынуучу жалпы принциптер:

- *Өнүгүү принциби*. Өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн бүтүндөй ишке ашыруу үчүн балага тандоо эркиндигин бере турган, баланын табигый шыгын эске алуу менен сабакта билим берүү ишмердүүлүгүн уюштурууну талап кылат. Ар дайым өнүгүү процесси болуп турушу керек. Адам алдына максат коюу менен ага жетишүүнүн жолдорун табат жана оң натыйжаларга жетишет.
- *Жамаатчылдык принцип*. Жамаатта гана анын коомдук маанилүү ишмердүүлүгү, жоопкерчиликтүү көз карандылык мамиленин өнүгүүсү аркылуу достук, жолдошчулук мамиле, бири-бирине жардамдашуу менен адамдар алга карай өнүгө алат. Мындай ыкма окуучулардын жекече жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен окууга карай кызыгуусун өнүктүрөт жана оң натыйжага алып келет.
- *Ийгиликке жетишүү принциби.* Окуп-үйрөнүү процессинде окуучу өзүнүн буга чейинки билинбей келген жашыруун жактарын ача ала турган, өзүн көрсөтө билген ,өзүнө, өзүнүн күчүнө, билимине ишенимдүүлүгүн сезген өзгөчө чөйрө түзүлүүсү зарыл.
- *Жаратылышына ылайыктуулук* (*природосообразности) принциби.* Билим берүү ишмердүүлүгү мезгилинде баланын жыныстык, курактык жекече өзгөчөлүктөрүн, анын темпераментин, мүнөзүн сөзсүз эске алуу зарыл. Окуучунун алдына ал ишке ашыра ала турган тапшырмаларды коюу керек.

Кыргыз тилин орто мектептерде окуп-үйрөнүүнүн принциптери жана окуу каражаттарын ылгоо

Кыргыз тилин окуп-үйрөнүү принциби мурдатан белгилүү болгон эне тилин өздөштүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнөн келип чыгат. Алар:

- ✓ ой жүгүртүү менен тилдин биримдигине таянуу принциби;
- ✓ окуучунун кептик практикасынан тексттин теориясына карай өтүү принциби;
- ✓ тилдик маанилерди окутууда алардын биримдиги, дифференциясы жана интеграциясы принциби.

Коммуникативдик-ишкердүүлүк ыкмасын ишке ашырууну камсыз кыла турган окуу каражаттарын ылгоо принциптери:

Дүйнөнү таанып билүүчүлүк принциби – тил, анын функциялары, пайда болуусу, тарыхый өнүгүүсү, тилдердин системалуулугу жана көп түрдүүлүгү, кыргыз тилинин бүгүнкү замандагы ээлеген орду, кыргыз адабий тили жана анын коомдук турмуштун бардык тармагында пайдаланылышы, тил жана жазуу жөнүндө окуучулардын илимий элестөөлөрүн өстүрүүнү камсыз кыла турган окуу материалдарын тандоо сунуш кылынат.

Системалык- функционалдык принцип – кыргыз адабий тили жөнүндө билимди түшүнүктөрдү, маалыматтарды сактоого жана бере билүүгө, карым-катнашка ылайыкташкан окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү боюнча иштердин теориялык негизин камсыз кылуучу, тактап айтканда, кептин ар кыл түрлөрү жана стилдери боюнча текст түзө билүүгө балдарды үйрөтүүчү система катары түшүнүктөрдү тандоону аныктайт.

Эстетикалык принцип – тилдин байлыгын, анын көркөм каражаттарын жана нормаларын, кептин жана тилдин ажайып кооздугун ачып берүүгө, ошондой эле, тилдик каражаттарды окуучулардын эстетикалык табитин , өзүнүн кебин эстетикалык жактан өркүндөтүү муктаждыгын калыптандырууга пайдалануу багытталган окуу материалдарын ылгоо сунуш кылынат.

Предмет аралык принцип – кыргыз тилинин мектеп курсуна кыргыз тилин башка окуу предметтери менен байланыштырууну уюштурууга зарыл болгон окуу материалдарын киргизүү сунушталат.

Практикалык принцип – окуучулардын билимдерин кеңейтүүгө гана байланыштуу эмес жана ошондой эле, компетенттүүлүктөрүн да калыптандырууга арналган окуу материалдарын тандоо дегенди туюндурат .

Орто мектепте кыргыз тилин окуучуга багыттап окутуп-үйрөтүү

Традициялык мектепте окутуу процесси мугалим тандаган билимдерди жана окуу программасын өздөштүрүү менен гана чектелет. Ал эми азыркы мектепте авторитардык типтеги окутуунун ордуна инсанды анын өзүн -өзү таануусун, өзүн- өзү таанытуусун өстүрүүнү максат кылган окуучуга багытталган окутуп-үйрөтүү келди. Билим, мектеп программасы- өнүгүүнүн каражаттары. Ушундай окуп-үйрөнүүнү түзүү үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- мугалимдин көз карашын өзгөртүү;
- класста окуп-үйрөнүүгө ыңгайлуу , жагымдуу чөйрө түзүү;
- окуучунун активдүүлүгүн жана өнүгүүсүн жөнгө салуучу методдорду пайдалануу;
- Мугалим кеңешчи, фасилитатор катары окуучуларга психологиялык жактан жардам көрсөтүп, алардын ишмердүүлүгүн оң багытта буруп туруусу зарыл.

Мектепте билим берүүгө компетенттүүлүк мамилени киргизүүдө окуучу билим берүү процессиндеги борбордук фигура катары эсептелиниши керек. Эне тили сабагынын башкы максаты - мектеп окуучусун эне тилин сүйүп-урматтап колдонгон инсан катары тарбиялоо. Мугалимдин алдында бир катар милдеттер турат. Атап айтсак:

- ар бир бала демилгелүү катышуусу үчүн окутуу процессинде кеп ишмердүүлүгүн кандай уюштуруу керектиги;
- окуучу жөн гана окубастан, окуганын түшүнүүсү – түшүнүп окуу;
- белгилүү темада дил баянды башкалардын сөзүн колдонуп, жөн гана жазбастан, жекече ой жүгүртүүсүн билдирүү үчүн зарыл тил каражаттарын таба билүүсү;
- өзүнүн жекече ой-кыялдарын ишке ашыруусу ж.б.

Эне тилин окутуу, чындыгында эле, окуучулардын кептик ой жүгүртүүчүлүк, коммуникативдик ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүн жөнгө салуусу, алардын кеп маданиятынын деңгээлин көтөрүүсү үчүн тилдин системасы, анын мыйзамдары таанытуучулук жактан гана эмес, функционалдык жактан да маанилүү катары эсептелинип, өздөштүрүлүүсү зарыл. Демек,

баарыдан мурда тилдик бирдиктерди окутууга карата мамилени өзгөртүп, алардын функцияларын окуткандан кийин гана аларга мүнөздөмө бериш керек. Ал эми азыркы учурда тескерисинче окутулууда. Мында тилдин түзүлүшү жана мыйзамдары тилдик системанын ар түрдүү элементтери бириккен кептик бирдиктин негизинде таанылат. Окутуунун мындай бирдиги ***текст*** болушу керек. Дал ушул текстте тилдин бардык элементтери белгилүү бир системага биригишет. Карым-катнаш үчүн багытталган текстте тилдик бирдиктер табигый кырдаалда берилген. Ошондой эле, текстте тилдик бирдиктер жаңы т.а. ***текст жасоочулук функцияга*** ээ болушат. Бул функцияларды билбегендик аларды өз алдынча кеп ишмердүүлүгүндө колдоно албагандыкка алып келет. Ошентип, дидактикалык бирдик катары текст кыргыз тилин мектепте окутуунун эки маанилүү багытын бириктирүүгө мүмкүндүк берет. 1-ден, тилдин системасын таанып билүүгө; 2-ден, ар кыл турмуштук кырдаалдардагы кептик жүрүм-турумду, карым-катнаштын эреже, нормаларын таанып билүүгө.

Эне тилин окутууда адабий тилдин бардык функционалдык стилдерине ылайык ар кыл тексттерди пайдалануу сунушталат: окуу-илимий, көркөм, публицистикалык, расмий-иштиктүү стилдер. Окуучулар ар кыл жанрдагы (конспект, реферат, пикир, арыз, өмүр баян, интервью, аннотация, доклад ж.б.) Кокустан жана атайын даярдалган ар кыл типтеги оозеки, жазуу тексттерин түзүүгө өзгөчө көңүл буруу керек Ал эми тил жана туура жазуу эрежелери бул милдеттерди ишке ашыруунун каражаты катары кызмат кылуусу керек.

Эне тилин окутуп-үйрөтүүгө карата бул ыкма ***коммуникативдик-ишкердүүлүк*** (бул тууралуу, албетте, өзүнчө сөз кылсак да болот) деп аталат. Мында карым-катнаш (коммуникация) татаал, көп кырдуу көрүнүш катары түшүндүрүлүп, бир эле мезгилде инсандардын бири-бири менен байланышын, ошондой эле, маалымат берүүлөрүн, адамдардын бири-бирине мамилесин, бири-бирине таасир этүүсүн жана бири-бирине боор ооруп, бири-бирин түшүнүүсүн туюндуруп турат. Баланын кептик тажрыйбасы окутуунун биринчи этабында турмуш тиричиликтик карым-катнаштын алкагынан чыкпайт. Ошондуктан мектепте эне тилин окутуп-үйрөтүүнүн милдети - баланы үзгүлтүксүз түрдө окуу-илимий багытындагы кептик карым-катнашка тартуу болуп саналат. Ишкердүүлүк, ишмердүүлүк бул жерде педагогикалык процесстин өзү окутуу-окутуп-үйрөтүү ишмердүүлүк катары каралат. Ишмердүүлүк мамиленин негизги принциптери В.В.Давыдовдун “Өнүктүрүп окутуунун теориясы” (“Теория развивающего обучения”) аттуу эмгегинде мурда эле көрсөтүлгөн.

Предметтик компетенттүүлүктөр менен түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Мектепте окутуп-үйрөтүүгө карата азыркы мамиле боюнча окуучуларда билим, ыкма, билгичтиктерди гана эмес, ошондой эле, түйүндүү компетенттүүлүктөрдү да калыптандырууну сунуштап жатат. Бул демек, күндөлүк турмуштагы проблемаларды чечүүдөгү (айрыкча өз алдынча чечим чыгаруудагы кыйынчылыктар, тандоодогу жекече жоопкерчиликтер) адамдын сапаттары болуп саналат.

Албетте, эне тилин окутуу өзүнүн көпчүлүк бөлүгү тилди окутуунун негизги максаты болгон ***коммуникативдик компетенттүүлүктү*** көрсөтүп турган ***түйүндүү компетенттүүлүктөрдү (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу жана проблемаларды чече билүүчүлүк)*** калыптандырууда түздөн-түз байланышы бар. Турмуштук кырдаалдан алынган, окуучуулар үчүн кызыктуу мыкты тандалган текстти окуу (угуу) жана талкуулоо баалуулуктарга багыт алууларына, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, тексттен маалыматты таба билүү менен аны сынчыл баалоого, өзүнүн жекече оюн калыптандыруу менен башкалардын оюн уга билүүгө, ар кыл көз караштарды салыштырууга көнүктүрөт. Тилекке каршы, учурдагы эне тил сабагында окуучулар алып жаткан грамматикалык билимдер алардын коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн эч бир өнүктүрө албайт. Мисалга алсак, окуучулар тилдик көрүнүштөрдү талдоого алышы мүмкүн, аларды башка көрүнүштөрдүн арасынан билишет, алардын белгилерин санашат,алардын касиеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн аташат. Бирок мында бул билимдердин баары практикалык ишмердүүлүк чөйрөсүнө өтпөстөн тилдик-теориялык деңгээлде гана аткарттырылып жатат. Ошентип, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн оозеки, жазуу кебинин билгичтик, ыкмалары толук калыптанбайт деп жыйынтык чыгарууга болот.

Мына ушундан улам бүгүнкү күндө биринчи планга эне тилин окутуунун ***мазмундук, коммуникативдик ролу*** т.а. сүйлөөчүнүн жана жазуучунун кептик карым-катнаш практикасында биринчи кезекте эмне зарыл болсо, ошону окутуу. Ошентип, азыркы кыргыз тили курсунун максатын жана мазмунун өзгөртүү, толуктоо курстун түзүлүш принцибинин негизгилеринин бири катары окутуунун ***коммуникативдик багытына*** басым жасоо менен байланышта.

Кыргыз тилин окутуу методикасынын негизги багыты бул - предметтик комптенттүүлүктүн төмөнкү үч түрүн калыптандыруу ыкмасы болуп саналат: ***тилдик, кептик жана маданий***. Эгер компетенттүүлүк дегенди билим, ыкмалардын суммасы катары эмес, окуучунун билим менен кырдаалдын ортосундагы байланышты түзүүсү ошондой эле, анын негизинде проблеманы чечүүгө мүмкүндүк берүүчү аракеттерди табуусу жана ишке ашыруусу болсо анда компетенттүүлүктү калыптандыруу ишмердүүлүк мамилесиз эч мүмкүн эмес.

Ушундан улам ***тилдик компетенттүүлүк*** – бул жалаң гана коомдук кубулуш катары эне тили жөнүндө билим же жалаң гана тилдин өзүн билүү (грамматика жана сөздүк) эмес, тилдик нормаларга ээ болуу баарыдан мурда тилге карата шыктын жаралышы, тилдик нормалардын чектерин түшүнүү; ***кептик компетенттүүлүк*** – бул сүйлөшүүгө, баарлашууга, кептик карым-катнашка болгон жөндөмдүүлүгү, ар кыл кептик чөйрөдө коммуникацияны ишке ашыра алуу жөндөмдүүлүгү, кеп ишмердүүлүгүнүн ар кыл түрлөрүнө ээ болуу менен карым-катнаштын башка катышуучулары менен өз ара сүйлөшө билүүсү; ***маданий компетенттүүлүк*** – бул окуучунун коммуникацияга катышуу менен социалдык-кептик жана тарыхый-маданий, этномаданий шарттарды эске алуу жөндөмдүүлүгү.

Бул үч компетенттүүлүк бири-бири тыгыз байланышта. Мына ушул үч компетенттүүлүккө ээ болгон адамды гана тилди билет деп айтууга болот. Ошон үчүн кыргыз тили мугалиминин башкы милдети - кыргыз тилинин мектеп курсун түзүп турган төмөнкү үч багытын биримдикте, бири-бири менен байланышта окутууну ишке ашыруу болуп саналат:

- тилдин системасынын лингвистикалык сүрөттөлүшү,
- туура жазуу, байланыштуу кебин өнүктүрүү.
- текст – негизги диактикалык бирдик. Текстке таянуу предметтик компетенттүүлүктөрдү (кептик, тилдик, маданий)

калыптандырууну камсыз кылат.

Жыйынтыктап айтканда, бул макалада кыргыз тилин окуучуга багыттап окутуудагы дидактикалык принциптер тууралуу сөз болду. Ал эми көйгөйлүү маселеге айланган компетенттүүлүк тууралуу ар бир макалабызда, методикалык колдонмолорубузда айтып, жазып келе жатабыз. Бул жаатта сөз кыла турган маселелер абдан арбын деп эсептейбиз.

Адабияттар

1. Валькова И.П, Низовская И.А, Задорожная Н.П, Буйских Т.М. Как развивать критическое мышление . – Бишкек. ФПОИ 2005
2. Введенская Л.А, Павлова Л.Г. Риторика и культура речи. - Ростов-на-Дону «Феникс» 2008.
3. Голуб И.Б. Риторика: учитесь говорить правильно и красиво.- М.,Издат-во «Омега-Л».2009.С9-13.
4. Дидактика средней школы. Под ред. М.Н.Скаткина. М: «Просвещение» 1982. 317стр.
5. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берү үнү н Мамлекеттик стандарттары -Бишкек - 2006.
6. Кыргыз Республикасында орто билим берүүнүн Улуттук Алкактык куррикулуму (долбоор). – Бишкек - 2009.
7. Мусаева В.И. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. (5-11-класстар).Монография. «Гү лчынар» басмасы. Бишкек – 2009
8. Методика развития речи на уроках русского языка . Под ред. Проф. Т.А.Ладыженской.- М., «Просвещение» 1991
9. Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу программасынын хрестоматиясы. (Түз: М.Эсенгулова, Ж.Асекова). Б., «Кыргызстан –Сорос» фонду, 2004

Musaeva B.I. Kyrgyz Educational Academy

Didactic principles of teaching methods of Kyrgyz language in middle school

Annotation: *this article addresses issues of teaching Kyrgyz language in middle school and using the didactic method.*

Key words: *teaching techonology, pupil, didactic principles, analysis, mother tongue, instruction, day care, school*

УДК 371.302.2:894.341

Муратов А., пед. и. д., профессор

«Манас» эпосундагы элдик тарбиялык салттар

Аннотация: *“Манас” эпосундагы элдик тарбиялык салттар, аларды бүгүнкү билим берүү процессинде колдонуу технологиялары атайын изилдөөнүн предметине алынды; чыгармалардын структурасындагы элдик таалим-тарбиялык салттардын эстетикалык-функционалдык динамикасы көрсөтүлдү; манасчынын көз карашы менен кыргыз элинин тарбиялоо традициясы канчалык жакын келери изилденди.*

Түйүндүү сөздөр: *элдик педагогика, этнопедагогика, фольклордук эстетика, көркөм текст, интерпретация, адабий компетенттүүлүк, окурмандык кызыгуу, автордук позиция, эстетикалык тарбия, текстти кабыл алуу, эстетикалык табит, лингвистикалык талдоо, каармандын иш-аракети, адабий-теориялык талдоо, анализ, синтез, ассоциация түзүү, интертекстуалдык, ички диалог ж.б.*

Аннотация: *Предметом специального исследования определены народные воспитательные традиции в эпосе “Манас”, технологии использования их в современном образовательном процессе; показана эстетико-функциональная динамика народных воспитательных традиций в структуре произведений; изучено, насколько возможно приближение взгляда манасчи с воспитательными традициями кыргызского народа.*

Ключевые слова: *народная педагогика, этнопедагогика, фольклорная эстетика, художественный текст, интерпретация, литературная компетентность, читательский интерес, авторская позиция, эстетическое воспитание, восприятие текста, эстетическое чувство, лингвистический анализ, действия героя, литературно-теоретический анализ, анализ, синтез, создание ассоциаций, интертекстуальность, внутренний диалог и др.*

«Манас» эпосу – элдик чыгарма, демек, анда элдик педагогиканын эреже-нормалары, элдик эмприкалык билимдер жана тажрыйбалар чагылдырылган. Бул тууралуу этнопедагогдор (Г.Н.Волков, А.Алимбеков, И.Бекбоев, Б.Апышов, С.Иптаров, С.Рысбаев, А.Муратов, Т.Ормонов, С.М.Саипбаев, Б.С.Чыныбаев, Г.А.Абдымомунова ж.б) өз пикирлерин айткан. Өткөн кылымдын 60-70-жылдарынан тарта этнопедагогика илим катары Кыргыз ССРинде да педагогдордун кызыгууларын арттырып, Талип Ормоновдун байыркы кыргыздардын педагогикалык көз карашы («Манас» эпосунун мисалында) боюнча эмгеги жана анын ушул темадагы 1972-жылы Казань шаарында корголгон диссертациялык изилдөөсү, ошол эмгегинин негизинде «Семья и школа», «Советская педагогика» аттуу абройлуу журналдарга басылган макалалары [1] кыргыз эли балдарды кантип жоокерчиликке, эли-жерин коргоого тарбиялагандыгы, калк тарбиясынын башкы багыты кайда бурулгандыгы «Манас» эпосунун негизинде сөзгө алынган. Бирок Т.Ормонов дал ошол элдик тарбиялык салттарды изилдеп, «Манаска» кайрылгандыгы, улуу эпостон улуу идеяларды «көрүп калгандыгы» үчүн «тиешелүү жерлерге» кайра-кайра чакыртыла берип, акыры ооруга кабылып, каза тапкан. Ошентип, этнопедагог окумуштуу болуу советтик-тоталитардык коомдо баталгага баш коюу менен барабар болгон, андыктан да «Манастан» өзгөчө С.Орозбаковдун вариантынан элдик тарбиялоо салттарын таап чыгып, аны илимге айтып берүүдөн окумуштуулар тайсалдап турган. И.Б.Бекбоев*:* «Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-зооктордо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбалардын чогуусу. Демек, элдик педагогика – бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу. ...Элдик педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап окутуп, ошол калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, нукура жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык (тарбия-таалим) берүүчү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот» деп жазат [2].

Ар кандай эле эл жашоо-тиричилигинде кандайдыр бир билимдерге жана тажрыйбаларга таянып жашайт, ансыз алардын тиричилиги өтпөйт, кийинки муундарга мурастап калтырар нерселери жок болуп калат. Элдик педагогикага аныктама берүүдө Г.Н.Волков анын бир тутуму

«тарбия жаатындагы элдик эмпирикалык билимдер» экендигин айтат. А.Э.Измайлов да «муундан муунга оозеки формада берилген тажрыйбада топтолгон жана тастыкталган эмпирикалык билимдер, көндүмдөр жана ыкмалар» деп белгилейт. Я.И.Ханбиков да «эл массасынын эмпирикалык педагогикалык билимдеринин жана тажрыйбасынын алкагы» деген аныктамасын берет. «Эмпирика» деген сөз грек тилинен алынган, бизче «тажрыйбалык», «тажрыйбага негизделген» деген маанилерди берет. Мында алынган маалыматтар, кабарлар элдин көп жылдык байкоолоруна жана тажрыйбаларына таянып гана жыйынтык чыгарылат. Элдик эмпирикалык билимдердин ичинен кыргыздардын турмуш-тиричилигинде *дарыгерчиликтин* орду өзгөчө болгон. Себеби тынымсыз кайталанып турган уруштар, чабыштар, тоо шартындагы климаттын оордугу, аңчылыктыктын азап-тозогу дени сак адамдардын болушун талап кылган. Илимий медицина адистерин бир нечеге ажыраткан сыяктуу эле элдик дарыгерлер да бакшылар, эмчилер, домчулар, дубаналар, табыптар, канчылар, тилмечилер, кайрычулар, тамырчылар, сыныкчылар, дарымчылар, түкүрчүлөр, учукчулар, куучулар, умайлар, бүбүлөр, аначылар, бадикчилер, көчөтчүлөр ж.б. болуп бир нечеге ажыраган. Алар картык менен кан алуу, сүлүк менен кан сордуруу, кандын агышын курмушу кийиз күйгүзүп басуу, күрөө тамырды кармап оорунун «ысык» же «суук» экенин аныктоо, адамдын ыраң-башын карап дарт белгисин коюу, шак-шактоо, карандай суу ичирүү, кордо ичирүү, териге алуу, жылуу булактарга киринтүү, адырашманга, тузга киринтүү, ар кандай күчтүү тамак-аш менен ысыктоо, ушалоо, оору кишиге муздак суу чачып учуктоо, бетке, мурунга чыккан тилмени устаранын учу же наштар менен чегип, шүүшүн чыгаруу, уйдун мүйүзүнөн жасалган кортык менен кан алуу, албын болуп түтөк басканда талкан, өрүк-мейиз жыттатуу, көз жара чыкканда мант байлоо ж.б. иштерди аткарган. Булар колдонгон дары-дармектер: чөптөр, суулар, жаныбарлардын эти, өтү, майы, териси ж.б. болгон. Адамдын организмин чыңдоодо баглан козу, тай, саамал, эрмен жеген эчки, туу калган бээнин казы-картасы кеңири колдонулган. «Манас» эпосунда элдик хирургия сыяктуу эмпирикалык билимдер болгондугу айтылат. Мисалы, аштар деген курал менен жараны, ириңдеген жерди тилип, тазаласа, картык менен бузулган канды сордуруп таштаган, тинтүү деген аспап менен жаанын огунун, же найзанын денеде калган сынынан кайсыл жерде жатканын аныктап, аны копшутуп отуруп ордунан чыгарып алган. Эгер денедеги ок чыкпай калса, ал адамга ок жуткуруп окшутуп, шимшүүр менен копшошуп, тилип алышкан. Манас жараланып, адам болбой турган болуп калганда Каракожо деген табып, азыркыча айтканда хируруг анын денесинен бир топ жаанын огун чыгарып алат. Ал кийиктин чаарчыгынын этин бал аралаштырып бышырып, Манаска жедирет. Буту сынган жарадарларга теректерден челек кылып чабышып, шак-шак жасашкан. «Манас» эпосунда мээр чөп, уулжан, улжемил, ийсен, жуушаң, апийим ж.б. дары чөптөр, асмандан түшкөн темирден (метеорит) кантемир дары тууралуу айтылат. Кашкулактын жана кажырдын өтү тууралуу, мумия, апы (үпү), кырма кызыл дары, кайнатма кара дары же кара дары же кашкардын кара дарысы, медет, себеп, жот дары, искеме дары, ак дары, барпы, чар дары ж.б. дарылар тууралуу айтылган жерлер учурайт.

Элдик *эсепчилик билими, же жылдыз саноо, эсепчилер, табыркачылар,* азыркы термин менен айтканда *астрономиялык же астрологиялык эмпирикалык билимдер* кыргыздардын табияттын кучагында, жаратылыш менен гармонияда жашагандыгынан кабар берет.

С.Орозбаковдун «Манасында» кыргыздардын элдик жайчылыгы, аба ырайына карап жолго чыгуу, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын көптөгөн түрлөрүнүн аттары айтылып, элдик эмпирикалык *ботаниктер* жана *зоологдор* да кыргыз этникалык маданиятынын ажырагыс бөлүгү болгондугун көрсөтөт.

Генетикадан түшүнүгү болгону үчүн жети ата өтпөй кыз алышпаган, баатырлар атайын алыскы жактан, бөлөк элден хандын кыздарын (ак сөөктөрдү) таап, ошолорго үйлөнгөн, алардан баатыр балдар төрөлгөн (Манас менен Каныкей, Семетей менен Айчүрөк, Курманбек менен Айганыш ж.б.). «Энесин көрүп кызын ал», «Сөөк жаңыртуу», «Аккан арыктан суу агат», «Жатыны жаман жарыбайт», «Бээсин көрүп кулунун ал», «Жакшыдан айгыр сал», «Мурунку көч кайда барса, кийинки көч ошол жакка барат» деген сөздөр мына ошондон кылган.

Кыргыздар Эне-Сай доорунда эле асмандан түшкөн Ок жылдызды (метеорит) таап, аны темир катары ийге келтирип, анын абдан курч жана бышык болорун изилдеп көрүп, кылыч, найза, канжар, жебе, зулпукар, наркескен, ак келте, айбалта, ак тинте сыяктуу согуш куралдарын иштеп чыккандыгы алардын *химиялык, физикалык* кубулуштарды өздөштүргөндүгүн белгилейт. Кадимки сөөктөрдөн ар түрдүү буюмдарды жасашкан. Калай, жез, мис, алтын, күмүш иштеткен, терини химиялык жолдор менен ийлеп, бышырып, кийим жана башка буюмдарды жасаган, алардын

дүйнөлүк рынокко алып чыгышкан, жүн токуучу ийикти, темирди ээритүүчү көөрүктү, чакмак ташты (оттукту) ойлоп табышкан, шакар самын жасашкан. Оттук таш сүрүлүүдөн от чыгат деген физикалык законго ылайык келсе, суунун ташка тийүүсүнөн анын айлануусуна негизденип, суу тегирменин ойлоп тапкан. Шамалдын багытын туура аңдап эгин сапырган, жол жүргөн ж.б. Алыс жакта каза болгон адамды кандайдыр бир кошулмалар менен катырып жерине алып келүүнү үйрөнгөн, сүт азыктарын ачытып, кымыз, сүзмө, курут, максым, жарма, бозо ж.б. жасоону жана аларды сактоону билген, чучукту мыкты жасашкан, эттин сактоо үчүн согум сойгон жана аларды жазгы үзүмчүлүккө чейин таза, табыгый бойдон сактап туруунун технологиялары иштеп чыгышкан ж.б.

Эл турмушунда *географиялык* билим да өзгөчө орунда турган. «Манаста» Манас баштаган кыргыз колу байыркы журту Ала-Тоого Алтайдан келүү үчүн албетте, географияны жакшы билиши керек эле. Алар Алооке ээлеп алган Анжианга барышы керек, ал жакта Испара, Кокон менен Алай бар. «Ата уулулар, малдуулар Алайды барып жайласын», башы Жылдыз, Каркыра, Азиреттин Кара-Тоо, Тарбагатай, Ара-Тоо, Эдил суунун бою, Жарынты, Аңырты, Турпан, Кусарыш, Көбүл, Керкол ж.б. жер-суу аттары айтылат. Көчтүн жолу:

Чөлгө жылкы салбайлык,
Чөөлүктүрүп кыйратып
Бөөдө кырып албайлык.
Алтайдан өтсүн Жылдызга,
Жылдыздап сыртка салыңар,
Турпан, Керкөл арасын
Тууралап алып барыңар, - деп айтылат.

Азыркы Кытайдагы Турпандан Кер-Көлду көздөгүлө дейт. Айрым божомолдор боюнча азыркы Ысык-Көлдүн мурдагы аттарынын бири Кер-Көл болгон. Курманаалы Матикеев «Манас» дастанынын географиясын аябай кылдат изилдеп келет, ал Жусуп Мамайдын вариантын талдап келип мындай жазат: «Манастын Коконго аттанышы» деген темада «Чоң Ташкенде Насара, Карылыпка барыптыр», «Көк ойдун, менен Сары Арка, Араникти дагы алды», «Наманган Ошто кыргыз бар», «Маргаланда миң башы», «Эсенхан жаткан козголбой, Кантон деген шаары бар» деген ыр саптарындагы топонимдер айтылат. Манастын колу Карылып менен Банус ханды талкалап, Анжиянды – Фергана өрөөнүн алардан бошотуп, Сынчыбекти хан көтөрөт. Тарыхый маалыматтарда Көк ойдун, деп Сыр-Дарыянын Аралга куйган аймагын, Анжиян (Фергана) ойдуңун, Иле жана Чүй ойдуңдарын айтышат. Эпосто айтылган Кантон азыркы Шанхай шаары. Согуштук аракет азыркы Фергана өрөөнүнүн чөлкөмүндө өтөт» [3].

Эпостун С.Орозбаков айткан вариантынан элдин экологиялык, экономикалык, математикалык билимдерин, ат таптоо, куш таптоо билимдерин да кеңири көрөбүз.

«Манас» – элди мекенчилдикке, эл-жерин сүйүүгө тарбиялоону биринчи милдет катары кийинки муундарды тарбиялоо менен анда элдик педагогиканын бардык эле түрлөрү, ар кыл формалары айтылган. Мисалы, ат коюу расымына көп хандыктан айтылуу адамдарды чакырышы жана алардын бул ишти моюнга ала албай тайсалдып турушу – педагогикалык чоң сабак. Кыпчактардан Байжигит, кыргыздардан Элеман, анжиандык Куртка чал, аргындан Каракожо, нойгуттардан Акбалта, ногойлордон Эштек, түрктөн Абдылда, өзүбектен Дамулда, катагандан Мунар бий ж.б. атактуу адамдар, хан-бийлер Жакыптан жаңы туулган баласына ат коё албай алдырап, жалдырап туруп калганда кайда-жайдан бирөө пайда болот.

Ак күлөлүү дубана
Асасы колдо шалдырап,
Кайдан келди жан билбейт,
Пайда болду дубана,
Байкап көрдү буларга:
«Сонундан тонду кийипсиз,
Чогулуп баарың кирипсиз,
Барбы мында жумушуң?
Баарың бирдей сабыркап,
Кандай токтоп турушуң?
Айтыңарчы, угайын,
Оболу сизден сурайын», –
Дубана жооп сурады.

Бердике берди жообун:
«Ат коюп берсең балага
Алар элең, дубанам,
Бул адамдардын сообун!
Бабасы Бакыр кан, – деди, –
Жакып деген бу киши
Баласыз жүргөн жан, – деди. –
Жерге сыйбайт малы көп,
Коюп берсең бир жакшы ат
Кубангандай асман-көк.
Жеткен элүү жашы, – деп, –
Жеке мерсент ушу, – деп, –
Ат коё албай көпчүлүк
Камалып турган тушу деп» – деп,
Бердике сүйлөп салганы.
«Берген болсоң уруксат,
Мен коёюн атын», – деп,
Дубана сүйлөп калганы.
«Ат коюңуз акыр», – деп,
Адамдын баары чуу этти.
«Баш жагына «мем» келсин, –
Байгамбардын сүрөтү,
Ортосуна «нун» келсин, –
Олуянын сүрөтү.
Аягына «сен» келсин, –
Арстандардын боруму.
Арты кайдан кетти экен
Ал үчөөнүн оруну?»
Окуп билди «Манас» деп,
Оозуна келди шондой кеп.
Ат коюлду «Манас» деп, –
«Алла таала сактасан,
Ар балаадан калас!» – деп,
Бата кылды баарысы, –
Жашы менен карысы [4, 86-87].

Мына ушундан көрүнүп турган нерсе – ат коюу аземине атайын күбө катары адамдар чакырылган, ошолордун көзүнчө балага аты шыбырап айтылып, эң биринчи эне тилиндеги сөз багышталган, ысымдын мааниси чечмеленген. Кыргыздар ат менен адамдын тагдыры, келечеги чечилет деп ойлошкон. Же бала төрөлөрдө атасынын алыс барып турушу, сүйүнчү бериши, энесинин боюна бүткөндө жолборстун жүрөгүнө талгак болушу жөн гана байыркы мифологиялык окуялар эмес, аларда атанын мураскер уулун сүйүнүч менен күтүшү, берешендиги, жолборстун жүрөгүнө талгак болушунда адам менен табияттын гармониясы сыяктуу элдик тарбиялык салттар сиңдирилген. «Маناста» балдарды тарбиялоонун көп усулдары жана формаларын көрсөтүлөт, мисалы, бала Манас өтө кичине чактан Ошпур деген койчуга тарбиялоо үчүн берилет. Байлыгы ашып-ташкан хан Жакып эмне үчүн кенедей баласын алыстагы койчуга берип жатат? Бул келечекте баатыр болор баланын камын көрүү, бала канчалык алыс болсо, ата-энени, мекенди ошончолук сагынуу сезими менен өсөт; экинчиден, койчу баланы жумшап, эмгекчилдикке тарбиялайт, тамак-аш кайдан келерин бала жашынан түшүнөт. Бул ой тексттен мындай айтылат:

Баары сөзүн бай Жакып
Байбичеге сүйлөдү:
- Аңдасам балаң акыл аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас,
Тилазар деймин, дингекас.
Мал азабын балага
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга

Алты ай малай берели,
Эркелетип олтурбай
Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын.
Малдын баркын билгизип,
Малай кылып киргизип,
Дүнүйө баркын билгизип,
Түк кап барып киргизип,
Ошпур деген койчу бар,
Оңдоп койсун ошолор[4, 91].

Көрүнүп тургандай, балада терс сапаттар («акыл аз», «жөнүн таппайт», «дөөлөт мас», «тил азар», «динге кас») пайда болуп, бала ошого калыптанып келе жатат, аны эми ушундайда оңдоо керек, аны үчүн бала «эркелебесин», «катыксын», «сөз айтууга жатыксын», «сөөгү бышып катыксын», «малдын баркын билсин», «малай барып кирсин». Кыргыздын тарбиялык эрежелери, кылымдар бою колдонуп келген этикалык кодекстери эми Манаска жардам берип, аны терс жолдон сууруп чыгып, оң жолго алып келиши керек.

Жогорудагыдай эреже-нормалар эчен-эчен муундагы балдарды оң идеалдарга тарбиялоодо эмпирикалык сыноодон өткөн, турмуш тажрыйбасында эчен-эчен колдонулган, кристаллдай тазаланган ыкмалар.

Кыргыз элинин жоокерчилик замандагы педагогикалык салтында эркек бала төрөлдүбү, демек ал – жоокер, элин жоодон коргоп турбаса, анын төрөлүшүнүн да, жашашынын да мааниси жок. Чыгармадагы бардык баатырлар элдик ошондой идеяларды алып жүрөт, Манас жаш чагынан өзүн баатыр, чечкиндүү, тайманбас болууга тарбиялайт, аны үчүн аскердик ыкмаларды үйрөнүп машыгат, Семетей болсо тай журтунда жүрүп өзүнүн ата журту тууралуу сүрүштүрүп, атасынын өчүн алуу үчүн өзүнө өзү кам көрөт, убада берет жана ал убадасынын өтөсүнө чыгат. Элдик ойдо каза (кайып) болгон баатыр эл алдында өз милдетин аткарып бүткөн соң анын ордуна ишин улары – уулу, туягы келет, бул жашоонун, өмүрдүн философиясы гана эмес кийинки муунду өстүрүү, тарбиялоо тууралуу элдик ой. Кыргыз балдары кечээ бир кылым жакынга чейин эле «кырк жигит», «кырк чоро» деген түшүнүктөр менен чоңойгон, а түгүл 1941-45-жылдардагы согуш учурундагы оор ишке жумшалуучу балдарды да улуу муун «чоролор» деп атагандыгы Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде көрсөтүлгөн. Ошол эле жылдарда Москванын алдында немецтик баскынчылар менен күрөшүүдө полковник Баурыжан Момыш уулу негизинен кыргыз жигиттеринен бир батальон түзүп, аларды «Манастын батальону» деп атагандыгын жана алар ошол атты татыктуу алып жүрүшкөндүгүн Т.Ормонов жазат [5]. «Кырк чоро» түшүнүгү элдик баатырдын дастандардын («Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Эр Табылды» ж.б.) дээрлик баарында учурайт. «Кырк» деген түшүнүк кыргыздын кырк уруусу, ал эми чоролор ошол ар бир уруудан аскердик камылгасы жетиштүү даярдалып, тандалып, сынактан өтүп келгендер дешет. Ал эми кырк чоронун ичине кирүү – кыргыз балдары үчүн сыймыктын сыймыгы, ал өзүнүн эле эмес бир уруунун намыс-арын, туусун көтөрүп жүрөт, баатыр болсо жалпы уруусуна, коркок болсо да жалпы уруусуна тийет. Андыктан да баатырдык эпостордо чоролордун кимиси кайсыл уруудан экендиги айтылган учурлар кездешет. Чорочулук – элдик коллективизм, уруулук ынтымактан жалпы улуттук ынтымакка көтөрүлүү тууралуу ойлорунун уюткусу. «Чоро» деген сөздүн өзү башкы аскер башчыга жакындыктын белгисин билдирген сөз болсо, «жигит» деген улуттук идеалда элди коргой турган, ар кандай тапшырмаларды аткара турган инсандык жетилгендиктин көрсөткүчү. Г.Н.Волков башкырларда, татарларда жана Кавказ менен Орто Азиянын элдеринде «настояший джигит» деген өз ишмердүүлүгүнүн чеги, өзүн алып жүрүүсүнүн кодекси жана жакшы айтылышы (тону) жактан орустардын «доброго молодца» деген сөзүнөн кыйла айырмалуу болорун жазат [6]. Мына ушул жигитчилик кыргыз баатырдык эпосторунда жетилген адамдын идеалы катары көрүнүп, балдарды жигит болууга үндөө, чакыруу, ошого жетүүгө тарбиялоо идеялары алдыга сүрүлүп чыгат. Азырга чейин тоолук кыргыз балдар бири Манас болуп, бири Сыргак, Алмамбет, Чубак болуп, Коңурбайларга каршы чыгып ойноп жатканын көрүүгө болот, соңку дүйнөлүк согушка чейин жоого кирген кезде чабуулга өтөрдө «Манастап» ураан чакырып келген кыргыз жигиттери четтен табылган. Манастын Алмамбет менен достугу – балдар үчүн достуктун идеалы болсо, башчыга берилгендиктин, ак кызмат кылуунун идеалдары Чубак, Сыргак аркылуу туюнтулуп келет. Кыргыз кыздары уздукту, акылмандыкты Каныкей аркылуу элестеткен

учурлар көп болот. Аялзаты кыргыз дастандарында баланы ичинде сактап, талгагын көтөрүп, төрөп, тарбиялап чыгаруучулар гана эмес, алар адамды мекенчил кылууга, ата жолун жолдотууга активдүү таасир этүүчү фигуралар.

Ошол эле кезде Каныкей, Айчүрөк, Акылай – акыл айтуучу, эркектерди туура жолго баштачу, а түгүл бүтүндөй уруу-уруктун саясый абалына атмосфера түзүп берүүчү күчтүү инсандар. Бакай болсо азыр да эл арасында нарктуу карылыктын, акыл-эстин ээси катары идеал тутулат, «Бакайдай кеменгер», «Бакайдай акылчы» деген сөздөр байма-бай эл кебинде колдонулуп, көрөсөн, эстүү кишилерди Бакайга салыштырат, «элдин Бакайы», «башчынын Бакайы», «хандын Бакайы», «айылдын Бакайы» сыяктуу кептер айтылып келет. С.Орозбаков айткан «Манас» эл турмушунун гана эмес, элдик оозеки чыгармачылыктын да энциклопедиясы болгондуктан, чыгарманын поэтикасында жоктоо, арман, керээз, учурашуу, коштошуу, ант, пейзаж ж.б. жанрлар, трагедия, комедия сыяктуу сүрөттөө формалары турат, алар жаш муундарды сөз дүйнөсүнө тарбиялайт. Кыргыз жеринин сулуулугу, табият көркү дастандын көп жеринде көрсөтүлүп, каарман өлгөндө «карагай ыйлайт, тал ыйлайт», бул болсо балдарды экологиялык тарбиялоого көмөктөшөт. «Эл массасынын мүдөөсү болгон өркүндөгөн инсанды тарбиялоого оң таасир тийгизе турган педагогикалык чөйрөнүн ролун баамдап түшүнгөн манасчылар адам табияттын бир бөлүгү экендигине көзү жетип, жаратылыштагы ажайып кооздукту, элдин көркөм фантазиясын, аналитикалык ой жүгүртүүсүн, эстетикалык табитин өркүндөтүүчү эң күчтүү каражат катары пайдаланышат. Мейкин талааларды, кырларды, адырлуу дөңсөөлөрдү, аскалуу тоолорду, агыны катуу сууларды, Ысык-Көлдү, Тал-Чокуну, алардагы флора менен фаунаны, жаратылыштагы кереметтүү кооздуктун чар тарабын сүрөттөгөн эмоционалдуу фантазиясы менен манасчылар элибиздин акыл потенциалын өтө бийик көкөлөтүшкөн. Сагынбай менен Саякбайдын педагогикалык ишмердүүлүгүн адамды таң калтырып, тамшанта турган сыйкырчыдай чеберчиликке жеткирген өзгөчөлүк мына ушунда. Табият манасчылар өңдүү сыйкырчы педагогдордун колунда гана теңдеши жок күчтүү педагогикалык каражат, табият – улуу педагог» [7].

Кыргыз эл дастандарында жалпы уруунун генофондун сактоого өзгөчө маани берилет, Манас жары Каныкейдин Букардан алып келет, ал тажик кызы, Семетейдин зайыбы Айчүрөк болсо Ооган ханынын кызы, Курманбектин жубайы да башка хандыктын эрке кызы. Мына ушундай алыстан жубай табуу менен кыргыздар кан жаңылоого, тукумду башка элдин өкүлдөрү менен кошулуп, тазалоого маани бергенин көрөбүз. Келечектеги баласы баатыр, акылман болушу үчүн кыз тандоо, ар кандай сынактардан өтүү – кыргыз фольклорунда кеңири тараган ыкмалардан. Мисалы, «Кожожаш» дастанынын башкы каарманы мерген жигит болочок жары Зулайкага жетүү үчүн толгон-токой оор тапшырмаларды аткарат. Элдик дастандарда достук идеясы күчтүү берилип, кыргыз балдарын доско бекем болууга, дос алдында антты, шертти кыйшаюусуз аткарууга чакырык көрсөтүлөт. Манас менен Алмамбеттин, Курманбек менен Аккандын достугу – мына ошондой досчулуктун, жолдошчулуктун үлгүлөрү. Кыргыздар азыр да аябай жакын досторду, ынак жолдошторду «Курманбек» дастанындагы каарманга теңеп «Аккан достор» деп айтып келишет. Кыргыз дастандарындагы достук бийик интернационалдык маниге ээ көрүнүш катары көрсөтүлөт, «Манаста» башкы каарман анжиандык өзбек Санжыбек, түркмөндөрдөн Музбурчак, каракалпак Бердике, башкырлардан Жамгырчы, оогандардан Акун хан, кыпчактардан Эр Үрбү, казактардан Көкчө ж.б. башкаруучулар, журт башылар менен дос болот, алар менен ырыс-ынтымак кургусу келет, душмандарына да биринчи кол салбайт, алар менен дале дос болгусу келет, мына ушундай достук балдарды да интерноционал болууга үндөйт. Кыргыздар досторду адамдар ортосунда гана көрсөтпөстөн, ат менен адамдын, ит менен адамдын, куш менен адамдын ортосунда да көрсөтөт, Манастын Аккула, Семетейдин Тайбуруул, Чубактын Көгала ж.б. баатырлардын жылкылар менен достугу чыгарманын тулку боюна терең сиңдирилип, ал инсандардын гумандуулугун гана көрсөтпөстөн эл ичинде минген атка өзгөчө культ бар экендигин тастыктайт.

Элдик педагогикада гендердик мамиле сакталып, аялзатынын өзгөчө ролу көптөгөн чыгармалардын өзөгүн түзөт, мисалы, Каныкей, Айчүрөк, Айганыш ж.б. баатырлардын жарлары акылмандыктын, сулуулуктун үлгүсү болсо, Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза баатырдыктын, эр жүрөктүүлүктүн үлгүсү. «Манас» баш болгон эпикалык дастандар балдарды окуялары, идея-темалары, образдары менен гана тарбиялабастан, көркөм чыгармалар катары кийинки муунду сөз өнөрүн урматтоого көнүктүрүп, эстетикалык табитин да тарбиялаган.

Адабияттар:

1. Ормонов Т. Мудрые заповеди народа / Семья и школа. – 1977. – №11; Ормонов Т. Педагогическая пансофия киргизского народа / Советская педагогика. – 1978. – №1
2. Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне / Эне тили. – 1992, 14-апр.
3. Матикеев К. Жусуп Мамайдын «Манас» эпосу / Кыргыз руху. 2010, 26-фев.
4. Манас: Сагымбай Орозбак уулунун варианты. 1-китеп. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 296 б.
5. Ормонов Т. Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас» // Проблемы воспитания (материалы XIII республиканских педагогических чтений). – Ф.: 1971. – сс. 65-66-
6. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – М.:2000. – с. 49.
7. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. – Б.: 2002. – 51-52-бб.

AbdykerimMuratov – profes
nurzada 671@ mail.com

The folk educational traditions in the works of epos «Manas»

Annotation: *The subject of special research was identified folk educating traditions in the works of epos «Manas», technology of using it in modern education process; it was shown esthetic-functional dynamics of folk educating traditions in the structure of works; it was researched manaschy's point of view and kyrgyz people's educating traditions approach.*

Key words: *folk pedagogic, ethnopedagogic, folk esthetics, artistic text, interpretation, literary competence, reader's interest, author's position, esthetic taste, linguistics analyses, character's actions, literary-theoretical, analyses, synthesis, association foundation, intertextual, inner dialogue and others.*

УДК 37:371.38:8 (С) К

Мурзаев Низамидин

Дилбаян деген эмне?

Аннотация: *Бул макалада дилбаян жазуунун мектептеги эң оор,« баш ооруу» сыяктуу маселе экени көрсөтүлөт. Дилбаян жазуунун максаттары жана милдеттери белгиленет.*

Түйүндүү сөздөр: *Дилбаян, сөздүктөр, оор иш, «баш ооруу», негизги максаттар , милдеттер..*

Аннотация: *Школьные сочинения такая трудная работа,как «головная боль» школы. В статьи отмечены цели и задачи в обучении школьным сочинениям…*

Ключевые слова: *Школьное сочинение, словари, трудная работа, «головная боль»,основные цели, задачи*

а) Эң оңой, эң кыйын иш – дилбаян жазуу

"Кыргыз адабиятын жана тилин окутуунун, деги эле мектеп практикасынын эң оор проблемасы да, мугалимдин биринчи "баш оорусу" да ушу дилбаян жазуу көйгөйү", - экенин окумуштуу – методист, профессор А.Муратов [17;5] туура белгилеген. Мектептеги эң "оңой" иш да, эң кыйын иш да мугалим үчүн дилбаян жаздыруу. Оболу "оңою" жөнүндө сөз кылалы.

Жалкоолугу кармаган, чындыгында, дилбаян жаздыруунун методикасын билбеген, оорчулугун көтөргүсү келбеген мугалим : "Дилбаян жазгыла",-деп теманы доскага жазып коюп, аз-маз түшүндүргөн болуп, 45 мүнөт сабактын 40 мүнөтүн былтыйып олтурат.Дилбаянды жаздырбай деле коеюн дейт,пограмма боюнча журналга баа коюлушу керек.Анан бүткөн ишти чогултуп алып,болбосо: "Үйдөн бүтүрүп келгиле!", - деп, кийин, дилбаяндарды үстүртөн карап чыгымыш болуп, журналга бааларды тизип салат. Мунусу го мейли, тилекке каршы, дилбаян жаздырбай эле журналга баа коюп салганды да жолуктурдук. Бул окутуунун, баш оорутпоонун, чындыгында, өзүн да, окуучуну да алдоонун жолу.

Мына ушундайларды көрүп-билип туруп далилдешиң да кыйын, мектеп администрацииясы, кесиптештери билбегени, билмексенге салганы менен окуучунун аны билери, көп окуучуга дилбаянды жазгандан жазбаганы жакшы, оңой кутулганга шүгүр кылганы жана кийин жүздөн бирөө, же бир класстан бирөө мектепти бүткөндөн кийин гана айтып салат. Бирок, өтө кеч!..

Поезд кеткен...Дилбаян жазуунун ошол жүз баланын бирөөнө – жүзүнчүсүнө дилбаян жазуу өтө керек эле...да керек эле. Себеби, кайталап айталы, дилбаян – чыгармачылыктын башаты. Анын чыгармачылыгынын ачылбай кетишине ким күнөөлүү? Балким, жүздүн ичинде, класстын ичинде

дагы болушу мүмкүн эле чыгармачылык менен кете турган. Бул адабият мугалиминин кечирилгис күнөөсү! Өзүнүн тилге, адабиятка нымым шыгы жок туруп “кыргыз тил оңой, кыргыз тилчи бол” бол деген демейдеги кеңешке кирип, эптеп сырттан окуп бүтүп, же пара менен өтүп, пара менен бүтүп, адабият жөнүндө ЖОЖдо да түшүнүк албай келген тил, адабият сабагын тиричиликтин булагы кылып алган адабият мугалимининен өткөн шоркелдени эгерим башка кесиптен таппайсың! Андай мугалимдин мектептен өз ыктыяры менен кетип калуусу – өмүрүндө балдардын келечеги үчүн кылган жападан жалгыз кылган улуу да,туура да иши болмок!.

Демек, дилбаянды жаздыруунун “оңойлугу”- жаштардын келечек чыгармачылыгына балта чабуу, күнөө, жарабаган көз боемочулук, өзүн да, окуучуну да, мектепти да алдоо, баланын келечек чыгармачылыгын ойготуунун ордуна муунтуу десек, ага мыйзам чегинде да, абийир жолунда да жол жок!!!

Эмесе, дилбаян жазуу жана жаздырууга үйрөтүү – эң оор жумуш, асыл вазийпа. Кааласа, каалабаса адабият мугалими аткара турган, пешенесине кесиби туш кылган иш. Эгер аны устаттык менен ыракат алып аткарса, жерин табында айдап, үрөнүн сээп, учурунда отоп, сугарып караган дыйкан күзүндө кандай таза мол түшүм алса, адабият мугалими да чыгармачылыктын дал ошондой үзүрүн көрөт. Ал үчүн убакыт керек, эмгек керек.

Дилбаян окуучунун өзүнүн кичинекей чыгармасы болсо, дилбаянды баштоо менен окуучу чыгармачылыктын тузун көрүп, чыныгы машакатын өз башы, жону менен сезет. Ар бир жазуучу, акын өз чыгармасын кантип кыйналып жазары жөнүндө алгачкы түшүнүк пайда болот. Өздөрү суктанып окуган чыгармалар да оңой менен жаралбаганын сезишет. Ошол түшүнүк чыгармачылыктагы адамдын эмгегин, талантын баалоого, урматтоого түрткү берет. Чыгарма акыл-эстин, сезимдердин, чымырканган эмгектин маңдай теринен бүтөрүн аңдай баштайт, таңданат, кызыгуусу жанат. Чыграмачылыктын учкуну болсо да окуучунун туура ойлоосун, туура сүйлөөсүн жогорулатат, себеби сүйлөгөндө оңой болгон ой жаза келгенде кагаз бетине оңой менен кынапталып түшө койбосун сезүүнүн өзү алгачкы ачылыш, жетишкендик болот.

б**). Мектепте дилбаян жаздыруунун максаттары, милдеттери жана тарбиялык мааниси**

Оболу, окуучунун дилбаяны деп эмнени түшүнөбүз?Анын турмушта колдонулуп жүргөн илимий,көркөм чыгармалардан (сочинениелерден)кандай айырмасы бар? Ал кандай максаттар менен жазылат?-деген суроолорду илимий- методикалык жактан тактоо абзел.Себеби, дилбаян жөнүндө аны жаза электе эле окуучулар угуп жүрүшөт жана ал жөнүндө ар кандай түшүнүктө болушат.Так түшүндүрмө берилбей башкалардан уккан божомолдор окуучуга кийин көп кыйынчылыктарды жаратат.Ошондуктан дилбаянды аныктоо гана эмес,аны окуучуга жеткиликтүү түшүндүрө билүү иштин жакшы башаты болмокчу.

“Сочинение” деген сөз орус орус тилинен киргенден кийин, аны жаздыруу орус тили жана адаабиятын окутуунун методикасынан өздөштүрүгөн соң, алгач бул сөздүн чын маанисин орус сөздүктөрүнөн, методикасынан издеп анан өз кыртышыбызга келели.

Сочинение деген –

1. “школьное упражнение в правильном изложении мысли на заданную тему” (берилген темага оюңду туура жазууга болгон мектептеги көнүгүү) [23;418].
2. “вид письменной школьной работы – изложение своих мыслей,знаний на заданную тему” [20;615]. (берилген темага ылайык өз ойлорун,билимдерин өз сөзү менен билдирген жазуу иштеринин мектептеги түрү.) Мында өз ойлорун, билимдерин деген сөз кошулду.
3. “...письменная школьная работа, упражнение в правильном,литературном изложении своих мыслей,рассуждение на заданную тему” [24;297].
4. “– текст (речевое произведение) определенного типа или определенной композиционной формы,создаваемый учеником по заданиию учителя. Сочинение – средства формирования связной речи школьников,закреплениия приобреттенных на уроках родного языка знаний и навыков,проверка уровня их сформированности,средство воспитания, развития и изучения школьников”[21;323] .

Жогорку суроолорго жооп издеп дилбаян тууралуу жазылган алгачкы да, кийинки да, орус да, кыргыз да методисттердин методикалык эмгектерине кайрылабыз. Белгилүү методист В.В. Литвинов мындай деп жазат: “Говорять что слово “сочинениие” происходит от “чин”- порядок, и основное значение слово “сочинение” - приведения порядок. Но есть другое, более распростоненное понимание слова “сочинения”: “сочинение Пушкина”, “сочинение Чайковского”,

здесь “сочинение“ синоним слов творениия произведения. И конечно ученическое сочинение в первом смысле, но – и это прежде всего – сочинением во втором смысле” [13;6].

Ушундай маанидеги ойду айтып келип, В.А. Никольский: “Ойдун пландуу берилиши менен сочинение импровизациаиядан айырмаланат”,- дейт[19;132].

Дилбаян жаздыруунун методикасынын жерпайын түптөгөн бул орус методисттеринин пикирлеринен дилбаяндын чыгармага жакындыгы, болгондо да пландуу болушу белгиленген.

Эми кийинки муундагы орус методисттеринин кээ бирлерине кайрылып көрөлү... Л.С.Айзерман мынтип жазат:“Сочинения,которые предьявляются ученикам и осознаются ими как творческая задача, нацеливают на активное,внимательное чтения. Пробуждают стремление творчески осмыслить текст,выразит свои чувсва,отношение к изображаемому писателем”[1;25].Ал эми Т.А.Калгановaнын ою боюнча дилбаян: “монологическое высказывание в прозе на литературную или публицистическую тему, которые можеть быть написано в любом жанре художественной, публицистической и научной речи”[10;5]. Мындагы биз көңүл бөлүүчү нерсе - Т.А.Калгановaнын **дилбаяндын бардык жанрларда** жазыларын айтканы.

... “Письменное выражение своей точки зрения на какой-либо предмет или явление жизни (на факты или явления литературы)”,-деп Н.И.Шолохов жазат.[27;11].

“...творчество, а не безумное копирование чьих-то “заготовых”, где едва ли не на каждой странице то ложная мудрость, раскращенная всеми тонами “пафоса” звонкая фильм, то компромитирующая легковесность”,- дейт Е.Н.Ильин. [9;26]. “ Школьное сочинение –это литературное произведение школьника, созданное на доступном ему материале, доступными ему средствами”,-деген пикир А.М.Гринина-Земскованын калемине таандык.[8;9].

Окуучунун дилбаянынын башка чыгармалардан айырмачылыгынын мүнөздүү белгилерин Б.Алымов мындай белгилейт:

1. Мектеп дилбаяны жарык көрбөйт. Айрым мыктысы окуучулардын жакшы жазылган дилбаяны тигил же бул илимпоз-методисттин эмгегинде үлгү катары жарык көрүп калышы да мүмкүн, бирок бул окуучунун ар кандай дилбаяны жарык көрөт дегендикке жатпайт.

2. Мектеп дилбаяны философиялык, илимий же саясий чоң масштабдагы, кеңири диапозондогу ойду камтый албайт, анда жаңы ачуулар, теориялар, өзгөчөлөнгөн жоболор менен эрежелер да болбойт. Андай нерселерди окуучудан талап кылуунун өзү да жаңылыштык.

3. Мектеп дилбаяны тигил же бул коомдук түзүлүш, саясий-экономикалык абал чагылдырган чыгармалар, андагы адам мүнөздөрү, алардын турмуш тиричилиги, карама-каршылыктары, жек көрүүсү менен жан тартуусу, сүйүүсү менен күйүүсүү б.а. турмуштагы жакшылык менен жамандыктын, адамгерчилик менен айбандыктын, адилеттүүлүк менен акыйкатсыздыктын, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы айыгышкан күрөшү жөнүндөгү жазуучунун чыгармасы тууралуу адабиятчылардын айткан даяр ой-пикири боюнча окуучунун түшүнүгү жазылат. Бирок, бул окуучу өз дилбаянында адабиятчылардын айткан даяр пикирлерин көчүрө берет экен дегендикке жатпайт. Окуучу тигил же бул чыгарма, аны жараткан жазуучу, анын коомдон алган орду, адабиятка салган салымы жөнүндөгү даяр материалга таянат, ал боюнча ой жүгүртөт, аны өзүнүн “кичинекей” акыл таразасына салып “чайкап” өз сөзү менен кайрадан иштеп чыгат, ага өзүнүн кичинекей ой чаргытуусун кошот, өз алдынча жыйынтык чыгарууга аракеттенет. Ал эми чыгармачылык, турмуштан алынган “эркин” темадагы дилбаяндар окуучунун жекече турмуштук тажрыйбасына, билим деңгээлине байланыштуу жазылат. Анда бала жекече байкаганына, көргөн-билгенине, укканына, окугандарына таянып темага жооп берет. Ошондуктан мектеп дилбаянында окуучунун жеке ою, кыялдан жаралган нерселери, корутундусу, аныктамасы жок дешке болбойт.

4. Мектеп дилбаяны белгилүү кыска мөөнөткө берилет. Окуучу аны ашып кетсе жумалык, болбосо эки-үч сааттын ичинде жазып тапшырууга милдеттүү. Бул мугалим тапшырган ишти окуучунун сөзсүз аткарышы керек деген педагогиканын принцибине негизделген иш. Ал эми саясий, адабий, илимий эмгектерди авторлор ыктыярдуу жазышат.

5. Мектеп дилбаяны адабият мугалиминин жетекчилиги астында гана ишке ашат. Аны жазууда мугалим балага улам жаңы багыт, көргөзмө, кенеш берет, биргелешип план түзөт, жазылган дилбаянды кошумчалайт, редакциялайт. Кыскасы, үйрөтүүчү мүнөздөгү бардык дилбаян мугалимдин жардамысыз жазылбай, мугалим ар дилбаянга авторлош болот. Бирок негизги жоопкерчилик окуучулардын өзүлөрүнө жүктөлөрүн да унутпоо керек. Мугалим дилбаян жазуунун бүт милдетин өз мойнуна ала албайт, ага жетекчилик кылып, көргөзмө гана берет.

Үйрөтүүчү мунөздөгү дилбаяндарга коюлган мына ушул талап аткарылганда гана контролдук, анан орто мектепти бүтүрүүчүлөр менен абитуриенттердин жазган дилбаяндары оңунан чыгат, жаш адамдын кийинки илимий, адабий иштеринин дегеле куш тилиндей катты да сабаттуу жазышына шарт түзөт. Ал эми саясий, илимий, жана адабий эмгектердин авторлору эч кимдин жардамысыз, көзөмөлүсүз эле өз бет алдынча жазышат. Мына ушул айырмачылыктарды эске алганда гана мектеп дилбаяны деп эмнени айтарыбыз белгилүү болот".[4;13-14].

Дилбаяндын профессор Б.Алымов айырмалап көрсөткөн жогорку жактагы беш өзгөчөлүгү анын мүнөздөмөсү десек да болот.

Методист – окумуштуу, педагогика илиминин доктору А.А.Липаев мынтип жазат: "Мектеп дилбаяны деп, мугалим сунуш кылган теманын мазмунун ачыш үчүн окуучу өз алдынча ойлонуп, ал боюнча жекече пикирин жазуу жумушун айтабыз. Башкача айтканда, кандайдыр бир маанилүү маселеге арналган белгилүү тартиптеги жазуу жүзүндөгү ой."[12;194].

"Окуучунун дилбаяны деп окуучунун адабий билиминин, эстетикалык сезим-туюмун жана рухий жетилүүсүнүн деңгээлин чагылдырып, ошол максатта жазылуучу текстти айтабыз",-деп жазат методист С.Рысбаев. [22;13].

Жогорку пикирлерди толуктап, топтоп айтсак, окуучунун дилбаяны деп мугалимдин жетекчилиги астында, ал сунуш кылган теманы өз алдынча иштеп мазмунун ачкан, убактысы чектелген, аткарылуучу орду белгиленген, белгилүү максатка ылайыктуу жүргүзүлүүчү окуучунун жазуу жумушу, коюлган маселеге карата анын жазуу түрүндөгү ой-пикирин камтыган текстти айтабыз.

Мектеп дилбаяны окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша, класска берилген программанын негизинде белгилүү максатка ылайык жүргүзүлөт.

Совет доорунда дилбаян жаздыруунун негизги тарбиялык максаттарынын бири- "...коммунисттик тарбия берүү, окуучудан бардык жагынан өскөн адамды тарбиялоо, ар тараптан өстүрүү болсо" [5;561-562], профессор Б.Алымов дилбаян жаздыруунун спецификалык максатын мындай белгилеген: "Аны жаздыруудагы башкы эң максат- адабият сабагы боюнча окуучулардын билимин текшерүү жана алган билимин практикада пайдалана алууга үйрөтүү, баланын турмушка болгон көз карашын, тигил же бул маселе, адабий тарыхый процесс боюнча ойлогон оюн кагаз бетине канчалык деңгээлде түшүрө аларын байкоо".[5;555].

Коомдун өзгөрүшү менен дилбаян жаздыруунун башкы максаты да өзгөрдү. **Мектеп дилбаянын жүргүзүүнүн башкы максаты** болуп окуучунун адабият боюнча билимин тереңдетүү, калыптандыруу, алган билимин эсте калтыруу, коомдук моралдык, этикалык-эстетикалык баалуулуктарга, турмушка болгон көз карашын өнүктүрүү, калыптандыруу, окуучунун оозеки кеби, сүйлөшүүсү менен жазуу маданиятын жакшыртуу (өз алдынча ой жорууга, фактылар менен иштөө, талдоо, жыйынтык чыгаруу) адамдык, атуулдук, патриоттук, граждандык, гуманисттик ой-сезимдерин туура багытта өсүүсүнө, жан дүйнөсүн адамзаттык рухий дөөлөттөр, баалуулуктар менен тааныштырууга, андан азыктандырууга багыттоо, эмгекти сүйүүгө,чыгармачылык менен эмгектенүүгө тарбиялоо болуп эсептелет.

Дилбаян жаздыруунун жеке максаты – берилген тема боюнча окуучунун билимин аныктоо, ой-пикирин жазуу түрүндө бере билүү жөндөмүн өнүктүрүү жана текшерүү; өтүлгөн программаны, акын-жазучулардын өмүр-чыгармачылыгынын окуучунун эсинде узакка сакталуусуна көмөктөшүү; чыгармада чагылдырылган доорлорго, мезгилдерге, каармандарга болгон мамилесин, көз карашын, жарандык позициясын калыптандыруу жана конкреттүү тема боюнча окуучунун билимин баалоо болуп эсептелет.

Ошентип, мектепте дилбаян белгилүү максатттарга ылайык жүргүзүлөт. Бирок, бир канча жолу мектепте дилбаян жаздыруунун кереги жок деген сөздөрдү укканым бар.Чын эле, мектепте дилбаян жаздыруунун кереги жокпу?! Же, бул жогоруда келтирилген, дилбаянды окуучулардын жаза албагандыгынын себебин көрсөткөн профессор А.Муратовдун пикириндеги ("тарыхый жазуу маданиятыбыздын кийинки кылымдарда эле массалык мүнөзгө ээ боло баштагандыгы б.а. сабатсыздыктын көп кылымдар бою массаны тушап келгендиги") сабатсыздыктын жаңы түрүбү? Андыктан дилбаян жазуунун (деле сабатуу жазуунун) жеке дагы, коомдук дагы мааниси жөнүндө ой толгой кетели.

Өз кезегинде белгилүү педагог Н.К.Крупская: "...мы страшно мало обрашаем внимания на то, чтобы научить писать наших учеников", - деп катуу тынчсызданган [11;110]. Бул жазуусу өнүккөн, окумуштуулары илимдин ар тарабында белгилүү болгон улуттун, адабиятта А. Пушкинден Л.Толстойго чейинки адабияттын алтын доорун түзгөн акын-жазуучулары бар элдин

педагогунун жаңы Совет доорундагы тынчсыздануусу болгон. Бул жазууга болгон тынчсыздануу – өлкөнүн эртеңкисине болгон тынчсыздануу. Мына ушундай тынчсыздануудан улам жаш Совет өлкөсүндө кат сабаты жок майда улуттардын сабатын ачкан чоң саясат келип чыкканы, кыйрап калган СССРдин тарыхынан белгилүү.

Эми ушул масалени азыркынын көзү менен, башканы кой, кыргыз кыртышына коюп карап көрөлү. Сөз менен иштей албаган, туура жазып үйрөнбөгөн окуучу, башканы кой, мектепте өтүлүүчү сабактарды да толук өздөштүрө албайт. Эмесе андай окуучунун келечегинен коомдук пайдалуу эмнени күтөбүз? Мектепте дилбаян жаздыруунун кереги жок дегендерге ушул жооп. А дилбаян - мектептеги сабаттуулуктун туу чокусу, тил, адабият бонча алган, өздөштүргөн билимдеринин жыйындысы, окуучунун аң сезиминин, жарандык ой толгоолорунун күзгүсү!

Тил жана адабият сабактары жалаң сөз менен иштөөнү талап кылат. Дилбаяндын максатына жетишүүсүнүн каражаты – сөз. “Адам күчтөрүнүн полководеци” (В.Маяковский) болгон сөз менен иштөөгө үйрөтүү, башкача айтканда, колундагы калем менен ойлонууга, ишлтөөгө сабаттуу жазууга, көркөм адабияттын каармандары менен бетме – бет баарлашууга, ар бир сөздү кыштай кынаптап кармап коюуга бир гана дилбаян үйрөтөт. Эне тилинин баалуулуктарын өздөштүргөндө гана, элибиздин рухий байлыктарын, дөөлөттөрүн бойго сиңиргенде гана “өнөр алды кызыл тил болот”.

Дилбаян боюнча жазылган илимий-методикалык адабияттарда дилбаянды көбүнчө адабият сабагына гана таандык кылып коюшат. Көбүнчө ушул жагы каралат, ушул жагы сөз болот. Көркөм адабияттын (биз сөз кылып жаткан дилбаяндын да) негизги каражаты сөз (кеп,тил), болгондуктан дилбаянга анын тилдик максатын кошуп белгилөө абзел, жана анын туура атарылышына жетекчилик кылуу, көзөмөлдөө мугалимге адабият жагын карагандай, керек болсо, андан да маанилүү болушу керек.

Мектепте кыргыз тили жана адабияты эки предмет катары кирет. Бирок бул предметтердин бири-бири менен байланышы өтө тыгыз, бирисиз бирин элестетүүгө болбойт, антсе да алардын эң бир ширелишкен, интеграцияланган жери дилбаян эмеспи.

Профессор Ж. Чыманов мынтип жазат: “Дидактика, жалпы эле педагогика, окуу предметтерин эки группага бөлүп, биринчисин “информация берүүчүлөр”, ал эми экинчисин “өнүктүрүүчүлөр” деп карайт. Биринчи группага тарых, физика, химия, адабият ж.б.прдметтер кирсе, экинчи группага математика, черчения, дене тарбия сыяктуу предметтер менен бирге тил да кирет. Натыйжада, эне тил предметин окутуу, баарыдан мурда, өнүктүрүүчү, өркүндөтүүчүү функцияны аткарат. Ошондой эле, эне тилин окутуунун спецификалык өзгөчөлүгү анын өзүнчө предмет болгону менен гана эмес, башка көпчүлүк предметтерди окутуунун каражаты болгондугу менен түшүндүрүлөт. Демек, эне тил сабагы, баарыдан мурда өнүктүрүүчү, өркүндөтүүчү милдетти аткарышы керек”.[26;71]. Кыргыз тили кыргыз тилинде окутуу жүргүзүлгөн мектептердеги предметтердин каражаты, анын ичинде кыргыз адабиятынын да. Ошол себептүү дилбаян жөнүндө сөз болгондо, арийне, аны жүргүзүүнүн максатын белгилөөдө тил жагынан да жалпы жана жеке максатын белгилеп алуу дилбаяндын сапатын көтөрөт, жогорулатат.

Бул тууралуу окумуштуу Т.С. Маразыков мындай жазат: “...мектеп окуучулары эне тил сабагында грамматиканы өздөштүрүү менен кошо улуттук менталитеттин базасында мыкты маданияттуу сүйлөй билүүгө жана өз оюн мыкты жаза билүүгө үйрөнүшү зарыл. Эне тили сабагы окуучуга ар кандай турмуштук чөйрөлөрдө, жагдай – шарттарда кимдер менен кандай сүйлөшүүнүн стандарттуу жана стандарттуу эмес негиздерин, информация алмашуунун мотивдерин, этномаданиятын, логикасын, тактика, стратегиясын, нормативин жана саясатын, туюндурулган текстти толук түшүнүүнүн иштеп кабыл алуунун механизмдерин, жөрөлгөлөрүн үйрөтүшү зарыл” [14;6]. Бул боюнча “Кыргыз тилинин жалпы орто мектептер үчүн программасында” кеңири (9 пункт) берилген. Мына ушуларга таянып дилбаяндын максатын адабият жагынан гана карабастан тилди окутуу жагынан да караганыбыз майнаптуу болмок.

Дилбаянды мектептерде үйрөтүүнүн, жаздыруунун жалпы тилдик максаты: оюн кагазга түшүрүүгө, жеткиликтүү, ырааттуу жазууга, адабий тилдин нормаларын сактоого, сөз байлыгын өстүрүүгө “ойду оозеки, жазуу жүзүндө эркин, логикалык ырааттуулукта байланыштуу, сабаттуу туюнта билүүгө үйрөтүү, аларды кеп түшүнүктөрүн өздөштүрүгө, текст түзүү жана өркүндөтө билүүгө машыктыруу” ж.б. болмок. (Кыргыз тили. Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн программа. 5-11-кл.,-Б.2003.61-бет.)

Дилбаянды жаздыруудагы кыргыз тили боюнча жеке максаты сабактын максатына ылайык болмок. Мисалы, адабий тилде туура жазуу, орфография эрежелерин туура сактоо, тыныш белгилерин коюу, акын-жазуучулардын лексиконун пайдалана алуу, текст түзүүдө синтаксистик курулмаларды туура түзүү ж.б.д.у.с..

Дилбаян жаздырууда мугалим мына ушундай максаттарды конспектисинде көрсөтүүсү керек. Мисалы:

САБАКТЫН ТЕМАСЫ: Тоо булбулу - Токтогул (Т.Сатылгановдун туулгандыгынын 150 жылдыгына карата) темада дилбаян жаздыруу.

Сабактын билим берүүчүлүк максаты: 1. Улуу акындын өмүрү жана чыгармачылыгына,анын кыргыз адабиятындагы ,түрк дүйнөсүндөгү ордуна, маанисине ой толгоо. 2. Тилдик каражатты туура колдонуу, ырды кагазга жазганда тыныш белгилерди туура коюу, төл жана бөтөн сөздү туура пайдалануу.

Сабактын тарбиялык максаты: Улуу акындын өмүрү-чыгармачылыгы аркылуу жашоону сүйүүгө, адамгерчиликке, патриотизмге, сөз кадырын баалоого тарбиялоо.

Өнүктүрүүчүлүк максаты: Адабий билимдерин туура колдонууну, фактыларды изилдеп, туура жалпылоосун ой жоруусун өстүрүү, оюн кагаз бетине туура, так берүүсүн, жазгандарынан жыйынтык чыгара билүүсүн, адабий тилдин нормасында жаза билүүсүн өркүндөтүү.

Демейде, мугалимдер дилбаян бонча конспектисин жазышпагандыгын, же үстүрттөн эптеп-септегенин айта кетүү абзел. Бул бир жагынан дилбаян жаздыруунун методикасын жеткиликтүү билбегендиктен болсо, экинчи жагынан кайдыгерлик десек болот. Мындай кайдыгерлик мугалимдин ишине да, окуучунун дилбаянына да чоң тескери таасирин тийгизери белгилүү.

Дилбаян өзүнүн нукура касиети боюнча өнүктүрүүчү да, информация берүүчү да функцияны аткарган жазуу жумушу, бул кыргыз тили жана адабиятынын дилбаяндагы тубаса интеграциясынан улам келип чыгат.

Дилбаян боюнча өтүлүүчү сабактын максатына адабият боюнча да, тил боюнча да максаттын коюлушу дилбаянга эки баанын – дилбаяндын сабаттуу жазылышына жана дилбаяндын мазмунуна коюлушунан да келип чыгат. Антсе да, дилбаяндын максаты - жазуучу, акынды же илимпозду даярдап чыгаруу эмес, методисттер, мугалимдер белгилеп жүргөндөй, илим-билим, илим-билими өскөн заманга ылайык сабаттуу, жан дүйнөсү бай, патриот, эмгекчил адамды тарбиялоодо дилбаяндын ролу чоң экенин эч ким тана албайт. Айрыкча, ар түрдүү технологиясы өскөн XXI кылымда мунун мааниси башкача зор. Бирок, мектеп партасындагы дилбаян кийин даңазасы чыккан акынга, жазуучуга, илимпозго алгачкы түрткү же таасир бербеди, же чыгармачылыгына пайдасы тийбеди деп эч ким кесе айта албасы турган кеп.

Дилбаян жазууга үйрөтүү – кыргыз адабиятын да, кыргыз тилин да окутуунун окутуунун мөмөсү, түшүмү. Окутуу демекчи, бул узакка созулган татаал процесс, иш. С.Л.Вигман: “Окутуу, билим, билгичтик жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө багытталган мугалим менен окуучунун атайын уюштурулган, башкарылган өз ара аракеттенүү процесси.Окуучунун дүйнө таанымын, акыл эмгегин жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө коюлган максатка ылайык өүнө өзү билим берүүнүн адаттарын бекемдөөгө арналган процесс”,- деп белгилесе [6;7].), профессор Жеңишбек Чыманов: “Окутуу – бул курчап турган обьективдүү дүйнөдөгү предмет, кубулуш, көрүнүштөрдү, алардын жашоо мыйзам ченемин, ар кандай ишмердиктерин, пайда болуу, өнүгүү тарыхын жана ык-жолдорун мугалим менен окуучунун биргелешкен, бирдиктүү иш аракеттеринин натыйжасында ишке ашуучу таанып-билүүнүн башкарылган, такталган жана багытталган максаттуу педагогикалык процесс”,- деп тактай.[26; 31].

Айрыкча, дилбаян жазууга үйрөтүү, көнүктүрүү өтө узак процесс, ал акырындап (үйдөн, бала бакчадан) төмөнкү класстарда башталып, жогорку класстарда өнүкмөкчү, ага албетте мугалимдин жардамы, көзөмөлү, жетекчилиги керек. Дилбаян жазуу – сөз менен иштөөнүн үлгүсү, “өмүр бою үйрөнчүү өнөр”(А.Муратов). Дилбаян жаздыруунун түпкү мазмуну –сөз (тил, кеп) аркылуу ырааттуу, туура ойлонуу,ошо ойлогонду башкаларга сөз менен (сүйлөмдөр, текст аркылуу) жеткирип айта билүү, жаза билүүгө көнүктүрүү. Ошону менен тил, адабият, адеп, салт, жүрүм-турум, ак-кара, адал-арам, сыяктуу ж.б. түшүнүктөрдүн жаман-жакшысын аңдоого, дилинде жакшысын колдоп, жаманы менен күрөшүүгө тарбиялоо жатат.

Бул азыноолак айтылгандар кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун максат милдеттеринен улам калип чыгат. Сүйлөшүү – бул жашоо. Ансыз адам турмушун элестетүүгө болбойт. Адамзаттын коомдук турмушу сүйлөшүүсүз мүмкүн эмес, адамга аба, суу, от, нан кандай керек болсо, сүйлөшүү да ошондой керек, анын функциясы ошондой.

Сүйлөшүүнүн маани – маңызына тил илими гана кызыкпастан философия, психология, социология, информатика, кибернетика сыяктуу башка илимдер кызыгарын айтсак, анын мааниси кандай терең экенин түшүнөбүз.

Профессор Ж.А.Чыманов кыргыз тилин окутуунун негизги максатын мындай белгилейт: "Бүгүнкү күндө кыргыз тилин окутуунун негизги максаты – окуучулардын (өспүрүмдөрдүн) кеп ишмердигин (сүйлөөсүн) жакшыртуу, өркүндөтүү. Белгиленген бул максат толугу менен жаңы талап эмес. Ал лингвистика, этнолингвистика, педагогика, этнопедагогика, психология жана методика илимдеринин соңку талаптарына, билим берүүгө, анын ичинде эне тилин окутууга коюлуп жаткан коомдук-социалдык суроо-талаптарга, кыргыз тилин окутуу боюнча иштелип чыккан мыйзамга, мамлекеттик стандартка таянуу менен эң соңку мезгилге чейин белгиленип келген максаттарды жалпылаштыруу, конкреттештирүү менен аныкталды". [26;70].

Сүйлөшүү аркылуу ой жүгүртүүнү өркүндөтүүгө болорун, анын татаалдыгын белгилеп келип кеп ишмердүүлүгү жөнүндө Ж.Чыманов мындай пикирин билдирет: "Жыйынтыктап айтканда, эне тилди окутуунун негизги максаты болгон окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү маселеси ары татаал, ары көп кырдуу, түмөн түйшүктү талап кылган узак аракет экендиги айкындалат. Кеп ишмердүүлүгү – бул аң-сезим; акыл-эс; ой жүгүртүү, таанып билүү, өздөштүрүү, сүйлөө, угуу, жазуу, окуу, маданият, тил системасы, адабий тил, стилистика, дин, этика, эстетика, философия, психология ж.б. тыгыз байланышкан өтө татаал индивидуалдуулук менен универсалдуулукту бирге алып жүргөн өзгөрмөлүү категория." [26;81-82].

Кеп ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон жогорку сөздү толугу менен дилбаяндын табиятына тиешелүү деп эсептейбиз. Муну менен дилбаянды жазуу, жаздыруу жумушунун оордугун, таталдыгын, ал бир ган адабият сабагынын гана жумушу эмес, кыргыз тили сабагынында обьектиси экендигин белгилемекчибиз тилибиз менен адабиятыбыз түбүнөн тубаса интеграцияланган баалуулуктарыбыз, ал эки көздөй, кош канаттай же эгиздердей. Алардын биримдигисиз дилбаяндын болушу да мүмкүн эмес.

Дилбаян жаздыруу жумушу мектептеги педагогикалык иштерден бөлүнүп калбоого тийиш. Мектепте жүргүзүлүүгө тийиш болгон ар кандай окуу-тарбиялык иштер, анын ичинде адабият сабагы окуучуга кандай пайдалуу таасир берсе, мектеп дилбаяны анын бир бөлүгү катары ага өз үлүшүн кошмокчу. Ал эми мектеп адабияты тууралуу белгилүү орус-совет акыны А.Твардовский мугалимдердин бүткүл Россиялык сьездинде эң эле таамай айткан: "Литература в школе делает тоже самое – формирует человеческое сознание, миропонимания, личность человека в пору его небольшой восприимчивости, наибольшей впечатлительности и даже просто памятливости, чего в иную пору у человека часто не бывает уже в силу просто биологических причин". [25;338]. А.Твардовскийдин бул сөзү толугу менен дилбаянга да тиешелүү.

Адабий темадагы жазылган дилбаян окуучунун адабият сабагынан алган билимдеринин көрсөткүчү, жыйындысы. Мындай дилбаяндан окуучунун чыгармага, андагы образдарга, чыгарманын идеясына, же болбосо жазуучунун чыгармачылыгына болгон жеке мамилеси көрүнүшү керек. Окуучунун тигил же бул көрүнүшкө, тигил же бул окуяга өз пикирин айтууга эмне үчүн болбосун. Анткени, М.Горькийдин сөзү менен айтканда: "Дети должны учиться не только считать, измерять но и воображать, предвидеть". [7;107]. Көркөм адабият өзүнүнүн турмуштай кенен, көп жактуу табияты менен адамды турмушту көрө билүүгө, ал жөнүндө кыялдануууга, ак-караны ылгоого, тигил же бул көрүнүшкө жекече пикирин билдирүүгө үйрөтөт. Бул жагынан алганда исскуствонун башка түрлөрүнүн ичинен да ага теңдеш табылбайт. Дилбаян болсо окуучунун чыгармачылыгын башаты катары анын дилиндеги уюган ойлорун, кыялдарын,бүгүн сыртка чыгарчуу, ак кагазга төгүп салчуу бирден бир мүмкүнчүлүгү болгондуктан да аны жаздырууга үйрөтүү өтө зарыл керек.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Айзерман Л. С. Сочинение о сочинениях / Л. С. Айзерман – М.: Педагогика, 1986. – 160 б.
2. Алымов Б. Жогорку класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн айрым маселелери. – Ф.: 1968. 84 б.
3. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятынын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. – Ф.: 1981.
4. Алымов Б. Мектеп сочинениеси. – Ф.: 1982.
5. Алымов Б.Тандалган чыгармалар.-Б.2012
6. Вигман С.Л. Педагогика в вопросах и ответах.-М.:2004.

7. Горький М.О темах.Собр.соч.30 томах.т.27.
8. Гринина-Земскова А.М. Сочинения в газетных жанрах.(4-8-классы)-М.:1977.160 стр.
9. Ильин Е.Н.Как сдать экзамены по литературе.-М.:1995.128 стр.
10. Калганова Т.А..Сочинения в различных жанров в старших классах.-М.:1997.
11. Крупская Н.К.Коммунистическая воспитания и литература. В книге: Методика преподования литературы в школе.Хрест-я.-М.:1969.
12. Липаев А.А. Письменные работы по русской литературе в старших классах национальной школе.-М.:1960.
13. Литвинов В. В.Сочинения в старших классах как самостоятельная работа.- М.:1953.
14. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери.-Б.:2005.
15. Муратов АЖ..Дилбаян – дил сыры,тил сыны.-М.:2008.
16. Муратов АЖ..Дилбаян сырлары.Б.:2004.
17. Муратов АЖ..Дилбаян чыгармачылык изденүүнүн үзүрү.-Б.:2011.
18. Муратов АЖ..Кыргыз адабитын окутуу:теориясы жана практикасы.-М.:2013.
19. НикольскийВ.А.Сочинение в средней школе.-М.:1954.
20. Ожегов С.И., Шведова Н.Ю. Толковый словарь русского языка. Под .ред, Шведовой Н.Ю..-М.:1992.
21. Русский язык. Энциклопедия.Гл.ред. Филин Ф.П.-М.:1979.
22. Рысбаев С. Окуучунун дилбаяны..-Б.:2003.
23. Словарь русского языка в 4-томах.Под.ред.Евгьеновой А.П..-М.:1984.
24. Толковый словарь русского языка в 4-х томах. Под.ред Ушакова Д.-М.:1996.
25. ТвардовскийА.Преподования литературы творческое дело.Сборник сочинений в шести томах .-М.:1980.т.5.
26. Чыманов Ж.А.Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы.-Б.:2009.
27. Шолохов Н.И.Сочинения учеников средней школы. Пособия для студентов и учителей.-Горький.:1977.

Mursaev Nizamidin

What is a pupil's essay?

Annotation: *This article discusses aims and problems of study in school essays.*
Keywords: *essay, dictionary, difficult work, headache, essential aims, problems.*

УДК: 371.311.3.

К.Ж.Нармырзаева, ОшМУнун доценти

Мекеме- ишканалардын баштоочу тайпаларында мамлекеттик тилдин окутулушу

Аннотация: *Макалада мекеме-ишканалардын баштоочу тайпаларында мамлекеттик тилдин окутулуш проблемалары берилет.*
Ачкыч сөздөр: *мыйзам, мамлекеттик тил, проблема, сүйлөшүү кеби, салт, этимология.*
Аннотация: *В статье дается проблемы обучения гос.языка в предприятия и организациях.*
Ключевые слова*: закон, государственный язык, проблема, разговорный речь, обычаи, этимология.*

1989-жылдын 23-сентябрында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндөгү" мыйзамдын саясий социалдык мааниси бүгүнкү күнү деле кадимкидей байкалып жана көрүнүп турат. Өлкөбүздөгү демократиялык принциптердин бирден-бир белгиси катары Кыргызстандын түпкүлүктүү калкынын жана көпчүлүк жарандарынын тили эми мыйзамдуу түрдө расмий деңгээлге көтөрүлүп , анын келечеги , өнүгүү мүмкүнчүлүгү мамлекеттин көзөмөлүнө алынып активдүү иш- аракеттер жүргүзүлүп жатканына басым жасап белгилегим келет.

"Мамлекеттик тил жөнүндөгү" мыйзамдын негизинде кыргыз элинин тил аркылуу дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы биротоло сакталып, мындан ары өсүп-өнүгүү жолуна

түшүүдө. Эне тилибиздин турмуштун бардык чөйрөлөрүндө ар тараптуу жана толук кандуу колдонулушуна кеңири жол ачылып, бүгүнгө чейин сакталып келген байыркы дөөлөттөр калайыктын жалпы жана жеке энчиси катары дагы өнүгүү жолуна түштү. Кыргыз тилинин дүйнө таануу дарамети тереңдеп, анын гуманитардык, прогрессивдик , лексикалык жана грамматикалык чексиз мүмкүнчүлүктөрүн илимий жол менен терең изилдөө, өнүктүрүү закондорун аныктоо маселелери тил илими жаатында аракет кылып келген ар бир атуул-инсандын колунда турат. Дүйнөлүк масштабда мамлекеттердин түздөн-түз алака-катышы күч алып, интеграциялык процесстердин тездеши, алардын арасында Кыргызстандын да экономикалык мамилелердин орбитасына активдүү тартылышы этникалык көп түрдүүлүктүн коркунуч түзүп, коргонуу стратегияларын иштеп чыгуу зарылдыгын жаратып отурат. Ааламдашуу улам күчөгөн сайын улуттук идеялар курч коюлуп, ар бир эл, улут агымга каршы туруучу күчтүү таанычтарды издеп жаткандай. Ушундай шарттарда биздин, кыргыздардын башкаларга туруштук берүүчү, сактоочу, кепил болуучу сепилибиз, “куралыбыз барбы?”-деген мыйзамдуу суроо туулат. Элдин кылымдап жыйнаган асыл-нарк дөөлөттөрү, маданияты, тарыхы бабалардан калган “архив”- тил аркылуу гана муундан муунга өтүп сакталган жана улутту улут кылып сактап келген. Дүйнөлүк мейкиндикке ушул байлыктарыбыз менен отурукташа алсак гана биз кыргыз көчүнүн андан ары уланышына шарт түзүп, эстафетаны татыктуу уланткан болобуз. Бирок бул маселеде айрыкча эне тили боюнча чечүүнү талап кылган маселелер көп. Бир кезде В.Радлов эне тилинде эң таза сүйлөгөн эл катары баалаган кыргыздар ошол өзгөчөлүктү сактай албай калгандыгында тарыхый шарттардын, дүйнөлүк масштабдагы өзгөрүүлөрдүн таасири чоң. Бул маселеде ар бир нерсени факты катары кармабай мамлекеттик тилде таза, көркөм сүйлөөгө жетишели. Себеби биздин мамлекетибизде 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт. Башка өлкөдөн келген жарандар, жашап жаткан башка улуттун өкүлдөрү мамлекеттик тилди үйрөнүүгө ынтызарлыгы артууда. Бул дагы мамлекеттик тилге болгон сый-урматтын жышааны деп эсептөөгө болот. Тил адамдардын байланыш катышынын гана куралы эмес, ал адамдардын укугун, коомду жана дүйнөнү таанып-билүүсүнүн каражаты, элдик рухий дөөлөттөрдү сактаган казына да болуп саналат. Элибизде: “Тил билсең, дил билесиң”, -деген макал бекер айтылбаган. Тилди билүү өлкөбүздөгү улуттардын өкүлдөрүн бири-бири менен жакындаштырат жана байланыштырат, алардын арасындагы мамилени чыңдайт. Бүгүнкү күндө коомубузда кыргыз тилин мамлекеттик тил катары республикабызда жашаган бардык улуттарга үйрөтүүнүн зарылдыгы өздөрүнүн муктаждыгынан мекеме-уюмдарда, ишканаларда жеткиликтүү деңгээлде иш алып баруу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында мамлекеттик тилди үйрөтүү курстарына көбүрөөк талапкерлер тартылып үйрөтүлүп жаткандыгынынан көрүнүп турат.

Окутуунун максаты-кыска убакыт ичинде тилдин тыбыштык түзүлүшүн, грамматикалык өзгөчөлүгүн үйрөтүп, күндөлүк турмушта кеңири колдонулган лексика менен алып жүрүп отуруп, адистикке тийиштүү терминдерди, сөз айкашы менен сүйлөмдү түшүнүү, жазуу, оозеки сүйлөшө билүүгө машыктыруу милдети турат. Кадимки шартта тилдин бардык жактары –фонетикасы, сөз курамы, маанилик айырмалар, сөз жасоо, сүйлөм куруу сыяктуу жактары жекеме жеке колдонулбайт, алар комплекстүү түрдө ишке киришет. Ушул себептен тил үйрөтүүдө лингвистикалык системаны
удаа, биринен кийин экинчисин катар колдонуунун зарылдыгы жок. Айрыкча сөз которуу, сөздүк түзүү иштерине маани берүү зарыл. Сөз байлыгын иштеп чыкпай, тилдик-коммуникативдик максатты ишке ашыруу мүмкүн эмес. Текстти которо билүү программалык материалды, тилди канчалык терең өздөштүргөндүктүн жана түшүнгөндүктүн көрсөткүчү катары бааланарын практика көрсөттү. Текст окутууда, которууда күндөлүк зарыл шартта кеңири колдонгон сөздөргө, жагдайларга, тематикага өзгөчө маани берилет. Сабак өтүүдө болушунча көрүшүү, учурашуудан тартып, адистикке, кыргыз элинин маданий-илимий билимдерине, аларга тиешеси бар улуу инсандар, окумуштуулар, салтыбыз, жерлерибиз жөнүндөгү маалыматтар сунуш кылынат..

Өтүлүп жаткан лингвистикалык тема адистиктин талабына ылайык өзгөртүлө берилет. Буга ишканаларда баштоочу тайпалардын угуучуларына өтүлгөн семинардык сабакты мисал катары КРдин МЧК КЖБда Россия Федерациясынан келген кеңешчилердин сабагынан бир учурун белгилеп кетсем.

7- сабак. Темасы: Сүйлөшүү темасы: “Убакыт” –“Время” (2 саат)

Сабактын максаты:

а) билим берүүчүлүк жагы:

Угуучуларды мамлекеттик тилде адабий тилдин нормасында таза сүйлөй билүүгө, туура так жазууга көнүктүрүү.Сүйлөшүү кебин өстүрүү оозеки жана жазма кепке тиешелүү болгон талаптарды аткарууга жетиштирүү.Тилин сүйлөөгө жатыктыруу.Фонетикалык көнүгүүлөрдү жасатуу.

б) өнүктүрүүчүлүк жагы:

Мамлекеттик тилде сөздөрдү угуучуларга үйрөтүү. Мамлекеттик тилде сабак өтүүдө жүргүзүүдө ойду оозеки жана жазуу жүзүндө эркин, логикалык ырааттуулукта байланыштуу, сабаттуу билүүгө үйрөтүү; аларды кеп түшүнүктөрүн өздөштүрүүгө, сөздөн сүйлөм түзүүгө жана сүйлөй билүүгө машыктыруу;

в) тарбиялык жагы:

Угуучуларды кыргыз тилиндеги убакытты терең билип үйрөнүүгө,тилдин адабий нормативдүүлүгүн сактоого, андагы каражаттарды билгичтик, сезимталдуулук менен колдоно билүүгө шыктандыруу жана тарбиялоо; угуучуларды тилдин коомдук көрүнүш экендиги, коомдогу ролу, социалдык мааниси, угуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүн камсыз кылуу менен аны интелектуалдык жана адеп-аклактык жагынан коомдун чыгармачыл жана активдүү атуулу катары тилди урматтоо тарбиялоо маселеси ишке ашырылат.

Убактысы: 2 саат.
Орду: Кыргыз тил каанасы.
Сабак өтүүнүн усулу : Традициялык эмес, аңгемелешүү,байкоо, суроо-жооп, БББК, Кластер түзүү, Синквейн ж.б.

Сабактагы негизги талкууга алынуучу суроолору:
1. Сан атоочтордун убакытта пайдаланылышы
2. Саат канча болду? – Который час
3. Убакыттын ар кандай формада айтылышын оозеки кепте айтуу
4.Сүрөттөрдөн эмнени көрүп турат. Сүйлөп берүү

Сабакта колдонулуучу негизги адабияттар:
1. З.Дербишова, С.Досоева, З.Мажитова. Тил көпүрө. -Б., 2005
2. Жусаев Ж. ж.б. Кыргыз тили группалары үчүн окуу китеби.
3. Дыйканова Ч. Кыргыз тилин үйрөнөбүз.Сорос-Кыргызстан.-Б., 1998.
4. Касымова К., Токтоналиев Б., Карыбаев К. Изучаем кыргызкий язык. - Ф.,1991.
5. Култаева Ү.Б. Адашева Ч.К. Салиева Д.Т., Садыкова К.С. Если хотите говорить по-кыргызки (методические пособие)-Б., 1997.
6. Култаева Ү.Б. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы. –Б., 2003.
7. Омуралиева С., Кундузакова С.А. Изучали пособие для начинающих.Часть. I и III –Б., 2001.
8. Орузбаева Б., Закирова В. Грамматикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү . –Ф., 1981.
9. Биялиев К.А. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин башка улуттарга окутуу методикасы.-Б., 2002.
10. Горы А.Г., Мамбеталиев С., Токтоналиев К. Кыргыз тилин тез үйрөнөбүз. Интенсивный курс кыргызского языка. -Б., 1990.

Окутуудагы каражаттар:
1. Окуу-усулдук колдонмолор, илимий адабияттар
2. Плакаттар, схемалар, проектор ж.б.

I. КИРИШ БӨЛҮГҮ – 5 мүнөт
1. Сабакты уюштуруу:
а) Угуучулардын санын жана сабакка даярдыгын текшерүү
б)Кыскача бул тема боюнча мамлекеттик тилдин коомдо алган ордун, функциясын зарылдыгын түшүндүрөм, сүйлөшүү кебине басым жасалат, сабак практикалык сабак формасында берилип, аны өздөштүрүүгө киришем.

Жаңы тема: Сүйлөшүү темасы “Убакыт” – “Время”
Саат канча болду? – Который час ?
Саат төрткө беш мүнөткалды

Без пяти минут четыре
Саат төрттөн 10 мүнөт өттү.
10 минут пятого
Саат бештен 15 мүнөтөттү
15 минут пятого
Мисалы: Саат сегиз болду – Восемь часов.
Саат сегиз жарым болду – половина девятого
Сегизден он мүнөт өттү-десять минут девятого.

35- көнүгүү. Прочитаете диалог в лицах, запомните основные выражения.

- Саат канча болду? –Который час ?
- Саат 9.30 болду. - Сейчас 9.30.
- Саат 6.30 боло элек. Еще нет 6.30
-Түштөн кийин мен бир саатка кечигип келем.
-Во второй половине дня я опаздаю на 1 час.
- Сиз качан келесиз? Вы когда придете?
- Сен качан келесиң? – Ты когда придешь?
- Мен саат жетиде келемин. – Я приду в семь (без 10 девять, в 10.30).

Лексикалык текст

Алкыш	**благодарность**
Ырахмат.	– Спасибо.
Сизге ыраазымын	- Я вам признателен
Көңүл бурганыңызга ракмат.	- Благодарю за внимание.
Куттуктаганыңызга ракмат.	- Спасибо за поздравления
Жакшы кеңешиңизге рахмат-	Спасибо за добрый совет.
Коноктогонуңузга ракмат.	- Спасибо за гостеприимство

Жыйынтыктоочу бөлүк - 3 мүнөт

- Темага тиешелүү суроолорду берип ББББК түздүрөм
- кыскача суроо берүү менен угуучуларды сабактагы алган түшүнүгү боюнча эки топко бөлүп презентация жасоого чакырам;
- жакшы жактарын жана кемчиликтерин белгилейм;
- кыскача сабакка обзор берилип, сабак бышыкталып, жыйынтыкталат
- угуучуларга тапшырма, 37- көнүгүү. Сабакта өтүлгөн сүйлөшүүгө берилген теманы жаттоо. Өз алдынча иштөө үчүн суроолорго усулдук көрсөтмө берилет.

Жыйынтыктап айтканда, мамлекеттик тилди башка улуттарга үйрөтүү – мамлекетибизде жашаган элдерди бириктирүүнүн, бир максатка баш коштуруунун, өз ара ынтымактын жана түшүнүшүүнүн өзөгү болууга тийиш. Андыктан ар бирибиз өз эне тилибизге аяр, таза жана сый урмат менен мамиле жасообуз зарыл. Ошондуктан мамлекеттик деңгээлде “Улуттук идеологиянын уңгусу –улуттук тил” деген ураан менен чекиндүү кадамдарды жасоого жана иштөөгө мезгил жетти.

Адабияттар

1. З.Дербишова, С.Досоева, З.Мажитова. Тил көпүрө. -Б., 2005
2. Жусаев Ж. ж.б. Кыргыз тили группалары үчүн окуу китеби.
3. Дыйканова Ч. Кыргыз тилин үйрөнөбүз.Сорос-Кыргызстан.-Б., 1998.
4. Касымова К., Токтоналиев Б., Карыбаев К. Изучаем кыргызкий язык. Ф.,1991.
5. Култаева Ү.Б. Адашева Ч.К. Салиева Д.Т., Садыкова К.С. Если хотите говорить по-кыргызки (методические пособие) -Б., 1997.
6. Култаева Ү.Б. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы. –Б., 2003.
7. Омуралиева С., Кундузакова С.А. Изучали пособие для начинающих. Часть. I и III –Б., 2001.
8. Орузбаева Б., Закирова В. Грамматикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү . –Ф., 1981.
8. Биялиев К.А. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин башка улуттарга окутуу методикасы.-Б., 2002.
9. Горы А.Г., Мамбеталиев С., Токтоналиев К. Кыргыз тилин тез үйрөнөбүз. Интенсивный курс кыргызского языка. -Б., 1990.

Osh SU docent K.J. Narmirzaeva
zhypar@inbox.ru

Teaching national language to groups of beginners in organizations and work places

Annotation: *The problems of teaching state language in organizations and enterprizes is given in this article.*

Key words: *text, person, speak, understanding, literary language, organization, listener*

УДК: 371.311.3

К.Нармырзаева., Б.Мамазаитова, ОшМУнун доценти

ЖОЖдордо, мекеме-ишканаларда мамлекеттик тилди окутуунун айрым бир маселелери

Аннотация: *Макалада ЖОЖдордо, ишканаларда мамлекеттик тилдин окутулушу көйгөйлөрү берилет*

Ачкыч сөздөр*: феномен, окумуштуу, профессор, иш кагаздары, тил каражаттары, проблема.*

Аннотация: *В статье дается проблемы обучения гос.языка в ВУЗах организациях.*

Ключевые слова*: феномен, ученый, профессор, делопроизводство, языковые средство, проблема.*

Эне тил -бул феномен. Белгилүү дүйнөлүк деңгээлдеги кадыр баркы бар кыргыз элин ааламга тааныткан Ч.Айтматов жаштарга айткан насыятында тил дайыма кыймылда, өнүгүп – өсүп тура турган кубулуш экендигине атайын көңүл бурат: “Тил- ар бир улуттун руханий күзгүсү, агып турган кубулушу. Тилсиз улут болбойт, тил деген өнүгүп турчу нерсе. Тилди карабай четке таштап койсоң дат баскан буюмдай эскирип, жарабай калары бышык. Азыр аракет чоң, кабыл алынган мыйзамдын негизинде көп нерсе жазалчудай болуп турат”,- деп өз учурунда баса белгилеп кеткен. Бул айтылган идеялар азыр ишке ашып жатат го деген ойдомун. Мамлекеттик тилдин коомдогу абалы актуалдуу, проблемалуу маселелерден экендигин белгилегим келет.

Эне тилибизге мамлекеттик тил катары статус берилип, Кыргыз Республикасынын Конституциясы аркылуу юридикалык укук менен бекемдегенибизге 26 жылдын жүзү болду.

Бала бакчада, мектептерде, коллеждерде жана жогорку окуу жайларында, айрым бир зарылдыкка жараша мекеме-ишканаларда кыргыз тилин окутуп, турмуш-тиричилигибизде кыргыз тили негизги тил катары колдонулуп келгени менен илимий чөйрөдө, бийлик органдарында, мамлекеттик жыйындарда, жогорку стуруктураларда, иш кагаздарында орус тилинин көлөкөсүндө калып, өкмөттө, министрликте, областтык, шаардык, райондук жетекчиликте коомдук тармактардын кээ бир тармактарында иш кагаздары, адистиктерге окутуу, илимий изилдөөнүн (кыргыз филологиясы жаатындагы жана айрым эмгектерди эске албаганда) көпчүлүгү орусча жүргүзүлгөндүктөн, тил тагдыры улуттун тагдыры менен үзөңгүлөш экенин эске алып, аны ар тараптан өнүктүрүү Кыргызстанда бардык тармактарда, бөтөнчө иш кагаздарында кыргыз тилин өркүндөтүү маселеси колго алынды.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн бир топ токтомдору, указдары, программалары, концепциялары кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын президентинин алдында мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча улуттук комиссия бир топ иштерди колго алып иш жүргүзүүдө.

Бул иш-чаралар кыргыз тилин окутууну мамлекеттик деңгээлде көтөрүп, кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүгө жаңыча мамилени талап кыла баштады. Албетте, көтөрүлгөн маселелер бир күндүк же бир жылдык иш эмес, ондогон жылдарды талап кылаары белгилүү эле. Жогорку мыйзамдарда каралган маселелер иштеп жатабы, кайсыл тармакта аксоодо, кандай иштерди аткаруу зарыл деген маселелер адис-окумуштууларды ойлонтпой койгон жок.

Республикалык басма сөздөрдө, илимий конференцияларда, семинарларда, ЖОЖдордо мамлекеттик тилди үйрөтүү, окутуу маселеси кырынан коюла баштады. Ушул максатта Ош мамлекеттик университетинин бардык факультеттеринде 1989-жылдан баштап кыргыз тили орус группаларында окутула баштады.

Кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары иштеши, анын колдонуу чөйрөсүнүн өсүшү мыйзам жүзүндө гана эмес, турмуштук зарылдык катары жашашына кам көрүү экендиги жөнүндө өз учурунда күйгөн ири окумуштууларыбыздын бири, өз өмүрүн кыргыз тилинин окутуусуна, стилистикага, иш кагаздарын, кеп маданиятын окутууга арнаган профессор, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, көп кырдуу талант Токтосун Аширбаев мамлекеттик тилди жогорку окуу жайларында, мамлекеттик деңгээлде өзгөчө окутуп-үйрөтүү практикасына көңүл бурганы анын "Стилистика" 1-4-китептери, "Кеп маданияты", "Иш кагаздары" аттуу окуу куралдары, окуу-усулдук колдонмолорунан байкалат. Мамлекеттик тилге күйгөн инсандардын эмгектери элге учурда да керекке жарап, пайдаланылып жаткандыгын баса белгилегибиз келет. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүүчү адабияттар, жазылуучу эмгектер эл сурамжылоосуна, керектөөсүнө ээ болгон эмгектерден болсо.

Бул маанилүү маселеде канатташ республикалардын иш тажрыйбаларын үйрөнүү керекпи деген ойго келесиң. Казакстанда коомдук жайларда жетекчилер, кызматкерлер, жарандар казак тилинде гана сүйлөшүү маселеси коюлган.

Биздин өлкөдө дагы бул маселени практикалоого болсо керек. Анткени, Казакстан менен Өзбекстандагыдай мамлекеттик, коомдук деңгээлдеги иштерди жүргүзүүгө бизде деле мүмкүнчүлүктөр бар, бирок ошону профессионалдык мүнөздө, максаттуу, чыныгы патриоттук жигер менен уюштура билүү жана аткаруу гана жетишпей жатканы сезилет.

Ишкана-мекемелерде иш кагаздарын жүргүзүүдө орусча жазылган иш кагаздарын мисалы "Өмүр баянды" орусча жазып, кыргызчага которууну байкоого болот. Иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилде үйрөнүлүүсү талап кылынса деген ойдомун. Которуу маселеси оор, ошондуктан ар бир адисте өзгөчөлөнгөн терминдер туш келди которулууда, муну терминком бир багытка салса, териштирсе жакшы жолго койсо, жакшы иш болмок.

Кыргыз тилинин нукура сөздүн толук маанисиндеги мамлекеттик тилдин деңгээлин жетишүү үчүн эми өкмөттүк, мекемелик, чарбалык, маданий тармактардын бардыгына конституциялык мыйзамдардын негизинде жүзөгө аша турган иш-чаралар пландаштырылып иштөөсү керек. Ансыз мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамы кагазда гана кала бериши мүмкүн. Мисалы, баарыбыздын жүрөгүбүздү өйүп турган бир эле маселени карап көрөлү. Бул - кыргыз интелигенттеринин адистердин ар тармакта иштешкен кыргыз жетекчилердин кыргыз тилинде сабаттуу, маңыздуу, логикалуу жана туура жаза алышына жетиштүү маселеси.Азыр көпчүлүк жерлерде кыргыздар кыргызча жаза албай, документтерди адегенде орусча жаздырып, анан аны кыргызчага которууга мажбур болуп отурушат. Мындай болбой, келечекте кыргыздардын кыргызча жаза билүүсүнө жетишүү үчүн эмне иштерди биринчи кезекте жүзөгө ашыруу зарыл? Тилибизди мамлекеттик деңгээлге кантип көтөрөбүз?

Албетте, тилибизди мамлекеттик деңгээлде көтөрүү үчүн кыргыз тилин окутуп-үйрөтүү орто мектептерде, кесиптик-техникалык лицейлерде, коллеждерде, жогорку окуу жайларында жүргүзүү керектиги жөнүндө, ЖОЖго өтүү мезгилинде кыргыз адабиятынан дилбаян жазууну киргизүү керектигин сунуштап белгилейм.Анткени дилбаян жазуу бул кыргызча оюн так, логикалуу, сабаттуу, мазмундуу түшүрө билүү, элестүү, көркөм жазууга шыктануу, ошондой эле кыргыз тили жана адабияты боюнча материалдарды терең билүүнү талап кылуучу сынактын бир түрү болуп саналарын мурунку учурда турмушта практикада далилденгендигин айтууга болот.

Азыркы кезде кыргыз тилин башка адистиктерге (филологиялык эмес факультеттерге) үйрөтүүчү окутуучулардын көкүрөгүндө жүргөн маселе жөнүндө айтууга болот. "Коллеж, кесиптик-техникалык жана жогорку окуу жайларында окуган окуучулардын,студенттердин окуу пландарында жазуу иштерин жүргүзүү киргизилип, мамлекеттик сынак түрүндө сыноодон өткөндөн кийин гана диплом берилсе, ошондо гана эл чарбасынын ар кандай тармактарында иштей турган адистерибиз, интелегенттерибиз, жетекчи кызматкерлерибиз, кыргыз тилинде жазуу, документтик иштерди туура жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушмакчы. Менин жеке ишенимимде мындан башка жол жок.

Эгерде бул талап аткарылбаса, кыргызда мурдагыдай эле мамлекеттик тилде туура жаза албаган бойдон кала бермекчи. Анткени, сабаттуу, туура, мазмундуу, логикалуу жазууга окуу жайлары гана үйрөтө алат.

Бүгүнкү күндө жалпысынан ЖОЖдордо адистиктер боюнча окуган студенттер 1-2-курста кыргыз тилин белгилүү саат көлөмдө окушуп, жыл аягында жыйынтыктоочу сынак тапшыруу менен чектелишет.

1-2-курстун студенттери бүтүрүүчү курска келгенде өз адистиги боюнча теориялык билимге ээ болушуп, так багыт алып, акыл, аң-сезими да жогорулайт.

Акыркы курста кыргыз тилин атайын курс катары адистикке байланыштуу окутуп же болбосо обзордук лекция өтүп, бул мамлекеттик сынак берүү менен аякталса, иш кагаздары жана кыргыз тили боюнча адистигине байланыштуу билим алган бүтүрүүчү кийинки иштеген чөйрөсүндө мамлекеттик тилде иш жүргүзүүгө психологиялык жактан даяр болор эле деген ойдобуз.

Мамлекеттик тилдин күйөрманы катары көтөрүлгөн маселелерден улам, бүгүнкү күндө тереңирээк көңүл бөлүнүүгө муктаж көйгөйлөрдү төмөнкүдөй жыйынтыктасак болот:

- айрыкча кыргыз тилинин мамлекеттик деңгээлге жетишин камсыз кылуучу эң маанилүү жагдай – республикадагы кыргыз тилин үйрөнүүнүн муктаждыгын сездирген кырдаалдарды аң-сезимдүү түрдө түзүү;
- министрликтердин, мекемелердин, ишканалардын иш кагаздарын материалдык документтерин, ар түрдүү бланктарды, оорунун тарыхын жазууну, аскер кызматкерлеринин буйрук берүүнү жүргүзүүнү жана бардык тармактарды мамлекеттик тилде иштөөсүн актуалдаштыруу;
- кыргыз тилин бардык окуу жайларда, орто мектептерде, коллеждерде, кесиптик-техникалык, жогорку окуу жайларында жана чоңдор үчүн керек болгон жерлерде окутуп-үйрөтүүнү камсыз кыла тургандай деңгээлде окуу куралдардын, окуу-методикалык көрсөтмөлөрдү даярдап, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун улуттук программасын түзүү;
- жогорку окуу жайларда мамлекеттик тилди окутууда кыргыз маданияты, адабияты, тарыхын үйрөтүү, мекенди сүйүү, патриоттуулукка тарбиялоо, кыргыз мамлекети, эли-жери жөнүндө маалымат берүү, адистикке байланыштуу терминдерди өздөштүрүп, ошол тармакта пикир алыша алгыдай деңгээлде үйрөтүп, бардык факультеттердин бүтүрүүчү курстарына кыргыз тили боюнча мамлекеттик сынакты киргизүү;
- мекеме, ишканаларда ж.б. жайларда мамлекеттик тилди иш кагаздарын жүргүзө ала турган деңгээлде үйрөтүү маселесин пландуу, ырааттуу түрдө колго алуу өтө зарыл.

Жогорку окуу жайын бүткөн адис биринчиден үй-бүлө мүчөсү, экинчиден келечекте мамлекеттик кызматтарда, мекемелерде, ишканаларда эмгектенип, ал жалпы эле коомго белгилүү салым кошуучу инсан болорун эске алып, аларды өз мекенинин патриоту, кыргыз тилин алып жүрүүчүсү катары тарбиялоо- адистердин гана эмес жалпы мамлекеттин дагы камкордугун талап кылары шексиз.

Жалпылап жыйынтыктап айтканда, мамлекеттин ар бир жараны мамлекеттик тилдин күйөрманы болууга чакырам.

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча кабыл алынган мыйзам, токтомдордун текстери
2. Иновациялык билим берүү: абалы жана келечеги .Илимий симпозиумдун материалы.-Б.2012.
3. Аширбаев Т.Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде жүргүзүү.
4. Нармырзаева К.Мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүү.-Б.2011.

Osh SU docent K.J. Narmirzaeva, B. Mamazaitova

zhypar@inbox.ru

ЖОЖдордо, мекеме-ишканаларда мамлекеттик тилди окутуунун айрым бир маселелери

Annotation: *In this article the problems of teaching mother state language in high schools is given*

Key words*: text, person, speak, understanding, literary language, organization, listener*

УДК: 894. 341. (0433)

Нурмаматова М.Т., ОшМУ

Кеңешбек Асаналиев - көрүнүктүү адабий сынчы

Аннотация: *Макалада кыргыз адабиятынын көрүнүктүү ишмери, сынчы, илимпоз, айтматовтаануучу К.Асаналиевдин өмүрү, адабий ишмердүүлүгү жана кыргыз адабий сынындагы орду баяндалат.*

Түйүндүү сөздөр: *улуттук адабият, адабий сын, стилдик белги, профессионал, агымга каршы, полемикалуу.*

Аннотация: *В данной статье рассмотриваются жизнь и литературная деятельность видного деятеля кыргызской литературы, критика, ученого, айтматоведа К.Асаналиева и его место в кыргызской литературной критики.*

Ключевые слова:*национальная литература, литературная критика, стиль, профессионал, против течения, полемический.*

Кеңешбек Асаналиевдин чыгармачылык тагдыры – адабиятчылык, адабий сынчылык жолу XX кылымдагы кыргыздын жаңы жазма адабияты элдик оозеки чыгармачылыктын салттарынан арылып, кыска убакытта жетилип, дүйнөлүк деңгээлге чыккан кезине туш келген. Коомдо өз кызматы так аныктала элек, убактылуу жарыкка чыгып, кайра жок болуп турган адабий сындан айырмаланып, адабият таануу илиминин багытын тереңдетүү, өнүктүрүү зарылдыгы жаралган кезде жооптуу милдет Кеңешбек Асаналиев сыяктуу адабиятчы-илимпоздорго жүктөлгөн.

Кеңешбек Асаналиев – кыргыз адабияттаануусунун жана сынынын классиги, чыгаан педагог. Чүй областынын Сокулук районуна караштуу Саз айылында 1928-жылы туулган. 1946-жылы Фрунзедеги жападан жалгыз №5 кыргыз мектепти аяктап, Кыргыз мамлекеттик пединститутунун тил жана адабият факультетине кирип, аны 1950-жылы артыкчылык диплому менен бүтүрөт. Ал Ленинград шаарында Пушкин үйүнүн аспиранты болуп, 10-классты жана факультетти кыргыз тилинде бүтүргөн жаш талапкер болсо да, зээндүүлүгү жана тырышчаактыгы менен үч жылдын ичинде кандидаттык минимумдарын берип, “Түгөлбай Сыдыкбеков жана анын “Биздин замандын кишилери” романы” деген темадагы илимий иликтөөсүн 1953-жылы орус тилинде ийгиликтүү коргойт. Анын бул биринчи монографиясы тууралуу совет адабиятчыларынын арасында кызуу талкуу жүрүп, “орчундуу илимий изилдөө” деп айтышкандыгы белгилүү. [3:57]

Ленинград мектебинен таалим алып келгенден кийин, К.Асаналиев Улуттук илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун директорунун орун басары жана Ж.Баласагын атындагы КМУда кафедра башчысына чейинки узак жана жемиштүү жолду басып өткөн. К.Асаналиев 21 монографиянын, жалпы кыргыз адабиятын иликтөөгө арналган жыйнактардын, орто мектептер үчүн окуу китептеринин, 100дөн ашык курч жана полемикалуу макалалардын автору болгон. Мындай статистикалык маалымат жөн салды берилген жок. Бул аркылуу кыргыз адабиятында маселени асаналиевдик түшүнүү, асаналиевдик көз караш, пикир, позиция, көрүнүштү баалоонун асаналиевдик критерийлеринин өсүп жетилиши жана анын калыптанышында талбай эмгектенүүнүн үзүрү экендиги камтылат. Башка адабиятчы, жазуучуларга караганда К.Асаналиев китепке да түзөтүү киргизсе боло тургандыгын эрте түшүнөт. Айылдын география мугалиминин Н.Островскийдин “Болот кантип курчуду романынын аталышын “Болот кантип чыңалды” деген оңдоо киргизиш керек деген пикиринен кийин ушул ойго келгендигин адабиятчы “Адабий айкаш” мемуарында эскерет.[5:1] К.Асаналиевдин бул майдадай көрүнгөн турмуштук деталга көңүл бурушу бекеринен эмес, ал анын аналитикалык көз карашынын эртелеп жаралышынан кабар берет.

1957-жылы Кыргызстан Жазуучулар союзунун аңгемелерге арналган атайын пленумунда доклад жасап, ал “Ала-Тоо” журналында жарыяланып, ошондон тарта ал жөндөмдүү, терең билимдүү сынчы катары аты чыга баштайт. Адабиятчы Абдыкадыр Садыков өзүнүн “Кыргыз залкарлары” деген эмгегинде К.Асаналиевдин ишмердиги жөнүндө илимий иликтөө жүргүзүүнүн астында: “К.Асаналиев – кыргыз адабият таануу илиминин жана сынынын калыптанышына орчундуу салым кошкон залкар сынчы жана илимпоз”,- деп өзүнчө абзац менен баа берип баштайт.[3:55]Чындыгында эле, XX кылымдын жыйырманчы жылдарында гана алгач түптөлө баштаган, жазма адабиятыбыз сыяктуу эле, жарым кылым ичинде дүйнөлүк

профессионалдык деңгээлге көтөрүлүп чыккан адабият таануу, адабий сын тармагындагы кайталангыс илимпоз катары Кеңешбек Асаналиевдин чыгармачылык басып өткөн жолу, өмүрү толугу менен адабиятка арналган деп эсептелет. Анткени адабиятчынын чыгармачылык принциптери да, профессионалдык категориялары, дайымкы колдонгон критерийлери дагы жеке ал үчүн өзгөчөлөнгөн маниге ээ болуп, адабият менен жашап, анын ийгиликтери жана кемчиликтерин, өсүш тенденцияларын реалдуу факт катары кабылдап келгендиги чыгармаларга берген баасынан жана талдоосунан, эмгектеринен көрүнүп турат. Анын өзгөчө өзүнө таандык стили, изилдөө жүргүзүүдөгү багыты, ар кандай ракурстан караганда айткан ойлору, башка сынчы-адабиятчылардын айткандарына өз позициясынан туруп, ишенимдүү фактылар, мисалдар менен оюн далилдеши жана чыгармага чыгармачыл, жаратманга жогорку маданияттуу мамиле жасап, көркөм нарк менен берген анализдери бүгүнкү күнү да өз күчүн жоготпой келет.

"Аны окуп чыккан кезибизде баамыбызга урунган бир стилдик белги бар экендиги байкалды. Ал автордун аналитикалык жөндөмдүүлүгү, сөздү туура таап, орду ордуна кое билүү, ойдун логикалуулугу, ырааттуулугу сыяктуу сапаттары ошол кезде эле башталгандыгы көрүнөт",- дейт А.Садыков. [3:57]Чынында эле адабияттаануучу жана сынчы катары кыргыз адабиятына өз сөзү менен кирип келген жаш окумуштуукыргыз жазуучуларынын чыгармаларын ар тараптуу талдоого алып, оң, терс жактарын ачып, ага аналитикалык баа берүү менен, адабияттын теориясынан илимий талдоо жүргүзгөндүгүалгачкы эмгектеринен эле көрүнгөндүгү белгиленди. Ошол мезгилде биринин артынан бирин жазып чыгарып аткан дархан жазуучу Т.Сыдыкбековдун "Кеңсуу", андан кийинки "Тоо арасында" романына токтолуп, кыргыз адабиятчыларынан айырмаланып анализ бергендигин "Кыргыз прозасынын очерктеринде" айгинелейт[2:90]. Ошол эле китепте "Узак жол", "Каныбек", "Жараланган жүрөк", "Бакыт" романдарын кеңири планда талкууга алганжана башка чыгармаларга ишенимдүү фактылар менен ынанарлык пикир берип, кыргыз адабиятынын күрөө тамырын кармап тургандай талдоого алган.

Мына ошентип, адабият таануучулук ишмердиги сыяктуу эле, Кеңешбек Асаналиевдин сынчылык өнөрү да кандайдыр бир 10-15 жылдын ичинде толук калыптанып, ал калың журтка өзүнчө оригиналдуу стили жана жазуу маданияты бар калемгер катарында таанылган. Буга анын кудай берген талантына тынбаган эмгеги кошулуп, көп окуп, көп билгендиги, изденгендиги себепкер. Кеңешбек Асаналиевдин чыгармачылыгына мүнөздүү башкы нерсе – эч качан бийликтин, идеологиянын, убактылуу түзүлө калчу тар кызыкчылыктуу топтун куралына айланган эмес. Ал жеке өзүнө гана таандык көз карашты, өз көркөм дүйнө таанымын, өз чындыгын тээ чыгармачылыгынын башатынан бери ырааттуу, туруктуу, маданияттуу түрдө жалпы адабий коомчулукка жарыялап, дал ошол өз жолу менен улуттук адабияттын өнүгүшүнө такай орчундуу салым кошкон. К.Асаналиевсиз азыркы кыргыз адабият таануу, адабий сын илимин элестетүүгө такыр мүмкүн эмес.

К.Асаналиев изилдөөчүлүк да, сынчылык да ишмердикти катар алып келген. "Сынчылык өнөрүнүн алгачкы этабында адабияттын башка жанрлары сымал эле адабий сын, адабият таануу жаатында адабиятчы үчүн бир эле коркунучтуу, келишкис душман бар – ал халтура! Ал эми халтура да өз учурунда өз чабалдыгын билет жана аны компенсациялоо-толуктоо үчүн белгилүү бир күчкө кызмат кылуу жана ал кызматы үчүн ошол күчтүн колдоосуна ээ болууга далалат жасайт"[4:3].Чындыгында, совет доорунда чыгармачыл дараметине таянып, өз күчү менен басмадан чыгып кете ала турган чыгармаларды жазууга алы жетпегендер идеологияга кызмат кылышкан. Идеология күчтүү кезде алардын чыгармалары жаандан кийинки чыккан козу карындардай жайнап, окуп үлгүрбөгөн учурлар болгон. Андай чыгармалардын көпчүлүгү куру кыйкырык, бийик пафос менен орто мектептердин окуу китептерине да киргизилип, кургак сыпаттоолор менен жазылып чыгып турган. Ушундай учурда Асаналиев сыяктуу адабиятчылардын, адабий сынчылардын жүгү оор мезгил болгон.Алар эзелтен чыныгы чыгармачылыкты даңазалап, андай чыгармалардын үлгүлөрүн пропагандалап жана ошол эле учурда халтура адабиятка да, бийликке таянган кошоматчыл сынга да каршы айыгышкан күрөш менен жашап келген.Адабиятчы Л.Үкүбаева "Адабий айкаш" мемуардык чыгармасын талдап, ага эссе жанрынын эң жогорку үлгүсү деп баа берүү менен: "Совет доорунда чындыгында эле калыптанып, "Кытай сепилине" айланган бир беткей ишенимге, идеологияга каршы туруп, ал турсун бир аз эле башкача нуктан өзүнчөлүктүү ой жүгүртүү, аракет кылып агымга каршы сүзүү ал личность үчүн кандай болбосун драмалуу, ал тургай кай бир учурда эң трагедиялуу финалдык чечилишке алып келгендигин К.Асаналиев жеке өзүнүн үй-бүлөлүк маселесинен тартып,

адабияттык, коомдук, саясий мааниси бар масштабдуу маселелерге байланышкан кырчылдашкан курч конфликттүү кырдаалдарды сүрөттөө аркылуу өткөн доордун духун, атмосферасын бүгүнкү окурманга, бүгүнкү жаңыланган аң-сезим, акыл-эстин, позициясынан ашырбай-кемитпей реалдуу берүүгө жетишкендиги кантсе да бул автордун чыгармачылык чеберчилиги, зиректиги”-деп белгилейт.[5:6] Айрым сынчы, адабиятчы, философтор менен кайым айтышууга да туура келген полемикалуу макалаларды жаратып турган. Көркөм чеберчиликти биринчи орунга коймоюнча адабиятта жылыш болбошун ар бир макаласында айтып отурган. Албетте, мындай татаал, көпчүлүк учурларда агымга каршы жүргөн, бирок, түпкүлүгүндө өтө ардактуу милдетти аркалоону бел байлоого өз билимине, талантына, өз принциптерине терең ишенген инсан гана бара алары түшүнүктүү.

Кеңешбек Асаналиев кыргыз адабиятынын бардык проблемалуу маселелерине кийлигишип, өз оюн айта билген. Учурдун актуалдуу адабий сынынан баштап, фундаменталдуу адабият таануу, академиялык илимий изилдөөлөрү, фольклордон тартып, азыркы кыргыз поэзиясынын жана проза жанрларынын проблемаларын иликтеген бир нече эмгектерди жараткан. Бирок Асаналиев дегенде – Айтматов, айтматовтаануу, дүйнөлүк адабияттын эң бийик деңгээлиндеги адабият таануу, адабий сынассоциацияланат.Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөөдө аргументтүү ойлор, ишенимдүү фактылар менен көпчүлүккө көрүнбөгөн сапат белгилерин, ток этер жерлерин ачып, көрсөтүп берген. Жалпыга түшүнүктүү жатык сөздөр менен чечмелеп, адабият терминдеринин тилинде эркин сөз кылып, каармандардын ажарын ача талдаган. Чыгарманы бир беткей көкөлөтө мактай жана ийгилигин санай бербестен, негиздүү, окурманга сезилбеген майда деталдарына чейин ачып, жазуучунун берейин деген оюн өзүндөй туюп сезгендиги менен айырмаланган. Жазуучуга да өзүнө ылайык сынчы керек белем, айтор, Ч.Айтматовдун чыгармалары дүйнөнү дүңгүрөтүп турган кезде, улуттук менталитеттин, улуттук адабиятыбыздын көзү менен карап, ийгилигин ийне-жибине чейин чечмелегенге кудурет-күчү жеткен сынчынын бар болушу кыргыз адабиятынын бактысы деп эсептейбиз. “...жазуучунун жеке чыгармачылык ийгилиги бүткүл улуттук адабияттын ийгилигине айланат да, жалпы көркөм процесстин перспективасын белгилеген өзүнчө бир “кыймылдаткыч” функцияны аткара баштайт”,- дейт К.Асаналиев.[1:5]Кыргыз профессионал жазма адабиятынын пайда болушунан тартып, жеке адамдын бактысын ача сүрөттөгөн эч ким болгон эмес деп белгилейт.[1:5]. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын талдаганда бир чыгарма менен экинчи чыгарманы, бир каарман менен кийинки каарманды эволюциялык мүнөздө талдоону да К.Асаналиев баштаган. Алардын эволюциялык өнүгүүлөрү жөнүндө, типтештирип, каармандарга жана ал жашаган коомго, чыгармада берилген идеяларга өзүнчө асаналиевдик ат берип, ал ат барган сайын бүткүл кыргыз адабиятына таралып, мектеп окуучусунан профессорлорго чейин түшүнүктүү болгон.Анын бир мисалы катары: “Эми, дүйнөлүк адабиятка апкелген көркөмдүк ачылыштарын белгилеш үчүн, маселен, “Бальзактын сүткорлору”, же “Тургеневдин аялдары” деп айтсак, “Айтматовдун балдары” деп айтышка толук негиз бар”,- [1:17] деп жазуучунун турмушту таанып билүүдөгү өзүнчө бир образдардын системасы экендигин айтып, алар бир келип кетчү убактылуу образдар эмес экендигине токтолот. Сейденин жан дүйнө драмасын, Жамийланын чечимин туура эмес кабылдагандар азыр да ондоп саналат. Ал эми коомдо карама-каршылык жараткан, чуулгандуу мындай образдарды талдоодо чыныгы адабиятчы катары принципиалдуу мамиле жасап, өз изинен тайбай изилдеген. Макаланын жыйынтыгында, Кеңешбек Асаналиев адабияттын келечек алдындагы жоопкерчилигинин мазмун жагынан да, көркөмдүк жагынан да улам байып, улам күчкө толуп чыңаларына ишенгенокумуштуу болгон. Ал чыгармачылыкты чынынан тайбай түшүнгөн адабиятчы, уникалдуу адабий сынчы, чыгаан аналитик, принципиалдуу инсан катары изилдөөнүн обьектиси болууга арзыйт. Анын жараткан эмгектери адабият жөнүндөгү окууга жана айтматовтаануу илиминемаселени асаналиевдик түшүнүү, асаналиевдик көз караш, пикир, позиция, көрүнүштү баалоонун асаналиевдик критерийлери - асаналиевдик мектебин түзгөн бир илимий багыт болот.

Адабияттар:

1. Асаналиев Кеңешбек. Доор менен бирге: Адабий сын-макалалардын жыйнагы. – Ф.:Кыргызстан, 1981, -232 б.
2. Асаналиев Кеңешбек. Кыргыз прозасынын очерктери.(1-бөлүк). –Ф.: Илимдер академиясы, 1957, 90-б.
3. Түнкатар кызы Майрамкүл. “Ч.Айтматов К.Асаналиевдин изилдөөсүндө”“Бишкек таймс”, № 21, 20-июнь, 2003-жыл.

4. Садыков Абдыкадыр. Кыргыз залкарлары: V том. Кеңешбек Асаналиев, Кымбатбек Укаев, Теңдик Аскаров ж.б. сынчылардын адабий портреттери. –Б.: Бийиктик, 2008. -276 б.
5. Үкүбаева Лайли. К.Асаналиевдин Адам, Мезгил, Тагдыр жөнүндөгү эссеси. 30.03.2012

Nurmamatova M.T. OshSU
zhypar@inbox.ru

Kengeshbek Asanaliev – prominent literary critic

Annotation: *This article examines the life and literary activity of a prominent figure in Kyrgyz literature, critic, scholar, specialist in AitmatovK.Asanaliev and his place in the Kyrgyz literary criticism.*
Keywords: *national literary, literary criticism, style, professional, against the current, polemic*

УДК: 82.821

Оморкулов Б.К., доцент ОшГУ

Некоторые нравственные проблемы в творчестве Ч.Айтматова

Аннотация: *Макалада Айтматовдун чыгармаларындагы көтөрүлгөн кээ бир экологиялык проблемалар чагылдырылат.*
Негизги сөздөр*: нравалулук, абийирдүүлүк, үй бүлөө, жоопкерчилик, адабият, маселе*
Аннотация: *В статье отражены отдельные экологические проблемы,поднятые в произведениях Ч.Айтматова.*
Ключевые слова*: нравственность, совесть, семья, ответственность, литература, проблемы*

Прослеживая историю мировой литературы – от ее зарождения и до наших дней – нетрудно обнаружить, что во все века одной из центральных ее тем была и остается общечеловеческая тема. Ч.Айтматов как приемник и талантливый продолжатель великих традиций классиков вносит свою лепту в разработку нравственных категорий духовной культуры кыргызского народа. Оригинально отражаются тема любви, семьи, совести, долга. А в последние годы очень остро ставятся проблемы экологии, взаимоотношения человека и природы.

Ч.Айтматов создал яркую галерею женских образов, которые готовы бороться за свою любовь, за свое человеческое счастье. Это Джамиля,Асель, Толгонай и другие женские характеры, впитавшие в себя подлинно национальные черты [1, 75].

Одним из самых одухотворенных произведений о любви в современной литературе является повесть «Джамиля» (1958 г.). Повесть вызвала немало споров в отношении поступка главной героини. Многие утверждали, что образ Джамили чужд национальной этике. Женщина не могла бросить мужа в то время, когда он сражается на фронте. Действительно, здесь выведен образ женщины, необычный для кыргызской литературы.

Писатель создал поистине психологическое, полное драматизма произведение, раскрыл внутреннюю диалектику души женщины, осознавшей свое счастье и борющейся за него непреклонно. Джамиля поняла суть настоящей человеческой свободы. Но какой ценой достается эта желанная свобода!

В доме мужа она не находит любви, а значит и счастья. Ей хочется выплеснуть наружу свои внутренние чувства, она способна на большую любовь. Терпит, ждет, гасит пламя любви к Данияру. В нем она увидела большого человека с глубокой душой. Она полюбила его искренне. Жизненная достоверность образа Джамили заключается в том, что автор глубоко и точно показывает переживания и внутреннюю борьбу героини: она старается быть подальше от Данияра, не думать о нем. Однако это уже не в ее силах. Джамиля не хочет потерять такого человека, который открыл для нее настоящую человеческую жизнь.

Ее внутренний бунт направлен не против основ семейной жизни, а против оков старых обычаев, которые насильственно подавляли человеческое достоинство женщины. По своей сути кыргызской женщины присущи свобода личности, целомудренная любовь, стремление к крепкой семье. Вот что главное уловил и показал Айтматов в этом произведении.

Тема семьи, взаимоотношения между близкими людьми и совести находит свое отражение в повести «Лицом к лицу». Совесть – это мерило человека. Сейде – жена дезертира Исмаила раскрывается автором в развитии.

Перед нами очень добрая, тихая невестка и любящая мужа покорная жена. Внезапное возвращение Исмаила (он дезертирует из армии) она воспринимает, как внезапную радость она готова кричать от счастья на весь аил, так как он вернулся целым и невредимым. Сейде любит мужа искренне и самоотверженно. Поэтому-то она беспрекословно соглашается со всем, что говорит Исмаил. Она убеждена, что мужчина хозяин в доме, и он знает как ему поступать. Это ее понимание жизни, ее уровень самосознания. Скудность духовного мира Сеиде заключается в том, что она смотрит на вещи глазами мужа.

Постепенно Сеиде начинает задумываться о том, почему она вынуждена скрывать Исмаила от соседей, ей хочется жить открыто и поэтому строит иллюзии о далеком Чаткале, куда поедут они после зимы и где их никто не побеспокоит.

Прозрение происходит к Сеиде мучительно долго. Впервые она видит своего изменившего мужа, когда она сообщает о похоронке на соседа. Исмаил не выразил никакого сочувствия. Все стало на свои места, когда пропадает корова соседки Тотой – единственная кормилица семьи Тотой. Все бросаются искать пропажу. Сейде искренне хочет, чтобы побыстрее нашли потерявшуюся корову. Вечером, как обычно, появляется Исмаил, он принес торбу мяса. И сразу Сейде делает вывод – Исмаил не только дезертир, но и вор. Теперь он чужд ей самой. Ночной визит Исмаила к покорной и послушной жене был последним. Затем наступает рассвет не только в природе, но и в душе Сейде. Она сама ведет людей в логово Исмаила. Встречаются лицом к лицу некогда близкие люди муж и жена, Исмаил и Сейде. Он видит перед собой уже совсем другую женщину. «Седоволосая, с непокрытой головой, она бесстрашно стояла перед ним, держа в руках сына, и ему вдруг показалось, что она стоит высоко, очень высоко, недоступная в своем скорбном величии, а он бессилен и жалок перед нею».

Сейде поняла, что превыше всего в человеке должна быть совесть перед собой и долг перед людьми. Нельзя строить свое счастье вне связи с народным счастьем. Такова философская доминанта повести.

Айтматов создал ряд образов кыргызских женщин, сумевших, несмотря на невиданные тяготы жизни, сохранить теплое материнское сердце, человечность, чистую любовь, веру в светлую жизнь. Это прежде всего Толгонай и Алиман из повести «Материнское поле» (1963 г.)

Война испытывает стойкость и характер женщины. Война – враг женскому счастью, враг любви, враг семейному благополучию. Героиня повести – старая женщина начинает свой душевный разговор с землей, делится с ней тем, что таится в ее душе.

В повести разговор матери с землей не случаен. Они очень близки по своей природе. Ведь Мать уподобляет Земле, а Землю- Матери[3,175].

Мать вспоминает о счастливой прошлой жизни: о замужестве, о рождении и воспитании детей, о работе на земле, о том, как жизнь была окружена счастливым движением. Но этой идиллии приходит конец с приходом страшной вести о начале войны. Война унесла трех сыновей и мужа. Нет конца и краю безграничному материнскому горю. Но Толгонай не только мать, изнемогающая под бременем горя, она прежде всего Человек. Она думает о последствиях войны, о том, как залечить душевные раны людей, о будущем. Все этапы становления молодой страны проходит через сердце Толгонай, запечатлевается в нем.

Война кончилась, но не кончилась она в судьбах героев повести. Толгонай искренне желает, чтобы невестка Алиман вышла замуж, обзавелась семейным очагом, готова благословит ее. Алиман молодая вдова, еще не успевшая познать счастье любви и семейный уют, украдкой мечтает о новом счастье. Однако не суждено ей быть счастливой, и в этом повинна война. Она уходит из жизни, оставив незаконнорожденного сына. В большом доме остается мать, заботливо воспитывающая сына Алиман, надежду на завтрашнюю жизнь.

Человек залечивает свои телесные и душевные раны, нанесенные войной, и своими заботливыми руками помогает возродиться земле.

Кто сильнее: Человек или Смерть? Гуманист Ч.Айтматов каждой строкой повести рисует идеал жены, матери, труженицы, живущей этическими, духовными законами любви, совести, долга.

Айтматов, как писатель остросоциальный, создает произведения уже в другом, более сложном жанре. На свет появляется роман «И дольше века длится день» (1980 г.)

Здесь мощно перерастают друг в друга разнородные жанрово-стилевые пласты, где одно перерастает в другое, наполняясь новым смыслом, и где четко различимы волнующие темы – тема связи времен, преемственности духовно-нравственного и эстетического опыта поколений, место человека в жизни, семья и любовь.

Герой Айтматова оказываются в крохотном – в несколько домов – поселке Боранлы-Буранном, что притупился в бескрайних сароозерских степях к железнодорожной магистрали.

На Бураном полустанке между семьями образуется идеальное микрообщество, прообраз того, как и на всей земле могло быть и межгосударствами и множествами устроиться людям на любовное и братское общежитие. Основу тут составляют сострадание и толерантность: ибо здесь претерпевшие изгои, и потому не кичатся друг перед другом, а жалеют, помогают друг дружке, как на земле мечты. Они не ждут приказов, указаний, не пишут заявлений, а сами за все, что надо, берутся и делают – вплоть до образования детей (Абуталип и Зарипа) и литературы (Абуталип) [2,365].

Но главное ценность здесь – семейная любовь, семья, долг перед обществом. И опорой этому является женщина – жена, мать, хозяйка. Едигей и Укубала, Абуталип и Зарипа создают свою семейную идиллию не сразу. Прежде они нарушили закон родовой семьи, противостояли ей, в тяге к широкой свободной жизни, и, испытав гонения и от рода, и от злых людей, в обществе, развились какличности и прибились друг к другу. Их обөединяет любовь, и они трепетно и нежно относятся друг к другу.

Тема любви, отношений близких людей, создания крепкого семейного очага, духовности и безнравственности продолжает роман «Плаха». Тяжелая судьба уготовлена Гулюмкан в жизни: она рано лишилась мужа Эрназара, погибшего от несчастного случая на перевале Ала-Монгю. Познала все тяготы одиночества и участь молодой вверилась ему. Женвдовы, потерявшей последнюю надежду на полноценную семейную жизнь. И светлый луч счастья начал было совсем угасать. Ее мог спасти только человек сильной воли, справедливый, понимающий толк в людях.

Именно таковым и является Бостон. Только он сумел вырвать Гулюмкан из беспредельного горя, и вернул ее к жизни. Он искренне любит ее, дорожит ею, находит в ней духовную поддержку.

В Бостоне она увидела искреннего и надежного человека и всецело вверилась ему. Женщина в новой семье обретает душевное спокойствие и удовлетворение. Счастье и полное взаимопонимание воцарились в их семье. Она любит мужа и живет заботой вырастить любимца-сына Кенджеша. Целиком и полностью Гулюмкан предана своей семье, так как она знает настоящую цену семейному благополучию. Однако семейная идиллия одних не всегда нравится другим. Базарбай, человек честолюбивый, завистливый не может вынести успехов в работе Бостона, ревнует к нему миловидную и скромную молодайку, только завидует их семье. Его жена Турсун или «КекТурсун» (постоянно ходила в синяках от побоев мужа) не была похожа на Гулюмкан. Справедливости ради надо сказать, что Турсун по-своему была интересна и симпатична как женщина. Да только откуда ему, Базарбаю знать цену своей жене, которую он постоянно унижал и беспощадно избивал.

Базарбай похищает волчат из логова Акбары и Ташчайнара. Узнав об этом и предчувствуя что-то недоброе (женское сердце чувствует) Гулюмкан очень сильно переживает боится за свою семью, за сына, по ночам не может сомкнуть глаз. Беда не заставила себя долго ждать. Из-за злоумышленного поступка Базарбая Бостон превращается из человека очень нежно относящегося к природе в ярого врага волков.

Как волчица Акбара теряет своих детенышей, так лишается единственного сына Кенджеша Гулюмкан. Перед нами трагедия людей, заслуживающих много большего в жизни. Однако из-за малодушия и завистливости человека происходит непоправимое [5,25].

Ч.Айтматов с тревогой и озабоченностью обращает внимание на необходимость бережного отношения к природе, как к одному из источников нравственного здоровья людей. Главный девиз его творчества – это необходимость человека защитить природу от самого себя, сохранить богатство и красоту окружающего мира.

«Болевые» экологические, нравственные и духовные проблемы лежат в основе повести «Белый пароход». Все перипетии сюжета происходят как раз на лоне природы, где человек и окружающий мир должны взаимодополнять друг друга, взаимоуважать друг друга, т. е. жить в гармонии. Но этого не происходит. Человек переступает грани дозволенного.

С природой расправляются, казалось бы, легко и просто, безнаказанно: спилили дерево, убили беззащитного марала. Казалось бы, природа страдает и нуждается в защите. Да, она нуждается в охране человека от человека. Но и в то же время природа не так бессильна, как кажется. Она борется за себя, а иногда и мстит. Как мстит зарвавшемуся Орозкулу (чудом остается в живых Орозкул после вырубки сосны). И даже выстрел Момуна по святому образу рогатой оленихи и расплата за –это гибель любимого внука – есть своеобразная месть природы, продолжение неравной схватки окружающей среды с переступившим грань самонадеянным человеком «хозяином» [1,190].

В природе людей, животного и растительного мира, в окружающей среде, в их взаимосвязях происходит ощутимый надлом. Человек убивает другого человека, забирая у него самое дорогое – жизнь. Человек уничтожает природу, вторгаясь в ее незыблемые владения. Присваивает спокойно себе то, что ему не принадлежит и его все-волчьих детенышей, вызывая кровную месть их родителей и тем самым подвергая смертельной опасности людей.

Звери не могут понять, что происходит вокруг. Что происходит с человеком? А разумны ли эти существа – люди?

Ч.Айтматов предостерегает людей от необдуманных поступков. Речь идет о том, что человек будет вынужден защищаться сам от «милостей природы» после того, как он самонадеянно вторгается в пределы, ему нисколько не принадлежащие, т.е. пытается управлять природой «руководить». Надо удержать его от необдуманных поступков, которые приведут к гибели природы, а затем и к вырождению ее «хозяина» -человека.

Доблесть человека сегодня не в том, чтобы побольше взять от природы, а чтобы жить с природой в ладу, в полной гармонии.

Как видим, в произведениях Ч.Айтматова всегда поднимаются глубоко нравственные и духовные проблемы. Он проповедует целомудренную любовь, крепкую семью, основанную на доверие, чувства долга перед людьми, уважительное отношение к природе. Ведь все это присуще нашему народу и является национальной чертой.

Литература:

1. Акматалиев А. Избранное, т.2, Б. 1998. С. 190.
2. Гачев Г. Чингиз Айтматов. Ф. 1989. С. 365
3. Левченко В. Чингиз Айтматов. М. 1983. С. 175
4. Бондаренко В. Чингиз, непомнящий родства. /Наш современник. 1995, № 4, с.139
5. Семенова С. Конец света заключен в нас самих. Свободная мысль. М. 1995, №5, с. 25

Omurkulov B.K, docent OshSU
zhypar@inbox.ru

Moral values in Chinghiz Aitmatov s literary works

Annottion: *The article deals with moral values in Chinghiz Aitmatov s literary works.*
Key words*:morals, conscience, family, responsibility, man, happiness, inner-life*

УДК: 82.282

Оморкулов Б.К., доцент ОшГУ,
Оморкулова М.Б. ст.преп ОшГУ

Проблемы экологии в кыргызской и русской прозе

Аннотация: *Бул макалада Айтматовдун чыгармаларындагы кээ бир экологиялык маселелер чагылдырылат.*
Ачкыч сөздөр: *экология, адам жана жаратылыш, илим жана техника*
Аннотация: *В данной статье речь идет о некоторых экологических проблемах.*
Ключевые слова: *экология, человек и природа, наука и техника.*

Проблема «человек и природа» волнует теперь всех, кому дороги судьбы грядущих поколений. Она стала предметом внимания ученых, писателей, широкого круга общественности.

При современном состоянии науки и техники, когда человек располагает колоссальными возможностями воздействия на окружающий его мир, вопрос о взаимодействии человека и природы, о путях, формах и границах этого воздействия приобретает особо важное значение.

Необходимо, чтобы эту тревогу и озабоченность чувствовали и осознали наши современники. И в этом должна помочь литература. Лучшие произведения способствуют формированию и воспитанию у молодежи экологического сознания, высоких нравственных принципов. Современная проза о природе, о взаимоотношениях человека с окружающей средой, животным и растительным миром учит нас ценить красоту природы, соизмерять с ней свои поступки и действия.

Конец XX века ознаменовался крутой ломкой общественного сознания. Человеческое общество переживает острый нравственно-духовный кризис, вызванный сменой общественно-политического строя, крушением привычных идеологических ценностей. Налицо падение нравов. Преступность, наркомания, алкоголизм, проституция - это реальные приметы сегодняшнего дня. Бездуховность и безнравственность поражают души людей, особенно души нашей молодежи. Иначе как обөяснить характерную черствость и равнодушие молодых людей и, в том числе, к вопросам экологии, проблемам взаимоотношения человека и окружающей среды.

Это сегодня имеет жизненно важное значение. Ибо человечество с каждым днем все ближе и ближе подходит к той грани, за которой грядет экологическая катастрофа. Человек уже не контролирует свои потребности и все больше стремится обладать природой и внешним миром. Пытливый разум человека проник в глубины материи, в небывалых масштабах используются материалы и энергия природы. Открытия в области науки и техники, результаты «компьютерной» цивилизации используются как на благо человечества, так и во вред ему.

Чингиз Айтматов говорил, что современное технократическое мышление XX века наносит невиданный и непоправимый ущерб союзу человека и природы, имея в виду общие картины изменения окружающей экологии.

Это - перенаселенность городов: динамичное увеличение количества человеческого населения на планете; истощение и уменьшение в площадях плодородных почв, а отсюда проблемы с производством продуктов питания. Не менее драматичны дела с водой, воздухом и зелеными легкими планеты - лесами. Нас все больше одолевают отходы промышленные и бытовые, безвозвратно гибнут тысячи живых организмов. Человечеству угрожает чрезмерное накопление атомных бомб и многочисленные «горячие точки». Мы стали очевидцами экологической трагедии Чернобыля, Арала. Нависла угроза над Байкалом, Балхашем, Волгой, Енисеем. Не защищен от опасностей и наш Иссык-Куль. А что творится в наших городах. Мы уже стали привыкать к грязным улицам, тротуарам, дворам. Бытовые отходы стали своеобразными приметами нашей повседневной жизни.

Беспрецедентные масштабы экологической угрозы во многом являются результатом производственной и интеллектуальной деятельности человека. Так дальше продолжаться не может. Назрела необходимость решительного поворота науки, образования и литературы к проблемам экологического воспитания молодежи, формированию экологического сознания. Необходимо донести до каждого школьника и студента, до каждого юноши и девушки всю остроту экологической проблемы в мире, в родном крае и разөяснить их роль в охране окружающей среды, в бережном отношении к природе. Достижение экологической грамотности молодежи должно стать одним из приоритетов нашего общества.

В осуществлении этих сложнейших задач неоценима роль литературы как источника нравственных и духовных ценностей. Проблема «человек и природа», «человек и вселенная» - всегда были наиболее актуальными в литературе всех времен и народов. Магистральной эта проблема является и в современной прозе, которая продолжает лучшие традиции прошлого. В свое время А.П. Чехов писал: «Человеку нужно не три аршина земли, не усадьба, а весь земной шар, вся природа, где на просторе он мог бы проявить все свои свойства и особенности своего духа».

Русская литература хранит в своих арсеналах замечательные залежи высокохудожественного и глубокого отражения человека и природы. Изображение красоты окружающей природы возбуждало в сердцах читателей чувства патриотизма, страстной любви к родной земле.

Но уже писатели «золотого» XIX века выражали свое беспокойство за негуманное и нехозяйское отношение человека к земле, воде, живой природе. Это понимают юные читатели при знакомстве с творчеством Некрасова, Л. Толстого, И. Тургенева, А. Чехова, С. Аксакова.

Проблема «человек и природа» стала предметом художественного исследования в лучших произведениях литературы XX века. Самый ценный вклад в формирование и развитие чувства любви к живой природе, к окружающему миру внесли М. Пришвин, К. Паустовский. Л. Леонов. Они первыми поставили вопрос о взаимосвязи, взаимообусловленности общества и природы, о влиянии достижений науки и техники на природу и среду обитания человека. Они стремились пробудить в людях чувство ответственности за свои поступки и действия.

В освещении экологической темы особенно близки нам наши современники - В. Астафьев, В. Распутин и Ч. Айтматов. Близки они по духу, по злободневности отражения наших проблем сегодня. В своем творчестве они сумели соединить сугубо практические актуальные задачи, какими являются освоение и охрана природы, завоевание космоса, технический прогресс, урбанизация с вечными проблемами Добра и Зла, Пользы и Красоты.

Говоря об общности их гуманистической направленности творчества, необходимо отметить то обстоятельство, что у каждого свой стиль, свое видение проблемы и свой подход к ее отражению и разрешению.

Виктор Петрович Астафьев. Основной пафос его лучших книг - «Царь-Рыба», «Затеси», «Печальный детектив» - эта идея нравственной ответственности человека за все сущее на земле, он призывает бороться с разрушителями красоты природы. И в этом отношении наиболее интересна молодежи книга повесть «Царь-Рыба.

Рассказчик не навязываясь, непринужденно и постепенно вводит читателя в мир, который и называется природой. Мы постигаем ее, будучи с героями то на охоте, то на рыбалке, то борясь с браконьерами. Перед нами проходит целая галерея колоритных характеров, сложных человеческих судеб и непростых отношений, окрашенных в драматические и даже в трагические тона. Публицистически остро Астафьев осуждает браконьерство «как способ жизни».

Повествование В. Астафьева уходит в глубь народной жизни, вскрывая то грубое, недостойное, что мешает жить обществу. Автор испытывает горькое чувство от происходящих событий, от пьянства, обмельчания и огрубления человеческой натуры, от утраты людьми совести, чистоты и достоинства. И это наполняет произведение особой гражданственностью и реализмом. «Царь-Рыба» охватывает многие проблемы социального, нравственного и философского звучания.

Писатель сетует, что всего человеческого гения оказалось мало, чтобы образумить людей, чтобы возвести добро на такую высоту, чтобы оно было недоступно злу.

По Астафьеву человек должен нести личную ответственность за все, что свершается в мире.

За короткий миг человеческого существования, который прекрасен и полон высокого духовного содержания, совершаются в душе сложные сдвиги, зарождаются и вновь разрушаются тревоги, надежды, отчаяние и чувство ответственности перед самим собой. Поэтому каждое мгновение человеческой жизни нужно посвятить борьбе за красоту и постижение главных и вечных вопросов бытия - такова концепция В. Астафьева.

Тревогой за будущее земли обусловлено и творчество Валентина Распутина. Его талантливые повести «Живи и помни», «Прощание с Матерой». «Пожар» затронули извечные истины человеческого бытия - память, преемственность поколений, отношение к природе, место и назначение человека. Философски остра экологическая повесть «Прощание с Матерой». Это суровый рассказ о последнем дне деревни Матеры, которая вот-вот должна уйти на дно строящегося водохранилища. Люди должны переехать с обжитых мест. Приговорены к затоплению плодородные поля, луга, сады, дома людей, кладбище - словом, целый мир.

В связи с этим всплывают человеческие, нравственные, философские проблемы. Драматизм повести заключается в том, что за разрушением вскрывается невозвратимость уходящего. Затопление деревни для многих означает конец жизни, так как вся их жизнь прошла именно здесь, в Матерах. Так, Дарья очень тяжело переживает вынужденное переселение. Она, по сути, не видит для себя будущего без своего дома, без родных полей, лесов, без могил с родными. Жизнь на новом месте страшит ее. Расставаться со всем близким и привычным, с тем, что своими корнями уходит в далекое прошлое, дело непростое. [3.40].

Прав писатель, когда ставит вопрос о бережном и внимательном отношении к человеку, ко всему лучшему, что накоплено его опытом, о том, что живет в душе человека, что является

неотөемлемой частью его глубоко самобытного жизненного уклада. Гнев автора справедлив: людям, занимавшимся переселением, не хватило ума и сердца понять тяжесть расставания с обжитым и сделать все возможное, чтобы неизбежность перемен, возникших со строительством плотины, воспринималась людьми с меньшей болью, с меньшим драматизмом.

Противопоставление хозяев земли и людей, равнодушных к ней, живущих сиюминутным, занимает в повести одно из главных мест. Жители Матеры обеспокоены судьбой земли, ее настоящим и будущим. Их чувство хозяина оскорблено временщиками, бездумными исполнителями, работающими по принципу «с плеч долой»[4.61].

Повесть ставит большую проблему - как в условиях неизбежного вторжения научно-технического прогресса в производственную сферу и сознание людей сохранить человеческую душу, найти оптимальное решение, помогающее в нашу нынешнюю и будущую жизнь взять лучшее из того, что было вчера. Произведения писателя наводят читателя на глубокие размышления о смысле человеческого существования, о месте человека на земле, о его ответственности за свою же среду обитания. Кто ты, человек? Созидатель или разрушитель? На такие насущные вопросы и отвечает Валентин Распутин.

Блестяще возможности для формирования экологического сознания молодежи дает творчество Чингиза Айтматова. Огромен нравственный потенциал кыргызского писателя. Повести и романы писателя «Материнское поле». «Прощай, Гульсары!», «Белый пароход», «И дольше века длится день», «Плаха», «Тавро Кассандры» являются ярким художественным воплощением оригинальной концепции человека и природы.

Часто человек переходит границы дозволенного, старается хозяйничать, «руководить» природой. И как следствие страдает сам - рожденный и выкормленный природой человек начинает беспощадно уничтожать ее, тем самым ставя под угрозу свое существование.

Разрабатывая свою концепцию человека и природы, Ч. Айтматов большое внимание уделяет вопросу взаимоотношений человека и природы - человек и земля (Толгонай и мать-земля, Кемель и Анархай), человек и животный мир (мальчик и олениха, Танабай и Гульсары, Едигей и Каранар, Бостон и волки, Борк и киты и др.).

У Айтматова человек - часть природы, ее высшее проявление, а природа - его мать и покровительница. Писатель подчеркивает единство и общность человека и природы. Так, близость и родство человека и животных раскрывается в их страданиях и материнстве. Безмерная скорбь из-за загубленных и поруганных человеческих жизней и истоптанной и выжженной земли роднит и обөединяет образы Матери-Человека и Матери-Земли. В моральных и физических страданиях наиболее ярко раскрываются общие черты Танабая и Гульсары. [1. 90]. Рогатая мать-олениха совмещает в своем лице как природное, так и человеческое начало. Едигей растит и воспитывает Каранара с самого рождения и относится к нему как собственному сыну. С верблюдом связана целая жизнь. Из-за необдуманного поступка человека добрый Бостон превращается в яростного врага волков, а волки мстят человеку. Не умолкают горестные голоса Акбары, лишившейся детенышей, и Гулюмкан, потерявшей единственного сына. Человека и волчицу роднит неугасаемая материнская печаль и безысходное горе.

Во внешнем облике таких представителей животного мира как Гульсары, Рогатая мать-олениха, Рыба-женщина, Каранар, золотой мерке, волки, Ч.Айтматов подчеркивает привлекательные, почти человеческие черты. Да и пара волков из его «Плахи» в некотором отношении гуманнее таких героев, как пьяница и лентяй Базарбай Нойгутов[2.414].

Природа Айтматова не разрушительная и духовно слепая сила, а наоборот, сила созидательная и одухотворенная. Именно это сближает и роднит Толгонай и Землю, Танабая и Гульсары, мальчика и олениху, Едигея и Каранара. Человек и природа едины в своем неприятии зла - пусть это будет опустошительная война или бездумное опустошение ко всяким проявлениям жизни.

Надо всячески удержать людей от необдуманных поступков и действий в отношении природы. Ибо это может привести к гибели природы, а значит, и к гибели самого человечества. Эти мысли находят свое философское продолжение в последнем романе писателя «Тавро Кассандры».

Если ранее Айтматов как бы ограничивался проблемами природы человека в рамках, скажем, одного народа или родного края, то здесь проблемы экологии мира, будущего планеты и места человека в нем уже рассматриваются в масштабах более глобальных. Его волнует завтрашний день всего человечества.

В реальном и фантастическом аспектах реализуется мысль о единстве человека и природы, представляется научное открытие, разрушающее обычный ход земной жизни. Ученый Крыльцов, успешно занимающийся экспериментами по искусственному воспроизводству людей, неожиданность которого сравнима с появлением второго солнца на нашем небосклоне.

Согласно новому открытию теперь можно регулировать появление людей на свет. Причем контролировать рождение людей по «качеству». Тем самым человечество как бы получает уникальную возможность оздоровить и очистить свои ряды. И если людские прихоти и желания вторгаться в незыблемые границы Природы и Вселенной будут продолжать иметь безудержный характер и масштабы, вполне возможно, что придется прибегнуть к достижениям науки, подобному открытию ученого Крыльцова, чтобы спасти человечество от неминуемой гибели.

Роман «Тавро Кассандры» - роман-предупреждение, роман, взывающий людей к разуму. Главный девиз художника - необходимость человека защитить природу от самого себя, сохранить богатство и красоту окружающего мира. Айтматов учит, что доблесть сегодня состоит не в том, чтобы больше взять от природы, а чтобы жить с ней в ладу, в полной гармонии.

Современную прозу волнуют сегодня вопросы экологии не только родного края, но и проблемы экологии всего мира и Вселенной. Эстетический и нравственный кодекс писателей предупреждает нас, что Добро имеет кулаки и оно может защищаться и природа часто мстит зарвавшемуся человеку. Люди должны соизмерять свои производственные и интеллектуальные «шаги» с разумностью в отношениях с природой. Она, как отмечал Махатма Ганди, все прощает человеку, кроме жадности.

Современная литература об экологии несет в себе большие возможности для ведения целенаправленной работы по ликвидации «экологической неграмотности», формированию экологического сознания у молодежи.

Вся наша работа заключается в том, чтобы создать атмосферу нетерпимости к нерачительному, бездумному отношению людей к природе, к окружающей среде. Надо приложить все старания к тому, чтобы тревогу, озабоченность почувствовали и осознали наши дети и молодежь. Эта работа требует совместных усилий учителей, ученых, общественности в целом. Необходимо всю экологическую работу с молодежью возвести в некую единую образовательную систему, которую целесообразно будет вести, начиная с дошкольных учреждений. Активнее практиковать проведение внеклассных тематических занятий и кружковой работы в школе. А в студенческих аудиториях читать специальные курсы и семинары, разрабатывать экологическую тематику в рамках научно-исследовательских работ студентов. Есть также практический смысл в разработке специальных учебных программ и пособий по экологическому воспитанию молодежи посредством литературы. Определенный опыт работы в этом направлении уже имеется, в частности, в Ошском государственном университете.

Наука и образование сегодня должна исходить из того принципа, что Человек - есть часть Природы и воспитывать в сознании подрастающего поколения высокие идеалы нравственности. Ибо в нашем меняющемся мире всегда незыблемыми останутся гуманистические идеи и общечеловеческие ценности.

Литература

1. Асаналиев К. Движение во времени. - Фрунзе, 1978, стр. 90-95.
2. Акматалиев А. Избранное. Собр. соч. В 2 т. - Бишкек, 1998, т. 2, стр. 414.
3. Белая Г. Художественный мир современной прозы. -М., 1983, стр. 40-45.
4. Курбанов В. Валентин Распутин. Личность и творчество. - М., 1992, стр. 60-61.
5. Рахманалиев Р. Жизнь, равная вселенной. «Слово Кыргызстана», 1998, 14 июля.

Omurkulov B.K, docent OshSU
Omurkulova M.B., teacher OshSU

The ecological problems in Russian and Kyrgyz prose

Annotation: *The article is about ecological problems described in Russian and Kyrgyz prose.*
Key words: *ecology, man and nature, science and tehnology, prose, drug abuse, crime*

УДК: 371. 3:4249

З.Раимбердиева, ОшМУ

Өзбек мектептерде тилдик маданият таануу- кыргыз тили сабагындагы байланыш кесипкөйлүктү калыптандыруунун бирден бир багыты катарында

Аннотация: *Өзбек мектептеринде кыргыз тил сабагында окуучуларга тилдик маданият таануну үйрөтүү менен байланыш кесипкөйлүүлүктү калыптандыруунун айрым ыкмалары талданат.*

Ачкыч сөздөр: *Тилдик маданият таануу, (лингвокультурология), текст менен иштөө (работа над текстом), текстти трансформациялоо жана моделдештирүү (трансформации и модернизации текста)*

Аннотация: *На уроках кыргызского языка в узбекских школах ученикам предлагается разбор текста с целью обучения лингво – культурологических аспектов.*

Ключевые слова *диалог культур, развитие лингвокультурологические компотенции, сравнить лингвоведческих, лингвокультурологических навыков национальных школах*

Кыргызстандын өзбек мектептериндеги кыргыз тилин окутуунун негизги милдети окуучулардын байланыш кебин калыптандыруу, кыргыз тилин билүү менен өз ишмердигин пландоо жана уюштуруу; баарлашуу, таанып-билүү, эмоционалдык-эстетикалык жана нравалык тарбия; бай кыргыз маданиятына кошулуу, улуттар аралык баарлашуунун толлеранттуу ыкмаларын түзүү каражаты катары түшүндүрүлөт.

Кыргыз тилин үйрөнүүнүн бирден бир актуалдуу багыты болуп тилди маданий багытта үйрөтүү ыкмасы саналат, ал байланыш кесипкөйлүгүн түзүү жараянынын натыйжалуулугун жана тилди кеңири маданий контекстте үйрөнүүнү камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы күндө заманбап сабактын өзгөчөлүгү болуп текстти кыргыз тили сабагынын дидактикалык каражаты катары пайдалануу саналат.

Текст, биринчиден, сабактын тилдин өнүктүрүүчү катмарын түзсө, экинчиден, жаңы материалды үйрөнүүдөгү грамматикалык формалардын функциялары жөнүндө жаңы билимдердин жана тилдик билгичтиктерди калыптандырууда тилдик бирдиктердин стилистикалык мүмкүнчүлүгүн колдонуунун негизи болуп саналат; үчүнчүдөн, окутууну диалогдоштуруу жараянына таасир этет.

Тилдик маданий ыкманы кыргыз тилин үйрөнүүдө пайдалануу боюнча педагогикалык тажырыйбанын негизинде жана маданий маанилүү тексттерди колдонуу менен өзгөчө усулдук принциптерде жаткандыгын (И. Гудзик); маданий компоненттерди камтыган окуу тексттерине талаптар (Р. Граник, С. Бондаренко, Л. Ходякова); мектептик тилдик маданий көйгөйлөрдү иликтөө экендигин (Н. Мишатина, Л. Саяхова) өз эмгектеринде белгилешкен. Ал эми ушундай багытта республикабыздын илимпоздору С.Рысбаев, В.Мусаева, Ж.Чыманов ж.б. өз изилдөөлөрүн жүргүзүшүп келе жатышат.

Кыргыз окумуштуу-методисттери улуттук мектептерде кыргыз тилин окутууда төмөндөгүлөрдү белгилейт:

Педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү жана жалпылоонун максаты-улуттук мектептердеги кыргыз тили сабактарында тил маданиятынын иштөөсүнүн ар кандай түрлөрүн жана аларды пайдалануунун усулдарын көргөзүү.

Тексттер окуучуларга өз алдынча ойлонууга, окулган текстти баалай алууга үйрөтөт, ошондой эле өзбек мектептеринде текст менен иштөөдө төмөндөгүдөй милдеттер ишке ашырылат:

Сабактын негизги обьектиси – окуучулардын маданий баалуулуктары жөнүндөгү түшүнүктөрү менен иштөөсүнүн негизинде байланыш компетенцияларын өнүктүрүү процесси.

Окутуу предмети-бул окуучулардын маданий түшүнүктөрү үчүн жаңы ишмердүүлүктөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү.

Окутуу усулдары: баарлашуу, сурамжылоо жүргүзүү жана фольклордук көркөм тексттер менен иштөө.

Ошондуктан, **улуттук мектептерде** кыргыз тилин үйрөнүү багытында тил маданиятын эске алуу менен маданий баалуулуктарды түзүү:

-Маданий мааниси бар маалыматтарды камтыган тексттерди угуу жана окуу;

- тексттин мазмунун, анын идеялык-тематикалык өзгөчөлүгүн талдоо;

- кыргыз тилин өзбек мектептерде окутууда тил маданиятынын багытын эске алуу менен бирге окуучулардын маалыматтык компетенттүүлүгүн өстүрө турган текстти алдын ала тандоо жана тексттен кийинки тапшырмаларды аткаруу;

-түшүндүрмө сөздүктүн жардамында маданий баалуулук түшүнүктөрүн белгилеген семантикалык сөздөрдүн үстүнөн иштөө;

- ар кандай сөздүктөрдө сөздөрдүн түшүндүрмөлөрүн салыштыруу;

-жөнөкөй этимологиялык жана тарыхый- маданий анализди аткаруу;

- сөздүк аркылуу сөз жаратуучу байланыштарын калыптандыруу;

- синонимдик жана антонимдик катарларды түздүрүү;

-маданий баалулуктарды камтыган фразеологизмдерди карап чыгуу;

-фольклордо жана көркөм текстте үйрөнүлүп жаткан маданий баалуулуктарды жалпы жана жеке автордук образдуу көргөзмө каражаттары аркылуу карап чыгуу; ж.б.

Текст менен иштөөдө сүйлөө мүмкүнчүлүгүнүн 3 тобу пайда болот: аналитикалык, реконструктивдик жана текстти кабыл алуу жана түшүнүүнү оңойлото турган кыймыл-аракет түрүнүн жолун өз ичине камтыйт. Алардын ичинде интелектуалдык иш-аракеттер жатат: бүтүндүктү бөлүктөргө бөлүү, салыштыруу, жалпылоо, ички жана тышкы байланыштарын ачуу.

Сабакта окуучулар баш сөздү анализдөөгө, аны түшүнүү менен тексттин мазмуну жөнүндөгү гипотезаларды айтууга, ачкыч сөздөрдү бөлүүгө, текстке суроо коюуга, текстте келтирилген мисалдарды анализдөөгө ж.б. үйрөнүшөт.

Мисалы, «Боз үй» тексти менен таанышуу учурунда мугалим окуучуларга текстти карап чыгууну жана «Мен боз үй жөнүндө жаңы эмнени биле алдым?» деген суроого жооп берүүнү сунуштайт. Андан кийин текстти өз алдынча окуп чыгып, темасын, тексттин идеясын аныктап, өзүнүн оюн аргументтер менен билдиирип, текстте каралган көйгөйлөр боюнча автордун оюна кошуларын же кошулбасын айтат.

Аналитикалык жана чыгармачылык көнүгүүлөр бири-бири менен тыгыз байланышышат. Мисалы, «Боз үй» жөнүндөгү тексттен диалог түзгүлө жана анын сүрөттөлүшүнө бир көрүнүштү кошкула деген сыяктуу тапшырмалар берилет.

Өзбек мектептеринде кыргыз тили сабагында тексттер менен иштөөнүн кызыктуу түрү болуп мозаика эсептелет. Анда сүйлөмдөр кагаз бетине аралаш катарда жайгашкандай абал болгондо өз-өзүнчө сүйлөмдөрдөн текст түзүү же текстти жөн гана абзацтарга кыркып окуучуларга (же окуучулардын тобуна) сүйлөмдөрдүн же абзацтардын туура абалын түзүү үчүн берүү.

Мисалы, кыргыз тили сабагында «Сөздөрдүн түзүлүшү» темасын өтүүдө бешинчи класстын окуучулары «Конок күтүү» жана «Кыз узатуу» аттуу эки текстте керектүү материалдарды тандоо менен группаларда иштешет. Мындайча айтканда, бешинчи класска өткөрүлгөн кыргыз тили сабагында тексттин кандай түзүлүшү жөнүндө айтылат, тема жана идея кантип сүйлөмдөрдү бир бүтүндүккө бириктирерин көрсөтөт, тексттеги сүйлөмдөрдүн бири-бири менен байланышы кандай, абзац кандай бөлүнөт, ар түрдүү типтеги тексттердеги сүйлөмдөрдүн грамматикалык формаларынын түрүн табуу көрсөтүлүп, речтин стили жөнүндө маалымат берилет. Бул сыяктуу билгичтиктерден сырткары бешинчи класстын окуучулары талдоонун ар кандай түрлөрү менен таанышышат, синтаксис, фонетика, лексика, морфология боюнча негизги билимдерин толукташат, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди эстеп калышат да мындай ыкма менен иштөө кийинки класстарда теманы тереёдетип улантууга мүмкүнчүлүк берет.

Продуктивдүү интеллектуалдык текст түзүүдө төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл: сөздөрдү өз алдынча түзүү, окуу-илимий тексттин тезистерин түзүү, тексттерди моделдештирүү, ар түрдүү типтеги кепке монологиялык билдирүүлөрдү түзүү.

Текстти трансформациялоого жана моделдештирүүгө өзгөчө көңүл бөлүнөт, мисалы, тексттин аталышы боюнча мазмуну кандай болорун божомолдоо же калып кеткен сөздөрдү жана сөз айкаштарын калыбына келтирүү.

Окуучуларга текстти кеңейтүү үчүн төмөнкүдөй иштер сунуш кылынат. Мисалы, текстти «Боз үй» деген сөзгө туура келген сын атооч сөздөр менен толтургула.

Боз үй –бул кыргыз элинин турак жайы. Боз үй – кыргыздардын турак жайларынын символу, ичине бир нече эмеректерди камтыйт. Боз үй башында алачык болгон. Ар бир алачык кол эмгек менен жасалат жана эки окшош алачыкты табуу мүмкүн эмес.{1.3}

Текст менен иштөөнүн ар бир этабында окуучуларды тексттин мазмунун толук жана жеткиликтүү айтып берүүгө, катарын микротемаларды тактоо, тилдин өзгөчөлүктөрүн, тексттин стилин түзүү жана анын негизинде өзүнө тиешелүү болгон пикирин билдирүүгө үйрөтүү керек. {5.45}

Тексттер менен иштөө формасы төмөнкү нерселерге таянышы керек: конспект, карточкалар менен иштөө, диктант, баяндама (изложение), сунушталган суроого жооп, тексттин мазмунуна карап диалог түзүү, ж.б. боюнча өздүк текстти түзүү. Окуучуларга текст менен иштөөнүн канчалык көп түрүн сунуштасак ошончолук сабак кызыктуу өтөт. Мындан сырткары окуучулардын билими бир кыйла деңгээлге өсөт.

Реконструктивдүү кептик мүмкүнчүлүктөр деп маалыматты кайрадан кодировка кыла ала турган аракеттердин түрлөрү аталат. Башкача айтканда, вербалдык коддон вервалдык эмес кодго өткөрүү, тескерисинче, вервалдык эмес коддон вербалдык кодго өткөрүү. Мындай кайрадан кодировка кылуу илимий маалыматты реконструкция кылууну, анын презентация формасын өзгөртүүнү жана үйрөнүлүп жаткан материалды түшүүнүнү аныктайт.

Маданий тил үйрөнүү иши маалымат алмашуунун компетенциясынын калыптануусунун багыты катары бир гана кыргыз тили сабактары менен чектелбейт. Ал сабактардан сырткары да өткөрүлөт: класстык сабактарда, адабий-музыкалык кечелерде, кружок сабактарында, экскурсия маалында.

Жыйынтыгында, өзбек мектептеринде кыргыз тили сабагында маданий маанилүү тексттер менен иштөөнүн көргөзүлгөн түрлөрү бир гана үйрөнүлүп жаткан тилдин өлкөсү жөнүндө маалымат алууга эмес, мындан сырткары, окуучулардын маалымат алмашуу компетентүүлүгүнүн калыптанышына, сөз байлыгын, билиминин өсүшүнө, эске тутуусунун жана көңүл буруусунун өнүгүшүнө, кыргыз тилин жана кыргыз элинин маданиятын үйрөөнүгө кызыгуусун арттырууга түрткү берет.

Маданий маанилүү тексттерге кайрылуу окуучулардын дүйнө таануу позициясынын калыптанышына, баланын дүйнө сүрөттөөсүнүн кеңейишине, абстракттуу ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө чоң жардам берет.

Адабияттар:

1. Жусупакматов Л. Манас атанын ак өргөө академиясы- Ош.1995.27 б.
2. Загрязкина Т.Ю. Повседневная культура и национальные ценности. Вестник Московского университета. Лингвистика и межкультурная коммуникация. – 2007. - № 4. – 85-89 бб.
3. Ибрагимов С. Лингвокультурология-тилдик маданият таануу. Тарыхы жана теориялык негиздери. – Б.: 2004. – 117 б.
4. Инсанга багытталган окутуунун сабактарынын план-конспектилери. ЖОЖ окутуучулары үчүн окуу-усулдук колдонмо. (2-бөлүм) Бишкек-2011
5. Маслова В. А. Лингвокультурология: Учеб. пособие для вузов. – М.: Академия, 2001
6. Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек, 2014. 273-бет
7. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. 85-бет
8. Шаклеин В.М. Лингвострановедческие вопросы интерпретации художественных текстов. Дисс. … канд. фил. наук. – М.,1983.

OshSU, Z. Paimberdieva
zhypar@inbox.ru

Discovering culture through Kyrgyz language class in Uzbek schools

Annotation: *In this article it will be discussed how to work with the text at Kyrgyz national schools while analyzing it and in cultural learning.*

Key words: *dialogue of cultures, development linguocultural competence to compare the language, the language of skills national schools.*

УДК: 371. 3:4249

З.Раимбердиева, ОшМУ

Өзбек мектептеринин кыргыз тили сабактарында көркөм текстти этномаданият таануу багытында окутуунун айрым ыкмалары

Аннотация: *Өзбек мектептерде кыргыз тил сабагында окуучуларга тилдик этномаданий таанууну үйрөтүүдө текст менен иштөөнүн мааниси талданат.*

Ачкыч сөздөр: *тил, маданият, этномаданият, окутуу, көркөм текст, бөтөн улуттун өкүлү*

Аннотация: *На уроках кыргызского языка в узбекских школах ученикам предлагается разбор текста с целью обучения лингво – культурологических аспектов.*

Ключевые слова: *язык, этнокультура, обучение, художественный текст, национальная школа*

Илимий ой жүгүртүүлөрдүн негизинде элдик тилдин энчиси маданият менен улут маданияты ошол этностун тилинде сакталып, келечектеги муундарга өткөрүп берүү милдети жатат. Буга мисал катары В.Фон, Гумбольддун: «Тил- улуттун, элдин өзүнчөлүгүн туюндурат жана калыптандырат, дүйнөнү көрүүнүн улутка мүнөздүү жактарын чагылдырат»- деп бир нече жолу айтканын белгилөөгө болот. Анын идеясы тилди окутуу методикасында кеңири колдонулуп, окуу процессинде жаралган тил менен маданиятты бирдикте өздөштүрүү теориясынын негизин түзөт. Маданиятты тил аркылуу башка элге таанытууда тил менен маданияттын арасында ажырагыс байланыш бар экени байкалат. Бул жөнүндө америкалык окумуштуу Э.Сепир : «Тилдин бир гана тамыры бар, ал маданияттан сырткары жашай албайт. Бул ширелишкен эки аркак биздин турмуш-тиричилигибизге аралашып кеткен салт-санаабыздан, ырым-жырымдарыбыздан арыла албайт»-дейт.

Окумуштуу Е.М.Верещагин бул тууралуу: “Каждый язык национально специфичен. При этом в языке отражаются, не только особенности природных условий и культуры, но и своеобразие национального характера его носителей”, - деп белгилейт. [1, 19]

«Этносту башка этностордон айырмалап туруучу мүнөздөмөлөрүнө тили, баалуулуктары жана нормалары, тарыхый эс-тутуму, дини, киндик кан тамган жери тууралуу элестөөсү, байыркы жалпы бабалары жөнүндөгү уламыш, улуттук мүнөз, элдик маданият, тарбия кирет»деген оюн билдирет Л.Н.Гумилев. Ал эми Б.Я. Рыбаковдун пикиринче «элдик маданиятты, крестьяндык чыгармачылыктын бүтүндөй баарын таанып билүү анын архаикалык тилдик негизин аныктап тактамайынча мүмкүн эмес. Язычествону изилдеп үйрөнүү- байыркылыкка тереңдеп сүңгүү гана эмес, ал элдердин маданиятын түшүнүүгө жол болуп саналат».

Чынында эле, ар бир адам айлана-чөйрөнү таанып жатып, өзүнүн билимин тилдин лексикалык системасында чагылдырат. Маданият өзүн баарынан мурун тилден көрсөтөт. Тил - маданияттын чыныгы көрүнүшү. Маданият таануучулук тил илиминин көп бөлүмдөрүндө, айрыкча лексикология менен этимологияда орчундуу маселе катары берилет. Этномаданий билим берүү- эне тили аркылуу маданий салттарга үйрөтүү, ошондой эле дүйнөлүк маданий салттарга байыр алдыруу аркылуу инсандын этномаданий адептүүлүгүн сактоо, өнүктүрүүнү көздөгөн таалим-тарбия .[7, 85-бет]

Кыргызстандын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде этнопедагогикалык билим берүү боюнча теориялык негиздемелер жана методикалык көрсөтмөлөр ,,Кыргыз мектептеринде предметтик билим берүүнүн концепциялары (1994) “Маданиятка шайкеш таалим -тарбия ”(1995) сыяктуу расмий документтерде орун алган. Аталган концепцияларга ылайык мектептеги айрыкча гуманитардык багыттагы сабактардын окуу программалары, окуу китептери улуттук маданий баалуулуктардын негизинде кайра иштелип чыккан жана методикалык колдонмолор иштелүүдө.

Улуттук мектептерде кыргыз тили сабагында айрыкча, ошол улуттун оозеки адабиятынан, элдик каада-салты менен үрп-адатынан окуу материал катары кеңири пайдаланып, өсүп келе жаткан муунга элдин, улуттун руханий баалуулуктарын терең үйрөтүүбүз зарыл, мында этнопедагогиканын элеметтерин пайдаланбай туруп, жакшы натыйжаларга жетишүү мүмкүн эмес [5,2].

Кыргыз тилин окутуп жатып биз башка улуттун өкүлдөрүнө кыргыз элинин маданий дөөлөттөрүн таанып -билүүгө мүмкүндүк беребиз. Лексиканы анын улуттук маданий маңызы

менен бирге лингводидактикалык сүрөттөө тилдин кубулуштарына комплекстик мамиле кылуунун шарттарынын бири болуп эсептелет. Мына ушундай жол менен даярдалып берилген лексика бөтөн тилди өздөштүрүүнү тездетет, себеби анда лексика тилдин коммуникативдик окутулушунун өзөгүн түзөт.

Өзүнүн көптөгөн кылымдарды камтыган тарыхында кыргыз эли оозеки чыгармаларга абдан бай, уникалдуу. Оозеки чыгармачылыкты жараткан көркөм өнөрдө эл өзүнүн эмгегин, жашоо тиричилигин, каада-салт жана диний үрп-адатын, ошондой эле жаратылыш менен турмуштагы түрдүү көрүнүштөрдү чагылдырган. Биздин күнгө чейин далай сыноодон өтүп сыналган көркөм мурастар гана, анын ичинде ырым-жырымдардын эл тарабынан үзгүлтүксүз колдонулуп келгендиги талашсыз. Ырымдар адамды төрөлгөндөн тартып өлгөнгө чейин коштогон, ошол себептүү аларды бала кезден тартып эле байкоо жүргүзүү аркылуу кабыл алышкан. Алар элдин чөйрөгө турмушка болгон көз –караштарын кандайдыр бир өлчөмдө чагылдырып келген.

Окутуу процессине чыныгы коммуникациялык багыт берүү үчүн ошол тилдин ээси болгон элдин маданияты менен тааныштыруу талап кылынат.Тил аркылуу эл маданияты менен тааныштыруу бөтөн тилди окутуу методикасында дүйнөлүк масштабдагы өтө маанилүү проблема кийинки жылдары актуалдуу мүнөзгө ээ болууда.

Тил аркылуу маданият таануу (лингвокультурология) проблемасы бөтөн тилди окутуу методикасында өнүгүп келе жаткан тенденция. Буга орус тили мугалимдеринин эл аралык конгресс, симпозиумдарында (Москва. 1969, Ленинград, 1971, НРБ, 1972) аталган маселенин ар тараптуу илимий методикалык иликтөөгө алынганы маалым.

Тил аркылуу башка элдин маданияты (үрп-адаты, салты, адеп этикасы) менен тааныштыруу бөтөн тилди окутуу сабагындагы тарбиялоо милдетин аткарат. Мындай милдетти аткаруу үчүн дайыма эле бөтөн тилдеги тил кубулуштары түздөн-түз которула бербейт. Андай кубулуштардын түз которуучу эквиваленти жок. Мисалы; *Баш ал десе, бөрк алган. Бул макалды которуу менен түз маанисин түшүндүрүүгө мүмкүн эмес.* Мында адамдын мүнөзүнө тиешелүү сапаттарды белгилөө менен адамдарды сабырдуулукка тарбиялоо жана адамдагы терс сапаттарды да тарбиялоого чакырган.

Демек, мындай сөз тизмектери жана фразеологимдер тил аркылуу эки элдин маданиятын таанып билүүгө үйрөтөт.

Биз өзбек улутундагы окуучуларга тил аркылуу маданият таанытууда көркөм тексттерди талдоодо окутуунун төмөндөгүдөй принциптерине таяндык.

1. Этномаданий принциби. Тилди окутуу, кепти грамматикалык негиздерде үйрөтүү менен ишке ашырып, этностук өзгөчөлүктөрүн, тарыхын, жаратылышын тааныштырган материалдар аркылуу коштолууга тийиш. Анткени, окуучу кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө сүйлөшүү менен чектелбестен, элдин рухий маданиятын таанып билүү мүмкүнчүлүгүнө да ээ боло алат.

Ошону менен бирге кыргыз тилиндеги этномаданий лексиканы окутуу ишинде элдин башка улуттардан айырмаланган материалдык жана руханий маданиятынын, турмуш-тиричилигинин, үрп-адаттарынын чындыктарын чагылдырган жалаң гана кыргыз элине тиешелүү болгон мааниси чечмеленип, колдонулушун үйрөтүүгө көңүл бурулат. Мисалы:

Такыячан кыз, бешкөкүл, саамай чач, ж.б.

2. Өлкө таанытуучулук принциби

Бул принцип өз ичине лингвоөлкө таануу жана мекен таануу подпринциптерин камтыйт. Өзбек окуучусуна кыргыз элинин тарыхын, кыргыз тилинде жазылган тексттер менен өзбек тилинде жазылган тексттерди байланыштыра окутуу эки элдин кылымдардан бери карай жашап келе жаткан тарыхын, үрп-адатын, жашоо тиричилигин, каада-салтын, маданиятын ж.б. салыштыруу менен элдердин түрк атанын балдары экендигин кайрадан эске салууд,а алардын ынтмакчылыгын артырууда чоң маниге ээ экендиги белгилөөгө болот.

3.Салыштырып байланыштырып окутуу принциби.

Берилген тексттин негизинде кыргыз тилинин теориялык материалдарын салыштыруу, өзбек улутундагы окуучулардын кеп, ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн өстүрүү, текстке текстологиялык талдоо жүргүзүү

Мугалим сабакта берилген үзүндүнүн талдоонун алдынан өзү төмөнкүдөй нерселерди тактап билиши керек.

Биз өзбек элинин улуу жазуучусу Абдулла Қодирийдин “Ўткан кунлар” романынан алынган текстти кыргыз жазуучусу Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романынан алынган текст менен салыштырып андагы тарыхый окшоштукту жалпы Фергана өрөөнүндө болуп өткөн эки элдин жашоо турмушун, саясий абалын баамдоого болот. Анткени эки чыгарма тең 9-класста өткөрүлөт.

Бул чыгармаларды талдоо көбүнчө текст менен иштөө жумуштарында пайдаланса болот анткени 4 чейректе тең текст менен иштөө программага кирген. Өзбек окуучулары кыргыз эли менен өзбек элинин илгертен тамырлаш, тагдырлаш экендигине дагы бир жолу ынанат.

Бул жумушту аткаруу үчүн биз 9-класстын окуучуларын эки командага бөлүштүрүп, 1-командага кыргыз тилинде тандалган текстти өзбекчеге которууну, ал эми 2-командага өзбек тилинде тандалган текстти кыргыз тилине которууну сунуш кылабыз. Ал үчүн эки командага тең белгиленген убакыт берилет.

Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романынан	**Абдулла Қодирийдин “Ўткан кунлар” романынан**
Баары бир Кудаяр-хан кыргыз кыпчактарга баштатан боло келген ордонун кас мамилесин өзгөрткөн жок. Үч жыл бою катуу кармашкан эл көтөрүлүшү 1876-жылы Кокон ордосунун кулатылышы менен аяктады**.** Бирок, падышанын аскер башчылары катыраң кийлигишип, көтөрүлүш да басылгансып калды. Жол башчысы Исхак дарга асылып, анын жакын кишилеринин бири болгон Абдылла бек Ооган тарапка чыгып кетүүгө мажбур болгон. Элди тынчтантыш үчүн генерал Скоблев жергиликтүү журтка өтө кадырлуу Курманжан датканы тоо арасынан издеп таап сүйлөшүүгө өз штабынан майор Ионов баш болгон атайын отряд аттандырды. Жол көрсөтүп, эки жакка тең ишенимдүү орточу болуш милдети жүктөлүп, Жантай уулу Шабдан кошулуп берилди. Эң алдында ак байрак көтөрүп, отряд бейпил чубап, тоо катмарын аралап, бул элге ысмы белгилүү Шабдан атынан Курманжан датканын турагын суроо салып, чыкты. **Т.Касымбеков “Сынган кылыч” романынан 86-бет**	Мусулмонқул Худоңрга Ўш аҳволини сўзлаб, учунчи мактубни очди, бу мактуб хусусий бир кишидан бўлса керак, муҳр ва ўзга такаллуфлардан холи эди: “Мазлумлар додига, **макҳурлар** фарңдига ўзининг адолатлик қиличи билан етишгучи. Мусулмонқул қипчоқ хизматларига ..кўзларим зулм еши билан жиқ, кўнглим давлат хоинлари қўрқўнчидан титраган бир ҳолда қалам тебратаман. Давлатнинг содиқ бир фуқораси, ихослик бир йигити давлат устига ўзининг мудҳиш зарбасини ташлаб турган бир бадь-аҳд ўглини ўшандогки отасининг ваколати бирлан иккинчи бир тинч, улугларга мутеө, **фармонбардор** бир шаҳар аҳлини оегландирмоқ бўлган эди. Уни исботлари, шоҳидлари бирлан дор остига тортқучи содиқ бир қулни кўкларга кутариш ўрнига қамамоқ ва оегига зулм занжирини урмоқ бўладирлар...Мусулмонқул жанобидек бир баҳодирдан андиша қилмай унинг душманларини сарфароз айлаб дўстларини гамкин қиладилар.” **Абдулла Қодирий “Ўткан кунлар”21. Инқилоб, 129-137-беттер**

Которушуп бүткөндөн кийин мугалим окуучулардан эки текстти алмаштырып окууну талап кылат. Мында окуучулар 1-жана 2-команданын мүчөлөрүнүн канчалык деңгээлде которушкандыгын белгилешет жана туура, туура эместигин баалашат. Өз түшүнүктөрүн кыргызча оозеки айтып беришет. Андан соң, окуучуларга текстке карата суроолор коюу керектиги тапшырма берилет.

Болжолдуу түрдө суроолор төмөндөгүдөй түзүлүшү мүмкүн.

1. Өткөн кылымдагы кыргыз-өзбек элдеринин саясий-социалдык турмушунун “Сынган кылыч“ романынында чаыглдырылышы
2. Эки романдагы каармандардын өз эли үчүн болгон күрөшү жөнүндө айтып бергиле
3. “Эң алдында **ак байрак көтөрүп, отряд бейпил чубап, тоо катмарын аралап,** бул элге ысмы белгилүү Шабдан атынан Курманжан датканын турагын суроо салып чыкты” деген сүйлөмдөгү адам аттары жөнүндө эмне билесиңер жана бул ысымдарды кайдан жолуктурган элеңер? Сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

4. ”Мусулмонқул қипчоқ хизматларига ..кўзларим зулм ёши билан жиқ, кўнглим давлат хоинлари қўрқўнчидан титраган бир ҳолда қалам тебратаман” деген сүйлөмдү кандай түшүндүңөр?
5. Эки элдин жазуучуларынын чыгармаларынан кандай саясий жана социалдык окшоштуктарды байкадыңар?

Тексттеги түшүнүксүз сөздөр менен иштегиле

Сөздөр	Түшүндүрмөсү	Сөздөр	түшүндүрмөсү
Кокон ордосунун	Хан турган жай, хандын сарайы, хандын үйү	***макҳурлар***	***қар-ғазабға дучор бўлган***
падышанын аскери	**Падыша**-кээ бир өлкөлөрдө монархтын аты, титулу жана ушундай титулдагы адам. **аскер**-падышанын куралдуу аскер күчтөрү (жөө аскер, аттуу аскер)	***фармонбардор***	***Буйруқни бош товламасдан бажарувчи***

Түшүнүксүз сөздөр менен иштегенден кийин антоним, синоним сөздөрдү тапкыла жана аларга карата сүйлөмдөрдү түзгүлө:

Мисалы; кас, көтөрүлүш, ысымы, турагын.

Төмөнкү сүйлөмдү кыргыз тилине которуп, белгиленген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла;

“Мусулмонқул **жанобидек** бир баҳодирдан андиша қилмай унинг душманларини **сарфароз** айлаб **дўстларини** гамкин қиладилар”.

Жогорку белгиленген жагдайлар окуучуларга бир кыйла татаал психологиялык абалдарды туудурушу мүмкүн. Ошого карабай кыргыз тилинде жана өзбек тилинде түзүлгөн түшүндүрмө сөздүктөрдү пайдаланса болот.

Ошондой эле, кайрадан өздөрүнө тааныш “**Сынган кылыч”** романында кезиккен макал-лакаптар, учкул сөздөр менен иштөө да бир топ эмгекти талап кылганы менен өзбек улутундагы окуучулардын дүйнө таанымын, сөз байлыгын арттыра тургандыгы белгилүү.

Макалдар	Учкул ойлор	Лакаптар
Какайганга какайгын машайыктын уулу эмес, энкейгенге эңкейгин, атаңдан калган кул эмес. *(Абил бийдин айтканы, 45-бет)*	*Биздин ырыскыбызды теңирим тоого чачкан (Сарыбайдын ою, “Сынган кылыч” 28-бет)*	Ишенген кожом сен болсоң, калдайган селдеңди урайын. *(Мусулманкулдун Алманбетке айтканы, 155-бет)*
Жакшы атанын кашык менен жыйнаган мүлкүн жаман уул чөмүч менен ачып түгөтөт. **(***Ажыбай датканын айтканы, 53 –бет)* Жаман ат суурулган кылычтан күчтүү, башыңа конгон бактыңды учурат, конгону келатканын чоочутат. *(Нүсүптүн сөзү, 72-бет)* Баш кесмек бар, тил кесмек жок. *(Элчи Абдусатар калпанын Шералиге айтканы, 103-бет)*	Бузулаар үйдөн эң биринчи ырк кетет. Атасынан адилдик кетет, баласынан намыс кетет, катыны айыңчы, келини ууру болот. Бирин-бири сыйлашуудан калат, биригип үй тутунуу милдетин унутушат. *(Абил бийдин айтканы, 32-бет)* Көл дайыма эле жар чапчып толкуп турбайт, көлдү бороон толкутат. Эл деген көл сыяктуу *(Ажыбай датканын сөзү, 62-бет)* ..Бир күнү баарыбыз ошобуз.	Аргымак тандап ат жыйдым, буудан болуп бербеди, азамат топтоп дос жыйдым –тууган болуп бербеди. *(“Сынган кылыч”160-бет)*

Төгүлгөн кайра толбойт, кеткен кайра келбейт *(Курманжандын Жаркын айымга айтканы, 141-бет)* Өзү теңелбесе да, сөзү теңелет. Жатып өлгөнчө, атып өл. Дөөлөт консо бир чывындын башыга, зымырык куш салам берур кашыга! *(Абдырахман удайчынын сөзү)* Керегеде кулак бар,кеп айтмак болсоң ыраак бар. *(“Сынган кылыч”36-бет)*	Бирибиз аттан, бирибиз таштан, бирибиз октон учуп, бир күнү баарыбыз жазмышыбызды көрөрбүз. Дүйнөгө устун болгон ким? Кол жеткис бийик дарак да бир күнү куурап жыгылат, оволоп ак канат куш да бир күнү топ деп жерге түшүп калат. *(Бекназардын сөзү, 41-бет)*	

Мына ушул сыяктуу көркөм чыгарманын текстти менен иштөөдө тил каражаттары пайдаланылса, окуучулардын жазуу жана оозеки кебин өнүктүрүүгө жардам берери бышык. Биз бул тапшырмаларды берип гана тим болбостон, үч командага бөлүп, биринчи команда макал таап, анын маанисин чечмелеп, синонимдер менен иштешет, экинчи команда лакаптарды таап келишет жана омоним сөздөрдүн маанилерин ажыратышса, үчүнчүсү акылман ойлор камтылган сүйлөмдөр менен иштешип, антонимдик маанилерин табышат. Ал үчүн кыргыз тилинин омонимдик, антонимдик, синонимдик сөздүктөрүн пайдаланышат.

Адабияттар:

1. Верещагин Е.М. Язык и культура. / Лингвострановедение в преподаваниирусского языка как иностранного. – М.: Изд. Московского университета, 1973 – 232 с
2. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн стандарттары. Б.,Учкун, 2006.
3. “Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы жөнүндөгү” №119 Жарлыгы
4. Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартында. - Б.:2006.213-б.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Кырг. ССР И.А., Тил ж-а адабият и., Ред. Э.Абдулдаев, Д. Исаев. – Ф.: Мектеп, 1984. 1-том.
6. Асанбекова Н.А. Кыргыз тили сабагында этнопедагогикалык маалымат берүүнүн мааниси. Эл агартуу. №1-2. 2014
7. Ибрагимов С. Лингвокультурология-тилдик маданият таануу. - Б.: 2004,6-б.
8. Сепир Э. Избранные труды по языкознанию и культурологии. – М.: 1993, 656 с. .
9. Чыманов Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы.- Б.: 2009, 85-бет
10. Шейман Л.А. Основы методики преподавания русской литературы в киргизской школе: Лособие для учителей. – Ф.: Мектеп, 1981. Часть I., 240с.

OshSU, Z. Paimberdieva
zhypar@inbox.ru

Methods of teaching ethnoculture through Kyrgyz artistic texts in Uzbek schools

Annotation: *In this article it will be discussed how to work with the text at Kyrgyz national schools while analyzing it and in cultural learning.*

Key words: *language, culture, ethnoculture, teaching, artistic texts, other cultures, national schools*

УДК:371.14:894

Рысбаев С., КББАнын мамлекетти, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д., профессор

Мамлекеттик тилди үйрөтүүнүн заманбап стратегиялары жана технологиялары

***Аннотация**: Макалада мамлекеттүүлүк, анын белгилери жана анын ичинен мамлекеттик тилдин баа-баркы мүнөздөлгөн. Учурдагы тилдерди үйрөнүүнүн дүйнөлүк тажрыйбасы, анын алгылыктуу технологияларын кыргыз тилин үйрөнүүдө колдонуу жолдору сунушталган. Аларды колдонууну кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окуп-үйрөнүүнүн артыкчылыктуу багыттары катары ойлор айтылган.*

***Түйүндүү түшүнүктөр**: мамлекеттүүлүк, мамлекеттик тил, заманбап стратегиялар, технологиялар, деңгээлдик система, сүйлөшүү чөйрөлөрү, интенциялар, тематикалар, дескрипторлор, сүйлөшүү шкаласы, тестер.*

***Аннотация:** В статье характеризуется государственность и его признаки, а также дается характеристика авторитета госязыка. Автор предлагает приемлемые технологии при изучении языков из мирового опыта, а также предлагает пути использования при изучении кыргызского языка.*

***Ключевые слова:** государственность, государственный язык, современные стратегии, технологии, уровневая система, сфера общения, интенции, тематики, дескрипторы, шкала общения, тесты.*

Мен бул чакан баяндамамда үч орчундуу маселеге учкай токтоло кетким келет:

1-маселе: **Эл мамлекеттүүлүгүн камсыз кылуусу үчүн эмнелер керек?**

Албетте, кылымдар бою ата-бабалары коргоп келген энчилүү жери, анын аныкталган чеги, андан соң, ал элдин энчи да, кенчи да, атын да, затын да болгон-тили болот. Мамлекетти башка элге таанытар символдору, ички жана тышкы мамилелерин жөнгө салар мыйзамдары, коргонор күчү, өнүгүүсүнүн куралы болор илим-билими болот.

Ошентсе да: -жери туруп, тили жоголсо-ал кандай мамлекет болмок? –

- тили туруп жери болбосо, ал дагы кантип мамлекет боло алмак?

-эли туруп, жери туруп, эне тилинде сүйлөбөсө, улутунун аты туруп, эли жоголуп баратса, ал дагы кандай мамлекет болмок?

–мамлететтик туусу туруп, аны эли сыйлабаса, гимни туруп, аны эли ырдабаса, ички-тышкы саясаты туруп, бирдиктүү тил саясаты болбосо, ал дагы кандай мамлекет болмок?

-мыйзамы туруп, ал дагы эне тилин коргобосо жана ал дагы эне тилинде жазылбаса, мектеби туруп, эне тилинде баласын окутпаса, тили туруп, ал тилде мамлекет өз баласына китеп чыгарып бера албаса, ал мамлеткет да кандай мамлекет болмок?

-илими бар туруп, илимин эне тилинде жазбаса, тарыхы туруп, уул-кызы тарыхын билбесе, акылмандары бар туруп, идеологиясы болбосо, ал дагы кандай мамлекет болмок?

Кудайга шүгүр, жогоруда аталган зарыл атрибуттардын дээрлик көбү биздин жаңыдан эгемендүүлүгүн алып өнүгүү жолунда бараткан жаш өлкөбүздө түптөлүп, өнүгүп, өз кызматын аткаруунун жолунда баратат. Ошентсе да, кечээкибизди эске салар тарыхыбыз, бүгүнкү күндө ким экенибизди тастыктап тарар тилибиз, эртеңкибизди боололоор идеологиябыз кандай? Мен бул үч маселенин ичинен мамлекетибиздин мартабасын көтөрөр тилибиз, анын абалы, аткарар кызматы тууралуу кеп кылайын.

2-маселе: Мамлекеттик тил болуш үчүн кыргыз тили кандай кызматтарды аткарышы керек?

-Мамлекеттик тилди анын ар бир жараны билбесе, ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

-мамлекеттин ар бир жараны (башка улуттун өкүлдөрү да, улут аралык байланыштын тили катары) бири-бири менен мамлекеттик тилде байланышпаса, ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

-мамлекеттин ичиндеги мекемелер аралык ар бир иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлбөсө, ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

-мамлекет аралык сүйлөшүүлөрдө жана келишимдерде мамлекеттик тил колдонулбаса, ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

-мамлекет ичиндеги ар кандай деңгээлдеги жыйындар мамлекеттик тилде жүрбөсө, ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

-мамлекет ичинде ар кандай окуу жайларда: бала бакчадан – жогорку окуу жайларга чейин окуу-тарбия негизинен, мамлекеттик тилде жүрбөсө, , ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

-илимий-изилдөөлөр мамлекеттик тилде жүрбөсө, ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

-мамлекет ичиндеги көрнөк-жарнактар негизинен мамлекеттик тилде жазылбаса, ал кантип мамлекеттик тил катары эсептелинмек?

Кыргызстан учурда бир улуттун гана өкүлдөрү жашаган өлкө эмес, ар улуттун, т.а. жетимиштен ашуун улуттун өкүлдөрү жашаган өлкөгө айланды, демек ал улуттун өкүлдөрү бүгүнкү дүйнөлөшүү ыргагынын кезинде биринин тили менен маданиятын сыйлап ынтымакта жашоо багытын тандоосу керектигин мезгил тастыктоодо. Ошентсе дагы, мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү-мамлекеттин кадыр-баркын көтөрүүгө барабар экенин түшүнүү кажет. Анткени дүйнөнүн бир катар өлкөсүндө улуттук тилдерине мамлекеттик тил статусу берилип, артыкчылык берген мыйзамдары ийгиликтүү иштеп жаткан көрүнүштөр бар жана алар биз үчүн мисал боло аларында шек жок. Биздин бүгүнкү шартта мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн негизги шарты аны окуп-үйрөнүүнүн заманбап стратегияларын жана технологияларын киргизүү-билим берүү тармагындагы алгылыктуу багыт болуп саналат.

3-маселе: Мамлекеттик тилибизди өнүктүрүүнүн жана окуп-үйрөнүүнүн заманбап стратегиялары жана технологиялары кайсылар?

Бүгүнкү күн сайын жаңыланып келаткан заманыбызда «Тил- адамдардын байланыш-катышынын куралы-деп келген түшүнүк өзүн толуктоону талап кылып калганы байкалды. Тактап айтканда, бүгүн тил заманга жараша татыктуу жашоонун куралына да, анын каражатына да болууга айланып отурат.

Тил үйрөнүүнүн турмуштук зарылдуулугун, тил билген адамдын тил билбеген адамга караганда турмуштук атаандаштыкка алда канча жөндөмдүү болорун биз дагы да даана түшүнүп келатабыз. Кыргызстанда 1928-жылдан баштап башка улуттун өкүлдөрүнө негизги окуу предмети катары окутулуп келаткан кыргыз тили 1960-жылы улутчулдук катары бааланып, Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги тарабынан «жарандардын каалоосу боюнча үйрөнүлсүн» деген чечими менен токтотулган жана Республикабыздын түпкү улутунан башка улут өкүлдөрү кыргыз тилин окуп-үйрөнүү процесси токтотулган. Ал тургай, республикабызда экинчи эне тили катары орус тилин окуп-үйрөнүүгө жапырт киришүүнүн натыйжасында, шаардык аймактагы кыргыз жарандарынын дээрлик эки мууну орус тилинде окуу-тарбия алышкандыгы, ошонун кесепетинен 1998-жылдагы Эл каттоонун жыйынтыгында Кыргызстандык 10000 кыргыз жараны эне тилиң кайсы-деген суроого орус тили деп билдирген. Кыргыз тили, башка баардык көрүнүштөрдү айтпай эле коелу, кыргыз улутунун гана үй тилине айланган. Мына ушунун өзү толук кандуу мамлекеттүүлүктүн белгиси боло алабы?

Демек, мамлекетте жашаган жарандарга мамлекеттик тилде сүйлөп, иштеп жана жашай алар мүмкүнчүлүктү түзүп берүү мамлекеттин зарыл милдети экендигин Европа өлкөлөрү эчак эле, тээ 1990-жылдардын башында түшүнүп, тилди натыйжалуу үйрөтүүнүн жолун издеп, анын туура методикасын табышкан. Бул методика «Тил үйрөнүүнүн Европалык стандарты» аттуу документ болуп саналат. Ал документтин негизги философиясы-Европа элин бириктирген жалпы тилди билүү аркылуу ал өлкөлөрдүн жарандарынын өзүн өзү көрсөтө алууга жол ачуу жана жашоого болгон атаандаштыгын камсыз кылуу экендиги талашсыз.

Мунун турмуштук да, илимий-теориялык да, философиялык да, методикалык да негизи-мамлекеттик идеологиянын каражаты катары бир тилди зордоп үйрөтүү эмес, тил үйрөнүүгө жана ал - тил менен жашоого ар бир адамдын ички каалоосунун жаралышына, тил үйрөнүүгө болгон ниетине, ынтаасына жараша туюнтулган багыттарга ылайыкталган технология. Демек адам жашаган, иштеген, окуган чөйрөсүнө карата жана да тил билүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен түзүлгөн өзүнчө система.

Бул система: адамдын тил үйрөнүүгө болгон интенциясын, т.а. каалоо, ниетин, ынтаасын, анан да сүйлөшүү чөйрөлөрүн, т.а.жашаган, окуган, эмгектенген жана жеке турмуш өткөргөн чөйрөлөрүн, ага ылайык тил билүү деңгээлдерин, т.а. ал тилде сүйлөй алуу жана ал тил менен

иштей алуу мүмкүнчүлүктөрүн, буга кошумча- тил билүүнүн ал деңгээлдерге жараша дескрипторлорун, т.а. тил билүү деңгээлдеринин мүнөздөмөсүн, акырында – ар кимдин ал тилде сүйлөй алуусунун деңгээлин өзү аныктай алар баалоо шкаласын камтыган бүтүн бир аппараты түзөт.

Бул система менен түздөн-түз биригип турбаса да, аны кандайдыр бир деңгээлде методикалык жактан толуктап-жабдып турган, белгилүү совтттик методист, орус тилин чет тили катары окутуунун коммуникативдүү методикасын теориялык жана методикалык жактан системага салып чыккан А.Пассовдун «Кеп ишмердүүлүгүнүн теориясы» аттуу бир түшүнүк бар. Ал төрт негизги компоненттен турат, биринчиси-интенция, демек-тилди үйрөнүүгө баланын ички каалоосун сабак процессинде мугалимдин жарата алуусу, экинчиси- мотив, демек, класста бала үйрөнүп жаткан тилде турмуштук же жасалма сүйлөшүү зарылдыгын жаратуусу, үчүнчүсү- сүйлөшүүгө үйрөтүү программасынын туура болуусу, төртүнчүсү- окуучулардын күндөлүк сүйлөшүү практикасынын такай болушу.

Ушул айтылгандардын өңүтүнөн туруп, ойлонуп көрөлүчү: бүгүн бизде кыргыз тилин окуу орус тилинде жүргүзүлүүчү мектептерде үйрөтүүгө түрткү берер ушул төрт компонеттин кайсынысы бар? Тил үйрөнүүгө болгон баланын каалоосу, ынтаасы, демек, интенция барбы? Тактап айтканда, ички талап барбы? Же болбосо, баягы СССР убагындагыдай, «Орус тилинде сүйлөй албасаң, Фрунзеде нан сурап жей албайсың» дегендей, мамлекеттик тилде сүйлөөгө болгон коомдук катуу талап барбы бүгүн? Күндөлүк коомдук жайларыбызда, айрыкча жаңы жетилип келаткан жаштарыбыздын арасында кыргызча сүйлөшүү зарылдыгынын деңгээли канчалык? Макул, программабыз менен окуу китептерибиз алына жараша бар-десек да, а күн кыргыз тилинде сайын такай сүйлөшүү практикасы коомдук жайда биз каалагандайбы? Бул суроолорго жоопту табуунун жалпы калайыктын өзүнө калтыралы…

Кантсе да, мамлекеттик тилибизди талаптагыдай үйрөтүү-биздин мамлекеттик парзыбыз. Тилибизди көтөрүү- мамлекетибиздин, улутубуздун кадыр-баркын, аброюн көтөрүү менен бирдей экендигин жеткире ойлонсок, анда биз улутубуздун жана мамлекетибиздин алдында улуттук чоң жоопкерчилигибизди аткарган болор элек. Ал эми Кыргызстанда жашаган, иштеген ар бир улуттун өкүлдөрүнүн да мамлекеттик тилди талаптагыдай үйрөнүүсү – алардын атуулдук парызын аныктайт.

Мына ушундай шарттар эске алынып, өткөн 2013-жылы Республикабыздын Президентинин белгилүү указы менен «Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди үйрөнүүнү жакшыртуу жана тил саясатын өркүндөтүү» аттуу атайын мамлекеттик документ жарыяланды. Бул документ республикабыздын коомчулугун, анын ичинде тилчи окумуштууларды ордунан тургузуп, Кыргыз тилин экинчит тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдик системасын, анын негизги талаптарын аныктап чыгууга киришүү башталып отурат.

Ал иш адегенде эмнеден башталды? Ал Билим берүү жана илим министрлигинин алдында «Кыргызтест» аттуу мекеменин түзүлүшү, андан кийин биздин академияда Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдик концепциясы аттуу документтин иштелип чыгуусу, андан ары «Билим берүү жана социалдык интеграция» аттуу долбоордун негизинде атайын жумушчу топ түзүлүп, Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлднринин талаптары аттуу документти иштеп чыгууга киришүү менен активдешти. Бул топто илимдин докторлору З.К.Дербишева, К.А.Биялиев, тилчи адистер Б.Топоева, А.Т. жана А.Т. Молдогазиевалар жана да мен бүгүнкү күндө А1 деңгээлинин талаптарын толук иштеп бүттүк. Жакында бул багыттагы атайын мектептер үчүн предметтик стандарт Кыргыз билим берүү академиясында иштелип чыгып, министрлик тарабынан бекитилди.

Бул документтер окуу орус тилинде жүргүзүлгөн республикабыздын мектептеринде жана чет жактан келген жарандар кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүнүн инновациялык негиздери, тактап айтканда жаңы стратегиялар жана технологиялар болмокчу. Ал стратегиялар кайсылар?

1-стратегия: **Кыргыз тилин үйрөнүүнүн интенциялары:**

А).Байланыштыруучу интенциялар: учурашуу, таанышуу, башка бирөөнү таныштыруу, сурап алуу, сурап билүү, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, чакыруу, коштошуу

Б).Маалыматтык интенциялар: аты-жөнүн, ким экенин айтып билдирүү, үй-бүлөсү тууралуу айтып билдирүү, жашаган, окуган жери тууралуу маалымат берүү, иштеген иши, анын мүнөзү тууралуу айтып берүү, жаш-курагын айтып билдирүү, улуту тууралуу маалымат берүү, кайдан келгенин билдирүү, жашаган, турган дарегин айтуу, жакындары, досу тууралуу айтып

берүү, жакын адамдарынын ким жана кесиби тууралуу маалымат бере алуу, кызыгуулары тууралуу айтып ой бөлүшүү, нерсенин эмне экенин айтып билдирүү, кимдин, эмненин кайда тургандыгын айтып билдирүү, кимдин, эмненин кайда баратканын айтуу, нерсенин кимге жана каяка таандык экенин билдирүү, нерсенин эмне экенин айтып билдирүү, кимдин, эмненин кайда тургандыгын айтып билдирүү, кимдин, эмненин кайда баратканын айтуу, жыл мезгилдерин, табиятты, анын көрүнүштөрүн баяндап, сүрөттөп айтып берүү, убакытты, күндүн, жуманын, айдын сан-иретин айтып билдирүү.

В).Аныктоочу, мүнөздөөчү интенциялар: кимдин, эмненин кандай экенин мүнөздөө, нерсенин канча экенин аныктоо, нерсенин кимдики экенин аныктоо, иш кантип аткарылганын мүнөздөө;

Г).Жеке мамилесин билдирүүчү интенциялар: маалыматка макул экенин билдирүү, бирөөнүн оюна каршы экенин билдирүү, маалыматтын туура же туура эместигин далилдөө, бирөөгө ыраазы экенин айтуу, нааразы экенин айтуу, нерсенин бар же жок экенин айтуу.

Мына ушул А1 денгээлинин интенцияларына жараша сүйлөшүү чөйрөлөрү аныкталды жана аларга жараша текстин тематикалары тандалып алынган.

2-*стратегия:* Пикир алышуу, сүйлөшүү чөйрөлөрү жана тематикалар.

А)Өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү боюнча: -өзү жөнүндө, улуту, туулган жана жашаган, окуган жери, үй-бүлөсү, туугандык байланыштар, жакындары, достору, кесиптештери, үй, үй турмушу, күндөлүк эрежелер, сатып алуу, кызыгуулар, мезгил, убакыт.

Б). Социалдык- маданий чөйрө: өлкө, мамлекет; шаар, айыл.

В).Окуу-билим чөйрөсү: мектеп, класс, окуу жайлары, аудитория, кеңсе товарлары, окуу процессии, окуу иштери.

Г). Эмгек жана кесип чөйрөсү: кесиптин түрлөрү тууралуу маалымат (мугалим, врач, учкуч,уста…).

Бул чөйрөлөрдүн ар бири баланын күндөлүк турмушуна жана тил үйрөнүү деңгээлдерине жараша пайыздык катышына жараша бөлүштүрүлөт. Тактап айтканда, адегенде балага кайсы чөйрө жакыныраак, мисалы: *өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү көбүрөөк, андан соң* окуу-билим чөйрөсү аны улантат, ансон соң коомдук –маданий чөйрө тууралуу маалымат берилүү менен, анан кесип жана эмгек чөйрөсү улантып жыйынтыктайт, ж.б.

3-стратегия:* Тил үйрөнүү деңгээлдери тууралуу.** Алгачкы деңгээи- **А1 Жөнөкөй деңгээли, т.а.** ***кыргыз тилинде сүйлөшүү көндүмдөрүнө алгач ирет машыгууга багыттоочу мезгил катары мүнөздөлөт. Бул мезгил мектепте **1-4-класстарды** камтыйт да, башталгыч мектепти бүтүргөн башка тилдүү баланы кыргызча эң жөнөкөй коммуникативдик жана тилдик көндүмдөргө ээ кылуу менен жыйынтыкталат. Тактап айтканда, окуу материалдары сүйлөшүүгө машыктыруучу жөнөкөй кырдаалдар түрүндө берилип, ал иштер лексикалык чакан минимум жана грамматикалык жөнөкөй формаларды камтымакчы. Ал деңгээлдин бардык талаптары станда***ртта жана атайын иштелип чыккан деңгээлдик талаптарда кенен чагылдырылган.***

А2 Орто деңгээл ***тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө, сабаттуулукка калыптандыруу, активдештирүү мезгили катары мүнөздөлүң, негизинен*** **5-9-класстарды** камтыйт. Бул деңгээлде окуучулар буга чейинки (башталгыч класстарда) ээ болгон көндүмдөрдү бекемдеген, кадыресе сүйлөшүү көндүмдөрүнө ээ болгон мезгил катары бааланат.

Бул класстарга сүйлөшүү жана жазуу кебибиздин негизин түзгөн лексикалык кор, анын сөз түркүмдөрүн кептеги кызматына жараша окуп-үйрөнүү жана аны кебинде кырдаалдарга ылайык колдонууну камтыган айрыкча мезгилге туура келет. Мында лексикалык материалдар аркылуу улуттук маданиятты, салтты, ж.б. таанып-билүү иш-аракеттери да активдешет жана балдарды чыгармачылык менен иштөө жолуна багыт алат. Бул ***деңгээлди өткөн окуучулар ээ болуучу коммуникативдик милдеттер стандарт менен атайын талаптарда берилген.***

В1-Ортодон жогорку деңгээлди камтыган ***окуучулардын өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү мезгили катары мүнөздөлүү менен, 10-11*-класстарды камтыйт. М**урдагы класстардан бир кыйла активдешкен жана жоопкерчилиги жогорулаган жана мектеп деңгээлин жыйынтыктаган мезгил катары баалант. Бул мезгилде окуучулар кыргыз тилин синтаксистик негизде, т.а. тилдик материалдарды функционалдык негизде үйрөнүү менен, сүйлөөгө сүйлөшүү аркылуу, сүйлөшүүнүн жүрүшүндө үйрөнүү принцибинде иштөө активдешет. Окуучулар сүйлөм аркылуу оюн айтууга, текст аркылуу бүтүн пикирин билдирүүгө, кырдаалдарга ылайык сүйлөшүүгө жетишишет. Мындагы коммуникативдик талаптар жана милдеттер дагы стандарта көрсөтүлгөн.

4-стратегия: **Сүйлөшүү деңгээлдерине жараша кеп ишмердигинин мүнөздөмөлөрү, т.а. дескрипторлор:** Мында кеп ишмердүүлүгүнүн төрт багыты, т.а. угуп түшүнүү, окуп түшүнүү, сүйлөө жана жазуу көңүлгө аланган. Алардын ар бири сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жана деңгээлдерине жараша жетишиле турган талаптары менен бирге түзүлгөн.

5-*стратегия:* **Деңгээлдик жана профилдик багыттардагы тесттер.** Бул аталган тесттер дагы сүйлөшүү чөйрөлөрү менен деңгээлдерине жараша угуп түшүнүү, окуп түшүнүү, сүйлөө жана жазуу мүнөзүндөгү тестер менен камсыз кылынат.

6-стратегия: **Ар бир деңгээлдерге жараша лексикалык жана грамматикалык минимум.** Лексикалык-грамматикалык минимум дагы жогоруда аталган сүйлөшүү чөйрөлөрдү жана деңгээлдерге жараша тандалган сүйлөшүү тематикаларына жана кырдаалдарына ылайык түзүлөт. Бул минимумдарга жыш колдонулган сөз айкаштары, синонимдер, антоноимдер жана да сүйлөшүү этикетинин үлгүлөрү камтылат.

Ошондо да, эскерте кетүүчү бир нерсе, кыргыз тилине бөлүнгөн сааттардын көлөмүнө ылайык жана бир саатта үйрөнүлө турган активдүү сөздөрдүн чегине жараша (мисалы, мектепте бир сабакта 5-7 активдүү сөз, ал эми кыргыз тилин үйрөнүүчү чоң адамдардын кыска мөөнөттүү тездетип үйрөтүү курсатында 20-25ке жакын активдүү сөздөр сунушталуу менен) ар бир деңгээлге ылайыкталып лексикалык минимум такталат.

7-стратегия: **Тил билүү деңгээлин баалоо шкаласы.** Бул шкала дагы өзүнө сүйлөшүү чөйрөлөрү менен деңгээлдерди жана да кеп ишмердүүлүгүнүн бардык багыттарын бирге камтыйт. Анын максаты-жогоруда аталып өткөн кеп ишмердигине ылайык сүйлөшө билүү деңгээлдерине коюлуучу талаптар какндай деңгээлде ишке ашып жатат, баланын сүйлөй билүү деңгээли өз деңгээлине туура келеби, ошону туюнткан жана текшерген жыйынтык талап болуп саналат. Мүнөздөмөдө берилген талаптарга ылайык ар бир бала баалоо шкаласынын талаптарына жараша өзүнүн сүйлөй алуу деңгээлин өзү аныктайт.

Соңунда айтарым, учурда аталган технологиялар Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясы менен Кыргызтест уюму биргелешип иштөө менен атайын мамлекеттик документ катары иштелип бүтүү алдында турат. Ал мамлекеттик тилибизди мындан ары окуп-үйрөнүүнү жакшыртууга кызмат кылат деген ишеним бар.

Адабияттар:

1.Кыргыз Республикасынын мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүнү өркүндөтүүнүн концепциясы, «Кут билим», 17-сент.2012-ж.
2. Государственный стандарт по русскому языку как иностранному, М.,2001
3 Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун предметтик стандарты, 2013-ж.
4. Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери, Б., 2014-ж.

Risbaev S.
Kyrgyz Educational Academy
Эл.почта:rsulayman@mail.ru

Current strategies and technologies for teaching national language

Annotation: *In the article statehood and its attributes are characterized, and the authority of the state language is described. The author offers acceptable technologies in the study of the languages of the world experience, and offers ways to use the study of the Kyrgyz language.*

Key words: *statehood, the state language, modern strategy, technology, level system, the scope of communication, intention, subject, descriptors, scale communication, tests.*

УДК:400

Б. Сагынбаева, Кыргыз-Түрк "Манас" университети, ф.и.д., доцент

Лингвистикалык терминдердин салыштырма анализи (Кыргыз жана түрк тили)

Аннотация. *Бул макалада изилдөөнүн компаративдик багыты аркылуу тектеш кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдердин абалы, колдонулуш өзгөчөлүктөрү изилдөөгө алынат. Лингвистикалык терминдерди салыштырып изилдөөдөн мурда иликтөөгө алынган тилдердин лингвистикалык системасын теориялык планда терең иликтөөгө алуу керек. Кыргыз тил илиминдеги салыштырма планда аткарылган эмгектерге таянуу менен кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдерди иликтөөдө төмөндөгүдөй окшоштук жана айырмачылыктар аныкталды: лингвистикалык терминдердин тутумунда эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу аркылуу түзүлгөн лингвистикалык терминдердин басымдуулук кылары; терминдерди башка тилдерден түздөн-түз кабыл алуу кубулушунун орун алуусу жагынан жалпылыкка ээ болсо; түрк тилинде бир эле грамматикалык түшүнүктү бир нече терминдер менен туюндурган жагдайлардын басымдуу экендиги; кыргыз тилиндеги лингвистикалык терминдердин көпчүлүгүнүн туруктуу системага салынгандыгы; классификациялоо методологиясынын ар башка салтта жүргүзүлгөндүгүнөн улам тектеш тилдердин лингвистикалык терминдеринин бири-биринен айырмаланып калышы жагынан өзгөчөлүккө ээ.*

Ачкыч сөздөр: *түркология, компаративистика, тектеш тилдер, лингвистикалык термин, сөздүк курам, төл сөз, сөз жасоо, сөз түркүмдөрү.*

Аннотация: *В этой статье исследуются термины и особенности их употребления в родственных кыргызском и турецком языках с применением компаративистского метода исследования. Прежде чем приступить к сравнительному исследованию терминов, необходимо глубоко изучить в теоретическом плане лингвистические системы языков, подлежащих исследованию. При изучении лингвистических терминов в кыргызском и турецком языках, основанном на трудах кыргызского языкознания сравнительного характера, были выявлены следующие схожие и различные особенности: если преобладание лингвистических терминов, образованных с использованием внутренних возможностей родного языка; применение непосредственного терминологического заимствования как одного из типов терминообразования образуют общие черты; то случаи употребления сразу нескольких терминов для обозначения одного грамматического понятия в турецком языке; систематизированность большинства лингвистических терминов в кыргызском языке; а также различие лингвистических терминов в родственных языках из-за применения классификационных методов разных традиционных направлений образуют различные черты в терминологии и в терминообразовании рассматриваемых языков.*

Ключевые слова: *тюркология, компаративистика, родственные языки, лингвистический термин, словарный состав, исконное слово, словообразование, часть речи.*

Киришүү

Тектеш тилдүү элдерди бири-бири менен жакындаштыруучу, алардын бирин-бири өз ара аңдап түшүнүүсү, тилмечсиз сүйлөшө алуусу үчүн кызмат өтөөчү каражаттардын бири – бул ошол элдер колдонгон терминдер болуп эсептелет. Ар кандай салаадагы терминдерди ортоктоштуруу, орток терминдердин санын көбөйтүү маселеси түрк тилдүү элдердин актуалдуу маселелеринин бири болуп келе жатат. Бул маселе учурдун өзөктүү маселеси катары кайра-кайра жаңыртылып, дээрлик бир кылымдан бери окумуштуулардын талкуусуна коюлуп келүүдө. Бирок түрк терминологиясы тиешелүү деңгээлде ортоктоштурулбай келет. Албетте, мунун өзүнчө субөективдүү да, обөективдүү да себептери бар. Бул проблеманы тез эле жөнгө сала коюуга мүмкүн эмес. Атайы белгилей кетчү жагдай: бүгүнбү, же эртеңби, айтор келечекте жалпы түрк тилдеринин орток терминдик корунун калыптануусунда шек жок. Бул баяндамада мына ушундай маселеге тиешелүү болгон кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдердин абалы, колдонулуш өзгөчөлүктөрү сыяктуу айрым бир маселелер жөнүндө сөз болот.

Тектеш түрк тилдеринин орток лингвистикалык терминдерин иштеп чыгуудан мурда алардын лингвистикалык деңгээлдеринин ар бири боюнча теориялык планда терең изилдөөлөр

жүргүзүлүү керек. Мындай максаттагы изилдөөлөр аркылуу алардын ар бирин мүнөздөөчү негизги илимий түшүнүктөрдүн терминдерин, алардагы окшоштук жана айырмачылыктарын ажыратып чыгууга, алардын ар бирөөсүнүн бөтөнчөлүктөрүн айкын баяндап, тилдик мисалдар аркылуу чечмелеп чыгууга болот. Кыргыз тил илиминде азыркы кыргыз тили менен түрк тилинин морфологиялык парадигмаларын, типологиялык ички мыйзамченемдиктерин, алардын жалпылыктары менен айырмачылыктарын аныктоо максатында жүргүзүлгөн изилдөөлөр, салыштырма планда түзүлгөн лингвистикалык сөздүктөр бар. Салыштырма планда түзүлгөн лингвистикалык терминдердин сөздүгү түрк жана кыргыз тилдеринде, негизинен, калыптанып, турмушта колдонулуп келе жаткан терминолгиялык сөздүктөрдүн, кыргыз жана түрк тили боюнча жүргүзүлгөн илимий иликтөөлөрдүн, монография, окуу китептеринин негизинде түзүлгөн [Орузбаева, Сагынбаева 2004: 212].

Кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдердин абалы

Кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдерди өз ара салыштырууда төмөндөгүдөй абал байкалат: Тектеш кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдердин тутумунда эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу булагы аркылуу түзүлгөн төмөндөгүдөй терминдер учурайт:

аныктагыч – belirten
аныкталгыч - belirtilen
атоо - adlandırma
байламта - bağlaç
басым - vurgu
баяндооч - yüklem
дирилдеме үнсүз - titrek ünsüz
жазма тил - yazı dili
жекелик сан - teklik
кош сөздөр - ikileme
көптүк мүчө - çokluk eki
таандык мүчө – iyelik eki
сенек мүчөлөр - ölü ek
салыштыруу - karşılaştırma
сан атооч - sayı adı
уңгу – kök ж.б.

Кыргыз тилиндеги бүгүнкү күндө да кеңири колдонулган, кыргыздын төл сөзүнөн тандап алынган мындай грамматикалык терминдер К.Тыныстановго таандык. Ал алгачкы жолу лингвистикалык терминдерди түзүп, атооч, этиш, зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, уңгу, жөндөмө сыяктуу терминдерди жараткан. Ал эми түрк тилиндеги лингвистикалык терминдерди түзүүдөгү жигердүү иш-аракеттер Ататүрктүн аты менен жана анын демилгеси менен уюшулган «Түрк тили коому» менен тыгыз байланыштуу. «Түрк тили коому» лингвистикалык терминдердин түзүлүшүндө үч булакты пайдаланган:

1. Байыркы жана эски түрк жазуу эстеликтериндеги сөздөрдү кайра жандандыруу булагы.
2. Диалекти, говорлордо колдонулган карапайым калк тилиндеги сөздөрдү пайдалануу булагы.
3. Эне тилдин сөз жасоо системасынын ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу булагы. [Садыков, Сагынбаева 2010: 479]

Терминдерди атоодо кыргыз тилинде да, түрк тилинде да башка тилдерден түздөн-түз кабыл алуу кубулушу байкалат. Мындай көрүнүштүн негизги себебин кыргыз тилиндеги лингвистикалык терминдердин көпчүлүгүнүн Советтер Союзу учурунда түзүлгөндүгүнөн жана көптөгөн лингвистикалык терминдердин ошол учурда калыптангандыгынан деп түшүнүү керек. Анткени кыргыз тилиндеги лингвистикалык терминдердин басымдуусу орус тили аркылуу кирген терминдер жана орус тилинен сөзмө-сөз которулуп же орусчадагы вариантынан жарым калькалоо жолу менен алынган терминдер болуп эсептелет. Мисалы:

интонация – tonlama
диалект – ağız
омонимдер – eş sesli
жанаша метатеза – yakın göçüşme
жергиликтүү говор – ağız
конкреттүү зат атооч – somut isim
абстракттуу зат атооч – soyut isim

же:

сөз жасоочу мүчө – словообразовательное окончание
сөз өзгөртүүчү мүчө – словоизменительное окончание
аналитикалык типтеги этиштер – глаголы аналитеческого типа
экинчи сигналдык система – вторая сигнальная система
оң форма – утвердительная форма
терс форма – отрицательная форма ж.б. [Орузбаева, Сагынбаева 2004: 212].

Кыргыз тилине орус тилинен же орус тили аркылуу кабыл алынган лингвистикалык терминдердин түрк тилиндеги эквиваленттеринин көпчүлүгү эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу аркылуу түзүлгөн терминдерден экендигин байкоого болот:

агглютинативдик түзүлүштөгү тилдер – eklemeli diller
флективдүү тилдер - bükümlü diller
структуралык лингвистика – yapısal dil bilimi
грамматика - dil bilgisi
ассимиляция – benzeşme
неологизм – yeni kelime
ономастика – ad bilimi
сингармонизм –uyum
синоним – eş anlamlı
говор – ağız
синтаксис - söz dizimi ж.б.

Түрк тилиндеги бул сыяктуу айрым эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу аркылуу түзүлгөн терминдердин жаралгандыгына, чет тилден кабыл алынган сөздөрдү, грамматикалык терминдерди түркчөлөштүрүү аракети канчалык жигердүү аткарылгандыгына карабастан, тил илимине байланыштуу дээрлик бардык эмгектерде лингвистикалык терминдердин бирдей термин менен аталыш маселесинин толук чечилбей келиши белгилеп кетүүчү жагдай болуп эсептелет. Түрк тил илиминде Осмон империясынын мезгилинде эле бул темада бир топ маанилүү иштер жасалып, сөздүктөр түзүлгөн. Бирок бул убакта түрк тили көптөгөн чет тилдердин, өзгөчө араб, фарсы тилдеринин таасирине күчтүү кабылган. Натыйжада диний, илимий жана маданий лексиканын басымдуу көпчүлүгү араб сөздөрүнүн үлүшүнө, көркөм адабият, поэзия лексикасынын орчундуу бөлүгү фарсы сөздөрүнүн үлүшүнө туура келген. Түрк тилинин сөздүк курамынын калыптанышына Византия империясынын мамлекеттик тили – грек тилинин таасири да өзгөчө болуп, мындан сырткары француз, румын, италиян ж.б. европа тилдеринен оошкон сөздөрдүн саны да арбын болгон [Садыков, Сагынбаева 2010: 479]. Бирок буларга караганда араб, фарсы тилдеринин таасири алда канча күчтүү болгондугун түрк тилиндеги сөздүк курамдан, анын ичинен лингвистикалык терминдердин курамынан да көрүүгө болот. Мисалы:

атоочтук түрмөк – sıfat fiil grubu
буйрук ыңгай – emir
жак – şahıs
жалпы ат – cins isim
сын атооч – sıfat
атоочтук – sıfat fiil
жардамчы сөздөр – edatlar
тактооч – zarf
сүйлөм – cümle ж.б.

Окумуштуулардын арасында бирдиктүү көз караштын жок экендигине байланыштуу, түрк тилинде бир эле грамматикалык түшүнүктү бир нече терминдер менен туюндурган жагдайлар өтө көп учурайт: Натыйжада мектептерде башталгыч класстарда пайдаланылган лингвистикалык терминдер ар башка, жогорку класстарда колдонулган терминдер ар башка болуп, ал гана эмес, жогорку окуу жайларында бир тилчи адистин колдонгон лингвистиклык термини экинчисиникинен айырмаланып калган. Мисалы:

зат атооч – ad, isim
аныктагыч – belirten, tamlayan
аныкталгыч – belirtilen, tamlanan
кош сөздөр – ikileme, tekrarlama
жандоочтор – edat, son çekim edatı
жөндөмө – hâl, durum
тактооч – zarf, belirteç ж.б.

Мисалдардан көрүнүп тургандай, тилчи-окумуштуулардан М.Эргин, Т.Бангуоглу, А.Топаоглу, Л.Карахан *‘birleşik cümle’* “татаал сүйлөм” терминин колдонсо, Т.Н.Генжан, В.Хатибоглу, Х.Диздароглу *‘birleşik tümce’* терминин колдонот. М.Эргин, А.Топаоглу, Л.Карахан *‘ana cümle’* “баш сүйлөм”, ал эми Т.Н.Генжан *‘temel önerme’*, Т.Бангуоглу *‘baş cümle’*, В.Хатибоглу *‘temel tümce’* терминин колдонот. [Эргин: 1981; Banguoğlu: 1990; Топаоглу: 1989; Карахан: 1999;

Gencan: 1990; Хатибоглу: 1972; Диздароглу: 1976]. Бул маселе боюнча К.М.Любимов түрк тилиндеги жөндөмөлөр жөнүндө жазган эмгегинде төмөндөгүлөрдү белгилеп кеткен: Түрк тилинде жөндөмөлөр эки түрдүү 'Hal' жана 'Durum' деген терминдери менен аталат. Ошондой эле ар бир жөндөмөнүн терминдери да төмөндөгүдөй ар башка:

1. Атооч жөндөмө: *yalın, asıl, belirsiz, adlamlık, salt, nominatif, doğru, dolaysız, asli, gövde, kim.*
2. Илик жөндөмө: *ilgi, tamlama, tamlayan, iyelik, genetif, bağlamlık, düşüm, katılma, kimin.*
3. Барыш жөндөмө: *yönelme, verme, yaklaşma, verimlik, vermelik, girme, yakınlık, istikamet, datif, kime.*
4. Табыш жөндөмө: *yükleme, belirtme, belirtimlik, yapma, akkuzatif, etkilenme, geçiş, kimi.*
5. Жатыш жөндөмө: *bulunma, kalma, orunlamlık, orunlamalık, düşüm, lokatif, kimde.*
6. Чыгыш жөндөмө: *çıkma, uzaklaşma, ayrılma, ablatif, kopumluk, kimden, verme* [Любимов 1959-1960: 688].

Түрк тилиндеги грамматикалык терминдердин мындай абалы окуучулар, студенттер, илим изилдөөчүлөр үчүн, ал гана эмес окумуштуулардын өздөрү үчүн да кыйынчылык жаратпай койбойт. Мындай чаржайыттуулукту жоюу максатында жазылган Зейнеп Коркмаз баш болгон Берке Вардардын, Ахмет Топалоглунун, Вежихе Хатибоглунун ж.б. көптөгөн окумуштуулардын лингвистикалык терминдер сөздүктөрү жарык көргөн [Коркмаз: 1992, Топаоглу: 1989, Хатибоглу: 1972].

Бул жагынан алып караганда, кыргыз тилиндеги лингвистикалык терминдердин көпчүлүгү туруктуу системага салынгандыгы байкалат. Кыргыз тилиндеги терминдерди, түрк тилиндеги лингвистикалык терминдерге салыштырып караганда, дээрлик бардык тил илимине тиешелүү болгон китептерде, сөздүктөрдө, илимий монографияларда эне тилинин сөздүк корунанбы, же башка тилден алынган терминдерден болобу, көбүнчө бир гана аталышка ээ термин менен колдонулгандыгын байкоого болот. Эл аралык терминдер, орус тилинен калькалоо же жарым калькалоо жолу менен алынса да, алар өздөштүрүлүп, кеңири жайылган терминдер жана бирдей колдонулушка ээ. Бирок андай болгону менен тилдин өздүк табияты чет тилдик таасирде өзгөртүлсө, ал тил акырындап мурдагы абалын өзгөртөт – жаңы тилге айланат, өздүк табиятын жоготот. Тилибиздеги башка тармактардагы терминдер менен катар лингвистикалык терминдерди да өз тилибиздин табиятына карай атагандыгыбыз туура. Кыргыз тилинде кеңири жайылбаса да айрым эмгектерде жалпыга түшүнүктүү, тектеш түрк тилдерине орток болгон лингвистикалык терминдер колдонула баштады [Жалилов 1996: 77-80, 192, 196; Садыков 2006: 120]. Мындай лингвистикалык терминдерге мисал катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

агглютинация - мүчөлөмөлүү
ассимиляция – окшошуу
прогрессивдүү окшошуу - алга карай окшошуу
регрессивдүү окшошуу - артка карай окшошуу
сингармонизм - үндөштүк күүсү
синкопа – сыйлыгышуу
элизия – биригүү кубулушу
метатеза – орун алмашуу
протеза – тыбыштын кошулуп айтылуусу
апокопа -кыскаруу
неологизмдер - жаңы сөздөр
синонимдер - маанилеш сөздөр
омонимдер - окшош сөздөр
архаизмдер - көөнөргөн сөздөр
историзмдер - тарыхый сөздөр ж.б.

Бул терминдердин арасында арабча, фарсча сөздөр да бар. Бирок булар тилдин сөздүк курамынан терең орун алып, төл сөз катары сиңип кеткендиктен өз тилибиздин сөздүк корунан бөлүп карабайбыз. Мисалы, *маани, көөнө, тарых* деген өңдүү сөздөр арабча жана фарсча сөздөр болуп эсептелет.

Ошондой эле тектеш тилдердин лингвистикалык классификациялоо методологиясынын ар башка салтта жүргүзүлгөндүгү себептен да тектеш тилдердин лингвистикалык терминдеринин бири-биринен айырмаланып турарын белгилеп кетүүгө болот. Мисалы, сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө түркологияда, анын ичинде кыргыз тил илиминде калыптанган салттан айырмаланып, түрк тил илиминде *сын атооч сөз түркүмүнө сан атооч сөз түркүмүндөгү* сөздөрдүн бардык түрү камтылып киргизилет. Ошондуктан түрк тилинде *сан атооч* деген термин

менен аталган өз алдынча сөз түркүмү жок, лексика-семантикалык топ катары бөлүнүп берилбейт. Ушул сыяктуу мисалдарды *ат атоочтордун топторунан, бөлүкчө, модалдык сөздөрдүн түрлөрүнөн* жана айрым категориялардан да көрүүгө болот. Тескерисинче, түрк тилинде чак категориясынын төртүнчү түрү өзүнчө бөлүнүп каралган да, ал "*Geniş zaman"*деген термин менен аталган. Ал эми кыргыз тилинде аталган чактын бул түрү атайын чактын бир түрү катары каралбайт. Кыргыз тилинде сөз жүрүп жаткан учурда болуп жаткан кыймыл-аракет менен аткарылышы кандайдыр бир учурга байланышпаган, дайыма болгон жана боло бере турган кыймыл-аракеттик маанилер биригип учур чак деген термин менен белгиленет да, бардык эмгектерде түзүлүшү боюнча жөнөкөй учур чак жана татаал учур чак деп экиге бөлүнүп берилет. Ал эми Э.Абдулдаев, С.А.Давлетов, А.Иманов, А.Турсуновдор жазган грамматикалык эмгекте учур чак грамматикалык маанисине карай нагыз учур чак жана учур-келер чак деп экиге бөлүнүп каралат. Мында өткөн чак маанисиндеги учур чак да «учур-келер чак» деген термин менен аталат. Илимпоз А.Турсуновдун бул маселе боюнча айткан мындайча пикири бар: «Сүйлөп жаткан мезгилде (моментте)» деген терминдин бир кемчилиги – анын маанисинен «ошол сүйлөп жаткан учурда гана» деген сыяктуу түшүнүк бардай сезилип турат. Бирок бул терминге мындай тар мааниде эмес, бир кыйла кеңири мааниде түшүнүү керек болот. Анткени «кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан мезгилде (моментте) болуп жаткандыгын билдирет» деген сөз учур чак билдире турган кыймыл-аракеттин башталышы жана бүтүшү сүйлөө учурунун башталуу жана бүтүү чеги менен дал келет дегендикке жатпайт, кыймыл-аракеттин жүрүшү жана аякталышы сүйлөө учурунун созулуу чеги менен туура келе бербейт. Этиштин учур чагы көрсөткөн кыймыл-аракеттин жүрүш процесси сүйлөө учуруна чейин эле алда качан башталган болуп, сүйлөө мезгилинде жана андан кийин да созула бериши мүмкүн». Автор андан ары кыргыз тилиндеги *–А (–й)* формасы менен жасалган жөнөкөй учур чак өзүнүн негизги маанисинен башка, сүйлөмдүн лексикалык составына карай, ар түрдүү кошумча маанилерди берерин айтат да, төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрдү белгилеп кетет: «Кандайдыр бир затка тиешелүү болгон тынымсыз жүрүп туруучу кыймылды, касиетти билдирет же бирөөнүн адаттанган кыймыл-аракетин көрсөтөт: *Коом өсөт. Жер өз огунда айланат. Суу агат* ж.б. Мындагы асты сызылган этиштер кыймыл-аракеттин жаратылышта тынымсыз болуп тургандыгын билдирип турат. *Куш учат. Балык сүзөт. Үй мөөрөйт.* Бул сүйлөмдөрдөгү этиштер затка жаратылыштан берилген туруктуу касиетти, ага адаттанып кеткен кыймыл-аракетти көрсөтүп турат. Куштун учушу, балыктын сүзүшү, үйдүн мөөрөшү мурунтан эле болуп келген, азыр да болот, кийин да боло берет. Мындай кыймыл-аракеттин жүрүшү улам кайталанган абалда болот жана андай кыймыл-аракеттер, көбүнчө, белгилүү бир заттын ички касиетине айланып кетет: куш учат; учуу – куштун бир касиети, анын сапаттык белгиси болуп саналат. Бул жагынан алганда жогоруда көрсөтүлгөн кыймыл-аракеттер кандайдыр бир чакка конкреттүү түрдө тиешелүү болбостон, чактык мааниден тышкары айтылгандай көрүнөт. Мында сүйлөөчүнүн негизги милдети ал кыймыл-аракеттин белгилүү бир затка түбөлүк мүнөздүү болуп кеткендигин көрсөтүү болуп эсептелет». Окумуштуу жогоркудай маанини туюндурган этиштик формалардын учур чактык маниге жакыныраак сезилип тургандыгын айтып, учур чак этиштер менен бирге кароону туура табат. Түрк тилинде чакты туюндурган жогоркудай маанилер, т.а., затка жаратылыштан берилген туруктуу касиетке адаттанып кеткен кыймыл-аракет, табигый процесстердин түбөлүккө созулушун билдирген, жаратылышта тынымсыз болуп турган кыймыл-аракет *–Ar* мүчөсү аркылуу уюшулган «*Geniş Zaman»* термини менен аталуучу чактын төртүнчү түрү аркылуу туюндурулат. Демек, түрк тилиндеги *–yor* мүчөсү аркылуу уюшулган *Şimdiki Zaman* кыргыз тилиндеги *–Ып жат* турпатында уюшулган учур чакка; *–Ar* мүчөсү аркылуу уюшулган *Geniş Zaman* кыргыз тилиндеги чакчылдын *–А* мүчөсү аркылуу уюшулган учур чакка туура келет.

Кыргыз тилиндеги учур чактын бул сыяктуу маселелери боюнча атайын изилдөөлөр жүргүзүлүүсү зарыл экендигин белгилеп кетүү менен жана түрк тилиндеги «*Geniş Zaman»* термини менен аталуучу чактын төртүнчү түрү туюндурган маанилерге таянуу менен кыргыз тилиндеги кыймыл-аракеттин сөз жүрүп жаткан учурда болуп жатканын, сүйлөп жаткан чактан мурда болгонун, сүйлөп жаткан чактан кийин болорун же дайыма болуп туруучу кыймыл-аракетти билдирген этиштин формаларын *кенен чак* деген термин менен атоону сунуш кылабыз.

Мындан сырткары, кыргыз тилинен айырмаланып, түрк тилинде нагыз жардамчы этиштер, б.а., жардамчы этиштер аркылуу уюшулган татаал грамматикалык формалар жана алардын көп кырдуу грамматикалык маанилери ырааттуу системага салынган да, *hikaye, rivayet* жана *şart* деген атайын терминдер менен белгиленген.

Акырында кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдерди салыштыруу аркылуу төмөндөгүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

1. Кыргыз жана түрк тилиндеги лингвистикалык терминдердин айрымдары эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу булагы аркылуу түзүлгөн.
2. Кыргыз тилинде да, түрк тилинде да лингвистикалык терминдерди атоодо башка тилдерден түздөн-түз кабыл алуу кубулушу байкалат.
3. Кыргыз тил илиминдеги лингвистикалык терминдер орус грамматикалык традициясынын таасиринде, ал эми түрк тил илиминдеги лингвистикалык терминдер батыш, араб жана фарс грамматикалык традициясынын таасиринде калган.
4. Түрк тилинде бир эле грамматикалык маанини бир нече терминдер менен атаган жагдайлар көп учурайт.
5. Тилдердин лингвистикалык классификациялоо методологиясынын башка салтта жүргүзүлгөндүгү себептен да тектеш тилдердин лингвистикалык терминдери айырмаланып турат.

Сунуш:

1. Түрк тилдериндеги лингвистикалык терминдердин өз тилибиздин табиятына карай аталыш маселеси – учурдагы чечилүүгө тийиш болгон негизги маселе.

2. Кыргыз тилиндеги затка жаратылыштан берилген туруктуу касиетти туюндурган, табигый процесстердин түбөлүккө созулушун билдирген, адаттанып кеткен, жаратылышта тынымсыз болуп турган кыймыл-аракетти билдирген маанилерди, түрк тилиндеги “*geniş zaman”* термини менен аталуучу чактын төртүнчү түрү туюндурган маанилерге таянуу менен, “*кенен чак”* деген термин менен атоого болот.

3. Кыргыз тилиндеги учур чактын чечилбеген маселелери боюнча атайын изилдөөлөрдүн жүргүзүлүүсү зарыл.

4. Түрк тилдеринин грамматикасы анын чыныгы ички мыйзамченеминен туруп кайрадан түзүлүүсү керек. Ошого жараша лингвистикалык терминдери да түрк тилдеринин өздүк табиятына жараша кайрадан иштелип чыгуусу керек.

Адабияттар

1. Бангуоглу Т. Түркченин Грамери. –Анкара, Түрк Дил Куруму Яйынлары, 1990. 628.
2. Генжан Т.Н. Дилбилгиси, Йирми Йединжи Басым, −Истанбул, 1992. −304.
3. Диздароглу Х. Түркчеде Сөзлүк Япма Йоллары, ТДК Яй., Анкара, 1962.
4. Коркмаз З. Грамер Теримлери Сөзлүгү, Ататүрк Күлтүр, Дил ве Тарих Йүксек Куруму, Түрк Дил Куруму Яйынлары: 575, Анкара, 1992, 212 с.
5. Коркмаз З. Грамер Теримлери Сөзлүгү. −Анкара, 1992. − С. 212.
6. Любимов К. Түркчеде Кач исим хали вар? Түрк Дили, Нр. 85-86, 1959-1960, 688 с.
7. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз терминологиясы, Ф., Мектеп, 1983.
8. Орузбаева Б.Ө., Сагынбаева Б. «Лингвистикалык терминдердин Кыргызча-түркчө, түркчө-кыргызча сөздүгү», Бишкек, 2004.
9. СадыковТ., Сагынбаева Б. ‘Кыргыз жана Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасынын негиздери’, Бишкек, 2010, 479 б.
10. Топаоглу А. Дил Билгиси Теримлери Сөзлүгү, Өтүкен Нешрият, Истанбул 1989, 228.
11. Хатипоглу В. Дилбилгиси Сөзлүгү, ТДК, Анкара 1972, 145 с.

Kyrgyz-Turk “Manas” University
Dr. Burul Sagynbaeva
Burul@mail.ru

Comparative Analysis of Linguistic Terms
(on the basis of Kyrgyz and Turkish languages)

Annotation: *This article explores the terms and features of their use in kindred Kyrgyz and Turkish languages with the use of comparative method of research. Before proceeding to a comparative study of the terms it is necessary to examine in depth the theoretical level of linguistic system of languages. In the study of linguistic terms of Kyrgyz and Turkish languages, based on the writings of the Kyrgyz linguistics comparative nature, the following similar and different features are revealed: the predominance of linguistic terms formed using the internal capacity of the native language; the use of direct borrowings of terminology as a type of term formation forms some commonalities; the cases of the use of several terms to identify one grammatical concept in the Turkish language; systematization of the majority of linguistic terms in the Kyrgyz language; and the differences in linguistic terms of kindred*

languages because of the application of classification methods for different areas of traditional approaches form various features in the terminology and term formation of languages under consideration.

Keywords: *Turkic studies (turkology), comparative, related languages, linguistic terms, vocabulary, primordial words, word formation, parts of speech.*

УДК:371.49

Наргиза Сүйүналы кызы,
КББАнын мамлекеттик, расмий жана чет тилдер
лабораториясынын илимий кызматкери

Башталгыч мектепте окуучуларды англис тилине окутууда оюн технологиясын колдонуу

Аннотация: *Макалада англис тилин башталгыч мектепте окутууда оюн технологиясын колдонуунун зарылчылыгынын аргументи келтирилген. Билим берүү процессинде оюн технологиясы эң маанилүү орунду ээлейт. Англис тил сабагында оюн технологиясын колдонуу окуучулардын окууга болгон кызыгуусун жогорулатат. Макалада оюн технологиясынын түрлөрү жөнүндө баяндалат.*

Түйүндүү түшүнүктөр: *оюн технологиясын колдонуу, дидактикалык оюн, окуу процесси, кызыгуу, мотивацияны жогорулатуу жана өнүктүрүү, оюндун түрлөрү, оюндун максаттары, башталгыч мектеп, методикалык тапшырмалар, оюн ишмердүүлүгү.*

Аннотация: *В статье приводится аргументы о необходимости применения игровых технологии в обучении английского языка в начальной школе, а также рассматривается виды игровых технологии. Игровые технологии занимают важное место в образовательном процессе. Применение на уроках английского языка игровых технологии повышает у учащихся интерес к изучаемому предмету.*

Ключевые слова: *использование игровых технологий, дидактические игры, образовательный процесс, интерес, развитие и повышение мотивации, классификация игр, цели игр, начальная школа, методические задачи, игровая деятельность.*

Азыркы учурда башталгыч мектептин окуучуларын англис тилине окуутуда сабакта оюн технологиясын колдонуу эң чоң мааниге ээ. Анткени оюн бул - окуучулардын мүмкүнчүлүгү, жөндөмдүүлүгү, шыктуулугу, мүнөзү жана башка жагынан өзүнө окшобогон балдар менен тил табышып, аларды түшүнүп, чыдамдуулук менен мамиле кылууга үйрөтүп, таанып-билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрөт. Оюн бул - табигый көрүнүш, ал балдардын дүйнө таануусун, билимин, эске тутуусун, ой жүгүртүүсүн өстүрөт. Баланын кызыгуусу, анын инсандыгы оюн аркылуу калыптангандыктан, оюн ишмердүүлүгү башталгыч мектептин окуучулары үчүн эң алдыңкы ыкмалардын бири болуп саналат.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүүдө сабакта оюн технологиясын колдонуу натыйжалуу жыйынтык бере тургандыгын чет элдик белгилүү окумуштуулар (мисалы: И.Л.Бим, С.С.Полат, Е.И.Пассов ж.б) жана кыргыз окумуштуулары да далилдешкен.

Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, педагогика илимдеринин доктору, профессор И.Б.Бекбоевдин «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык, практикалык маселелери» деген китебинде: «Оюнсуз үйрөнүү жок. Окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу сезимталдуу эмес, супсак болот. Ал гана эмес, жаттап алганга караганда ойноо процессинде өздөштүрүлгөн нерсе эсте сезимталдуу жана бекемирээк сактала тургандыгы белгилүү» деп белгиленген [1].

Ал эми педагогика илимдеринин доктору, профессор С.Рысбаев дидактикалык оюндардын маани-маңызын мындайча белгилеген: « Мугалим оюн учурунда керектелүүчү каражаттарды туура пайдалануу, грамматикалык формаларды орундуу колдонуу, суроо коюуну, сүйлөө мимикаларын, кеп адебин ж.б. маселелерди, адегенде өзү катышуу менен чечип, үлгү көрсөтүүсү кажет.» [2]

Англис тили сабагында ар түрдүү үйрөтүүчү оюндарды колдонуу – окуучулардын жазуу жана сүйлөө кебинин өнүгүүсүнүн күчтүү мотивациялык фактору катары кызмат кылат. Ал

окуучулардын көңүл буруусун жакшыртып, көңүл бөлүүсүн көп убакытка чейин кармап, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнө стимул берип, ой жүгүртүүсүн өстүрөт. Ошону менен бирге коомдук-социалдык тажрыйбасын кеңейтет.

Башталгыч мектептин окуучуларын англис тили сабагына кызыктыруу бул оңой иш эмес. Англис тилин окутуу процессин мугалим өзүнүн педагогикалык чеберчилиги жана жекече чыгармачыл тажрыйбасына гана таянуу менен анын кызыктуулугун арттырып, балдарды өзүнө тартып, сабактын натыйжалуулугуна жетише алат.

Орус окумуштуусу Е.И. Пассовдун «Урок иностранного языка в школе» деген китебинде оюнду практикалоодо окуучулардын төмөнкүдөй көндүмдөрү ишке ашаарын белгилеген. Алар:

1) активдүүлүк;
2) мотивдештирилгендик;
3) жекечелештирүү, өз алдынча демилгелүүлүк;
4) жамаат аркылуу жана жамааттын арасында окутуу жана тажрыйбалоо;
5) психологиялык абалдын жана жөндөмдүүлүктүн өнүгүүсү;
6) кызыгуу менен окуу ж.б. [6].

Оюндар маанилүү методикалык тапшырмаларды аткарууга түрткү берет:

- окуучулардын кептик баарлашуу жөндөмдүүлүгүнүн психологиялык даярдыгын түзүү;
- керектүү кептик вариантты тандоого окуучуларды машыктыруу;
- көп кайталануучу тилдик материалдарды табигый керектөө катары үйрөтүү жана алардын синонимдери менен алмаштыра билүү.

Сабакта дидактикалык оюндарды өткөрүүдө төмөнкүдөй талаптар коюлат:

- Өтүлүп жаткан теманын мазмунуна жараша оюнду тандоо;
- Оюндун дидактикалык максатын так коюу;
- Оюндун формасын, аталышын, жана шартын аныктоо;
- Оюнду жүргүзүү үчүн керектелүүчү материалдарды топтоо.
- Оюнду жыйынтыктоодо окуучулардын билим деңгээлин туура баалоо;

Англис тили сабагында оюн технологиясын колдонуунун негизги максаттары:

- белгилүү машыгууларды калыптандыруу.
- белгилүү сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү.
- баарлашуу жөндөмүнө үйрөтүү.
- керектүү көндүмдөрүн жана психологиялык ой жүгүртүүлөрүнүн өнүгүүсү.
- билүү, таануу (англис тилин үйрөнүү чөйрөсүндө).
- кептик материалдарды эске сактоо.

Албетте оюндун түрлөрү чексиз. Төмөндө оюндун айрым түрлөрү берилет:

- кыймылдуу оюндар - жүгүрүүнү, секирүүнү жана башка кыймылды талап кылуучу оюндар. Мисалы: көнүгүү жасоо, жаныбарларды тууроо ж.б
- кыймыл менен коштолуучу ыр-саптары, ырлар.
- жарышуучу оюндар - окуучулар эки тайпага бөлүнүшүп, ар кандай тапшырмаларды аткарышат.
- интеллектуалдык оюндар - ребус, кроссворд, викторина
- сүйүктүү кыргыз, орус жана англис тилдериндеги жомоктордогу жана мультфильмдердеги каармандар менен диалог түзүү. Мисалы: Актан менен Акылай, Микки Маус, Винни-Пух, Карлсон ж.б [3].

Оюн ишмердүүлүгүнө таянуу менен балдар англис тилинде сүйлөөгө умтулушат. Эң эле жөнөкөй айтылган сөздү оюн кызыктуу жана маанилүү кылып, балдардын сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Оюн балдардан көңүл бурууну, эс тутумду, эмоциялык токтоолукту талап кылат. Анткени, ар бир оюнда эреже бар. Ал эрежеге ылайык, бала ыкластуу болуу менен эрежени сактап, өзүнүн эркин оюндун тапшырмаларына баш ийдирет. Дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе - башталгыч мектептеги балдар жаңы теманы билүүгө тырышып, умтулушат. Бир нерсени кабыл алууда, ачык нерсеге, эмоциялык-боёлгон нерсеге көңүлдөрүн бурушат. Бирок алардын көңүл буруусу туруксуз жана өзгөрмө болгондуктан, алар бир канча эле минутага көңүлдөрүн топтой алышат. Мисалы, узак созулган (2-5 минута) мугалимдин монологиялык түшүндүрмөсүн кабыл алышпайт. Ошондуктан бардык түшүндүрмөнү аңгемелешүү формасында жүргүзүү зарылдыгы келип чыгат. Ошондой эле, аларда эрксиз эс тутум басымдуулук кылгандыктан,

кызыктуу жана эмоционалдык билдирүүнү чакырган нерселерди жакшы жана бат кабыл алышат. Белгилеп өткөндөй, башталгыч класстын окуучуларынын туруксуз көңүл буруусун, бат чарчоосун эске алып, балдарга ырларды, рифмовкаларды, табышмактарды, жаңылмачтарды активдүү колдонууну сунуш кылабыз.

Белгилүү педагог-изилдөөчүлөр оюнду мүнөздөмөсүнө карата классификациялашкан. *Тилдик оюндар* тилдин ар кандай аспектилерин (фонетика, лексика, грамматика) өздөштүрүүгө жардам беришет Тилдик оюндар фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, орфографиялык, чыгармачылык, дидактикалык деп бөлүнөт. Мисалга алсак:

Фонетикалык оюндар жана анын маниси менен ролу төмөндөгүдөй: Анда мугалим окуучунун сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүү үчүн машыгуу жасоого мүмкүнчүлүк берет. Фонетикалык оюн- сөздөрдөгү, фразалардагы, сүйлөмдөрдөгү тыбыштарды машыктырууга; ритмикалык басым менен иштөөдө колдонууга; окуучуларга сөздөрдү айтууда туура басым жасоого үйрөтүүгө; фонематикалык угууну өнүктүрүүгө жардам берет. Ал эми *грамматикалык оюндардын маани маңызы:* окуучулардын грамматикалык жөндөмүн калыптандыруу; окуучуларга белгилүү бир грамматикалык кыйынчылыктарды эске алуу менен бирге кеп үлгүсүн колдонууга үйрөтүү, ошондой эле, мына ушул үлгүнү колдонууда табигый көрүнүштү түзүү; окуучулардын сүйлөө жөндөмүн жана өз алдынчалыгын өнүктүрүүдө. *Лексикалык оюндар* окуучуларды ар кандай абалдарда лексиканы колдонууга машыктырууда, окуучулардын сүйлөө, ой жүгүртүүсүнүн жөндөмүн активдештирүүдө; окуучуларга сөздөрдүн бири-бири менен айкалышын, дал келишин тааныштырууда ролу чоң. *Ошондой эле орфографикалык оюндар* окуучуларды англис тилиндеги сөздөрдү жазууда машыктырууга үйрөтөт. Орфографиялык оюндар - кроссводдор, чайнворддор, ребурстар болуп саналат. Алар лексиканы бекемдөөгө жардам берет [2].

Дене тарбиялык жактан машыгуу оюну- кыймыл аракет менен гана чектелбейт, ал окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, эске тутуусун жана көңүл буруусун өнүктүрүүгө жардам берет. Окуучуларга Чаклз аттуу маймылдын сүрөтүн көрсөтүп, оюндун шартын түшүндүрөбүз. «Чаклз Says» сөзүн айткандан кийин гана кыймылды баштоо керектигин айтабыз.

Мисалы: Chuckles says — Stand up, sit down, keep moving!

Төмөндө берилген оюндарды ушундай тартипте ойнотууну сунуш кылам:

1) Find and touch blue (/ red / green /pink) colour!
2) Name 5 domestic animals and show them.
3) Take a pen / book / picture.
4) Hands up, hands down, Hands to the hips and turn around!
5) Clap your hands 4/ 5 times!
6) Show, please, your pencil case.

Динамикалык тыныгуу. Оюндун аталышы: «Say and Show». Бул оюн релаксациянын (тыныгуунун) бир түрү. Жакшы маанайдагы эмоцияны чакырат. Окуучулар самолётто, поездде же скутерде кетип жатканын элестетишип, класстын ичинен ары-бери акырын чуркоо менен хор айтышып кыймыл кылышат:

Tap, tap, tap — Let’s make a plane!
Tap, tap, tap — Now it’s a train.
Tap, tap, tap — It’s a computer!
Tap, tap, tap — Now make a scooter!

Грамматикалык оюн. Оюндун аталышы: «Guess it». Бул оюн жалпы суроолорду бекемдөөгө жардам берет. Алдын ала тандалган окуучу доскага чыгып, класстын ичинде эмне бар экендигине көз жүгүртүп, бир буюмду оюнда катышы керек. Ал эми окуучулар буюмдун атын табуу максатында бир гана жалпы суроо берүү менен «ооба» же «жок» деген жооп ала алышат. Мисалы: Is it a thing? Is it on the wall? Can I see it? Can I eat it? Is it white? Жыйынтыгында, аз суроо берип, бирок ошол буюмду таап алышса, ошол команда жеңет.

Жыйынтыктап айтканда, англис тили сабагында оюн технологиясын колдонуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатып, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирип, алардын сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Ошондой эле, сабакта адаттагыдай ар бир англис тили мугалиминин кабинетинде оюнчуктардын дүйнөсү, мисалы, кийимдер, ашканага тиешелүү болгон оюнчуктар (буюмдар), жаныбарлардын топтому, эмеректер туруу керек. Анткени, бул дагы окуучунун сабакка болгон кызыгуусун күчөтөт.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Бекбоев.И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3- басылышы.- Бийиктик, 2011
2. Стронник, М.Ф. Обучающие игры на уроке английского языка.- М.:Просвещение, 1984.
3. Рогова Г.В., Верещагина И.Н. Методика обучения английскому языку на начальном этапе в средней школе.- М., 1988.
4. С.Рысбаев, Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык-практикалык маселелери. Б-2015
5. Кувшинов, В.И. Игры на занятиях английским языком / В.И. Кувшинов // Иностранные языки в школе. – 1993. - № 2.
6. Пассов, Е.И. Урок иностранного языка в средней школе / Е.И. Пассов. – М., 1991.
7. Денисова, Л.Г. Использование игровых элементов на начальном этапе обучения

Nargiza Suyunali kizi
Kyrgyz Educational Academy
эл.почта: sk-nadi@mail.ru

Teaching English language in elementary schools through gaming technology

Annotation: *The article provides arguments about the necessity of using gaming technology in the teaching of English in primary school, and discusses the types of gaming technology. Gaming technologies occupy an important place in the educational process. Using the gaming technology in the English lesson improves students ' interest to the subject.*

Key words: *the use of gaming technology, didactic games, educational process, interest, development and motivation, classification of games, the aim of games, primary school, methodical tasks, game activity.*

УДК:371.3:482

Супатаева Э., КАО

О реализации многоязычного образования в Кыргызстане

Аннотация: *В данной публикации рассматривается проблема реализации многоязычного образования в современном Кыргызстане. Проведен анализ истории внедрения многоязычного образования с момента обретения независимости Кыргызстана до настоящего времени. Автор отмечает, что нашей в республике и сегодня действует, практически единственная модель по выбору языков обучения, где при изучении предметов доминирует единственный язык (изучаемый как родной) – остальные языки изучаются как вторые или иностранные языки. И считает, что наиболее успешным, является внедрение билингвального (многоязычного) подхода, обеспечивающего частичное погружение для освоения двух и более языков на уровне языков образования*

Ключевые слова: *многоязычное образование, современный Кыргызстан, язык, билингвы, двуязычие, билингвальный (многоязычный) подход, языковая личность.*

Согласно мнению исследователей ***глобализация***, а как её следствие и *мобильность граждан мира* приводят к расширению этнокультурных и языковых контактов, а стало быть, к росту количества людей, владеющих несколькими языками не только как иностранными, но и на уровне родного. По последним оценкам английских ученых известно, что к 2020 году большинство жителей цивилизованных государств будут владеть двумя и более языками, а монолингвов останется всего 30% [1].

Вопросы попеременного применения двух и более языков индивидами в процессе коммуникации всегда актуальны для специалистов разных областей: лингвистов, психолингвистов, политиков, экономистов и т.д. так как это неразрывно связано с правами человека вообще.

Абдыкадыр Орусбаев, известный отечественный филолог, социолингвист считал, что «в

таком полиэтническом государстве, как Киргизстан *(А.Орусбаев просил при написании названия нашей страны на русском языке придерживаться орфографических норм этого языка)*, необходимо культивировать, развивать и поддерживать двуязычие разных типов с компонентом "русский язык". Это может быть не только киргизско-русское, но и узбекско-русское, дунганско-русское, таджикско-русское, корейско-русское и иное двуязычие...» [2].

Как известно, *киргизской языковой личностью* в аспекте русского-киргизского билингвизма были академик К.К. Юдахин и И.А. Батманов, а *к русской языковой личности* в аспекте киргизского билингвизма - писатели Ч.Айтматов и М. Байджиев.

С момента обретения независимости Кыргызстан столкнулся со многими вызовами в сфере образования, среди которых и выработка политики в области языков обучения. Для многоэтничных государств, обөединяющих людей различных культур и языков, *языки образования* являются одним из ключевых факторов как социального, так и экономического развития.

Согласно аналитическому отчету «Языковая политика в образовании: запросы общества и перспективы многоязычного образования на юге Кыргызстана» Центра социальной интеграции (2011г.): «в Кыргызстане первая попытка ввести многоязычие в систему образования была осуществлена еще в 2000-2004 гг. Швейцарская организация СИМЕРА, а затем и ассоциация Тил-Дил внедряли дву- и трехязычные модели обучения в детских садах и начальной школе в г. Бишкек, Джалал-Абадской, Нарынской Ошской, Чуйскй областях. Методика была успешно апробирована, педагоги обучены, но инициатива не была внедрена в систему образования, деятельность реализовалась только на уровне общественных организаций и отдельных школ» [3, с. 7-8].

Согласно результатам проведенного исследования Центра социальной интеграции [2] и нашему анализу проведенного в настоящее время важно отметить, что нашей в республике и **сегодня** действует, практически единственная модель по выбору языков обучения (за исключением нескольких гимназий, частных школ и кыргызско-турецких лицеев). В рамках этой модели при изучении предметов доминирует единственный язык (изучаемый как родной) – остальные языки изучаются как вторые или иностранные языки. Учебные предметы преподаются на языке, который в этой модели рассматривается как «родной».

Исследователи отмечают, что данная практика сложилась во времена СССР, когда языковая политика была направлена на распространение модели «полного погружения»: ученик, поступающий в школу с определенным языком обучения, получал возможность освоения только этого языка, на уровне родного, остальные языки изучались им как вторые или иностранные. В Кыргызстане ситуация осложнена тем, что в советский период изучение кыргызского языка даже как второго было исключено из программ в школах с русским языком обучения. Такая модель ставит и детей и родителей перед очень жестким выбором, так как у школьника имеется возможность освоить на уровне свободного владения один-единственный язык. Опыт Кыргызстана в данном случае согласуется с примерами из мировой практики: единственный язык обучения ведет к доминированию этого языка в дальнейшей социальной и профессиональной практике. Именно опыт поколений тех людей, которые дома говорили на родном кыргызском языке, но образование получали в школах с русским языком обучения, показывает, что уровень владения кыргызским языком остается, в лучшем случае на уровне бытового, а не профессионального использования, или даже серьезно ограничивается.

Как известно с учетом международных стандартов и передовой практики, в том числе Ословских и Гаагских рекомендаций ВКНМ ОБСЕ, ЮНЕСКО сформулировал свод основных руководящих принципов, которые (все одновременно) следует учитывать и выполнять при планировании и реализации языкового обучения в многоязычном обществе:

1. Обучение на родном языке
2. Двуязычное иYили многоязычное образование
3. Язык как один из важнейших компонентов межкультурного образования

Сущность выполнения данных принципов состоит в следующем:

- Обучение на родном языке имеет важное значение для начального обучения и обеспечения грамотности и его следует, по возможности, осуществлять до последней ступени образования;
- Образование каждого учащегося должно начинаться на его родном языке;
- Обучение второму языку, в дополнение к родному языку, необходимо начинать в раннем

возрасте;

- Изучение второго языка в качестве предмета обучения, который «только после достаточного овладения этим языком учащимися» должен становиться средством обучения;

- Получение дальнейшего образования на втором языке на основе использования второго языка в качестве одного из языков обучения – это означает использование двух (или более) языков для приобретения знаний, то есть, изучения учебных предметов, в течение всего курса обучения в школе вплоть до университета;

- Интенсивное и междисциплинарное изучение, по крайней мере, третьего (мирового) языка в средней школе, с тем чтобы к окончанию школы учащийся мог работать на трех языках, что должно стать обычной нормой практических языковых компетенций в XXI веке.

Таким образом, современная наука и практика подвергают сомнениям программы «полного либо абсолютного погружения», которые имеют целью обучение национальных меньшинств только одному распространенному языку данного государстваYрегиона и при этом недостаточно внимания уделяют родному языку и родной культуре детей, либо используют их только как переходный мостик. Вместо «программы полного или абсолютного погружения» с одной стороны, и обучения государственному языку только как обычной учебной дисциплин – с другой, предлагается «программа обогащения», которая приводит к «суммарному билингвизму».

Обогащающая модель языкового обучения, при которой государственный и родной языки используются в качестве языков обучения, наиболее предпочтительна. Таким образом, обеспечивается усвоение государственного языка на уровне, необходимом для социализации личности в рамках данной страны. Изучение же родного языка способствует сохранению национально-культурной идентичности личности и самобытности различных этносов. Кроме того, для доступа к информации и реального профессионального развития необходима возможность освоения одного из мировых языков.

В рамках полиси-исследований Центра социальной интеграции, предлагалось несколько вариантов политики:

1. Оставить все как есть.
2. Введение в школы с узбекским и таджикским языками обучения классов с кыргызским языком обучения (создание смешанных школ по уже существующей модели «двух школ в одной школе»).
3. Внедрение билингвального (многоязычного) подхода, обеспечивающего частичное погружение для освоения двух и более языков на уровне языков образования.

Мы поддерживаем третий вариант, так как с принятием Концепции поликультурного и многоязычного образования в Кыргызской Республике (2009г.) появилась *правовая база* для развития многоязычного образования, которая служит руководством для разработки программ и планов по осуществлению языкового образования.

Исследователи считают, что вариант «Внедрение моделей билингвального (многоязычного) обучения» имеет следующие *преимущества*:

- Консолидация общества, возможность межэтнической коммуникации на разных языках и на разных уровнях. Быстрый и понятный способ решения проблемы.
- Позитивные социальные настроения, поддержание этнокультурной идентичности одновременно с гражданской идентичностью для всех жителей страны.
- Соответствие запросам всех групп интересов.
- Значительное снижение конфликтогенного потенциала на юге республике.
- Соответствие национальным документам, целям и задачам текущей реформы образования.
- Соответствие международным обязательствам, позитивный имидж республики на уровне международного сообщества.
- Наличие потенциала в лице «смешанных школ» и учителей, владеющих несколькими языками, для оперативного внедрения новых моделей обучения.
- Доступ к высшему образованию на различных языках как внутри страны, так и за рубежом.
- Возможность профессиональной карьеры в различных сферах и на различных территориях, активное включение Кыргызстана в глобальные экономические сети

Недостатки:

- Требует финансовых затрат на переподготовку кадров и разработку новых учебных

программ [3, с. 14].

Важно отметить, что 26 августа 2015 года в рамках четвертой секции Сөезда работников образования КР обсуждался вопрос относительно потенциала многоязычного образования для интеграции общества. В ходе обсуждения было отмечено, что важным направлением развития языкового образования является внедрение новых подходов к обучению. Один из них – *многоязычное образование*, которое предполагает использование двух или более языков в процессе обучения, создавая новую среду для языковой практики и обеспечивая необходимый уровень владения несколькими языками.

Многоязычное образование в Кыргызстане рассматривается не только как возможность языкового образования, но и способствует формированию поликультурной личности, является инструментом для успешных партнерских отношений в обществе. Владение навыками общения на разных языках (родном, государственном, официальном, иностранном) признается одним из факторов, способствующих личностному росту индивидуума, повышению его конкурентоспособности, социальной и гражданской интеграции.

В рамках секционной работы участники ознакомились с этапами развития многоязычного образования в КР, опытом работы пилотных школ, обсудили необходимые нормативные и организационные изменения, квалификационные требования к педагогу многоязычного образования, роль сообщества и органов МСУ в поддержке программ многоязычного образования, отметили необходимость соответствующей поддержки педагогов и коллективов школ, реализующих программы многоязычного образования.

Было отмечено, что с 1 сентября 2015 года в пилотных школах Баткенской, Ошской, Жалал-Абадской, Чуйской и Нарынской областей начнется реализация программы многоязычного образования. В целях эффективного внедрения программы были проведены обучающие семинары-тренинги для педагогов по теме «Планирование образовательного процесса по методике интегрированного обучению предмету и языку (CLIL)».

В данном проекте принимают участие и два пилотных вуза Кыргызстана (Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева и Ошский государственный университет). Со следующего учебного года в этих вузах запланированы пилотные программы по подготовке педагогов со специализацией «педагог программ многоязычного образования». С этой целью ведется уточнение программ психолого-педагогического блока и языкового направления, педагоги пилотных курсов знакомятся с методикой интегрированного обучения предмету и языку, совершенствуют языковые навыки. Параллельно со всеми направлениями по реализации задач внедрения многоязычного образования ведется разработка учебно-методических материалов, которые будут основой для совершенствования содержания в данном направлении [4].

Как известно в нашей стране большая часть населения – билингвы с разным уровнем владения и они обусловлены разными социальными факторами. Идет активное развитие многоязычия с разными языками (-китайское, - корейское, - японское и т.д.). И проблема изучения языковой личности билингва приобретает архиважное значение в настоящее время. Она должна рассматриваться не только с позиции лингвистики, но и социолингвистики, этнолингвокультурологии, психолингвистики и т.д.

Как известно, язык – это оформленная, реализованная в слове культура. И именно такой язык в этнокультурном контенте национальной республики, где живет человек, поможет ему осознать себя как часть этой нации. Стать гражданином своей страны, а затем, в школе и вузе дорасти до человека мира.

Литература

1. Кудрявцева Е. к 2020 году большинство жителей мира будут билингвами //
2. Павлович Л. А.Орусбаев - "С одноязычием в Киргизстане далеко не уйдешь..." // Слово Кыргызстана. - 16 апреля 2004.- №41 (21663).
3. Аналитический отчет Центра социальной интеграции. Языковая политика в образовании: запросы общества и перспективы многоязычного образования на юге Кыргызстана. – Бишкек, 2011.
4. На сьезде работников образования обсуждены вопросы многоязычного образования в Кыргызстане // Источник: http:yykg.akipress.org

Nargiza Suyunali kizi
Kyrgyz Educational Academy
эл.почта: sk-nadi@mail.ru

Teaching English language in elementary schools through gaming technology

Annotation: *The article provides arguments about the necessity of using gaming technology in the teaching of English in primary school, and discusses the types of gaming technology. Gaming technologies occupy an important place in the educational process. Using the gaming technology in the English lesson improves students ' interest to the subject.*

Key words: *the use of gaming technology, didactic games, educational process, interest, development and motivation, classification of games, the aim of games, primary school, methodical tasks, game activity.*

УДК: 378.14

Тагаева З., ОшМУ

Окуучулардын өз алдынчалыгын активдештирүү маселелери

Аннотация: *Бул макалада кыргыз тил сабактарында окуучулардын өз алдынча иштөөсүнүн методикалык маселелери жана уюштуруунун эффтивдүү ыкмалары, натыйжалары көрсөтүлгөн.*

Ачкыч сөздөр*: окуучу, мектеп, мугалим, сөздөр, кызыгуу, активдештирүү*

Аннотация: *В статье описаны методический вопросы самостоятельные работы учеников на уроках кыргызкого языка и рассмотрены эффективные пути, результаты организации.*

Ключевые слова*: ученик, школа, учитель, слова, интересность, активность*

Билим берүү системасындагы азыркы мезгилдин талабына ылайык мугалимдин предметтик окутуу иш-аракетинин жоопкерчилиги күчөтүлгөнүн белгилөөгө болот.
Окуучулардын предметтер боюнча алган билимдеринин сапатын көтөрүү, таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруу иш-аракеттери тикеден-тике алардын өз алдынчалыгын активдештирүү менен байланыштуу экендигин көпчүлүк окумуштуулардын, методисттердин эмгектеринде көрсөтүлгөн.

Окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын жандандыруу үчүн окутуунун активдүү методдорун туура тандоо таасир этүү зарыл. Бул учурда окуучунун инсандык өзгөчөлүгүнө карай мотивдештирип, предметтик кызыгуусун өстүрүү менен мугалимдин өзгөчө даярдыгы да талап кылынат. Окутуунун тандалган активдүү методдорун системалуу колдоно билүү менен угуу, түшүнүү жана өз алдынча изденгендигин, көндүмдөрүн өнүктүрүү ишмердүүлүктөрүн эффективдүү текшерүү иштери жүргүзүлөт. Айрыкча, таанып-билүү аракетин конструктивдүү түрдө активдештирүү негизги милдеттерди түзөт.

Мектеп курсунда предметтер боюнча билим берүүдө окутуу методдорунун туура тандалышы жана алардын орду менен колдонулушу методикалык закон-ченемдердин негизги милдеттерин түзөт. Окутуу процессинде ар кандай методдун дидактикалык кызматы жана артыкчылыктары бирдей эмес. Окутулуучу материалдын мүнөзүнө, максатына жана үйрөтүү этабына, ошондой эле, окуучулардын кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө карай мугалимдин адистик чеберчилиги менен методдор тандалып, анын негизинде ыкмалар практикаланат. Ошондой эле, окуучулардын интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрү, практикалык жактан даярдыгынын денгээлдери эске алынып, окутуунун методикалык, психологиялык жана логикалык аспектилери менен байланыштырылып колдонулушу педагогикалык жоопкерчиликтүү мамиле менен аткарылат.

«…окутуунун методу – окуучуларды билим, ык, машыгууларга ээ кылып, алардын акыл күчтөрүн өстүрүү, дүйнөгө болгон илимий көз караштарын калыптандыруу максатында мугалим менен окуучулардын биргелешип иштөө жолдору». (1.207)

Ошондуктан окутуу методдору мугалимдин да, окуучунун да комплекстүү ишмердүүлүгү менен реализацияланат.

Предметтик билим берүүдө ***өз алдынча иштөө методу*** колдонуу менен окуучулардын билим алуу процессиндеги активдүүлүгүн, өз алдынчалыгын камсыз кылуучу жана күтүлүүчү натыйжаны берүүчү иш-аракеттердин компоненттери түзөрү белгилүү. Бул метод боюнча окумуштуу педагог И. Бекбоев төмөнкү көз карашты билдирген: «Өз алдынча иштөө методдор көндүмдөрдү жана билгичтиктерди калыптандырат, окуучулардын эрктик сапаттарын өнүктүрөт, аракеттерине ишенимдүүлүктү калыптандырат». (2.146)

Кыргыз тил мугалими окутуунун методдорун туура тандап, натыйжалуу колдонулушу үчүн метод боюнча аныкталган теориялык-дидактикалык материалдар менен мүмкүн болушунча кенири тааныш болуусу зарыл. «Мугалимдин тигил же бул методду колдонуудагы негизги максаты – окуучулардын окуу материалдарына, предметке болгон кызыгуусун артыруу, окутууну мотивациялоо» (4. 407) Тандалган метод үйрөтүлүп жаткан материалды өздөштүрүүсүнө реалдуу стимул түзү менен мугалимдин иш-аракеттеринин өзөгүн түзүүсү керек.

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын өз алдынча изденүүлөрүнө, чыгармачыл ой жүгүртүлөрүнө негизделген тилдик, коммуникативдик комплекстик билгичтиктерин, көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган окутуу методдорун ылайыктап колдоно билүү зарыл.

Өздөштүрүлгөн теманын теориялык жактан да, практикалык жактан да сапаттуу калыптандыруу милдеттерин оптималдуу айкалыштырууга багыттап окутуу талап кылынат. Бул учурда окутуунун *жеткиликтүүлүк* жана *чың билим берүү* принцибине ылайык сабактар окуучулар материал боюнча, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болуу менен катар ошол эле учурда аларга белгилүү даражада тарбияланып, логикалык жактан өсүп-өнүгүүгө тийиш.

Окуучулардын тилдик, коммуникативдик, таанып - билүүчүлүгү, билгичтиктери жана машыгуулары боюнча компетенттүүлүгүн калыптандырууда эрктүүлүк сапатын өнүктүрүп, өз бетинче иштей алууга ишеними арттырылат. Лингвистикалык закон-ченемдердин негизинде интеллектуалдык түшүнүктөрүн жана кептин түрлөрүн аткара билүүгө даярдоо үчүн тапшырмалардын, суроолордун сериялары иштелип, өз алдынча чыгармачыл аракет менен мамиле жасоосуна багыт берилет. Бул метод билимди бекемдөө, тереңдетүү жана таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн сабак процесстеринде жана үй тапшырмаларын, жазуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн, кыргыз тили боюнча класстан тышкаркы иштерди аткарууда колдонулуп, төмөнкүдөй шарттардын болушун талап кылат.

- тилдик материалды жеткиликтүү түшүнүүсүнүн камсыз болушу;
- коммуникативдик тапшырманын өз алдынча иштөөгө даяр болушу;
- окуучунун издене билүүсү үчүн зарыл дидактикалык материалдардын так болушу;
- тилдин бөлүмдөрү боюнча талдоону так аткара алуусу;
- предметтик олимпиадаларга катышууга даярдык жүргүзүү иштери;
- факультативдик сабактарга катышып, кыргыз тил предметине кызыгуусу;
- мектептин илимий-практикалык конференциясына баяндама, реферат ж.б. жазууга даярдалып, чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүү.

Негизги жана кошумча адабияттарды өз алдынча үйрөнүү профилдик класстардын окуучулары үчүн негизги билимдин булагы болуп кызмат кылат.

Коммуникативдик тапшырмалар көбүнчө окуучулардын өз алдынча иштөөсүн жана таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында пайдаланылат. Жаңы теманы үйрөнүүдө өтүлгөндөрдү бекемдөө жана өздөштүрүлгөн билимдерди, машыгууларды текшерип көрүүдө байкалат. Эгерде кыргыз тилинин программалык материалдарынын тигил же бул темасын ушул методго тиешелүү ыкмалар менен өтүлө турган болсо, анда ал күн мурунтан пландаштырылат. Окуучулардын алдына коюлган суроолор, тапшырмалар акырындык менен жөнөкөйдөн татаалга карай багытталууга тийиш. Мында мугалим ар бир окуучунун өз бетинче иштөөсүн активдештирип, аларды байкоо жана натыйжасын чыгаруу үчүн текшерүү иштерин системалуу жүргүзүүсү зарыл.

Окуучулар лингвистикалык теориялык алган билимдерин өз алдынча пайдалана алуунун натыйжасында көндүмдөрүнүн сапаттуулугун ишинин эффективдүү аткарылып жаткандыгын жана ишкердүүлүгүн далилдеп берет.

Окутуу процесстеринде талдоо иштерин туура жүргүзүүдө окуучулардын акыл-эсин арттырууга зээндүүлүгүн өстүрүү менен ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө жана тилдик

түшүнүктөрүн өстүрүп, адабий тилдин нормативдерин туура өздөштүрүп, байланыштуу кебин жана кептик маданиятын калыптандырууга негиз түзүлөт.

Бул боюнча профессор К.К. Сартбаев төмөндөгүдөй пикирин билдирген. “Окуучулардын алган билимдерин иш жүзүндө колдоно алышы, жалпы сабаттуулугу мугалимдердин чың билим берүүдөгү аракеттеринин жыйынтыгын көрсөтөт.” (2. 61)

Мындай учурда окуучудагы өз алдынчалыкты инсандык сапат катарында калыптандырууга жана тилдик, кептик тапшырмаларды дифференциялоого өбөлгө түзөт.

Алсак, тилдин бөлүмдөрүнүн теориялык өзгөчөлүктөрүнө карай окуучулар кептик, риторикалык жана стилистикалык тапшырмаларды өз бетинче аткаруу менен жеке мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алат.

Сабактагы байланыштырылган коммуникативдик кубулуштарды, чындыкты байкоо менен практикалык, лексикалык, номенклатуралык түшүнүктөр арттырылып, өз бетинче байкоочулук, таанып-билүүчүлүктөрү өзгөрөт. Окуучулардын тилдик ишмердүүлүктөрүнө карай мугалимдин алдын ала даярдыгы чыгармачылык мамилелери конструктивдүү мүнөздө болуп, алардын аткарылышы талап кылынып, текшерилет.

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын өз алдынча методикалык талаптагыдай иштей алуусу үчүн мугалимдин ар түрдүү окутуу технологияларын, формаларын колдонуу жана түрдүү дидактикалык каражаттарды пайдалануу кошумча адабияттарды сунуштоо жана ар кандай дидактикалык каражаттарды, тапшырмаларды даярдоо аркылуу натыйжаларын жаратууга болот. Башкача айтканда, окуучулар тапшырманы коммуникативдик билгичтиктери менен конструкциялайт же берилген тапшырманы ачып берет.

Окуучулардын ар бири өз алдынча иштөө менен мүмкүнчүлүгүн, жалпы көз карашын, ой жүгүртүү интеллектуалдуулугу предметтик темаларга байланышып каралып, жыйынтыгы чыгарылат.

Адабияттар:

1. Апышов Б., Бабаев Д. Педагогика. – Бишкек, 2002.
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2003.
3. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуу методикасы. – Фрунзе, 1978.
4. Чымынов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2009.

Osh SU , Tagaeva Z.

Issues of independent work among pupils

Annotation: *This article describes the methodological issues of independent work of students in the classroom of the Kyrgyz language and is considered an effective way, the results of the organization.*

Key words: *pupil, method, school, person, teacher, words, interest, effective*

УДК: 8.81.0

Тажибаева Ж.Ж., ОшМУнун окутуучусу

Ат атоочтун кепте колдонулуу бөтөнчөлүктөрүнүн айрым учурлары

Аннотация: *Макалада кыргыз тилиндеги сурама ат атоочтордун сүйлөмдүн маанилик жана грамматикалык курулуштарына тийгизген таасирлери жөнүндө маалыматтар берилет.*

Ачкыч сөздөр: *ат атооч, кыргыз тили, сан атооч, грамматика, сүйлөм, маани, морфология.*

Аннотация: *В статье идет речь о влиянии вопросительных местоимений в кыргызском языке.*

Ключевые слова: *местоимение, кыргызский язык, имя числительное, грамматика, предложение, значение, морфология..*

Ат атооч – тилде арбын кезиккен, башка сөздөрдүн ордуна колдонулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, кепте семантика-грамматикалык түрдүүчө функцияларды аткарган, сүйлөмдө өтө көп кырдуу өзгөчөлүктөрдө колдонулган сөз түркүмү. Анын табиятын аныктоо максатында түрдүү аспектилерден каралган илимий изилдөөлөр көптөгөн тилдерде жүргүзүлүп келе жатат. Мисалы, орус тили илиминде О Есперсен, Р.Якобсон, Е.Вольф, Л.В.Щерба, А.И.Смирницкий, Е.В.Гулыга, О.В.Селиверстова ж.б. Ал эми түрк тилдери боюнча А.М.Шербак, Н.А.Баскаков, Ф.Д.Ашнин, Ф.Т.Исхаков, С.Кудайбергенов, М.Шалекенова, М.Атакулова ж.б. тарабынан изилдөө иштери жүргүзүлгөн жана келечекте да мындай иш аракеттердин боло берери айкын.

Ат атооч, негизинен, зат атооч, сын атооч, сан атооч сөздөрдүн ордуна колдонулуп, ар кайсыл тилдерде ар башкача өлчөмдө маанилик түрлөргө ажыратылып каралат. Мисалы, түрк тилдеринде эле кыргыз тилинде алты түргө ажыраса, якут тилинде он түргө бөлүнөт. [4, 146-б]. Ошондой эле ат атоочтун ар бир түрү өз ыгына, ордуна жана маанилик өзгөчөлүгүнө ылайык кызмат аткарууга, же колдонулууга тийиш. Көпчүлүк окумуштуулар көрсөтүп, атайын басым менен белгилеп жүрүшкөндөй, башка бир сөздүн ордун алмаштыруу – ат атоочтун жеке өзгөчөлүгү. Башкача айтканда, заттык, белгилик, чен өлчөмдүк түшүнүктөрдүн аталышын атабай, ошол түшүнүктөрдү билдирүү, же алардын ордун алмаштыруу – ат атоочторго гана мүнөздүү көрүнүш. Бул боюнча О.Есперсен, Р.Якобсон, А.Нурен, Р.Том ж.б. белгилешкендей, ат атоочтун алмаштыруучу туруктуу денотаты жок.андыктан анын кайсыл сөздүн, же түшүнүктүн ордуна колдонуларын, же колдонулгандыгын туура аңдай билүү керек.

Мисалы, *“Баатырды көрүп шашты* ***ошол,***
Тетир жолду бет алып,
Тегеренип качты ***ошол****”.*
“Сексенге келген чал – ***ошол,***
Касиеттүү жан – ***ошол****”* (“Жоодарбешим”) деген сүйлөмдөрдө “ошол” шилтеме ат атоочу “Ак бугу” зат атоочтунун ордуна колдонулчу “ал” жактама ат атоочун стилдик максатка ылайык алмаштырып, этиш жана зат атооч сөздөр менен ээрчишүү байланышында катышып келүү аркылуу синтаксистик жактан 1-мисалда ээлик, 2-мисалда баяндоочтук кызматтарды аткарды. Ошондой эле

“Ата-энемдин колунан,
Мен *бейбакты ал деди”.*

“Угуп алгын ***сен****, жигит,*
Каргыш менен аралаш,
Ак марал айткан зар-муңду” (“Жоодарбешим”) деген мисалдарда “мен”, “сен” жактама ат атоочтору “Нурпери”, “Жоодарбешим” зат атоочторунун ордун алмаштыруу менен бири (мен) мүшүндүрмө мүчөгө, бири (сен) каратма сөзгө катышты колдонулду. Эгерде мында зат атоочтордун өздөрү колдонулган болсо, уйкаштыкты түзүү түгүл, стилистикалык максат да ишке ашмак эмес. Мындай учурлардан ат атоочтун колдонулуу маанилерин гана эмес, стилистикалык, грамматикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн да өтө кеңдигин аңдоого болот.

Ал эми *“Чычкан мурду өтпөгөн,*
Черге кире качты эле,
Анда *Жоодар болгон жок.*
Коруму бар, коосу бар,
Жерге кире качты эле,
Мында *Жоодар болгон жок”* (Жоодарбешим”) деген мисалда “ал”, “бул” шилтеме ат атоочтору сөз жасоочу эмес, сөз өзгөртүүчү жөндөмө мүчөсүн кабыл алып, ат атоочтук эмес, тактоочтук маанини билдирип колдонулган. Бул өңдүү лексика-семантикалык бөтөнчөлүктөрүнөн тышкары ат атоочтор синтаксистик категориялардын уюшулушуна да, ал аркылуу сүйлөмдүн жалпы маанисине да өз таасирин тийгизет.

Кыргыз тилинде ат атоочтун айрым түрлөрү, өзгөчө сурама ат атоочтор кайсыл бир маани берүүчү сөз менен биргеликте каралып, жаңы маанини туюнтуу аркылуу тутумдаш баяндоочту уюштурат. Мындай баяндоочтук формада курулган сүйлөмдөр колдонулуу максатына карай, негизинен, суроолуу-илептүү сүйлөмдөрдөн болот.

Ат атоочтор, негизинен, зат атооч, сан атооч сөздөр жана **-ганда, -ганча** формасындагы туунду сөздөр менен төмөнкүдөй структуралык курулушта келип, сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарат:

- **Эмне, канча** сурама ат атоочтору айрым ээ болуп түшүү мүмкүнчүлүгү болгон абстрактуу зат атоочтордон кийин келип, бирок ал сөз менен бирдикте жоктукту, танууну билдирген жаңы түшүнүктү жана сүйлөмдөгү жаксыздык маанини пайда кылат. Өз ара мындай маанилик айкалышта турган зат атооч менен ат атоочтун орун абалы туруктуу келет, башкача айтканда, буларды ажыратып, же арасына кайсыл бир сөздү кыстарып берүүгө мүмкүн эмес. Сүйлөмдүн кайсыл жагында берилсе да, биргеликте колдонулуп, баяндоочтук функциясын жоготпойт. Көпчүлүк учурда баяндоочтун тутумундагы зат атооч жак-таандык мүчөлөрдү кабыл алып келет. Бул берилген түшүнүктөрдү төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот. Мисалы: *Деңизге чыкканда мынчалык кооздуктун* ***кереги эмне!?*** (Ч.Айтматов). *Кимдин эмне дегени менен сиз экөөбүздүн* ***ишибиз эмне****, кадырлуу Иван Василевич?!* (Т.Касымбеков). *–Өзүм билсем болду, шарияты менен* ***ишим эмне****!* (Т.Касымбеков)

- **Эмне, не, кандай** сурама ат атоочтору **пайда, айып, күнөө, опо** деген типтеги абстрактуу зат атоочтордун алдында келип, жогорудагыдай эле негиздеги биргелешкен жаңы маанини туюнтуу аркылуу сүйлөмдүн кайсыл жагынан орун алса да, баяндоочтук милдетти аткарат. Ат атооч менен зат атоочтун айкалышынан турган мындай баяндоочтордун алдында көбүнчө жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде турган толуктооч мүчөлөр келет. Мисалы: - *Алты айлык наристеде* ***эмне айып****!?* (Ж.Ж.). *Сагынган жанда* ***эмне айып!?*** (Обондуу ырдан). – *Сага окшогон мылжыкейлерден* ***не опо****!* (К.Акматов). – *Ой, бул парандаларда* ***не күнөө?!*** (И.Мансуров) ж.б.

Кээде мындай айкалыштар **–ганда** формасындагы туунду этиштер менен биргеликте келип, баяндоочтук милдет аткарат. Мисалы: - *Мырза, байкуштардын таманын тилип кыйнаганда* ***не пайда?*** (А.Стамов). – ***Караганда не майнап?*** (Ө.Даникеев).

Түйшөлүп эмне керек *оокат-жайга,*
Кур эле кыйналганда кандай пайда? (О.Хаям) ж.б.

Абстрактуу зат атоочтор менен айкаша колдонулган ат атоочтор барыш жөндөмөнүн мүчөсүн кабыл алган **-бас** мүчөлүү атоочтуктардан кийин келип да, алар менен бирдикте тутумдаш баяндоочту уюштурат. Мисалы: *Башка салганды* ***көрбөскө не чара!*** (О.Көчкөнов). – *А бирок* ***барбаска айла канча!?*** (Ш.Эсенкулов) ж.б.

Айрым сурама, шилтеме ат атоочтор жогоркудай кайсыл бир зат атооч менен биргеликте келбей, бирок **–ганда** формасындагы туунду этиш менен бирдикте келип тутумдаш баяндоочтун уюшулушун шарттайт. Мисалы: ***Сураганда эмне, сурабаганда эмне!*** (“Ала-Тоо”). ***–Карыганда ушу да,*** *кагылайын.* (Ө.Даникеев). ***Жашырганда эмне,*** *моюнга алуу керек.* (А.Чаковский) ж.б.

Ошондой эле мындай ат атоочтор түрдүү формада курулган кыймыл атооч, чакчыл этиштер менен бирдикте сүйлөмдүн баяндоочу болуп түшөт. Мисалы: *Аны кайрадан алып чыгып,* ***жолго салуу кайда!*** (Ө.Даникеев). *–Бардыган азыр* ***эстеп отурмак кайда!*** (А.Чаковский). *–Ооз ачып айтпаганы менен,* ***көкүрөгү толо ошол да.*** (Ө.Даникеев). *Муну* ***жазып бүткүчө качан?!*** (КМ”) ж.б.

Кээде сурама ат атоочтун айрымдары менен башка, бөлөк деген тактоочтор айкаша келип да тутумдаш баяндооч курулат. М: *Акыры ошо. Адилет болуу, ак эмгек кылуу,* ***андан башка эмне****!* (Ө.Даникеев). ***Мындан бөлөк не арга!*** (“КР”). *–Баладан* ***башка эмне,*** *ким эле болбосун бала дейт!* (Ө.Даникеев) ж.б.

Ал эми **баары** деген аныктама ат атооч **бир** сөзү менен айкаша колдонулуп, баяндоочтук кызматта келет. Мындай баяндоочтун тутумунда түрдүү жардамчы сөздөр катышып келиши да мүмкүн. М: *Кудаярханга* ***баары бир.*** (Т.Касымбеков). *Мурат үчүн азыр* ***баары бир сыяктуу*** (Ө.Даникеев). – *Эми мага* ***баары бир эмеспи*** (“Ала-Тоо”) ж.б.

Зат атоочтор **эмне, не кай** сурама ат атоочунан кийин келүү аркылуу да баяндоочтук милдетти аткарат. Бул учурда зат атооч менен ат атооч бирдиктүү маанини туюнтуу аркылуу сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочу курулат. М: *Эриң – жазуучу, өзүң – айтылуу актриса, сенде эмне арман?!* (Ч.Айтматов). *Камбарда* ***кай жазык****?* ж.б.

Мындай формада курулган баяндоочтордун таасиринде, негизинен, суроолуу сүйлөмдөр уюшулуп, баяндооч сүйлөмдүн кайсыл жагында келсе да, өз функциясын өзгөртпөйт. М: *-Өзгөчө бизге, аялдарга,* ***эмне сын, эмне таарыныч?!*** (Ө.Даникеев). – *Өлгөндө жууп, тазалап коюунун* ***эмнеси зыян?!*** (К.Каимов). ж.б.

Фразеологиялык айкалыштар өз алдынча келип гана эмес, кайсыл бир атооч, же этиш сөздөр менен биргеликте да сүйлөмдүн баяндоочун уюштурат. Бирок бул учурда да фразеологизмдерге мүнөздүү өзгөчөлүктөр баяндооч мүчөдө сакталат. М: *Сабыр ошондой болот*

деп үч уктаса кимдин түшүнө кириптир. (Ч.Айтматов). *Түмөндөгөн төрт түлүк малга бай, куту ташыган мекенге кимдер көз артпасын.* (А.Стамов). *Эми кармашуудан башка арга калбаганына кимдин да болсо көзү жетти.* (Т.Касымбеков).

Бул берилген мисалдардагы баяндоочтук комплексти түзгөн "жолго салуу кайда, ишибиз эмне, айырмасы канча, көрбөскө не чара, жазып бүткөнчө качан" деген сыяктуу айкалыштарды туруктуу фразеологиялык биримдиктер катары кароого болбойт. Себеби булар сүйлөмдөн тышкары турганда айрым-айрым бөлүктөргө ажырап кетиши да мүмкүн, же ар бир компоненти өзүнчө туруп да тийиштүү синтаксистик кызматты аткарып калат. Ал эми "андан башка эмне, мындан бөлөк не арга, баары бир" деген бирдиктер сөз айкаштары менен туруктуу фразеологиялык айкалыштардын чегинде турган комплексттер болуп саналат.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология [Текст] / И.Абдувалиев, Т.Садыков //. –Б., 1997.
2. Атакулова М.А. Эгоценризм как категориальное значение лично-местоименной парадигмы в языке (на материале тюркских языков) [Текст] / М.А.Атакулова // – Б., 2008.
3. Вольф Е.М. Грамматика и семантика местоимений [Текст]/Е.М.Вольф // –М.:Наука, 1974.
4. Грамматика современного якутского литературного языка [Текст]. – М., 1982.
5. Турсунов А., Мураталиев М. Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү [Текст] / А.Турсунов, М.Мураталиев //. –Ф., 1961.
6. Элчиев Ж. Кыргыз тилиндеги жаксыз сүйлөмдөр [Текст] / Ж.Элчиевүү. –Б., 2004.
7. Элчиев Ж. Сүйлөмгө грамматикалык жана мазмундук талдоо жүргүзүү [Текст] / Ж.Элчиев//. –Б.: 2002.

Tajibaeva J.J., Osh SU, zhypar@inbox.ru

Different Uses in Specific Situations of Pronouns

Annotation*: In this article information is given about the influence of specific grammatical construction and sentence meaning in Kyrgyz lagnauge pronouns.*

Key words*: pronouns, Kyrgyz language, numerals, grammar, sentence, meaning, morphology, parts of speach*

УДК: 894.341-8-131

Темирова Б.Т., ф.и.к., ОшМУнун доценти

Т.Сыдыкбековдун «Манас» эпосу жөнүндө адабий-эстетикалык көз карашы

Аннотация: *Макалада Т.Сыдыкбековдун «Манас» эпосу жөнүндө адабий-эстетикалык көз караштары каралат.*

Ачкыч сөздөр*: "Манас"эпосу, эстетика, фольклор, тарых, каарман.*

Аннотация: *В статье рассматриваются в литературно-эстетические взгляды Т.Сыдыкбекова в эпосе «Манас».*

Ключевые слова*: эпос "Манас", эстетика, фольклор, история, персонаж*

Кыргыз Эл Баатыры, көркөм сөз чебери Т.Сыдыкбековдун чыгармачылык ишмердүүлүгү чейрек кылымга созулуп, улуттук адабияттын жаралышы, калыптанышы, өсүп-өнүгүү этаптары менен тагдырлаш жашап өттү. Т.Сыдыкбеков колуна калем кармагандан тарта чыгармачылык өнөрканасында «Манас» үчилтиги көч башында турган элдик фольклордун бай казынасынан руханий күлазык алды жана аларды эл турмушу, тарыхы менен байланыштыра кеңири иликтеп, бир катар макалаларды жазганы белгилүү. Даркан жазуучунун отузунчу жылдардан тарта улуттун тарыхы, эне тили, этнографиясы, байыркы адабий мурастары, диний ишенимдери, дүйнө таанымы сыяктуу маселелер жөнүндө көптөгөн эмгектери «Мезгил сабактары» (1982), «Табылга» (1991), «Мен миё жыл жашадым» (1998) жыйнактарында жарык көрдү. Башкасын айтпаганда да, «Манас» эпосуна байланыштуу «Манас» жана тарых, «Манас» эпосунун элдүүлүгү», «Улуу сөз жөнүндө ой», «Ата мурасы жөнүндө сөз», «Улуу сөз» сыяктуу макалалары хронологиялык жактан алганда мындан 30-40-жыл илгери жазылгандыгын эске алсак, ошол кездин шарты менен

караганда саясатташкан бир беткей, чектелген ой-жүгүртүүнүн арааны жүрүп тургандыгына карабастан тарыхка, адабий мурастарга чындыктын жолунан тайбай жаёыча көз караш катары жаралгандыгы, көп ойлору, чыгарган тыянактары бүгүн деле өз маанисин, актуалдуулугун жогото элек экендигин белгилеп кетүүгө болот.

Т. Сыдыкбеков чыгармачылык узак жолунда өз элинин атуулу, көркөм сөз чебери катары эзелки тарых, көөнө адабий мурас, кыргыз тили, коом, бийлик маселелери боюнча сынчыл көз карашынын арымын кеңейтип жүрүп олтурган. Окумуштуу А.Мусаев адилет белгилегендей: «Т.Сыдыкбековдун 60-жылдарда башталган, 70-жылдарда ачыкка чыккан дүйнөгө болгон көз карашындагы кескин бурулуштарга байланыштуу. Өзүнүн узак, мазмундуу өмүр жолунун дал ушул этабында Т.Сыдыкбеков социалисттик курулушка, совет бийлигине, коммунисттик партиясына, кыргыз элинин өткөн тарыхына, ата мурасына, каада-салттарына, эне тилине карата өзүнүн көз карашын бир кыйла жаңыртат, ал турмак айрым бир учурларда түп тамырынан бери өзгөртөт» [1.208]

Ушул маанидеги сынчыл көз караштары Т.Сыдыкбековдун макалаларында, маектеринде, кийинки чыгармачылык этаптарында көрүнүп турат. Өзгөчө бабалардан калган мурас «Манас» эпосун чын дилден баалап, сыймыктанып, эпос жөнүндө көптөгөн макалаларды жазды. Алсак, «Манас жана тарых» макаласында эпостун идеялык-мазмундук катмарында кыргыз элинин көп кылым аралыгындагы тарыхый маалыматтар өтө окшош, үндөш келгенин, ал түгүл эпикалык каармандар тигил же бул мезгил аралыгында журт башкарган баатырлардын элеси көркөм жалпылоого ээ болуп тургандыгын айтат.

Жазуучу: «Манастын» жаралыш тарыхын такташ үчүн жеке эле адабияттык талдоо, адабияттык жактан ой жүгүртүү жетишпейт. Байыркы башталышы мөңгүдөн тамган баштапкы тамчыдан берки тарыхый чындыктарды, баяндын тарыхый өмүрүн илимий жактан так аныктоо-биздин алдыбыздагы ыйык милдет… Ушул адам аттарын, биз, тек гана атап өткөнүбүздө эле, алардын далайы ушул күнгө чейин кыргызда балага коюлуп келаткан аттар экенин кантип танабыз. Маселен, Эл-Тууган, Жолборс, Торко, Чаа, Агул, Багыр, Азман, Жол-Апа, Гүл-Эркин, Тер-Апа, Умай…деген аттар, айрыкча кары кишилерде көп жолугат. Ал эми «Манас» баянынын каармандары: Агуул, Бозуулдар түз эле ошол байыркы аттарды алып жүрүшсө, Канчоро, Күлчоро, Карачур менен Күлчур бир аз өзгөргөн түрүн бизге жеткирди» [3. 18].

Жазуучунун адамды терең ой-жүгүртүүгө түрткөн кызыктуу макаласында «Манас» эпосундагы тарыхый окуялар менен кыргыздын башынан өткөргөн релдуу тарыхы жана Орхон-Енисей жазма эстеликтери менен көп маалыматтар, адам ысымдары дал келиши кокустук эмес, бул эки уникалдуу булактар тарыхый жактан байланышып тургандыгын далилдөөгө аракеттенет. Эпостогу адам аттарынын этимологиясы, баатырлар колдонгон курал-жабдыктардын аталышы боюнча лингвистикалык жактан изилдөөлөр бар. Бирок, алар кийинки мезгилде эле жазылганын, Т.Сыдыкбеков мындан 30-40-жылдар мурун байкоо жүргүзгөнү менен баалуу. Жазуучу кыргыздардын тарыхый тагдырына туш келип, басып өткөн коомдук өнүгүүнүн үч чоң этабын бөлүп көрсөтөт.

1. Биздин доорго чейинки III кылымдын акырынан I кылымдын элүүнчү жылдарынын аралыгы-хун каганаты, хун доору;

2. Биздин доордун V кылымынан VIII кылымдын ортосуна чейинки байыркы көк түрк каганаты, түрк доору;

3. VIII кылымдын башынан XV кылымдын ортосунда монгол, татар, кыпчак, кыргыз, уйгур, түркмөн жана башка көчмөн калктардан күчтүү кол курап, батыш-чыгышка алаамат жортуулдарды баштап кандык династиясын жүргүзгөн Чынгыз хан жана анын тукумдары» [3. 21].

Т.Сыдыкбековдун пикиринче ушул үч доорду талдап көргөндө кыргыздардын тарыхый орду белгилүү болуп, чет душмандар менен болгон согуштун кесепетинен кырылып-жоюлуп, бирок эл катары сакталып, өз алдынча мамлекет курганга жетишкенин, дегинкиси өткөндү толук кандуу изилдөө урпактардын кечиктирилгис милдети экендигин жан күйгүзө айтып чыгат. Улуттук тарыхнааманын актай калган жерлерин толтуруп, андай бөксөлүктү калыбына келтирүүдө «Манас» баштаган фольклордук чыгармаларды, санжыра- уламыштар менен макал-лакаптарды комплекстүү иликтеп чыгуу зарылдыгы күн тарибинде турат дейт. Албетте, элдик мурастарда калктын тарыхый турмушу чагылат, реалдуу фактылар кездешет, бирок аны акыркы тарыхый чындык катары кароо бир жактуу болору фольклористика илиминде белгилүү. Мындай кыргыз тарыхнаамасына байланыштуу татаал маселе терең билимди, илимий чоң даярдыкты, талант менен айкалышкан духту талап кылары шексиз.

Сүрөткер Т.Сыдыкбековдун «Манас» эпосунун элдиги жөнүндө» макаласы 1952-жылы 6-10-июнунда өткөн «Манас» эпосуна арналган эл аралык конференцияга байланыштуу жазылган. Илимий конференциянын алдына «Манас» эпосу «элдикпи» же «элдик эмеспи» деген курч маселе коюлган. Кыргыз элинде муундан-муунга, атадан-балага өтүп, жандуу оозеки формада жашап келе жаткан улуттук мураска «элдүүлүк» же «элдүүлүк эмес» проблемасын көтөрүп чыгыштын түбүндө калкты түпкү тамырынан ажыратуу, тарыхын бурмалоо, көөнө мурастарын жокко чыгаруу сыяктуу социалисттик идеологиянын маёкуртчулук саясаты былгып жаткан. Андыктан борбордон атайын саясий тапшырма менен келген окумуштуулар А.К.Боровков-«Манас»» эпосунун элдиги жөнүндөгү проблема», Л.И.Климович «Манас» эпосун изилдөөнүн абалы жана милдеттери» деген темада негизги жана жыйынтыктоочу баяндама жасашкан. Биринчиси, «Манас» эпосу «элдик эмес», жазыла элек варианттардын ичинен «элдик версиясын» издеп табууну сунуштаса, экинчиси, манастаануу илимине байланыштуу окумуштуулардын эмгектерин жокко чыгарууга аракеттенет. Улуу мурастын тегерегинде кырчылдашкан, келишпес саясий кырдаал түзүлүп жатканда алардын каршысында турган окумуштуулар М.Ауэзов менен Б.Юнусалиевдин сөздөрү тарыхый-илимий жактан так далилдүүлүгү, концепциясынын тереңдиги, жаңыча көз караштары менен эпостун тагдырынын чечүүдө маанилүү роль ойногон.

Драмалуу саясий кырдаалда өткөн тарыхый конференцияда Т.Сыдыкбеков да «Сейтек»-«Манас» үчилтигинин бөлүгү катары» деген кошумча баяндама жасаган. Жазуучунун «Манас» эпосунун элдиги жөнүндө» макаласы ошол конференция өткөн соң басма беттеринде жарыяланат. Макаланын негизги мазмуну эпостун жаралуу доору, тарыхый турмуш менен жакындыгы, элдик каармандардын идеялык- эстетикалык жактан көтөргөн жүгү, «Улуу сөздүн» элдүүлүгүнө салыштыра далилдеп келип, мындайча тыянак пикирлерин билдирет: « Манасты» эл түзгөн. Ал элдик. «Манас» сыяктуу кылымдар жашаган зор жомок элдин акылынан, элдин кыялынан-фантазиясынан чыга алат. Эмне үчүн эл түзгөн, эл кызыгып ырдаган жомокто элдик эмес жат идеялар да бир топ орундуу ээлеп калды. Биздин оюбузча, буга негизги себептер булар: Ар бир доордун манасчысы өзү жашаган учурда коомдун түзүлүшүнө ылайык негизги сюжетке аз-аздан болсо да өзгөртүүлөрдү киргизе берген. Манасчы көз карашына, фантазиясынын тереңдигине, акындык дараметине, динчилдигине жараша жомокко өз кошумчасын кошту» [3. 120].

«Манас» эпосунун элдиги жөнүндө» макаласында анын тарыхый чындык менен көркөм чындыктын карым-катышы, баштан аяк элдик идеяларга жык толгон турмуштук катмарлары, элдик идеалдын үлгүсү болгон эпикалык каармандар, манасчылык өнөр, алардын айтуучулук касиеттери конкреттүү адабий- илимий фактылардын негизинде жеткиликтүү талдоого алынган.

Жазуучу «Тарых жана «Манас» аттуу макаласында эпос чагылдырган мезгил менен кыргыз элинин башынан өткөргөн окуялары үндөшүп турганын, Манас баатыр башында турган каармандардын образдары тарыхта жашаган адамдардын ишмердүүлүгү, өмүрү окшошуп турушу-бул мыйзамченемдүү көрүнүш экендигин белгилейт. Элдин тарыхын жалаң эле илимий фактылар менен гана эмес, көркөм аң-сезимдин формалары менен таанып билүүнүн зарылдыгын өз учурунда сезимтал сүрөткер туура баамдаган.

Даркан жазуучу Т.Сыдыкбеков «Улуу сөз жөнүндө ой», «Ата мурасы жөнүндө сөз» деген макалаларында негизинен «Манас» эпосу баш болгон элдик мурстарга, тарых, эне тил, жазма адабияттын өнүгүшүнө тиешелүү маселелер тууралуу ой жүгүртөт. Белгилөөчү жагдай, жазуучу «Манас» эпосуна каймана мааниде «Улуу сөз» деген аныктаманы берген, бүгүнкү күндө эпоско айтылган синоним сөз катары жашап келе жатат. Окумуштуу Ү.Култаева: «Улуу сөздүн ажарын ача көркөм интерпретацияга алган XX-кылымдагы кыргыз адабиятынын залкар жазуучусу Т.Сыдыкбеков болду. «Көк асаба» романы менен кийинки урпактарга зар какшап, улуу сөздүн маанисине өзү да башын ийген сыяктуу. Улуу сөз, жазуучунун түшүндүрмөсүндө, элдин турмуш тажрыйбасынан келип чыккан нравалык сабактар, негизги жыйынтыктар. Ал сабактардын күч кудирети эчен кагылышта, мезгилдин аласалган оош-кыйыштарында сыналган. Ошондуктан сыноодон өткөн бул сабактарды урпактар элдик жобо, адеп кодекси катары колдонуусу зарыл»,-дейт [2.213].

Көрүнүп тургандай, «Улуу сөз» жөнүндө Т.Сыдыкбеков таамай көз карашын тастыктайт: «Эң кооз, эң укмуш жана маанилүү асыл мурасты бабаларыбыз укум-тукумга белек этти! Ал сууга жуулбас, отко күйбөс, алааматтарда кыйрабас Улуу сөз сепилдери. Биз аны канчалык баалап, терең иликтеп туюнган сайын, ал бизге өзүнүн туңгуюктагы укмуш сырларын ача берээр эң асыл мурасыбыз. Жалпы элдик маданияттын төрүнө энчилеш!» [3.11].

Т.Сыдыкбеков узак жашаган мазмунду өмүрү ооматтуу да татаал да болуп, ал турмуштук жагдайлар тагдыры сымал чыгармачылыгында күзгүдөй чагылып турат. Улуттук адабияттын патриарх жазуучусу катары улам жашы өр тартып, көркөм өнөрдөгү тажрыйбасы арткан сайын дүйнөгө болгон көз караштары улам тереңдеп, өз элинин келечектеги жашоосу, эне тил, көөнө адабий мурас, профессионал адабият, коом, инсан, бийлик маселесине байланыштуу ойлорун жаңыртып, принципиалдуу көз караштарын, нарктуу сөз баккан дыйкан, аттулдук сезими күчтүү өнүккөн улуу талант катары кийинки урпактарга «Улуу сөздүн» уламалуу санжырасын калтырып кетти.

Адабияттар

1. Мусаев А. Түгөлбай Сыдыкбеков: Адам тагдыры жана чыгармачылык тагдыр.-Б:, 2002.
2. Култаева Ү.Кыргыз тарыхый романистикасы.- Б:. 2006.
3.Сыдыкбеков Т.Мезгил сабактары.- Ф:, 1982.
4. Сыдыкбеков Т. Көк асаба.- Ф:, 1989.

Temirova B.T docent, OshSU

T. Sidikbekov's literary esthetic views on the Manas epic

Annotation: *Literary-esthetic views of T.Sydykbekov in the epic "Manas" are given in the article.*

Key words*: epos "Manas", esthetic, folklore, historical, personage.*

УДК:437.1 (2) – 211.8

Н.Д.Тилекова, Кыргыз-Өзбек университетинин улук окутуучусу

Муса Жалилдин чыгармаларын талдоо жана аларды окутуу ишмердүүлүгү

Аннотация: *Макалада мугалим менен окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү, интеллектуалдык калыптануу, Муса Жалилдин өмүрү, чыгармачылыгы жана ырларын окутуу жөнүндө сөз болот.*

Түйүндүү сөздөр*: чыгармачылык ишмердүүлүк, өркүндөтүү, шык, дүйнө тааным, интеллектуалдык калыптануу, слайд.*

Аннотация: *В статье говориться о творческой деятельности учителя и ученика, интеллектуальном совершенстве, о творческом пути Мусы Джалиля и о методике обучения его стихов.*

Ключевые слова*: творческая деятельность, совершенствовать, способность, мировозрение, интеллектуальное совершенство, слайд*

Эскини өзгөртүү, жаңыны куруу учурдун айныгыс талабы. Акыркы убакта билим берүү системасынын бардык тармактарында бир кыйла жаңылануулар болуп, алардын жаңы айдыңдары адабият сабагынын окутулушуна да жаңы багыттарды, идеяларды, ыкмаларды киргизди. Практик методисттер өздөрү «алгылыктуу» деп эсептеген окутуунун түрдүү ыкмаларын иштеп чыгышып, аларды аппробациялап, практикага киргизип жатышкан учурлары. Башка предметтик сабактардан айырмаланып, адабият сабагында жазуучунун же акындын өмүрү, чыгармачылыгы жана чыгармаларын талдоо – окуучунун да, мугалимдин да чыгармачылык ишмердүүлүгүн талап кылат.

Адегенде, "Мугалимдин ишмердүүлүгү кандайча болуу керек?" деген суроонун айланасында кеп кылып көрөлү. Мектеп практикасында күндөлүк ар бир сабакка план жазылат, анан ага үч максат коюлат: билим берүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк. Мына ушул коюлган максаттардын негизин – мугалим өзүнүн билимин жана педагогикалык ишмердүүлүгүн колдонуп, окуучулардын жаш курагын, жөндөмүн, кабыл алуусун эске алуу менен алдын ала пландап алышы керек. Ал үчүн мугалим окуу китебиндеги гана маалыматтар менен чектелбестен, түрдүү маалыматтык булактарды пайдаланууга дуушар болот. Билим берүү жана тарбия берүү максаты жалпыбызга алаканга салгандай эле түшүнүктүү. Ал эми үчүнчү «өнүктүрүүчүлүк» максат эмнени көздөш керек? Мына ушул жерде окутуунун эң негизги позициясы келип чыгат.

Окуучулар башталгыч класстардан баштап адабий чыгармаларды (ыр, аңгеме, жомок, тамсил ж.б.) окуп келишет. Класстан класска жогорулаган сайын алардын дүйнө таанымы кеңейип, ар бир жагдайга кызыгып, окуу менен катар аларда психологиялык таанып-билүү өркүндөп жүрүп олтурат. Жаш курактын өсүүсүн – «интеллектуалдык калыптануу» коштойт. Орустун белгилүү психологдору Лев Семёнович Выгóтский, Алексéй Николáевич Леóнтьевдер жалпы психологиянын ичинен – инсан, көңүл буруу, акыл-эс, психиканын эволюциялык өнүгүүсү деген маселелердин үстүндө иштеп төмөнкүдөй жыйынтык чыгарышкан: «…баладагы физикалык өнүгүүнү (айбандан айырмаланып) психикалык жан аинтеллектуалдык калыптануу коштоп, анын өнүгүшү адам тарабынан топтолгон тажрыйбаны өздөштүрүү менен шартталат» [2, 34-бет]. Демек, бул жыйынтыкка көңүл бурсак, адамдын интеллектуалдык өнүгүүсү психологиялык маселелерге барып такалып, өнүгүү өздөштүрүү менен тыгыз байланышта болот экен.

Баланын өнүгүшүнө таасир берүүчү сырткы булактар да бар. Аларга: баланы курчап турган табигый жана социалдык чөйрө, коомдун материалдык жана моралдык абалы, үй-бүлөнүн жана ата-эненин социалдык, интеллектуалдык абалы, билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгү. Аталгандардын бардыгы толук 100 пайыз болбосо да, канчалык бир деңгээлде шайкеш келгенде гана баланы инсан кылып тарбиялоодо чоң жетишкендиктер күтүлөт. Бул биздин жеке пикирибиз.

Жогорудагыларды педагогикалык көз караштан алып караганда, баланын (окуучунун, инсандын) интеллектуалдык өнүгүшүнө сырткы таасир менен катар, ошол балага же окуучуга таандык ички мүнөз жана күчтүн (шык, мотив) өз ара байланышы жардамга келет. Ошол ички күч сырткы булактардын таасирин сезүүдөгү индивидуалдуу мүмкүндүккө байланышат. Эскерте кетишибиз керек, мында бир беткей маселе жок, ар кандай болушу да күтүлөт. Баланын же болбосо окуучунун табигый индивидуалдуулугу гана бардык маселени чечпейт. Анда албетте, табигый генфонддук, биологиялык (ата-эне тарабынан тукумдап берилген) программалоонун (шык) таасири болот. Бул тууралуу сөзүбүз кургак болбос үчүн төмөндө мисал келтире кетсек туура болчудай. Новатор-педагог Васи́лий Алекса́ндрович Сухомли́нский өз уулуна төмөндөгүдөй кат жазган: “Шык дегенди адамды адам кылган кишилер – аны тарбиялагандардын баары жарата алышат. Бирок көрөңгөсү бар адам өзү да өз шыгын жаратат. ...Иоганн Себастьян Бахтардын тукумунда 58 музыкант болгон. Чоң атасынын атасы, чоң атасы, атасы – музыкант... Анткени бул тукумда төрөлгөн баланын көз ачып көргөнү, укканы, таасирленгени музыка болгон. Айланасына көргөн, уккан алгачкы сулуулук – музыканын үнү, тандганы, суктанганы – музыка болгон, адамдын алгачкы сыймыктануусу – музыканын жагымына ырахаттануу...” [4, 11-бет] Ооба, каттын мазмунунда шыктын тукум улашы тууралуу абдан туура айтылган. Кээде ошол шыкты өзгөртүүгө, өркүндөтүүгө туура келген учурлар болот. Өзгөртүү, максатка ылайык өркүндөтүүнүн мүмкүндүгү – чыгармачылык ишмердүүлүктү талап кылат. Мындан улам чыгармачылык ишмердүүлүк деген эмне? деген суроо туулат.

Жалпы маанидеги ишмердүүлүк – баланын (окуучунун, адамдын) кандайдыр бир предметке багытталган иш-аракети болуп саналат. Психолог А.Н.Леонтьевдин ою боюнча ишмердүүлүк – окуучунун же баланын өз алдынча изденип, чечкиндүү кадамдарга барып, максатка жетүүгө болгон аракетти милдет менен шартка ылайыкталышы мотивацияга көз каранды. Демек, адабият сабагында өтүлүп жаткан теманы өздөштүрүүдө окуучуну кызыктырууга «мотивация» деген түшүнүк жардамга келет. «Психология боюнча “мотивация”деп адамга болгон сырткы таасирди, ал аркылуу организмдин активдешүүсүн айтабыз. Натыйжада адам сырттан болгон таасирдин негизинде түрдүү жагдайга туш болот жана өзүнүн максатына, талабына, кызыгуусуна ылайыкташтырып ал таасирлердин кээ бирлерин жагымдуу кабыл алса, кээсине анча жагымдуу реакция жасабайт. Мунун негизинде адамдын жагдайга оң же терс мамилеси пайда болуп, аларды тандоо процесси башталат» - дейт А.Ибраев. [3, 66-бет] Чындыгында эле, иш-аракетти жасоого шыктандырган түрткү (мотив) жана ал түрткүнүн адамга керектүүлүгү болууга тийиш.

Демек, иш-аракетти жасоого шыктандырган мотивация белгилүү бир максатты көздөйт, а максат болсо жасалган иш-аракеттин натыйжасында чыкчу жыйынтык. Практикада байкалгандай, качан гана окуучу ички руханий керектүүлүгүн канаттандырууну, тактап айтканда, билим алуу муктаждыгын сезүү менен кандайдыр бир маселеге кызыгып, башка ишти токтотуп колуна китеп алса ишмердүүлүк өзү тарабынан өнүгөт. Ал эми ошол китепти – “жакшы баа алыш үчүн”, “мугалимден кутулуш үчүн”, “ата-эненин талабын орундатуу үчүн”, “бирге окуган классташтарынан артта калбоо үчүн” же “өз беделин түшүрбөө үчүн” окуса ишмердүүлүк эмес иш-аракет болоорун эске алышыбыз керек. Ал эми иш-аракет болсо ишмердүүлүктүн бир бөлүгү,

аны өнүктүрүү керек. Демек, биз жогоруда сабакка койгон өнүктүрүүчүлүк максат мына ушундай кадамдардын болушунан көз каранды. Мугалим максаттуу түрдө окуучунун ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө басым жасашы зарыл. Ушул жерден эскерте кетүүчү нерсе: мугалим өзү күткөн натыйжага ээ болушу да, болбошу да мүмкүн. Андыктан, максатка жетүүнүн милдеттерин коң билиши керек деген ойдобуз. Максат, милдет, керектүүлүк, пайдалуулук, мотив (шык, түрткү) – ишмердүүлүктүн өтө маанилүү бирдиктери болуп эсептелет.

Окуучулардагы ишмердүүлүктү өркүндөтүү боюнча макаланын аталышына кайрылсак. Муса Жалилдин чыгармачылыгы орто мектептин VII классынын окуу жүгүндө «Классикалык Чыгыш адабиятынан» деген бөлүмгө кирип, анда М.Саади [1, 347-б.], Н.Хикмет [1, 353-б.], Р.Гамзатовдордун [1, 377-б.], чыгармачылыгы менен кошо окутулуп, анын «Алман элинде», «Ишенбе», «Эрк», «Айрылуу», «Ачынуу саптары», «Кул», «Доско», «Белегим» деген чыгармаларын окутуу каралган [1, 364-376-бб.]. Мында адабият мугалиминин көңүлүн бура турган жагдай, чыгыш адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы жана өмүр таржымалын таасирдүү окутуу, ошондой эле, Муса Жалилдин чыгармачылыгын окутуу менен балдарга жеткиликтүү билим жана тарбия берүү.

Татар элинин улуу акын Муса Жалилдин калеминен жаралган чыгармалар бир гана татар элине эмес, дүйнөдөгү башка элдердин бардыгына кеңири белгилүү, тарыхты эске салган, анан ошол чыгарманын өзөгүндө жашоо, дүйнө, адамдык касиет, асыл нарктар, адамкерчилик сыяктуу түрдүү маселелердин камтылышы кимди болбосун ойго салбай койбойт. Демек, бул жагынан алганда Муса Жалилдин өз өмүрү жана башынан өткөндөрү дал ушул адамдыктын айланасында болгондугун сезебиз. Мусанын өмүрү да, өлүмү да патриоттуулуктун туу чокусун даңазалоого мисал боло алат десек жаңылышпайбыз.

Мына ушуну окуучунун аң-сезимине киргизип, дилине салышыбыз керек. Анын чыгармаларында, ырларында досту – шертентип, кубат берип, душманды – тайдырып, жалтандырып, жаштыгын жана кан-жанын эли-журтуна арнап, ар кандай азап-тозоктон, кыйноодон, өлүмдөн коркпой, эркин жашоону даңазалагандыгы көрүнүп турат.

Андыктан, акындын чыгармалары да, өмүр таржымалы да жаш муундарды тарбиялоодо кандайдыр бир өз орду бар. Мугалим Мусанын өмүрү, таржымалын мурдатан даярдап, проектрден көрсөтсө, окуучу ал жөнүндө китепке караганда мультимедиялык ыкма менен берилген маалыматты окуп, эсинде, жадымында сактаар эле деген ойдобуз. Албетте, ал маалымат китептен алынбастан, башка маалыматтык булактардан (интернеттен, көркөм адабияттардан, телебаяндардан, же болбосо даректүү фильмдерден ж.б.) алса болот. Муса Жалилдин өмүр таржымалын интернеттин https:үүru.wikipedia.orgYwikiY Муса Джалиль (тат. Муса Җәлил, Musa Cəlil, موسا جليل) сайтынан орус тилинде таап, аны кыргызчага которуп, төмөндөгүдөй маалыматтарды берип көрдүк:

Туулган жери, ата-энеси:

Муса Мустафович Жалил (Залилов) 1906-жылы Орусиянын Оренбург губерниясында Мустафино кыштагында туулган. Атасы – Мустафа Залилов абдан жумшак, мээримдүү болгон. Айылдаштарынын айтуусунда Мусанын атасы орто бойлуу, сары киши болгон. Аны акылдуу, эмгекчил адам катары баары сыйлашкан. Ал алакандай жерин сатып, айылдан шаарга көчүп, кайта шаардан кыштакка келип, бала-чакасын багуу үчүн кыштактан да, шаардан да жарытылуу оокат таба албагандардын бири эле.

Апасы – Рахима Залилова абдан боорукер, бирок балдарына талапты кое билген эң мыкты тарбиячы болгон. Ал сабатсыз болсо да өзгөчө таланттуу, акылдуу эле. Дайыма балдарына: “Чыныгы адам эң биринчи өзүн эмес, элди ойлойт” – деп айтуудан чарчоочу эмес. Бала кезинен элдик ырларды мыкты аткарган. Оренбургдагы бир кесим нан, бир тамчы керосин жок катаал мезгилде балдарын тегеректетип алып, байыркы татар элинин ырларын ырдап берчү. Энесинин ырларын уккан балдары бир канча убакытка чейин ачкалыкты унутуп, уктап калышчу.

Балалыгы:

Муса үй-бүлөдө алтынчы бала. Оренбургдун мелжиген чексиз талаасында анча чоң эмес Мустафино кыштагы орун алган. Мына ошол кыштакта Мусанын балалык чагы жокчулукта өткөн. Бул кыштактагы балдардын бардыгынын балалыгы бирдей болгон. Кышында эртеден кечке көк муштум болуп муз тээп, жаздын жылуу күндөрү башталганда жашынмак ойноп, жүрүшкө чыгып, от жагып, ага картошка бышырышып, жапайы пияз жана сарымсактарды чогултуп, алча теришчү. Бак-дарактарга чыгышып ойношо турган. Муса балык кармаганды абдан жакшы көргөн. Неть деп аталган дарыя анын балалыгына күбө болгон. Дарыянын жээгине каздарын, музоо

кайтарып, балык кармачу. Күзүндө ата-энеси менен бирге чөп чаап, жыйнаганы талаага барыша турган.

Билими:

Муса Оренбургдагы «Хусаиния» медресесинде окуп, анда дин таануудан (теология) башка адабият, сүрөт, ыр сыяктуу светтик сабактарды да өздөштүргөн. Муса 10, 11 жаштан баштап ыр жазган, бирок тилекке каршы, алар жоголуп кеткен. Ырларын 1916-жылдан тартып жаза баштаган. Эң алгачкы ырын «Бехет» деп атап, 13 жашында жазган. 1934-жылга чейин анын бир нече ырлар жыйнагы татар тилинде, ал эми «Муса Жалилдин ырлары» деген жыйнагы орус тилинде басылып чыккан. 1927-жылы ММУнун этнологиялык факультетинин адабият бөлүмүнө тапшырган. 1931-1932-жылдары татар балдар журналынын редактору, 1933-жылдан баштап «Коммунист» аттуу татар гезитинде адабият жана искусство бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Москвадан А.Безыменский, А.Жаров, М.Светлов өндүү советик акындар менен таанышкан. Жаштар менен иш алып барган. Анын сунушу боюнча татар адабиятына А.Алиш, Г.Абсалямовдор келип кошулушкан. 1939-1941-жылдары Татар АССРинин Жазуучулар Союзунун жооптуу катчысы жана Татар опералык театрынын адабияттык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Согушта:

Муса Жалил гражданднык согуштун катышуучусу болгон. Согуш башталганда ал өз ыктыяры менен кандуу казатка жөнөгөн. Майдандан да ал калемин таштаган эмес. 1941-1942-жылдардагы ырлары «Замбирекчинин анты» деген ат менен өзүнчө жыйнак болуп чыгат. Ал ырларында бардык күч душманды талкалаш үчүн жумшалсын деп үндөгөн. Бөлүктөрдүн биринде саясий кызматчы болуп иштеп, Волохов фронтуна жиберилип, 1942-жылдын июль айында оор жарадар болуп, аргасыздан душмандын колуна түшкөн. Акын тирүү туткунга түшкөнчө өлүп тынууну артык көргөн.

Түрмөдө:

Кийин Муса түрмөдө отурат, бул жерден да калемин таштабай ырларын өз элинин жаркын келечеги, азаттыгы тууралуу жазат. Муса түрмөдө отуруп «Моабит дептери» аттуу ырлар жыйнагын жазган. Ыр жыйнакта акындын 115 ыры болгон. Бул ырлар жыйнагы – Муса Жалилдин эң акыркы, баасы чексиз, кымбат китеби. 1946-жылы согуш туткуну Нигмат Терегулов Татарстандын Жазуучулар Союзуна М.Жалилдин алтымыштан ашык ырлары жазылган блокнотун алып келген. Бир жылдан кийин Брюсселдеги советтик элчиликке экинчи дептери келген. Аны Муса менен Моабит түрмөсүндө бир камерада бирге отурган белгиялык досу Андре Тиммерманс алып чыккан. Муса акыркы жолу Андреге өзүн жана анын татар досторун жакында өлтүрөөрүн айтып, ыр жазылган дептерин Мекенине тапшырып коюусун А.Тиммерманска аманат кылып калтырган. Анын дагы бир ырлар жыйнагын согуш туткуну Габбас Шарипов алып келген. Н.Терегулов менен Г.Шарипов чогуу камалып, кийинчерээк Терегулов лагерде көз жумган. Шарипов болсо 10 жыл жазасын өтөп, кийин Волгоград областында жашаган.

Муса Жалилдин аты өчпөйт:

1956-жылы 2-февралда СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен немецтик-фашисттик душмандарга каршы күрөштө эр жүрөктүүлүк менен кызмат өтөгөндүгү үчүн Муса Жалилге «Советтер Союзунун Баатыры» деген наам ыйгарылган.

Казандагы татар мамлекеттик академиялык опера жана балет театры Муса Жалилдин атын алып жүрөт;

Москва шаарында №1186-татар элинин этномаданий билим берүүчү мектеп да Муса Жалилдин атынан коюлуп, эстелиги орнотулган;

Мурунку СССРдин курамындагы көптөгөн шаарларда анын атын алган проспект жана көчөлөр бар;

Нижнекамск шаарында М.Жалилдин атын алып жүргөн кинотеарт бар;Удмуртия Республикасынын Ижевск шаарында Мусанын атын алып жүргөн китепкана иштейт;

Назиб Жиганов 1957-жылы акындын эрдигин даңазалаган «Джалиль» операсын жазган;

Ю.М.Корольковдун 1960-жылы жазылган «Кырк өлүмдөн кийин» деп аталган китеби Муса Жалилге арналган;

Сагит Агиш 1964-жылы Муса Жалилдин балалык, жаштык чагына арнап «Жердештер» повестин жазган;

Оренбург областына караштуу Шарлык районунун Муставино кыштагында ага арналган музей бар.

Муса Жалилдин эмгектери:

1. Муса Жалил. Ырлар жана поэмалар. – Москва, 1934.
2. Муса Джалиль. Замбирекчинин анты. – Казань, 1942.
3. Муса Жалил. Моабит дептери.
4. М.Жалил. Үч томдук чыгармалар жыйнагы (Татар тилинде) – Казань, 1956.
5. М.Жалил. Тандалмалар / Ганиев В. – Москва: Көркөм адабият, 1966.
6. М.Жалил. Тандалмалар. – Москва, 1976.
7. М.Жалил. Тандалган чыгармалар Ү Мустафин Г. – Москва: Советтик жазуучу, 1979.
8. Мусанын чыгармачылыгын изилдеген бир нече илимий иликтөөлөр жүргүзүлгөн.

Муса Жалил жөнүндө замандаштарынын айткандары:

Татар жазуучусу Гази Кашшаф: «Муса өлбөс акын… Анын ырларынын маанисин, күчүн кара сөз менен берүүгө мүмкүн эмес. Мусаны эмнеге гана толкундатпасын ал аны поэзиянын назик тили менен бере алган»

Немец жазуучусу Леон Небенцаль: «Мусанын ырлары келечектен үмүттөндүрүп, кубат берчү… Анын ырлары колдон-колго өтүп, туткундар аны жатка билишчү. Бирок жүрөктү титиреткен бул саптарды ким жазганын эч ким билчү эмес…»

Орустун улуу жазуучусу К.Симонов Мусанын «Моабит дептери» аттуу жыйнагын орус тилине которгон. Анын патриоттук ишмердүүлүгүн даңазалап, Жалил жөнүндө 1953-жылы борбордук гезитке макала жарыялаган. Муса жөнүндө мындай деген: «Муса Жалилдин өмүрү – биздин адабиятыбыздын бир бөлүгү».

Казань шаарында М.Жалилдин эстелиги орнотулган. Бул эстелик тууралуу эжеси Х.Жалилова: «…эркиндикке умтулуп, өзүнүн жеңилбестигин көрсөтүп, башын сыймыктануу менен бийик көтөргөн Муса турат. Анын эркиндик үчүн тайманбаган көздөрү алысты тиктейт... Анын ырлары турганда, элинин эсинде жашай берет».

Бул маалыматтардан [1], [5] окуучу М.Жалилдин керт башынан өткөн окуялар менен таанышып, алардын ар бирине маани берип, анын кылган эрдигин, талыкпаган эмгегин баалоо менен бирге, өзү да дал ошол Мусанын жасаган эмгектеринен таасир алып, патриоттук сезимдерге бөлөнөөрү толук мүмкүн. Маалыматтар окуу китебинен айырмаланып, окуучулардын эстетикалык жана патриоттук табитин ойготууга багытталып, кеңирирээк берилгендиктен, окуучуларга кызыктуу болот деген ойдобуз. Слайдда көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде класстер түздүрүү, же пазл чогултуу иши – окуучуларга өтүлүп жаткан сабакты мыкты өздөштүрүүгө жардамга келет. (Класстерлер, пазлдар бар)

Муса Волохов фронтунда душмандар менен салгылашып жүрүп, 1942-жылы оор жарадар болуп, аргасыздан душмандын колуна түшкөн акын тирүү туткунга түшкөнчө өлүп тынууну артык көргөн дебедикпи. Ал өзүнүн туткун болуп калганына тынчсыздагандыгын ыр саптары аркылуу билдирип, актаныш үчүн эмес, чындыктын чыркыраган кыйкырыгы менен өз элинен кечирим сурайт. Муну абдан таасирдүү жазылган “Ишенбе” деген ырынан билсек болот. Адегенде бул ырды мугалим үн кубултуп, көркөм окуп бергени туура. Андан соң ар бир окуучуну көркөм окутуп, жаттоо үчүн тапшырма берсе да болот. Ырларынын негизги идеялык мазмунун чын жүрөктөн айтылган «анты» тастыктайт:

Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Жолдо чарчап, жыгылган» деп келишсе,
Ишенбегин жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, мени достой көрүшсө.
Каным менин кызыл тууга жазылган,
Ыйык антым сүрөйт алга барууга.
Акым барбы жыгылууга чалынып,
Акым барбы чарчап артта калууга.
Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Элди, жерин сатты» дешип жүрүшсө,
Ишенбегин жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, мени достой көрүшсө.
Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Муса өлгөн» деп башка кайгы үйүшсө,
Ишенбегин жаным!

Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, эгер мени сүйүшсө.
Топуракка тулку боюм көмсө да,
Көмө албастыр ырга толгон көңүлдү.
Чындыгында өлдү дешке болобу,
Жеңиш менен мындай өлгөн өмүрдү. [1, 366-бет]

Ооба, Муса Жалилдин чын ыкыластан айтылган кеменгер сөздөрүнөн душманга каршы турууда – өтө күчтүү кууралды, кимди болбосун алдыга үндөй турган мотивацияны байкоого болот. Албетте, согуш катаал, ырайымсыз болгондугу менен элдин үшүн алып, үрөйүн учурат. Кээ бир учурларда эл зомбулукка чыдабастан душман тарапка өтүп кетүүсү да күтүлгөн. Мындай учурда элди кайратка, сабырдуулукка чакыруу ар кимдин эле колунан келе бербейт. Ал эми акындын ырларынын ар бир сабы элдин духунун майтарылбай, бекем болушуна дем болуп турган. Бир сөз менен айтканда акын ар бир ырында өз элинин ой-максат-тилеги, эртеңки эркин турмушу тууралуу үмүтүн жогорку чеберчиликте сүрөттөп бере алган. Акындын ой-тилеги – анын ырларынын негизги идеясы деп айтууга негиз бар. Дегенибиз, Муса туткундуктун тузун татып, өз керт башынан өткөрүп, өз жону менен сезип, андан улам өзү сыяктуу кордук көргөн мекендештерине дем-күч берип, аларды кайратуу, чыдамкай болууга үндөгөн саптарды жаратат. Ал адамдын эркиндигин эң биринчи даражага коюп, көз ирмемге тете өмүрдө эркиндикте жашоону турмуштук негизги позиция катары карайт.

Сабакты жыйынтыктоодо бир нече тапшырмалардын аткарылышы талап кылынат. Алсак, ырларын чечмелеп айтып берүү, жатоо, өмүрү тууралуу ой толгоолорду жазып келүү ж.б. Ырларын чечмелеп, мазмунуна түшүнгөн окуучулардын патриоттук духу ойгонуп, келечекте мекен үчүн күйүп-жанган атуул болууга аракет кылат. Муса Жалилдин чыгармачылыгы, өмүр таржымалы тууралуу алган билимдерин, пикирлерин, көз караштарын ар кандай таяныч материалдар, туюнтма белгилер, таяныч таблицалар аркылуу көрсөтө алышат.

Адабияттар:

1. Алымов Б., Муратов А. Кыргыз адабияты: Орто мектептин 7-классы үчүн хрестоматия окуу китеби. – 2-басылышы. – Бишкек: “Билим-компьютер”, 2007. – 400 б.
2. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. – Москва, 1991. – 111б.
3. Кыргыз тилин өзгө тил катары окутуунун лингводидактикалык проблемалары / китепте: Ибраев А. Мотивация жана өзгө тилдерди окутуу маселелери. – Каракол, 1995.
4. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат. – Фрунзе: Мектеп, 1983, 151-б.
5. https:үүru.wikipedia.orgYwikiY Муса Джалиль (тат. Муса Җәлил, Musa Cəlil, ليلجه مو سا) интернет сайты.
6. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика. – Бишкек, 272-бет.

N.D. Tilekova- Kyrgyz Uzbek University
Head teacher,
zhypar@inbox.ru

Analysis of Musa Jalil’s works and their teaching methods

УДК: 378.14.

Төлөнова Г.Б., ОшМУ

Куратордук саатта «Эне тил болбой, эл болбойт» темасын өтүүдө интерактивдүү усулдарды пайдалануу

Аннотация: *Макалада куратордук саатта мамлекеттик тилди окутуунун айрым ыкмалары берилди.*

Ачкыч сөздөр*: куратор, студент, мамлекеттик тил, тил мыйзамы макалдар, ырлар*

Аннотация: *В этой статье даны некоторые методы обучения государственного языка на кураторских занятиях.*

Ключевые слова*: куратор, студент, государственный язык, языковой закон, пословицы, стихотворение*

Студенттердин билим деңгээлин жогорулатууда ар бир сабакта интерактивдүү усулдарды колдонуу талаптагыдай жыйынтык берет. Ошондуктан педагогдорго студентердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн өстүрүүнүң жолдорун табууда күчтүү аракет, бекем эрк, чыгармачыл ишмердик керек.

Студент жаштарды тарбиялоо – ар бир окутуучунун кесиптик милдети жана коом алдындагы инсандык парзы болуп эсептелинет. Анткени студенттик тайпада жүргүзгөн куратордун иш-аракети окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн бир бөлүгү болуп саналат.Себеби окуу жайда билим алуу менен кошо тарбиянын түрдүү багыттары боюнча студенттерди инсандык калыптандыруу процесси жүрөт. Ар бир студенттин окуу жайдагы кеңешчиси, жакын адамы–бул куратор. Анткени куратордун жардамы менен студенттердин сабактарга катышуу жана жетишүү көрсөткүчтөрү жогорулап,анын өткөргөн куратордук сааты тайпадагы студенттерди үзгүлтүксүз тарбиялоонун негизги каражаты катары эсептелинип, тайпадагы студенттердин күнүмдүк билим алууга болгон мамилеси, тартиби жумасына бир жолу жыйынтыкталып, көзөмөлдөнүп турулат. Натыйжада студенттердин билим алууга, факультетте өткөрүлгөн ар кандай коомдук иштерге катышууга болгон жоопкерчилиги күчөп, андан ары өнүгүүгө кадам ташталат [2:3].

Окуу жылынын башында кафедра тарабынан бекитилген жылдык иш-план боюнча сентябрь айынын үчүнчү жумасында мамлекеттик тил күнүнө карата “Эне тил болбой – эл болбойт” деген темада куратордук саат өтүлөт. Сабактын максаты студенттерди эли –жерин сүйүүгө, мекенди коргоого, эне тилин кастарлап – кадырлоого, патриоттуулукка тарбиялоо болуп эсептелет. Алгач куратор тарабынан муз жаргыч катары доскага тилге, сөзгө байланыштуу болгон акындардын, жазуучулардын айткан учкул сөздөрү жазылып, доскага илинип, мазмунун талдашат, өз ойлорун кошушат.

Айтматов Ч.:

Ар бир элдин тили – ошол элдин нечен кылымдык акылынан жаралган кымбат мурасы.

Элди түбөлүк эл кылып турган – анын тили.

Акматов К.:

Кыргыз эли турганда, кыргыз тили өлбөйт.

Ахматов Т.К.:

Азыркы учурда тилибиздин ал-абалына кайдыгер мамиле жасагандык элдик тилди да, анын ээси болгон кыргыз элин да,кадырлабагандык болуп эсептелет.

Байтемиров Н.:

Дүйнөдө сандаган эл бар. Анын элдигин, башкалардан бөтөнчөлүгүн белгилеп турган – баарынан мурда тили,… тилине жараша дили, дилине жараша тили.

Бобулов К.:

Кыргыз тили байыркы тилдердин бири катары өзүнүн мүмкүнчүлүгүнөн таптакыр ажырай элек, ал башка тилдер сыяктуу бай, өсүп-өнүгүүдө, ага өтө этият, урмат менен мамиле жасоо керек.

Карасаев Х.:

Тил- адам рухунун түпкү теги, суу ичкен башаты. Ал бүтүндөй элдин тарыхын, тажрыйбасын, дүйнөгө болгон көз карашын, кыбыр эткен кыймылын ушунчалык сарамжалдуулук менен сактап, улам кийинки муундарга өткөрүп берип турат. Андан соң доскага төмөндөгү таблица илинет[1:39]. Куратор студенттерге мамлекеттик тил мыйзамы, гимн, конституция жөнүндө маалымат берет.



Жогорудагы маалыматтардан соң, студенттерге текст таратылып, инсерт ыкмасын пайдалануу менен окушат. Инсерт ыкмасын колдонуунун шарты:

Белги √	Белги +	Белги -	Белги ?
Тексттеги маалымат менен мурда тааныш болсоңор койгула	Силер үчүн жаңылык болсо койгула	Силер билем деген түшүнүккө карама-каршы келсе койгула	Түшүнүксүз болуп, ал жөнүндө кенен маалымат алам десеңер койгула.

ЭНЕ ТИЛ БОЛБОЙ, ЭЛ БОЛБОЙТ

Азыр дүйнө абдан чоң болгонуна карабай, компьютер байланышы күчөп, интернет желелери жалпы ааламды аралап турат. Жаңылыктар ушунчалык көп. Ошол ааламдашуу жүрүп жатканда тилдер да бири-бирине таасир тийгизип, бирин-бири колдонуудан чыгарып сүрүп турат.

Адамзаттын тарыхы ошондой жоголгон өлүү тилдердин эченин билет. Ушул учурда да эчен тилдер өлүп баратат. Алардын ичинде кыргыз тили жокпу деп ойлойсуң. Себеби бул тил да аз колдонулат. Айрым адамдар кыргыз тили илимди камтый албайт, мамлекеттин тили боло албайт дешет.

Жок, андай эмес, кыргыз тили –дүйнөдө эң байыркы тилдердин бири. Жалпы түрк тилдеринин башатын изилдеген Кашкарлык Махмуддун “Түрк тилдери жыйнагы” деген китебиндеги көп сөздөр азыр да кыргыз тилинин курамында колдонулуп келет. Байыркы Орхон-Энесай таш жазууларын окуй келгенде да азыркы биз пайдаланган сөздөр учурайт.

Дүйнөдө кайталангыс ири чыгарма болгон «Манас» да кыргыз тилинде жаралган. Эгер кыргыз тили жарды болсо ушундай чоң байлык ошол тилде жаратылат беле? Же болбосо биздин төкмө акындардын айтыш өнөрү ЮНЕСКО уюму тарабынан кайталангыс өнөр катары бааланат беле? Эгер кыргыз тили жарды болсо акындар айтышып жатып , мурда жаттабай ушунча уйкашкан, мааниси дал келген сөздөрдү таба алат беле… Же манасчылар улуу дастанды айтып жатканда жамгыр, кар, борошого карабай аны уга берген, ооруп жаткан адамдарды да манас айтып, сөздүн керемет күчү менен дарылашкан. Манасты бир тынбай бир нече суткалап айтышчу экен. Бул кыргыз тилинин байлыгы болбой эмне? Кыргыз тили байыркы тилдердин бири. Анткени тил өмүрү-эл өмүрү. Тил-ар бир улуттун негизги улуттук белгилеринин бири.

Тилди сактоо-бул элди сактоо,мамлекетти сактоо.

Ошентип, текст окулуп бүткөндөн кийин жогорудагыдай графа болжолдуу толтурулат. Алган маалыматтарды чагылдырган бул метод ИНСЕРТстратегиясы же маалыматтарды түшүнүү, байкоо каражаты. Эффективдүү окуу жана ойлоо үчүн белги коюунун интерактивдүү системасы (англис тилиндеги аталышынын баш тамгасынан алынган бул процедура) мурунку билимдерди эске түшүрүү менен башталат да, тексттен ал түшүнүктү белгилөө үчүн суроо берүү менен тексттен кезиккен ал маалыматтардын ар кандай түрлөрүн жандыруу методу болуп эсептелинет.

Ошентип, тексттен алынган түшүнүктөр жогоруда көрсөткөн төрт белги аркылуу чагылдырылат. Эскерте кетүүчү нерсе ар бир сүйлөмгө белги коюунун кажети жок. Адегенде текстти толук окуп алып туруп,кийин экинчи ирет окуй баштаганыңарда койсоңор болот. Кээде кое турган белгилериңер кээ бир абзацтарга туура келиши мүмкүн, ошондуктан белгини текст окулуп бүткөндөн кийин койгон оң [3:55].

Талкууга алынган текстти жыйынтыктоо максатында студенттерге эссе тапшырма катары берилет.

Андан соң куратор тарабынан студенттерге көркөм окуу үчүн акындардын ырлары таратылып, убакыт берилет. Студенттер ырларды көркөм окуп, мазмунун талдашат.

1-студент:

Кыргыз тили

Эскертип айтып турган бирин миңин,
Адамдын жер экөөнүн биримдигин.
Кулпурган табияттын көрүнүшү,
Так ошо-менин сүйгөн эне тилим.

Мен болсом эл ичинде миңдин бири,
Аз эмес ыр жандуулар менден ири.
Башканы айтып, эмне кереги бар,

А мени акын кылган кыргыз тили. **(Н.Байтемиров)[5:131]**

2-студент:

Эне тилим

Отко салсаң, чокко салсаң күйбөгөн,
Жоголгон жок, кеткени жок дүйнөдөн.
Эне тилим нечен кылым карыткан,
Ушул тилде бабам Манас сүйлөгөн.

Турган чакта жергебизде аш толуп,
Эне тилим жадырасын жаз болуп.
Эгерде ким эне тилин жерисе,
Катып калсын, кыймылдабай таш болуп.

(Д.Юсупов) [5:164]

3-студент:

Эне тилим – канатым

Тилиң барбы – журтсуң, элсиң, пендесиң
Тагдырыңды, тарыхыңды жиктеген.
Бул жарыкта тилсиз болсоң, айла жок,
Бир макулуксуң жан ачыта тиктеген.

Менин тилим – күч канатым, кут тилим,
Манас бабам жар чакыра сүйлөгөн.
Бул жашоонун бүтпөс ыры сыяктуу
Бүт өмүрдө төл тилимди үйрөнөм!

(Т.Жороев) [1:171]

4-студент:

Эне тил

Эне тилди энем мага үйрөткөн,
Эне тилде энем мени сүйлөткөн.
Эне тилде өз атымды билгенмин,
Эне тилим сырын ачты дүйнөнүн.

Эне тилим башка тилди үйрөттү,
Эне тилсиз дилим аны сүймөкпү?
Эне тилсиз өзгө тилдин куту жок,
Эне тилсиз өзгө тилдин жыты жок

(Т.Байзаков) [5:136]

Жыйынтыгында бул куратордук сааттан студенттер Мамлекеттик тил статусу жөнүндө маалыматтарды алышып, тил жөнүндө макал–лакаптарды, акындардын ырларын окушуп, талдашып, талкуулашып, алардын чыгармачылыктары жөнүндө көптү билүүгө жетишишет. Эне тилибиздин тагдыры-улутубуздун тагдыры экендигин жан дүйнөлөрүндө калыптандырышып, аны сыйлап кадырлоону үйрөнүп, таалим – тарбия алышат.

Адабияттар

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Жогорку мектепте “Кыргыз тилинин практикалык курсун” окутуунун кредиттик технологиясына негиздеп үйрөтүү. Бишкек – 2013. -52бет.
2. Куратордук журнал. Түзгөн: Божонов З. ОшМУ, 2013.-3-бет.
3. Үкүева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий – педагогикалык негиздери. – Ош-2012-ж.-55-бет
4. Чокошева Б.С., Акунова А.Р. Кыргыз тилинин практикалык курсу. 1-бөлүм – Бишкек2010
5. Эне тил – улут тагдыры. Түзгөндөр: Жалилов А., Абдиманап уулу А. - Ош, 2009

Osh SU, FJC
Teacher: Tolonova G.B
zhypar@inbox.ru

Using class leader with the interactive theme of "If you don't have your mother tongue, you are not a person"

Annotation: *This article is devoted to teaching the native language with special methods using class leader at the Universities*

Key words*: curator(class leader), a student, a native language, proverbs, poems.*

УДК: 494.3:894

Турганбаев Н.О., ОшМУ
Кыргыз тил илими кафедрасы, доцент, ф.и.к.

Лексикалык редупликация

Аннотация: *Бул макалада берген мааниси боюнча окшош, бирок башка–башка тыбыштык курамдардан турган сөздөр тууралуу кеп болот.*

Аннотация: *В этой статье речь идңт о словах с одинаковым значением, но разными по звучанию.*

Annotation: *In this article same meaning words, but different meaning in sounding are analyzed.*

Ачкыч сөздөр*: кайталанган сөздөр, жасалма сөздөр, кошумча сөздөр, интонема, лексикалык редупликация ж.б.*

Тил илиминде **редупликация** деген термин кездешет. Латын тилинен которгондо **(reduplikatio) "кайталоо"** дегенди билдирет. Редупликация тыбыштык деңгээлде, графикалык деңгээлде, лексикалык деңгээлде, морфемалык деңгээлде, сөздүк деңгээлде болушу мүмкүн. Бир эле маанини туюнтуп бирок эки башка тыбыштык курамга ээ болгон сөздөр кездешет Биздин бул чакан макалабызда ошондой көрүнүштөгү, тактап айтканда, **лексикалык редупликация** тууралуу сөз болмокчу.

Кыргыз лексикасы эки жол менен байыйт. Ички булактын жана сырткы булактын эсебинен. Тыбыштык курамы башка–башка уңгудан турган сөздөр, айрым учурда бир эле маанини берип калат. Буларды синоним сөздөр деп айтууга да болбойт. Анткени бирдей мааниде болгон учурда бири экинчисин лексикондон архаизм сөздөрдүн катарына сүрүп чыгарат. Ал эми эки варианттуу сөздөрдүн бири дээрлик сырткы булак аркылуу кирип калат. Сырткы булак болуп кыргыз тилинен башка тектеш жана тектеш эмес тилдерден кирген сөздөр эсептелинет. Көбүнчө монгол, орус, фарсы, кытай ж.б. тилдерден кирген сөздөр көп учурайт.

Кайталанган сөздөр: **ормон токой, мар жылан, додо дөбө, торпок тана, кыш кыроо, катын калач, оюн-зоок** ж.б.

Бүгүнкү күндө бул сөздөр катар айтылган учурда биринчи же экинчи компоненттеги сөз жанындагы сөздүн маанисин күчөтүү үчүн колдонулгандай туюлат. Мисалы, "Токойдо отун жок, - деген сөз айкашы менен "Ормон токойдо отун жок, - деген сөз айкашынын маанилери ойду туюнтуу жагынан айырмаланып турат. **Ормон** деген сөз айкаша келген учурда, "жыш токойдо", "чычкан мурду аралагыс токойдо", Чытырман токойдо" деген маанилер камтылгандай туюлат. А, чындыгында "ормон" деген сөз деле "токой" деген маанини туюнтат, "токой" деген сөз деле токойду туюнтат. Байыркы түрк жазма эстеликтеринде "токой" деген сөз кездешпейт, анын маанисин туюнткан **"жыш"** деген сөз кездешет. Байыркы жазма эстеликтердеги ***"Өтүкен жышында"*** (Өтүкендин токоюнда) деген сөз айкашы буга мисал. Ошондой эле, азыркы орус тилинде колдонулган "тугай" сөзү да "токой" сөзү менен маанилеш. "Тольковый словарь русского языка" аттуу эмгекте **тугай** сөзүнө төмөндөгүчө түшүндүрмө берилсе: "Тугай – пойменный лес речных долин пустынной и полупустынной зоны" [1], ал эми "Большой энциклопедический словарь" аттуу эмгекте: **Тугай** (тюрк.), приречные леса на крупных реках полупустынной и пустынной зон Ср. и Центр. Азии, труднопроходимые заросли из тополя, ивы, тамариска, лоха, облепихи и др. В Тугае ворется дикий кабан, тугайный олень, шакалы, камышовый кот [2]. Демек, мындан **токой** сөзү монгол тилинен түрк тилдерине, түрк тилдеринен орус тилине өтүп, улуттун тилдик өзгөчөлүгүнө жараша тыбыштык жактан өзгөрүүгө учурап тургандыгын даана байкоого болот.

Жыш сөзү да “токой” сөзү менен кайсыл бир деңгээлде маанилеш экендигин байкоого болот. Кыргыз тилинин сөздүгүндө: **жыш I** 1. арасы жакын, тыгыз, калың чыккан, коюу. *Биз жыш өскөн жайда чырпыктардын арасына жашынып калдык* (Таштемиров). 2. Калың, жапырт, жылчыксыз. *Аңгыча тоону жыш туман каптады* (Каимов). [3, 522-б.].

Тугай токой сөзү менен мааниси дээрлик бирдей эле. Экөөндө тең токойго байланышкан түшүнүктөр камтылат. Жөн гана тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураган.

Ал эми К.Сейдакматовдун «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү» аттуу эмгекте «токой» сөзү төмөндөгүчө түшүндүрүлгөн: “Бул сөз кыргыз тилине башка түрк тилдеринен келип кирген, түпкү теги боюнча монгол сөзү. Монголчо **тохой** сөзү 1) чыканак; 2) токой (0,32 см. келген узундук чени); 3) *өтм.* суунун, дарыянын имерилген жери” маанисин берсе, татарча **тугай** сөзү “1) суунун, дарыянын имерилиши; 2) суунун жээги, шалба; 3) бадал токой маанисин туюнтат. Кыргыз тилинде **токой** сөзү суу жээгиндеги ийри-буйру жерлерге өскөн бадалдарды гана эмес, тоолордо өскөн жыгачты, калың өскөн массивди да туюнтуп калган. Ушундай мааниде түркмөнчө **токой**, кара калпакча **тогай** сөзү да айтылат” [5, 222-б.].

Демек, “токой” сөзү кийинки мезгилдерде өздөштүрүлгөн сөз болуп эсептелет. Бул сөздөр “Кыргыз тилинин сөздүгү “ аттуу эмгекте төмөндөгүдөй түшүндүрүлгөн:

1. Бак-дарак көп жана калың чыккан аянт. *Жалгыз дарак токой болбойт* (макал). 2. Суулардын, дарыялардын, көлдөрдүн жээгиндеги жана саздуу жерлердеги камыш аралаш чыккан калың бадал, бадал өсүмдүктөр жыш өскөн жер [3, 1191-б.].

Ал эми “Ормон” деген сөздү колдонушканы Р.Тенишев түзгөн “Древнетюркский словарь” аттуу эмгекте төмөндөгүчө берилген:

Orman-лес: bu jerde bir uluk orman bar erdi в этом месте был большой лес [4]. Байыркы доордо түрк элдери **жыш** сөзүн да, **ормон** сөзүн да катар колдонушканын көрүүгө болот.

Ормон. Калың токой. *Тоо жыгачтуу жер болгон, Токой,* ***ормон,*** *чер болгон* (“Манас”) [5, 371-б.].

Бүгүнкү күндө **ормон** сөзүн бир катар түрк тилдүү элдер колдонушат. Аларга татар, казак, кара калпак, өзбек, түрк, түркмөн, азербайжан ж.б. кошууга болот.

Мар жылан Бул сөздөрдүн мааниси да бирдей. Мар деген сөз жылан деген сөздүн маанисин күчөтүп, өтө жаалдуу, ачуулуу, аябагандай чоң, ажыдаар деген маанилерди камтып турат. Экөө тең эле жылан дегенди туюнтат. **Мар** сөзү башка тилдерден киргендиги тууралуу Х. Карасаев өзүнүн “Өздөштүрүлгөн сөздөр” деген эмгегинде төмөндөгүчө түшүндүрмө берет:

Мар 1. (ар.) жылан. *Чөлдө жүргөн кулан бар, Урун* ***мар*** *деп аталат, Уча турган жылан бар* (“Манас”). *Үч бүктөлгөн кара* ***мар****, Көз көргөнүн куткарбай, Тарткан экен кара* ***мар****, Ал кара* ***мар*** *– ажыдаар* (С. Каралаев). [6, 189-б.].

Кыргыздар жыл эсебин туюнтууда колдонулган жаныбарлардын аттары араб тилинде да колдонулат, башкача айтканда, жылан жылы – арабча **мар** жылы деп аталат.

Додо үймөк Үймөктүн өтө чоңдугун, көлөмдүү көрүнүшүн, бийик-бийик болуп жыйналган чөптүн, пахтанын же дагы бир башка көрүнүштүн формасын туюнткандыгын күнүмдүк турмушта кезиктирип жүрөбүз, тактап айтканда, дагы эле биринчи компонент экинчи компонентке күчөтүү, тактоо, ырастоо маанилерин бергендигине күбө болобуз. *Быйыл жаанчыл болгонго чөп калың болуптур, чөмөлөлөр* ***додо, додо*** *болуп калды дейбиз* же энелер кыздарын, - *жуулбаган кирлериң,* - ***додо*** *болуп чыгыптыр, жуубайсыңбы,* - деп урушуп калышканын угуп жүрөбүз. Ал эми **додо** сөзү кайдан келгендиги жана кандай маанилерди туюнтарын Х.Карасаевдин “Өздөштүрүлгөн сөздүгүнөн” карап чыгалы:

Додо (ир.) үймө, үйүлгөн, дөбө, үймөлөктөгөн. *Үстүндөгү гимнастеркасы дал-далысынан айрылган бир казак жигит кыжылдаган* ***додону*** *жарып чыкты да, улакты такымга кысып, айгырдын башын кое берди* (Ч.Айтматов) [6, 95-б.].

Мисалдан байкалгандай, **додо** сөзү адамдардын калың катмарына, көп топтолгон элге карата да колдонула берет.

Бул сөздөрдү жасалма сөздөр менен бирдей кароого болбойт. Жасалма сөздөр уйкаштыруу максатында үндүү тыбыш менен башталса, үндүү тыбыш менен да, үнсүз тыбыш менен да башталганын, үнсүз тыбыш менен башталса, үнсүз тыбыш менен да, үндүү тыбыш менен да башталганын көрүүгө болот. Тактап айтканда, тыбыштык жактан окшош болуп айтылат. Адатта, сөздүн башында каткалаң үнсүз тыбыш турса, жасалма сөзгө каткалаң үнсүздөр да, жумшак үнсүздөр да катыша берет. Ал сөздөр өз алдынча турганда лексикалык жактан маниге ээ болушу да мүмкүн, маниге ээ болбошу да мүмкүн. Маниге ээ болгон учурда биринчи сөзгө маанилеш

болбостон такыр эле башка маанидеги сөз болуп калышы же маниге ээ болбогон тыбыштык курам түзүлүп калышы да мүмкүн. Мисалы: **кой-пой-сой-мой, мал-сал-кал.**

Ошондой эле, бир муундан турган, туюк муундуу сөздөрдө да сингармонизм законуна ылайык үндүү тыбыштар тил күүсүнө карай же эрин күүсүнө карай алмашып калат, тактап айтканда толук эмес сингармонизм кубулушу жүрөт, сейрек учурларда үндөшүү кубулушу бузулуп да калат: **тал-тул, таз-туз, тай-туй, сөөк-саак, карт-курт, жар-журк** ж.б.

Үндүү менен башталган сөздөрдүн жасалма түрүндөгү компоненти үнсүз менен башталып калганын көрүүгө болот: **аңкылдап-чаңкылдап, албырап-салбырап, үңүлдөп-күңүлдөп, эргип-сергип** ж.б.

Жасалма сөздөр боюнча маалымат К. Сейдакматовдун “Сөздүн тыбыштык жагы” аттуу эмгегинде кеңири берилген [5, 54-б.].

Мындан сырткары, лексикада дээрлик сөз болбой келген көрүнүш – **интонема. Интонема** – эки сөздүн айкашкан жеринде же эки сөздүн ортосунда жүрүүчү кубулуш. Тактап айтканда, жөнөкөй сөздөр менен жөнөкөй сөздөр же татаал сөздөр менен жөнөкөй сөздөр айкашып келген учурда эки түрлүү маанини берип калат: **Темир** жолдо жатат – кандайдыр бир темир жолдо жатат – **Темир жолдо** жатат – Поезд өтүүчү жолдо бир нерсе жатат, эмне экени белгисиз. Ушундай кош маанини туюнтуп калган көрүнүш кыргыз тилинде жыш учурайт. Мисал катары күлкүлүү окуяны эскере кетели: *Кемчонтой байдын боз үйүнө акырын кирсе? эч ким жок. Ашканага баш бакса, бир сан эт илинип турат. Аны акырын коюнга катып, сыртта кетип жатса, алдынан бай жолугуп, шылдыңдоо менен: -а, Кемчонтой, сандалып (темселеп деген мааниде) кайда кетип жатасың?, - дейт. А Кемчонтой болсо: - ооба, байым, санды алып кетип жатам, - деп коюп кете берет. Бай үйүнө келсе бир сан эт жок.*

Бул сөздөр семантикасы боюнча кайталанган сөздөргө салыштырмалуу омонимдик катышта болот. Кайталанган сөздөрдө биринчиси экинчисине тактоо, толуктоо, көбөйтүү, күчөтүү маанилерин берип, синонимдик маанини туюнтуп калат. Ал эми интонемада сөздөрдүн тыбыштык курамы бирдей болуп, маанилери башка-башка болгон үчүн омонимдик маани камтылат.

Жыйынтыктап айтканда, сөздүн бир эмес, бир нече мааниси болору ырас. Бир эле маанини туюнткан сөздүн тыбыштык курамы түрдүүчө көрүнүшкө ээ болот. Айрым учурда үндүү же үнсүз тыбыштар алмашып же кошумчаланып келип калса, айрым учурда биринчи компоненттеги сөз менен экинчи компоненттеги сөздүн курамындагы тыбыштар такыр дал келбей, башка эле тыбыштык формадагы сөздөр келип калат. Демек, андай сөздөрдүн бири өздөштүрүлгөн сөз болору шексиз. Жогоруда айтылгандай, ошондой кайталанган сөздөрдүн маанисин, этимологиясын, жалпы эле табиятын ачып берүүгө аздыр-көптүр аракет кылдык.

Адабияттар

1. Коллектив. Тольковый словарь русского языка. –М.
2. Коллектив. Большой энциклопедический словарь. –М.
3. Коллектив. Кыргыз тилинин сөздүгү. “Авразия”, Бишкек, 2010, 522-б.
4. Под ред. Р. Тенишева. Древнетюркский словарь. –Л., 1969, 371-б.
5. К.Сейдакматов. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. Фрунзе, 1988, 222-б.
6. Х.Карасаев. Өздөштүрүлгөн сөздөр. КСЭнин башкы ред. Фрунзе, 1986, 95-189-б.б.
7. К.Сейдакматов. Сөздүн тыбыштык жагы. “Абыкеев А.Э.” ЖМБ Бишкек, 2007, 54-б.

Turganbaev N.O.Docent- OshSU
Email: nurmamat64@mail.ru

Lexical Duplication

Annotation: In this article same meaning words, but different meaning in sounding are analyzed.
Key words: repeated words, false words, additional words, lexical duplication

УДК: 371.3:42

Н. С. Турганбаева, Н. Т. Коргонбекова,
ОшТУ, мамлекеттик тил кафедрасы
улук окутуучу, окутуучу

Элдик оозеки чыгармаларда достук идеянын берилиши

Аннотация: *Бул макалада элдик оозеки чыгармалар жаш муундарды тарбиялоодо кылымдар бою жыйылган бай тажрыйбалардын негизинде маданий булак катары муундан-муунга өтүп келе жаткандыгы каралган.*

Аннотация: *В этой статье показаны пути воспитания подрастающего поколения через устное народное творчество кыргызского народа.*

Өсүп келе жаткан жаш муундарды мындан ары да азыркы мезгилдин талаптарына ылайык тарбиялоонун методдорун, формаларын, каражаттарын өркүндөтүү боюнча ар кандай иштиктүү чаралар көрүүгө талап кылынат. Мындай аракеттердин бири болуп студенттерди интернационалдык достукта тарбиялоодо, тарбиянын элдик идеяларын, каражаттарын, үлгүлөрүн таалим- тарбиянын максатына ылайык пайдалана билүү болуп саналат. Себеби, элдик педагогикада же тарбиянын системасында студенттерди достукка тарбиялоонун мыкты үлгүлөрү сакталып калган жана ал нравалык тарбиянын ажырагыс бөлүгү катары илгертеден эле өсүп – өнүгүп келген. Буга мисал болуп эл ичинде, башкача айтканда, элибиздин оозеки чыгармаларында кылымдар бою сакталып келген достук идеялары кызмат кылат. Элдик педагогика деген түшүнүк жалпы эле ар кайсы улуттагы элдердин өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча кылымдар бою жайылган бай тажрыйбасын, билимин, өнөрүн билдирет, ал эми анын ачык-айкын далили болуп ошол мезгилдеги турмушуна мүнөздүү болгон үрп-адаттары, салттары кызмат кылат. Алар чыныгы маданий мурас катары, ошол коомдо жашаган элдин тарыхын, маданиятын, турмуштук ар кандай көз караштарын, бири-бирине болгон мамилелерин чагылдырып турат. Мына ошол себептен элдик оозеки чыгармалар жалаң гана маданий байлык катары эсептелбестен, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо өткөн доордогу элибиздин бай тажрыйбасын жыйнаган, педагогикалык казына катары бааланат да, элибиздин тарбия-таалим системасын окуп үйрөнүүдөгү бирден бир илимий булак болуп саналат.

Жалпысынан алганда, элдик педагогиканын мурастарына болгон мындай көз караш өткөн муундар тарабынан жаралган маданий байлыктарды сактай жана учурдун талабында пайдалана билүү жөнүндө максат туура келет. Өз жазма адабияты болбогон башка айрым элдер сыяктуу эле кыргыз эли да өзүнүн көптөгөн кылымдардан берки тарыхый айлана-чөйрөгө болгон көз карашын, бири-бирине болгон мамилелерин өзүнүн элдик оозеки чыгармаларында сактап келген. Буга мисал болуп кыргыз элинде ушул убакка чейин жашап келе жаткан оозеки чыгармачылыгындагы: макал-лакаптар, жомоктор, уламыштар, акыл-насаат ырлары, поэмалар, эпостор кирет. Оозеки чыгармачылыктын бул түрлөрүнөн элибиздин жаштарды жана балдарды Ата-Мекенди, эл-жерди сүйүүгө жана аны коргой билүүгө, эмгекти сүйүүгө, улууну урматтоого, кичүүнү сыйлоого, сылыктыкка тарбиялоо жөнүндөгү көптөгөн прогрессивдүү идеяларды кездештиребиз. Ошону менен катар алар элибиздин баарына кымбат гумандуулук, патриоттук, достук, жолдоштук идеяларын чагылдырып турат. Элдик түшүнүктө бул сапаттар адептүүлүктүн ажырагыс бөлүгү жана бирден-бир көрсөткүчү катары бааланат. Башкача айтканда, адамдардын бири-бирине болгон достук, жолдоштук мамилелери алардын башкы нравалык сапаттарынын көрсөткүчү катары кызмат кылат. Ушул себептен кыргыз элинин жаш муундарды тарбиялоо практикасында адамдарга эң кымбат болгон достук, жолдоштук мамилелерин тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулган. Буга мисал болуп элдик оозеки чыгармачылыгында, анын ичинде кыргыз макал-лакаптарында, жомокторунда, эпосторунда, сакталып калган достук жана жолдошчулук жөнүндөгү идеялар эсептелет.

Достукту элибиз эзелтеден эле адамдарга тиешелүү эң жогорку нравалык сапат катары баалап, ал жөнүндө көптөгөн залкар ой пикирлерди айтып келишкен. Алсак, элибиз достукту бакытка теңеген. «Достук бар жерде бакыт бар, ынтымак бар жерде ырыс бар», «жакшы дос жарым ырыс»- деген макалдар достукту элибиз кандай даражада баалаганынын күбөсү боло алат. Демек, элдин түшүнүгүндө бакыт адамга кандай кымбат болсо, достук да ошондой эле кымбат жана баалуу, андыктан аны дайыма кадырлап-барктап, күтө билүү зарыл. Ошондой эле макал-

лакаптардан досу жок адам болбосун, ар адамга анын кайгы капасын, оор шарттарын, сүйүнүчүн, жеңишин, тең бөлүшөөр жан аяшпас досу, жолдошу болоорун билебиз. Андай досту элибиз бир туугандан артык көрөт да: «Жаман бир тууганың болгуча, жакшы досуң болсун»,- дейт. Мындан тышкары макал-лакаптар достук деген эмне, ал кандайча бааланат, сындалат, канткенде достук чың болот, досту кантип тандап, кандайча достошуу керек деген сыяктуу суроолорго жооп берип, адамдар арасындагы достук мамилелерди түздөн-түз чагылдырып турат. Мисалга алсак «Сындалган досту сыйлай жүр», «Эски дос эстен кетпейт», «достук тар кыяда сындалат»,- деген макалдар достукту баалай билүүгө жана күтө билүүгө үндөйт. Ошондой эле эл өтө кыраакылык менен «бою бирди табуу жеңил, ою бирди табуу кыйын»- деп, дос жолдош болуу оной-олтоң иш эмес экендигин, дос, жолдош болуш үчүн адегенде алардын ой-максаты, тилеги бирдей болуш керектигин, башкача айтканда алардагы духовный биримдиктин болушу зарыл экендигин айтып турат. Элдик макал-лакаптардан достуктун жана жолдошчулуктун бирден-бир негизги жана көрсөткүчү болгон ынтымак жана биримдүүлүк жөнүндөгү идеяларды да көп кездештиребиз. Бул болсо элдик түшүнүктө достук, ынтымак, биримдүүлүк деген түшүнүктөр бири-бири менен дайыма тыгыз байланышта экендигине далил. Алсак, «Көп бириксе көл болот», «Алтоо ала болсо, астындагысын алдырат, төртөө төп болсо, төбөдөгүнү алат». «Бирөө бардыгы үчүн, бардыгы бирөө үчүн», «Күч бирдикте» ж.б. ушул сыяктуу макалдар достук, жолдоштук идеялары менен ынтымак, биримдүүлүк идеялары бири-бири менен шайкеш келерин айгинелейт.

Достук идеясын ачык-айрым сүрөттөп, ага үндөп турган элдик оозеки чыгармачылыктын дагы бир түрү-бул кыргыз эл жомоктору. Жомоктор элдик оозеки чыгармачылыктын башка түрлөрүнөн өзүнүн мазмунунун кызыктуулугу жана айтылышынын жөнөкөйлүгү менен балдарды өзүнө тартып, алардын аң-сезиминин өсүшүнө шарт түзөт. Бул жагынан алганда жомоктор илгеркиден бери эле устат үгүтчү, насаатчы катары педагогикалык милдет аткарып келген. Макал-лакаптардан айырмаланып, жомоктордо айтыла турган идея түздөн-түз айтылбастан, жомоктогу окуянын кызыктуу болуп өрчүшү менен жана андагы каармандардын башынан өткөн кызыктуу окуялардын бири-бирине болгон мамилелеринин сүрөттөлүшү менен берилип өзүнө тартат. Улуу жазуучу А. М. Горький: «дүйнөдө үйрөтүүчү күчкө ээ болбогон эч бир күч жок сыяктуу «тарбиялабаган» жомок да болбойт»-деген, жомоктор өзүнүн тарбиялык мааниси жагынан элдик оозеки чыгармачылыктын башка түрлөрүнөн бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Алардын мындай өзгөчөлүгү-ой фантазияны эргиткен терең көркөмдүүлүгүндө, акыл-ой байлыгында, кызык жана сыйкырдуу мазмунунда, стилистикалык жөнөкөйлүүлүгүндө.

Кыргыз эли турмуштук ар кандай окуяларды чагылдырган ар түрдүү темадагы көптөгөн жомоктордун ээси. Жалпыга белгилүү жамандык-жакшылык, бакты-таалай, адилеттүүлүк жана ырайымсыздык, сүйүү жана жек көрүүдөн башка адамдардын арасындагы достук мамилелерди кучагына кеңири камтыган кыргыз эл жомоктору да абдан көп. Жомоктордо достук идеясы көбүнчө каармандардын өз ара мамилелерин, алардын башынан өткөргөн окуяларын сүрөттө аркылуу берилет. Алсак, жомоктордо дайыма башкы каарман болуп, анын жан аягыс досу болот, алар ар дайым бири-бирине жардамга келип, кыйынчылыктарды жеңүүдө бири-бирине акыл кошушуп, кайгы-капасын тең бөлүшөт. Жомоктордон биз достуктун чыныгы үлгүлөрү менен кездешебиз жана достук кандай болуш керек экендиги тууралу пикирлерди жолуктурабыз.

Достук идеясын чагылдырган жомокторго «Эки дос», «Чыныбек», «Элчи бала», «Ырыс алды ынтымак», «Айткан акылдын пайдасы» ж.б. жомоктор кирет. Булардын ичинен тарбиялык мааниси жагынан «эки дос» деген жомок өзүнүн терең мазмундуулугу жана идеялуулугу менен айырмаланат. Жомокто эки дос Чынарбай менен Ашыктын. Чынарбайдын болочок колуктусу перинин кызын издеп табуудагы башынан өткөргөн оор кыйынчылыктары (эки достун перинин кызын табышы, каардуу хан, жез кемпир менен болгон күрөшү, Ашыктын досу Чынарбайдын өмүрүн сактап калышы) жеңүүдөгү бири-бирине болгон мамилелери достуктун чыныгы идеалы катары көрсөтүлөт. Жомоктун башкы идеясы «Жакшы көргөн досуңдан жаныңды аяба»-деген элдик пикирди билдирип турат. Бул идея өлүп бара жаткан досунун өмүрүн сактап калыш үчүн Ашыктын: «Дүйнөнүн бардык кызыкчылыгынан кечтим, досумду аман калтыр»-деп сыйкырчы чалга кайрылуусу аркылуу берилет, жана ушу идеяга байланыштуу жомоктун аягы «дос-доско жаныңды кош» деген элдик сөз менен аяктайт. Ал эми «Чыныбекте» болсо адамдардын өз-ара жардамдашуусу, бирин-бири колдоо идеясы айтылат. Муну биз Чыныбек менен анын өмүрлүк жары Айсулуунун өздөрүнүн эркиндигин – болочок үй-бүлөсүн сактап калуу үчүн болгон күрөшүнөн билебиз. Айрыкча бул идея Айсулуу менен Чыныбектин каардуу бай Сеитчал жана анын уулу Өмүралы менен болгон кармашууда Айсулуунун Чыныбекке айткан акылы, кеңеши,

көрсөткөн жардамы аркылуу даана сүрөттөлөт. «Ырыс алды ынтымак» деген жомоктун да тарбиялык маниси чоң. Бул жомокто ыркы кеткен тогуз уулду атасы кантип бириктирип түз жолго салгандыгы жөнүндө айтылат. Жомокто ынтымактын маанисин терең түшүндүрүү үчүн атасы тогуз тобулгуну бириктирип туруп, аны сындырып берүүсүн балдарынан өтүнөт. Эч кимиси сындыра албаган соң атасы тогуз тобулгуну балдарынын ар бирине таратып берет да, кайрадан сындырууну өтүнөт. Уулдары бириндеген тобулгуну оңой эле сындырышат, анда атасы: «көрдүңөрбү балдарым тогузуңар бирдиктүү, ынтымактуу болсоңор силерди эч ким жеңе албайт, ал эми өз бетиңерче бириндеп жүрсөңөр, силерди оңой эле талкалап, чаап алууга болот» [5:12 б],- дейт. Мына ушундан улам элибизде «Ырыс алды ынтымак» деген сөз калган экен. Бул жомок бир үй-бүлөдөгү бир туугандардын мамилелери жөнүндө болгону менен, анын жалпы эле балдарды достуктун бирден-бир шарты болгон ынтымактуулукка, биримдүүлүккө тарбиялоодогу маниси зор.

Достук идеясы оозеки чыгармачылыгынын эң көлөмдүү формасы болгон эпостордо да белгилүү орунду ээлейт. Эпостордо жалпы эле адамдарга тиешелүү достук мамилелери көрсөтүлбөгөн эл достугу, ар кайсы улуттагы элдердин өз ара достук кызматташтыгы ж.б. карым катнаштары кең-кесири берилет. Бардык эле эпостордо көптөгөн каармандар болуп алардын жан аяшпас достору, жолдоштору бар, алар дайыма бири-бирин колдоп, оор шарттарын тең бөлүшүп, кубанычтарына ортоктош болушуп, эл-жери үчүн болгон күрөштөрдө бирге болушат. Буга «Манас» эпосундагы Манас менен Алмамбеттин достугу, «Курманбек» эпосундагы Курманбек менен Аккандын достугу жана башка эпостордогу каармандардын бир тобу ар кайсы улуттардын өкүлдөрү болуп эсептелет. Алсак Манас-кыргыз, Алмамбет-кытай, Каныкей, Аруке-тажик, Көкчө-казак элинин өкүлдөрү. Ал гана эмес Манастын кырк чоросу дагы эл достугунун үлгүсү: “Нойгуттардын Чубагы
Кыпчактардын Үрбөсү
Кыргыздардын далайы”
деген сөздөр кырк чоронун ар улуттан тургандыгын, бирок ага карабастан «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» дайыма бирге күрөшүп жүргөндүгүнүн далили. Аларды жик-жигинен кетирбей бириктирип турган өз ара сыйлашуу, бир максаттуулук, тилектештик, ата-мекенди коргоо сыяктуу идеялык биримдик бар. Эпосто достуктун негизги белгилери катары өз ара сыйлашуу, жардамдашуу, достор арасында болгон марттык, тилектештик, ынтымактуулук экендиги даана көрсөтүлгөн. Алсак, Манас досунан эч нерсе аябайт, ал жада калса(кыргыз баласына эң кымбат болгон) сүйүктүү аты Аккуланы да тартуу кылат.

“Манасты издеп түркүн эр
Келип жетти Таласка,
Чоро болду Манаска.
Тонсуз келди бир чоро,
Тонсуз келген чорого.
Тон кийгизди эр Манас
Атсыз келген чорого,
Ат мингизди эр Манас.
Малсыз келген чорого
Аргымак, буудан аралаш,
Мал бергизди эр Манас.
Канатсыз келген чорого
Оймок ооз бото көз
Ойкуштаган сулуудан,
Алып берди эр Манас[1]”

Бул болсо достуктун эң бийик даражасы жана шарты. Бирок досун өзүнөн артык көргөн Алмамбет Аккуладан баш тартат, анткени ал Аккула ага караганда Манаска көбүрөөк керек экендигин түшүнөт. Бул болсо достукка мүнөздүү болгон өз ара сыйлашуунун бирден-бир белгиси.

Достук жана эл достугу идеясын айкын сүрөттөп турган дагы бир эпос бул «Курманбек». Курманбек кыргыз элинин боштондук үчүн чет душмандарга каршы жүргүзгөн адилеттүү

[1] Б. Жалиев, Д. Андашев Кыргыз адабияты (Антология) I том Б.: 2012 91-бет.

күрөшүн чагылдырган, патриоттуулуктун жогорку үлгүсүн сүрөттөгөн көркөм чыгарма. Эпосто патриотизм идеясы менен катар эл достугу идеясына кеңири орун берилген. Алсак, эпостун башкы каармандары Курманбек менен Акканды эки эл кыргыз менен уйгурдун бири-бирине болгон жакшы тилек, үмүттөрү жакындаштырып турат. Аккан уйгур элинин сүйүктүү уулу, бирок Курманбекти анын байлыгы кызыктырбайт, баарынан мурда «бүлүндүрбөй асырап, калкалап калың эл баккан» адилеттүү камкордугу өзүнө тартат. Аларда эриш аркак болуп эки элди душмандардан сактоо сыяктуу жалпы биримдик, умтулуу бар. Буга күбө болуп эки достун бири-бирине кылган мамилелери эсептелет.

“Кагылайын дарыкер,
Жан аяшпас досум эле,
Аралжы болгун жанына
Отурам десең коёюн,
Кашкардын кандык тагына
Курманбек.....
О досум[1]”

Курманбек теңсиз күрөштө душман колунан өлгөндөн кийин да Аккан анын эли менен баласына чоң камкордук кылып, душманына каршы күрөштү улантат. Курманбек менен Аккандын чыныгы кайышпас достугу аркылуу көпчүлүк эл эки улуттун-уйгур менен кыргыз элинин эчактан берки достук мамилесин көрсөтүүгө умтулушкан. Мына ушундай, достук, жолдоштук, ынтымактуулук, биримдүүлүк, тилектештик идеяларын чагылдырып турган макал-лакаптарды, жомокторду, эпосторду кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынан көп эле кездештирүүгө болот, бирок кеп алардын аз-көптүгүндө эмес. Маселе таалим-тарбиянын максатында, атап айтканда, жаштарды интернационалисттик достукка тарбиялоодо педагогикалык талаптарга ылайык билгичтик менен пайдалана билүүдө болуп жатат.

Колдонулган адабияттар:

1. А. Алимбеков “Кыргыз этнопедагогикасы” окуу куралы; 1-бөлүм Б.:1996
2. Бешимова Ж. Б. “Сөз берметтери” Б.: 1986
3. “Кыргыз антологиясы”
4. Кыргыз эл жомогу Фрунзе. 1988
5. Кыргыз адабияты (Антология) Б.: 2012
6. “Манас” эпосу 1-2-3-китеп Кыргызстан басмасы Фрунзе. 1978.
7. Макал лакаптар Бишкек. 2003

N. S. Turganbaeva, N. T. Korgonbekova
OshTU state language Deportment
senior lecturer, lecturer
zhypar@inbox.ru

Ideological content of the them of friendship in the oral folk art

Annotation: *In this article showing path of upbringing of the younger generation through oral folk art of the Kyrgyz people*

Key words: *traditions, history, literature, friendship, folk works, proverbs, fairy tales, riddles*

УДК: 81.81.367

Тургунбаева С.Ж., Ош МУ

Тексттеги антонимдик параллелдер

Аннотация: *Макалада кыргыз тилинде колдонулган көркөм тексттерде кездешүүчү айрым антонимдик параллелдерге анализ жүргүзүлдү.*

Ачкыч сөздөр*: параллелдүүлүк, антоним, карама-каршы, жупташуу, текст.*

[1] С. Байгазиев, Э. Хамитова Кыргыз адабияты (Антология) V том Б.: 2012 167-бет

Аннотация: *В статье проводится анализ параллелей некоторых антонимов, которые встречаются в художественных текстттах изучаемых на кыргызском языке.*

Ключевые слова: *параллельность, антонимы, противоположность, двойственность, текст.*

Тилдеги бири-бирине лексикалык маанилери боюнча карама-каршы түшүнүктө колдонулган сөздөр антонимдер (грекче anti "каршы" "карама-каршы," жана onuma "ат", "наам" деген сөздөрдөн алынган) деп аталат.

"Параллел" деген сөздөгү маани геометрияда – парабола, параллелдүүлүк, астрономияда – параллакс, химияда параминофонол деп колдонулган терминдердин уңгусу катары келген "пара" сөзүн бөлүп караганыбызда "Пара"-сөзү грек тилинен алынып, кыргызчалаштырганыбызда "жуп", "түгөй", "шерик" деген маанини берет. Тилибизде пайдаланылган сөздөрдүн грамматикалык жана синтаксистик карым-катнашы бир топ татаал. Поэзияда же прозада болбосун, параллелдүүлүк текстти көркөмдөө, ажарын ачуу, ойду жеткиликтүү берүү максатында тилдик каражат катары кеңири пайдаланылат .

Параллелдүүлүк тыбыштык гармониясын түзүүгө түздөн-түз катышуу менен тексттин уккулуктуулугун, бүтүндүгүн жаратат. Тексттеги оң жана терс кубулуштарды ачык, даана көрсөтүү үчүн бири бирине карама-каршы маанидеги тилдик каражаттар колдонулат. Алар уңгулаш же ар башка уңгулардан болуп, сөз жасоочу жана форма жасоочу мүчөлөр аркылуу түрдүүчө өзгөчөлүктөрдө курулган антонимдерди түзөт. Түрдүү уңгулуу антонимдер карама-каршы мааниде келген ар түрдүү уңгулуу сөздөрдөн жасалат. Мисалы: чын-калп,

Калк айтса- калп айтпайт. (эл макалы).

Калк айтса-чын айтат. (эл оозунан).

"Калп" жана "чын" деген сөздөр -лексикалык антонимдер. Башкача айтканда, сөздүн керт башына тиешелүү болгон мааниси боюнча бири-бирине карама-каршы маанини билдирет. Аткарган синтаксистик кызматтар боюнча "Эмнени айтпайт?" "Эмнени айтат?" болуп экөө тең бирдей толуктоочтук милдетти аткарды. Бирдей түзүлүштөгү сүйлөмдү "чын", "калп" деген антоним сөздөрдүн таасиринде, баяндоочтук милдетти аткарган "айтат", "айтпайт" этиш сөздөрү карама –каршы маанини түшүндүрүп параллел антонимди түздү.

"Жакшы менен достошсоң, жетесиң муратка,

Жаман менен достошсоң, каласың уятка" деген сүйлөмдө, "жакшы" "жаман" деген сөздөр аткарган синтаксистик кызматтар жана лексикалык маанилер боюнча параллел антонимдер.

Бул татаал сүйлөмдөгү "жакшы", "жаман" сын атоочтор заттануу аркылуу "менен" жандоочуна айкашып, деген суроого жооп болуп, синтаксистик кызматы боюнча толуктоочтук милдетти аткарды да, сүйлөм мүчөлөрүндөгү параллелдүүлүктү уюштуруу аркылуу баш сүйлөмдөгү "мурат", "уят" деген сөздөрдүн контесттик антоним катары берилишин шарттады.

Ал эми бир уңгулуу, же морфологиялык антонимдер бирдей уңгуларга карама-каршы маанидеги сөз жасоочу мүчөлөрдүн улануусу менен жасалат. Мисалы: Кайраттуу-кайратсыз. Кайрат-луу=кайраттуу. Кайрат-сыз= кайратсыз.

"Кайрат" деген сөз лексикалык мааниси боюнча дем, күч, дымак деген маанини билдирет. Карама-каршы маанидеги сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу

Бул абстрактуу зат атооч сөздөн бирдей уңгулуу "кайраттуу", "кайратсыз" карама- каршы маанини туюндурга, бир уңгулуу параллел антонимдер пайда болду. Айрым учурларда карама-каршы маанини туюндурбаган эле сөздөр грамматикалык антонимдердин таасиринде антонимдик, катышты билдирип калат. Маселен, "Тапсаң – алдың, Таппасаң – калдың. -деген сүйлөмдү карайлы. Бул мисалда параллелдүүлүктү тастыктоочу кубулуштар арбын. Сүйлөмдөгү антоним сөздөр тыбыштык түзүлүшү боюнча да, синтаксистик аткарган кызматы боюнча да параллелдүүлүктү жаратты. "Тап" деген уңгуга этиштин терс формасын уюштуруучу форма жасоочу мүчөнүн жалганышы аркылуу бир уңгулуу антонимди жаратты.

Сүйлөмдүн баяндоочтору болуп түшкөр "алдың", "калдың" деген сөздөр бир уңгулуу антоним сөздөрдүн тапсаң таппасаң лексикалык маанисинин катышына карай карама-каршы маанини туюндуруп, контекстуалдык антонимдерди жаратты. Сөздөрдүн карама-каршы маанини туюндурушу жалпылануунун негизинде пайда болот. Бул боюнча окумуштуу А. Жалилов: "Антонимдер-тилдик кубулуш. Бирок алардын негизинде обьективдүү дүйнөдөгү предметтердин, кубулуштардын, алардын сын – сыпатынын касиет- сапаттарынын ортосунда абсолюттук жана салыштырмалуу карама- каршылыктар жатат. Ал карама- каршылыктар обьективдүү жашайт жана

тилде антонимдер аркылуу чагылдырылат. Антонимдердеги карама-каршылык бирин-бири жокко чыгарат дегендикке жатпайт. Тескерисинче, карама-каршылык кандайдыр бир жалпылыкка ээ болгон сөздөрдө гана болот ” деген пикирин айтат [4. 150-б.]. Алардын синтаксистик аткарган кызматы боюнча алып караганыбызда, бирдей сөз түркүмүнөн турган лексикалык каражат сүйлөм мүчөсүндө аткарган кызматы боюнча бирдей параллелдүүлүктү жаратат.

Этиш сөз түркүмүнөн түзүлгөн параллел антонимдер да кыргыз тилинде арбын кезигет. Маселен, “Тез кирип, тез чык” деген сүйлөм түзүлүшү боюнча да, аткарган кызматы боюнча да параллел жана сүйлөмдүн баяндоочу этиш сөз түркүмүнөн түзүлгөн антоним сөздөрдөн турду. Мындай мисалдардан көбүн келтирсек болот. Мисалы: отур- тур, кел-кет, токто-башта, ж.б.

Кеп тутумунда катышкан лексикалык, грамматикалык антонимдер, анын ичинен, өзгөчө, этиш сөздөрдө жасалган антонимдер өздөрү парадигматика –синтагматикалык катышта болгон сөздөрдүн контексттик – логикалык антонимдер катары келишин шарттайт. Мисалы,

“Бетеге кетет, бел калат,
Бектер кетет, эл калат.
Осмо кетет, каш калат,
Оомат кетет, баш калат” деген сүйлөмдөрдө катышкан “кетет”, “калат” деген этиштик антонимдердин таасиринде “бетеге”- “бел”, “бек” - “эл”, “осмо”-“каш”, “оомат”- “баш” деген атооч сөздөр өз ара антонимдик катыштагы маанилерде берилди. Айрым учурда камтыган маанилик жалпылыктарына ылайык антонимдер бир сүйлөм ичинде байламталар аркылуу, же маанилик жактан байланышып, бир өңчөй мүчө абалында колдонулат. Маселен,

“Негизи-биз жакшы менен жамандын,
Булагы- биз адал менен арамдын.
Адам-улук, адам-ыйык, адам-пас,
Токсон кырдуу жан экен го адамың” деген сүйлөмдөрдөгү “жакшы- жаман, адал-арам” деген антонимдер бири-бирине “менен” байламтасы аркылуу катышып, бир өңчөй аныктоочтук кызматта келсе, “улук”, “ыйык” деген синонимдик катыштагы сөздөрдүн антоними- “пас” өзүнүн антонимдерине бирдей синтаксистик (баяндоочтук) кызматты аткарышы аркылуу катышты.

Негизи, антоним түшүнүгүн, андай катышта келген тилдик бирдиктерди чектеп кароого болбойт. Ал- кеңири алкакта колдонулган, түрдүү бөтөнчөлүктөрдө туюндурулган, логикалык таанымды талап кылган тилдик- логикалык түшүнүк. Ошондой эле антонимдик түшүнүктөрдү туюндуруучу тилдик бирдиктерди да чектеп көрсөтүүгө болбойт. Кыргыз тилинде антонимдик түшүнүктөр сөз жана сөз айкаштары аркылуу гана эмес, сүйлөмдөр аркылуу да билдирилет. Мисал катары төмөнкү сүйлөмдөрдү карап көрөлү: Аял- турмуш туткасы; очок ээси.-Аял-шайтан. “Алыс жүр аялдардан колдон келсе, эмесе аял деген- кыйын нерсе”. Аял –эне, бейиш эненин таманында.-Тоок куш эне, аял киши эмес. ж. б. Мындай диндик көрүнүштөрдөн адам ой жорумунун, табият, турмуш көрүнүшүнүн көп кырдуулугун, адамзат таанымынын мындай карама-каршылыктуулугун тил аркылуу, андагы антонимдик бирдиктер аркылуу кабылдайбыз.

Ошентип, антонимдик катышта колдонулган сөздөр, сөз айкаштары жана сүйлөмдөр адамзат коомундагы карама-каршылыктуу обьективдүү чындыкты, философия илиминде “Дүйнөдө карама-каршылыксыз өнүгүү болбойт” деген аксеманы айгинелөөчү тилдик бирдиктер болуп эсептелинет. Мындай тилдик түшүнүктөрдү ар тараптан изилдөө жана үйрөтүү тил илининин башкы милдеттеринен болуп кала берет.

Адабияттар:

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили: Бишкек, 1998.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: морфологиялык жана синтаксистик стилистика. 3-китеп. – Б: Бийиктик, 2001
3. Давлатова С. Ж., Кыргыз тили: Ош, 2009.
4. Юдахин К. К Кырыгзча-орусча сөздүк: Бишкек, 1999.
5. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили: Бишкек, 1996.

N. S. Turganbaeva, N. T. Korgonbekova
OshTU state language Deportment
senior lecturer, lecturer

Ideological content of the them of friendship in the oral folk art

Annotation: *In this article showing path of upbringing of the younger generation through oral folk art of the Kyrgyz people*

Key words: *traditions, history, literature, friendship, folk works, proverbs, fairy tales, riddles*

УДК: 82. 378.147.

Тургунбаева С.Ж., ОшМУ

Кыргыз адабиятындагы А. Осмоновду окутууда инновациянын негиздери

Аннотация: *А. Осмоновдун ырларын башкарып окутуу ыкмасы менен окутуунун интерактивдүү усулдары берилди.*

Ачкыч сөздөр: *керемет талаа, талант, поэзия, үй тапшырма, топ, суроо.*

Аннотация: *В статье говорится о применении различных интерактивных методов при изучении поэзии А. Осмонова.*

Ключевые слова: *поле чудес, талант, поэзия, домашняя задание, группа, вопрос*.

Макалада адабият сабагында колдонулуучу жаңы усулдар колдонулуп, студент өткөн теманы өздөштүрбөсө, жаңы теманы жаңы теманы өтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлбөйт.

Кыргыз эл мугалими, профессор И. Бекбоев “Азыркы мезгилде билим берүү системасында окутуунун активдүү технологиясы абдан кеңири колдонулууда. Алардын негизги түрлөрү төмөнкүлөр: дискуссия, оюндар, тегерек стол, акыл чабуулу ж.б. оюнсуз үйрүнүү жок. Окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу супсак болот. Ал гана эмес жаттап алганга караганда ойноо процессинде өздөштүрүлгөн нерсе бекемирээк сактала тургандыгы белгилүү,”- деп, оюндарга чоң
маани берген [1].

Студенттин өткөн теманы канчалык деңгээлде түшүнгөндүгүгүн албетте үй тапшырмасын текшерүү аркылуу билебиз. Үй тапшырмасын суроо үчүн керемет талаасы (поле чудес) оюну. Анда кадимки тоголок барабандын үстүндө желечелер, ал желечелерде тамгалар жана номерлер жазылган болот, бир бетинде суроолор жазылган. Студенттер келишип бир бирден алышат жана жооп бере башташат, ар бир суроого 1 м убакыт берилет.(Ал үй тапшырмасындагы суроолорго жооп берип, жооп берген желечелерди доскага илип жаңы теманын темасын («Алыкулдун ырлары») табышат.

Оюн сабак учурунда педагог көрсөтмө берет, консультация өткөрөт, түшүндүрөт, командаларды түзөт. Оюндун негизи болуп окуулук-оюндук сюжет эсептелет, ар түрдүү оюн ыкмаларын пайдалануу менен белгилүү бир шарттар , эрежелер түзүлөт.

Суроо

№1 Алыкул Осмонов кайсыл жылы, кайсыл райондо, кайсы айылда жарык дүйнөгө келген?(А)

№2 Акындын балалык чагы кандай өткөн?(Л

№3 А.Осмоновдун билими жөнүндө эмнени айта аласың?(Ы)

№4 Ал кандай кызматтарда иштеген?(К)

№5 Акын жөнүндө замандаштары кандай пикирлерди айтышкан?(У)

№6 Алыкулдун үй-бүлөөсү болгонбу? (Л)

№7 Ал кандай оору менен ооруду?(Д)

№8 «Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн!»,- деген ыр саптарына пикирин кандай?(У)

№9 Алыкул Осмоновдун ырларынан жатка айта аласыңбы?(Н)

№10 Алыкулду котормочу катары тааныйсыңбы? Мисал келтир.(Ы)

№11 «Кургак учук оорусу» жөнүндө эмнени билесиң жана кантип андан сактануу керек?(Р)

№12 Акындын эң алгачкы ырлары кайсы жылдары жарык көрүп баштаган? Эң алгачкы чыгармалары кайсылар?(Л)

№13 Акын кайсы жылы канча жашында дүйнөдөн кайтты?(А)

№14 Алыкулдун артында туягы барбы? (Р)

№15 Кайталангыс таланттын ээси Алыкулдай акындардан азыркы учурда кимдерди билесиңер?(Ы)

Студенттердин үй тапшырмасына жооп берген жооптору;

1-суроого жооп: Алыкул Осмонов 1915-жылы азыркы Чүй облусунун Жайыл районуна караштуу Каптал-Арык айылында туулган.
2-суроого жооп; Мен бул суроого мындай жооп бергим келип турат;
Төрөлгөн Каптал – Арыктан,
Жетимдикке чаалыккан.
Кийими түзүк оңолбой,
Кыйналып жүрүп чоңойгон.

Таланттуу акын оор күндөрдү башынан өткөрдү. Бирок ал ага мөгдүрөп, чүнчүп калган жок. Анын үч жашында атасынан, апасынан айрылат. Ошол эле жылы аталаш агасы аны Пишпектеги жетимдер үйүнө өткөрөт. Ошентип Алыкул ата-энесинин эркелеткен сөзүн укпай, киндик каны тамган Кайыңдыдан алыстап, чоочун жерде тарбияланат. Турмушка чоң үмүт менен карап, эр жигиттин курагына жетип, Айдай Жигиталиева деген кызга ашык болот, бирок ал башка жигитке турмушка чыгып кеткенине, катуу өкүнүп чыгармачылык жагынан катуу чыйралат.

3-суроого жооп: Алыкул Осмонов 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат.Кийин акын 14 жашында Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирет. 1933-жылы техникумду бүтөт. 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Кийин ал балдар үйү Токмок шаарына көчүрүлөт. 1925-1928-жылдары балдар үйүндө тарбияланат.

4-суроого жооп: Каралашар кишиси жогунан окуусун аяктай албай айылга кетет, ал жактан да ылайыктуу жумуш табылбай, кайра борбор шаарга келет. “Чабуул” журналынын редакциясында адабий кызматкер болуп иштейт. 1937-1940-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун секретарынын кызматын аткарат. Андан кийин ал көбүнчө чыгармачылык иш менен гана алектенет.

5-суроого жооп: Өмүрү кыска болду, бирок кыска өмүрдө түбөлүктүү өлбөй турган ырлары менен бизге өз жашоосун таштап кетти. Алыкул биз менен дайыма жашайт жана кийинки муундардын жүрөгүндө да жашай бермекчи.

6-суроого жооп: Алыкул эң алгачкы Айдай деген ажарлуу кызга ашык болуп ал махабатына жете албай Зейнеп деген кызга үйлөнөт. Жыпар деген кыздуу болушат. Ал 15 күн жарык дүйнөдө жашап кайра кайтыш болот.

7-суроого жооп: Кыргыздын кыраан акыны Алыкул кургак учук оорусу менен ооруду жана ал оорудан арылалбады. Ал каргашалуу күндөн бери 64 жыл өттү. Бүгүнкү күндө акыныбыздын экинчи өмүрү өкүм сүрүүдө.

8-суроого жооп:
“Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,
Аз да болсо сыртта калар сөздөрүм.
Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,
Буудан болуп таскак салып өтөрмүн!” – миң сырлуу поэзия. Жылдар өткөн сайын көркөмдүк табити улам кеңейип, тереңдеген. Адамзаттын көкүрөктө туюк жаткан көкүрөк сырларын асыл сезимдерин нукура даана чагылдырган.

9-суроого жооп: Биздин жан дүйнөбүзгө ырлардын гүлүн төшөгөн акыныбыздын ырларын сөзсүз түрдө ар бир инсан билүүсү абзел. Мен да ырларынан бир үзүм окуй кетейин.
Ырас өмүр, кандай кыска кандай аз,
Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин, аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.

10-суроого жооп; Таланттуу акын Алыкул Осмонов чыгаан котормочу катары да кеңири белгилүү. Кыргыз окурмандарына дүйнөнүн жана орус классикасынын, совет адабиятынын мыкты чыгармаларын которуп, адабиятыбызга тартуулаган. Мисалы: Грузин элинин улуу акыны Щота Руставелинин “Жолборс терисин жамынган баатыр” аттуу чыгармасы эркин котормонун классикалык үлгүсү десек жаңылышпайбыз. Мындан сырткары В.Щекспирдин “Он экинчи түн” аттуу драмасын, 1942-жылы которгон. А.С.Пушкиндин бир нече ырларын ыр менен жазылган романы “Эвгений Онегинди” толук которгон. Мындан сырткары Лермонтовдун чыгармаларын да которгон.

11-суроого жооп: Кургак учук оорусу өпкө оорусу болуп эстелинет. Бул оорунун эки түрү кездешет. Ачык жана жабык түрү. Эң коркунучтуусу бул ачык түрү. Акыныбыз да мына ушул ачык түрү менен ооруган. Алыкул 3 жашында талаада кароосуз калып, ошол жактан ушул

каргашалуу ажалды тапкан кургак учук оорусун жуктуруп алган. Акын өзүнүн ачык түрү менен ооруп калганын сезип кайда барса да өзүнүн чай пияласын, кашыгын, бет аарчысын көтөрүп жүргөн. Жадагалса жакын жүргөн жолдошторуна жуктуруп албайын деп кооптонгон.

12-суроого жооп: Эң алгачкы жолу 1930-жылдын сентябрь айында “Сабаттуу бол” деген гезитке “Кызыл жүк” деген ыры чыкты. 30-жылдары “Таңдагы ырлар” (1925)”Жылдыздуу жаштык”(1937)”Чолпонстан” 1937 аттуу ырлар жыйнагын басмадан чыгарат.

13-суроого жооп: Алыкул Осмонов кыргыз поэзиясындагы алп акын.Өкүнүчтүү нерсе, акындын өмүрү ушунчалык кыска болду. Ал отуз беш жашында, жигит курагында, 1950-жылы 12-декабрда каргашалуу учук оорудан каза тапты.

14-суроого жооп: Эң жаш калып эсте калбай ата-эне,
Кайнап бышып далай кыйын кездерде
Балбан турмуш түбү калың Болсо да
Керек жерин жара тээп кирерде.-демекчи анын жыпар аттуу кызы жарык дүйнөгө келип эле кайра кайтыш болгон. Акындын артында тукум улоочу перзенти калган эмес. Бирок анын өлбөс-өчпөс чыгармалары жана биз сыяктуу акындын ырларын сүйүп окуган окурмандар Алыкулдун урпактарыбыз деп айтуудан жалтанбайм.

15-суроого жооп; Мирлан Самиркожо, Кожогелди Култегин, Улукбек Омокеев, Атантай Акбаров Фатима Абдалова, Бактыгүл Чотурова, Калбүбү Сариева.

Жаны тема:

А л ы к у л д у н ы р л а р ы

деген жаңы тема доскада даяр болот.

Жаңы темага чакыруу стратегиясы

Мугалимдин сөзү:

Мына балдар үй тапшырмасына жыкшы даярданып келүү менен бүгүнкү жаңы теманы өтүүгө мүмкүнчүлүк бердиңер.

Алыкул Осмонов-акын деген чоң сыймыктуу акындын поэзиясында өз доорунун, өз элинин эң курч чыныгы акыны боло алды. Калың калктын катмарына жогорку деңгээлде көркөм күч, азаматтык эргүү менен кире алды.

Биз өткөн сабакта акыныбыздын өмүр жолуна токтолгон болсок, бүгүн анын ырларына токтолобуз. Биз ар дайым адабият сабагында жаңы теманы баштоодон мурда поэзия мүнөтүнө жол берчүбүз. Кана бүгүн кимдин кандай ырларды жаттап келгендигин угалычы. Студенттер жаттаган ырларын көркөм айта башташат. Арасында Алыкулдун лирикаларынан да айтышы мүмкүн.

Мисалы:

1-студент. Мен өзүмдү бир кылымда карасам,
Тээ алыста чаң ызгыткан шаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,
Эрдигинен эчен тирүү жан чыгат.

2-студент: Мен тансам жаштан танам ырдан танбайм,
ыры жок өмүрүмө канааттанбайм,
Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
ырыма бир мертебе калп айталбайм.

3-студент: Эң жаш калып, эсте калбай ата-эне,
кайнап бышып , далай кыйын кездерге,
балбан турмуш түбү калың болсо да
керек жерин жара тээп кирерде.
Тооруй басып тосуп чыгып жолумдан ,
бурай кармап, майыштырып оңумдан,
жаш өмүрдө жаңы бөбөк көрөрдө,
таш боор өлүм тартып кетти колумдан.

4-студент: Ким берсе да жакшы берген бактымды,
ким койсо да жаман койгон атымды.
Ушакчыдан: “Не кылам”? –деп сурасам,

-Беш тыйынга мага сат,-дейт,-даңкыңды. Жана башка студенттер катары менен жаттап келген ырларын көркөм айтышат.

Ал учурда мен доскага Алыкулдун «Отуз жаш», «Өмүргө», «Адамзат», «Сулууга», аттуу лирикалары тескерисинче көрүнбөй турган жагынан илинет, ал эми бир бетинде божомолдуу түрдө ырдын тексттинин мазмунун чагылдырган сүрөт тартылат. Төрт топтон тең бирден студент чыгып сүрөткө карап болжолдуу түрдө кайсы ыр экенин таап жана текстти көркөм окуп отурушат. Текстти тобуна ала барат жана топтун аты ошол ырдын аты менен аталат.

1-топ	2-топ	3-топ	4-топ

Мисалы; 1-топ - "Сулууга"
2-топ - "Отуз жаш"
3-топ - "Өмүргө"
4-топ - "Адамзат"

Мугалимдин сөзү: доскада слайд шоу көрсөтүлөт. Ар бир ырдын тексттин мугалим көркөм окуйт. Студенттер өздөрүнө жаккан саптарды дептерлерине жазып олтурушат. Акыркы сөздү "мен айтайын" ыкмасы аркылуу студенттер жаккан ыр саптарынан цитата жазып алышат, ал цитатага өз ойлорун комментарийлерин айтышат.

Отуз жаш

Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?

Өмүргө

Шамал айдап көлдүн киргил көбүгүн,
Кашка суудай мөлт дей түшкөн өмүрүм.
Жыл айланып, өткөн сайын жаштык күн
Улам сулуу, улам ысык көрүндүң.

Адамзат.

Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда,
Көк арчадай өндөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.
Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:
Адам деген картайгыч тура бечара.

Сулууга

Кош, жан эркем, кош дейсиң деп таарынба,
Мени күтпө, мени эстебе, сагынба.
Жаш кездердей ынак сүйүү жок экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.

Мугалимдин сөзү: Жогорудагы текст менен таанышып, студенттер өздөрүнө жаккан ыр саптарын цитата катары жазып алышып ага акыркы сөздү мен айтайын көнүгүүсү аркылуу комментарий жазып, окушат.

"Цитата" деген латын тилинен которгондо – "күбөгө тартуу", дегенди түшүндүрөт.

«Акыркы сөздү мен айтайын»

Текстти, ырды окуп чыгышып, өздөрүнө жаккан жана жакпаган, эң таасирдүү деп эсептеген ыр саптарын жазып, аларга өздөрүнүн коментарийлерин жазышат.(ар бир коментариийни окууга жана жазууга 5 м убакыт берилет.Мугалим студенттерди ирети менен сурай баштайт). Бир студент өзүнүн жазып алган ыр саптарын сунуштайт, калгандары, эгерде алар ушул эле ыргактарды жазышса, ага карата комментарийлерди окушат. Эң акыркы ыр саптарын окуган катышуучу өзүнүн комментариийин окуйт.

Мисалы: "Мен сыяктуу жакшылыкка март эмес,
адам деген өзүм дейт тура бечара!»

Комментарий: "Адамзат" аттуу ырындагы адамдарга болгон мүнөздөмөнүн берилиши.Бир эле учурда адамдарга боору ооруп бир эле учурда аларда ач көз сапаттардын бар

экендиги айгинелениши жана башка ушул сыяктуу комментариийлерди окушат.(Ар бир топ өздөрүнө бөлүнгөн гана тексттен цитата алышып комментарий бере алышат).

1-студент: “Өмүргө” аттуу ырына акыркы сөздү мен айтайын;

Күлдүм ачык бир да жерди карабай,
Досторума кылдай кастык санабай.
Өмүр деген дайым жап- жаш нерсе экен
Улам жаңы жаратылган баладай. Акындын бул чыгармасында Өмүрдү өтө жогору баалаган гүл турмушун көкөлөтүп ырдаган өлүмдөн жалтанбай, анын зулум бетине тике караган эр жүрөк адамгерчиликтүү акыныбыздын кыялынан бир үзүмдү чагылдырган.

Мугалимдин сөзү: Замандашыма аттуу ыры менен акыркы сөздү мен айтайын.

Сонун күнгө жаратылып бир ирет,
Карап көрсөң кандай эмгек кылдым деп,
Кайран күндөр бекер кеткен экен деп,
Ойлоп-ойлоп өкүнөрүн ким билет?...
Кеткен кемтик жакшы ыр менен жетилет,
Андай болсо, көп кечикпей кууп жет.
Доорубузга каухар чачып калалы,
Алдыбызда канча күн бар ким билет?

2-студент: “Адамзат” аттуу ырына акыркы сөздү мен айтайын;

Ак шайы көйнөк күмүш кемер сыяктуу,
Адамдын жаны сатылып турса базарда,
Дагы жыргап, дагы жашап көрсүн деп,
Өзүм албай берер элем адамга.
Бала өмүрүн алсын деген себебим:
Адам деген баласак тура бечара. Мындай чеги жок жана баа жеткис жакшылыкты эне гана тогуз ай жүрөк астында сыздап көтөрүп, түн уйкуларынан безип, алпештеп өстүргөн баласына гана каалай алган. Ал эми Алыкул Осмонов болсо, өзү ооруп ден-соолугу ак эткенден так этип, жашоо кумарын жан дили менен эңсеп жүрүп, мындай жакшы тилекти бир гана акын гана каалады.

3-студент:

Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда,
Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.
Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:
Адам деген картайгыч тура бечара. Сырттан комсоо көрүнгөн, эртели кеч ыр тапканына кубанган акындын асыл жүрөгүндө улуу дух, улуу күрөш, улуу ар намыс, оор тагдырына баш ийбей, өлүм менен аялдан жалтанбай, аны менен тең тайлашуу бар эле.

Мугалимдин сөзү: Акыныбыздын “Адамзат” аттуу ырына философиялык көз караштагы ырларынан окуп, акыркы сөздү мен айтайын.

Мен эмнеден уялам.

Мен уялбайм ал кетирген оорумдан,
Баскан күнгө төрт аяктап боорумдан.
“Кантем, апа, ушинтемби, я,” – дебейм,
Сөөгүм чыкпайт бараткан түз жолумдан,
Мен уялам мына мындан уялам,
Көзгө толоор бир чоң эмгек кылбагам,
Колун кезеп, жолуң болгур дегенсийт,
Жер шаарынан күлүк учкан заманам.

4-студент: “Сулууга” аттуу ырына акыркы сөздү мен айтайын:

Таттуусуңар, ачуусуңар сулуулар,
Алдайсыңар бизди опоңой кургурлар.
Канча болсо сенин жибек көйнөгүн,
Дал ошончо жүрөгүңдө сүйүү бар. Бул ыр саптарда, аялдын сөөгүн какшаткан эмне деген улуу какшык, шылдың жатат. Мындай ырды алданган жүрөк гана жаза алат.

Мугалимдин сөзү: “Сулууга” аттуу ырына акыркы сөздү мен айтайын, “Катыңа жооп” аттуу ыры менен.

Жактырбадым, курбум, жазган катыңды,
Курбум дедим, элге айтпадым атыңды.
“Алым жаман, ооруп калдым сага окшоп”
Деген сөзүң капалантты акынды
Сен неге үчүн өз өзүңдөн кирдейсиң,
Ооруу- соо деп, мени экиге иргейсиң?
Сен неге үчүн оору экеним унутуп,
Ооруп жатып сүйлөшкөнүм билбейсиң.

5-студент:“Отуз жаш ” аттуу ырына акыркы сөздү мен айтайын;

Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!
Көзүң чуңкур, өңүң кансыз сары сур,
Тил албассың, Жоголо бер, кете бер,
Сенден күчтүү, сенден өжөр, бул учур.
Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам карап тур! – Миң сырлуу поэзия. Жылдар өткөн сайын, көркөмдүгү табити улам кеңейип жана тереңдеген, адамзаттын көкүрөктө туюк жаткан көкүрөк сырларын, асыл сезимдерин нукура даана чагылдырган.

6- студент да өз оюн айтат:

Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас,
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш? Чабаал акын күндүн асыл нурун, бак-дарактардын сеңселген көркүн, куштардын сайраганын өз ыр саптарында баалай алды. Өмүр таттуу. Жашоонун кызыкчылыгына отуздагы жаш жигит эмес, токсондогу карыя да кызыгат, улам жашагысы келет. Өмүрдүн бат өткөнүн байкабай калган акын өз ырында суроолуу кайрылат.

Мугалимдин сөзү: “Отуз жаш” аттуу ырына “Жыйырма беш жаш” аттуу ыры менен акыркы сөздү мен айтайын;

Көбүктөнгөн күлүк аттай аркырап,
Жыйырма беш жетип келди чапкылап.
Алы жетпес күчтүү күчкө жол ачып,
Жашчылыктар кала берди кол булгап.
Кош бол, кош бол, уурдалган жылдарым!
Кайкып учкан лачын куштай чактарым...
Артың өкүнүч, алдың кызык койнуңда,
Аз жашадым, дагы азыраак жашармын.

Бышыктоо үчүн суроолор:

Бышыктоо үчүн суроолорду ар бир топ бири бирине өздөрү беришет. Болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй болушу мүмкүн.

1-суроо: Сүйүү лирикаларындагы акындын карама-каршы көз карашына мисал келтиргиле?

2-суроо: Акындын ырларынын уйкаштыгына анализ жүргүзгүлө?

3-суроо: Адамзат ырындагы негизги идеологияга токтол.

4-суроо: Өлбөстүктүн гаранты эмне деп ойлойсуңар? (Студенттер өз ойлорун топтоп, жооп беришет).

1-суроого жооп: Сүйүү лирикаларындагы акындын карама-каршы көз караштагы ырларынан алсак;

“Сүйүү жана мен”.

Сүйүү эмне? Сүттөй таза колукту!
Ансыз анан алтын өмүр толукпу?
Ошондуктан эң биринчи жаш сүйүү
Бермет, жакут, каухар кийип жолукту. Деп сүйүү жөнүндө эң бир сонун жан жыргаткан ыр саптарын жазса, ошол эле ырында,
Бирок сүйүү жерден муздак нерсе экен

Жашырынды жылан таштап мойнума.- деп бир эле мезгилде сүйүү жөнүндө даңазалуу сап жазса, бир эле сабында карама-каршы, жан кейиштүү маанидеги сөздөрдү да жаратып өткөн.

2-суроого жооп: Акындын ырларынын уйкаштыгына анализ жүргүзсөк,

Шамал айдап көлдүн киргил көбүгүн,
Кашка суудай мөлт дей түшкөн өмүрүм.
Жыл айланып, өткөн сайын жаштык күн

Улам сулуу, улам ысык көрүндүң. Бул ыр саптарында көбүгүң, өмүрүм, жаштык күн, көрүндүң деген сөздөр ар бир саптын акырында келип, эгиз уйкаштыкты түздү. Төрт саптын муундары тең. 11 муунду түздү. Акыныбыздын көпчүлүк ырлары эгиз уйкаштыкта келип бирдей муунду түзгөн.

3-суроого жооп: "Адамзат" ырындагы негизги идеологияга токтолсок,

Мейличи, мени жаман көргөн бирөөнүн-
Жан алгыч келип, жанын сууруп аларда,
Эгер чиркин экөө болсо жүрөгүм,
Берер элем бирин ошол адамга.
Мен сыяктуу жакшылыкка март эмес,

Адам деген өзүм дейт тура бечара! Ушунчалык март, берешен, ошол эле мезгилде таланты менен баарын даарылаган, оорулуу акыныбыз адамзаттын ички сезим –туюмун жүрөгүнөн сезип, жүзүнөн көрүп, анан ушул ыр саптарына төкпөй-чачпай жазып койгон.

4-суроого жооп: Өлбөстүктүн гаранты эмне деп ойлойсуңар?-деген суроого мен мындай жооп бергим келип турат; Ар бир буюмду дүнөндөн сатып аларда ал буюмга кепилдик берилет. Анын жакшы иштешине, бузулбашына, канча мөөнөткө чейин колдонулууга мүмкүндүгүнө берилүүчү ишеним. Ал эми алп акын Алыкулдун өлбөс- өчпөс болгон мазмундуу жазылган ар бир ыры, бүгүнкү күндөгү адамзаттын жан дүйнөсүнө жылуулук ылоолоо менен акындын экинчи өмүрү болгон чыгармаларынын жашоосунун гаранты болуп эсептелинет.

Мугалимдин сөзү; Азаматсыңар, балдар! Акыныбыздын ушундай дене боюңду дүркүрөткөн курч ырларын окуп жатып биздин студенттерибиздин да калеми курчуй баштады окшойт. Арабызда ыр жазган студенттер болсо акынга арнаган ырларыңардан даярдагыла.

Мугалимдин сөзү; Алыкул Осмоновго.

Алыкул ырдын алпы, сырттын алпы,
Андыктан бүт кадырлайт кыргыз калкы.
Азыр да келе жатат улантылып,
Окусам ырларымды миң бир кыял,
Сүйүүсү, өкүнүчү жаңы сымал.
Карасам сен асмандан көрүнөсүң,
Поэзия жылдызы эмес, айы сымал.
Ырларың сыйкырланып тарта берет.
Мойнума изденүүнү арта берет.
Жат болуп көңүлүмө жаккан ырың,
Түшүмдө канат кагып кайта келет.

"Алыкулдун ырларына гүлдесте" деп ар бир студент өзүнүн жазган ырларынан көркөм окушат.

Автордук ырларга кезек берилет.

1-студент:

Багытын көздөп бакыттын,
Тургузуп ырдын дубалын.
Көзүң откон болсо да,
Жакшылык көрөр убагың.

2-студент:

Ырдай берем, ырдай берем ырыңды.
Сүйүп окуйм сенин жандуу ырыңды.
Жүрөгүмдүн түбүнөн орун алды.
Өлбөс, өчпөс жүрөгүмө уя салды.
Алыкулдун ырларын сүйүп келем,
Бүт ааламга даңктап, барктап ырдап келем,
Ар адамдын жүрөгүндө ыргактарың,

Сөздөрдүн арасынан гүлүн терген.
3-студент:
Ойлонуп көрсөк турмушта,
Өмүрү качкан бир куш да.
Осмондун уулу Алыкул,
Опол тоо акын кыргызда.
Ортодо жүрбөй "ойт" берди,
Ободон учкан жылдызча.

Жана башка бир нече студенттер өздөрү жазган же акынга арналып жазылган ырлардан көркөм айтып Алыкулдун портретине гүл чапташат.
Обондуу ыр ырдалат. **"Сулууга" аттуу ыры.**

Үй тапшырмасына: «Менин дүйнөмө бүлүк салган лирика» деген темада адабият таануу багытындагы аналитикалык макала жазуу.

Баалоо:Капитан командалар өздөрү баалашат доскага баалоо үчүн атайын ватман илинет, маркерлер менен аттарын жазып баалашат.

Күтүлүүчү натыйжалар: -Студенттердин ой жүгүртүүсүн кеп маданиятын өстүрөт.
-Лирикага болгон ышкыбозун козгойт.
-Алыкулдун ырларын окуу менен руханийй дүйнөсү байыйт
-Жашоону,турмушту жакындан тааныйт.
-Табийгаттын кооз сулуулугун баалай билет.
-Кургак учук оорусу жана ал оору ушундай курч инсандарды алгандыгын түшүнүшөт.

Адабияттар:

1. Калыбеков Н. Бишкек - 2010
2. Осмонов А. "Ата Журт" ырлар жана поэмалар түзгөн
3. "Алыкулга гүлдесте" Ж. Тынымсейитова. Фрунзе, 1975.
4. Биздин адабият мектеп окуучулары үчүн Фрунзе, 1987
5. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.-Б. Бийиктик, 2011.-384б.

OshSU Med College
Turgunbaeva S.J.

Innovations in teaching A. Osmonov's Kyrgyz literature

Annotation: *in the article the author touches upon the problems of using new techniques while teaching A. Osmonovs poetry.*

Key words: *field of pleasure, talent, poetry, home work, group, question*

УДК: 80.81

А.Т.Турдугулов, ф.и.д., профессор
Алиева С., аспирант

Түрк тилдеринин таркалышына көркөм котормонун зарылдыгы

Аннотация: *Макалада орток түрк тилдеринин интеграцияланышы, элдердин жакындашуусунун бир фактору катары каралат. Орток түрк адабий мурастарды жараткан айрым авторлордун мурастарынын мисалында көркөм котормонун зарылдыгы тууралуу айтылат.*

Түйүндүү түшүнүктөр: *Көркөм котормо, тилдердин интеграцияланышы, котормодогу методдор менен каражаттар, калька, модуляция, генерализация, конкретизация, транскрибирация, транлитерация.*

Аннотация: *В статье рассматриваютсы процессы интеграции тюркоязычных народов, средством которой служит перевод, его необходимость в проявлении в некоторых литературных наследиях.*

Ключевые слова: *Художественный перевод, интеграция языков, методы и средства перевода, калькулирование, модуляция, генерализация, конкретизация, транскрибирация, тарнслитерация.*

Котормо теориясында аксиомага айланып калган бир түшүнүк бар: ар кандай мүнөздөгү текст өзүнүн стилистикалык, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык котормочунун алдына оор, татаал милдеттерди жаратат. Мында котормочу эң оболу, өз тилинин өзгөчөлүктөрүн даана сезиши керек, которомун деген башка тилди да терең билгендей болсун, котормо теориясы менен тыкыр тааныш болуп, кандай гана текст болбосун, аны туура которуунун ык, амалдарын, методдору менен форма, каражаттарын эркин пайдалангандай, буларга кошумча, терминологиялык мыкты билим, билгичтиктерге ээ болгондой болсун. Мындан башка, котормочу ошол которо турган текстинин жанрдык касиет-белгилери менен өзгөчөлүктөрүн туура аныктап, айрым учурларда ал лингвистикалык эмес маселелерди да туура чечүүгө даяр болушу зарыл.

Ал эми котормонун буга чейин бизге көрүнүп, байкалып жүргөн бир катар методдору менен каражаттары, ыкмалары бар экендиги белгилүү, алар: калькалаштыруу методу, модуляция методу, генерализация жана конкретизация методдору, транскрибирация жана транслитерация методдору, нейтрализация методу. Бирок котормодогу мындай методдор тектеш эмес тилдерге (айталы, англис тилинен орус тилине, кытай тилинен казак тилине, испан тилинен кыргыз тилине которууда) мүнөздүү болуп, бул методдордун айрымдары гана тектеш тилдерди бирин экинчисинен которууда пайдаланылат. А көбүнчөсү тектеш тилдердин котормосунда фонетикалык өзгөчөлүктөр буларга караганда үстөмдүк кылаары белгилүү.

Тектеш эмес, ар башка системадагы тилдер канчалык жуурулушуп, интеграцияланып, аргындашса да, тилекке каршы, ортосунан жаңы бир тил пайда болуп жарала калбайт, тилдин мыйзамы ушул. Тигил же бул тил өзүнүн географиясын улам кеңейтип, функциясы арттырып отурат да (буга англис тили күбө), экинчилери ага жуурулушуп отуруп жок болот, же болбосо, трансформацияланат. Ал эми түбүнөн тектеш тилдер же тилдик диалектилер интеграцияланса, ал тилдердин же диалектилердин бири да жок болбойт, бирок трансформация процессине кабылат. Ал тектеш тилдердин бири-экинчиси менен жуурулушуп, аралашып калганын ошол тилдерде сүйлөгөн эл билбей, сезбей да калышы толук ыктымал. Азыркы тектеш түрк тилдери качандыр бир доорлордо, мезгилдерде бир тайпадагы тилден таркаган, аны лингвисттер баба тил деп да айтып жүрүшөт. Айталы, түрк тилинин кыпчак диалектиси мындан ондогон кылымдар мурда огуз диалектисинде болсо, туран, монгол, тунгус тилдери мындан сегиз-он кылым мурда диалект гана болгон. Ошол мезгилдерде тилдерди тектеш тилдер катары кароо, балким, аша чапкандык болмок, анткени азыркы түрк, монгол, тунгус, япон, корей жана фин тилдери бир тилдик тайпада болгонун жакшы билебиз, мунун лингвисттер урал-алтай тайпасындагы тилдер деп билишет.

Эми жаралуу тарыхы жана генетиклалык мүнөзү боюнча тектеш болгон түрк урууларынын тилдерине: азери менен алтай, башкыр менен балкар, кыргыз менен казак, кумык менен крым татар, караим менен кырымчак, кара калпак менен гагауз, карачай менен түрк, татар менен түркмен, тува менен хакас, уйгур менен ногой, өзбек менен шор тилин, чуваш менен якут тилдерин ич ара салыштырып карасак, булар оболу бир тилден, бир тилден болбосо да, бир тилдик тайпадан таралганын көрүүгө болот. Бүгүнкү күндө ушул тилдерде сүйлөгөн, жазган элдер бири-экинчиси менен котормосуз толуккандуу сүйлөшө алышабы, бирин экинчиси толук түшүнө алышабы деген маселе келип чыгат.

Буга жооп табуу үчүн тилдердин келип чыгуу тарыхына генеологиялык экскурс жасоо зарылдыгы пайда болот. Тектеш түрк тилдеринде сүйлөшкөн түрк уруулары V – VII кылымдарда бирин экинчиси урууга же улутка бөлүштүрбөстөн, жалпы түрк атанын балдарыбыз деп билишкен. Алардын тилдери да транскрипцияланбай сегиз үндүү, он алты үнсүз тамгадан турган жыйырма төрт орток фонеманы пайдаланышканын Орхон Енисей поэтиакалык жазма эстеликтер да далилдеп турат. Ал түрк урууларынын жайгашкан аймагы да кыйла кенен болгон, болжол менен Кара денизден тартып, Япон деңизине чейинки аралыкта, Борбордук Азиянын түндүк жарымында жайгашкан түрк уруулары бири экинчиси менен жергиликтүү диалектиде сүйлөсө да бирин экинчиси так түшүнгөн. Түрк тайпаларынын бөлүнүп жарылып, ыдырашына Алтын Ордо империясынын талкаланышы себеп болот. Түрк уруулары бири экинчисине жуурулушуп, жашаган жерлеринен да кетүүгө аргасыз болуп, жер которушту, ошонун эсебинен азыркы Россиянын аймагы кенейип олтурат. Уруу-уруу болуп бөлүнүп согушкан түндүк түрк элдери абдан майдаланды. Айталы, кыпчак, коңурат, алчын, каңгы деген майда уруктар кыргызда, казакта жана

өзбекте бар. Буга кошумча, усун, керей, найман, жалайыр уруктары бил эле мезгилде кыргызга, казактарга, өзбектерге барып кошулуп кетишкен. Азыркы казак элиндеги керей, алчын, кыпчак, аргын, уйсун уруктары барып түркмендерге кошулган өңдүү. Жадесе, азыркы башкыр элинин ичинде кыпчак, кытай, берен, баргы, булгар, каңды, ногой, кыргыз, сарт, түрк, казак деген майда уруктар бар экен. Ошентип, орток түрк тилинин тектештигине алардын социалдык шарты негизги фактор катары интеграцияланышын шарттап, түпкүлүгүндө, тектештик феномен өз күчүн, таасирин улам азайтып жүрүп отурду. Түрк уруулары өздөрүнүн Орхон Енисей рун жазмасын унутуп, араб жазуусуна, латын жазмасына, айрымдары, кийин кирилицага өтүп, ич ара фонетикалык гана эмес, стилистикалык, лексикалык, грамматикалык жактан өзгөрүү, алмашуу процессин башынан кечиришти. Орток түрк урууларына жалпы бирдей мүнөздүү болгон төл сөздөр улам жоголо баштады. Дегинкиси, орток түрк тилдеринин алтай тайпасы өз ичиндеги тилдер менен грамматикалык жалпылыгы, оозеки речтеги фонемалардын окшоштугу, речтеги тыбыштык айкалыштардын туруктуулугу, ал эми айрым тилдердеги үндөштүк (сингармония) мыйзамы сыяктуу жалпылыктары менен өзгөчөлөнүп турган. Ал эми ал тилдердин бүгүнкү абалы, айрыкча лексикалык жана фонетикалык айырмачылыктары ошол элдердин жашоо мүнөзүндөгү ички жана тышкы факторлордун таасири менен болгонун көрүүгө болот.

Орток түрк тилдеринин алтай тобунун ичиндеги түрк тилдерин бирин экинчиси менен фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, стилистикалык белгилерине ылайык классификациялоо да анчалык туура эместей. Себеби, кыргыз тили менен өзбек тили бири экинчисинен алыс сезилгени менен алар кыргыз менен казак сыяктуу эле бирин экинчиси котормосуз түшүнө алышат, ал эми чагатай тили кыргызга канчалык жакын болсо, ал тил өзбекке да ошончолук түшүнүктүү, ошол эле мезгилде, уйгур тилин кыргыз котормосуз түшүнө албайт. Мындай процессти тилдин өзүнөн, анын фонетикасынан, грамматикасынан же лексикасынан эмес, алфавиттен издөө логикага кыйла ылайык болмок. Тектеш түрк тилдеринин ичинен да бири экинчисине кыйла жакын, окшош тилдер болгон кыргыз, казак, каракалпак тилдери фонетикалык айрым ажырымдары болбосо, булар дээрлик бири экинчисин котормосуз эле түшүнүшөт.

Эми тектеш түрк элдеринин маданий мурастарынын таркалыш ареалына келели. Жогоруда айтылгандай, тектеш түрк уруулары V – VII кылымдарда руникалык жазма поэтикалык эстеликтерди тарыхка калтырып кетиптир. Алар таш бетинде жазылган рун жазма-чиймелери болгону менен өзүнөн кийинки маданиятын калыптанышына өбөлгө түзбөй койгон жок. Бирок ошого чейин эле жашоо мүнөзү боюнча көчмөн түрк уруулары адабий-маданий мурастарын оозеки формада түзүп, улам кийинки муунуна ал мурастарды оозеки түрүндө сактап өткөрүп келгени менен баалуу эмес беле. Улам мезгил берилеген сайын түрк уруулары отурукташып, жазма маданияты калыптанып баштагандан бери бири экинчиси менен жазуу түрүндө байланыш түзүп, маданий жактан бирин экинчиси толуктап жүрүп олтуруп жалпы адамзаттык цивилизацияга карай жакындап отурду.

Тектеш түрк урууларынын маданий интеграциясына Улуу жибек жолунун салымы зор. Улам бир өлкөнү калтырып, экинчи бир мамлекетке жол тарткан, улут, уруу аралап жүрүп отурган кербен кездеме ташуу менен, соода сатык менен гана чектелбегени белгилүү го. Ал кербендер агартууну, билимди, илимдеги жаңылыктарды, улут менен улуттун, эл менен элдин, өлкөлөр менен өлкөлөрдүн ортосундагы мамлекеттер аралык байланышты, дипломатиялык байланыштарды жогорку профессионалдык менен аркалап келгени менен тарыхта калды...

Тектеш түрк урууларынын орток мурастары, асыресе, Огуз каган, Атилла, Аль Фараби, Махмуд Газневи, Ибн Сина, Юсуф Баласагуни, Махмуд Кашгари-Барскани, Ахмед Яссави, Абу Райхан Бируни, Рудаки, Фирдоуси, Низами, Жалалиддин Руми, Юнус Эмире, Осман Газы, Тамерлан, Улугбек, Али Кушчы, Хусейин Байкара, Алишер Навои, Мухаммед Бабур, Мимар Синан, Кадыргали Жалайир, Евлийе Челеби сыяктуу түрк даанышмандарынын ысымдары менен баалуу. Булардын ар бири өз мезгилинин журт данакери катары да (айрымдары эл баатыры, мамлекет башчы) классикалык адабий-маданий мурас калтырган чыгармачыл инсан катары да тарыхта калышты.

Түрк элдеринин жалпы адамзаттык маниге ээ болгон адабий-маданий мурастары оголе көп дебедикпи, ошолордун бири орто кылымдарга мүнөздүү болгон Огуз каган тарыхый инсан тууралуу алгач оозеки формада, кийин кагаз бетине түшүрүлгөн “Огуз наме” дастаны, мунун баатырдык чакан эпос десек да болот. Чыгарма байыркы түрк тилинде жаралганы менен биз бүгүн аны котормосуз окуй да, түшүнө да албайбыз. Дастандын кол жазма түрүндө сакталып калган бир нече варианттары бар. Бири – уйгур кол жазмасы менен XIII кылымда жазылган нуска, дагы бири

– Фазаллах Рашид ад-Дин тарабынан XIV кылымда жазылган нуска. Кийинкиси XVII кылымдагы Стамбул нускасы. Бул варианттар боюнча орус окумуштуулары: В.Радлов, А.Бернштам, В.Бартольд, Н.Бичурин, А.Щерба, С.Кононов, кыргыздан Чоюн Өмүраалы уулу, профессор А.Абдыразаков, А.Турдугулов ж.б. өз ойлорун, изилдөөлөрүн жазышкан. «Огуз наме» дастанын мифологиялык-баатырдык эпос эсебине кошсо да болот. Бирок «Огуз наме» кыргыздын кадимки баатырдык эпосторуна салыштырмалуу өтө чакан, болгону 378 ыр сабынан турат. Ушундан улам аны дастан деп эле атай бергенибиз оң. Дастанды уйгур кол жазмасынан орусчага А.Щерба которгон, ал варианттан Ч.Өмүралиев кыргызчалап, «Ала-Тоо» журналынын 1989-жылдагы № 9 санына жарыяланган. «Огуз наме» түрк элдеринин байыркы (кийинчерээк кагаз бетине түшүп) элдик оозеки чыгармачылыгынын мыкты үлгүсү болуу менен урпактарга калтырылган улуу маданий мурасы болуп калды. Ал «Манас» сыяктуу эле таалим-тарбияга карк эпикалык мурас катары жогору бааланып, өсүп келе жаткан муундар тарабынан түрк элдеринин уникалдуу маданий мурасы катары кастарланып келет.

Тектеш түрк элдеринин дагы бир адабий-маданий мурасы Юсуф хас хаджиб Баласагунинин “Кутадгу билиг” дастаны. «Кутадгу билиг» бүт дүйнө элдерине акылман ойдун – накыл сөздөрдүн бай казынасы, көөнөрбөс кенчи катары жакшы таанымал. Дастанды Юсуф мусулман жыл санагы менен алганда 462-жылы, азыркыча 1069–1070-жылдары жазган. Түрк тилчиси Р.Р.Араттын (1900–1964) эсеби боюнча «Кутадгу билиг» жазылган маалда анын автору 54 жашта экени анык болсо, Жусуп 1015–1016-жылдары дүйнөгө келген. Экинчи бир түрк тилчиси А.Дилачар анын 1018-жылы төрөлгөнүн айтат. Юсуфтун балалык чагы, жигиттик курагы дал мына ушул калкы негизинен түрк жана согду тилдеринде сүйлөгөн, рухий маданияты жогору, билими өнүккөн чөйрөдө өтөт. Көчмөн түрк уруулардын турмуш-тиричилиги, салт-санаасы, ички руханий жашоосу менен кеңири, жакындан таанышып, ой-санаасы жедеп бышып жетилген кезинде жазууга отурганбы, акын бул дастанын он сегиз гана ай ичинде бүтүргөн экен. «Кутадгу билигдин» Герат, Каир жана Намангандан табылган Ташкент кол жазмалары болуп, бизге бири-биринен аздыр-көптүр айырмаланган үч варианты келип жетти. Аталган чыгарма түрк урууларынын мыкты маданий мурасы болгону менен, ал орток түрк элдеринин энчиси болгону менен биз аны адабиятчы, жазуучу К.Кушубековдун котормосу аркылуу гана окудук.

Жалпы адамзаттык маданий мурас катары кабыл аланып жүргөн орток түрк мурастарынын дагы бири Махмуд ибн Мухаммед аль Кашкаринин “Дивани лугат ат-түрк” энциклопедиялык эмгеги тууралуу деле мына ушундай ойлорду айтууга болот.

Көчмөн түрк уруулары алгач отурукташып жашай баштаганда ислам маданияты таркала баштайт. Исламды кабыл алган түрктөр кийин бул диний ишенимдин накта таркатуучулары болуп калышты. Ошолордун бири түрк дүйнөсү гана эмес, жалпы адамзат кастарлаган даанышман акын, ойчул Ахмед Яссави эле. Анын ырлары оозеки формада элден элге, муундан муунга жатка айтылып таркаган. Европа окумуштуулары тыкыр изилдеп жүргөн поэзиядагы суфизм мына ушул Ахмед Яссавиден башат алат. Анын жер астында жазган хикметтеринин биринде “Күндү көрбөй, күнгө кызмат кыла албай, күнсүз бүгүн кул болдум, топуракта из калтырган жолдорума жол болдум, акындарга үмүт чачкан ыр болдум, аным эч ким аңдабаган сыр болдум, ар дартка дабаа болуп кирдим жерге, а ырларым сабак болуп жетсин элге” деп даанышман акын акыйкатты тиги дүйнөдөн издейт.

Ошентип, тектеш түрк урууларына жалпы бирдей мүнөздүү болгон төл сөздөр улам мезгил өткөн сайын жоголо баштаганы, орток түрк тилдеринин алтай тайпасы өз ичиндеги тилдер менен грамматикалык жалпылыгы, оозеки речтеги фонемалардын окшоштугу, речтеги тыбыштык айкалыштардын туруктуулугу, ал эми айрым тилдердеги үндөштүк (сингармония) мыйзамы сыяктуу жалпылыктары менен өзгөчөлөнүп турганы болбосо, ал тилдердин бүгүнкү абалы, айрыкча лексикалык жана фонетикалык айырмачылыктары ошол элдердин жашоо мүнөзүндөгү ички жана тышкы факторлордун таасиринин аркасында жүргөн өзгөрүү процесстери аларды толуккандуу түшүнүү үчүн котормо зарыл экендигин далилдеди.

Адабияттар:

1. Бархударов Л. С. Язык и перевод: Вопросы общей и частной теории перевода. М.: Международные отношения, 1975. 240 с.
2. Виноградов В. С. Введение в переводоведение (общие и лексические вопросы). М.: Изд-во Института общего среднего образования РАО, 2001. 224 с.
3. Комиссаров В. Н. Теория перевода (лингвистические аспекты): Учебник для студентов. - М.: Высшая школа, 1990. 253 с.

4. Жусуп Баласагын. Кутадгу билиг. –Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1990.
5. Ахмед Яссави. Хикметы. Китепте: Трактаты средневековья.-Москва, 1998.

A.T. Turdugulov, PhD Professor
Alieva S., aspirant

The need to translate literature into Turkic languages

Annotation: *This article discusses the need to translate literary works into Turkic languages.*
Key words: *literary translation, language integration, methods and resources for translation, kalka,*

УДК: 371.14 : 894.341

Г.О.Усарова, ОшМСУ

ЖОЖдордо кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мааниси, максаты, милдети жана методологиялык маселелери (70-жылдардагы повесттер)

Аннотация: *ЖОЖдордо кыргыз адабиятын окутуунун мааниси, максаты, милдети, методологиялык маселелери жана 70-жылдардагы повесть жанрынын өнүгүшү.*
Аннотация: *Роль, место, цель и методология обучения кыргызской литературы в вузах и особенности развития литературного жанра – повесть 70х годов.*
Түйүндүү сөздөр*: Адабият, педагогика, тестирлөө, усул, роль, процесс, образ.*
Ключевые слова: *Литература, педагогика, тестирование, методика, роль, процесс, образ.*

Көркөм адабият башка предметтерден айырмаланып, табият кубулуштарын, жаратылыш сырларын, дүйнө проблемаларын, коом түзүлүшүнүн маселелерин, башкача айтканда, турмуш чындыгын, адам көйгөйлөрүн көркөм образ аркылуу чагылдырып жана туюндургандыгы менен искусствонун башка түрлөрүнөн айырмаланып турат. Бул позициядан алып караганда көркөм адабияттын башкы предмети адам, адам коому, адам турмушу болуп саналып, адам баласынын аң-сезимине, эстетикалык туюмуна, дүйнө кабылдоосуна таасир эте турган искусствонун түрлөрүнөн болуп эсептелинет. Ал адамды идеологиялык жактан тарбиялоодо, анын инсандык мүнөзүн калыптандырууда эбегейсиз чоң ролду ойногондугу менен өзгөчөлөнөт.

Адабият таанууда белгиленгендей адабиятты окутуунун мааниси көркөм адабияттын коомдогу орду менен аныкталгандыктан, изилдөө максатыбызга ылайык студенттерди асыл идеяларга жана жогорку адеп-ахлактык сапатка, аң-сезимдүүлүккө, эстетикалык табитке, руханий жан дүйнөсүнүн тазалыгына, психологиялык аруулукка тарбиялоо, реалдуу турмушту тааный билүү деңгээлин жогорулатуу, адам турмушу жөнүндөгү билимин тереңдетүү, оозеки жана жазуу кептерин байытуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп бергендиги аркылуу аныкталат. Ошондуктан жогоруда белгилеп өткөндөй, адабиятты окутуунун негизги максаты студенттерге акыл-эстик, адептик жана эстетикалык тарбия берүү менен, алардын кеп маданиятын өстүрүү, жалпы дүйнө таанымын кеңейтүү, чыгармачылык активдүүлүүгүн жогорулатуу болуп саналат. Адам баласынын аң-сезиминин ишмердигине байланышкан маселелерди изилдөө адабияттын изилдөө обьектиси болуп саналат. Ал эми адабиятты окутуунун методикасы үйрөнүүнүн закон ченемдүүлүктөрүн ачып, алардын принциптерин, формаларын, методдорун аныктап, аны практикада иш жүзүнө ашыруунун жолдорун көрсөтөт.

Адабий чыгармага ар бир предметтик жана портреттик детальды колдонуу белгилүү бир идеялык максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн, б.а. мазмунду кеңири жана элестүү ачып берүү үчүн киргизиле тургандыгын Толстойдун: «Искусстводо эч кандай майда нерсеге колду шилтеп салууга болбойт, анткени кээде кандайдыр бир жарым-жартылай үзүлмөк болуп калган топчунун өзү да ошол адамдын турмушунун белгилүү бир жагын ачык кылып көрсөтүп турушу мүмкүн. Бирок бардык күч-аракет жана ошол чала үзүлгөн топчунун өзү да көңүлдү бизди көп көрүнгөндөй башкы жана маанилүү нерселерден алаксытып, жекече, эч нерсеге арзыбаган заттарга бурдурбастан, иштин ички маңызын ачууга карай багытталат» деген таамай айтылган сөзү менен тастыктасак да болот.

Бул позициядан алганда кыргыз адабиятынын портреттер бөлүмүнүн тарыхый өнүгүш эволюциясында 60-70-жылдары повесть жанрында “романдашуу” күч алгандыгын Л. Якименко белгилегендей бир жанрдын экинчи жанрга тийгизген тасири катары кабылдоо закон ченемдүү көрүнүш. Анткени жогоруда белгиленгендей повесть жанрындагы “романдашуу”повесть жанры романга тиешелүү касиеттерди өзүнө сиңирип, өздөштүрүп, трансформациялап, белгилүү даражада романдын аткарган функциясын аткарып жаткандыгы дүйнөлүк аренада ошол мезгилдеги адабият таанунун өнүгүү тарыхында байма-бай белгилене баштагандыгы адабий чөйрөдө белгилүү. Улуттук адабиятыбыздын өсүш өзгөчөлүктөрүндөгү бул касиетти белгилөөчүлөр адегенде эле Ч.Айтматовдун адабий ачылгалары болгон “Гүлсарат”, “Ак кеме” повесттерине таянгандыгы баарыга маалым. Өзгөчө XX кылымдын 70-жылдарынын аягында кыргыз профессионал адабиятындагы повесть жанры сандык гана өсүшкө ээ болбостон сапаттык жаңылануусу менен дүйнөлүк аренага чыга алгандыгын кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптарын жана повесттердин өсүш эволюциясын изилдеген эмгектер өз учурунда далилдешкен.[1]

Оюбуз аргументтүү болсун үчүн ал кездеги кыргыз повесттеринин авторлору өздөрүнүн негизги чыгармачылык оюн эң башкы нерсе болгон каармандын жан дүйнөсүн , ички психологиясын ачууга багытташкандыгын көрөбүз. Ага К.Каимовдун ”Кыш ыргактары”, “Жигит баратат”, А.Стамовдун “Жаңы тууган”, “Чүй баяны”, “Нөшөрдөн кийин”, М.Байжиевдин “Чыйыр”, М. Гапаровдун “Кыштакча”, М.Мураталиевдин “Жаңы конуш”, Ж.Мавляновдун “Аваз“, З.Сооронбаеванын”Астра гүлү“ж.б. повестеринде 70-жылдардагы адамдын ички психологиясын ачууда реалисттик адабияттын өзгөчө ушул касиеттерин өздөштүрүүдө ийгиликтүү кадам жасалган чыгармалардын катарына кире тургандыгын белгилөөгө толук негиз бар. Анткени Ч.Айтматов башында турган көптөгөн авторлорду бириктирип турган жалпы бир көркөм принцип “70-жылдардагы адамдын образын сүрөттөөдө кырыгыз прозаиктери мүмүкүнүчүлүктүн болушунча көп сөздүүлүктөн, артыкбаш баяндоолордон, кирди- чыкты персонаждардан жана курулай кооздуктан кол үзүп, бүткүл чыгармачылык иликтөөнү максималдуу түрдө жеке адамдын көркөм концепциясын түзүүгө бурат. Азыркы адамдын образын сүрөттөөдө авторлор ойку-кайкы окуяга, чырмалышкан сюжетке кызыгышпайт, каармандын ички жан дүйнөсүн белгилөөчү критерий катарында анын адамдык нравалык сапаты сүрөттөлөт” [2], – деп белгиленгендей улуттук адабиятыбыздын байышы ар бир индивидуалдуу чыгармачылык менен алака-катышта экендигин белгилөөгө болот. Анткени жекече чыгармачылык канчалык кызыктуу, канчалык оргиналдуу болсо, анын жалпы адабий процесске кошкон салымы ошончолук бараандуу келип, өзгөчөлөнүп турат. Бул маселе жөнүндө сөз кылганда негизги жүк 60-жылдардын муундарына таандык болгону менен 70-80-жылдары повесть жанрын өркүндөтүүгө Т. Сыдыкбеков башында турган кыргыз прозачыларынын «ардагерлери» да, ошондой эле колуна калем кармаган жаш талапкерлер да өз салымдарын кошконун унутта калтырууга болбойт.[1.5:10]

Ырас, көп кырдуу таланттардын чыгармачылык ишмердигин боюна сиңирген повесть жанрынын поэтикасын иликтөөгө 70-80- жылдары андан кийинки мезгилдерде жарык көргөн КМШ өлкөлөрүнүн чегинде жарык көргөн фундаменталдуу изилдөөлөр, кыргыз адабият таануу илиминде бул проблемага тике жана кыйыр тиешеси бар илимий изилдөөлөр, мезгилдүү басма сөздө жарыяланган макалалар ага далил боло алат.

Ал эми (педагогика илиминде) студенттердин рухий калыптануусун коомдук шарттарга ылайыктап жүргүзүү, улуттук салттар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды бирдикте алып жүрүү идеялары дүйнөлүк жана биз мурда таанып келген советтик, ошондой эле кыргыз педагогика илиминде бир топ терең изилденген. А.Я.Коменский, Ж.Ж. Руссо, К.Д. Ушинский, Л.Н. Толстой, В.И. Водовозов, П.П. Блонский, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский, С.Т.Шацкий ж.б. педогогдордун, гуманист жазуучулардын эмгектериндеги, рухий-ыймандык билим жана тарбия берүүгө, инсандын гумандуу сапаттарын өстүрүүгө алардын эркиндигин жогорулатууга жасалган аракеттерди эске алып, ага өзгөчө маани берүү менен азыркы учурдагы мугалимдерди ушул багытта даярдоону коомдук прогресс талап кылууда. Көркөм дүйнөдөгү ошол татаал социалдык шарт-жагдайлар адамдын татаал дүйнөсүн өзгөртө алуучу күчү бар экендигин, ар бир индивиддин ички дүйнөсүндө ак ниеттик менен кара өзгөйлүктүн, адилеттик менен наамарттыктын, улуулук менен майдалыктын, сулуулук менен куниктиктин кармашып жаткандыгын улуу философ окумуштуулар Н.А.Бердяев, Г.Ф.Гегель, И. Кант, В.Лейбниц, М. Монтень, Ж.Ж. Руссо, Э.Фромм ж.б. эмгектеринин негизги мазмунун түзгөн жана бул проблема бүгүнкү күндүн да эң орчундуу маселелери катары адам таануу илиминин түйүндүү проблемаларынын бири катары өз ордун жоготпой келет.[3.56]

Бул маселени адабиятта чечмелөөгө келгенде адагенде адабият терминине кененирээк токтолуу менен анын аткарган милдети, ролу тууралуу сөз кылуу негизги маселе болуусу тийиш.Анда «Адабият» сөзү араб тилинен алынып, «адеп» деген маанини берип, кең мааниде басмадан жарык көргөн илимдин бардык тармагына тиешелүү китептердин баары адабият делинсе, тар мааниде искусствонун бир түрү болгон көркөм адабият аталып, ал искусствонун башка тармактарынан сөз өнөрүнүн жазма, оозеки формада өнүгүп, коомдогу реалдуу чындыкты образдуу чагылдырып [4], «турмуш чындыгын сулуулуктун мыйзамы боюнча өздөштүргөнү» [5] менен айырмаланып турат. Адабият алгач ирет эл оозунда жашап, өнүгүп, «Манас» көркөм кенчи менен бийиктикке көтөрүлүп, убакыттын өтүшү менен формасы өзгөрүлүп, жазуу, сызуу, басылмалар пайда болгондон баштап бүгүнкү деңгээлинде өз өнүгүүсүн улантып, коомдук аң-сезимдин бир формасы катары тарыхый өнүгүштү баштан кечирет. **Башка илимдерден**: образдуу табияты, ээлеген орду, аткарган милдети, обьективдүү дүйнөнү өз алдынча аңдап билгендиги, элестүү формада чагылдыргандыгы, тарых менен тыгыз биримдикте каралгандыгы менен айырмаланса**, аткарган милдети жагынан**: адамдын руханий эстетикалык, идеялык жактан өнүгүшүн калыптандырууга багытталгандыгы, прогрессчил көрүнүштөрдү жактап, терс көрүнүштөрдү ашкерелеп, адамды асылзаадалыкка тарбиялагандыгы менен айырмаланып, коомдук аң-сезимдин бир формасы катары [6:15] анын өсүп-өнүгүп, бир формадан экинчи формага өтүшү, коомдук-экономикалык формациялардын алмашуу мыйзам-ченемдүүлүктөрү менен тыгыз байланышта каралгандыгы менен баалуу. Демек бул проблеманын жүзөгө ашышы үчүн билим берүү мекемелеринде кыргыз адабиятын окутууда инсандын ички пихологиясындагы адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрүн кредиттик технологиянын негизинде кантип активдештирип, кантип билимин тереңдетүү керек деген максатталган маселенин үстүндө иштөөгө туура келүүдө. Бул максаттарды иш жүзүнө ашыруу ЖОЖдо эмгектенген ар бир окутуучунун милдети болгондуктан, бул милдетти ишке ашырууда ЖОЖдордо кыргыз адабиятын окутуунун методикасы кандай илимий-методологиялык негизге таянып иш жүргүзөт деген суроо туулат. Бул суроону чечмелөө үчүн адегенде илимий-методологияга терминине токтолууга туура келет. Илимий методология–бул тигил же бул илимде колдонулуучу изилдөө ыктарынын жыйындысы, б.а., тигил же бул илимде, предметте колдонулуучу илимий изилдөө методдору жана принциптери. Анткени ар бир илимдин өнүгүшү табиятына ылайык ошол илимдин илимий жактан таануу ыктарын, теориялык жактан негиздөө зарылдыгын жаратат. Бул маселеде илимий методологияны иштеп чыгуу 16-17-кылымдарда эле башталып, ага англиялык философ-материалисти Френсис Бекон (1561-1626) жана француз философ-материалисти Деле Декарт (1596-1650) негиз салышкан. Белгилөөчү нерсе, илимге киришкен ар бир илимпоз илимий методологияны үйрөнүү менен, илимий таанып билүүгө шык, жөндөмү болушу зарыл жагдайлардан. Анткени ЖОЖдун окутуучусу–бир эле мезгилде илимпоз болуу менен изилдөө иштеринде ар дайым суроо-жооп менен бирге (интервью, анкета, тестирлөө), байкоо, рейтинг, өзүн-өзү баалоо, эксперимент, анализ, синтез, индукция, дедукция, салыштыруу ж.б. у.с. педагогикалык изилдөө методдорун өз изилдөөсүндө кеңири колдоно билип, жүргүзүүчү эксперименттик иштеринде алардын көрсөткүчтөрү боюнча жыйынтык чыгарууну билиши зарыл көрүнүш.

Адабияттар:

1. Байтикова Т. «70-80-жылдардагы кыргыз повесттеринин поэтикасы» аттуу диссертациялык иштин авторефераты. 2001-ж.(10:5)
2. Монахов В.М. Инновации в образовании. [Текст]: ҮРеформирование российской системы образования: концепции стандартов и содержанияҮ Монахов В.М –М.: Журнал. Инновации в образовании. 2007.
3. Артыкбаев К. Адабият таанууга киришүү.Б-2009.-56-бет.
4. Үкүева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери. Монография. Ош-2012.
5. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. Бишкек-2013.
6. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии. -М.: Народное образование, 1988, 15-бет;

G.O. Usarova

Teaching Kyrgyz literature in places of higher education; meaning, goals, duties and methodology using examples from the '70's

Annotation: *Role, place, aim and methodology of studying Kyrgyz Literature at the Universities and the peculiarities of the development of the literary genre-novella of the 70th*

Key words: *Literature, Pedagogics, testing, method, role, process, image*

УДК: 371.14 : 894.341

Г.О.Усарова, ОшМСУ

Азыркы мезгилдеги кыргыз педагогика илиминин калыптанышы

Аннотация: *Педагогикалык принциптердин негизинде педагогикалык процесстин уюштурулушу жана өрчүп-өнүгүшү*

Түйүндүү сөздөр: *педагогика, принцип, процесс, лекцияокуу, методология, методика, дидактика.*

Аннотация: *Рост и развитие организации педагогического процессана основе педагогических принципов*

Ключевые слова:*Педагогика, принцип, процесс, читать лекцию, методология, методика, дидактика.*

Кыргыз педагогикасында Октябрь революциясына чейин педагогика атайын илим катарында калыптанбаса да, XIX к. жашаган кыргыз эл акындары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижоктун чыгармаларында таалим-тарбия, илим, билим тууралуу терең идеялар айтылып келгендиги маалым. Кыргыз эли жаш муундарын элдик чыгармалары менен баалуу асылзаадалыкка тарбиялап келишкендиги баарыбызга белгилүү. Качан гана 1928-жылы «Жаңы маданият жолунда» («Эл агартуу») аттуу атайын педагогикалык журнал жарыкка чыккандан баштап, республикабызда илимий-педагогикалык ой жүгүртүүлөр жайылып, кыргыз илимий-педагогикалык коому XX кылымдын орто ченинен, мугалимдер жана эл агартуу кызматкерлеринин чөйрөсүндө педгогика илими кеңири пропагандала баштаган. Бул илимдин көч башында көрүнүктүү педагогдор И. Арабаев, К.Тыныстанов, К.К.Юдахин, М.Юнусалиевдер туруп, бул илимдин бир тармагы болгон кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасынын өнүгүшүндө С.Наматов, К.К.Сартбаев, Т.Байжиев, Т.Саманчин, З.Бектеновдор баалуу салымдарын кошушкан. Мисалы, биринчи жолу 1936-жылы педагогика институтунун окутуучусу С.Наматов тил, адабият факультетинин студенттерине кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча лекция окугандыгы анын илимий-педагогикалык эмгектери кыргыз тилин окутуу–методикасынын башаты дешке толук негиз бар. Кийинчерээк бул илимге К.О.Бакеев, Э.Бердибаев, Ж.Жаңыбаев, Д.Майрыков, А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, К.Сартбаев, С.Үсөналиев, С.Кудайбергенов, Б.Рысбекова сыяктуу педагогдор өз салымдарын кошушкан. Аталган педагогдор Н.Крупская, А.Луначарский, В.А.Сухомлинский, Я.А.Каменский, Ф.И. Буслаев, К.Д.Ушинский, А.В.Текучев ж.б. у.с. улуу педагогдордун илимий-методикалык мурастарын үйрөнүү менен өз эмгектеринде методологиялык курал катары пайдаланышкандыгы белгилүү. Андан бери кылымдар алмашып, улам заман өзгөргөн сайын ЖОЖдордун методикасы жаңыдан түзүлүп, калыптанып, бирок түпкү уюткуну биз белгилеген педагогикалык жетишкендиктерден алып, ага таанып, заман талабына, мезгилдин үнүнө шайкештештирип, алымча-кошумчалап, өстүрүп-өркүндөтүп, ар дайым өз ишмердүүлүгүбүздө чеберчилик менен пайдаланып келе жатабыз. Анткени өтмүшсүз жаңылануу болбойт, карт тарыхтын бай мурасы, баалуулугу илимий педагогиканын жана методиканын азыркы учурдагы проблемаларын белгилөөдө жана чечүүдө ЖОЖдор үчүн негиз боло тургандыгын эч ким тана албайт Анткени, коом өзгөргөн сайын өсүп келе жаткан жаңы муундарга жаңыча билим берип, алардын турмушка болгон көз карашын жаңыча калыптандырып, турмуштук жашоо образын жаңыча түзүү милдети келип чыгат. Бул оор милдеттти жүзөгө ашырууда педагогика илиминин милдети чоң жана оор болуп саналуу менен ал көп тармактуу илимге айланып, инсанды толук кандуу жетилдирип, калыптандыруудагы социалдык-тарыхый тажрыйбаны өздөштүрүүнүн жолдорун, анын

приципторин, законченемдүүлүктөрүн, усулдарын, анын ыкмалык каражаттарын аныктап иштеп чыгып, студент менен окутуучунун өз ара аракетин камтыган педагогикалык процесстерде жүзөгө ашырат. Башкача айтканда окутуучу билим берет, студент окутуучунун берген билимин алып, өздөштүрөт. Натыйжада болочок кесип ээлери даярдалат. Анткени педагогика илиминин негизги категориясы- тарбия болуп саналып, анын максаты-инсан талабын, кызыкчылыгын, керектөөсүн камсыз кылуу менен келечекте өз алдынча жашап жана коомго пайда келтире алган инсанды тарбиялап чыгуу болуп саналат. Бул категория билим берүү жана алуу, аны өздөштүрүү, алган билимин турмушта колдоно билүү категориясы менен органикалык байланышта. Ал эми бул категория өз ичине: билим берүү, тарбиялоо, өнүктүрүүнү камтыйт. Бул эки категориянын негизги максаты-адамдын ар тараптан өсүп, өнүгүүсүнө көмөк көрсөтөт. Ушул жерде белгилөөчү нерсе, билим берүү жана аны кабыл алуу психикалык процесстердин жардамы аркылуу жүзөгө ашырылып, ал маалыматтарды, билимди көңүл буруу, сезүү, кабыл алуу, эске тутуу, ойлоо жана чыгармачылык менен ойлоо аркылуу студент жекече ички жана сырткы байлыктарды окуу процессинде өздөштүрүп өнүктүрөт. Өнүгүү ар бир студентте ар башкача болуп, ар башка натыйжа берет. Ушул өйдө ылдыйлыкты жоюуда, окутуучу талапка ылайык студентке педагогикалык жана психологиялык жардамдарды берүүсү эң орчундуу милдеттерден. Педагогика диалектикалык илим болгондуктан ал улам жаңы ачылыштар менен толукталып, илимий изилдөө иштерин алып барууда көптөгөн методологиялык илимдерди таяныч катары эсептейт. Анын негизгиси: системалуулук принциби, анткени ар кандай жүргүзүлгөн иш-аракет системалуу жүргүзүлүү менен жана аны системалуу уюштуруу принциби аркылуу, диалог түзүү принциби менен ишке ашырылып, диалог аркылуу жетишкендиктерди өздөштүрүү принциби аны жаңыча жаратып, жаңыча жаратылган нерсе, өзүмдүк же элдик педагогиканын бай тажрыйбасына таянуу принциби менен аны турмушта колдоно билүүгө башкача айтканда антропология принцибинде иш жүзүнө ашырылууга туура келет. Анткени антропология-адам тууралуу бардык илимдердин жетишкендиктерин системалуу пайдалана билүү болуп саналат. Башкача айтканда окутуучу педагогиканын бардык усулдарын чыгармачылык менен билип аны сабак процессинде колдоно билишине алып келет.

Саналган педагогикалык принциптердин негизинде педагогикалык процесстин уюштурулушу, андан ары өрчүп-өнүгүшү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү менен байланыштуу. Натыйжада ЖОЖдун өзүнө тиешелүү дидактикалык принциптери келип чыгат:

- Жогорку билим берүүнүн илимийлүүлүк принциби;
- Кафедралардын жана окутуучулардын илимий жана окутуу ишмердүүлүктөрүнүн биримдиги;
- Окуу процессинде студенттердин активдүүлүгүн жана чыгармачыл өз алдынчалуулугун камсыз кылуу;
- Илимдин жана практиканын өнүгүшүнүн азыркы деңгээлине ылайык студентти теориялык жана практикалык жактан даярдоонун органикалык биримдиги;
- Окуу процессинин системалуулугу, ырааттуулугу жана улантуучулугу;
- ЖОЖдун окутуу процессинде абстракция менен көрсөтмөлүүлүктүн жуурулушу;
- Окутуунун кесиптик багыттуулугу;
- Инсанга багыттап окутуу принциби;
- Билим берүүнүн гумандуулук принциби [1].

Метод–педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. 20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясында:

1. Айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);
2. Көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);
3. Практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу ж.б.) [2].

Бул традициялык методдор менен катар азыркы учурда проблемалык, программалык, компьютердик, интерактивдүү ж.б. методдор жана алардын ар кыл ыкмалары да активдүү колдонулууда.

Адабияттар:
1. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст]: Макалалар, маектешүүлөр, сүйлөнгөн сөздөр. Түз. С.Тургунбаев. .–Ф.: Кыргызстан. 1988–212-221-беттер.
2. Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору.[Текст]: Окуу куралы. Алимбеков А.-Бишкек: 2004.
3. Бекбоев. И.Б. Кесиптик компетенттүүлүк–педагогикалык эмгектинсапатынын негизи. .[Текст]: Жаны мектеп - жаны мугалим. Эл аралык илимий–практикалык конференциясынын материалдары. Бекбоев. И.Б.–Бишкек, 2003.83–93-б.
4. Момуналиев С. Кыргыз орто мектептеринде лириканы окутуунун психологиялык-педагогикалык жана методикалык технологиялары. Докторлук диссертациясы.2011-ж.
5. Оторбаев Б. К. Адабиятты окутуунун жаны технологиялары. [Текст]:Окуу куралы. Оторбаев Б. К.–Б.: 2010. 7-б.

G.O. Usarova
usarovag @mail.ru

Developing current Kyrgyz pedogagical science

Annotation: *Growth and development of the organizing of pedagogical process on the basis of pedagogical principles*

Key words: *Pedagogics, principle, to give a lecture, methodology, methods, Didactics*

УДК:371.3

Чыманов Ж., Ж.Баласагын атындагы
КУУнун профессору,
пед. илимдеринин доктору

Орто мектепте кыргыз тилин окутуу процессинде түйүндүү жана предметтик билгиликтерди эриш-аркак өнүктүрүүгө карата кеңештер

Аннотация:*Макалада орто мектепте кыргыз тилин окутуу процессинде түйүндүү жана предметтик билгиликтерди эриш-аркак өнүктүрүүгө карата кеңештер тууралуу съз болот.*

Түйүндүү сөздөр: *эне тил, билгичтиктер, сабак, тил, ойлоо, метод, методология, ааламдаштыруу, мугалим*

Мектепке чейинки билим берүүдөн тартып, жогорку окуу жайларына чейин окутуп-үйрөтүүнүн мазмунун жана күтүлгөн натыйжаларын аныктоо белгилүү бир билгиликтерге (компетенттүүлүктөргө) негизделип жүргүзүлүп, алар бардык нормативдик документтерде бериле баштады. Билим берүүнүн мазмунун билгиликтерге ажыратып аныктоо кыргыз тилин орто мектептерде окутуу иш-аракетине да кеңири тартылып, предметтик стандартта, окуу программасында атайын белгиленип, окутуу процессинде белгиленген билгиликтерди калыптандырууга, өркүндөтүүгө карата практикалык иш-чаралар аткарыла баштады. Ошол эле учурда окутуунун мазмунун билгиликтерге карата аныктап, аны сабак процессинде ишке ашырууга айрым толук түшүнбөөчүлүктөр кездешип, сабактын жүрүшүндө бир максатка, бир темага анча бирикпеген ажырымдар да кездешүүдө. Бул макалада: «негизги (же түйүндүү) жана предметтик билгиликтүү деген эмне жана аларды кыргыз тили сабагында кантип эриш-аркак алып барууга болот?» - деген суроолорго жооп издөөгө аракет кылабыз.

Негизги билгиликтер жалпы эле билим берүүгө, тарбиялоого коюлуп жаткан соңку суроо-талаптарга жараша аныкталса, предметтик билгиликтер конкреттүү бир предметтик мазмунуна, анын жашоо-турмушундагы, ишмердүүлүктөгү орду, мааниси жана аткарган кызматына карата аныкталат. Кыргыз тилин окутуунун предметтик белгиликтерин толук аңдап, билүү үчүн, аларды окутуу процессинде өркүндөтүү үчүн кыргыз тилин окутуунун максаты менен милдетин жана окутуунун методологиялык негиздерин жеткилең билүү зарыл. Алар кыргыз тилин эне тил катары окутуунун соңку иштелип чыккан предметтик стандарттарында берилген. Ал маалыматтарды толук келтирели.

Эне тилди 5-9-класстарда окутуунун максатын жана милдеттери

Максаты: окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү, кыргыз тилинин байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү пайдалануу, кеп маданиятынын нормаларын сактоого үйрөтүү.

Милдеттери:

Таанып-билүүчүлүк. Окуучуну эне тилинин өз жашоо-турмушундагы, коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктап, билүүгө үйрөтүү. Эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн инструменти жана чындыкты чагылдыруунун каражаты, ошондой эле башка окуу предметтери боюнча билим алуунун куралы катары колдонууга көнүктүрүү. Тил жана кеп, тил жана аң-сезим, тил жана ойлоо, тил жана маданият түшүнүктөрүнүн ажырагыс биримдигин жеткилең түшүндүрүү. Кыргыз тилини фонетикалык системасын, лексико-фразеологиялык байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык, пунктуациялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин практикалык негизде өздөштүрүп, өз кебинде колдонууга үйрөтүү. Окуучуну эне тилин бүтүн жана өнүгүүчү ситема катары кароого, анын структуралык өзгөчөлүгүн, тил бирдиктеринин маанисин жана функцияларын толук аңдап билүүгө, эне тилиндеги кубулуштарды, фактыларды талдоого үйрөтүү; оозеки жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоого көнүктүрүү.

Жүрүм-турумдук. Окуучуну кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жана сүйлөшүү, баарлашууну ар кандай чөйрөлөрүндөгү кептик жүрүм-турумдук маданиятын толук билүүгө жана колдонууга үйрөтүү. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин өз алдынча дайыма өркүндөтүү жөндөмүнө ээ кылуу.

Баалуулук. Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көнүктүрүү. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап баалоого үйрөтүү.

Эне тилди 10-11-класстарда окутуунун максаты жана милдеттери

Максаты: окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү, баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө кеп маданиятын мыкты колдонууга, көп тилдүү, көп маданияттуу комдо тилдик-маданий баалуулуктарды барктоого көнүктүрүү.

Милдеттери:

Таанып-билүүчүлүк. Окуучунун (бүтүрүүчүнүн) эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн, чындыкты чагылдыруунун, таалим-тарбия алуунун каражаты катары толук таанып-билип, өз ишмердүүлүгүндө толук кандуу колдоно билүүсүнө жетишүү. Кеп ишмердүүлүгү менен ойлоо ишмердүүлүгүн, биримдигин, кеп ишмердүүлүгүнүн кеп маданияты менен тыгыз байланышын, пикир алышуудагы алардын маанисин, барк-баасын терен аңдап-билип, турмушта колдоно билүү көндүмдөрүн калыптандыруу. Тексттин коммуникативдик табиятын терең өздөштүрүү текст талдоонун, өздөштүрүүнүн жана текст түзүүнүн мыкты көндүмдөрүн калыптандыруу. Кептин стилдери, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу жетиштүү маалыматтарды берип, кеп стилдери боюнча текстти талдап, текст түзүүгө көнүктүрүү. Оозеки кептеги орфоэпиянын, жазуу кебиндеги орфография менен пунктуациянын, адабий тил нормаларын сактоонун зарылдыктарына бекем ынандыруу.

Жүрүм-турумдук. Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жогорку деңгээлде колдонууга, сабаттуу жаза билүүгө, маданияттуу сүйлөөгө көнүктүрүү. Тил бирдиктерин эркин жана аң-сезимдүү түрдө оозеки жана жазуу кебинде колдонууга, өз пикирин толук билдирип, далилдөөгө, тил каражаттарын сүйлөшүүнүн максаты менен милдетине, чөйрө менен жагдай-шартына жараша орундуу колдоно билүүгө машыктыруу. Окуучуну өз кеп ишмердүүлүгүнө көңүл буруп, аны өз алдынча өркүндөтүүгө болгон жөндөм-көндүмдөрүн бекемдөө.

Баалуулук. Кыргыз тилин эне тил катары баалап, аны менен сыймыктанып, өзүн-өзү, өз улутун, мекенин, дүйнөнү таанып-билүүнүн кубаттуу куралы, соолбос булагы катары эне тилин кастарлап, обөективдүү чындыкты билип, илим-билимди, кесипти алып, өздөштүрүүнүн каражаты катары колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтүү.

Эне тилди окутуунун методологиялык негиздери

Кыргыз тилин эне тил катары окутуу-үйрөтүү иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Аны менен бирге эне тилди

окутууга болгон түшүнүк-мамиледе инсанга багыттап окутууга өзгөчө орун берилип, окутуп-үйрөтүүнүн жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт.

Биринчи, эне тилин окутууну социалдаштыруу. Эне тилди окутууну социалдаштыруу реалдуу социалдык-турмуштук, коомдук азыркы суроо-талаптарга, муктаждыктарга жараша аныкталат. Азыркы кыргыз тили – кыргыз элинин улуттук тили, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, окуучулардын кыргыз (эне) тили окуу предмети, башка окуу предметтерин окуп-үйрөнүүнүн каражаты. Демек кыргыз тили кыргыз коомунун бардык чөйрөлөрүн бирдей тейлеп, кызмат кылууга тийиш. Мектеп окуучусу эне тилин турмуш-тиричиликти, таалим-тарбия алууну, өзүн-өзү таанып-билүүсүнүн, келечек максат-милдеттерин аныктоочу, ага жетүүнүн кубаттуу куралы катары кабылдап тилдик-кептик маалыматтарды өздөштүрүп, өз кебинде колдонуусуна жетишүү максаты турат.

Экинчи, эне тилди окутууну гумандаштыруу. Мында эне тилди окутуу процессиндеги мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун мугалим менен ата-эненин ж.б. мамилелерин, карым-катышын. кызматташууларын бирин-бири сыйлаган, түшүнгөн, колдогон алда канча гумандуу, маданияттуу денгээлде болуу талабы коюлат. Кыргыз тили мугалими теориялык-лингвистикалык билимдердин жыйындысын берүүчү адис эмес, ал окуучулардын эне тили боюнча билим алуучу билим, билгичтик, көндүмдөрдүн зарыл экендигин ынандырып-тастыктаган, аларды өздөштүрүүгө багыт берип, каражат булагын ачып көрсөтүп, шарт түзүп уюштуруучу субөект. Ал эми окуучу билимдердин жыйындысын алуучу, жыйноочу обөект эмес. Окуучу социалдык турмуштук суроо-талартарга, жеке керектөөлөрүнө, муктаждыктарына жараша тилдик-кептик көндүмдөрдү өздөштүрүүчү субөект. Эне тили сабагы – эки тараптын (мугалим-окуучу) бирин-бири сыйлаган, бири-бирине ишенген, биргелешкен бир максатты көздөгөн бирдиктүү чыгармачыл жана жаратмандык иш-аракеттеринин ишке ашуу процесси. Ал максаттуу, жандуу жана эмоционалдуу сүйлөшүүгө негизделет. Мындай жандуу, кызыктуу эне тили сабагын уюштуруп, өткөрүүдө интерактиндүү методдор, дидактикалык-кырдаалдык оюндар, тексттер ж.б. маанилүү роль ойнойт.

Үчүнчү эне тилин окутууну ааламдаштыруу. Бул эки багытта ишке ашырылышы талап кылынат. Биринчи, эне тилин окутуу да жалпы эле тилди окутуу боюнча дүйнөлүк деңгээлде иштелип чыккан концепцияларды, технологияларды, критерийлерди ж.б. соңку жегишкендиктерин, тажрыйба-табылгаларын кыргыз этнобилимдеринин тыянак-сунуштары менен эриш-аркак колдонуу. Экинчи, эне тилибиздин турмуш-тиричиликтин жеке коомдук ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрү менен түрлөрүн, улуттар аралык жана эл аралык карым-катнаштарды тейлөө маланиятын, мүмкүнчүлүктөрүн дүйнөлүк өнүккөн тилдердин колдонуу деңгээлине көтөрүүгө аракет кылуу, көп тилдүү, көп маданияттуу чөйрөлөрдө татыктуу ордун алуусуна кам көрүү. Окутуу-үйрөтүү иштеринде булл маселеге маани берүү.

Кыргыз тилин эне тил катары окутууга коммуникативдик-ишмердүүлүк мамиле жасалып, окутуунун мазмундук өзөгүн текст түзүп, сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, текст түзүү иштери аркылуу жүргүзүлүшү керек. Текст тилдик-кептик бирдик болуу менен бирге эле ал дидактикалык да бирдик болуп саналат. Текст эне тилди окутуунун маанилүү эки багытын тил системасын таанып-билүүгө жана сүйлөшүүнүн норма-эрежелерин, түрдүү кырдаалдарда кептик жүрүм-турумдун үлгүсүн бириктирип үйрөтүүгө шарт түзөт. Текст тилдик системаны тейлеген мыйзам, нормаларды ж.б. тилдин функционалдык маанилери аркылуу өздөштүрүүгө өбөлгө болот.

Функционалдык стилдердин түрлөрүнө жараша тексттерди класстар боюнча колдонуунун болжолдуу пайыздык катышы 1-таблицада берилди.

Класстар	**Сүйлөшүү**	**Көркөм**	**Публицистика**	**Окуу-илимий**	**Иштиктүү стиль**
5-7	5%	45-50%	30-35%	10%	5%
8-9	5%	30-35%	25-30%	15-20%	15%
10-11	5%	15-20%	30-35%	20-25%	20%

Эне тилин окутууда элдик педагогиканын «жакшы сүйлөгөнгө сүйлөп жатып гана үйрөнүүгө болот», «жакшы ойлонсоң жакшы сүйлөйсүң» накыл насаатын, улуттук этникалык-тилдик өзгөчөлүтөрүн эске алуу талабы да коюлат. Орто мектепти бүткөн окучу кеп ишмердүүлүгү – бул адам баласынын жеке, жалпы жана бардык ишмердүүлүктөрүнүн ажырагыс бөлүгү, компонети экендигине бекем ынанууга тийиш. Кеп ишмерүүлүгүн өстүрүп-өркүндөтүү

ой-жүгүртүүгө, ой-жүгүртүү аң-сезимге, ал таанып-билүүгө, ал эми таанып-билүү кызыгууга, умтулууга байланыштуу атүгүл көз каранды. Демек, кыргыз тилин окутууда окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү менен анын өзүн-өзү таанып-билүүсү, инсан катары калыптануусу, коомго, коомдогу социалдык-турмуштук жагдай-шарттарга жараша өз көз карашынын иштелип чыгышы, коллективде жашоого көнүгүүсү, турмуштук, ишмердүүлүк максатын аныктап, ага жетүүгө өбөлгө түзүлүшү, жеке суроо-талаптарын, муктаждыктарын канааттандырууга жол табышы, тилди баарлашуунун максаты менен кырдаалына жараша кодоно билүүсү сыяктуу турмуштук зарыл компетенцияларга ээ болуусун камсыз кылуу маселелери чечилүүгө тийиш.

Кыргыз тилин окутууну дидакткиалык-методологиялык негиздерин аныктаган бул материалдарды атайын жана максаттуу түрдө бердик. Биздин бекем ишенимибизде, бул маалыматтарды ар бир кыргыз тили мугалими жетик түшүнүп, өз практикасында дайыма жетекчиликке алууга милдеттүү. Анткени ар бир кыргыз тили сабагын пландаштырып-уюштуруу, жүргүзүү, күтүлгөн натыйжаны болжолдуу түрдө аныктоо да жогоркуларга түздөн-түз байланыштуу, атүгүл көз каранды. Бул талаптарга ылайык окутууну формалары, каражаттары жана ык-жолдору тандалып алынат жана колдонулат.

Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун максат-милдетине, мазмунуна, эң негизгиси, мыйзамченемдерине толук жооп берген түйүндүү (жалпы) жана предметтик белгиликтер аныкталып, аларды окутуп-үйрөтүүдө калыптандырып, өнүктүрүү талабы да коюлган.

Түйүндүү белгиликтер: маалыматтын (информациялык), социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу жана проблемаларды чече билүү.

Предметтин белгиликтер: тилдик, кептик жана маданият таануучулук.

Стандартка түйүндүү жана предметтик белгиликтердин байланышы сүрөт түрүндө төмөнкүдөй берилген.

Предметтик белгиликтер	• Тилдик • Кептик • Маданият таануучулук

Каражаттары	• Интерактивдүү методдор • Актуалдуу текстер • Турмутук куралдар

Түйүндүү белгилер	• Маалыматтык • Социалдык-коммуникативдик • Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чече билүү

Эгерде, кайталап айталы, кыргыз тили мугалими кыргыз тилин окутуунун жалпы дидактикалык-методологиялык негиздерин толук аңдап-түшүнө албаса талап кылынып жаткан билгиликтерди бир бүтүндүккө бириктирип, аларды калыптандырууга жасаган аракеттеринен майнап чыкпайт. Анын үстүнө, эгер мугалим салттуу нукка салып, тилдин грамматикасын үйрөтүүгө басым коюп, ал аркылуу билгиликтерди өнүктүрүүгө далалат жасашы да айныксыз болуп калат.

Кыргыз тили сабагын соңку талаптарга ылайык, окуучулардын түйүндүү жана предметтин билгиликтерин өстүрүүгө багыттап жүргүзүү үчүн салттуу деп аталган айрым каражаттардан, ык-жолдордон баш тартууга туура келет. Мында, мугалим, кыргыз тилин окутуунун мазмунун грамматикалык маалыматтар түзбөй тургандыгын, мазмун катары турмуштук кырдаалдар боюнча жандуу, максаттуу жана эмоционалдуу сүйлөшүп-баарлашуу жана активдүү текстер менен алар боюнча берилүүчү тапшырмалар карала баштаганына артыкчылыктуу мани берүү талап кылынат. Мугалим түйүндүү жана предметтик билгиликтерди жандуу сүйлөшүү, текст менен иштөө жана интерактивдүү методдорду сабакта колдонуу аркылуу гана калыптандырууга мүмкүн экендигине биротоло көзү жетүүгө тийиш. Бул жагдайдагы чечүүчү маселе сүйлөшүү үчүн теманын тандалып алынып, текст, анын адаптацияланышы болуп саналат.

Кыскартып айтканда, кыргыз тили мугалими кыргыз тили сабагы грамматиканын алкагынан толук чыгып, окуучунун күнүмдүк жашоо-турмушу, суроо-талаптары, максат-

мүдөөлөрү менен үндөшүп турушу зарыл. Ал эми грамаматика кыргыз тилин окутуунун кошумча каражаты катары гана кызмат кылууга багытталышы шарт.

Түйүндүү жана предметтик билгиликтер өз-өзүнчө бөлүнгөн, жекечеленген, башкалар менен байланышы жок мазмун эмес. Ал бир бүтүндүктүн, таалим-тарбия берүүнүн бүтүн системасынын ажырагыс бөлүктөрү, компонеттери болуп саналат. Азыркы милдет ал биримдикти, ал бүтүндүктү толук таанып-билип, окутуу-үйрөтүүдө ыктуу жана натыйжалуу колдонууга өтүүдө турат.

Адабияттар:

1. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Окутуу методдору. - Бишкек, 2007-ж.
2. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б.: Турар 2009. 486 б.

Chimanov J.
Kyrgyz National University
Doctor

Advise for integrating theory and practice in teaching Kyrgyz language in middle schools

Annotation: *This article addresses methods of teaching Kyrgyz language in middle schools and combining theory and practice.*

Key words: *mother tongue, lesson, language, thought, method, methodology, universal, teacher*

УДК:494.3

Шакирова М., ЖАМУ

Колдонулушу чектелген лексиканын жалпы тил илиминде изилдениши

Аннотация. *Макалада колдонулушу чектелген лексиканын орус тилинде, түрк тилдеринде изилденишинин айрым учурлары каралды. Тилчи-окумуштуулардын эмгектери талдоого алынып, мисалдар келтирилди. Колдонулушу чектелген сөздөрдүн айрымдары боюнча кенен изилдөө жүргүзүлсө, айрымдары боюнча саналуу гана изилдөөлөр болгондугу белгиленип, маселеге карата автордун ою берилди.*

Ачкыч сөздөр: *колдонулушу чектелген лексика, диалектилер, терминдер, кесиптик сөздөр, илим, изилдөө иштери, колдонулушу чектелген лексиканын кызматы ж.б.*

Аннотация. *В этой статье дается краткая информация исследования лексику ограниченного употребления в общем языкознании. Проведен анализ научных трудов по исследованию лексики ограниченного употребления в общем языкознании. Высказана краткое мнение автора статьи.*

Ключевые слова: *ограниченая лексика, диалекты, термины, профессиональная лексика, наука, исследование, функциональные особенности лексики ограниченного употребления и т.*

Лингвист-окумуштуулар сөздөрдүн лексикалык мааниси дегенде обөективдүү дүйнөнүн кайсы бир кубулушунун сүйлөп жаткан кишинин аң-сезиминен орун алып, ошол сөзгө сиңирилген мазмунду түшүнүү керектигин айтышат [Ахманова, 1969: 160-161; Розенталь, 1976: 113; Шевченко, 1979: 123]. Окумуштуулардын башка бир тобу жаратылыштагы нерселердин, кубулуштардын сөзгө сиңирилген маңызы эле сөздүн лексикалык маанисин билдирет дегенди жетишсиз деп эсептешип, сөздүн лексикалык маанисинде эмоционалдык-экспрессивдүү манилеринин да боло тургандыгын айтышкан [Виноградов, 1956; Фомина, 1978: 24; Шанский, 1981: 14]. Бул акыркы көз караш бир топ окумуштуулардын эмгектеринде колдоого алынган [Шмелев, 1965; Киселева, 1969].

Айрым сөздөрдө түз гана маани болсо, айрымдарында эмоционалдык гана маани (мисалы, сырдык сөздөрдө), дагы бирлеринде түз маани менен эмоционалдык маани бирге берилет. Сөздө бир учурда эмоционалдык маани болбой, ошол эле сөздө башка бир учурда эмоционалдык-экспрессивдик маанилер болуп калышы мүмкүн. Мындай мааниде жеткирүү айтуучунун психологиялык абалына жараша ишке ашат. Албетте, эмоционалдык жана экспрессивдик маанилер дайым эле боло бербейт дагы, ал эми сөздүн өзүндөгү нерсени же обөективдүү дүйнөнүн кубулушун билдирген лексикалык маани туруктуу болот.

Сөздөгү лексикалык маанилердин бир нече типтери болот. Орус тил илиминде сөздүн лексикалык маанилеринин типтерин аныктап классификациялаган көз караштарды Б.Н.Головин, Н.М.Шанский, Д.Н.Шмелев, Р.В.Туркина, О.П.Ерманова, М.И.Фомина ж.б. көптөгөн окумуштуулардын эмгектеринен көрүүгө болот.

Тилде сөздөр маанилери боюнча гана эмес, колдонулушу боюнча да өз-өзүнчө топторго ажыратылат. Мааниси ошол тилде сүйлөгөн жалпы элге түшүнүктүү болуп, жалпы эл тарабынан колдонулган сөздөр жана мааниси жалпы элдин баарына бирдей түшүнүктүү болбой калып, колдонулушу жагынан чектелген сөздөр да болот.

Орус тил илиминде мындай сөздөр «лексика общеупотребительная и лексика ограниченного употребления» деген терминдер менен белгиленет. Мисалы, орус окумуштуусу Маргарита Ивановна Фомина лексиканын пайдаланылышына карата мындай эки топко бөлүнүшүн белгилеп, студенттерди окутууга сунуш кылат: «Слова, обөединенные сферой распространения, образуют определенные лексические группы: 1) общеупотребительную лексику и 2) лексику ограниченного употребления» [Фомина, 1978: 172], дейт да экинчисин, колдонулушу чектелген лексиканы, андан ары дагы үч топко бөлөт: 1) кесиптик жана терминологиялык лексика, 2) диалектилик лексика, 3) жаргондук-арготикалык лексикасы. Анын кесиптик сөздөр менен терминдерди бириктирип, бир топто киргизгени бул сөздөрдүн семантика-функционалдык жакындыгына таянса керек. Биздин оюбузча, бул эки топтун ортосунда айырма бар. Өзбек тилинде да ушундай бөлүштүрүүлөрдү жолуктурабыз: «Кулланилиш жихатдан чегараланган лексика уч хил: 1) диалектал лексика, 2) махсус (профессионал-терминологик) лексика, 3) жаргонлар» [Узбек тили, 1981: 17]. Кесип сөздөрү ошол кесип ээлери тарабынан активдүү колдонулган менен, жалпы эл ошол кесипти өздөштүрүп кетип, көпчүлүктүн тилинде айтыла баштап жалпы элдик лексикага өтүп кетүүгө жөндөмдүү болот. Ал эми терминдерде болсо андай касиет болбойт. Кайсы бир илим тармагында айтылып, илимдин ошол тармагын, ошол илим менен иштегендерди гана тейлейт да, ошол илим менен кеңири түшүнүгү жок көпчүлүктүн речинде айтылбайт. Мисалы, казак музыкасынын терминологиясына жүргүзүлгөн эмгекте батыш европалык терминдердин көпчүлүгүн музыка таануу илиминин теориясынан жолуктурууга болот: *лад, гамма, тон, бемоль, диез* ж.б., ал эми казактардын музыкалык жашоосун чагылдырып, элдин кебине таркап кеткендерин терминдик касиетинен жалпы элдик лексикага өтүп бара жаткандыгын белгилейт: *домбыра, кобыз, терме, шертер, зар ж.б.* [Джансеитова, 1989]. Демек, терминдердин кээ бирлеринин элдин кебинде бара-бара көбүрөөк колдонгондугунан улам кесиптик лексикага окшоп да кеткендигин белгилеп коюшубуз керек.

Жаргон сөздөр элдин бардыгынын тилинде айтыла бербейт, ал гана эмес, жаргондор башка адамдарга таптакыр түшүнүксүз да болот. Бул сөздү тиешелүү сөздүктөр ар башка түшүндүрөт. Лингвистикалык терминдердин сөздүгүндө жаргонду француз тилинен (jargon) келген сөз деп, аргон (*фр.* argot) менен бирдей деп карап, маанисин «язык отдельных социальных групп, сообществ, искусственно создаваемый с целью языкового обособления (иногда «потайной» язык), отличающийся главным образом наличием слов, непонятных людям непосвященным. *Школьное арго. Студенческое арго. Спортивное арго. Арго картежников. Воровское арго*» [Розенталь, 1976: 28, 104] деп түшүндүрөт. Чет тилдер сөздүгү да ушул сыяктуу түшүндүрмө берген [СИС, 2008: 51, 213]. Поэтикалык сөздүктө жаргонго караганда арго сөздөрдүн чөйрөсү тарыраак болуп көрсөтүлгөн [Квятковский, 1966: 47, 109].

Түрк тилдеринде жаргондорду изилдөө биринчи жолу азербайжан тилиндеги жаргондорго жүргүзүлгөн эмгекте ишке ашкан деп айтсак болчудай [Алиев Алирза, 1982]. Мында жаргон сөздөрүн “сун´и дил”- жасалма тил (китаб-кибитаб, базар-бабазар ж.б.), “шэрти тил” – шарттуу тил (машын – револьвер, гарға-ревизор ж.б.), “дору сөзлөр” – “кыйынсынган сөздөр” (пахан, шеф, зор ж.б.), “гарға дили” – карга тили (гуш дили, гузғун дили ж.б.) жана башка топторго бөлүштүрүп изилдеп, арго сөздөрүн “жашыруун тил”, “пароль” деп атап, *онуң ушагы фәрсиздир - анын перзенти майып, киши гадына данышды – эркек аялга айтты деген сыяктуу мисалдар келтирилет.*

Орус тилинин лексикасы колдонулушуна карап жогоркудан бир аз башкача топторго ажыратылып: «В зависимости от сферы употребления лексика русского языка может быть подразделена на несколько групп: 1) лексика общенародная, 2) лексика диалектная, 3) лексика профессиональная и специальная, 4) лексика жаргонная» [Касаткин, 1989: 118] деген мазмунда бөлүштүрүлөт. Бул жерде авторлор (китепти бир нече автор жазган) студенттер үчүн орус тилинин

лексикасынын колдонулушун бир топ майда топторго ажыратып, конкреттештирүүгө аракет кылышкан.

Жогорку окуу жайлар үчүн жазылган дагы бир окуу китепте да орус тилинин лексикасы жалпы элге түшүнүктүү жана чектелүү колдонулган лексика болуп экиге бөлүнүп, чектелүү колдонулган лексика андан ары, диалектилик лексика, терминологиялык жана кесиптик лексика, жаргондук жана арготикалык лексика деп үч топко бөлүп көрсөтөт [Розенталь, 1991: 109-119]. Диалектилик лексиканы лексикалык диалектизмдер, этнографиялык диалектизмдер, лексика-семантикалык диалектизмдер, фонетикалык диалектизмдер, сөз жасалып пайда болгон диалектизмдер (словообразовательные диалектизмы) жана морфологиялык диалектизмдер деп алты топко ажыратып [Розенталь, 1991: 111] карайт. Диалектилик лексиканын кайсы түрү болбосун, алардын элдин оозунда колдонулушу чектелген болот.

Орус тили илиминде колдонулушу чектелеген табу жана эвфемизмдер боюнча профессор Р.А.Будагов кафрларда аял өзүнүн күйөөсүнүн атын толук айтууга гана эмес, анын жана туугандарынын ысымын белгилеген сөздүн бир эле мууну башка сөздөрдүн тутумунда кезиксе, аны айтууга да катуу тыюу салынып, аял аларды тергөө үчүн өзгөчө сөздөрдү ойлоп табууга аргасыз болгондугун белгилейт.

Табу жана эвфемизмдердин жакындыгы, айырмачылыгы боюнча көптөгөн ойлор айтылган. А.А.Реформатский лексикалык составдагы бул эки топ бири-бирине жакын деген көз карашын билдирсе, Р.А.Будагов экөөнү эки башка деп караган.

Түркологияда табу жана эвфемизмдерди изилдөөлөрдүн алгачкылары болуп, өткөн кылымдын 50-70-жылдарында түркмөн [С.Алтаев], өзбек [Н.Исматуллаев], азербайжан [Х.Жаббаров], казак [Э.Ахметов] тилдеринде табу жана эвфемизмдерге арналган кандидаттык диссертацияларды эсептөөгө болот. Алтай тилдерине жүргүзүлгөн эмгекте [Нина Яимова, 1985] аялдардын кебиндеги табу жана эвфемизмдердин колдонулушу, келип чыгышы жөнүндө көбүрөөк сөз болот: кайын энесинин ысымы *Элек* болсо, келин *эл* деген муун менен башталган сөздөрдү айталган эмес: элгек – чайканар (раскачивающийся), элик – керекшин (самка косули) ж.б.

Демек, жалпы тил илиминде колдонулушу чектелген лексиканын кээ бир топтору боюнча кененирээк, кээ бирлери боюнча азыраак изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүн белгилөөгө болот.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Абдувалиев И. Профессиональная лексика в кыргызском языке: сравнительно типологический анализ на материале конноспортивной лексики. – Бишкек: Б.и., 2001. - 120 б.
2. Алиев Алирза Б.О. Жаргоны в Азербайджанском языке. Автореф. дис. ... канд. филол. наук Y - Баку, 1982. - 26 с.
3. Ахманова, О.С. Словарь лингвистических - М., 1969. - 607 с.
4. Блинова, О.И. Проблемы диалектной лексикологии. Автореф. дис. ... д-ра филол. Наук. - Саратов, 1975. - 44 с.
5. Джансеитова С.С. Терминология казакской музыки (на материале казакского и русского языков) .Автореф. дис. … канд. филол. наук - Алма-Ата, 1989. - 22 с.
6. Квятковский А. Поэтический словарь. - М., 1966. - 376 с.
7. Розенталь О.С. Словарь-справочник лингвистических терминов. - М., 1976. - 544
8. Узбек тили лексикологияси - Тошкент, 1981. - 316 б.
9. Фомина, М.И. Современный русский язык. Лексикология. - М.,1978. - 206 с.
10. Юдахин, К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. - М., 1965. - 973 б.

Shakirova M., JA SU

Research of vocabulary of a limit use in general linguistics

Annotation. *In this article short information of research is given vocabulary of a limit use in general linguistics. The analysis of scientific works is conducted on research of vocabulary of a limit use in general linguistics. Outspoken short opinion of author of the article.*

Keywords: *vocabulary, dialects, terms, professional vocabulary, science, research, functional features of vocabulary of a limit use*

УДК: 80/81

Элчиев Ж.Э., ОшМУ

Маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн семантикалык түрлөрү

***Аннотация**: Макалада кыргыз тилиндеги маалымдоочулук кызматта колдонулган сүйлөмдөрдүн семантикалык түрлөрү анализделинет.*

***Ачкыч сөздөр**: маани, сүйлөм, айтым, жайынча маалымдоо, эмоциялуу маалымдоо, интонация, жагдай.ж.б.*

***Аннотация:** В статье анализируются семантические виды информативных предложений в кыргызском языке.*

***Ключевые словы**: значение, предложение, высказывания, повествовательная информация, эмоциональная информация, интонация, ситуация и.т.д.*

Ойду, же түшүнүктү маалымдоо сүйлөмдүн функциялык негизги бөтөнчөлүгү катары келип, деги эле сүйлөм түшүнүгүнүн башкы өзгөчөлүгү катары каралат. Андай **кеңири түшүнүктөн** каралганда, суроолуу сүйлөмдөр маалымат алуу максатында уюшулса, жай, илептүү сүйлөмдөр маалымат берүү, же маалымдоо функциясын ишке ашырат, же мындай сүйлөмдөр маалымдоо маанисинде болот. Сүйлөмдө камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдү (келки маанилерди) семантика-прагматикалык (мазмундук) аспектиден караганда, «маалымдоо мааниси» деген түшүнүк өз алдынча белгилерге ээ болгон түшүнүк катары ажыратылат. Маалымдоо мааниси объективдүү жана субъективдүү мазмундагы сүйлөмдөрдө берилип, андай сүйлөмдөр, негизинен, түз маанидеги сүйлөмдөрдөн болот да, анда сүйлөөчү тарабынан маалымдоо максаты негизги орунга коюлат. Маселен, -*Ата, Хан-Теңирдин кабагы бүркөлө баштаган турбайбы...* (Ө.Д.) деген объективдүү мазмундагы сүйлөм да*, Мага болсо, эми баары бир болуп калган* (Ч.А.) деген субъективдүү мазмундагы сүйлөм да маалымдоо маанисиндеги сүйлөм болду. Негизи, маалымдоо мааниси сүйлөмдө, же айтымда деги эле тилдик карым-катнаш жасоо түшүнүгүндө орчундуу орунда туруп, маанилик түрлөрдүн көпчүлүгү анын курамында берилет. Андыктан, же бул маанилик түшүнүктүн камтыган масштабы кең болгондуктан, аны конкреттештирип, ички бөтөнчөлүктөрүн айырмалоо максатында **жайынча маалымдоо** жана **эмоциялуу маалымдоо** деп эки топко бөлүп кароого туура келет. Мындай негизде каралганда, жай сүйлөмдөр жайынча маалымдоо маанисиндеги, ал эми илептүү (буйрук) сүйлөмдөр эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн тобуна кирет. Анткени маалымат сүйлөөчү тарабынан бардык учурда бирдей негизде берилбейт. Маалымат мазмунунун сүйлөөчүнүн психикасына болгон таасири: сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосундагы мамилелик катыш (дос-душман, жаш-кары, аял-эркек, ата-бала, тааныш-бейтааныш, кызмат абалдык окшоштук, же айырмачылык ж.б.), тыңдоочу тарабынан болгон жооп, кептик чөйрө, жагдай (фамилярдуулук, официалдуулук ж.б.), маалымат алышуучулардын ошол темага болгон түшүнүктөрү, кулк-мүнөздөрү ж.б. маалыматтын жайынча, же эмоциялуу берилишин шарттайт. **Жайынча маалымдоо** менен **эмоциялуу маалымдоо** белгилүү бир чектеги айырмачылыктарга ээ болуп, негизинен, төмөнкүдөй структуралык, семантикалык, интонациялык өзгөчөлүктөрдө берилет.

Жайынча маалымдоо маанисин адресатка болгон катышына ылайык **тике маалымдоо** жана **кыйыр маалымдоо** деп бөлүп кароого мүмкүн. **Тике маалымдоо** маанисинде уюшулган сүйлөмдөрдө сүйлөөчү өз оюн, маалыматын экинчи жакка, же тыңдоочуга тике багыттап айтуу менен кайрылат да, мындай сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү каратма сөздүү сүйлөмдөрдөн болот. М: -*Жолдош капитан, сизди чакырып жатышат* (А.Г.). – *«Акыл оошот, ырыс жугушат» дегендей, байбиче, ошол мүнүшкөрдүн сырттандыгы силердин үйдө калып калыптыр*…(Ж.М.) ж.б. Ал эми **кыйыр маалымдоо** маанисиндеги сүйлөмдөрдө сүйлөөчү, же маалымдоочу өз маалыматын кайсыл бир конкреттүү жакка карата багыттабай маалымдайт. М: *Албетте, бир тутумдуу сүйлөмдөрдү кандайдыр бир стандарттык үлгүнүн негизинде өнүккөн деп айтууга болбойт* (А.Ж.) *Элин асырай албай, жетимин кулдукка алдыргандын башынан бак таят* (А.С.) ж.б.

Татаал структуралык түзүлүштө уюшулган тике жана кыйыр маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдү ички маанилик бөтөнчөлүктөрүнө ылайык төмөнкүдөй негиздеги түрлөргө ажыратып кароого болот:

1) Салыштырып маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр. М: *Бүркүт карыса чычканчыл болот, каракчы карыса алдамчы болот* (Макал).

Мен боздоп бопбош калдым өмүр бою,

Уядай боз торгою келбей калган (А.Ө.) ж.б.

2) Тастыктап маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр.

М: Ардагым – сен, Жамийла,
Жалжалым – сен, Жамийла (С.С.)
Куш атасы – буудайык, ит атасы – кумайык (Макал) ж.б.

3**) Каршылаш маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр.**

М: *Жанаша иштеп жүрсөк да,*
Селкинин тынбайт санаасы (Э.К.). *Арстан катуу качырат, бирок жумшак алат* (Макал) ж.б.

4**) Шартташ маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр.**

М: *Абийир тапса баласы, атасына бак конот* (Макал). *Адал болсоң, дос көбөйөт, арам болсоң, кас көбөйөт* (Макал) ж.б.

Бул өндүү маалымдоо маанисинин ич ара түрлөрү түрдүү структуралык курулушта уюшулган сүйлөмдөрдө камтылып, бирок өздөрүнө мүнөздүү болгон белгилүү бир бөтөнчөлүктөргө да ээ болуп турат. Мисал катары жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдү анализдесек, төмөнкүдөй негиздеги түшүндүрмөлөр берилет: Салыштырып маалымдоо мааниси, негизинен, салыштыруу маанисинин ыгында уюшулуп, мындай сүйлөмдөгү маалымат кайсыл бир жактан жакындыгы, же окшоштугу бар объект менен объектини, түшүнүк менен түшүнүктү салыштырып маалымдайт. Маселен, жогорудагы биринчи мисалда «бүркүт», «каракчы» деген аталыштагы физикалык күчкө ээ экендиги, жырткычтык сапаттары боюнча бири-бирине жакын болгон эки объект эки жөнөкөй сүйлөм аркылуу салыштырылып маалымдалса, кийинки мисалда сүйлөөчүнү туюнткан объектилик маанидеги «мен» ат атоочу ал маалымдоочунун учурдагы абалына жакын, шайкеш келген, алсыздык, жансыздык маанисин туюнткан «уя» деген объект менен салыштырылып маалымдалды. Бирок мындагы салыштырылуучу объект биринчи мисалдагыдай өз алдынча сүйлөмдө эмес, айкындооч мүчөнүн тутумунда келди. Ошондой эле салыштыруучу көмөкчү маанинин берилишинде **– дай** мүчөсү да белгилүү рол ойноду. Ал эми тастыктап маалымдоо маанисинин уюшулушунда кыргыз тилиндеги атоочтук предикаттардын өзүнчө түрү катары келген тастыктоочу предикаттар негизги ролду ойносо, каршылаш маалымдоодо айрым антонимдик катыштагы сөздөр, каршылаш байламталар, шартташ маалымдоодо шарттуу ыңгай формасындагы этиштер негизги ролду ойнойт.

Эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги айтымдар менен сүйлөмдөр сүйлөөчүнүн кабылдоосуна, кызыкчылыгына катышы болгон, анын психикалык абалына таасир эте алган түшүнүк, көрүнүштөрдү, окуя, кубулуштарды өз мазмунунда сактаган тилдик бирдиктерден болуп, өз ичине а) талап кылуу; б) ыраазы болуу, кубаттоо, үндөө; в) жактыруу, суктануу, таңдануу; г) жактырбоо, жекирүү, табалоо; д) аео, кайгыруу, өкүнүү өндүү маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин камтып уюшулат. Мындай айтымдар жана сүйлөмдөр ар дайым көтөрүңкү интонация менен айтылат да, негизинен, таасир этүүчүлүк функцияны аткарат. Көбүнчө оозеки жана көркөм кепке мүнөздүү болуп, структуралык жактан кыйыр орун тартибинде берилет. Эгерде иш кагаздар стилинде, илимий стилде колдонулса, мындай сүйлөмдөрдөгү (илептүү, буйрук сүйлөмдөрдөгү) эмоционалдуулук, көркөмдүүлүк, боектуулук белгилери солгундап, же жок болуп, официалдуулук үстөмдүк кылып калат. Мындай учурда өз ичине жогоруда белгиленген маанилик түрлөрдөн, негизинен, талап кылуу маанисин гана сактайт. Бул өндүү бөтөнчөлүктөрдөн, тактап айтканда, талап кылуу мааниси башка маанилик түрлөрдөн белгилүү чекте айырмаланып тургандыктан, эмоциялуу маалымдоо маанисин (шарттуу түрдө болсо да) **талап кылып маалымдоо** жана **сезимдик маалымдоо** деп бөлүп кароо керек. Мындай негизден каралганда, буйрук сүйлөмдөр талап кылуу маанисин, ал эми нагыз илептүү сүйлөмдөр сезимдик маалымдоо маанисин камтыйт.

Ошондой эле жогоркудай ички маанилик түрлөрдү эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги айтымдар менен сүйлөмдөргө гана мүнөздүү деп түшүнүүгө да болбойт. Алар жайынча маалымдоо, суроо, сурануу маанилеринде уюшулган сүйлөмдөрдүн тутумунда да камтылышы мүмкүн. Бирок алардын ичинен талап кылуу мааниси эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөргө, өзгөчө буйрук сүйлөмдөргө мүнөздүү. Андыктан анын өз ара маанилик уюшулуу өзгөчөлүктөрүн да ич ара ажыратып кароого туура келет.

Талап кылуу маанисин өзүнө камтыган эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдүн предикаттары, негизинен, уңгу түрүндө, жөнөкөй, татаал түзүлүштө жана **–гын, -сын, -гыла** формасында келген буйрук ыңгайдагы этиштерден болуп, өз учурунда талап кылуу мааниси да төмөнкүдөй негиздеги ич ара маанилик бөтөнчөлүктөрдө берилет:

1) Буйруп талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: - *Аввакум Заховго* ***телефон чалгын*** *да, токтоосуз мага* ***келсин деп айт****!* (А.Г.). *– Атыңды мин да,* ***жолуңа түш****. Кыз арабасы менен* ***калсын!*** (И.К.) ж.б.

2) Суранып талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: - *Кет мындан!* ***Кете бер****, кең пейилим Чиледи!* (И.К.). *– Эжеңден* ***кабар ала көр****, каралдым!* (С.М.) ж.б.

3) Эскертип талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: - *Шерменде кыла элегимде, аттан* ***түш****!* (У.А.). *– Ай, кызым, эгер акылың болсо, сен эч качан булар менен* ***жакындаша көрбө!*** (Ф.Н.) ж.б.

4) Кекенип талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: -*Чыккынчыга* ***бир гана жаза!*** (Т.К.). ***Дегениме көн деймин****, Чалкуйрукту* ***бер деймин****!* ("Эр Төштүк") ж.б.

5) Тыюу салып талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М*: –* ***Болду эми, кантет!*** *Жеңе дейм, атаман* ***уялсаң болбойбу****!* (У.А.) – ***Балдыраба! Антип сүйлөбөй жүр!*** (И.К.) ж.б.

6) Сунуштап талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. М: *– А турсун, ыймандай сырыбызды айтсак, эзелтен эшиктеш жашап, эриш аркак болуп келген эки элдин ортосундагы эрегишти* ***токтотуш керек!*** ("Кыргыз Туусу"). *Жаш төкмөлөргө көңүл бөлүп, алардын өнүгүп-өсүшү үчүн* ***кам көрүү керек.*** ("К.М.") ж.б.

7) Чыйралтып талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр: -***Бошошпогун!*** *Жигит болуп жоого аттанып баратасың.* ***Эми энеңдин эмчегин эммек белең****! Курал-жарагыңарды жакшы үйрөнүп, согушка* ***мыкты машыккыла!*** *Силерди* ***эр жигит дейт!*** (У.А.) ж.б.

8) Коркутуп талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. *М: – Кудайдын алдында чыныңды айт!* (У.А.). *– Азыр өлө элегиңде энемден кечирим сура!* (С.М.) ж.б.

9) Шарт коюп талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдөр. *М: – Кыскасы, газета күзгү болсо, чыныгы күзгү болсун! Болбосо, ансыз деле оромой-чоромой кагаз жетиштүү!* (Ф.М.) *– Убадага тура алса, убада берсин!* (С.М.) ж.б. Мындай сүйлөмдөр тыңдоочунун (2-3-жактын) иш аракетинин сүйлөөчүнүн талабына дал келбегендигин билдирүүчү сүйлөмдөр катары келип, андагы талап кылуу мааниси (сүйлөөчүнү талабы) жогоркудай түрдүүчө маанилик катыштарда берилет. Андай маанилик айырмачылыктар талап кылуу маанисиндеги сүйлөмдүн жалпы семантикасынан, же аны менен катыштагы мурда, же кийин келген сүйлөмдөрдөн айкындалып турат.

Ал эми эмоциялуу маалымдоо маанисинде уюшулган сүйлөмдөрдүн **сезимдик маалымдоо** маанисинде камтылган мындай кошумча маанилердин айрым түрлөрүн төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот.

М: 1. *– Кош, датка! Жигит пири шаймерден колдосун!* (Т.К.). (Колдоо, кубаттоо мааниси). *2. – Карышкыр! Баланы алып кетти, кокуй күн!* (Ч.А.). (Коркуу, тынчсыздануу мааниси) *3. – А, сени, Теке кул, териңди тескери гана сыйрыбай!* (А.С.) (Кекенүү мааниси). *4. – Дагы башын ийкеп коет шөмтүрөп!* (К.Ж.) (Жактырбоо мааниси). *5. – Пай-пай, эмгек сүйгөн адамдар алп экен го!* (Т.С.) (Ыраазы болуу мааниси). *6. – О, тажрыйбасы жок жаш жүрөк, алданган экенсиң го!* (Ч.А.) (Өкүнүү мааниси). *7. –Эх, кандай керемет дүйнө!* (С.М.) (Суктануу мааниси). *8. – Урбай эле койбой, оолда байкуш, ай!* (Ч.А.) (Аёо мааниси). *9. – Баракелде, баракелде, ушундай эле болмок!* (К.Ж.). (Канааттануу мааниси). *10. – Жашасын эгемендүүлүк*! (Үндөө мааниси) ж.б.

Бул көрсөтүлгөндөрдүн негизинде айкындалып тургандай, маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөр менен айтымдар жайынча маалымдоо, же эмоциялуу маалымдоо түрүндө берилсе да, маанилик түрлөрдүн кайсыл бирин камтыбай, же камтып уюшулушу мүмкүн. Мындай өзгөчөлүктөрүнө, тактап айтканда, уюшулуу бөтөнчөлүгүнө ылайык маалымдоо маанисин **кошумча маанисиз маалымдоо** жана **кошумча маанилүү маалымдоо** деп ажыратып кароого туура келет. Бул багыттан каралганда, кошумча маанисиз маалымдоо, негизинен, илимий жана иш кагаздар стилдеринде колдонулган жайынча (тике жана кыйыр) маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө камтылып, эмоциясыз, боексуз эксплициттик негизде берилген маалыматты билдирет. М*: - Апа, мен окууга жөнөшүм керек (С.М.). Эл менен жашайм деген адам адилетсиз болбойт (М.Б.). Кафедранын жыйыны токтом кылат* ж.б. Ал эми кошумча маанилүү маалымдоо көбүнчө эмоциялуу маалымдоо маанисиндеги сүйлөмдөрдө кезигип, андагы кошумча маанилер эки башка өзгөчөлүктө: айкындооч мүчөлөрдүн кызматында келген сөз, же сөз айкаштарында жана предикаттын тутумунда камтылат.

М: *1) Бүлбүлдөп жанган билиги сыңар чырактын,*
Үмүттү таштап... сен эми, жаным, ырааксың (М.А.) ж.б.
2) Сараң эле... Ал сөзгө сараң эле,

Сөздөн эмес, иштен баар табар эле... (С.Ж.) ж.б. Мындагы 1-мисалдагы маалымдоо айкындооч мүчөлүк кызматта келген “Бүлбүлдөп жанган билиги сыңар чырактын” деген сөз бирдиктери аркылуу туюндурулган салыштыруу маанисин кошо камтып берилсе, 2-мисалдагы маалымдоо “сараң эле”, “баар табар эле” деген предикаттардын тутумунда келген **эле** көмөкчү сөзүнүн таасиринде пайда болгон эскерүү маанисин кошо камтып берилди. Кээде бул эки өзгөчөлүк бир сүйлөмдө камтылышы да мүмкүн. Маселен, *Асманда Айдай толукшуп, анда сен жыйырма жашта элең* деген сүйлөмдүн *Асманда Айдай толукшуп* деген бөлүгүндө салыштырып сыпаттоо, ал эми *жыйырма жашта элең* деген предикаттык бөлүгүндө эскерүү мааниси камтылуу менен кошумча маанилүү маалымдоо уюшулду.

Негизи, маалымдоо мааниси кеңири алкактагы түшүнүк болуп, мындай кеңири түшүнүктөн каралганда, өз алдынча колдонулган сырдык сөздөр да, ал гана эмес ымдоо, жаңсоолор да белгилүү бир чектеги маалымдоочулук функцияны аткарат. Ага ылайык маалымдоо маанисинин **образдуу маалымдоо**, **сүйлөмсүз маалымдоо** деген түрлөрүн да көрсөтүүгө болот. Образдуу маалымдоо маанисин камтыган тилдик бирдиктерге сырдык сөздөрдүн бардык түрлөрү, алар катышып уюшулган *“Жүзүмдөй бышкан мөлтүрөп, жүзүңдөн жаным садага”, “Алда балакетиңди алайын каралдым, ай”* деген өңдүү сүйлөмдөр менен айтымдар кирет. Анткени мындай тилдик бирдиктер аркылуу, бир караганда, кайсыл бир маалымат берилбегендей көрүнгөнү менен, маселен, жогорку 1-сүйлөмдө сүйлөөчүнүн кеп багытталган жакты жактыргандыгы, 2-сүйлөмдө кабатырланып, тынчсызданганды маалымдалды. Ал эми, маселен, ***Баракелде, Бали*** деген сырдык сөздөрдө ***Азаматсың, Жарайсың*** деген маанидеги малыматтар, ***чү, өш*** дегенде, ***бас***, же ***кет*** деген, ***мо-мо, ов-ов*** дегенде ***кел***, же ***токто*** деген маалыматтар берилет. Ошондой эле баш ийкөө аркылуу ***ооба, макул***, же баш чайкоо аркылуу ***иш жайында эмес, болбой калды*** деген, ал эми колдун кандай жаңсалышына ылайык ***бери кел,*** же ***менден көрөсүң*** деген маалыматтар туюндурулат.

Ошентип, маалымдоо мааниси адамдар ортосундагы карым-катышты ишке ашыруучу маанилик типтердин негизгиси катары келип, сүйлөөчүнүн же маалымат берүүчүнүн 2-3-жакка угулган, ал жактарга карата багытталган ар кандай сөзү, же жасаган кыймылдык белгилери (дудуктардын ымдоо-жаңсоолору да) эгерде уккан, же көргөн жактарга кабылданган болсо, маалымдоочулук функцияны ишке ашырат. Ал эми сүйлөөчүнүн ички кеби (өзү менен өзү сүйлөшүүсү), же 2-3-жактардын бирине карата багытталбаган кеп, ошондой эле тыңдоочуга, же көрүүчүгө түшүнүксүз болгон кептик, кыймыл-аракеттик маалыматтар кабылданбагандыгы үчүн маанилик типтердин кайсыл бирине кирбеген натыйжасыз иш аракеттер катары кала берет.

Маалымдоо маанисинде берилген сүйлөмдөрдүн мындай маанилик түрлөрүнүн дагы бир нечесин көрсөтүүгө болот. Сүйлөмдө, же айтымда камтылган маанилик бөтөнчөлүктөрдүн бул өңдүү ич ара да бир нечелеген түрлөргө ажыратылып, бутактап кетиши сүйлөм табиятынын көп кырдуулугун айгинелейт. Анын (сүйлөмдүн) эң негизги өзгөчөлүгү - конкреттүү чектеп көрсөтүүгө мүмкүн болбогон маанилик түрлөрдү өз ичине камтуу аркылуу аларды чагылдырып берүү мүмкүнчүлүгүнүн болгондугу. Ошол үчүн ал башка бардык тилдик бирдиктерден өзгөчөлөнүп турат. Сүйлөм курамына кирген сөз, же сөз айкаштары өз ара маанилик жана грамматикалык жактан катышып келген сыяктуу эле сүйлөмдөрдө камтылган жогоркудай маанилик бөтөнчөлүктөр да өз ара ырааттуулуктагы катышта келип, келки бир текстти бүтүндүктү түзөт. Сүйлөмдүк келки маанилерди, алардын өз ара катыштарын сезимталдык менен андай алуу аларда берилген ойду, маалыматты жеткиликтүү кабылдоого негиз болот. Мындай маанилик өзгөчөлүктөрдүн чен өлчөмү ар кайсыл тилде ал тилдин ээси болгон улуттун психологиялык, үрп-адаттык, социалдык ж.б. өзгөчөлүгүнө, философиялык дүйнө таанымына, этникалык бөтөнчөлүгүнө жана башкаларга ылайык биринде арбын, биринде азыраак болушу мүмкүн.

Колдонулган адабияттар:

1. Падучева Е.В. О семантике синтаксиса. М. – 1974.
2. Плотников Б.А. Основы семасиологии. Минск, 1984.
3. Современный русский язык. Под.ред. В.А.Белошапковой. М., 1989.
4. Степанов Ю.С. Имена. Предикаты. Предложения. Семасиологическая грамматика. «Наука» 1981.
5. Сусов И.П. Семантическая структура предложения. Тула. 1973.
6. Токтоналиев К.Т. Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик – функционалдык структурасы. Бишкек, 2004.

Elchiev J. candidate of science in philology.
Department of Kyrgyz language science. Oshsu.

Semantical aspects of informative sentences

Annotation: *In this article semantical are analyzed in Kyrgyz language.*

Key words: *meaning sentence sayings narrative information emmotatonal information situation et.c.*

Правила оформления представляемых рукописей:

1. В журнале “Вестник ОшГУ” публикуются обзорные, проблемные, оригинальные экспериментальные и методические работы по: естественно-техническим, общественно-гуманитарным, медико-биологическим направлениям науки.
2. Статьи представляются тщательно отредактированными, в 2 экземплярах, напечатанные на одной стороне листа через 1,5 интервала (шрифт 14 Times New Roman) на бумаге стандартного формата. К рукописи необходимо приложить диск с файлом статьи в программе Word for Windows или PDF. Рукопись должна иметь направление от учреждения, в котором выполнена работа, подтверждающее, что материалы публикуется впервые. Представляется выписка из протокола заседания кафедры об обсуждении рукописи и рецензия на рукопись.
3. При оформлении статей, содержащих экспериментальные данные, необходимо придерживаться следующей схемы: обзор литературы, обоснование, актуальность, цель исследования, методика (материалы и методы), результаты и обсуждения, выводы.

- УДК, строчными буквами фамилии и инициалы авторов (на кырг., на русск., англ. яз.), город и место работы (на кырг., на русск., англ. яз.), контактные данные (e-mail), название статьи заглавными буквами (на кырг., на русск., англ. яз.), аннотация (на кырг., на русск, англ. яз.), ключевые слова (на кырг., на русск., англ. яз.), основной текст.
- Основной текст набирается (**кегль 14**) после пропуска в одну строку (**кегль 12**) от аннотации. Сокращенные названия в тексте должны быть расшифрованы, нумерация формул производится справа в конце строки в круглых скобках – (1), ссылки на литературу в квадратных скобках – [1]. Формулы и символы (нежирный шрифт) в тексте следует набирать в **редакторе формул Equation Editor**.
- Иллюстрации и таблицы должны иметь названия, законченный вид и располагаться по тексту непосредственно после ссылки. Выравнивание таблиц и рисунков – по центру страницы. Названия иллюстраций не должны включаться в поле иллюстраций. Название иллюстраций и таблиц должны быть набраны с использованием шрифта **Times New Roman(кегль 12)**.
- Список литературы – в конце статьи с отступом в 1 см от основного текста. Желательно, чтобы последняя страница статьи была полностью заполненной.
- Объем статьи – до 10-12 страниц, (страница – 1836 знаков), выполненных в формате А4, со ссылкой на литературу; объем кратких сообщений – 5 стр., обзорных и проблемных статей – 18-20 страниц, включая список литературы. К статье необходимо приложить реферат и краткое резюме на кыргызском, русском и английском языках;
- Шрифт Times New Roman, Tamga KIT (кириллица).
- Размер символа – 14; межстрочный интервал – 1,5; все поля –25 мм;

4. Информация об авторе: Ф.И.О. всех авторов рукописи полностью, место работы, адрес и телефоны (служебный, домашний, мобильный), адрес электронной почты (e-mail).
5. Датой поступления рукописи считается день получения редакцией окончательного варианта статьи, после исправления замечаний рецензента и ответственного редактора. Рукописи статей редакция не возвращает.

- 1 страница – **100 сомов**.

«ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ»
ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

Журналды чыгарууга
жооптуу редактор
б.и.д., профессор ***Жумабаева Т.Т.***

Журналды чыгарууга жооптуулар:

Корректорлор: Элчиев Ж., Байтикова Б., Тажибаева Ж., Темирова Н.

ОшМУнун "Билим" редакциялык басма бөлүмүндө даярдалып, басмадан чыгарылды.

Биздин дарегибиз: 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331.
Байланыш телефондору: (+9963222) 23163, 72061
Факс: (+9963222) 24066
Электрондук дарегибиз: E-mail: nauka-oshsu@mail.ru
Сайт: www.oshsu.kg

Негиздөөчүсү – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

Басууга берилди: 28.10.2015-ж. Форматы: А4
Көлөмү: 38,5 б.т. Буюртма: №32
Форматы: 210х297 1/8. Нуска: 200 даана